Мамаке-Шопок

# БААТЫРЛАРДЫН БАЯНЫ





Момунов Карыбек

Мамытов Султанбай

Мамытов Оболбек

# МАМАКЕ – ШОПОК

## *БААТЫРЛАРДЫН БАЯНЫ*

Бишкек 2016

**УДК 93/94**
**ББК 63.3 (2/Ки)**
**М22**

Редакциялык кеңеш:

| | |
|---|---|
| **М. Ж. КУРМАНКОЖОЕВ** | – Тынымсейит уругунун төрагасы; |
| **А. А. ЧЫҢГЫШЕВ** | – профессор, академик; |
| **К. ЖЕКШАЛАЕВ** | – тарых изилдөөчү, жазуучу; |
| **С. Т. МОЛДОКАНОВ** | – жеке ишкер, куруучу; |
| **И. Т. ОСМОНОВ** | – "Теңир-Тоо ынтымагы" коомунун жооптуу катчысы. |

*Китепти басмадан чыгаруу иши жеке ишкер,*
*куруучу Молдоканов Саламат Токтогул уулунун*
*демилгеси*
*жана демөөрчүлүгү менен жүзөгө ашырылды.*

**Редакциялык кеңеш эл үчүн жасаган эмгеги үчүн Молдоканов Саламат Токтогул уулуна терең ыраазылык билдирет.**

Китепти түзгөн: **И. Т. Осмонов.**

М 22 Мамаке-Шопок. Баатырлардын баяны./ Түз. И. Т. Осмонов. – Б., 2016. – 416 б.

ISBN 978-9967-28-139-4

Ата-бабалардын басып өткөн өмүр-жашоосун, элге кылган ак кызматын баяндаган авторлордун чыгармаларында мезгилдин өктөмү менен өксүктөрү тууралуу кеңири сөз болот. Мамаке-Шопок баатырлардын баяны жеке бир уруунун же уруктун жашоо турмушу эмес, бул жалпы кыргыз элинин өнүгүшү, өсүп-жетилүүсү. Санжыранын мыйзамына ылайык – өзөктүү окуяларды сүрөттөө, аны ырааттуу өнүктүрүү ар бир автордун ички дараметине, көкүрөктөгү көрөңгөсүнө жараша жазылган жана көркөмдөлгөн. Окурмандардын кеңири катмарын жөнөкөй, жатык тилдин кудурети менен кылым катмарына камтылган жашоо шартка, каада-салттарга, тарыхый маалыматтарга жетелейт.

М 0503020911-16 УДК 93/94
ББК 63,3 (2Ки)
ISBN 978-9967-28-139-4
©Түзгөн Осмонов И. Т., 2016

## БАШ СӨЗ ОРДУНА...

*(Мамаке-Шопок. Баатырлардын баяны боюнча редакциялык кеңештин мүчөсүнүн өзгөчө пикири)*

Мамаке, Шопок согуш учурунда калмактарга туткунга түшүп, ар кимдин кызматын кылып, тентип жүргөн кыргыздарды (бир эле уруунун туткундарын эмес) жыйнап келиш үчүн чоң максат менен чыгышы – албетте, бул өтө зор, маанилүү миссия болгон. Тубаса мекенчилдик менен улуттук ар намысты туу туткандык, улуттук аң сезими бийик кыргыз элинин уулдары. Эгерде Мамаке, Шопоктун көздөгөн максаттары ишке ашпай калган күндө да, кыргыз элинин тарыхында түбөлүккө калчу инсандар. Бирок, кантсе да, бул окуялар качан болгон деген суроого жооп издөөгө туура келет.

1755-жылы жуңгар хандыгында так талашуунун айынан уруучулук жаңжалдар күчөп, Амурсанын тарабы уруучулук согушта жеңилип калып, кытайга жардам сурап барып, кытайлар эки жүз миң аскер жиберип, бүткүл Жуңгар хандыгын ээлеп калган учурга же 1759-жылы кытай аскери жуңгарларды тукум курут кылып, баштан аяк кыргандан кийинки учурга туура келиши мүмкүн. Бул учурда айрым кыргыз урууларынын башчылары тарыхый документтер боюнча сарбагыш Черикчи, бугу Бирназар, саяк Түлкү, кытай Каработо, багыш Майтык, адигине Ажы бийлер кытай императору менен бир нече жолу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп атышып, кыргыз элинин өз

алдынчалыгын сактап калышкан. Балким, Мамаке, Шопок аларга жолуккандыр. Менимче, менин көз карашымда Мамаке баатыр 1702-1770-жылдары, Шопок баатыр 1720-1830-жылдары жашап өткөндөй таасир калтырат.

Ал эми Чыгыш Түркстандын уйгурлары эзелтен эле “актоолук”, “каратоолук” деп каршылашып, каратоолуктар калмактардын колдоосуна таянса, актоолуктар кыргыздар менен биримдикте болуп келишкендиги белгилүү. Айтор, жогорудагы биз айткан учурда, башкача айтканда жуңгарлардын ынтымагы ыдырап, алсыздана баштаган учурда – булар үч бөлүнүп, бийлик талаша башташкан. Биринчиси өмүр бою калмактардын күчүнө таянып, бийлик жүргүзүп келишкен каратоолук Даниял кожонун уулдары Жахан кожо, Юсуф кожо ж.б. Экинчиси мурда калмактарга кызмат кылып келген каталарын моюндарына алышып, эл алдында ант берип, Жуңгар бийлигине каршы көтөрүлсө, эзелтеден кыргыздар менен бирдикте калмактарга каршы согушуп келишкен актоолук Аппак кожонун тукумдары Хан-Кожо менен Бурхан ад-Диндин жетектөөсүндөгү көтөрүлүшү күч алган.

Бул эки топту кытай бийлиги колдоп, калмактарга каршы тукурган. Ал эми Жаркенттин беги Газибек, Файзабаттын беги Ниязбек баштаган топ мурдагыдай эле калмактардын бийлигин колдоп, көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн күрөшкө чыгышкан. Ошентип, бул үч топтун тең көздөгөнү бийлик, колдогондору капырлар болгон. Мамаке, Шопок болсо дин ислам үчүн күрөшкөн инсандар болгондуктан, балким бул үч топту жараштырып, “бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарыш” үчүн аракет кылышса керек. Анткени, алар кара күчкө таянган эле баатырлар эмес, акылман, намыскөй да адамдар болгондугун, алдыларына атайын максат коюп, кыргыз элинин туткундарын бошотуп келүүгө чыккандыгынын өзү эле айтып турбайбы?!

Мамаке, Шопок андан башка 1753-жылы кыргыздар калмактардын Давци жиберген колун Ысык-Көлдүн боюнда талкалаганда да кармашка катышуусу мүмкүн. Айтор, тарыхтын ушундай кыйчалыш мезгилинде ынтымаксыздык, уруучулук жаңжалдардын айынан тукум курут боло кырылган калмактар – учурунда Чыгыш Түркстанда дээрлик бийлик жүргүзүп калышкан кыргыздарды көрө алышкан эмес. Каратолуктар калмак Чукла кашканын аскери менен келип жеңип алып, өздөрү калмактардын кол алдында калган, кийин бири калмактарга таянса, бири кытайларга таянып, бийлик талашып жатышып, акыры кытайлардын кол алдында түбөлүккө калган 25 млн. уйгурлардын тагдырын бүгүнкү күнү көрүп турабыз го. Алардын мындай болушунун себеби: ынтымактын жоктугу, уруучулук, жердешчилик болгондугун азыркы учурда бийлик дегенде эт-бетинен кетип, жер-жерге, уруу-урууга бөлүп, коңшу мамлекеттерден жардам сурап жүрүшкөн айрым маңкурттарга сабак болууга тийиш. Түпкүлүгүн ойлоп, тынымсыз сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп атып, тынчтык жолу менен кыргыз элинин өз алдынчалыгын сактап калышкан Черикчи, Бирназар, Түлкү, Ныша, Каработо, Майтык, Мамаке, Шопок сыяктуу улуу адамдардын ысымдарын элибиз түбөлүккө даңктоого милдеттүү.

Айтылган окуялар туурасында тарыхый документтер жетиштүү өлчөмдө. Алардын арасынан ток этер жерлери жазылган А. Мокеевдин “Кыргызы на Алтае и Тянь-Шане”, Д. Сапаралиевдин “Этнополитическая история Оша и его окрестностей с 18 до середины 19 в.” деген китептерин карап койсо ашыктык кылбас эле. Элдик санжыра тарыхый документтер менен дал келгенде гана чыгарма ишенимдүү болуп, окурмандын кызыгуусун арттырып, жалпыга кеңири жайылат эмеспи.

Бул китептеги дагы бир өтө аяр мамиле кыла турган чоң маселе бар – ал бир атадан тараган бир тугандар ортосундагы араздашуунун, карама-каршы-

лыктын ачык айтылышы. Маселен, агасы катары Кабели иниси Мортукту “малымды уурдады” деп, жалаа жаап, Эрен кабырага айдатып ийиши ойлондурбай койбойт. Демек, Кабели ошончолук эле начар адам болгонбу? Бирок, албетте биз алардын жанында карап турган жокпуз, ошондуктан кимисиники чын, кимисиники калп экендигин аныктоо кыйын. Балким, алардын азыркы урпактары теңирден тескери пикирди айтуусу же кармануусу мүмкүн. Бул тууралуу тарыхый документтердин эч жеринде жазылып калбаптыр. Ушул жагынан сак болсок, санжырадагы далилдөөлөр наразылыктарды жаратуунун ордуна урууларды бириктирүү, улуттук ынтымакты чыңдоого кызмат кылуусу керек.

***Кадырбек Жекшалаев,***
*тарых изилдөөчү, жазуучу*

*Редактордон:*

# ЭЛДИК ИНСАНДАР ЭЧ КАЧАН ЭСТЕН КЕТПЕЙТ

Улутубуздун уңгусун түзгөн улуу адамдардын арасында Мамаке, Шопок бабаларыбыздын элине кылган ак кызматы менен бараандуу баскан жолу алыстан жылт эткен оттой, айыл-апада анда-мында санжыра деңгээлинде айтылып келгени маалым. Эми, минтип өзүнчө китеп болуп, колубузга тийип олтурат. Айылдык авторлор: Карыбек Момунов, Султанбай Мамытов, Оболбек Мамытов эки тарыхый инсандын өмүр-жашоосундагы артына калтырган изин кагазга түшүрүп, кенч катарында келечек муундарга тартуулаганы жакшы иш болду. Буга чейинки баатырлар жөнүндөгү баянды, т. а. даңаза дастанды Кытай Эл Республикасындагы боордошубуз, Кыргыз Республикасынын Баатыры, залкар манасчы, болгондо да жазмасы 18 китепке жеткен Жүсүп Мамай атабыз 1981-жылы кагаз бетине түшүрүп, жарыкка чыгарыптыр. Анын мындай эмгеги - эл арасындагы оозеки айтымды элге кайрып бергени менен эле таанылбастан, санжыралык өзөктү чындыкка чыгаруунун тарыхый белгиси десек туура жыйынтыкка жакындайбыз. Айтор, биз бүгүн Мамаке, Шопок баатырлардын элесин ачык, так, даана көрө албасак да, жасаган эрдиктерин, тирүүчүлүктөгү аткарган милдеттерин жан дүйнөбүз менен сезе алабыз.

Айрыкча Карыбек Момуновдун кол жазмасынын баалуулугу бар. Учурдун урунттуулугун кармай билүү менен, мезгилдин өктөм, курч окуяларын жумшак, жатык тил аркылуу баяндап жеткирип, Мамаке, Шопок баатырлардын сүрөт-бейнесин, бизче айтканда кебетекешпирин көркөм сөздө таамай ачып бере алган. Тарыхый окуяларды тизмектөөдө санжыра булактарына эле кайрылбастан, илимий негизде изденгени көрүнүп турат. Кандай болгон күндө да, Карыбектин эмгеги – Мамаке, Шопок бабаларыбыздын баянын ички туюмдагы аяндай алып келгенине, карт кылымдын катмарынан

суурup чыкканына канагат болосуң. Чыгармасын окуп жатып, акыл көрөңгөсүнүн артыктыгына, адамды ишендире алган дараметине тан бересиң. Анан барып, автордун өмүрүнүн кыскалыгына өкүнөсүң...

Чыгармадагы өзөктүү окуялар окурмандарды 17-18 кылымдын кыйырына алып барат. Бул окуялардын каармандары Мамаке, Шопок баатырлар бир караганда мусулманчылыкка же ислам динине абдан берилип, биротоло ыктагандай, атүгүл жанын курман кылгандан кайра тартпачудай көрүнгөн менен тээ түпкүрүндө кыргыз элин, Ата-Журтун, Алатоосун ошол кездеги душмандардан сактап калуунун бирден бир жолун тапкан десек жаңылыштык эмес. Ушунусу менен эки улуу инсан бир уруунун эле баатырларынын эсебинен тышкары жалпы кыргыз элинин сыймыгына айланууга тийиш. Чапкынчылыкты, баскынчылыкты өз жеринде өткөрбөй, мезгил агымынын, жашоо мыйзамындагы оош-кыйышты жан дүйнөсү менен алдын ала туюп, алар убагында Аппак кожонун чакыруусунан баш тартышкан жок. Жеринде барып, эртеби-кечпи коркунуч келтирип жаткан калмактардынбы же кытайлардынбы, айтор арам ойлуулардын кыянаттыгына бөгөт коюуга кошкон зор салымын белгилөөгө болот.

Ушул жерден китептеги бир жагдайга атайын токтоло кетүүгө аргасызбыз. Ал редакциялык кеңештин мүчөсү Жекшалаев Кадырбектин өзгөчө пикиринде орун алган: ал бир атадан тараган бир туугандар ортосундагы араздашуунун, карама-каршылыктын ачык айтылышы. Албетте, биз ошол маселеге кылдат, аяр мамиле кылууга тийиш элек, көзү жоктугуна байланыштуу автордун укугун сактоону туура көрдүк, андан сырткары мындай кагылышуулар бир үй бүлөдө же ата менен баланын, ага менен ининин ортосунда өткөнүн жана өтүп жатканын четке кагуу – чекилик. Андыктан буга айылдык автор Карыбек Момуновдун ой жыйынтыгы туура жооп: -Биздин заманга чейинки көптөгөн мезгилдер бою уруулар арасындагы, бир туугандар ортосундагы мурдагы болгон айрым келишпестиктер, бири-бирине каршы мамилелер тууралуу бүгүнкү күнкү кектөөчүлүк, кычык сөз сүйлөгөндүк – азыркы

кездеги көз караштан алганда, эч кандай адамкерчиликке жатпайт. Ал наадандыктын чуу чокусу катары эсептелет. Ар бир уруунун ичиндеги кармаш-чабыштар, бир тугандардын бири-бирин сүргүнгө, өлүмгө айдатуулары туура эмес иштерден экенин моюнга алышыбыз керек. Бирок, ошондой болсо да, ата-бабаларыбыз өз учурунда акылына келип, кайрадан биримдигин чыңдап, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, бирдиктүү Ата-журтту түптөгөндүктөрүн кантип эсибизден чыгарып салабыз. Ал эми канчалаган кылымдардын катмарындагы жагымсыз окуялар үчүн туугандар арасындагы кектешүү – бул чыныгы акмакчылык, ынтымакты жокко чыгаруу дегендик...

Элдик адамдардын эрдиктери эч качан эл оозунан түшпөйт. Ар дайым айтылат, даңазасы менен даңкы мезгил өткөн сайын жаңы өңүттө жакшыра берет. Алар тууралуу маалымат алып жүрүүчүлөр (куйма кулактар, кепкорлор, санжырачылар, дастанчылар) өз дараметине, туюп-билүүсүнө жараша жана учурга ылайык айрым окуяларды өзгөртүп жиберүүсү мүмкүн. Мисалы, Жүсүп Мамайдын дастаны же айтуучунун аты менен берилген Шаң+ыр таптакыр башка өңүттө. Мындагы бизге белгилүү эки баатыр табгачтардын камчысын чаап, ак кызматын кылганына басым жасалгандыктан, динаяттык тазалык жана кагылыш өзүнөн өзү экинчи орунга сүрүлөт. Аны да түшүнүү керек, себебин өзү минтип айтып жатпайбы: "Далыга чаап биздерди, Манжулар күлүп жиберди". Антсе да атактуу манасчыбыз бир олуттуу маанини сап кармаганы Мамаке-Шопоктун даңкын дагы бир ирет көкөлөтүп далилдейт: "Эли үчүн эр өлөт. Эли үчүн өлгөн эренди, унутпай атын жат айтып, эли көккө көтөрөт" дегени алдын ала олуялык же көзү ачыктык кылгандай ойго түртөт. Чындыгында эле ошондой болуп жатпайбы, урпактары урматтап, айкелин эл аралык кан жолдун боюна коюп, китебин чыгарып, жамы журтка тааныткaны жакшы жөрөлгөлөрдөн. Бирок, бир өкүнүчтү айтканын да эстен чыгарбасак: "Ата мурас дастаны, асырап жакшы сакталбай, акырында канча бет, айрылып түшүп калыптыр". Демек, Мамаке-Шопок боюнча бизге жетпеген дагы бир баян мурдатан, илгертен болгонунан кабар берет. Ошондой болгон күндө да ула-

манын оозеки айтылышына карабай, урунттуу мааниге ээ фактыларды бурмалоого жол беришкен эмес. Мамаке, Шопок боюнча бул топтомдогу айылдык авторлордун айтайын деген ою, бере турган маалыматы негизинен окшош. Болгону кээ бир аталыштардан, адам ысымдарынан айырма бар. Бирок, мындай адашуулар чыгарманын тузун кемитпейт, тескерисинче окумдуулугун арттырат.

94 жашка чыккан кезде Султанбай ата Мамытовдун өкүнүчү өзү менен кошо кеткенине кейигенде не? Муундар байланышын үзбөй, оозмо-ооз келаткан маалыматтарды угуп гана тим болбостон, аларды кагазга түшүрүп, бизге жеткирүүгө жасаган ишмердигинде чоң озуйпа жатат. Балким, азыр дагы аксакал айткан Тогуз-Торолук Бектен атанын же Түптүк Сатыбалды молдонун сактап койгон санжыралары табылып калуу буйругу тургандыр. Себеби, көкүрөгү зирек, сөөгү таза, улутун барктаган адамдарыбыз ата-бабалардын арбагына таазим этип, тегине, түбүнө кайрыла баштабадыбы. Демек, бир жерден болбосо да бир жерден чыгып калат деп, азырынча таккесе айтыш кыйын. Буга илгертен бери далил бар го: “Бардан жок болбойт”. Анын үстүнө буга толук ишенсек болот, ошондуктан Султанбай ата бекеринен айткан жоктур: “Биздин убакта минтип ачык сүйлөөгө уруксат беришчү эмес, азыр заман өзгөрүп, жакшы болуп калбадыбы...”

Баатырлардын элге кылган эмгегин 2014-жылы жарыкка чыгарган Оболбек Мамытовдун “Кыз-Мазар – Эмгекчил айылынын таржымалы” китеби. Мындагы Мамаке, Шопок жөнүндөгү баяны өз тили менен өзгөчө берилген. Каармандардын келбетин көз алдыга тартууда сөз берметтери шурудай тизилип, көркөмдүүлүгү артык. Окуп жаткан адам автордун оюнун артынан ээрчип, окуялардын чордонуна сүңгүп кирет да, бирде кошо сүйүнсө, бирде кошо күйүнө ички сезимин сыртка серпип таштайт. Эки баатырдын элесин эс тутумунда кайра тирилтип, элге кылган эмгеги менен эрдигине сыймыктанат. Алардын өмүр-жашоосу менен баскан жолдорун сыдыргыга салып, кыргыз жеринен тыш – башка улуттар жашаган аймактарга саякат жасайт. Адамзатка таандык мыкты сапаттардын жана мүнөздөрдүн айкын

мисалдарына кабылат, жакшы менен жамандын айырмасын ажырата алат.

Оболбек Мамытовдун дагы бир опол тоодой аткарган иши – Султанбай Мамытовдун 94 жашында Мамаке, Шопок тууралуу айтып бергенин үн жазгычка (магнитофонго) кабыл алдыртып, сактап жүргөнү. Мындайды көрүнгөн эле киши жасай албайт, көбү жасагысы келбейт. Ушинтип, келечек муунга ата-бабанын таржымалын жеткирүүдө колунан келген аракетин жүзөгө ашырып атканын колдоо керек. Бала чагынан куйма кулак, укканын жаземдебей көкүрөгүнө түйгөн чоң касиетти кармап жүргөн автордун дээринде бар экен, уккан-көргөнүн кагазга түшүрүп, жаза билгени – оңой-олтоң өнөрлөрдөн эмес. Ошондой эле бул кишинин урпактарга калтыра турган табериги али алдыда.

"Өткөндөр даңкталмайын, тирүүлөр бarкталбайт" деген накыл кепти эске алсак, ушул китепти чыгарууда жана Мамаке, Шопоктун айкелин жасатып-орнотууда омоктуу, ары жоопту иш кылган куруучу Молдоканов Саламат Токтогул уулунун эмгегин баса белгилеп, өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Ал Теңир-Тоонун арасындагы алыскы Чет-Нура айылынан Карыбек Момуновдун кол жазмасын таап келип, элге мурас сыңары тартуу кылган аракети менен эле алкоого татыйт. Бул жигери менен Саламат Токтогул уулу аброй күтөйүн, атак алайын дегенден алыс. Анын көөнүндө ата-бабанын арбагын сыйлоо, ыраазы кылуу милдети турат. Ошондуктан алдына койгон максатына баш-оту менен киришип, күч-кубатын, акча каражатын аяган жок. Чынында эле Саламат Молдоканов – атанын анык уулу, мыкты азаматтыгын билгизди!

Китептин даярдалышына профессор, академик, билим берүүнүн, каржы рыногунун мыктысы, "Тынымсейит атанын урпактары" китебинин автору Чыңгышов Абдыралы Алсеитовичтин жана тарых изилдөөчү, жазуучу, адистиги врач Кадырбек Жекшалаевдин кеп-кеңеши, түздөн-түз көрсөтмөсү көрүнүктүү орунду ээледи. Көмөк көрсөтүп, акыл-насаат айткандарына чоң ыраазылык! Баракелде, мына ушундай эр-азаматтарыбыздын катары арабызда арбып, көбөйө берсин демекмин. Ошондо гана

биз алдыга жылабыз, тарыхыбызды, санжырабызды так-тай алабыз, канчалык ар түрдүү маалыматтык булактар ачылган сайын тандоо мүмкүнчүлүгүбүзгө кеңири жол ачылат, орошон ойлорго жем ташталат. Жактырбаган, кол шилтеген кайдыгер мүнөзүбүздү алыс ыргытып, ар бирибиз өз эс тутумубузга кайрылсак жана ички туюмубуз менен кабыл алсак, анда бул китептеги окуя-тарыхты, жашоо шартты, каада-салтты толук түшүнүүгө болот. Андыктан аңдап гана окуп чыгуу кажет.

Эмесе, сөзүмдүн аягын баатырларга таазим катары сегиз сап менен аяктайын:

Бизге жеткен Баатырлардын баяны,
Белги берген Бабалардын аяны.
Барктап алчу, баалап алчу урпакка –
Бай тарыхтын бир үзүмү, таямы...
Басаңдабай атак-даңкы, дарманы,
Болбой дайым элибиздин арманы.
Балдарынын урматына – ыраазы,
Болсун, болсун Аталардын арбагы!

*Ишенбек Осмонов,*
*"Теңир-Тоо ынтымагы" коомунун*
*жооптуу катчысы*

МОМУНОВ КАРЫБЕК

# МАМАКЕ – ШОПОК

## *БААТЫРЛАРДЫН БАЯНЫ*

# АВТОР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

## МОМУНОВ КАРЫБЕК

- 1956-жылы Нарын районундагы Төш-Булак айылында туулган. Орто мектепти аяктаган соң Жданов атындагы колхоздун өндүрүшүндө эмгек жолун баштаган.
- 1975-1977-жылдары Советтик армиянын катарында аскердик кызматын өтөгөн.
- 1977-жылдан баштап Нарын облустук газетасында корректор, кийин басмаканасында жумушчу болгон.
- 1979-жылдан 1990-жылга чейин Жданов атындагы "Эмгек жолу" газетасынын жооптуу катчысы, коомдук иштердин күжүрмөн катышуучусу: элдик көзөмөл тобунун, Чет-Нура айыл өкмөтүнүн кесиптик уюмунун башчысы.
- "Мамаке, Шопок" санжырасынын, "Өткүр Жайлоо баяны" китебинин, "Аргасыз атылгандар" аңгемесинин, "Афганистан" поэмасынын автору.
- ВЛКСМ БКнын, Нарын районунун, Нарын областынын Ардак грамоталарынын ээси.
- 2010-жылдын 15-февралында жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Кепти башынан баштап, ток этээр жерин айтып, толук түшүндүргөн жакшы дечү экен илгерки карыялар, аркы-беркиге чаргытыла айтылган сөздүн маңызы кетет, супсак болуп калат. Андыктан ачык сөз жакшы, баянымдын башында ушуну тутунуп, чындыкка жакындагым келгенин алдын-ала эскерте кетейин – бир боорум. Эмесе, кептин кедерин кемитпей, ток этээр жерден баштап, толугу менен түшүндүргөнгө аракетимди жасайын. Сөз башы ушундай болсун...

Ар бир элдин баскан жолун, үрп-адатын, жашаган доорун, заманына жараша аткарган иштерин, өткөргөн тиричилигине чейин баяндаган тарых деп аталган чоң байлыгы болмогу ырас. Андай байлыктан кыргыз эли эгерим куру калган эмес, анын ичиндеги тизмеги да арбын, маселен, анын бирин эле атай турган болсок, жалгыз киши энчилеп алалбаган, көмүскөдө сыр болуп катылбаган, жалпы элдин көкүрөгүндө келмедей жатталып, оздон-оозго өткөн, үзүлүп да калбай, соолуп да түгөнбөй, эс тутумубуз менен кошо жашап келе жаткан санжыра деп аталган чалкыган мухитти элестеткен бирден бир өтө зор, опол тоодой кенчи бар.

Ошол санжырада айтылгандай Тынымсейиттин улуу аялы – өңдүү-түстүү болгону менен кудайдын кудуретин карасаң, согончогу канабаптыр, бечаранын. Мындайда мезгилдин кызыгы баары бир өзүнүкүн алат дечи, ич-ара чапкынчылыктын учуру болгонуна карабай кыргыз менен калмак эли жанаша жашап, Түптөгү Тасма деген калмак байдын байманасы ашып, эл ичинде кадыр-баркы артып турган кезде, кек кууган кыргыздар барып, байдын айылын чабат. Ал жан айласынан баарын таштап, Текеске качат. Азыркы Тасманын бели деген аталыш качкан калмак байдын атынан калганы бизге жеткен уламыштардын бири гана. Ошондо байдын сулуу кызын кыргыздар олжолоп келгенинде, аны Тынымсейит балалуу болуп каламбы деген илгери үмүттө аялдыкка алыптыр, күң кылып, күнүн түгөтпөй.

Ээ, кудайымдын буйругуна айла жоктур, Тынымсейит ушул аялынан үч уул көрөт. Алар: Кабели, Шалтак, Мортук. Үч уулун чоңойтуп, эрезеге жеткирип, өз энчилерин бөлүп берип, үйлөнтүп-жайланткандан кийин, Тынымсейиттин өзүнүн көзү өтөт бул жалгандан. Балдардын ичинен Мортук артыкча төрөлгөн жайы өзгөчө, укмуш болмуш, ал эки колуна уюган кара кан уучтап түшкөндүктөн: Кан Мортук аталып кетет. Бирок, буйругу жокпу же тагдыры тайкыбы, айтору эл башкарып, хан тактыга отурбаптыр, камчы кезеп, бек болбоптур.

Күн жүрүшүн улаган сайын Тынымсейиттин үч баласы оозго алынып, үч айылды ээлеп, Тоңду мекендеп жаткан кезде, агасы Кабели иниси Мортукту «малымды уурдады» деген жалган жалаа менен жер оодуртуп, Эрен кабырага айдатмай болот. Элди чогултуп, жолго салаарында Мортуктун кош бойлуу аялы эркек төрөгөндүгү тууралуу сүйүнчү жетет. Ошондо эл ичиндеги бир карыя адам:

– Мортуктун иши ак! Жаманчылыгы жок экен!- дейт, жалпыга кайрыла.

Бирок, эл ичи тунжурайт, ак деп же көк деп, үн катпайт. Аз убакыттан кийин дагы бир чабарман сүйүнчү айтат:

– Мортуктун аялы дагы бир эркек уул төрөдү!

Ошондо баягы иши ак экен деген карыя:

– Койгула, балдар, муну сүргүнгө жөнөтүүнү токтоткула! Мортуктун иши ак экен!- деп, дагы бир ирет ырастап, карылык калыстыгын кылып, чечим чыгарат да, Мортукту бошоттуруп, эл ичинде калтыртат. Мындайда мейли беги болобу, болушу болобу, улууга каяша сөз кайтарып, талашуу жаман жорукка тете болчу. Андан ары кары:

– Жамандык башыңа түшүп турганыңда сүйүнчү келди, ишиңдин актыгы далилденди, жарыкчылыкка мурун келген уулуңдун атын Жаманак кой. Барса-келбес жолдон токтотулуп калдың, кийинки уулуңдун ысмын Токтогул кой!-деген аманатын билдирүү

менен балдардын өмүрлүү болуусун тилеп, алаканын жайып, ак сакалын жайкалтып, батасын берет. Эл алдында айтылган сөздүн салтын сактабай коймокпу, жентек буздуруп, азан чакырткан Кан Мортук эгиз балдарына: Жаманак, Токтогул аттуу ысымдарды ыйгарат.

Арадан жылдар өтөт, баягы Жаманак менен Токтогул баралына келип, балтыры толуп, үйлөнүп-жайланып, кудайдын кудурети менен экөө тең тогуздан уул көрөт. Балдардын баары бир аялдан эмес, ал учурдун адаты боюнча Токтогул эки, Жаманак үч аял алган экен. Ошентип, эки уулу очор-бачар болгон кезде Кан Мортук дүйнөдөн өтүптүр. Кийин эки эгиздин балдары да үйлөнөөр, үй-жай күтөөр мезгилге жетет.

Жаманак сөзгө чебер, баамчыл, баатыр сымак адам болот. Ал убакта көлдү Белек бийлеп-тескеп туруптур. Жаманак Белек менен жакын мамилелеш болгондуктан, жайлоо-кыштоолору чукул, айылдары аймакташ конот, мал-жаны аралаш өсөт. Ал эми Токтогул ырыскылуу, байлыгы ашкан менен өзүнүн момундугунан, жоошчтугунан көпчүлүктүн ишине анча аралашпайт. Эки бир тууган эгиздердин айылдары чогуу конуш алды дегиче эле, балээ басып, шайтан сайып, казан-аяктары кагыша баштайт. Балдардын арасында чыр-чур чыгат, алдуусу алы жогун, чоңу кичинесин ыйлатат. Аларга болушуп, ортодо туугандардан да кер-мур сөздөр айтыла калат. Ошондуктан эгиздер эртелеп экиге бөлүнүп, ар бири өз бетинче оокатын кылып, ар бири чоң айыл болуп жашап калышат. Булардын мындай ишааратты – жакын жүрүп кадыр-барктан кетпейли дегени, алыстан сыйлашууну максат кылганы.

Мезгил өткөн сайын, адамдын өмүрү да өтөт эмеспи. Бир жылдары Тоңдун Сыртында кыштап турганда Токтогулдун ичээр суусу түгөнүп, жарык дүйнөдөн кайтат. Анын адегендеги алган Дүлөй деген байбичесинен беш, кийинки алган Шакан деген кичи аялынан төрт уул артында калат. Бул тогуз Токтогулдан

калган мал-мүлккө ээлик кылып, мурунтан калыптанып калгандыктанбы, айтору өзүнчө айыл болуп жашай беришет. Баарысы түгөл үйлөнүп-жайланып, бала-бакыралуу болушат. Бош учурларында Улуу эненин, Кичи эненин балдары деп, экиге бөлүнө калып, кышкысын ордо атышып, эрмек кылышат. Ошентип, жашоолорун жөндөп коюп, эч ким менен иши жок, тынч, бакубат жашай беришет.

Ушул адамдар жашаган учур чапкынчылыктын, жоокерчиликтин заманы дебедик беле: бир көзүң бир көзүңө жоо, бири-бирин талап-тоноп, кыз-келиндерди олжолоп, күң кылып, эр-азаматтарды байлап кетип, кул кылып, алдуусу алы жогун эзип, кандуу кармаштын арааны жүрүп турган чак. Анысы аз келгенсип, сырткы душмандар да күчөп, баскынчылык, зомбулук менен өзүнө баш ийдирүүнү көздөп, жерине, байлыгына сук артып, туш-туштан кол салуучу кас-душмандар көбөйгөн. Кыргыздардын Алатоосунун айланасындагы жайгашкан калмактардын Жуңгар хандыгы, бир жагындагы Жаркен хандыгы, башка тарабында Темир хандыктары күчтүүлүк кылып, улам бири басып алууну ойлоп, тынымсыз чапкынчылык кылып турушкан. Айтору, туш-тушунан улам чабылып-чачылган элдин жашоосу барган сайын кыйындай берген. Бирок, кыргыздардын намыстуулугун карасаң – канчалык чапкын-бүлгүнгө кабылса да, кайратынан жазбай, өз Ата-журтун таштап кеткен эмес! Бул тууралуу жазма тарыхый булактарда да, оозеки айтылган санжыраларда да кеңири белгилүү го...

Бир жолу калмак тарабынан келген чапкынчылар, Көл башында жаткан Белек менен Жаманактын жылкыларына тиет. Кыргыз эли үчүн мал боор эт менен тең, өмүр-жашоосундагы чоң байлык болгондуктан, чабылган малды чапкынчылардан кайрып алуу үчүн катуу аракеттенип, жан аябай салгылашышкан. Азыктануунун жана кийим-кеченин гана эмес, тегинде жансактоонун башкы булагы малга байлан-

гандыктан, аны сактоого бардык күч-кубат жумшалганы чындык. Төрт түлүк жалгыз эле кыргыз элине таандык ырыс-кешик деген жарабас, башка бардык улуттагы элдер үчүн да табылгыс байлык катары саналган. Андыктан душмандашкан тараптар биринчи кезекте малды тартып алууга кызыккан. Булардын ичинен айрыкча жылкылар көп чабылган. Себеби айдаганга жеңил жана ийкемдүү, үйүр-тобу менен ылдам кетет. Мындан тышкары сатса пул, минсе унаа -көлүк, сойсо эт, сааса кымыз! Кайран гана кыл куйрук – жолго минчү жорго, жоого минчү буудан, алыска чуркаар тулпар да ушул жылкыдан чыгаары чын.

Белек менен Жаманактын чабылып кеткен жылкыларды кайрып алуу үчүн жасаган аракеттеринен майнап чыкпайт. Барган кишилерди калмактар кармап алып, караманча тоноп, каалаганча кордоп, аттонун тартып алып, өздөрүн жөө кубалайт. Ошондо Белек Көлдүн күңгөй-тескейинен кол чогултуп, калмактарга каршы аттанмай болот. Башынан бери багып өстүрүп, убарасы менен азабын аябай тартып, эми асылын көрөөрдө кудайды карабай, жортуулчуларга алдырып жибергенге кимдин болсо да ичи ачышпай койбос. Жаманак менен Белек чабылып кеткен жылкылардын көзүн ала албаса да, кол курап барып, калмак менен бир беттешип, алаканды жайып отуруп бербей, бир кармашып, жок дегенде четирээктеги айылдардын бирин чаап келүүнү көздөйт.

Ошондой ойду жүзөгө ашырууну көздөгөн Жаманак атчан бастырып, Токтогулдун тогуз уулунун айылына келсе, алар адатынча Улуу эненин, Кичи эненин балдары болуп, экиге бөлүнүп, эч нерсе менен иши жок, ордо атып жаткан кези экен. Ордонун четине атчан бастырып келген Жаманакка ооз учунан салам айтышып, балдар оюндун кызыгына бата беришет. Барган жеринен урмат-сый көргөн, алдынан тосо чуркап атын алып, ызааттап эшик ачып турганга көнүп калган Жаманакка бул балдардын көңүл

бурбай, ордо менен алектенгени – алардын агасын сыйлабаганындай, керек десе, теңсинбегениндей сезилет. Өзү баатырдай жүрүп, топ чогулган жерлерде сөздөрү салмактуу чыгып, көпчүлүк сыйлап турган Жаманактын өз түгөйүнүн балдарынан андай сый көрбөй, ийилип салам берген, алдын тосуп, атын алган бирөөсү болбогонуна ичи ачышат, жанын кашайтат. Анысы аз келгенсип, жылкысы чабылып, оозунан алдырган бөрүдөй, ачуусу тарабай, эч нерсени кыртышы сүйбөй турганда, булардын минтип, жайма-жай ордо ойноп, дүнүйөсү түгөл жатканын карасаң. Көлдү бийлеген Белек баштап, чабылып кеткен мал үчүн ичи ачышып, кайгы басып, капаланып, көңүл чөгүңкү, кыртышы эч нерсе сүйбөй турган кезде, капырай, булардын баш оорутпаган бейкапар жашоосу да ичин тарытып жиберди окшойт Жаманактын.

Атаганат, кыргызда ордо деген мыкты оюн. Бул оюнду көпчүлүк көңүл ачуу үчүн ойношот. Бирок, азыркы балдар билбеген ордонун көп шарт-салттары бар. Кагазда жазылбаган андай шарт-салттарды эч ким бузууга акысы жок. Ордону көрүүчүлөргө же башка жактан келгендерге: оюн болуп жаткан жердеги тегерете чийилген чийиндин ичине кирүүгө, абалак, чүкөлөрдү, кан ордону буту менен басып кетүүгө ошол шарт менен салт таптакыр жол бербейт. Ошон үчүн улуттук бардык оюндардын ичинен ордо ыйыктын ыйыгы саналат. Анын өзүнүн аталышы эле айтып тургандай, кадимки Хан ордосу менен бирдей. Ордо оюнунда да «хан» болот. Ал эми «хан» деген ыйык ысым – ал Бийлик эгеси, Журттун башчысы. Илгертен Хандын тактысына жөнөкөй адам отурган эмес. Акылы артык көйкашкалар, кылычынан кан тамчылаган канкорлор, элдин кан-жанын кактабай соргон зулумдар, мындан тышкары жан-жөкөрлөрүнүн тилинен чыкпаган жетеленмелер да хандын тагына отурган учурлар тарыхыбызда арбын кездешкен. Хандар өз бийлигин кан төгүү менен, баш

ийбегендерди өлүм жазасына тартуу менен бекемдеп, элдин жүрөгүнүн сары суусун алып тургандыктан: «Оо, кудай, хандын касабынан сакта» деген сөз чыккан. Эми, ушул ордо оюнундагы хандын да өзүнчө орду бар. Ордо атып жаткан эки топтун бири – ханды чертип чыгарса, ошол тарап жеңишке жетишет, уткан болуп эсептелет.

Токтогулдун балдарынын ордо куруп, ойноп жатканына кыжыры кайнап, ачуусун кармай албаган Жаманак, балдардын ордосунун канчалык ыйыктыгы болмок эле дегенсип, эрдемсинген бойдон ордонун ичине атчан кирип келип:

– Эй, атасы жаман айбандар! Атаңар Токтогул менен бир жүргөн Белектин жылкыларын жоо чаап кетип, эл карбаластап, жортуулчулардын артынан аттанганы жатса, силер минтип, ордо ойноп турганыңар кандай? Эртең тууганыңар Белектин бетин кантип карайсыңар! Ордоңор менен куруп кеткирлер! Азыр аттанып, мени менен жөнөгүлө!-деп чамынат.

Жаманактын: «атасы жаман айбандар» деген сөзү Токтогулдун балдарына катуу тийет. Ким болбосун көз көрүнөө эле атасын жаман дегенге кантип терикпесин. Ошондо Токтогулдун улуу аялынан туулган тун уулу Топу Жаманактын колунан чылбырын жулуп алып, кайра атын башка чаап:

– Кары киши карыдай болбойбу! Ордону тебелетет деген эмне! Баарыбыз атакелеп, сыйлап тургандан кийин сыйы менен төрдө отура бербейби... Кимдин жылкысы чабылса, ошол өзү барып малын кайрып келсин! Биздин малыбыз өрүшүндө жатат! Калмактан «жылкы доолайбыз» деп, аттанып барып, майып болуп келгиң келсе, өзүңдүн балдарың менен бара бер!-дейт, бакылдап.

Мындайды күтпөгөн Жаманактын ызасы ого бетерден күчөйт. Атаңгөрү, минип турган атын башка чаптырганы – өзүн башка чаптырганы да. Бул жосун улууну, сакалдуу карыны кемсинтүүнүн жеткен чеги. Күйбөгөн жери күл болгон менен балдарга те-

ңелип, ачууланып дагы сөз сүйлөсө, атынан оодара тартып, ур-бердиге алгандан кайра тартпачудай болгон тогуз уулдун түрүн көргөн Жаманак эч кеп айталбай, кайра тартып бастыра берет да, түз эле болгон окуяны төкпөй-чачпай Белекке жеткирет.

Ага дейре бакылдакты уккан Токтогулдун улуу байбичеси окуянын төркүнүн түшүнгөндөн кийин, көпкө чейин чебелектеп, чырылыдап жиберет:

– Алда, катыгүн ай, балалыгыңар дагы эле кала элек турбайбы?! Атаңарга кантип кол көтөрдүңөр, кокуй, бул кылыгыңарды кудай да кечирбейт. Бекер кылбадыңарбы, болгула атыңарга минип, союлуңарды кыстарып, артынан жете баргыла. Силерге эч ким жакшы же жаман тууганын бербейт, элден калбай кошуунга кошулуп, камчыңарды мойнуңарга салып кечирим сурагыла. Түбү тууган эмеспи, балким кечирим берээр. Теги Белек деле түтпөс, жаштык кылып коюптур деп, жибип кетиши ажеп эмес!

Бирок, бир көгөрүп алган балдарынан ак же көк деген үн чыкпайт, огобетерден өчөштүк кылгандай, жер тиктеп мелтирешет. Булар минтип аткан соң, эне байкуш эмне кыла алат? Айтып-какшап туруп калат да. Айтору, балдарынын басыгынын акыры жаман аяктаарын эненин жумшак жүрөгү алдын ала сезгендей эле, чый-пыйы чыккан экен.

Белек болгонун болгондой уккандан кийин, ачууланган бойдон жигиттерин чаптырат. Токтогулдун тогуз уулун толук алдына айдаттарып келип, Жаманактан сурайт:

– Сенин атыңды башка чапкан кимдер?!

Жаманак Токтогулдун улуу аялынын балдары: Топу, Сопу, Доку, Көкүм, Дөөкара дегендерди көрсөтөт. Ал учурда беш уул беш манжадай тике тиреп, ар бири үй-бүлөө күтүп, балдарлуу болуп калган кези. Ачууланган Белек баарысын бала-бакырасы менен Эрен кабырага деп, ачыгын айтканда сүргүнгө айдаттырат. Бул дегениң – өз жеринен, өз элинен айдалгандарды калмактар тарапка – душмандардын колуна салып

беруү бүтүмү. Ал жакка кетти дегиче, кайра артка кайтып келбейт деп түңүлө бер. Себеби, Эрен кабырага айдатылгандарды эң жаман эки кыянаттык күткөнү күткөн. Биринчиси, алар бараары менен эркектерин кул, аялдарын күң кылган, каалаганындай жалчымалай катары жумшап алышкан. Ошол бойдон «кулак кести кул» аталып, эл-жерине кайтып келгис болгон. Экинчиден, каршылык көрсөтүп, кармашкысы келсе, желдеттин колундагы кылыч мизи моюнду кыйып, өлүмгө же бейажалга көзкөрүнөө тушуктурган. Теги улуту, тили, дили башка калмактар айдалып баргандарга жакшылык кылмакпы

Бир айтабызбы, эки айтабызбы, айтору ар бир учурдун өзүнүн мыйзамы, ага жанаша салты менен шарты өкүм сүргөндүгү белгилүүдүр. Көл өрөөнүндөгү бек-бийлердин элди кыңк эттирбей өзүнө баш ийдирүү үчүн колдонгон негизги жазаларынын бири ушул болчу. Жеке керт башын тургай, үй-бүлөөсү, урук-тууганы менен бирге жер оодуртуп, айдаттыруу адатка айланган. Муну көргөн башкалар баш көтөрбөй, коркуп калаарын төбөлдөр жакшы түшүнгөн. Адегенде айдалгандар киндик кан тамган жерден айрылган, андан ары чилче таралган ага-туугандардын урпактары акыры тукум курут болоорун ар ким өз жан дүйнөсү менен сезип, ичинен сыздаган менен арыз-арманын алар кимге айта алат?!

Жаманак өз эгизинин балдарын жамандап барып жатса, аларды Эрен кабырага айдаткан Белек деле аттиң, сөөк өчтү душман эмес эле, кайра тескерисинче, жакындыгы бар, тең тууган. Тынымсейиттин жатындашы – Алсейиттин небереси. Айтылуу мүйүздүү Бугу эне төрөгөн Жамангулдун кенже уулу. Атасынын көзү өткөн кезде энесинин боюнда калып, кийин төрөлгөндүктөн: «өлгөндөн калган белек» деген ой менен ысымы Белек коюлган. Атаңгөрү, ошол учур тууралуу тарыхтарды карап, санжыраларды угуп көрсөк, бир туугандардын арасындагы айрым жоолашууга, бирин-бири жер котортуп, айдаттырууга

арзыбаган кичинекей эле пикир келишпестиктер себеп болгону өтө өкүнүчтүү, айтору биринин тукумун бири сүрүп, бири-бирин чаап алгандыктары жөнүндө уламыш окуяларга көп кездешебиз.

Токтогулдун улуу аялынын балдары айдатылгандан кийин, кичүү аялы Шакан төрөгөн Акбагыш, Чыйбыт, Дөрбөн, Шааназар аттуу төрт уулу эл ичинде калат. Аларды чогулган колго кошуп, калмактар чапкан малды кайтарып келүүгө жиберет. Барбаска амалы барбы алардын?! Калмакка жеткичекти алыс жолду басып, каржалып жүрүп, эптеп жеткен кыргыз жортуулчулары көп кыйынчылыктарга туш болушат. Жер дүңгүрөткөн миң сандаган черүү болбогондон кийин аз кишиге калмактар атайы буктурмалап кол салышып, ал-күчүн кетирет. Кыргыздар көп кишилеринен ажырайт. Ошондогу катуу кармашта Акбагыш жарадар болуп, кайра келе жаткан жолдогу Муз-Арт деген белде каза табат. Чыйбыт болсо Тото деген жердеги салгылашта көз жумуп, шейит кетет. Дөрбөн тирүүлөй калмактардын колуна түшүп калат.

Калмакты чабабыз деп баргандар ат-тондорунан, атүгүл кишилердин көбүнөн ажырап, жөө-жалаңдап, азып-тозуп, араңдан зорго элге кайтат. Аман келгендердин арасында Шааназар да болот. Малды кайырганы баргандар кайрылып келишсе, Белек менен Жаманак жаман жорук баштайт. Токтогулдун балдарынын мал-мүлкүн талап алып, аял-балдарын чыркыраткан бойдон талаага таштайт, чынын айтканда, үстүндө үйү жок калтырышат. Ошондо Акбагыштын алты, Чыйбыттын төрт, Дөрбөндүн эки эркек баласы, мындан башка да кыздары, Токтогулдун эки байбичеси, калмактан кайтпай калган үчөөнүн үч жубайы – баш калкалаар жайы, айдаган малы, оозуна салаар ашы жок, как жерде кан-какшап отуруп калган учуру экен.

Ал чакта Шааназар гана үйлөнө элек жаш бойдок. Туугандарынын кысмагынан кийинки үй-жайынын түрүн көрүп, каңырыгы түтөйт. Эми, баарын бүлдүргөн Белек менен Жаманактан жардам сурай-

бы, алардан жакшылык болобу же жокпу, маселе мына ушунда. Ичи ачышып, аркы-беркини ойлойт. Алардын алдына кол куушуруп барганга намысы жол бербейт. Акыры белин бекем бууп, башка салганды көрдүм дегенсип, ого бетерден чымырканып, жашоо үчүн аракеттене баштайт. Эки энесин, үч жеңесин, алардын балдарын багуунун милдети алган Шаананазар Көлдүн күңгөй-тескейинен тербеген тезеги, казбаган дүмүрү калбайт. Ар жерлерден бирдемелерди термелеп, өлбөстүн күнүн өткөрөт. Мындайда: "ушуну көрмөксүңөр" деп, табалагандар менен сын таккандар, жаман сөздөрдү айтып шылдыңдагандардын саны көбөйөт. Бара-бара Шаананазар аты айтылбай: «термелеп жүргөн Термечик» атка конот.

Албетте, чабылып-чачылгандын, бүлүнүп-талангандын кайра калыбына, олутуна келиши көп убакытты талап этет. Айтору, Токтогулдун балдарынан калгандар күн санап өсүп, алды чоңоюп, тиричилик жумуштарына эрте аралашып, барган сайын чыйралып, Термечик атыккан Шаананазарга жөлөк-таяк болгонго жарайт. Айрыкча Акбагыштын Орус деген уулу зергер уста болуп чыга келет. Ал эми Чыйбыттын Мамаке деген уулу тентек, беттегенин бербеген көктүгү менен таанылат. Башка балдары да жөндөмдүү, иш билги. Булардын өсүп-өнүп, бой тиреп келатканын көргөн Белек менен Жаманактын тукумдары кайрадан кыр көрсөтө баштайт. Ортодо кыйыктаган кептер, кер-мур сөздөр айтылат. Үстөмдүк кылгысы келген тарап: «буларды музоо кезинде сүзүп коюу керек» деген ой-пикирди кармашат. Сөздүн кыскасы, Токтогул тукумдарынын башын өөдө көтөртпөөнүн аракеттери ачык да, көмүскө да жасала баштайт.

* * *

Бул баяндап жаткан окуялар, азыр өткөн тарыхтын түпкүрүндө калды. Андан бери далай кылым өттү да кетти. Замана өзгөрүлдү. Доорлор алмашылды.

Бизге чейин көптөгөн муундар жашап, элдер да, жерлер да жаңырды. Жашоо мыйзамы, айрым салт-салттар, үрп-адаттар, түп тамырынан бери которулуп, ар бир доорго, ар бир заманга ылайыкташтырылды. Ошонусу менен өтмүш доорлордогу окуялар кийинкилерге жомок катары айтылып, болумуш сыяктуу туюлуп калгандыгына азыркы урпактар күбө болууда.

Биздин заманга чейинки көптөгөн мезгилдер бою уруулар арасындагы, бир туугандар ортосундагы мурдагы болгон айрым келишпестиктер, бири-бирине каршы мамилелер тууралуу бүгүнкү күнкү кектөөчүлүк, кычык сөз сүйлөгөндүк – азыркы кездеги көз караштан алганда, эч кандай адамкерчиликке жатпайт. Ал наадандыктын чуу чокусу катары эсептелет. Ар бир уруунун ичиндеги кармаш-чабыштар, бир туугандардын бири-бирин сүргүнгө, өлүмгө айдатуулары туура эмес иштерден экенин моюнга алышыбыз керек. Бирок, ошондой болсо да, ата-бабаларыбыз өз учурунда акылына келип, кайрадан биримдигин чыңдап, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, бирдиктүү Ата-журтту түптөгөндүктөрүн кантип эсибизден чыгарып салабыз. Ал эми канчалаган кылымдардын катмарындагы жагымсыз окуялар үчүн туугандар арасындагы кектешүү – бул чыныгы акмакчылык, ынтымакты жокко чыгаруу дегендик...

Белек менен Жаманактын чабылган жылкыларын кайрып алып келүүгө жиберилгендер менен кошо барып, тирүү колго түшкөн Дөрбөн бала кезинен эле ар нерсенин ыгын таба билген айлакер, көптөгөн иштер колунан келген эпчил болуп өсөт. Калмактын тилин азыраак билген, кепке кеп жалгаштырып, чечендене сүйлөгөн адамдын катарын толуктайт. Аңгемесин баштап, кеп салганында уккулуктуу, түшүнүктүү кылып айткан жигитти өзүнчө бөлүп, бөлөк колго түшкөндөрдү калмактар байлап-матап, ур-бериге алып, кордук көрсөтөт, аларды кыргыз менен калмактын чектешкен жеринен алыстатып, ичкери кийирип кетишет. Баргандан кийин туткундарды камап

коюп, калмактын бир билерманы суракка ала баштайт. Колго түшкөндүн ким экендигин, эли-жерин, жоокерчилиги кандай, баатырлары кимдер, кандай куралдангандыгын билүү үчүн тергеп-тескемей туруулуу иш го. Ошентип, сурак башталганында Дөрбөндүн калмак тилин билгендиги жардамга келип, суракта тилмеч болот. Туткундардын тыңыраактарын өлүмгө буйруп, көзүн тазалашат, калгандарын кулдукка берет, аларды ар кайсы тарапка тараткан кезде, калмак билерманы эмнегедир Дөрбөндү өзүнө тилмеч кылган бойдон өз айылында калтырат.

Айлакерлиги менен калмак билерманынын ишенимине кирүүнү көздөгөн Дөрбөн, отур десе отуруп, тур десе туруп дегендей, айтканын так аткарып, үйтиричилигине да каралашып, кол баласындай боло баштайт. Антпесе болобу, калмактардын каарынан тирүү калуу үчүн эмнени гана жасабайсың, керек десе боз торгойдой безеленгенге, боз жоргодой безилдегенге аргасыз. Билерманы күндүз колу-бутун бош койгону менен аркасынан купуя көз салдыртат, тыкыр аңдытып, ар бир кыймылын, кылган жумушун, сүйлөгөн сөзүн көзөмөлдөтөт. Түнкүсүн бутун кишендеп, жанына сакчы коёт. Антсе да Дөрбөн ар түркүн айла-амалдарды кылып, качып кетүү жөнүндө ою жок адамдай, эч нерседен бейкапар, бардык кыйынчылыкка чыдамдуу, кемсинткен сөзгө көтөрүмдүү көрүнүп жүрө берет. Калмактардын ар кыл шартын аткарып, салтын сактап, алар менен чукул аралашуу аракетин көрөт. Улам убакыт өткөн сайын ага ишеним артылат, сакчылар мурункудай кайтарбай, күндүзү аңдыганы менен буту-колуна салынган кишенден бошотулат. Арадан дагы көп убакыттар учкандан кийин түңкүсүн гана кайтарып, күндүзгү аңдуу токтойт. Ошентип, арам ою жок сыяктанган Дөрбөн калмактардын ишенимине биротоло кирүү үчүн дагы деле жанын үрөйт. Кийин: «мында кача турган ой жок экен» дегенсип, мурункудай катуу кайтарууну азайтышат.

Калмактардын ишенимине кирүүгө далбастаган Дөрбөн бир топ жылдарды өткөргөн соң: «качып кетүү жөнүндө ойлонбой калды» дешип, калмак кызына нике кыйышат. Арадан дагы жылдар жылып, кудайдын буйругу менен биздин Дөрбөн бала-бакыралуу болот. Ошондо калмактар: «бул бала-чакасына байланды, эми элине кетүүдөн үмүтүн үздү» деген пикир үстөмдүк кылып, анын башы азатыкка чыгат. Ал кайтаруусуз, аңдуусуз, ээн-эркин жүрүүсүнө тоскоолдук жокко чыгат. Аңгыча арадан кыйла убакыттар өтөт. Дөрбөн көкүрөгүнүн түпкүрүнө каткан максат-муратынан шек билгизбей, калмактар менен кошо калмак болуп жүргөнү жүргөн. Камбылдыгынан кирээрине үй, минээрине ат, күнүмдүк керектегенине мал күтөт.

Эмнеси болсо да: «Эл сагынбас эр болбойт» дейт кыргыз. Улам убакыт өтүп, калмактардын арасында жүргөн жылдары арбыган сайын, өз эли-жерине, ак никелеп алган жарынан көргөн Дөөлөтжан, Былтыр деген балдарына болгон сагынычы артып, кусалыгы күчөйт Дөрбөндүн. Отурса-турса көз алдынан өзүнүн туулуп-өскөн жери, бир тууган эли эсинен кетпейт. Эки баласынын элеси карегине тартылып, жүрөгүн зыркыратат, кермек даамдуу жашты жаак ылдый куюлтат. Аларды: «бир көрсөм» дегенде эки көзү төрт. Бир саамга да бир орунга турбаган, тынымды да билбеген, токтотуп коюуга адамдын кудурети жетпеген убакыт дегениң укмуштуу куш – аткан октон тез учуп, мезгил дегениң токтоосу жок, ноктосу жок тегеренип келе берет турбайбы. Аттиң, калмак аялы төрөп берген балдары да күн санап жерден боорун көтөрүп өскүлөң. Канткен менен өз канынан жаралган го, булардын кыргызча «ата» дегени, огобетер Дөрбөндүн ичин ачыштырат, кыжаалаттыкка түртөт.

Колго түшүп, ошол бойдон жок болуп кетпей, айласын таап, душмандын арасында тирүү калуу да чоң эрдик. Аман-эсен, алты саны бүтүн бойдон качып чыгып, өз элин-жерин издеп келүү андан да айтаарлык баатырдыкка жатат. Учурду кетирбей, өзүнүн

кажырлуу жашын өткөрбөй качып кетүүнү ойлогон Дөрбөн, көр тирлик менен алышып жүргөнү менен, акырындап минген атын таптай баштайт. Бир бүтүн үй-бүлөөнү жалгыз мингич менен чогуу алып качууга болбостугун, чиедей, чыт курсак майда балдар менен алыс жолго качып чыгуу мүмкүн эместигин да ойлойт. Анын үстүнө калмак аялдын дилиндегисин билбейт, катындык кылып, калмак билермандарына билдирип койсо – акыр аягы эмне менен бүтөт? Аялы катары дилин берген күндө да, өз тууган элинен, өскөн жеринен кетип, тили, салты башка, бөтөн элдин ичине киргиси келеби? Калмактын ичи анын өз төркүнү. Төркүндүн төрү жумшак. Жылуу ордун суутуп, али белгисиз, түбү туңгуюк, ным же сыз жерге кимдин отургусу келсин. Жагым жайды жайдак жайга ким алмашсын! Анысынан да бөлөк бүлөөгө барып, улуу аялдын үстүнө токол болгонго кандай аял макул боло коёт? Ошондуктан калмак аял бардык аракетин жасашы мүмкүн, өз элинде, өлөң төшөгүндө калуунун амалын издээри бышык. «Качабыз» дегенди угаары менен элге жар салып, чамынат, билермандарды көздөй чуркашы толук ыктымал. «Качканга макулмун» деп, жөн эле Дөрбөндү ээрчип, жөнөп кетпес.

Ушулардын баарын ойлогон Дөрбөн калмак аялды балдары менен бирге "кудайга аманат" калтырып, өзү жалгыз, керт башын алып кетүүгө бел байлаган. Бирок, өзүнүн каны эмеспи, калмак ичинде калып жаткан балдарына да ичи ачышпай коёбу. Аркы-беркини калчап олтуруп, акырында: «каны меники болгону менен тили-дили калмак болуп өскөнү калды. Эр жеткенде кыргыз тукумунан экендигин билишээр. Ага чейин энеси төркүнүндө башы батып, балтыры сыйып, багып өстүрөөр. «Ичтен чыккан ийри жыланды» да эне байкуш талаага таштаганга ыраа көрбөй чоңойткон тура. Жыланга караганда алмончоктой болгон балдар эмеспи» - деп, өзүн даярдап, качууга катуу ниеттенет. Балдарын ала жүрсө, кутулбай кайра тутулаарын, тутулган күнү соо калба-

сын, ошондо калмактын каары күчөп, өзүнө көрсөтүп, маңдайына дөңгөчтү коюп, тооктун башын кыя чапкандай, ар бир баласынын башын чыркыратып кыя чаап, денесин ач иттерге ыргытып, заманасын кууруп, жүрөгүн зыркыратып, сай-сөөгүн сыздатып, акырында анын өзүн отко кактап, куйкалап өлтүрөөрүн болжогон Дөрбөн: «кармалсам жалгыз кармалып, азапты өзүм тартып, өлтүрсө өзүм жалгыз өлүп, бейкүнөө балдарым аман калганы түзүк» деген ойду көкүрөгүнө бекем орноткон.

Качаар күнүн, кетээр жолун алдын-ала болжолдогон Дөрбөн даярдыгын тымызын бүтүрөт. Ошол учурларда оңдой берди болуп, калмак айылында бир чоң той башталып, эл опур-топур, мал союлуп, оюн-тамаша курулат. Калмак менен калмактай, эч нерседен шек алдырбайт, кылдан кыйкым таптырбай жүргөн аяр Дөрбөн да оюнга аралашкан, тойду кошо тойлошуп, мурдагы калыбында жайдары күлүп-жайнап, кабагы ачык. Жай өтүп, күзгө таяп калган учурдун ошол күнүндө ал: «балдарым этсиреп кетти» деген тейде, бир жактардан семиз кой өңөрүп, үйүнө кечки күүгүмдө келет. Аялынын ой-боюна койбой, казан-аягын камдатып, койду союп, бирин-серин жылдыз чыгып калганында казанга салып, «балдарыма бүгүн жаш сорпо ичиремин, жаңы эт жедиремин» деп, камкордугун далилдегендей, отту чоң жагат да, этти бышыра баштайт. Кеч салынган эт эрте бышмакпы, күндө эрте жатып, эрте уктап көнгөн балдары шылкылдап, уйкуга баш коёт. Түн ортосуна чукулдатып барып, этти чыгарган Дөрбөн балдарын ойготуп, кыдырата тизип, таттуу уйкуга алдырып, үргүлөгөн аялын кошо отургузат. Алдыларына этти тартып, өзү устукандап, ар бир баласына бирден жилик карматып, сапырылган сорподон куюп, жакшы ичирет. Өзү уламдан улам эшикке кирип-чыгып, токулуу турган атынын басмайылын бекитип, камчысын ээрдин кашына илип, буйдалбай минип кете бергенге даярданат.

Эт бышкычакты эле уктап кетип, кайра ойгонгон балдарынын уйкусу ачылбай, көздөрү жумулса, бири колуна карматылган жиликтен бир тиштегенге алы келбей кыйшаят, башкалары узун-туурасынан кулаган абалда. Калмак аялы балдарынан мурун көзүнө ээ боло албастан, отурган ордунда уйкуга кирген. Ошондо беш жашка чыгып калган бир эркек баласы, бирде эт чыгарып, бирде эт тартып, улам эшикке чуркап чыгып, кайра шашылып кирип жүргөн атасынан көзүн тартпай, негедир уйкусу чайыттай ачылган, колундагы жиликтин этин жулкулдатып жеп, сорподон чоң-чоң ууртап, анын ар бир кыймылын карап отурганын байкайт. Дөрбөн ичинен: «Ушул да уктап калса эмне! Менин кеткенимди бири да сезбей калганында жакшы болбойт беле?» деп, кейийт. Дагы бир аз убакыт өткөрүп, ар нерселерге, алдыга тартылган этке алаксытып, баланын уктап калышын күтөт. Анткен сайын баладан уйку качат, көзү алда-нени сезгендей ойноктоп, оттой жанат. Таң сүргөнгө чейин болжолдуу бир жерге жетип калууну көздөгөн Дөрбөн шаштысы кетет. Айтору, ушул түндөн калууга болбойт, башка күнү качууга болбойт. Мындай ыңгайлуу учур мындан кийин келээрин Кудайдан башка эч ким билбес. «Качууга ылайыктуу» деп, бул улуу түндү тандап алганы да бекеринен эмес. Себеби, өзү убактылуу турак алган калмак айылы той менен алектенип, келген-кеткен көбөйүп, ары-бери бастыргандар арбын, айылда ким бар, ким жогун байкагандар аз. Ал эми үй-бүлөөсү болсо: «той-топурда эл менен жүргөндүр» деген ой менен эки-үч күнгө дейре «Дөрбөн жок» деп, жан кишиге айтпайт. Ошондуктан ушул күнү, ушул түндүн оокумунда аттанып кеткени ылайык. Эртесине калуу – өмүр бою өзүн алдагандык. Анткени той аяктап, келген-кеткендин аягы тыйылат, айылдагы эл азайып, кимдин кайда, эмне жасап жатканы баарысына даана көрүнүп, бирине-бири дайын, көзкөрүнөө айкындалат. Анда эле бирөөлөр анын жогун байкап калды дегиче, ойлогон иши түгүл, бүткүл өмүрүнүн бүткөнү да.

Аз убакыт ичинде бушайман боло түшкөн Дөрбөндүн башына далай ойлор келип, заматта заманасы куурулду, уктабай чакчайып отурган баласынын алдында айла табууга кудурети алсыз сыяктанды, кудая тобо. Жиликтин эки башынан эки колу менен кармаган баласы эттен тиштеп тартып, эки жаагын жулкундата чайнап, эки көзүн атасынан албайт. Көз карашы ой жөндөмүн тургай, тулку денесин тешип өтчү сыягы бардай. «Мунун уктай турган түрү жок» деген ой менен Дөрбөн:

– Сен качан уктайсың?-деди, суроолуу тигиле карап.

– Менин уйкум келгени жок!-дейт, баласы огобетерден көзүн бакырайтып, таптак жооп берип.

«Ушуну карап отуруп жолдон калбайын» деген Дөрбөн акырын эшикке чыгып, атына жетип, калбаат аттанып, күбүрөнүп Жаратканга жалынат, жер-суу, тоо-ташка сыйынат. Атынын башын бура тартып, жөнөй берээринде үйү тарапка кылчайса, баягы баласы колуна жиликти кармаган бойдон үйдүн алдында атасынан көзүн албай, үмүткөр карап туруптур. «Ушул балам тың болгудай! Баралына келгенде баатыр болбосо да, баягынын баласы дедиртип, менин атымды чыгарганга жарачудай түрү бар. Бир баланын жолдогу убарасына чыдаармын» деп, жакын бастырып келип, баланы эңе, алдына өңөрүп: «Кудай жолумду шыдыр кылгайсың» деп, бата кыла аттын оозун кут тарапка карай коё берип, шарт жөнөп кетет...

Дөрбөндүн артынан куугунчу-чапкынчылар чыккана белгисиз. Ал эми качкан адам коркок го, ал эгерим түз жол менен, көрүнөө жер менен жүрбөйт эмеспи. Күндүз буйткага жашырынып, түнкүсүн жол арбытат, ашуу ашып, суу кечип, жылдыздарга карап, убакытын болжоп жүрүп, бактысы бар экен, баласын өңөргөн бойдон эли-жерине кайтат. Келгенде да баягы Токтогулдун балдарынын бала-бакырасы таланып-тоноолгондон кийинки оор турмушту күн кечирип жаткан учурга капташат. Өз жеринде калган эки баласы, аялы, бир туугандарынын балдары менен аман-эсен көрүшөт.

Кыргыз эли илгертеден адамдын башына түшкөн жаман окуяны көңүлүнө, көөнүнө доо кетпесин дегенсип, анын беделине шек келтирбей, каймана маанисинде атап келишкен. Айрыкча жүрөгүн ооруткан, көкүрөгүн кирдеткен, ар-намысын арданткан учурларды түз, тике маанисинде орой, олдоксон айтпастан, келиндер кайын-журтун тергегендей тергеп, башкача түшүнүктө туюнтушкан. Ошол сыяктуу Дөрбөндүн калмактардын колуна түшүп калып, тилмечтик кылып, айлакердик абалда жүргөн жылдарын эл: «Дөрбөн Жайсаң болгон жылдары» деп, урматтоо менен кеп кылышчу экен. Аны айтылуу Жайсаң ырчыдай ыза-атташкан, ал төкмө акын же жамакчы болбосо деле – бөлөк тилдүү, бөтөн дилдүү, кыргыздар менен кыйлалаган жылдар бою касташып, тынымсыз чапкынчылык кылган, элдешкис душман эсептелген калмактардын колунан амал менен өлүмдөн кутулуп, атүгүл ал жактан үйлөнүп, балалуу болгонун, андан да качып чыгып, элине келгендигин бийик даражалуу ырчыга салыштырышкан. Ошондон бери айылдаштардын арасында: «Дөрбөн Жайсаң болгондогусу» деген ылакап сөз калган. Карачы, кыргызымдын кыйындыгы менен улуулугун – адамдын өзү менен сөздү сыйлаганына ыраазы гана болосуң!

* * *

Токтогулдун Чыйбыт деген баласы абдан зор адам болот. Кийим чак келбей, атайын өзүнө чактап тиктирип кийип, кабелтең аттардан тандап минет. Бутунун таманынын узундугу эки, туурасы бир кере карыш болгондуктан уйдун терисинен маасы тиктирип, ага ылайык төөнүн терисинен кепич жасаткан. Ошол кепичине бир күнү үч айлык улак кирип, жатып алган бойдон уктап калганы айтылат азыр да. Демек, улак баткан кепичти кийген кишинин келбетин, турпатын болжолдоп билүү биз үчүн кыйын эместир. Айтору, зор адамдан зор балдар туулат тура. Чыйбыттан: Атасары, Айдарбек, Аблаке, Мамаке деген

балдар калат. Алардын ичинен Мамаке башкалардан артыкча, жоон-жолпу, алп денелүү болот. Атасы Чыйбыт калмак чапкынчылары чаап кеткен Белек, Жаманактын жылкыларын кайтарып алып келүүчүлөр менен бирге барып, Тото деген жердеги кармашта шейит кеткенден кийин андан калган төрт бала жетимчиликтин азабына кабылып, Термечиктин колунда өсөт. Атадан калган мал-мүлкү таланып кеткендиктен, жону катуу жокчулуктун каарын тартат. Ар кимден жаман сөз угат, жыртык кийим кийип, жарты жылаңач жүрүп, башкалардын балдарынан кемсинип чоңоюшат. Ошого карабай, Мамаке беттегенин бербеген, «жасаймын» дегенин жасаган өжөр чыгат. Анысы аз келгенсип, ашынган тентек. Атасы Чыйбыт сыяктанып, бой келбети өтө эле олбурлуу, бала кезинен балбандыкка ыктайт. Тестиер кезинде өзү теңдүүлөрдү мындай кой, колуна тийген улуу балдарды да көтөрүп урат. Эки-үч балага моюн бербейт, ачуусу, жини келген кезде балдарды көмөлөнтө муштаган учурлары көбөйө баштайт. «Кой-ай» дегенди укпаган шоктугу ашынат. Мамакенин күчкө таянган мындай жоруктарынан коркуп, көпчүлүк балдар андан алыс качат. Анткен сайын ал аларды уруп-согуп, муштум кезеп коркутуп, өзү менен ойногонго мажбурлайт. Күндөр өтүп чоңойгон сайын ар кандай кылык-жоруктары арбып, элдин оозуна кире баштайт. Анын хандан-бектен кайра тартпаган өткүрлүгүнө, алдуу-күчтүүлүгүнө, айланадагы балдар тең келбеген балбандыгына, ушундай бала кезинен эле алптардын бири болгудай турпатына энеси менен бир туугандары ыраазы болот, көңүлүндө көмүскө сыймыктанганы менен башка уруудагылардын ичиндеги нээти түз эместердин ичин күйгүзөт, ушак-айың аркылуу «жаман бала» атыктырышат. Айрыкча Белек менен Жаманак тукумдарынын Мамакени «көрөйүн деген көздөрү жок». Алардын арам оюнда дагы эле жамандык: ушундай балапан учурунда сесин алып, «торпок кезинде сүзүп», кайратынан качырсак дейт, балбан-

дык, баатырдык дымагынан таптакыр калтырып коюу жөнүндө аракет кылышат.

Атаңгөрү, балалык деген өмүрдөгү кайталангыс керемет. Бала ар нерсеге кызыгат, кылган кылыгына маашырланат. Улам бир нерселерди жасаганга шыктанат. Барган сайын чоң кишилер жасаган иштерге аралашканга далалаттанат. Аларды туурайт, ошолордой болгонго дилгирленет. Айтору, ошентип жүрүп жөндөмү артат, таланты ачылат. Эпчилдикке, ыкчылдыкка эле эмес, көп нерселерге көнүгөт. Бирок, ошого да зээн-идирек керек. Мамакени кудайым мындайдан куру калтырбаптыр. Анын учуру чапкынчылыктын, талап-тоноочулуктун, жортуулчулуктун кезеңи болгондуктанбы, айтору жоо-жарак камдап, ат тандап, жоокерлер ат үстүндө уктагандыктан балакатка жеткен эркек баланын баары курал таанып чоңоюшканы мезгилдин өктөм талабына айланган. Сырттан келген душмандардан коргонуу үчүн, аларга мал-мүлкүн, ырыскысын тарттырып жибербес үчүн, беттешке чыгып, кармашка, салгылашка курал-жарак керек болгон. Ошондуктан баардык эркеги бар үйдө куралдар дээрлик дапдаяр турган. Ал эле дейсиңби, кайсыл курал кайсы учурда колдонулаарын, кандай кармалаарын жаш балдар да жакшы билген. Алардын арасында Мамаке куралды артыкча тыңдап, тандап колуна кармап, өз бетинче машыгуусун адатка айланткан.

Ошентип, Мамакенин балалыгы коогаландуу, атүгүл опурталдуу учурда өтсө да, тентектиги менен шоктугу жана өжөрлүгү күчөгөн бала замандын кыйсыпырына карабагандай кебелбейт. Ниети жаман адамдардын арамдыгындагы: балбан баланын мизин майтарып, мокотуп коюусу мүмкүн экендиги жөнүндө ойлонуп да койбойт. Баёолугу менен ыплас жышаандарды, ал үчүн кылынган жосунсуз жоруктарды сезбейт. Адатынча балдар менен ойноп, коркутканын коркутуп, ыйлатканын ыйлатып, күрөшсө жыгып, кармашса уруп, баягысынан жазбай жүрө берет. Ор-

тодон тынымсыз күндөр өткөн сайын, күн санап Мамакенин аң сезими, дүйнө таанымы өспөй коймокпу, акылына жараша күчүнө күч кошулат, өжөрлүгү башынан ашат. Ал аз келгенсип, үнү да элден бөлөкчө жоон. Айылдын берки четинен кыйкырса, аркы четиндеги киши чочуй тургандай.

Ошол күндөрдүн биринде балдар менен чүкө атып, ойноп жатканда башка айылдан келген бир бала экөө чүкө талашып, ортодон чыр чыгат. Мамаке баягы көнгөн адатына салып, баланы көмөлөнтө бир муштайт. Чекеси менен жер сүзүп жыгылган баланын оозу-мурдунан кан кетип, ошол бойдон өйдө болгонго жарабай, жан таштайт. Бирок, бул кандуу окуя бардык айылдардагы элдин Мамакеге болгон көз карашын кескин өзгөртөт. Ага мурункудай жакшы мамиле жасалбай, жек көрүүлөрдүн көз караштары коштоп, жанына бала жолобой, андан алыстоолор башталат. Ал эми Мамакени «музоо кезинде сүзүп», кайратын качырып коюуну ойлоп жүргөн ниети жамандарга кудай берип, чырагына май таамп, баланы баш көтөргүс кылып, жер каратып, керек болсо көзүн тазалап салууга табылгыс шылтоо жаралганына ичтеринен кымыңдашат.

Айтору, айылдарда айтылып бүткүс сөз башталат. Эки кишинин башы кошулган жерде айың күчөп, көр тирликтин түйшүгү менен катарлаш баскан кишилер деле Мамаке жөнүндө кеп таштап, өлгөн баланын куну тууралуу өз алдыларынча божомолдорду, бүтүмдөрдү чыгарышат. Ал учурда Дөрбөн «Жайсаң болуп жүрүп", элин издеп жаңы келген, Термечик ошончо бүлөөнү багуу үчүн кара жанын карч уруп, баш калкалаар үйлүү болгону менен кенен оокатка жеткидей убагы келе элек, керектөөсүнө жарагыдай мал күтө албай, каржалып тургандыктан баарысын санаа басып, чүнчүй баштаган кез. «Канга-кан» деген сокур намыс жеңип, зөөкүрлүк менен бала-бакырадан майып кылып коюшпасын деген ой да көкүрөктөн кетпей, балдарды сак-сактап, үйдөн чы-

гарышпайт. Ошентип, «ичкендери ирим, жегендери желим» дегендей, кекиртектеринен тамак өтпөй, өтсө да аш болбой, Акбагыш менен Чыйбыттын аялдары абжип болуп, эрлеринен ажырагандары аз келгенсип, касташкандардын талап-тоноп кеткендеги кордугу эстен кеткис абалда турганда, эми минтип, бул азаптын кошулганына жандары ачыйт, кирээрге жер таппай, баштарын ылдый салып, отуруп калышат. Дөрбөн менен Термечик ээрчишип, ар кимдерге барып, эпке келтирүүнүн айласын издешет.

Баары бир ал замандын мыйзам-шарты боюнча кун төлөө парз. Эрезеге жеткен эр азаматтын куну үч жүз жылкы! Бирок, адам өмүрүн кыюунун айрым себептерине карата бул кун наркын өзгөртмөй бар. Муну кун төлөөчү менен кун доолачу тараптар өз билгениндей өзгөртүүгө укугу жок. Калыстыкты кармангандай көрүнүп, бүтүм чыгармай эл бийлеген бийлер, манаптар, билермандарга таандык. Ошолордун сөзү сөз болот, кара тамандар менен кудайга үнү жеткен жетим-жесирлердин какылдап-какшаганы көпчүлүк учурларда аларга угулбай калат. Мындан тышкары кун доолаган тараптын манаптары, билермандары канчалык көп болсо, өз жагына тартпай койбойт. Башка жактан келген калыстардын да эбин таап, өзүнүн сөзүн сүйлөтөт, өз тарабына таразанын ташын оодарылтып кеткен учурлары көп. Ал эми кун төлөөчү жааттын билерман манаптары арбын жана таасирдүү болсо, алар да калыс болуучуларды оодуртуп кете алат. Мамаке кун төлөй турган ушул учурунда, анын таламын талашып, кун наркын кыскартуу үчүн аракеттене турган кимиси бар?! Жармач жашоодо эптеп күн көргөн кызыл чиедей жетимдерге ким боор ооруйт, ким ыбаа карайт? «Бир тууганбыз, эгиздин балдары экенбиз» деп, Жаманак тукумдарына баш уруп барабы? «Тууганды к түбүбүз бир, кантип эле түтпөй карап турасыңар» деп, Белек тукумдарына жалдырайбы? Айтору, алардан көргүлүктү көрүп, көңүл калып бүтпөдү беле!..

Айлакерлиги менен Жайсаң аталган Дөрбөн да, ал учурда санаасы-санга, ою-онго бөлүнгөн, күчүнө күч тең келбей турган калмак тарабынан куугунчу келип калабы деген шектенүү, божомолу менен көпчүлүккө көп аралаша элек кези. Анын качып келгенин жактырбагандар да аз эмес. Бир көзгө – бир көз жоо. Чектеш жашап, айрым учурда аралаша калып жүргөн калмактарга: «качкыныңар биякта» деп, шыбыр сөз жөнөтүүчүлөр болбосуна ким кепилдик берет? Эгерде калмакка кабар жетти дегиче, намыс үчүн да жете келип, Дөрбөндү мандем кылып кетишээри бышык. Ушундай кооптонуулардан улам, Мамаке төлөөчү кундун айласын табууга алсыз, аргасыз болуп турат. Ал эми Термечикте кандай айла бар? Ансыз да, ушунча бүлөөнү багуунун түйшүгүнөн чүнчүгөнү аз келгенсип, өз аты Шааназар айтылбай өчүп, кемсинтилип-келекеленип, өзү теңдүүлөргө тең келбей, жашы өйдөлөп, өтүп баратса да, үйлөнгөнгө чолоосу тийбейт, колдо жоктун айынан эл катары боло албай, өзүнчө эле басынып жүрөт. Кайран кыргызымда басынганды андан бетер басынтып, унчукпагандын мойнуна минип алган жоругу бар го. Эч кимге кошулбай, элге аралашпай, өз түйшүгү менен өзү болуп, жалгыздап жүргөн Шааназарды ого бетер жалгыздатышып, кепке-сөзгө кошпой, элге аралаштырбаган билермандар жана манаптар: "Эми, Мамаке төлөөчү кунду кечип бергиле» дегенин уга турган убакпы?

Кайгы менен таң атып, санаа менен күн батып, Токтогул тукумдары мүңкүрөгөндөн мүңкүрөп, «сенин азабыңдан» деп, күчүн Мамакеден чыгарышат, аны кагып-силкип, ичтен жалын, сырттан от болуп турушканында айылдардын бексингендери, билермансынгандары чогулуп, өлгөн баланын кунун чечмекке, Дөрбөн, Термечиктердин айылы делинген жаман боз үйлөрдүн жанына түшүшөт. Жесир менен жетимдер шыйрактарынын үзүлгөнүнө карабай тызылдашып, ийилип салам айтып, эпилдеп-жепилдеп учурашып, илбериңки кыймылдап, аттарын алып, болгон кичи пейилдикте-

рин көрсөтүшөт. Үйдөгү эскилиги жеткен кийиздерин сүйрөп чыгып, алдыларына калыңдап салышат. Алардын мындай кылбаска аргасы жокко. «Ушулардын арасынан бизди аяп, бизге боор тарта сүйлөгөн бирөө болоор бекен? Оо, кудайым, баланын кылган балалыгын кечирип, азыркы турганыбыз боюнча аман-эсен калтырып, дагы чабылтып-чачылтпай, жайыбызга коюшса экен? «Эрен кабыра» деген балакеттен Теңирим өзүң сактай көр! Билермандарыбыз бир элдин тукуму, бир журттун кулуну экенибизди эстеринен чыгарбас?» деген үмүттүү ойлор ар биринин башын туманданып, Жаратканга жалынтат, ата-бабанын арбагына сыйынтат, колдоочу-коргоочулардан сурантыптилентип, тызылдап чуркагандан башка кылаар айлалары калбагандай.

Бирок, кун деген кун! Кун доолачуунун сөзү да чоң, кун төлөөчүнүн тили кыска. Доолап алуучу тарап төлөмөрдүн турмуш шартына карабайт, колдон келишинче көп алгысы келет. Анткен менен ар бир замандын өзүнчө мыйзамы, ар бир элдин шарты, ар улуттун туткан динине, ички дилине карата салты болоорун эскертпедикпи, замандын мыйзамына ылайык кун үчүн мал-мүлк төлөө керек болсо, кыргыз элинин салты боюнча кундун наркын билерман бийлер чечиши кажет. Ал эми кун наркы төлөөчүнүн жашоо-тиричилигине байланыштуу өзгөртүлсө – бул шарт делинет. Абалтадан бери кыргыз элинде улуунун сөзүн урматтоо милдети бар. Мындай талаш-тартыштуу, кыйчалыш учурларда аксакалдуу карыялардын айткан ойлору кубатталып, кеп-сөздөрү мыйзам, бүтүм катары кабыл алынган учурлар арбын. Көп жашап, көптү көрүп, көптү билген карылардын айткандары ар убак аткарылып турмайы нарк.

Ошентип, кун наркын чечүү үчүн келгендер, алжыраган кара кийиздер менен жабылган, уук-керегелери ар бир жыртыгынан агарып көрүнгөн эки жаман боз үйдөн обочороoктогу, мурда конуш катары үй тигилип жүрүп, кийин бош калган түзөңгө бири-

нин жүзү бирине даана ачыкталып тургудай, тегерете орун алышкан. Омоктуу ойлор көп, айтыла турган кеп-сөз арбын. Тиктешип отургандардын ичинде кекээрлеп, басынтып сүйлөөчү кекчили да, эки жакты эпке келтирчү эпчили да бар. Жетимдер үйлөрүнөн сүйрөп чыгып, көк майсаңга жая салган жаман кийизге тизе бүккөндү мындай кой, маасысынын таманын тийгизгиси келбеген кесирлүүсү да жок эмес арасында. Кой терисинен жасалган көлдөлөңдөрдүн калыңдыгын карыш кыла, кабаттап салдырып, аркасына куш жаздыктардан катар-катар койдуртуп, далысын жөлөп коюп, бутун кенен сунганга жедеп көнүп калган, мындай ээн жерде алдынан сыз өтүп, далысы мамыкка сүйөнүлбөй, бир калыпта отура албай, ойдолоктогон манаптар да катарда.

Тизелерин тийиштирип, тегерете отургандардын аркаларында бирин-серин тизе бүккөн кишилер учурайт. Алар унчукпастар! Алдыда отурган билермандардын айткандарына сөз кыстарбастар. Сүйлөгөн сөзү суу кечпестер! Жөн эле сөз тыңшап, кун наркы кандай бааланганын угуу үчүн келгендер. Ушул отургандардан обочороокто «топ жетим» атыккан Акбагыштын алты, Чыйбыттын төрт баласы энелери менен. Алардын жанындагы караан туткандары: Дөрбөн менен Шааназар. Булардын ичинде тагдыры талкууланып аткан – «эр кундуу» болгон Мамаке далдайып турат.

Эзелтеден бирөө сүйлөсө, башкалары жыра талашпаган, сөзүнүн акырына чейин дем тартпай угушкан, оюндагысын толук айтып бүткөндөн кийин гана кийинкиси сүйлөп көнгөн калктын улуу салты болгону бар. Сүйлөп жаткан кишинин сөзүн, анын айта турган оюн бөлүү наадандык делинген. Ошол жөрөлгө боюнча ирээти менен сөз сүйлөнүп, жыйындын акырында баарысы бир чечимге, бир бүтүмгө келүүсү, ал чечим-бүтүмдүн сөзсүз түрдө аткарылуусу парз катары эсептелчү. Мынчалык эл биригип, ар кыл талаш-тартыштарды чечүүнүн өзүн «топ чогулду» деп аташкан, аны башкарууга билермандардын бирин

дайындашкан. Топто каралган иш көп учурда анын башкаруучусунун жеке көз карашына же оюуна жараша чечилгенин танууга болбос.

Ошентип, Мамаке төлөөчү кун наркынын баасын бычуучу ушул топко ирбити жүрүп, ити чөп жеп турган Белек тукумунун манаптарынын бири башчылык кылат. Ал болгон окуяны баштан аяк кеп салып келип, кун доолачу тарапка сөз берет. Алардын арасынан: «Балам аман жүрсө, кийин эрлердин бири болуп, эл коргоп, жерин сактап, жортуулга чыгып, эл багып турган баатыр болмок» деген жүйөөнү бетине кармап, баланын атасы ыйлаганга кирет. Аны коштой: «Кой, көз жашыңды токтот, кайрат кыл!» сыяктуу жооткотуучу сөздөр айтылат. Бир аз тынчый түшкөндө, андан ары кеп-сөздөр кайра уланат. Мындай жерде керектүүсү да, керексизи да, ачуу-таттуусу да айтылаары бышык. Күнөөлүү тарап, каяша айтып, каш серпип, баш көтөрмөгү кайдан. Билермандар бакылдап, башкара сөз сүйлөйт, башкалары үн катпайт. Карыялар ушуга окшош небакта болуп өткөн окуялар тууралуу кеп салышат. Ал жөнжөндөн эмес, кун наркы жөнүндө, ошондо ким эмне дегени тууралуу да сөз козгошот.

Кудайга шүгүрчүлүк, кун наркын чечүүгө келгендердин ичинде жетимдер менен жесирлерге боор тартуучулар, алардын таламын талашуучулар да жок эмес экен. Мындагы тегерете отургандардын ичиндеги бир карыя:

– Арабыздан бир чымчык учуптур. Бул да болсо Жараткандын буйругунан. «Чырпыгы сынса да, чынары аман болсун» деген элибиздин касиеттүү сөзү бар. Чынар көктөйт, ар жылы бүчүр байлап, андан бутактап, чырпык чыгат. Өзүң али жаш экенсиң-деп, өлгөн баланын атасына кайрылып: - Жараткан буйруп койсо, эмки жылы эле алмончоктой баланын атасы болооруң бышык. Ооба, балаң үчүн күйүп турасың. Мындайда маңдайга жазганга моюн сунуп, кайраттуулук кылган жакшы. Ушундан да башкача,

мындан да кыйын абалга кабылып, өтө жаман апатка туш болсоң да чыдамаксың, айланайын. Ошондуктан тобо дегениң түзүк!

Эми, бул жерде кун наркын бычабыз деп отурган туугандар, жакшылап ойлонуп, акылга салып калчап, кундун наркын камчыга салып ченегиле. Өлгөн бала да, аны өлтүргөн Мамаке да балагатка жете элек өспүрүмдөр экенин эстегиле! Атайылап жоолашып, кектешип жатып өлтүргөн жок, чогуу ойноп, бирге басып, чүкө атышып жүрүп, оюндан от чыгып, бала мерт болгон экен. Кудайдын кудурети менен ажалы ошол учурга туш келген, анысына Мамаке балабыз себепчи болгондугун угуп отурасыңар. «Кун деген ушундай болот» деп, салтка, шартка карабай эрдин кунун доолап, «кичинекей бала үчүн эрдин кунуна тууралалганган доо коюптур» дешип, кийинкилерге кепке калбагыла. Узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына ылакап болбойлу, жети өлчөп, бир кескиле. Мамакенин атасы жок жетим калганын, энеси жесир жүргөнүн эсиңерден чыгарбагыла!-дейт.

Ошондо чогулгандарды башкарып, бийдин ордун ээлеп, казы-бийлер жокто чоң сүйлөп, «өрдөк жокто, чулдук бий» болуп отурган билерман:

– Сөздүн башын орундуу таштап, аягына чыкпай калганыңыз эмнеңиз!-дейт, карыянын кебин жактырбагандай.

– Оо, балам!-дейт, карыя билерманды тике карап: -Акылдуу киши сөздүн башын укканында, анын аягы кандай ой менен бүтөөрүн боолголойт! Турмуштун өйдө-ылдыйын көргөн, элдин салт-санаасын, ой-мүдөөсүн жакшы билген адам – бардык нерсени айттырбай билет.

– Ошентсе да: «чечим мындай болсун» деп, так кесээр, таамай айтыңыз! Айтканыңыз биз ойлогонго төп келип калса, сиздин сөздү колдоп коёрбуз!-дейт, билерман кыйгачтай.

– Менин оюм менен силердин оюңар бирдей чыкпайт! Силер ансыз да сызда отурган жесир менен же-

тимдерди биротоло музга отургузуп, «алардан көбүрөөк кун өндүрсөк» деп, отурасыңар! Мен: «ойноп жатып өлгөн балага кун бычылбайт! Атайылап өлтүрбөгөндөн кийин, Мамаке балага кун төлөтүүгө элдин салты жол бербейт» демекмин!-дептир карыя сакалын силкилдетип. Анан оюңдагыны айт дедиң, айттым! Эми, тилимди кесип алганыңдан да коркпоймун дегендей таризде, билерманды оңурая карайт.

Карыянын мындай сөздөрүн угаары менен отургандар ортосу уу-дуу түшүп, бир чайпалып алат. Бири туура десе, бири жактырбайт. Өлгөн баланын атасы баштаган тарап: «ошондой кантип болсун» дешет. Бир гана билерман нес болгондой мелтиреп, карыяны тиктейт. Анын мындай тиктешинен карыя жалтанбайт. Нуру качкан көздөрүн билерманга кадап, дагы бир нерселерди айтуучудай абалда турганынан улам, билерман сөздү башка нукка буруууну көздөйт.

– Чуулдабай, менин сөзүмдү уккула!

Билермандын ушинтип буйрук бере сүйлөгөнүнөн кийин дуулдаган эл тынчтанып, баарысы анын оозун карап, айтчу сөзүн күтүшөт. Буга чейин далай сөздөр айтылып, отургандардын теңинен көбү оюндагысын айтышкан. Эрте шашкеде чогулган эл түш оой, бешим болгучакты нечен кеп-сөздү айтпай, кантип тымпыйып отурушмак эле?!

– Эртеден бери бириң баланын кунун кечирели дедиң! Бириң арабыздан айдатып, бул жерден кетирели дедиң! Мени башчы кылып, мага бийликти бергениңерден кийин, мен айтканга баарың макул болосуңар-деп, билерман үнүн бийик чыгара, бакылдаган билерман өзүн чеченсинтип, бир азга аркы-беркини айтып келип:

– Баланын куну үч тогуз! Өлтүргөн баланын айыбы – бир тогуз! Мындан тышкары тентектиги үчүн жүз балак урулсун! Менин чечимим ушундай. Эми, баланы өлтүргөн Мамакенин жетимдигине карап, жүз балак жазасы бир тогуз менен алмаштырылсын! Ошондо, баары беш тогуз мал менен Мамакенин башы

куткарылсын! Бул айтылган беш тогуз мал бир айдын ичинде төлөнсүн. Бир айда төлөнүп бүтпөсө, Мамаке бир туугандары менен Эрен кабыра тарапка жер оодарып, айдатылсын деген бүтүм чыгарылсын!-деп, өз чечимине маашырланган билерман отургандарды кыдырата карайт. Ичинен: «Буга баарың макул болбоско арганар жок! Менден кыйынмын деп, менин сөзүмдү эки кылганга кана киминдин кудуретиң жетет?!» дегендей түрдө, отургандарды оңурая караган билермандын оозун баарысы жалдырай караганы менен, бири да үн катып, сөз сүйлөй албайт.

Ошентип, беш тогуз айыпка жыгылган жетимдер жер тиктеп отуруп калат. Ошондон баштап кайрадан санаа менен таң атып, санаа менен күн батат. Барган сайын кайгы-капа көбөйөт. Топ чогулуп, кун наркын чечкенден бир апта өтө электе, өлгөн баланын атасы келет: «Берессе болгон үч тогуз малды бергиле» деп. Баягы билерман жигиттерин жиберет: «Баланын тентектиги үчүн айыбына жүз балактын ордуна төлөөчү бир тогузу менен кошо, эки тогузду таап берсин» дегенди айттырып. Бул доочулардын айласын табуу кыйындай баштайт. Доо доолачуу кишинин дооматы да чоң! Береселүү кишини бүжүрөтүп, коркутуунун өзү да чоңдук!

Кыйналган күндөрдүн биринде Дөрбөн менен Термечик Акбагыш, Чыйбыттын жетимдери менен чогуу олтуруп, жашап турган жеринен алыска качып кетүү жөнүндөгү мурунтан ойлонулуп жүргөн ойлорун ортого салышат:

– Биз азыр айланабыздагылардын баарысынан алыспыз. Бизди улам басынтып, ирдентпей-тирдентпей, малайлыкка жумшап, кийин башка жактарга кул кылып жиберүүнү көздөгөндөр көп. Чогуу ойноп жүрүп өлгөн балага кун төлөтүү салтта жок эле. Ага карабай, биздин колубузда жок экенин көрүп туруп, атайылап беш тогуз айып салып, бизди кыйнап жатышкандары бекеринен эмес. Беш тогузду төлөгөнгө биздин кудуретибиздин жетпестигин жакшы билишет. Ошону шылтоо-

лоп, бизди бул жерден кетирип, душмандардын колуна салып берип, кайрылгыс кул кылууну көксөгөндөрдү көрдүк. Туш-туштан кирип, бөрүдөй жарып, чөөдөй талап кетүүдөн кайра тартпагандар чыкты арабыздан. Канчалык тууганбыз дегенибиз менен, алар бизге жакшылык кылаарынан күмөнбүз.

Балдарыбыз чоңоюп, өз колдорунан өз ооздоруна аш тийип, каруу күчкө толуп, эр жетип, эл ишине жарап, тууганга калканыч болуп, душманга дакаат берээр учур келгиче бул жерден алыс кетип, жакшылык-жамандыгыбызда бирге турганыбыз дурус. «Көрүнгөн тоонун алысы жок» дегендей, балдар эрезеге жетээр, Токтогул тукумдарынын тобу бузулбай, ынтымакта болушса, азыркы шартка карабай салтты бузган, бекер эле беш тогуз айып салып, аны күндө доолап тургандар жаныбызга жакындай албай калган күндү күтөлү. Бирок, ошого чейин алыска кетип, балдарды сактап калганыбыз оң-дейт, Дөрбөн акыл салып.

Жесирлер унчкпайт, жетимдер дымырайт. Мурунтан ойлоп, ичинен бышырып жүргөн Термечик бул сөздү, бул акылды кубаттайт. Ушундан кийин тымызын даярданып жүрүшүп, ылайыгы келген күнү ата конушунан көчө качышат.

«Жер жаманы болбойт» деген элибиз. Жерди чанган адамдын өзү жаман. Нечен кыйын күндөргө кабылып, нечен күчтүүлөрдөн чабылып, куюн тийген самандай сапырыла, азып-тозуп жүрүп, кийин мекендеп калган кыргыздын Алатоосунун ар укуму менен чөлкөмү жашап кеткенге ылайыктуу жана ыңгайлуу. Боор эти менен тең баалап, азабын да тартып, асылын да көрүп, жүнү менен терисин кийим кылып, эти менен сүтүн азык кылып, кенен ичип-жеп жүргөн төрт түлүк малын баканга да жайлуу. Андыктан ар бир бурчуна барып, жашоосун улаган адам өнүкпөй койбойт.

Белек менен Жаманактын тукумдарынан алыстап кетүүнү шерт кылган Дөрбөн менен Термечик жесирлер менен жетимдерин ээрчитип, Көл айланасынан чыга, Нарын дайрасынын бойлорун көздөй жөнөшөт.

Ал учурда эл аз болгондуктан го, ээн жерлер көп болгон. Тоңдун Эки Жаргылчагынан кача көчкөн Токтогул тукумдары Каракаман, Сарыбелдерди ашып түшүп, Кичи Нарындын капчыгайы менен келип, Эки Нарындын куюшунан ылдыйкы күңгөй тарабынан Он арчанын суусуна чейинки аралыктарды ээлеп, айдың талааларга эгин айдап, өзөндөргө мал багып, тынч жашаганды максат кылган. Башы балапан кезде кыйынчылыкты көрүп калган балдарды эрезеге жеткирип, атанын атын өчүрбөй, тукумун улап, журт кураганды көздөгөнү ырас.

«Кун доолачуулар артыбыздан кубалай келишсе, аларга да бир жооп табаарбыз. Ойноп жүрүп өлгөн бала үчүн беш тогуз мал айып кун төлөнсүн деп, шартыбызга карабай, салтты бузуп, бүтүм чыгарышты, бизди аздырып-тоздурушту деген даттануу менен чоң казы-бийлерге бараарбыз. Башка уруулардын билермандарын, кара кылды как жарган калыстарын, акылгөй карыларын кеңешке чакыраарбыз. Ошентип, жетим менен жесирге зомбулук көрсөткөн туугандарыбыздын жосунсуз жоруктарын, салтты бузган аксымдыктарын жалпы элге ашкерелейбиз» деген ойго келишип, аз убакыт болсо да сары санаадан, келекелеп-кемсинткен доочулардан алыстап, тынч жашоо үчүн болгон күч-аракетин башташат.

* * *

Арадан ай айланат, билинип-билинбей кыйла мезгилдер өтөт. Жылдар тогошот. "Келелеген" доочу жок, кекете турган жоосу жок, Токтогул тукумдары биргелешип иш кылып, бирине-бири баш ийип, аз жылдын ичинде эле ирденип-тирденип, кенен ашка, бүтүн кийимге жетип, көзгө көрүнө баштайт. Канатташ-жамаатташ турган Моңолдор, Сарбагыш элдери менен алакалары улам жакшырып, бир туугандардай мамилелешип, жакшылык-жамандыктарда чогуу болушат. Алыш-катыштары күчөйт. Иши илгерилей баштаганда баягы калыбына келет, үйүрлөгөн жыл-

кы, короологон кой күтөт. Акбагыш менен Чыйбыттын аялдары «жесир» делинбей, байбиче аталып, жетимдер эр азамат атка конот. Ошондон кийин ушул кезге чейин оор турмуштун азабынан бой жүргөн Термечик үйлөнүп, өз алдынча үй-жай күтөт. Ага удаалаш эле Акбагыштын алты уулу биринен сала бири бой тирейт. Дөрбөн менен Чыйбыттын балдарынын да колдорунан оозуна аш тийер учуру алыс эмес экендиги көзгө урунат. Ошентип, балдар эр жеткен сайын жакшылык улам жылоолоп, турмуштары оңолуунун гана үстүндө болот.

Ал учурда Көлдө жашап турушкан Белек тукумдары менен Жаманак тукумдарынын да мамилелери мурункудай болбой, аралары алыстайт. Токтогул тукумдары кача көчүп кеткенден кийин аз жылдар аралыгында Жаманактын көзү өтүп, анын балдары тиреген тирегинен ажыраганы билинип, Белек тукумдарынан алар да кысым көрө башташат. Жылдан жылга Жаманактын көзү барындагыдай болбойт, топко кошулбай, кепке аралашпайт алар. Алыш-катышы азайып, сый-урматтан кемийт. Барган сайын туш-туштан ачыктан-ачык кысым көрсөтүшүп, көз көрүнөө жайлоо-кыштоолорун ээлеп алган учурлар менен жайыттарын тартып алган кездер кайталана берет. Барабара ирдүүрөөк малдарына, айрыкча жорго, күлүктөрүнө көз артканы аз келгендей, өздөрүн кодулап, эски жараны чукуй башташат. Бир далай жыл мурун калмактар чаап кеткен Белектин жылкыларын кайрып алып келүүгө Жаманак тукумдарынан бири да барбай калгандыгын бир айтып, бир койбойт: «Бир эл болуп тургандан кийин бирге барып келген эмессиңер» деген шылтоону бетке кармашып, күндөн күнгө кыйыктоолорун күчөтүшөт. Мындайда оозуна алы жетпеген акмактар, эч кимге ээ бербеген тентектер төө оттогондой сүйлөп, эшек бакыргандай эсирээри белгилүү эмеспи. Бай-манаптардын жаман сөздөрүнөн да, алардын кул-күңдөрүнүн айткандары – акыры Жаманак тукумдарынын жанына батат.

– Эгизиңердин тукумдарын кодулап, теңин барсакелбеске кетирип, теңин аздырып-тоздуруп жоготтуңар эле! Эми силер кимге жакшылык кылмак элеңер!-деген сыяктуу ачуу сөздөрдөн, ар кандай келекелеген кептерден улам кер-мур айтышып, бала-бакырадан чыр чыгып кетиш ыктымалы арбыйт. Күн өткөн сайын кооптуулук күчөп, сөөктөн ары чучукка жеткен мыскыл менен шылдыңга, билмексен, кыяр кылынган кылыктарга, жосунсуз жасалган жоруктарга чыдоо кыйындайт. Ушундай учурда Белек тукумдары менен кармаш чыгып кетсе, аларга тең боло албастыгын, атүгүл алар эптеп эле бир болбогон нерседен кыйкым таап, чыр чыгарууну күтүп турушкандыктарын баарысы сезип-туюп, алардын аракеттерин алаканга салгандай көрүп-биле башташат. Көлдү бийлеп турган бийлигине, элинин арбындыгына салып, Белектин аларды оң таптырбастыгы бышык. Андыктан аргасы түгөнүп, амалы кеткенде чабылып-чачылбай, баш эсен, боор бүтүн бойдон Токтогул тукумдарынын аркасынан жер которуп, алыстап кетүүнү ойлошуп, акырындык менен ич ара кеңешет. Нарындын башына мурун жетип, орун-очок алып, тың оокатын кылып жаткан Токтогул тукумдарынан жер суратуу үчүн атайын киши жиберишет. Жөнөтүлгөн киши Белек тукумдарынан жашырынып келет.

Токтогул тукумдары келген кишини жылуу кабыл алат, анда эмне күнөө, кайра ызааттап сыйлап, урматтап коноктошот. Келген максатын кунт коюп угат да, Жаманак тукумдарынын учурдагы абалынан толук кабар алат. Акыры ары кетишип, бери кетишип, бир чечимге, бир бүтүмгө токтошот:

– Баарыбыз Кан Мортуктун тукумубуз! Түбүбүз бир тууган, уруу-тегибиз бир болгондуктан түтпөйт экенбиз! Бул жактагы жер боору кенен, бардык элди батырып жатат. Баарыбызды бага алат. Көчүп келгидей болсоңор, анда келгиле, биз каршы эмеспиз. Канаатташ-жамаатташ чогуу жашайлы. Көп кордук көрдүк, көп кемсиндик. Бирок, өткөн-кеткен иштер-

ди унуталы! Жаман, арам ойлорубузду сууга салалы! Мындан ары ынтымак-ырашкердикти сактап, бир атанын балдарыбыз деп, бир жерди турук кылып, биримдикте бололу!-деген жоопту жакшы берип, келген кишини узатышат. Ушул сүйлөшүүдөн кийин жыл айланбай Жаманак тукумдарынын көчү келгенинде, Он -Арча суусунун чыгыш тарабын Токтогулдун балдары лам дебей, бошотуп беришет.

Ал мезгилдерде ички чыр-чатактардын, өз ара кармашуулардын кесепетинен көптөгөн уруулар бөлүнүп-жарылып, жатындаш бир туугандар алысташып, бузуку-чагымчылар менен шыкакчылардын кыянаттыгынан бирине-бири касташууларынан улам көп запкы көргөн элибиз Ата-Журттун аймагына, Алатоонун үстүнө кара булут айланганда – өткөн окуялар тууралуу кектешпей, бардык учурда биримдикти туу тутканы, өз эли-жерин тышкы душмандардан коргоого тынымсыз аракеттенип турушканы өзүнчө даңазага татыйт. Ал үчүн ар бир эркек, эр азамат жоопкерчилик менен жоокерчиликке умтулуп, жоо-жарагын камдап: «Эл четине жоо келсе, эр жигит үйдө жатчубу?!» деп ураан таштап, тыштан душман келсе, ички чыр-чатактар заматта унутулган, бардык кыргыз аттуу чогулган. Колдун беш манжасы жумулгандай, бир муштумга биригип, катуу сокку берүүгө даярданышкан. Мындай эрдиктер тууралуу тарыхтарда так жазылып, санжыраларда санаты айтылып жүрөт.

Бала кезинен кыйынчылыктарга кабылып, көп запкы көрсө да, Мамакенин мизи майтарылбай, кашына кир жукпай, кулагына сөз кирбей, тентектиги бешбетер көбөйүп өсөт. Улам чоңойгон сайын өткүрлүгү артып, көктүгү күчөп, беттегенинен кайра тартпаган адаты калбайт. Балакат жашынан оогон кезинде аш-тойлордогу бала күрөштөрдө ага теңдеше турган бала чыкпай калат. Ошол кезинен эле ат тандап минип, жоо-жарак камдап, балбан күрөш, эр сайыш, эр оодарыштарга кызыгып, ойносо да «жоо чабыш, жортуулга чыгыш» деп ойногонун улантат.

Жашы он алтыга жете электе чоң кишилер менен күрөшкө түшүп, «бала балбан» атыгат. Боз улан кезинен өткөндө олбурлуу десе олбурлуу, карылуу десе карылуу абалында жигиттик куракка жетип, оттон-суудан кайра тартпаган көйкашканын бирине айланат. Улам убакыт учкан сайын күчүнө күч, келбетине келбет кошулуп, опол тоодой Мамакени көргөндөр «адамдын дөөсү» дегидей болот. Булчуңдары буркуйган тарамыштай көгөрөт. Көгүлжүм көлдүн элесин берген көгүлтүр көздөрү чөйчөктөй нары кирип, кабак-кашы кудум салаңдаган жардай, эки бетинин чүкөсү бери бөлүнө чыккан, урчугуй жаактары кере карыштан ашып, ээги жайык. Мурду коңкогой тартып, барбагай таноолору кенен дердейген, өңү карасур, каракаш, кыскасы башкаларга салыштырмалуу өзгөчө бир алыбеттүү адам сыңарында, тим эле залкаят. Тестиер баланын кулачы араң жеткидей далылары менен кыр аркасына ашталган моюну дулдуюп жоон. Эки колун ылдый коё берсе, тизесине жеткидей узун. Ошол кезинен эле баатырдык менен балбандыктын сыны кире баштап, айрымдар адамдан артык жаралганына таңдана карашат.

Жаш адамдын жашы өйдөлөгөн сайын эти толуп, турпат-келбети чыңалып-чатырап, күчүнө күч кошулганы көзгө түшөт. Түфү, түфү, кудайым өзү сактап, көз тийбесин, сымбаты сыртына чыгып, ык-жөндөмү, эс-акылы артып, жакшылык менен жамандыкты ажырата билүүсү менен алдыга умтулуусу күчөйт экен. Мамаке да ошол учурга келип, күчүнө күч кошулуп, денеси жазылып, бою узарып, кайраты арта баштаган кези. Айбаттуу болуш үчүн дагы бир касиет – качыргандан кайра тартпаган кайрат керек. Адамды баатыр кылган анын айбаты менен кайраты! Ал эми айбат менен кайратка жөндөмдүүлүк, өжөрдүк, куч-кубат кошулуп, төгөрөгү төп келгенде, теңдеши жок алп болуп чыгаары чындыр. Мамаке жигит курагына келгенде баатырдын бардык касиеттерине ээлик кылып, жөндөмү, ыкчылдыгы артып,

шыктануусу кычаган. Өзүнүн түспөлүнө жараша үнү да күрүлдөйт. Кыйкырганы күн күркүрөгөндөн да бийик чыгат, мурун айылдын аяк-быягына угулса, азыр өзөндүн башынан кыйкырса, аягындагы кишиге даана, жазбай угулуп, жанында турган адамдын кулагы жарылчудай болот.

Баралына келип, баатырдык сынга татыган Мамаке өзүнүн тутамына баткан суу талды сыга кармаганда салааларынан суу тамчылап, талдын өзү ичкерип, капырай, кургатылып жанчылган тарамыштай бириндейт. Жабагынын шыйрагынчалык жоондуктагы өсүп турган талды басып бара жатып, колун орой кармап, тамыры менен буйдалбай жулуп кетет. Ашыкча алп, артыкча зор болгон Мамаке бекеринен «адамдын дөөсү» атыкпайт ага-тууган ичинде. Аш-тойлордо аны менен күрөшөөр балбан табылбай, байгесин берип кутулгандар четинен чыга баштайт. Мындай мамилеге Мамаке алымсынбайт, кыялында өзү теңдүүлөр менен кармашууну эңсейт.

Балбандыктан баатырдыкка көбүрөөк ыктаган Мамаке өзүнүн келбетине, жөндөмүнө ылайык куралдарды тандай баштаган. Башка баатырлардыкындай узун кылыч, узун саптуу найза албастан, кыска кылыч алат. Жоон саптуу, бирок кыска найзаны өзүнө ыңгайлайт. Ичке саптуу, узун найза сайыш учурунда бат сынып калган учурлар көп кездешкен. Ал эми Мамаке жоон саптуу кыска найза менен беттешке чыккандын узун найзасын денесине жеткирбей илип ыргытып же сындыра чаап, жанаша келген кезде ыкчамдык кылып, мерчемдүү, талуу жерге сайып өткөнгө өзүн чебер машыктырат. Бул ыкмасын билгендер Мамаке менен беттешүү – түз эле өлүмдү көздөй баргандык, алаканды жайып, аман калуу үчүн аракеттенбей койсо деле болот, эртеңки жашоосунан үмүт этпей, ажалга тике бара берген менен бирдей деп эсептешет. Анын бел куруна тыкан илинип коюлган, кыны жок кыска кылычы өзүнө өтө жарашат. Аны алып жүрүүгө жана колдонууга колунун узундугу көп жөлөк.

Мезгилдин өтүшү менен бирге балалыктан алыстап, баатыр атыгып, жер сактап, журт коргогонго жарап, алыс-жакын элге аты дайын боло баштаган Мамакени бала кезинде чочутуп, жалкытып коюуну, атүгүл көзүн тазалоону көздөгөндөр, ойноп атып өлгөн бала үчүн кун бычып, башын кулчулукка байлагысы келгендер – эми, жанына жакын жолой албай калган чак. Бирок, Мамаке ал тууралуу ойлонуп да койбойт. Ал адамдарды кектебейт деле. Кайра алар менен мамилелешип, Көлдөгү Белек тукумдары менен да алака түзгөнгө аракетке өткөн. Айтору, анын айкөлдүктү ыйык туткандыгы – адамгерчилигинин эң бийик сапатынын бири. Ошондуктан го, ата-бабаларыбыз айкөлдүк менен кең пейилдикти, кечиримдүүлүк менен жоомарттыкты жогору баалап келишкени бекеринен эмес.

Белек менен Жаманактын чабылып кеткен жылкыларын ажыратып келүү үчүн калмак тарабына барып, катуу кармашта жарадар болуп, кайра келе жаткан жолдо, тактап айтканда, Муз-Арт дегендин белинде каза болгон Акбагыштан алты уул калат. Токтогулдун кичи аялы Шакан эне төрөгөн төрт уулунун эң улуусу ушул Акбагыш болгондуктан, анын балдары Дөрбөн менен Чыйбыттын балдарынан мурда төрөлгөндүк кылып, эрте жетилишет. Ал учурдун салты боюнча эркектер эрте үйлөнүшкөн. Ошол салт боюнча Акбагыштын алты уулу эрте үйлөнүп, үй-жай күтүшөт. Көл тарабынан кача көчүп келишкенден кийин эгин айдап, дан камдап, аны малга айырбаштап, малды багып өстүрүшүп, бирге бирди кошуп, кара жандарын карч уруп, карууларын казык, баштарын токмок кылып жүрүп, кенен ашка, бүтүн кийимге жетишкен Токтогул тукумдарынын балдары өз учурларында үй-бүлөө күтүп, кыздары турмушка чыгып, баштарына баш кошулган, очор-бачар боло башкалар сыяктуу эле той-топурларды өткөргөнгө белсенип турушат.

Акбагыштын алты уулунун экинчиси Үркүнчү үч уулдуу болот. Алар: Бердике, Шопок, Божокой. Бул

үч бир туугандын өң-түспөлдөрү бири-бирине коёндой окшош болгону менен алардын мүнөздөрү тетирисинен ар башка чыккан. Эне байкуш баланы төрөйт, торолтот. Бирок, баласынын мүнөзүн, кыял-жоругун, момундугун-баатырлыгын, мээримдүү-мерестигин кошо төрөбөйт. “Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет, карындагы баланын кан болоорун ким билет?” дегендей наристенин эр жеткенинде ким болуп чыгаарын алдын ала болжош кыйын. Бала бешиктен бошоп, там-туң басып, тили чыгып, айткан сөзгө түшүнө баштаганында гана айрым мүнөздөрү билинет. Ошол кезинде атасы абайлап, сынай баштайт. “Балага атадан өткөн сынчы жок” дейт элде. Адегенде баланын кылык-жоругунан улам, анын кулк-мүнөзүн атасы байкап, ошондон ой жүгүртүп, башкаларга салыштырып, келечегинде кандай адам болоорун боолголойт. Үркүнчү өзүнүн үч уулун алдыртан байкап: «Кимиси эмнеге жөндөмдүү, кыял-жоругу кандай, эмнени каалайт, эмнелерге кызыгат» деп, тымызын көз салат. Улуусу Бердикенин ичи тар, өзүмчүлдүгү бар. Анысы балдар менен ойногонунда да, үйдө тамак-аш ичип отурганында да даана билинип, көзгө комсоо урунат. Эң кенжеси Божокой абдан көңүлчөөк, ыкка бат көнгөн ишенчээк. Ал экөөнөн айырмаланып, ортончу уулу Шопоктун эрки бекем. Чоң кишилер жасаган иштерге аралашкысы келип, жаштайынан аракетчил, абдан тырышчаак. Ар нерсеге колу жөндөм. Көпчүлүк учурларда колундагы нерселерди жоокерлердин куралдарына салыштырат, окшоштугуна жараша: кылыч-найза же чокмор дейт. Ойносо да «эр сайыш, жоо чабыш» деп, баатырлардын аттарын атамай адаты бар. Ошондон улам Үркүнчү ушул ортончу уулуна ыраазы болот, ичинен кымылдап, үмүтүн Шопогуна артат. Ата табияты ушундай –баласынын жаман болуусун каалабайт. Жаман бала атаны жер каратат. Жакшы бала атасын көкөлөтөт. Андыктан ата ар дайым баласынын жакшы болуусун самайт.

Улам мезгилдин өтүшү менен балдар чоңоюп, акыл-эс кирип, кепке-сөзгө түшүнүгү артып, жөндөмү өркүндөгөн сайын, алардын кулк-мүнөзү ачыкка чыга баштайт. Ошол кездеринен эле атасы балдарынын ары биримдиктүү, ары ынтымактуу болуусу үчүн аракеттенип, улуусу Бердикенин терс кыялдарын оңдоого кам көрөт. Бирок, анын мүнөзү оң жагына оңолбостон, ордунда кала бергенине ичинен кыжаалаттанат.

Чоңойгон сайын жөндөмдүүлүгү, ар нерсеге ыкчылдыгы, шайдооттугу менен шамдагайлыгы артылган Шопок – улуу кишилер жасачу иштерге эрте аралашат. Жоокер болууга далалаттанып, ат тандап минет, курал кармаганды үйрөнөт. Андан тышкары кыраакылыгы артып, баамчыл, байкагычтыгы артылат. Ал заман ар кандай чапкынчылыктын учуру болгондуктан, жоого аттангандар, жортуулга чыккандар айыл ичинде, алыс-жакын элдерде арбын кездешкендиктен Шопок ошолорду көрүп өсөт, алардан таасирленет. Жылкы чаап келип, олжо-буйлага туйтунгандарды, чабылып калып каңырыгы түтөгөндөрдү да өз көзү менен көрөт. Кийин боз улан кезинен өтүп калганында, ар нерселерге абай салып, байкай жүрүп, ойлонуп иш кылган, аярлап сүйлөгөн кылдат адам болуп чыга келет. Ай айланган сайын кадимки аты чыккан баатырлардай айбаттуу, качырганынан кайра тартпаган кайраттуу, беттегенин бербеген бекем эрктүү, шамдагай кыймылдуу шайдоот, элдин иши дегенде жанын таштап киришкен ак пейилдүү, кыйынчылыкты кылчалык көрбөгөн чымыр денелүү келишкен жигит болот. Ал убакта жакын тууган агасы Мамакенин ысымы көп жерге угулуп, даңкы чыккан учур. Анын эр сайыштарга түшкөндөгү ыкмаларын жакшылап байкап, кайсыл мезгилде кандай кыймылдап, кандай аракеттениш керектигин эсине сактайт.

Боз улан кезден өтүп, бойго жеткен маалында толмочунан келген, орто бойлуу, көздөрү бакырайган, кызгылт жүздүү, жоон моюн, жоон билек Шопок өзү теңдүүлөрдүн ичинде эр-азаматтын алды болот. Бой

тарткандан баштап Мамакеге ыктап, анын балбандыгына, баатырлыгына кызыгат. Мамакеге караганда Шопок көп кыйынчылыктарды, ар кандай жаман жоруктарды башынан кечирбей, жакшылыкта жашап, жаманчылыкка кабылбай өссө да, негедир сүйүнгөндүн кубанычына ортоктош, зарлагандын зарын уга билген, аны түшүнүп, адамдарга жардамдаш болууну адат күткөн.

Акбагыштын алты уулунун бири Орус. Жетимчиликке кабылып, каат турмушту башынан кечиргендиктен, бул дагы көр тирликтин түйшүгүнө эрте аралашат. Башка бир туугандарына салыштырганда көп өнөргө эгедерлик кылат. Аны куш таптаган мүнүшкөрлүгү, ат таптаган саяпкерлиги, колунан көөрү төгүлгөн зергерлиги, жыгачтан оюп, алтынга бааланган буюмдарды жасаган усталыгы тааныта да, мындан тышкары сөзгө чечендиги, «кара кылды как жарган» калыстыгы менен элге алынат. Күтүрөтүп айдаган малы, түтөгөн дүнүйөсү жок, бирок, өзүнө кенен жетээрлик мал-мүлкү, эң башкысы өнөрү менен даңкталган дубанды дүңгүрөткөн атагы бар. Токтогул тукумдарына да башка урук-урууларлардагыдай бир билерман бий керек болгон кезде, алар Орусту бий деп аташат. Ошондон кийин ар кандай ыңгайга жараша жасала турган иштерди Орус бий менен кеңешип туруу адатка айланат.

Ар түркүн өнөрлүү Орус бий алтын-күмүш эритип, кыз-келиндердин шакек-мончокторун, жыгачтын тунуктарынан тандап алып аяк, кашык, табак, чараларды, булар эле дейсиңби, зарыл болгон керектүү үй буюмдарын жасайт. Алгыр куштарды таптап, аң уулап чыгат. Ат таптап, аламан байгеге кошот. Кыскасы, тыным албайт. Зергерлик менен алектенип отуруп, көзү талып, чарчаганда, бир жолу таптаган бүркүтүн томоголоп, колуна кондуруп алып, аң уулап, көңүл сергитип келүүнү көздөп, айылынан алыстап кетет. Мезгил күзгө тартып калгандыктанбы, айлананын жазгы, жайкы жашыл ыраң келбети кеткен, жайкал-

ган көк майсаң бозомтук тартып, талаалар саргара баштаган кез. Кечке бүркүт салып, каз-өрдөктөн канжыгасына кабелтең байланып, кайра тартып келе жатып, Мамакелердин айылын көздөй бурулат. Түз бастырып, тике тиреп, Мамакеникине келип түшөт. Абалтадан берки адат боюнча ат алынып, эшик ачылып, таазим менен үйгө киргизилет. Аземделип жасалгаланган алты канат ак боз үйдүн төрүнөн орун берип, өзү эр жак капшытта отурган Мамаке экөө алжай сурашып, туугандарча кеп куруп, бир аз кобурашканча алдыга дасторкон жайылып, тамак-аш коюлат. Булардын үстүнө Мамакенин бир туугандары, коңшу-колоңдору кошо келип, үйдүн ичинде кобур-собур үндөр көбөйөт. Өткөн-кеткендер тууралуу узун сабак сөздөр башталат. Андан ары уланып отуруп, Мамакенин балбандыгы жөнүндө сөз козголот. Мамаке да угуп тургандарга атактуу балбандар менен кармашкандарын, алардын кайсынысын кантип жыкканын баяндап отурат. Ошондо Орус бий:

– Мамаке баатыр, баатырдыгына да, балбандыгыңа да дабаа жок. Күрөшкөн балбандарды жыкпай калганыңды көрбөдүк. Кармашкан жоодон, беттешкен жоокерден жеңилгениңди укпадык. Тутамыңа толгон талдын суусун сыга кармаганың, билектей талды басып бара жатып, тамыры менен жулуп кеткениңде буйдалбаганың жалпыга маалым. Бул сенин жеке кайратың менен күчүң. Эми, көргөн-билгендер, кийинки урпактарга аңыз болуп калгыдай башка өнөрүң болсо көрсөтпөйсүңбү? Өткөндөрдү биз кеп кылгандай, кийинкилер да сен тууралуу сөз кыла жүрүшсүн-деп калат.

«Баатыр буга кандай жооп берээр экен» дегенсишип, отургандар Мамакенин оозун карап, дымырашат. Тынымга жымжырттык өкүм сүрөт. Чөйчөктөй болуп, нары кирип турган көгүлтүр көздөрүн ал бир азга күлүңдөтүп:

– Тээ төмөндө, Нарын суусунун жээгиндеги калың төө куйруктуу булуңда балдар ойноп тиккен алачык-

тай болгон кара таш турат. Эртең шашкеде ошол таштын жанына келгиле. Мен аны көтөрүп, кунан жашындагы буканын үстүнөн алыс таштаймын! Ошондо силерге дагы бир аңыз кеп башталат-дейт.

Саамга дымырап отургандар бир түйшөлүп, бири «баракелде» десе, бири таңданганын жашыра албайт, аялдарга айла жоктур, алар аста-акырын шыпшынышат. Ошону менен сөз бүтүп, канжыгаларына байланган каз-өрдөктөрүн Мамакеникине таштап, Орус бий аттанып кетет. Мамакенин эртеси таш көтөрүп, өнөр көрсөтөөрү тууралуу сөз ошол жерде эле калып калбай, Нарын суусунун күңгөйүндөгү эле эмес, тескейиндеги элге да тез жетип, эртеси улуу шашкеде эл казганактап, аял-эркек дебей, айтылган кара таштын жанына жыйналат.

Жайкысын жайлоого барганда тестиер балдар, айрыкча кыз балдар боз үйдүн жанына алачык тигип, аны үй кылып ойномой адаты бар. Алар алачыкты тиккенде түндүк көтөргөн узун бакандарды колдонушпайт. Өздөрүнүн бойлору жеткидей кыска таяктардын үч-төртөөсүнүн башын бириктирип байлап, анысына ата-энелеринин бешмант-чепкендерин жаап алышат. Айтору, анын бийиктиги адамдын көкүрөгүнө чейин жеткендери болот. Мамаке көтөрө турган таштын көлөмү ушундай алачыктан кем эмес болчу.

Таш деген таш! Уюган көлөмүнө салмагы жарашат. Бирөө атайылап алып келип, тикесинен тургузуп, очойтуп орнотуп койгонсуган ушул алачыктай көрүнгөн шоңшойгон таш жерге ары тамырлап кетип, биротоло бекип калгандай, теги козголоор түрү жоктой. Аны мурда бирөөлөр көтөрмөк түгүл, качандыр бир кезде көтөрүлөт деп, деле ойлобосо керек. Мамаке келгенчекти менменсинген бир топ жигиттер кара ташты айлана басышып, кучактап көрүштү, эки-үчөөлөп туш-тушунан жөөлөй түртүп, ордунан копшолтконго аракеттенишкен менен, анысынан майнап чыкпаган соң обочороок басып кетишкен.

Аңгыча Мамаке менен Орус бий баштаган жоон топ киши жете келип, аттан түшө көпчүлүк элге жалпы саламын айтышып, бир азга өздөрүнчө кобур-собур болуп, тамаша аралаш күлкү-каткырык жаңырта, чоң той башталаардагыдай маанай жаркыйт. Балбан күрөш көрүүчүдөй, мөрөй талашуучудай топтолгон адамдар арасы күү-шаа. Мамаке бул ташты мурунтан көрүп, көтөрүп ыргытаарына көзү жеткендиктен айткан окшойт. Кемселин жонунан сыйрып, кара ташка калдайып басып келип, ордунан анча-мынча кыймылдатат. Андан кийин кучактай алып, тизесине чейин көтөрүп, кайра таштап, элди бир сыйра сыдыра карайт. Балбандын ташка чукул баргычакты кыжы-кужусу токтобогон эл демин ичине алып биртике дымырайт, анан кайрадан уу-дуу болот. Жерге бекем ныкталгансып, дегеле козголбоочудай кара таш – алгачкы ордунан эки кадам ары барып, мурункудай тикесинен шоңшойбой, узатасынан жатып калыптыр. Колдорун ушалап, алаканына жаба түкүрүп, жерде жаткан ташты кучактай кармаган Мамакенин колдору бири-бирине жетпейт. Ошол калыбында ташты кармаганга оңтойлуу жагын издеп, бир аз сыйпалап көрөт да, тиштене берип, көкүрөгүнө чейин көтөрүп, кайра жерге коёт. Эл балбан күрөш көрүп жаткандай огобетерден дуулдашат. Ташты көтөргөнүндө анча кыйналбаганын байкаган Орус бий Мамакенин кара ташты өгүздүн белинен алыс таштай алаарын болжолдоп:

– Кечээки сүйлөшүлгөн боюнча өгүздүн белинен алыс таштооң керек!-дейт. Таштын жанында кыйналганы же энтиккени билинбей, кабагым-кашым дебей турган Мамаке акырын башын ийкейт. Мурунтан даярданып турган эки жигит Орус бийдин ишаарасы менен чу коюп жөнөп, келчү жазда бышты жашына толуучу буканы тез эле айдап келишет. Музоо кезинде эле энесинен эрте ажырагандан бери ээн жүрүп, эсирген буканын мүйүзүнө чылбыр чалынып, туйлаганына карабай жигиттердин бири мурдунан чүлүктөй, бири кулактан толгоп, булкунтпай ташка жакындатышат.

Мамаке шашылбай ташты оңтойлоп кучактап, көкүрөгүнөн өйдө алкымына жеткире көтөрүп, чайпала берип, буканын жонунан алыс ыргыта таштайт. Көрүп турган элдин ичи дуу жарылып, алды кыйкырып, күлүккө кошулган атын сүрөгөнсүгөн: «бали-бали» деген үндөр аба жарат. Мамакенин бекеринен «адамдын дөөсү» атыкпаганын, анын күчүнө теңдешээр киши жок экендигин дагы бир жолу өз көздөрү менен көрүп, анын күчүнө биротоло ишенишет. Ал учурда Шопок да эр жетип, кыл муруту чыгып калган кези. Ушундай зор балбандын жанында жүргөнүнө өзүнө өзү ыраазы, бир четинен ага кайра таңданат, жакын тууганынын ушунчалык каруу күчкө эгедерлигинен улам ишеничи менен сыймыктануусу мурункудан да артылып, ашып түшкөндөй.

* * *

Мамакенин алачыктай кара ташты көтөргөн окуясынан аз убакыт өтпөй, өрүшүндө жаткан жылкылары чабылат. Атайын жылкы чабабыз деп, алыстан ат арытып, жол карытып келген курал-жарактуу жоокерлер, жылкыларды жайытынан кечки иңирде алдына салып, айдап жөнөгөндөрүн байкап калышат. Кандай куралдары бар, канча киши экендигин, атүгүл кайсы жолго түшкөндүгүнөн өйдө көрүшөт. Жергебиздеги тоо арасындагы жолдордун көпчүлүгү өрөөндөрдүн, кокту-колоттордун таманы менен жүрүп, акыры ашууларга барып такалат го. Ал эми туура жолдор кадуулар менен барып, бел-белестерди басып өтөт. Алатоонун арбын бөлүгүн бир бетинен бир бетине куш учса да өтө алгыстай болгон аска-зоолор ээлейт. Ошондуктан жолдор ат кыйналбай ашкан, ачык ашуулар аркылуу кетет. Мындай жолдордон башка бийик беттүү тоолордон атчан бастырып жүрүүгө мүмкүн эмес. Ушундан улам кайсы жолго түшсө, кайсы ашууга бараары же кайсы өрөөн менен кетээри жергиликтүү адамга алдын ала дайын. Тоолордун бир жакшы артыкчылык жагы ушунда.

Жылкы чапкандардын түшкөн жолдорун, кеткен багыттарын көрүп, кайсыл ашууну ашып, кайсыл өрөөнгө түшөөрүн болжолдоп билген жылкычылар чаап келип, болгонун Мамакеге айтышат. Өздөрү куралы жок жүргөндүктөн даярдыгы төп, калкан-найзалуу жортуулчулар менен беттешип, жылкыларды ажыратып алууга аракеттеринен майнап чыкпасын да кошумчалашат.

– Аттар калыптырбы?-деп сурайт Мамаке.

– Ооба, аттарды жайытынан ала келдик-дешет жылкычылары.

Аттарды токутуп, мамыга байлатып, өзү бейкапар отура берет, түн ортосу толгон кезде кыска саптуу найзасын алып, чолок кылычын бел куруна илип, аттанып, жоо кеткен тарапты көздөй бастырат. Аны менен бирге аркы-берки айылдардагы эр азаматтар аттанганда, Шопок да кошо жөнөйт.

Жылкы чапкандардын кеткен тарабы алдын ала дайындуу болгондон кийин, алар айдаган жылкыларды кайсы өрөөнгө салаары, кайсы белден, кандай ашудан ашаары, кайсы жердеги чубамадан чубатаары болжолдонуп, ошол жолдорду басып өтүүгө канча убакыт кетээрин эчак эле беш манжасындай эсептеген баатыр. Ошон үчүн: «Чапкынчыларга мерчемдүү жерден жетемин» деп, түн ортосу оогон кезде бекеринен аттанбагандыр көйкашка. Жанындагылары менен таң атканча токтобой жол жүрүп, жерге жарык кирген кезде жолдордон из чалып көрөт. Андан ары ылдамдай бастырып, жайлата мөңгүсү кетпеген бийик тоолордун чокуларына күндүн нуру жаңыдан чачырай баштаганда, эки жагы бийик зоолуу кууш капчыгайдын таманына түшөт. Дагы бир аз жүргөндө эле күтүрөтүп, өзөн өйдө жылкы айдап баратышкан чапкынчылардын караандары көзгө чалдыгат.

Мамакенин болжогон мерчеми ушул болчу – эки жагы бийик зоолуу, киши качып чыга алгыс, ичи кууш капчыгай. Ал бул жерлердин коён жатагына чейин аңтарган. Айылынан ушул чөлкөмгө чейин

жылкы айдаган киши канча убакытта, салт атчан жүргөн адам канча убакта жетээрин да билет. Нечен жолу бастырып, нечен аралап, ой-чуңкурун көкүрөгүнө жаттаган өзүнүн ыйык туткан ата конушу, аздектеген журту. Жылкы тийгендердин качан жана кандай жол менен кеткендигин дааналап, так-тап билгенден кийин, алардын ушул кууш өзөнгө түшөөрүн, канча убакта бул жерге жетээрин көзү ачыктай эле сезген ички туюму менен. Ошол үчүн түн ортосу оогондо аттанганы да жөн эмес. Ал эми оңой олжого туйтунгусу келгендер, бүгүнкү жылкы чапкандар бул аймакка адегенде алдын ала чалгындап, көп эле болсо бир эки жолу көргөндүр. Айтору, аларың ушул жерди жердеп, кокту-колотун аралай бастырып, малын жайып, күнүмдүк тирлигин өткөрүп, асылын көрүп жүргөн элден артык кайдан эле биле коймок эле?

Чапкынчылардын карааны көрүнөөрү менен Мамаке жер жаңырта бир бакырып, алдындагы атына камчы басып, чаап жөнөйт. Ага удаалаш ат коёт Шопок. Агасынын жоого кирээринде ушиндайча болгон добушу менен жер жаңырта бир бакырып алмайы – илгертен берки карманган адаты. Ошол адатынча дагы бир ирет ушул кууш өзөндүн аяк-башын жаңырткан ачуу доош чапкынчыларды кылчактоого аргасыз кылбай коймокпу? Анын кезектеги бакырыгы тоонун аркы бетиндеги адамды да селт эттиргенсийт. Баатырдын башкалардыкынан айырмаланган жоон, абдан бийик үнү бир чети душманга эскертүү бергендей, экинчи чети айбат көрсөтүп, кошуунун алга үндөгөндөй. Атайын «жылкы чабабыз» деп чыккандан кийин: «Кармашка кабылып калышыбыз мүмкүн?» деген ой менен баскынчылар курал-жарагын камдап, мыкты даярданышкан, жакшы аттардан тандап минип чыкканы – айтпаса да белгилүү го. Алар жөнөкөй жылкычылардан эмес, жедеп уруш-чабыштын ыгын билген олбурлуу жигиттерден. Мамакенин бакырыгын угаары менен,

жылкыларды айдаганга экөөнү калтырып, калгандары найза-чокморлорун белендеп, куугунчулардын алдын тосо жөнөшкөн.

Мамакенин артынан куйрук улаш келе жаткан Шопок, өзөндүн жайыгыраак жерине жеткен кезде, атын камчыланып, катарлаша бастырат. Колунда жоондугу билектей, узундугу бир кулачтан ашыгыраак келген четинден жасалган калтек. Жыгачтын катуусу, бышыгы эле четин. Кабыгын аарчыбай, как кургатылган четин калтек менен карылуу киши, жоондугу чепкендин жеңиндей болгон карагайды чапса, карагай сынат, калтек сынбайт. Андан тышкары четин көпчүлүк жыгачтарга караганда салмактуу. Салмак менен урулат да, катуу тийет. Ошонусуна карап Шопок четинден калтек жасап алган.

Жанына жандай келген Шопоктун колундагы калтегин көргөн Мамаке анын ат үстүндө канатын жайган шумкардай бараткан айбатына, алдынан арстан чыкса да качырып сала берүүчүдөй кайратына ыраазы боло өз атына камчы басат. Шопок да агасын тууралгандай, атына камчы басып, алдыларынан тосо чыккан чапкынчыларга эки аркан бою чукул калганында:

– Атыңдын оозун тарт, балам!-дейт, Мамаке.

Улуу кишинин айткан сөзү кичүүсү үчүн буйрук, ал сөзсүз, кыйшаюсуз аткарылат. Айрыкча ушундай учурда оздон чыгаары менен аткарылышы керек. Ошондуктан Шопок атынын оозун жыйып, акырын артка калат. Мамаке атына удаа-удаа камчы баскан бойдон тобун бузбай беттешкенге беленденип келе жаткан чапкынчыларды качырып сала берет. Жеткенде эле эки-үчөөнү сулатып, аттарынан ажыратат. Учурунда жете келген Шопок да түз кармашууга кирип, бетме-бет чыккан бирөөнүн, болгондо да өзүн карай сунулган найзасын калтеги менен сындыра чаап, жандай келгенинде тизеге бир уруп, атынан оодарылтат. Экинчиси жетип, узун найзасын суна бергенинде, атынын капталына оодарыла берип, сайылганы келаткан найзадан жалтанбай, сабынан кар-

мап ээсинен жулуп алып, өзүн калтек менен башка бир салат. Анын мындай кылганын ары жакта кармашып жүргөн менен кыраакы Мамаке байкайт. Мындайда баатыр өзүн эле коргобойт, жанындагыларды да коргойт. Өзү чабышып жүргөнү менен бир көзү жоодо, бир көзү өз кишилеринде. Алардын ичинен бирин да жаралантпай, аман-эсен кайра алып кетүү баатырдын башкы милдети. Жолдошун жоого таштаган жоокерлерден өткөн душман жок. Ушуну жакшы билген Мамакенин эки көзү өзүн ээрчип баргандардын ар бир кыймылында.

Атайын алыстан жылкы чабуу үчүн ат тандап минген, жоокерчиликтин ыгын билген алибеттүү, карылуу азаматтар аттанган да. Мамакенин жылкыларына тийген жигиттер, анын баатырдыгын билип катылса да, билбей катылса да, өздөрүн «баатыр» атаган, анчамынча жоо менен кармашууга жараган, көкүрөгүн көтөрүп, кабылан-шербиз деп санагандардан экендиги кармаш учурунда билинет тура. Жоон топ жигит Мамаке менен Шопокко болгону асмай аткыдай убакыт туруштук берет. Акырында асты качып, артында калганы жан соогалашат. Качкандарын кубалап жүрүп, Шопок Мамакенин алдына айдап келип, аттарынан ажыратып, сайдын жээгиндеги таштарга кыдырата отургузуп, бирден суракка ала баштайт. Ал учурда аркадан жете келген айылдаштары чапкынчылардын ат-көлүктөрүн олжолоп, өздөрүнчө күжүлдөшөт. Аларды карап турган Мамаке:

– Аттарынын теңин өздөрүнө калтыргыла! Жоо жарактарынын бирин да калтырбай алгыла! -деп, Шопокту ээрчитип, жылкыны көздөй бастырат. Жылкы айдаган экөө алыстан баарын көрүп турушкандыктан, бараткандардын караанны чукулдай электе эле жылкыны таштап, артын карабай качып жөнөшөт. Ошентип, жылкыларды түгөл кайтарып алып, чапкынчылардын аттарынын жарымын алып, калган теңинин ээр токумдарын шыпырып, өзүлөрүн жайдак атка бири-бирине учкаштырып, «жылкы чап-

кан күнөөңөр үчүн ушинтип азап тарткыла» дейт жаза катары. Эр жигитке жайдак атка минип, алыс жол жүргөндөн өткөн кордук жоктур. А көрөкчө жөө баскан артык. Жөө жүрүп, өз эли-жерине жеткичекти качан? Ошондуктан мындай чыгып эле ууру кылышаары белгилүү алардын. Аны ойлогон Мамаке жөнөй берээринде кылчая карап:

– Силердин жылкы чабабыз деп, өзүңөр чабылып, ат-тонуңардан ажырап, кыл муруту чыга элек Шопок деген баатыр баладан токмок жеп, кайра кеткениңер бүткүл элге эртең эле угулат. Жолдо баратып бирөөлөрдүн ат-көлүгүн уурдаганыңар угулса, силерди жердин түбүнөн болсо да, издеп табамын. Уктуңарбы!-деп, бакылдайт. Шылкыйтып баштарын жерге салган чапкынчылар «уктук-уктук» дешет, жандарынын аман калгандарына ыраазы болгондой.

Кайра тарткан жолунда Мамаке Шопокту жанына чакырып, экөө үзөңгүлөш катарлаш бастырып, мындан кийин аш-тойлордогу эр сайыштарды көрсөтүп, жоо менен кармашуунун ыкмаларын үйрөтөөрүн айтат. Ал күнү Мамаке түз эле Шопоктун атасы Үркүнчүнүкүнө келип түшүп, чапкынчылар менен кармашуудагы Шопоктун баатырлыкка ыктуулугун, кармаш учурундагы шамдагайлыгын кеп салып, атайын калкан жасатып, найза саптатып бермек болот. Аттанып жөнөөрүндө: «Өзүм таптап, барчын кылып учуруп, чоң-чоң иштерге бирге барып турабыз» дейт. Ошол учурда Шопок он сегизге жашы толо элек кези. Андан кийин экөө дайыма бирге жүрүшөт. Жортуулга чыкса жолдош кылып, эр сайышка түшсө жанына коштотуп чыгып, өз баласындай көрүп, башкалардан артык ишенет.

Баатырлардын да түрлөрү бар. Арстан-жолборс чаап, баатыр аталгандар көп. Кезегинде жоокерди да, жортуулчу чапкынчыны да баатыр дешкен. Бирок, баатырдын баатыры башка. Жортуулчу түн катып, күн жатып, капилет келип, чапкынчылык кылса, жоокер кол башчыга баш ийип, анын айтканын ат-

карган. Айрым хандар өзүнө жоокер топтоп, аны бир баатырга баштаткан. Ал эми көпчүлүк баатырлар айланасына кол жыйнап, аны өзү баштап жүргөн. Ар улут, элдин ханы өзүнүн жоокерлеринин күчү менен бийлигин күчөтүп, ошолор аркылуу зоболого жетип турганы турмуш чындыгы. Булар улуттун тилине жараша ар башка аталыштарда айтылган. Мисалы, Чыңгыз хан жоокерлерин ноёндор десе, кийинки Бухара эмири сарбаздар деп атаган.

Кыргыз элинин көптөгөн баатырлары кырк жигит күтүп, аларды өзү менен бирге алып жүргөнү бар эмеспи. Атүгүл кадимки Манас атабыз кырк чоролуу болгону белгилүү. Башка баатырлардан айырмаланып, Мамаке жанына кырк жигит жыйнабаптыр. Хандардын, бектердин бирине баш ийип, алардын союлун чаап, буйругун аткарып, көзүн карабай, өз керт башынын эркиндигин сактай алган. Кармашканын жеңип, катылгандын катыгын берип, өз элин коргогон, журтун сактаган өз алдынча баатыр болуп чыккан. Жаш кезинен эле айласыз балбан атыккан ал. Баатырды баатыр жек көрүп, көралбастык кылган учурлар да көп кезиккен. Оңтойсуз жерден кол салып, мертинтип койгусу келгендери четтен чыккан. Мамаке андайларга да моюн берген эмес. Балбан күрөштө жыгылбаганындай эле, эр сайыштарда да жеңилүүнү билбейт. Анын мындай баатырдыгы көл айланасындагы элге да угулбай коймокпу.

Бул сөз Белек тукумдарына да жетет. Баягы ойноп жүрүп, өлтүргөн бала үчүн кун доолагандар жөн жатабы, кулак түрүп, сурамжылайт. Аларга Мамакенин баатырдыгы дайын болот. Ошондо алар: «Эртедир-кечтир ошол окуя тууралуу чыр чыгарып, баарыбызга бүлүк салышы мүмкүн. Атайы барып алдынан бир өтүнгөнүбүз оң» дешип, тартуу алып, алыс жол басып, эки киши келишет. Мамаке аларды: «Бир боорум, туугандарым» деп, жадырап-жайнап тосуп алат. Үч күнү үйүндө коноктоп, көлдөгү элден кабар алат. Элдин ирденип-тирденип, жалчы-жардылар

оңоло баштаганын угуп, аябай сүйүнөт. Бала кезинен тааныгандарын сурап, ал-ахывалдарын билет.

– Мамаке баатыр! Биздин сапарыбыз карыды-дейт, келген кишилердин улуусу кезектеги сый-урматтан кийин: -Кайра кетээр учурубуз келди.

– Атайы алыстан келип, бир жума конок болбой, үч эле күндө эле «кайра кетебиз» дегениңиздер кандай?-деп, Мамаке жылмая карайт.

– Биз абдан ыраазыбыз! Жакшы кабыл алып, жакшы конок кылдыңыз. Меймандостугуңузга алкыштан башка айтаарыбыз жок! Эми, ылайык көрсөңүз, биз жолго чыгалы, баатыр!-дешет.

– Үч күнү үйдө отуруп конок болдуңар! Эми үч күнү биз кандай жерди жердеп, кайсы элдер менен аралашып турганыбызды көрүп кеткиле!-деп, бир чети Мамаке буйрук бере сүйлөйт. Меймандары буга макул болушат. Макул болбоско алардын аргалары жок. Анын үстүнө алып келинген тартууларын бир боз үйгө киргиздирип коюп, ошол бойдон ачтыра элек. «Эмнеге келдиңер эле» деп да сурай элек. Мамаке бүгүн мындан көп жыл мурунку кун төлөмөр болгон ойноок бала эмес. Балбандыгынан баатырдыгы, баарысынан даңкы артык, атагы алыска угулган алп! Экөөнү кайра айылына кетирбей койсо да өз эрки. «Кандай кылам» десе өзү чечет. Айтору, айыбы жок болсо да айыптуудай болуп, тартуусун алдына алып келишкендиктен коноктордун сөздөрү кыска. Доомат-милдет кыла турган экөөнүн кандай жагдайы бар? Ошондуктан Мамакенин айтканы менен болбоско аргасыз алар.

Экөөнү өзү ээрчитип, үч күнү жер көрсөтүп, эл таанытат. Ошондон кийин үйүнө келип, кайрадан сыйлуу коноктоп, ага-тууандарын чакырат да, келген максаттарын сурайт. Элчилер тартууларын Мамакенин алдына коюп, кепти алыстан башташат, кандай ой, кандай максат менен келгендиктерин айтышат. Унчукпай угуп отуруп, экөө сүйлөп бүткөн соң, өз санын бир чаап алып, каткырып сала берет. Тиги-

лер каткырган Мамакени жалдырай карайт. Башкалардын айрымдары жылмайса, айрымы мостоёт. Баатырдын эмнеге каткырганын билбей, кээ бирлеринин башы маң. Кайсы сөз күлкүсүн келтиргенин, каткыра турган эмнеси бар экенин ажырата албай, таңдангандар да жок эмес арасында. Алты канат ак боз үйдүн ичинде толтура отурган жоон топ элдин ар кимисинин башында ар түркүн ой удургуйт.

Бир топто барып каткырыгын тыйган Мамаке:

– Ошол да кеп бекен! Мен бул туугандарым: «алынбай жүргөн дообузду доолап бер» же «жоолашкан жоону жеңип бер» деп келген экен десе, болбогон бир ишке убараланып, ушунча жол басып, келишкен тура!-деп, дагы огобетерден күлкүсүн тыя албайт. Ошондон кийин гана үйдөгүлөр Мамакенин эмнеге каткырганын түшүнүп, алар да коштоп күлүп калышат. Баатыр каткырып баштаганында дарт тийип, талып калгансып, нес боло түшкөн экөө – эми кайра жан киргенсип, кошо жылмайышат.

– Небак унутулуп, ойго келбей калган окуяны эстеп, ошол үчүн кечирим сурабай эле койбойсуңарбы?-дейт, Мамаке күлкүсүн токтото албай.

Аз убакыт ортодо тамаша сөздөр айтылып, күлкү жаңырып, үйдүн ичи күү-шаа болот. Баарысынын ичинде кири жок, маңдайлары жарыла каткырып-күлүп, чакан чөйрө шаан-шөкөткө айланат, баатырдын айтканын кубатташкандай.

– Жаңыдан келип түшкөндөрүндө-дейт, Мамаке ачылып, күлө сүйлөй: «Баягы беш тогуз малды, ошондон берки төлү менен кошо доолап келишкен экен» дегемин! Андан бери канча баш мал болуп кеткендигин эсептей албай, бир жумадан бери эсим ооп жүргөмүн!

Ачык айтылган кепке аралаш үйдүн ичинде кайрадан күлкү жаңырат. Ошентип, ал күн жалаң тамаша менен күлкүгө толуп өтөт. Эртеси Мамаке конокторунун өздөрү алып келген тартууларынын ордуна татыктуу тартуу берип, бирден ат жетелетип узатат.

Атаңгөрү, кыргыздын айкөлдүгүн карачы, ушул сыяктанып бир кездердеги, андан кийинки касташкандар, ичине кек сактагандар – өзүлөрү алдына келип, кол куушуруп, достошо баштаганында не деген улуттук улуулуктун уюткусу менен алтындан артык касиети жатат.

Мүйүздүү эненин аты, даңкы менен Бугунун тукуму атыккан бир тууган элдин ичиндеги бири-бирине касташуулар акырындап, бара-бара жоюлуп, эриш-аркак иш жасап, биргеликте жашап, тиричилик өткөрүүнү максат кылуусу үчүн айкын аракет жасагысы келип жүргөн Мамакенин оюна бала кезиндеги балакеттүү окуясы түшкөн эмес. Алдына атайы келип, кечирим сурабаса деле, тартуу алып келбесе да аларга каршы аттануу жөнүндөгү ой үч уктаса түшүнө кирбегендир. Ал түгүл кыргыздын башка уруулары менен чабышууну көздөбөйт. Анын кармашчусу башка, бөлөк бөтөн! Алар кыргыздан алыста жатса да, кыргызды үстүнөн башкарып, алымын алып, салыгын салып, баш көтөргөнүн басынтып, байлыгына кызыгып, жер-суусуна көз артып, «ээлеп алсам» дегенде эки көзү төрт болуп, ыңгайын күтүп, аңдып жүргөн калмактар. Мамаке мына ушулар менен бетме-бет кармашууну самайт. Ушулардан өч алууну көксөйт. Алардан алаар толгон токой өчү бар!

* * *

Жалгыз жүргөн баатырды айрымдар жалгыз жорткон бөрүгө салыштырышат. Жанында жолдошу жок жоо беттеп чыгуунун өзү опурталдуу. Бардык түйшүктү өз мойнуна көтөрүү огобетерден убаралуу. Ушундай жагдайлардан улам Мамаке жанына бир баатыр кошуп алууну көздөп, ылайык да көрүп турганында, оңдой берди болуп, атасы Чыйбыт менен бир тууган Акбагыштын алты уулунун бири Үркүнчүнүн ортончу баласы Шопоктун баатырлыкка ыктап, эр жигит чыкканына – төбөсү көккө жеткенсип сүйүнөт, Теңирине ыраазы. Анткени өз деген

өз! Бөлөк деген бөлөк! Коогаландуу мындай заманда жандап жүрчү жан жолдоштун өз болгонуна не жетсин. Башка уруудан, башка элден чыккан баатырлардан жолдош күтүүгө мүмкүн дечи, бирок алардын бирде болбосо бирде таарынычы, ич күйдүлүгү ачыкка чыгаары толук ыктымал. Ошондуктан жакын тууганын жанына жолдош кылып алуудан артык эмне бар? Андан да Шопок Мамакени атасындай сыйлайт, айтканын айткандай, дегенин дегендей аткараарынан күмөн саноого болбос. Жоо менен беттешкенде жалгыз таштабайт, беттешкенинен кайра тартпайт. Эмнегедир айрым эркектерден эркинин бекемдиги менен кайраттуулугу башкача артык. Баралына келгенде баатыр атагын алып чыгаары бышык. Ушундай артыкчылыгына кызыккан Мамаке Шопокту жолдош кылып алууну самайт.

Шопок да ички дүйнөсү менен Мамаке агасынын жанында бирге жүрүүгө кызыгат. Улуу катары урматтайт, баатырлыгын, балбандыгын абдан барктайт. Жоо бетинде жолдош, алыс жолдо шериктеш болууну дегдейт, ага кызмат кылуудан тартынбайт. Көктөн тилегени жерден табылгандай, ошончодон Шопоктун көп жигиттерден артык болгонуна сүйүнгөн Мамаке аны жанынан карыш чыгарбай калат. Чапкынчылык, баскынчылык учурдун опурталдуу мезгилдеринде экөө жанаша жүрүп, аш-тойлордогу сый-урматтарды чогуу көрүп, бирине-бири караан, кеби-кеңеши бир. Улам мезгил өткөн сайын экөөнүн биримтиги ширелип, өз ара ишеними күчөйт.

Оо, Мамаке деген зор адам! Зор кишинин мингичи үчүн да зор аттар керек. Андыктан Мамаке баатыр такай минип жүргөндөй аттар оңой менен чыкпайт го. Жолго минилчү ат менен –жоого минилчү аттын айырмасы асман менен жердей. Аны айтпасак да түшүнүктүүдүр. Ошол күндөрдүн биринде Мамакенин минген аты мурункусундай болбой, кашаң тартып, жоого кирсе жалтайлап, жүрүшү да басанчалап калганы байкалган. Шопок экөө ээрчишип, болгон жыл-

кыларын аралап, ат тандашат. Акыры Мамакенин өз жылкыларынын ичинен бир чоӊ жалдуу карагер айгырды ылайык көрүшөт. Кулун кезинде байланып, андан кийин башына нокто катылбаган ушул карагер айгырдын үч асый кези. Ар нерсеге тестиер кезинен ыкчыл болуп өскөн Шопок жылкыга чалма уруп, кармаганга да маш. Талаадан тосмолоп имерип, ат үстүнөн чалма ыргытып, баягы көзгө түшкөн чоӊ жал карагерди чалмага илинтет. Бир заматта атынан ыргып түшүп, чалма кылынган жоон кыл арканды колуна орой кармап, жерди чирене тээп, карагер айгырдын жулкунганына турушту бере токтотуп калат. Андан кийин шашылбай, башын ноктолойт. Анын мындай ишти кылганын, айгырды колунан чыгарбай, жулдуруп да жибербей же сүйрөтүп кетирбей, кармап калган каруу күчүнө ыраазы болгон Мамаке – Шопоктун баатыр эле эмес, балбан да болоорун боолголойт. Ушундан кийин мурункудан да ишеничи артат ага. Ал учурда Шопоктун жашы жаӊыдан жыйырмага таяган эле. Ал эми Мамакенин жашы отуз бештен өтүп, кыркка чыгаарына аз эле жылдар калган.

Жонуна тердик, оозуна ооздук салынбаган карагерди кармаары менен жүгөн катып, жайдак минген Шопок ошол бойдон үйүнө кетип, айгырды үйрөтүп, таптай баштайт. Жедеп ээн жүрүп, эсирип, азоо болгон карагер дале токтоно албай, бир ай дегенде барып, араӊ жоошуйт. Көп убарадан кийин гана тапка түшкөн соӊ карагерди Мамакеге жеткирет. Шопок келээри менен Мамаке атасы Чыйбыттын бир туугандары: Дөрбөн менен Термечикти үйүнө чакыртат. Ал учурда Дөрбөн карылыктан эӊкейип, кезегиндеки оӊ-келбеттен бири калбай, көзү да кароолонуп калган. Алдына көлдөлөӊдөн кабелтеӊ салдыртып, төргө отургузуп:

– Баягы калмакка барып, колго түшүп калган учуруӊузду, кандай элде, кайсы жерде болгонуӊузду дагы бир жолу кеп салып бериӊиз!-деп, Мамаке Дөрбөнгө кайрылат.

– Э-эй, балдарым, менин кеп сала турган алым калбай калганын көрбөй турасыңарбы? Жанымды колума уучтап, араңарда араң отурамын. Алаканымды жазып жиберсем, колумдагы жаным «чырр» деп учуп кетчүдөй, өзүм жыгачтын дөңгөчүндөй болбой же куурайдын сөңгөгүнө окшобой, кебете-кейпимден ажырап, актыкка моюн сунчудай учурдамын. Аны сезип билбей, абайлап байкабай, кайсы кепти сал дейсиңер? Буга чейин далай кепти салбадыкпы! Көргөн-билгендин баарын айтпадыкпы. Укканды унутканыңар –унутпагандардан сурап алгыла-дейт, Дөрбөн жүйөөлүү.

Үй ичин бир саамга жымжырттык аралайт. Отургандардын баарысынын көзү Дөрбөнгө кадалган. Анын эптеп эле ирмелген көздөрүнөн ырп этээрге алы калбай, өзү айткандай жаны учуп кетпей, араң эле илинип тургандыгы байкалат.

– Шопок экөөбүз ээрчишип-деп, баштайт сөзүн Мамаке, ортодогу жымжырттыкты бузуп: - Мындан бир топ жылы мурун Эрен кабырага айдалып кеткен Токтогулдун балдарын, андан кийинки колго түшүп кеткен туугандарды издеп, калмак арасын бир аралап келсекпи деп ойлоп, ал жөнүндө кеңеш кылып, сөз уксакпы дегенбиз.

– Ошенткениңер жакшы, балдарым! Анчалык жерге ансыз деле жортуулдап да барып-келип жүрбөйсүңөрбү? Баатырдык, балбандык деген аткака эгедер болуп турганыңарда – биз каршы эмеспиз, барсаңар барып келгиле-деп, Термечик ток этээр чечимди чыгарып, экөөнү алмак-салмак карайт. Дөрбөн сүкүт салып, унчукпайт. Ошону менен кеңешилчү сөз ушуну менен токтоп, бүгүнкү кептин бүтүмү чыккансыйт. Муну укканда Шопоктун көзүнөн от чачырап, жүзүн жылмаюунун нуру аралайт. Көптөн берки: «Элдик иштерди аткарсам, элимдин керегине жарасам» деген дилгирлиги кайрадан артып, кайраты ташкындай түшөт. Анткени аталары оюндагыны таап айтпадыбы, атаганат.

Болжошкон күнү ага-туугандары менен коштошуп, аттанып чыгышкан Мамаке менен Шопок өрөөндөрдү өрдөп, агыны катуу сууларды кечип, бел-белестерден өтүп, түбөлүк мөңгү баскан ала баш ашуулардан ашып, калмак элинин четине жетет. Дөрбөндүн бир кездердеги кеп салганы боюнча айдалгандар менен колго түшкөндөр Турпан тарабында болуусу ыктымал. Бирок, ал жердеги кул-күңгө айланган кыргыздар кожоюндарынын айдак-байлагы менен бир эле жерде бир канчалаган убакыттар бою орун-очок албастыгы бар. Алар тирүү товар. Колдон колго өтүп кетти го, кайрандар. Айтору, айдатылып же колго түшүп баргандарды калмактын бай-манаптары бекер күч катары пайдалангысы келгени турулуу иш дечи. Көбүн кызыл кулак, сүткорлор малайлыкка алгандыктары шексиз. Эптеп жанын баккан жарды-жалчылары аларды кайдан малай күтүп, кайсы жумушун жасатмак эле.

Колдоруна кыска найза, чолок кылычтан башка курал албаган Мамаке менен Шопок Турпан тарабындагы элди аралап, аз убакыт сурамжылап жүрүшүп, Текез, Жылдыз, Күнөз деген жерлерге чейин барышат. Ошол жерлерди аралап, калмак жергесине айдалып барып, малай болгон, жортуулдап барып, туткунга түшүп, кул болгон кыргыздардын көптүгүнө көздөрү жетет. Булардын баарын куткаруу үчүн чоң чабуул, катуу кармаш керектигин да туюп-билишет. Ал учурда Турпан, Текез, Күнөз тараптарын калмак ээлеп, Кашкар, Жаркен тарабын Жаркен хандыгы ээлеп, аларга кыр көрсөтүүгө кыргыз элинин чамасы чакталуу болуп турган убагы.

Мамаке менен Шопоктун калмак арасына келгенине эки айдын жүзү болсо да, издеген кишилерин таба алышпайт. Жай башталганда аттанган экөөнүн аттары да, өздөрү арып-ачып, ал-күчүнөн кетет. Ошого карабай кош баатыр келген максатын ишке ашырып, мындан отуз жылдан ашык убакыт мурун кеткен агаларынын дайынын билүү үчүн жанын үрөшөт. Экөөнө

түрткү берген бир туугандык сезим, жакындарына жардам берүү алга жетелейт. Буларды бөтөн жерде сый-урмат менен тосуп алчу кимиси бар? Андыктан бөрүдөй жорткон жоокер азыкты жолдон табат деген менен күнүгө өздөрүнө азык, аттарына тоют издөөнүн түйшүгү бир топ каржалтып койгон. Алыс жолдо күнү-түнү минилген аттарын убагы менен сугарып, тоюттандырып, табынан кетирбей, сынынан түшүрбөй кармап туруу үчүн да кам көрүлүшү керек.

Издеген кишилерин табууга кылган аракеттер текке кетип, өздөрү да көптөгөн түйшүк-мүшкүлдүктөргө кабылышат. Кул-күңдүктөгү кыргыздардын көпчүлүгү өзү кайсы элден, кайсы жерден келгендиктерин, качан, кандай жагдайда калмакка малай болуп калганын толук билбейт, билсе да айткандан коркот. Себеби: «калмактар өлтүрүп коёт» деген ой менен жеке керт башынын айласынан айтпай коймогу да убарага салат. Айрымдары түз эле: «кыргыз эмесмин» деп, өзүнүн улутун унуткан, «башка улуттагы адаммын» дегени да четтен чыкканы баатырларды огобетерден кыжалаттантат, капалантат.

Элин-жерин, өзүнүн ким экендигин билген, акыл-эсин токтотуп, аң сезими өсүп калгандарын калмактар акырындык менен көзүн тазалап, өзүнүн тек-жайы тууралуу эч нерсе билбей, малдан айырмасыз, айдаган жакка барган, карматкан жумушту кара жанын сабап аткарган, кардынын тойгонуна ыраазы, кожоюндун көзүн гана карап, андан кетсе эле, бара турган жагы жок, басып кетчү алы жок абалга жеткирген экен, каапырлар. Ар биринин биротоло кара жанынын сезин, жүрөгүнүн үшүн алып, коркутуп койгон сыяктанат. Азыркы тил менен айтканда, маңкурттуктун башаты ушул жакта жаткандай. Ошондуктан «билбеймин» дегенден башканы айтпаган киши көп. Аныcы аз келгенсип, кул-күңдөрдүн дээрлик көпчүлүгү өңчөй жаштар! Ушундан улам жашы өткөндөрдү аёосуз жок кылып тургандыктары ачык көрүнөт. Эс тутуму бар, бирдеме билгендерди: «Эртедир-кечтир качып,

убаралантат» деп, эчак эле жоготушкан окшойт. Баатырлар мындан да жаман жагдайларды өз көздөрү менен көрүп, айрым далилдерге күбө болуп, бир катар окуяларга кабылышат.

Бир күндөрү өздөрүнө окшош кыйла жылдар мурун калмак арасына кеткен дайынсыз болгон туугандарын издеп жүргөн кыргыз жигиттерине жолугушат. Алар Сарбагыш элинен: Ажыгул, Бешкемпир, Боктубай дегендер экен. Булардын мүдөөсү бир жерден чыгып, биргелешип издөө салышат, калмак арасын бири бирин эш тутуп, кенен аралаганга аракеттенишет. Бирок, дагы да ойдогудай эмес, тоскоолдуктар көп. Бир жаман жери – ал учурда калмак ичи тынчыбай, Турпан, Аксуу тарабындагы жергиликтүү элдердин бейпилдиги бузулуп, аймактарды бийлеген калмак калдайлары менен шуңяндары эл ичин удургутуп тургандыктан, ээн-эркин бастырып жүрүү башка жактан баргандар үчүн чыныгы коркунуч туударгандыгы менен опурталдуу болчу. Андыктан сактануу, коргонуу, атүгүл жашырынуу тууралуу да ойлонуу керектелет. Бул окуялар албетте, калмак эли ич ара бөлүнүүгө кабылып, ар бир бөлүгүнөн чыккан мыктылары хандык тактысын талашып, өз элинин да, башкалардын да тынчын кетирип жаткан убагына туш келгенин баса белгилөөгө тийишпиз.

Кыргыз калмакты көрдү дегиче кыжыры кайнайт, калмак да жөн калабы, кыргызга кырдана, каардана тиштигип чыгат. Адаттан бирин-бири чаап алып, кандуу кагылыш-салгылашуулардан нечендеген эрлердин башы кетип турган ошол учурда калмак арасын аралап жүрүүнүн өзү чоң эрдик эле. Бөлөкчө кийим кийип, бөтөн тилде сүйлөгөн кыргыздардын жүргөнүн көргөн калмактар – алардын эмне максат менен келгенин билгенге далалаттанышат. Ары басса ары жактан, бери басса бери жактан андып, кылган иштерин кылдат карашат. Колго түшүп кеткен туугандарын издеп аткандарынын шек-шооратын билдирбестин амалын канчалык кылышса да, калмактар шектенет: «Кул-

күңдөрүбүздү алып кеткени жүргөн кыргыздар экен» деп, алардын артынан аңдыганды эки эсе күчөтүшөт. Анын үстүнө опол тоодой болгон Мамакенин келбети, жанындагы Шопоктун өткүрлүгү, колдорундагы кыска саптуу найзалары менен, бир шилтесе нардын башын кесип түшүүчү чолок шамшар кылычтары, алдына минген жарактуу аттары, булардын жөн-жай жүрүшпөгөндүктөрүн айдан ачык дааналап турат.

Бир жерди турук кылбай, күн сайын "сактыкта кордук жок" дегендей, түнөк которуп жүргөндөрү адатка айланган. Ошентип, көп күндөрдүн биринде камоодо жаткан кыргыздарга кабылышат. Алар менен мамиле түзүп, кенен отуруп сүйлөшүүгө ыңгайлуу шарт жана учур табышат. Камакта жаткандар Солто элинин тукумдары экендигин билгенден кийин, алар жөнүндө Ажыгул менен Бешкемпирге айтышат. Кыргыздан баргандардын көргөндөгүсү курусун: камактагылардын чуркурап ыйлаганы, кишинин жүрөгүн эзип, чучугуңа чейин жетип, тим эле сөөгүңөн жалын чыгарат. Туугандарын атайы издеп барган Сарбагыш элинин жигиттери ошол аймакты бийлеген калмак калдайына тартуу тартып, камактагыларды куткарып алышат. Мамаке менен Шопок болсо андан ары жолун улап, Турпан аймагынан Кашкар тарабына карай өтүшөт. Мурда көрбөгөн жерде, билбеген жолдо жүрүшүп, жай аяктап калган кезде Кашкарга чукулдашат. Ал учурда Жаркен хандыгынын хан тактысына Исмайыл хан отуруп, негизги иштерин Шадип кожо башкарып турган кез экен.

Аксуу, Турпан аймактарындагыга караганда, Кашкар аймагында жашоо-шарт, мыйзам-салт таптакыр башкача. Туткан диндерине карай көп өзгөчөлүктөрү да бар. Турпандын айланасын калмактардын Жуңгар хандыгы ээлеп тургандыктан, ал жерлердеги жергиликтүү калктын көпчүлүгү калмактын кысымы менен Бутпарас динин тутса, Жаркен хандыгындагы элдер мусулмандар. Ушуга байланыштуу салт-адаттар, а түгүл жашоо эрежелери да бириникине бири

окшошпойт. Бирок, бул жерлерде да жашырынып жүрүүгө туура келет. Бир күнү Мамаке өзү курлуу Үмөтөй деген кыргыз адамы менен жолугушуп, жай сүйлөшүп, көздөп жүргөн максатын айтат.

– Кул болуп жүргөн кыргыз көп. Алардын баарысын бирден суракка алып чыгышың кыйын болоор... Отуз жыл мурунку адам эмес, он жыл илгери келген адамдын ким экенин азыр тактап билүү оңой болбойт. Андан бери бул аймактарга бир эмес, бир нече адам бийликке келип, ар кимиси өз билгениндей бийлик кылып, ойлогон мыйзамын окутуп, ошого жараша жашатып, элге жакса да, жакпаса да өзүнүн сөзүн сүйлөттү. Баш ийбегендин башын кести. Тил кайыргандын тилин суурду. Жек көргөнүн жер менен кошо жексен кылды! Бир эле адамдын эмес, бир бүтүн элдин канын суудай агызып, жалаң кишинин башын таш үйгөндөй үйгөн канкорлор бийлигин жүргүздү. Айрым хандар, ошентип кан ичкич болсо, айрымы кенедей нерсе үчүн той өткөрүп, тойдун чыгымын элге салып, каныбызды кактабай сорду. Тойдун байгесине кул менен күңдөрдү топ-тобу менен сайып, кой айдагандай айдап бергендер болду. Ошентип, жакшылыкка да, жамандыкка да көптөгөн кул-күңдөрдүн башы кетти. Ал эле дейсиңби, жергиликтүү болуп, ушул эл менен аралаш жашап, ушул жерди эзелтеден бери жердеп келген аз сандагы элдердин далайы кырылды. Ханга хан өчөшсө, кол курап барып элин чапмай адаты бар го. «Эки дөө кармашса, ортосунда кара чымын кырылат» дегендей, эки хандын азабын карапайым эл тартты, жанын берип, канын төктү, көбү көмүлбөй ит-кушка жем болду. Канча чапкынды, канча жортуулду көрбөдүк. Канчалаган эр-азаматтарды жерге көмбөдүк, чиркин! Канчасы көмүлбөй, ким экени билинбей, карга-кузгунга мүлжүндү.

Ушундай кан жыттанган мезгилдерде адегенде эле кулдар менен күңдөрдүн башы суроо-сопкутсуз кетээри белгилүү эмеспи. «Мени коргосоң, башыңды азат кыламын» деген алдоо сөзгө ишенип, отко күйүп куй-

каланып, суута түшүп думугуп, жок болгон кулдардын саны белгисиз. Жайчылык кездерде делөөрүгөн байлар бута кылып, жаа менен аткылап, өлүгүн итине жедирип, ал кылыгын башка кулдарга көрсөткөнү: «Жакшы иштебесеңер, силерди да ушундай кыламын» деп коркуткандык менен эскерткендик эле. Кыскасы, кайда болсо да, эмне окуя болсо да кул өлчү болду-дейт, Үмөтөй каңырыгы түтөй. Мамаке менен Шопок ойго батып унчукпайт. Булардын баарысын Үмөтөй кеп салбаса да, эки айдан ашык убакыттан бери калмак арасын кыдырып жүрүп, акылы, ички сезими, керээти менен туюп, көздөрү жеткен. Издеген кишилеринин тирүү табылаарына, дайын-даректери билинээрине ишенич азайган. Ошентсе да үмүт үзүлбөйт тура, ал улам жылт эте алдыга жетелейт.

– Өзүңдүн кеп салганыңа караганда көп жерлерди кыдырган экенсиңер. Мынчалык белсенип чыкканыңардан кийин, ушул жерден кайра тартпай, Үрүмчүнүн жака-белин да кыдырып көргүлө. Ал жерде калмактын көптөгөн байлары, соодагерлери жашайт. Кулду көп кармап, малайды көп жумшаган байлардын арбындуусу Үрүмчүдө. Бирок, ал жакта калмактын баатырлары, канкорлору арбын-деп, кебин улайт Үмөтөй: -«Колуна түшүп калгандын жанын соо койбойт» деп угамын. Ар бир калдайынын колунда казынасы, алдында жоокерлери бар. Калдайга баш ийген аймактарын шуңяндар башкарат. Ошол шуңяндарынын да жыйнаган байлыгы, өз дараметине жараша топтогон курал-жарактуу жигиттерди кармайт. Алар да келип-кеткендерди, элинин ичиндеги чоочун кишилерди терген-тескеп, көзөмөлдөп турушат. Кокусунан кабылып калсаңар, соо койбос!

– Кармашкандан коркуп, жашырынып жүргөнүбүз жок! Калмакка малай болуп жүргөн туугандарыбызды издеп жүргөнүбүздү билип калышса, аларды «кайрып бергиче» деп, жок кылып коюшабы деген ой менен жашырынып жүрөбүз. Эгерде кармаш чыгып кетсе, кайра тартпайбыз-дейт, Мамаке ишенимдүү.

– Колуңардагы куралыңардан, өзүңөрдүн келбетиңерден, минген жарактуу аттарыңардан улам баатырлар экендигиңерди байкагам. Анын үстүнө ушундай мезгилде, калмак кыргыздын каршылашып турган учурунда атайылап алыс жол басып, баатыр эмес, жөн кишинин келбестиги, мындай ишке ар ким эле жарай бербестиги бештен белгилүү да. Күн күркүрөгөгндөй жоон үнүң, от жанып тургансыган көздөрүң, бул жигиттин-деп, Шопокту колу менен көрсөтүп: - Жоон моюн, жоон билектиги, ошого карабай, шамдагай кыймылдаганы, алгыр куштай айбаттуулугу экөөңдүн кандай өнөрдүн эгедери экениңерди далилдеп турбайбы!-дейт, Үмөтөй, ууртунан жылмайып, ыраазы боло.

Мамаке менен Шопокту үйүнө чакырып, кудайы конок катары кабыл алган Үмөтөй санжырадан кеп салып, өзүнүн ата-тегин сүрүштүрүп, Кыпчак уруусунан экендигин, ал эми Мамаке менен Шопок Тагай бийден таралган урууларга кирээрин тактайт.

– Алатоонун ушул тарабындагы кыргыздар аз санда болгонубуз менен, уруу-урууга бөлүнүп, уруу башчыларына баш ийип, өз чарбабызды өзүбүз карап, кеп-кеңешибизди ич ара жүргүзөбүз. Башка уруулар менен ымалабыз дурус. Бөлөк улуттун эли үстөмдүк кылгысы келген учурда баардык кыргыз аттуу биримтикте боло калабыз. Бирок, атаңгөрү, аз деген аз экен! Көп учурда басынып, башкалардын көзүн карап, айласыздан кыйынсынгандардын сөзүн сүйлөгөн күндөрүбүз кездешкени өкүнүчтүү. Алыста жаткан силер менен үзгүлтүксүз байланышып, бир кепке келип тура албаганыбыздан, көп мезгилде бөлөк жердеги кыргыздардын кылган ишине каршы келген ишти кылып, алар душмандашкан топко кошулуп, айлабыз куруган кездер да болду. «Биз эле ушинтип, чачкын жашап, бир кепке келбей, убараланып жүрөбүз» десек, бизден жаман бириндеп, же уруу болбой, же улут болбой, бир уучтан эмес, бир-бирден жүргөндөр бул аймакта арбын. Аларды көрүп: «Биз

аларга караганда ырас экенбиз» деп тобо кылсак, бизге карап: «ушулардай болбогонубузга тобо» дегендер, атүгүл шылдыңдай карап, күйдүргү сөз айтып табалагандар четтен чыгат. Ошонун баарына моюн бербей, кыргыз деген атыбызды өчүрбөгөндүн аракетин кылып жүрөбүз-дейт, Үмөтөй үйүндөгү дасторкондун четинде отурушканында.

– Эй, Үмөтөй тууганым-дейт, Мамаке сөз баштап: - Аз болсок да көптөйбүз! Чачылып кетсек да, бириндеп жүрсөк да, башкалар менен бирдейбиз. Канзу, калмактын көптүгүнөн коркпойбуз. Алар менен теңтайлаша турган алыбыз, күчүбүз бар! Мен калмак арасын ушул жолкудай кенен аралап, терең талдап көргөн эмес элем. Буга чейин «калмактын ичиндеги кул-күңдөрдүн баарысы эле кыргыздар болсо керек» деген ойдо жүрүпмүн. Тескерисинче, малай күтүп, кул жумшап, көп байлык ээлеген кыргыздарды да өз көзүм менен көрдүм. Ал эми кул-күң болуп жүргөн башка улуттун кишилерин арбын эле кезиктирдим. Ошондон улам тобо да кылдым, таба да кылдым. «Аз экенбиз» деп кейибе. Аз эл бат биригет! Көп эл көптө чогулат! Бат чогулган эл – тез ынтымакташат.

Катуу багыт жолго чыгып, кан майданга бет алганда кыргызымдын бөлүнгөнүн көрбөдүм. Калың эл болсо, калмакча болбос! Кармаша келсе бириндеп, ичинен жарылып ириңдеп, бир баштуу боло албагандар дале ушул калмакча болбос! Улуулардын айткандарына караганда калмакты кыргыз канча жолу чаппады?! Мунун баарысын айта берсек, кеп түгөнбөйт. Аны коюп, эми өз элибизди айталы. Чындыгына келгенде биз өзгөчө бири-бирибизди көрө албаган, урууурукка бөлүнүп, башкаларыбыздын жакшылыгына ич тарыткан, каат мезгилде эриш-аркак иш кылып, начарыбызды мыктыбыз колдобогон калк экендигибиз анык! Ички чыр-чатактарыбыз көп. Ошонун айынан кул-күң болуп кеткен боордошторубуз толуп жатат. Биз издеп жүргөн туугандарыбыз – болбогон кептин кесепетинен алыска айдатылган! Ынтымак

кетип, ырк бузулушуна бийлик жүргүзүп, мансап күткүсү келгендердин кылган иштери ар дайым себепкер болот. Өз бийлигин бекемдеп, баш көтөргөндөрдүн көзүн тазалоонун ыкмасы катары, Эрен кабырага айдатуу, кул кылып, башка элдин колуна салып берүүнү көздөшөт ниети бузуктар. Наразылашып, чырдашуунун көбү ушундайдан чыгат.

Билермандык кылып, бирөөнү кулдукка салып бергендердин уруусуна, кул болуп кеткендин уруусу каршы чыгып, кол көтөрүлүп, кан төгүлгөн учурлар болбойт дебеймин, анын акыры кектешүүгө алып келип, сөөктөн сөөккө кек калып, сөөкөчтүү укумдан тукумга уланып, жоолашууга чек коюлбай, жиктешүүгө түрткү берген кедергиси күч. Мындай окуялар бизден башка элдерде да кездешет. Алар дагы бир сузгудан суу ичип, бир очокко жылынган жери жоктур. Анын баарын көрүп турабыз, туурабы!-деп, Мамаке Үмөтөйгө тике карайт. Жанында отурган Шопок кепке аралашпайт. Айтылчу кеп түгөнүп, сөзгө сөз жалгашпай калгансып, аз убакытты жымжырттык аралайт.

– Кандай болсо да аз элдин азабы көп экен!-дейт, Үмөтөй кабагын бүркөй: - Көп эл көптүгүнө салбай койбойт тура!

Анын бул айтканынан чындыктын чети чыгып турат, көп кыйынчылыктарды көрүп, Алатоодон алыстагы кыргыздардын башкаларга салыштырмалуу аздыгынан, көп нерсеге жетпей, теңдик кыла албай калгандыктарына өкүнүп жүргөндүгү ачык билинет.

– Көп болуп бирикпей, алдыга умтулбай, баштагандын артынан ээрчибей, башаламан жүргөн элден, алдыга умтулган, биримдикти туу туткан эл кыйын болот, тууганым. «Аз экенбиз» деп өкүнбө! «Алсызбыз» деп күйүнбө! Аз болсок да көпкө төбөбүз көрүнүү. Мына, өзүң күбө болгондой, заманга жараша көптөгөн окуялар өттү. Хандыктар кулап, ордуна кайра хандыктар курулду. Элдер кагылышты. Мындан башкача да жакшылыктар болду. Ошонун баарында кыргыздардын четте калганын уктуңбу? Азыркы турган

Жаркен хандыгын түзгөн, Чагатайдын урпагы Жунус ханды хандыкка көтөрүп, эки тизгин бир чылбырды колуна берген биздин кыргыз болбоду беле? Кезегинде Мухамбет Кыргыз хандык түзүп, кыргыздар айланасындагы элдерге өз таасирин тийгизип турганы тарых. Алардын баарын унутуп, «башкалардан азапты көп тарттык» дегендей сөз сүйлөгөнүң жарабас-деп, таккесе сүйлөгөн Мамаке Үмөтөйдү жактырбагансыйт.

– Көптөн чочулап, «аз экенбиз» деп басынып жүргөндүк өзүңүздөрдөн!-дейт, Шопок акыры кепке аралашып: - Ар кимиңиздер өз жашооңуздарга тың болуп, башкалардан кем калбаганга, акыл менен аралашканга далалаттансаңыздар алар четке чыгарбайт! Четтеп калбагандар кордукка кабылбайт. Жалгыз көргөн кордуктан, көпчүлүк менен бирге көргөн кордук жеңил болоор...

Уйгурлардын ыкмасына ылайык, бакса менен урулуп, үстү камыш менен жабылган там үйдө отурган үчөөнүн үстүнө кирген аял алдыга дасторкон жайып, тамак-аш алып келе баштагандыктан, андан ары сөз башкага бурулуп, мурдагы сөз уланбай, үзүлгөн. Ал күнү Үмөтөйдүкүнө түнөп, эртеси эрте дасторкондун четине келип орун алышканда:

– Жаркендин азыркы ханы Исмайылдын элге кылган мамилеси кандай?-деп, сурайт Мамаке үй ээсинен.

– Калкты хан бийлебей, хансыгандар бийлеп, союл болуп сороктогондордун күнү тууп турат! Ысмайылдын «хан» деген эле аты бар, кургурдун. Кара такыялууларды ээрчиткен Шадип кожо, бардык бийликти өз колуна алып, ак такыялуулардын үстүнөн үстөмдүк кылып, элди экиге бөлүп, кан төгүштүрүү үчүн жанын үрөп жүрөт. Ак такыялууларды баш көтөртпөй, кара такыялууларды бийиктетип, ошолордун колдоосу менен бүт бийликти өзүнө алууну көздөгөндүгү жашыруун эмес. Алардын кылган кылыктарынан эл да жадап кетти. Калабалуу турмуш башталып, хандын касабынан сактануунун амалын ар бирибиз издеген учур. Элдин ичинде бейпилдик

бузулуп, ынтымак ыдырап, бирине-бири жоо болуп, ач бөрүдөй жулунган кара такыялуулардын шыкагы күндөн күнгө күчөп барат. Элдин көбү ачарчылыкка кабылды. Жашоо шартыбыз абдан төмөндөдү. Эл бийлеген билермандарыбыз кара жемсөөлүккө айланып, өз көмөчүнө күл тарткандан башканы билбей калды. «Ак такыялуулардан өч алуу керек» деген максатта кан төгүлүп, бейкүнөө адамдардын башын кесүү адатка айланды.

Хан атаган Исмайыл ханыбыз Шадип кожонун койнундагы аялынан айырмасы жок болуп калган сыяктанат. Бизге келген билермандар «хандын буйругу» дебей, «Шадип кожонун буйругу» деп айтып келишет. Мен өзүм карапайым киши болгондуктан, хандык ордодо ким эмне иш аткараарын жакшы билбейт экем. Бирок, ар кимдердин кеп салгандарына караганда, «хан тукуму» делингени менен Исмайыл хандын жүлүнү, жүүнү бош өңдөнөт. Ошондуктан аны ар кимиси жетелеп, өз сөзүн сүйлөтүп, атына жамынып, өз даражасын көтөрүп жүрүшкөнсүйт-деп, Үмөтөй кейиштүү кеп салат.

Андан ары Мамаке жаңыртып суроо салбайт. Кошумча сөз кыстырбайт. Эртең мененки насипти чогуу татышып, Мамаке менен Шопок Үмөтөй менен коштошуп, аттанып кетет. Алардын артынан узата карап, көпкө чейин турган Үмөтөй экөөнүн катар бастырып бараткандагы караанына, турпат-келбеттерине таңданат. Үмөтөйдүкүнөн аттангандан Кашкарга кайрылбай түз эле Үрүмчүнү карай жол тарткан Мамаке менен Шопок аптадан ашык жол басып, Үрүмчүгө жете келишет. Мурункудай эле жашырынууга, бектер менен билермандарга сыр билгизбей, кулдар-күңдөр менен сүйлөшүүгө киришет. Башка шаарларга караганда ары бараандуу, арбын калктуу Үрүмчүнү аз күндө кыдырып чыгууга болбостугун жакшы түшүнүшөт. Элдин жашоо шартына да астыртан көз салышат. Айрыкча салт-санаасын баамдашат. Мезгил күзгө таяп калгандыктан, айдаган аштыктарын жыйноо менен алекте-

нип, талаа-түздөрдө жүргөн кишинин караандары көп. Шаар ичиндегилердин соода-сатыкка бет буруп, ошону менен тиричилигин өткөрүп жаткандыгы ачык байкалат. Улам барган жерлеринен башкача салтты колдонгон, башкача дин туткан элдерди көрүп, жашоо-тиричилиги бөлөктөргө аралашууга ыңгайлашканга аракеттенген Мамаке менен Шопок Үрүмчүгө келгенде эле элдин күндөлүк кылган иштерине көңүл бурушкан.

Шаар ичинде аттарды багуу, аларды суутуу, тоюттандыруу иштери оор болгондуктан, Үрүмчүнүн чет жактарынан орун издеп чыккан Мамаке менен Шопок катар бастырып баратышып, жоо кийим кийген, калкан, найза, чокмор, кылыч алып, жарактуу ат минген жоон топ жоокерлердин жүргөнүн көрүшөт. «Не бар, не жок» деп аларга кабылбай, буйткалуу жолдор менен өтүп, бара турган жагына ылдамдай жөнөп кетишет. Андан кийинки күндөрү да куралдуу жоон топ жоокерлерге кабылышат. Улам убакыт өтүп, топ-тобу менен жүргөн жоокерлерге жолугуу демейкидей эле көрүнүш катары сезилет. Алардан чочулабай эле койсо болуучудай сезим келет. Баатырлыкка салып, тартынбай-жашынбай алдынан чыгууга, кармаша кетсе жалтанбаганга экөөнүн күч-кубаты жетет да. Болгону жөн гана убакыт коротуп, убарalangылары келбейт. Ошондуктан ашыкча түйшүктөн алыс болууну ойлошот. Ачууга алдырбаганга аракеттенишет.

* * *

Айтса-айтпаса да ар бир иштин түйшүгү бар. Адамдын ойлогонуна бардык жагдай шайкеш келе бербес. Көздөгөн максатка жетүү үчүн каршы турган тоскоолдуктарды акыл менен, амал менен жеңүү керек. Мамаке менен Шопоктун ушул жолку сапарындагы кабылган тоскоолдуктарынын чеги жоктой. Бөлөк эл, бөтөн жер. Тили-дили, салт-санаасы башка элдин ичинде өңүн көрбөгөн, жүзүнөн тааныбаган адамдарды издөө, жалпыга жар салбай тымызын жүрүү, кыргыз менен кар-

шылашып турган элдин бийлик төбөлдөрүнө сыр алдырбоо сыяктуу кылдат аткарылуучу иштери канча? Булардан тышкары минген аттардын жер шартына көнүкпөгөндүгү, тоо арасындагы салкын жерден ысык аптаптуу аймакка барып, чөлдүү талааларды кезип жүрүүгө ылайыктуу таптаганга да аракеттер керектелип, көптөгөн убаралануууларга кабылтат. Ал эми мурда аралап көрбөгөн жерлерди кыдыруу үчүн жолду таба билүү, аба ырайынын өзгөрүштөрүнө карай иш кылуу өңдөнгөн адаттан тышкаркы жумуштарды көбөйтүп, шыдыр жүргөнгө кедергисин тийгизбей койбойт экен. Алдын ала болжолдонбогон, ойго келбеген, капилеттен кабылган жагдайларга карата тез арада айла табуу үчүн экөө эки бөлүнүп, ар кимиси өз алдынча аракет кылган учурларга да кабылышканын кантип унутмак. Ушулардан сырткары, орчундууларына салыштырмалуу кепке арзыбагансыган, көзгө көрүнбөгөнсүгөн, анча билинбеген карама-каршылыктар да арбын. Ошонун баарын жеңүүнүн өзү – чет элде эң чоң эрдик!

Күз келсе да, аптап кайта элек ошол учурдун бир күнүндө күндөгүдөй түнөгөн түнөгүнөн эрте аттанып чыгышкан Мамаке менен Шопок алыс узабай эле жоожарагы шайма-шай болгон жоон топ жоокерге жолуккан. Адегенде «алар менен кармашуу башталып кетет» деген ойлору жок, «күндөгү көрүп жүргөн топтуу жоокерлердин биридир» дегенсип, көңүл бурбай кете беришмекчи болушат. Бирок, жоокерлер алардын алдын тосуп, найза кезечүдөй, кол салчудай түр көрсөтүшөт. Жалоондой болгон отуздай жигит. Калкан, найзасы, чокмор, кылычы, кыны менен кестиктери ыгы менен ордунда. Баштарына туулга, жондоруна зоот кийишкен. Аттары алкынып, өздөрү жулкунуп турушат. Жоокер кийимди кийип турган турпаты, колундагы курал-жарагы огобетерден сүрдүү кылып көрсөткөндөй, балким бир чабал адам кийсе деле, аны шердентип коймою бар го. Ошондон уламбы, бул жоон топтун ичинде кийим менен менен куралдын зээри көкөлөтүп тургансыгандары да жолук-

чудай өңдөнөт. Анын үстүнө жайлата тынбай жол жүрүп, жүдөңкү тарткан экөөнүн аттары, үйдөн аттангандан бери жондорунан түшпөй көөнөрүп, өңү өчкөн кийимдери, колдорундагы кыска саптуу найзалары менен, чолок кылычтары, жоон топ жоокерлерге болбогон бир оюнчук нерселер сыяктуу сезилип, экөөнү келекелей карап, тим эле теңсинбегенсишет.

Эч нерседен тартынбаган адаттарын салып, экөө чукул келип, жандай салып өтө берээринде айланта курчагандар калмак тилинде бир нерселерди кобурашат. Аттарынын оозун тартып, чолок кылыч менен найзаларын оңдоп кармап, тегеректегендерди сыдыра караган Мамаке менен Шопок шашылбайт. Абдаарып, алаңгазарлыкка алдырбайт. Алар үчүн бул биринчи эле ортодо калуу же көптөгөн жоокерлер менен алгачкы бет келишүүсү эмес. Шопок жаштыгынан мындайга аз кабылгандыр. Мамаке мындайдын канчасына кабылбады? Менменсинген жоокерлердин нечени күчү-сүрү, кайраты менен жалтайлаткан учурлары көп кездешкен.

Өз тилинде сүйлөгөн жоокерлердин эмнелер тууралуу айтып жаткандыктарына түшүнбөгөнү менен алардын кармашкыдай түрлөрүн ачык көрүшөт. Мамакенин тике маңдайына келген алибеттүүрөөк бирөө башкаларына буйрук бергенсийт. Үнүн катуу чыгарып, бакылдай сүйлөйт. Жанындагылары анын сөзүн кубаттагансыйт. Булардын айткандарына түшүнбөгөндүктөн Мамаке үн катпайт. Жөн-жай гана сынай карап, демин ичине алып турат. Шопок айланадагыларды кыдырата караган учурда атынын башын бура тартып, атайылап артка бурулат. Экөө катар турганы менен бири күн батышты, бири күн чыгышты карай жүзүн бурган. Бул катар жүргөн баатырлардын ортодо калганда арка жактан кол салуудан коргандагы ыкмаларынын бири.

Билермансып, башкаларына буйрук бере сүйлөгөн алибеттүүсү Мамакеге улам чукулдайт. Шоодой болгон узун найзасын суна бергенинде көзүнө тике ка-

рап, ууртунан жылмайып, өзүнүн жоон, бирок тигиникине салыштырмалуу абдан кыска найзасын оңдой кармаган Мамакенин көк жалын чачкансыган көздөрүнө көздөрү чагылыша түшүп, бүтүйгөн көздөрүн ирмегилеп жалтайлайт. Анын канчалык дарамети, кайрат-күчү бар экендигин сезген Мамаке: «Башчысынын кебетеси тиги болсо, башкасынын кудурети канча дейсиң» дегенсип, шашылбай кыймылдайт. Бирок, сунулган найзасын тартпаган жоокерди жанындагылары шердентип, таянган тоосу бар сыяктанып, найза сайуусу ыктымал. Намыс үчүн да сунган найзасынын учун булгалап же тап берип, жалтандырганга далалаттанат. Аны Мамаке айттырбай эле билет. Ошондуктан баарысына даяр.

– Ие, Шопогум, ушинтип тура беребизби?-дейт, үнүн аста чыгарып.

– Анда баштабайлыбы?-деп, Шопогу жооп берет.

– Абайлап чаап, өлбөгүдөй кылалы, күчөп баратышса тартынбайбыз!-деген Мамаке, өзүнө карай сунулган найзаны жоон сабы менен торс эттире сындыра чапканында, учу чимирилип жерге түшөт. Баягы жер жаңырткан үнү менен бакырып маңдайында тургандарды качырып сала бергенде, ушуну эле күтүп тургансыган Шопок да кармашка кирет. Калмак жоокерлери бакырып, кыйкырып, чуу чыгарат. «Карч-курч» этип сынган найзанын, «дүпө-дүп» болуп чабышкан добуштар, айгай салган үндөр угулат. Аз убакыттын ичинде жоон топ жоокер ителги тийген таандай бириндеп, аттан кулаганы кулайт, сулаганы сулайт. Эки баатырдан көргүлүктү көрүп, жыгылган жеринен обдула албай жаткандары онтологон бойдон жерде. Жардам сураганы же жан соогалаганы билинбей, жаагын баспай бакырганы да жок эмес! Бир тобунун аттары үстүндө минген ээсинен ажыраары менен чылбыр, тизгинин сүйрөп, туш келди кеткен. Баягы башчы кейиптенип, башкаларына буйрук бере сүйлөгөн жүлжүк көздүүсү көмөрөсүнөн түшкөн. Кыймылдай турган түрү жоктой. Дем алганы да билинбейт.

Кармаш аз убакытта, көз ачып-жумганча аяктагандай болду. Жерде жаткандарды бир ирээт айланта карап, Мамаке Шопокко:

– Өлтүрө сайганың жокпу?!-дейт.

– Өлбөгүдөй кылдым!-деп, Шопок жылмаят.

Экөөнүн катылган калмак жоокерлеринин катыгын берүүдө өлтүрө сайып, кыргын кылып жибербегендеринин да жөнү бар. Ушулар өңдөнүп, топ-тобу менен жүргөн жоокерлер жер үстүлүк кылып, көптөп кармап калышы мүмкүн. Анда булардын мүшкүлдүү убараларга кабылаары белгилүү. Бул боюнча алдын-ала ойлонулгандыктан, анын үстүнө өздөрү жашырынып жүргөндүктөн, сабырдуулук кылууга белсенишет.

Кармаш болгон жерден тезирээк алыстап кетүүнү көздөгөн Мамаке менен Шопок ылдамдай бастырып, из жазгырып, Үрүмчүнүн башка тарабына өтмөкчү болушат. Антпесе, жаңжал күчөп кетээри бышык. Андай болду дегиче, кан төгүлбөй койбойт. Кан чыккан жерден жан чыгат! Экөөнө бир самоор чай кайнаганчалык убакытка туруштук бербей, ар бири бирден соккудан чыкпай кулаган чабал топтун кимиси болсо да, эсине келээри менен башкалардан жардам сураганы жөнөбөй коймокпу. Анан алар көпчүлүк болуп келгенинде кимди ким аямак? Намыстанымыш болгон калмак жоокерлери бардык айла-амалдарын колдонуп, экөөнү тындым кылганга жан далбасташаары чын. Анткенинде эле Мамаке менен Шопок өз өнөрлөрүн накта көрсөтөөрү айгине.

Күн шашкеден ооп, чак түшкө чукулдаган кезде атынын оозун тарткан Мамаке айланага көз чаптырып:

– Үрүмчүнүн ушул тарабындагы кулдар менен сүйлөшө кетели. «Арасында кыргыздар бар өңдөнөт» деп, өткөндө өзүң айттың эле-дейт.

– Ооба, «кыргызмын» деген бирөө бар дешкен-деп, Шопок илбериңки жооп берип, шаардын четиндеги бийик дубалдуу тамдарга карай тигилет.

Экөө бири-биринин айта турган оюн кыймылынан, айрым учурда ишарасынан эле билгендиктен,

Шопок тигиле караган бийик дубалдуу тамдар тарапка Мамаке атынын башын бурат. «Ушул бийик дубалдуу тамдардын бирине кайрылалы» дегенин Шопоктун тигиле караганынан түшүнүп, өзү да ушуну туура көрөт.

Дубалдары пакса менен тургузулуп, бири-бирине улаштыра салынган боз тамдар. Бул жер Үрүмчүнүн эң чети болгондуктан, шаардын чок ортосуна салыштырмалуу абдан тынч. Жымжырттык өкүм сүргөнсүп, бир да добуш угулбагандай. Бийик дубалдардын ары жагы атчан кишиге эч көрүнбөйт. Ошого жараша дарбазалары да бийик. Ичинен бекем бекитилип, керек учурда гана ачылган дарбазалар менен каалгалардан шыдыр кирип барууга мүмкүнчүлүк жок. Аттиң, топурактан тургузулган бул тамдар – тоо арасындагы кыргыздардын боз үйүндөй эмес! Келген киши шыдыр кирип, төргө өтүп кетпейт. Үй ээси да негедир жылуу мамиледе кабыл албайт. Алдына дасторкон жайып, болгон тамак-ашын жайнатпайт. Бул элдин салтында келген кишини кабыл алуусу башкача. Таанybаган кишилерин үйүнө баш бактырбай, эшиктен жооп берип, ошондон ары жолго салмайлары бар. Атүгүл сураганыңа да жооп бербей коюшат каратып туруп.

Мамаке менен Шопокко ушундай адаттар чоң жолтоо. Мындайдын айласы да оңой табылбайт. Издеген кишилеринин аты ким, өзү ким экенин билбегендиктен, бирөөлөрдөн сурамжылоо кыйынчылык жаратат. Кайсы жерде «кыргыз бар» дегенди угушса эле, ошол жерди сагалагандан башка арга табылбаган учурлар да кездешкен. Жашыруун иш кылган кишинин жолу качан шыдыр болчу эле? Эч кимге жарыя кылбай, кул-күңдөрдү акырын кепке тартып, кыргыздар жөнүндө сурамжылап, ошону менен эле тим калбай, кулдар өз ээлөөчүлөрүнө айтып барбоосу үчүн кам көрүү керек. Себеби кулагын кессе «кыңк» эткис кылып, биротоло өзүнө энчилеп алгандар бирөөлөр менен сүйлөшүүгө тыюу салып, кимден эмне укса, ошону толук айтып келүүгө милдеттендирип коюшкан.

Бирок, адамдын баары бирдей эместиги белгилүүдүр. Ошондой эле кул-күңдөрдүн баары бирдей эмес. Алардын ичинде ээн ооздору, кожоюндук кылган ээлөөчүсүнө жагынуу үчүн да кабылган кишилер менен эмне жөнүндө сүйлөшкөнүн, уккан-көргөндөрүн төкпөй-чачпай айтып берүүчүлөрү жок деп эч ким кепилдикке өтпөйт. Ал эми кулдары айтып келген сөздү башкаларга жеткиргенге жан далбастаган кожоюндар четтен чыгат. Андан «кулдарыбызды алып кеткени жүрөт» деген сасык кеп тарайт.

Шаар ичиндеги кулдардын көпчүлүгү базарларда, соода-сатык кылынган жерлерде жүк көтөрүп ташыса, айрымдары короодон чыкпай, үй-тиричилигиндеги жумуштарды аткарат. Кербенчилерге малай болгондор талаа-түздөргө конуп-түнөп, бир орунду турук кылбайт, жайдыр-кыштыр сооданын артынан түшкөндөрдү ээрчийт. Мамаке менен Шопок катар бастырып, шаардын четиндеги ийри-буйру көчөөлүү аймакта эки жагын абайлай карап, шашылбай келе жатышып, жонуна кап көтөргөн бирөөнө кабылышат. Көтөргөн жүгүнүн оордугуна карабай, тердеп-кургап, жанын үрөп, жеткизчү жерине тез жеткиргенге шашып келаткан бул адамдын кул экендиги, саксайып өскөн чачынан, көптөн бери алынбаган сакал-мурутунан, кийген эски кийимдеринен эле билинип турат. Ар нерселер толтурулган оор капты көтөрүп, эңкейе басып, жер караган калыбында чукул келгенинде Мамаке:

– Эй, тууганым, токтой тур! – дейт.

Мындай үн чыгаарын болжолдобогондуктанбы, селт эте башын көтөрүп, маңдайында турган эки атчанды алаңдай карайт. Жашоонун оордугунан, малайлыктын түйшүгүнөн, кожоюндун зомбулугунан жедеп мизи майтарылып, жалтак болуп калгандыгы ачык байкалат. Үндү көтөрүңкү чыгарып, буйрук бере сүйлөсө, калтаарып оң жоопко келбегидей түрүн көргөн Мамаке:

– Иничегим, жүгүңдү жерге коюп, азыраак сөзгө жооп берчи-дейт.

Экөөнөн көзүн албай, жонундагы капты акырын жерге таштап, жеңи менен чекесинен аккан терди сүртөт. Сүрдөгөнү көрүнүп, жер карамалыгын карматкан жигитке:

– Биз кыргызбыз, ушул тарапка малай болуп кеткен туугандарыбызга жолуксак деген ой менен жүрөбүз. Бул аймакты бизге караганда сен жакшы билээрсиң. Балким, кичи пейилдик кылып, жардам берээрсиң-деп, ага Мамаке жай кайрылат.

Айтылган сөздү кунт коюп угуп тургансыганы менен түшүнбөй калгандыгын, анын кыймылсыз турүн, кабагын бир аз бүркөп, бүшүркөй караганынан байкаган Мамаке дароо анын улуту ким экендигин сурайт.

– Казакпын-дейт, жигит үнүн аста чыгарып.

– Казак болсоң абдан жакшы. Анда биз боордоштор экенбиз. Тилдерибиз окшош болгондуктан жакшы түшүнөбүз. Ушул аймакта малай болуп жүргөн кыргыздар барбы?-деп, Мамаке суроосун дагы кайталайт.

– Тээтигил жактагы рабат дарбазалуу тамдагы малай – кыргызмын дегенин уккамын. Ошого барыңыздар-деп, казак жигит чор басып, анын үстүнө күнгө күйүп карарган колун жаңсай сүйлөп. Эч кимге эч жамандыгы жоктой түрдө көздөрүн күлүңдөтүп, үнүн аста чыгарып, минген атынан өбөктөй сүйлөгөн Мамаке да ууртунан жылмайып, жакын таанышына жолуккансыганы менен ичинен казак жигитке боору ооруп турганын жашыра албаган Шопок да жигиттин кол жаңсаган тарабын бир карап алат. Ал көрсөткөн тарабында коолдолуп жасалгаланып, рабат аталган заңгыраган үч-төрт дарбазалардын кайсынысына баруулары керектигин жакшы биле бербей калышкандыктан жигитке кайра кайрылат. Анын үстүнө андай дарбазалуулар башка жактан келген кишилерге эшигин кенен ачпайт. Малайларын да сыртка чыгарбайт. Андыктан жергиликтүү бирөөнү жиберип, ошол аркылуу малайын чакыртууга болот. Кул менен кулдун сүйлөшүүлөрүнө, алардын өз ара жо-

лугушууларына анча маани беришпейт. Мындай иштерге Мамаке менен Шопок далай кабылган. Казак жигитти кепке келтирип, рабат дарбазадан кыргыз малайды чакырып чыгууга макулдаткан Мамаке менен Шопоктун иши оңунан чыгуучудай сезилет. «Муну эмне кылам» дегенсип, көтөрүп келген кабына кылчактай караган казактын оюн биле койгон Шопок аттан эңкейе берип, капты эңип, тизесине коёт. Ошондон кийин казак алдыга түшүп, жол баштай басат.

Бийик дубалдуу короонун оозуна орнотулуп, коозделуп жасалгаланган дарбазаны чыгыш калктары рабат аташат. Рабат деген сөз берешен, кең пейил дегенди билгизет. Бирок, бул элде дарбазасынан бөлөк бирөөнү ичкери киргизе калуу салты жок. Берешен, кең пейилдигин көргөн киши аз. Дарбазасын сагаалап келген кайырчы-тилемчилердин да курсагын тойгуза калаарына киши ишенбейт. Андыктан андайлар мындай дарбазаларга эгерим жолобойт. Ичиндегилери да дарбазаны таш кыла бекитип, оңой менен сыртка көп чыкпайт. Жөн эле дарбазанын бийиктигине, кооздугуна карап, «рабат» деп аташаарын Мамаке менен Шопок небак билишкен.

Ошондой көрүнүшү мыкты, аталышы артык, бирок кунары жок дарбазанын биринин алдына келген казак жигит акырын тыкылдатып, добуш салып, кенен асмай атып, кайра түкүргөндөй убакыт тургандан кийин, ичтен «Бул ким?» деген добуш чыгат. Ага удаалаш эле арсылдап үргөн иттин үнү угулат. Иттин үнү алысыраактан угулгандыктан, анын байлануу экендиги билинет. Эгерде бош ит болсо улунуп-жулунуп, дарбазанын түбүнө эбак жетип келмек.

Казак жигит өзүнүн атын айтып, үйдөгү малайы менен жайынча сүйлөшкүсү келгендигин билдиргенинде:

– Азыр жиберем!-деп, жооп берет короонун ичиндеги адам.

Кыргыз малайдын чыгаарына ишенген казак бери жакта турган Мамаке менен Шопокко карай басат. Үчөө көпкө күтөт. Ошол учурда:

– Ие, боордошум, эмне иш кыласың?-деп, сурайт Мамаке.

– Кожоюнум эмне иш берсе, ошону жасаймын-дейт, ал акырын.

– Малайсыңбы?

– Ошондоймун-деп, Шопок тизесине коюп келип, тамдын түбүнө жөлөй таштаган кабын көздөй жөнөгөнүндө:

– Бир аз тура тур! Сен чакырган малай чыккыча күтөлү! Чыкпай калса, кайра чакырып бер! Кыйналсаң, көтөргөн жүгүңдү мен жеткизип беремин-дейт, Шопок. Бирок, казактын илбериңкилигинен эмес, коркконунан экөөнө баш ийип, айткандарын аткарып тургандыгы – көздөрүнүн бат-баттан өзгөрүлө калып жаткандыгынан байкалат.

Дагы бир аз убакыт өткөндөн кийин, дарбаза акырын ачылып, үстүндөгү эски-уску кийимдери чамбылала баткак болуп, абдан жүдөө көрүнгөн жигит сыртка чыгат. Колдору да топурак болгондуктан, анын ылай жумушун аткарып жаткандыгы билинет. Сакал-муруту калыңданып, чачы да өскөн. Атчан турган Мамаке менен Шопокту көрө сала, бир кооптуу иш болоорун болжолдогонсуп, коркунучка кабылчудай сезип, чочулоого туш болгондугу бакырайып кеткен көздөрүнөн байкалып, көп таяк жеп, жалтак болуп калган балага окшойт.

– Ие, иним, бер кел!-дейт, Мамаке колун жаңсай, күлө сүйлөп.

Малай жигит өзү чыккан дарбазаны жаап, андан оолактап, жандарына чукул келгенинде аттарынан түшкөн Мамаке менен Шопок кол алышып, ден-соолук, ал-ахывал сурашып, мурдатан көрүшүп жүргөн, тааныш-билиш адамдардай мамиле жасайт. Антпей сөздү түз баштап: «Биз издеп жүргөндөрдүн жакындарынан болсоң эле алып кетебиз» деп айтса, айрым малайлардын жаа бою качкандарын көрүшкөндүктөн, сүйлөшүп баштаганында «үркүтүп албай, акырынаста абайлап кармачудай» жай сөздөн баштоону адат

кылышкан. Ошондуктан адегенде ал-жайын сурап, кепке келтирүү керек болот.

Бир аз аркы-беркилерди сурашкандан кийин:

– Биз Алатоодогу кыргыздардан келгенбиз-деп, баштайт Мамаке: - Мындан көп жылы мурда колго түшүп кетип, ушул жактарда малай болуп калган туугандарыбызды издеп жүрөбүз. Алар табылса, кулдуктан куткарып алып кетет элек. Сен, кыргыз болгондон кийин өз урууңду билээрсиң!

– Ооба, кыргызмын. Бирок уруум ким экенин билбеймин!-дейт малай.

– Атаң-энең барбы?

– Жок.

– Атаң качан өлдү эле?

– Алты жыл мурда.

– Атаң кайсы элден экендигин айтканы жок беле?

– Билбейм, мен кичине кезде өлүптүр.

– Кайсы уруудан экендигин энең да билчү эмес беле?

– Ооба. Энем айтчу эмес. Болгону кыргызбыз дечү.

– Качантан бери малайсың?

– Кичинемден бери эле.

– Азыр жашың канчада?

– Жыйырмадан ашты.

«Сени менен тең тура» дегенсип, Мамаке Шопокту карайт. Тыңгылыктуу жооп алалбагандыктан, мындан ары сүйлөшүүнү дагы улантуу керекпи же жокпу дегендей ойго да кабылат. «Билбеймден» башканы айтпагандарга кабылган сайын кыжаалаттанат алар. Азыркы жанында турган жигит да ата-тегин билбегендигине капаланат. Мамакенин кападар болгонун байкаган Шопок жигитке карап:

– Ата-энең да малай болуп жүрүп өтүшкөнбү?-деп, сурайт.

– Ооба, атам да, апам да малай болушкан-дейт, жигит күнөөлүүдөй.

– Азыр сени куткарып алсак, биз менен кетесиңби?

– Кайда?-дейт, жигит таңданганын жашыра албай.

– Алатоого?

– Ал жактан мен эмне иш кылам?

– Өз алдыңча жашайсың! Малай болбойсуң!

– Жок, кетпейм! Бул жердеги кожоюнум жакшы карайт.

– Бир туугандарың барбы?

– Карындашым бар эле. Азыр кайда экенин билбейм.

Ушундай жооптордон кийин сөздү улоого да көңүл келбей калат. Өзү макул болбогонду күч менен алып кете албайсың. Мындай жоопту далай жолу уккан Мамаке менен Шопок сөздү башкага буруп, башка суроолорду берип көрүүнү ойлойт.

– Ушул жерде сенден башка дагы кыргыздар барбы?

– Жок.

– Атаңдын, энеңдин жакын туугандары бар беле?

– Билбейм.

Малай жигит менен сүйлөшүүдөн майнап чыкпасына көзү жеткен Мамаке менен Шопок убактыларын бекер кетирип жаткандарын сезишет. Эмнени сураса да «билбейм», «жок» дегенден башканы айтпаган мындайлардын далайына кабылып, каңырык түтөп, «ким болсоң да алып кетели» десе, жаа бою качкандарды көрүп, жаны кейиген учурлардын канчасы өтпөдү. Айрымдары кыргызмын деп, бирок, кыргызча эмес, башка тилде, көпчүлүгү уйгур, калмак, моңгол тилдеринде сүйлөп, ал тилдерди Мамаке менен Шопок билбегендиктен, дудукча жаңдашкан кездерге да кабылышкан. «Малай болуп туулгамын! Малай болуп өтөмүн» деген ойдон ажырабай, ал аз келгенсип, мойнуна минген кожоюндан кутулууну ойлобой жүргөндөрдүн көптүгү зээндерин кейитет. «Силер алып кетсеңер да баары бир барган жерден малай болуп, кул деген аттан кутулбаймын» деген жоопту берип, өз алдынча жашаганды элестете албагандар толтура. Андайлар кожоюну көрсөткөндү жасап, бергенин ичип, «кулагын кессе кыңк этпес» аталып, малдан айырмаланбай, «тагдырым ушул» деп, жашоосун башка нукка буруунун амалын издебеген-

дер. Мындайлардын абдан арбын экендиги өкүндүрүп, көңүлдү иренжитет. Бирок, ошол өңдөнүп, малдан айырмалана албаган малайлардын баардыгы эле кыргыз эмес. Малайлык жалаң эле кыргыздардын мойнундагы каргы дешке болбойт.

Кыргыз малай менен сүйлөшүлгөн сөздөр оң натыйжасын бербегенине ичи ачыша баштаган Шопок:

– Атың ким?-дейт.

– Бардарбек.

– Атаңдын аты ким эле?

– Турпанбай.

– Бардар адам болууңду каалап, атыңды «Бардарбек» деп, ырымдап койгон экен. Биз менен кетип, өз элиңе барып бардар жашабайсыңбы?!

Жигит үн катпай, тигиле карабай туруп, акырын башын чайкайт. Андан ары да көп сөздөр айтылып, Бардарбек кеткенге да, башка кыргыз малайларды табышканга жардамдашканга да макул болбойт. «Эмне болсоң ошол бол» деп колду шилтеп таштап кете бергенге Мамаке менен Шопоктун көңүлү кыйбайт. Улам сөз улана берип, бир далай убакыт өткөндө, Бардарбек коштошконго да жарабай, дарбазадан кирип кетет. Анын анткенине кыжырдана калган Шопок:

– Булардын күчүн эле албай, мээлерин, акыл-сезимин да алып коюшкан окшобойбу! Болбосо «тууган бололу, азаптуу турмуштан куткаралы» дегенде неге макул болушпайт-дейт, ачуулана. Мамаке кабагын чытып унчукпайт.

Артын карай бурула берген Шопок дубалга жөлөй ташталган каптын жанында, жанатадан сүйлөшүлгөн сөздөргө кулагын салып турган казакты тике карап, жакындай келип:

– «Малайлыктан куткаралы» десе болбогон туугандардын бар экенин көрдүңбү!-дейт, кабагын карыш салып. Акырын башын ийкеген казактын көп нерсени ойлоп тургандыгы байкалат. Мындай оң жоопко келбеген малайлардын далайына кабылып, көндүм иш

сыяктанып калса да, жаактары түйүлүп, ачуусу келгендигин билдирбеске аракеттенсе да, көздөрү жалындаган Мамаке кыска саптуу найзасын оңдой кармап, кимдир бирөөнү качырып сала беруучүдөй түрдөнөт.

Шопок атына минип, убадасы боюнча казактын жүгүн жеткизчү жерине жеткизип бермей болот. Бирок ага казак макул болбой:

– Оо, баатырым! Мен өзүм эле жеткирип аламын. Сиздердин ишиңер көп, жолуңар узун адамдар экенсиздер. Кулдарды кулдуктан куткарсак деген ой-максатыңар жакшы экен! Бирок, тоскоолдуктар көп тура!-дейт, ой-максаттарын чогуу бөлүшкөндөй.

– Сен, көз ачыктай сүйлөйсүң го боордошум-деп, Шопок тигиле карап, ынтаасын коёт.

– Тиги малай менен сүйлөшкөнүңөрдү угуп отуруп баарын баамдадым. Колумдан келсе жардамдашаар элем. Бирок, менин колумдан келчү эч нерсе жок.

Казак жигиттин айтканын уккан Мамаке анын сөзүнө көңүлүн буруп, жүзүнө тигиле карайт. Дагы бир аз сөздөр сүйлөшүлгөндөн кийин:

– Атың ким?-деп сурайт Шопок.

– Сейсенбай.

– Бул аймактарда, жанагыдан башка дагы кыргыздардын бар экенин билесиңби?

– Жок. Билбеймин.

– «Колумдан эч нерсе келбейт» дейсиң. Аракеттенсең колдон келбеген нерсе болбос. Малайлыктан куткарып алсак, жардамың тийгидей экен.

– Ооба, жардамым тийээр эле. Бирок, мен силер менен кете албаймын. Бул жакта жашы өтүп калган ата-энем, көзү өтүп кеткен агамдын балдары бар. Алардын тирлиги менин жонумда!-дейт, Сейсенбай кабагын бүркөй.

Бир азга ойлоно калган Шопок:

– Жанатадан бери бир топ убакытыңды кетирип, азыраак убара кылдык. Биздин айтканыбызды аткарып бергениң үчүн ыраазыбыз! Ишиңдеп кечигип, кожоюнуңдан тил укпасаң экен!-деп, кабаатырланат.

Сейсенбай Шопоктун айткандарына колун шилтей берип:

– Шаардын тигил тарабындагы эски сепилдин артында жашаган бир казак карыя бар! Аны биз Ыйык Сакал дейбиз. Ошол Ыйык Сакал карыя мурда Эрен кабырага айдалып барып, көп жылы жүрүп келген экен. Көп кулдарды тааныйт. Ким кайсы улуттан, кайдан келгендигин да билет. Ошол кишиге жолуксаңыздар, андан кыргыз малайларынын кайсыл жакта турушаарын сурасаңыздар айтып берет, андан көптү билип аласыздар!-дейт.

– Андай адамга жолуксак абдан жакшы болоор эле. Бирок, биз өзүбүз ал адамды издеп таба албайбыз го. Дайын-дарегин дааналап айтып берсең, азыр эле издеп жөнөйлү!-дейт, Мамаке.

– Ооба, таппай калышыңар мүмкүн. Себеби, ал адам, абдан буйткалуу жерде жашайт. Мен жүгүмдү жеткирип, кайра келейин. Анан сиздерди ээрчитип барайын. Менин берген жардамым ошол болсун-деп, Сейсенбай капты силкип, жонуна салып, жөнөй берээринде: -Сиздер ушул жерде туруңуздар! Мен тез эле келе каламын!-деген бойдон жолуна түшкөн.

Мамаке менен Шопок, анын элпектигине, жакшылык кылууга дилгирлигине ыраазы болушуп, ушундай мыкты жигиттердин айрым кезде тагдыры тайкыланып, бирөөнүн көзүн карап жашап калгандарына ичтери ачышып, ойго батып, «ушул жерде туруңуздар» дегени боюнча кайра аттан түшүшөт.

Сейсенбай көпкө күттүрбөй тез келет. Шопок көрпөчөсүнүн бир учун жазып, атына учкаштырат. Ат үстүндө ар кайсыны сүйлөшүп, Сейсенбай убактылуу малайлыкта жүргөнүн, келечекте кербенчи болгусу келгенин айтат. Бир жакшы кербенчи менен мамилелештигин, ал аз учурда келип, алып кетээрин, азыр анын бул жакта калтырып кеткен кербен жүгүнө көз салып тургандыгын да кошумчалайт.

Эбегейсиз чоң шаарлардын катарына кирип калган Үрүмчүнүн бир тарабынан башка тарабына жет-

кичекти күн төбөдөн ооп, бешимге чукулдайт. Шаар түптөлө баштаган мезгилде курулуп, кийин кароосуз калып, урандыга айланган эски сепилден өтүп, ийрибуйру жолдор менен жүрүп, эшиги күн батышты каратыла салынып, үстү камыш менен жабылган кичинекей, күнгө өңү өчүп, бозоргон чүпүрөктөй боз тамдын алдына келишкенде:

– Мына ушул үйдүн ээси Ыйык Сакал карыя!-дейт, Сейсенбай.

Аттардан түшүп, үйгө кире беришээринде, сакалчачын небак ак баскан, кубарыңкы тарткан жүзүнөн мээримдүүлүк төгүлгөн карыя алдыларынан тосо чыгып, айтылган саламды алик алат. Ал-жай сурашып, Мамаке менен Шопок ызаат көрсөтүшөт.

– Сиздер мында калып, жай отуруп, шашылбай сүйлөшүңүздөр. Мен ылдам кете берейин! - деп, Сейсенбай шашыла коштошо, кайра артка жөнөйт.

«Көп жашап, көптү көргөн киши көсөм болот» дешет. Мамаке менен Шопокту мейман катары кабыл алган Ыйык Сакал карыя адегенде алардын келген максаттарын кунт коюп угуп, бүгүн үйүнө түнөп, кенен кеп салышууларын өтүнө, аттарын кошуна короого киргиздирип, жайгаштыртат. Шашылбай алдыга дасторкон жайдыртып, тамак-аш койдурат. Жашы өтүп калган байбичеси өзү менен жашташ сыяктанат. Ал кишинин да жүзүн бырыш каптап, чачтары агарган.

– Ие-ээ, баатырларым. Ушунча узак жол басып, изгиликтүү иш кылганга белсенип, мусапырды муңдан, кордолгонду кордуктан куткаралы, адашканды алып келели, буюкканды буруп келели, элсизди элдүү, журтсузду журттуу кылалы деп, жүргөнүңөргө ыраазымын-деп, баштайт сөзүн Ыйык Сакал карыя алдыдагы дасторкон жыйылып, үчөө бирге отурганында: - Ушул жашка келип, нечен жашоону башымдан өткөрсөм да, бир канча жыл мурда кулдукка кетип, дайынсыз болгон кишилерди издеген адамдарды кабылткан эмес элем. Үч жыл, беш жыл мурун кеткендерди издеп келгендер болгон. Канчалык күчүн жум-

шап издешсе да, алардын көпчүлүгү өз кишилерин таппай кетишкен. Силер менден: «Көп сөз угабыз, дайын-дарек билебиз» деп келгениңерден кийин, билгенимди жашырбай айтып берейин.

Менин түпкү тегим казак. Бу жалганда бири-бири менен кармашпаган, кун доолашып чабышпаган эл жок өңдөнөт. Бир кезде биздин казактар да ич ара чабышып, жалоондой болгон жигит кезимде мен да кун төлөмөр болгом. Кунга кун алабыз деген тараптын күчтүүлүгү көптөрдүн тамырын кыркты. Нечен жигиттин башы кесилди. Мен Эрен кабырага айдатылдым. Калмактын Иле жергесиндеги Каш суусунун боюндагы Эрен кабыра деп аталган жерге айдалып келип, жарым жылдан ашуун кайтарууда жаттым. Ал жерден мени жарым жыл бою эч ким кулдукка сурап албады. Эрен кабырага түшкөн адамдарды катуу кайтарыкка алышат. Ар күн сайын кул суроочулар келип, ишке жарактууларын алып кетишет. Кул суроочулар негизинен байлар, кербенчилер. Алар кул болуучуларды бирден карап, жаштарын, айрыкча өз эли-жерин билбегендерди алышат. Андан тышкары кулдукка алаарында: «Кожоюнума кара санабайм, эч жакка качпайм, баш көтөрбөйм, тил кайырбайм» деген сыяктуу ант беришип, «Ал антты бузганымда кожоюнум башымды кесип, өлүгүмдү итке салып бергенине макулмун» деп, касам ичишет. Ушундан кийин кулдукка кетет. Кул сурап келген адам же кожоюн болуучу киши, кулдукка кеткени ант бергендин көзүнчө Эрен кабыранын бийлик ээсине пул төлөйт. Анын мындай кылганы – «Биротоло башын ачып, кул кылууга сатып алдым» дегени. Ошентип анттаппып, касам ичип, пулу төлөнгөн кулдан кийин: «Эли-жериң кайда?» демек түгүл: «Өз атың ким?» десең да айтпайт. Анын үстүнө кожоюндар атайын кулдарынын атын буруп коюшат.

Айткан антын бузуп, качканга аркеттенген кулдарды кожоюну көз көрүнөө, башка кулдардын көзүнчө өлтүрүп, өлүгүн көмдүрбөй ачык талаага таш-

таттырат. Аны көргөн башка кулдар айткан антын бузбаганга тырышат. Ал эми кулдукка кетпей, Эрен кабырада жата бергенден өткөн кордук жок. Ал жерде жаткыча өлүп калган артык! Адам ар түркүн кыйноолорго кабылат. Ит көрбөгөн кордукту көрөт. Ал жерде эч ким кийим же тамак бербейт. Кечке муздак таштын үстүндө отуруп, кечинде ошол таштын үстүнө жатат. Ачкалыктан топурак жеп, алдуусу алы жогун, чоңу кичинесин кажалап жегендер бар. Андыктан кул суроочулар жактырып, батыраак алып кетүүсүн самайт. Кулдукка жарабагандардын башы кесилип ташталат. Андайга көбүнчө кары-картаңдар, алсыздар кабылышат. Мен жарым жыл жатканымда мени бирөө кулдукка сурап, бирок менин үй тазалаган жумушка жарабастыгымдан албай кетти. Көрсө, кул алуучулар эмне иш аткара алаарын, мурда эмне жасап жүргөнүн, Эрен кабырага кандай жагдайда келгендигинен өйдө иликтеп билип, андан кийин алышат тура. Мен кун төлөмөр болуп келгенимди билгендиктен дагы бир кул суроочу жактырбады. Ошондон кийин бир кербенчи келип мени сатып алды.

Эрен кабырадагы кордуктан көрө, кул болуп сатылып кеткен жакшы сезилип, «ант бер» десе берип, касамын ичип, бирөөнүн айдагында жүргөн артык көрүнбөдүбү, аттиң. Кул жумшоочу жок дегенде тамак берип, ташка жаткызбай, сыз болсо да жерге жаткырат. Жыртык-тытыгына карабай кийим кийгизет. Ошондуктан Эрен кабырда жүргүчө кул болуп кеткеним артык дедим. Ал жерден «мен кулдукка барбаймын» деп айтканга укугуң жок. Антип айткандын башы ошол жерден эле шак кесилет. Кулдукка жарабагандарды, шартка баш ийбегендерди турган жеринде мууздайт. Андыктан өлүп жаткандарды аралай басып, тебелегенин тебелеп жүрүү –тирүү калгандарга көнүмүш болуп калган.

Эрен кабырада түрлүү жагдайларга кабылгандар бар. Бири элинен айдатылып келет. Бири жортуулда колго түшөт. Көпчүлүгү калмак менен кагылышууда

туткундалгандар. Ошол Каш суусунун боюндагы Эрен кабыранын бийлик ээси калмак. Эрен кабыранын өзү да калмактыкы. Ал жерге элинен айдатылып келгендердин көбү бала-бакырасы, айрымы урук-тууганы менен чогуу сүрүлгөндөр. Алардын арасында кыз-келиндери да болот. Андайлардын ишке жарактууларын калтырып, кары-картаңын, алсызын ошол жерден жок кылышат. Жортуулдап келгендердин башчыларынын башы келээри менен алынат. Калмактар менен кагылышуулардагы туткундардын көпчүлүгү Эрен кабырага жетпейт. Жеткендердин ичинен кулдукка айрымдары алынбай, ошол жерде жүрүп, күнү бүтөт. Айдалып келгендердин айрымдарынын кыз-келиндерин күңдүккө алгандар чыгат. Алынбай калгандардын шору кайнап, акыры өзүнөн өзү өлүмгө барат. Жүзү курган Эрен кабыранын жайы ушундай.

Угушумда андан башка жерлерде да Эрен кабыралар бар дешет. Ар кайсы жердеги Эрен кабыранын шарттары ар башка экендигин да айтышат. Мен кабылган Эрен кабыра калмактыкы болгондуктан анын шарт-тартиби катаалдыр. Бирок, азыр кимди-ким аяйт. Калмак менен каршылаш элден келгенди аларың аяп коймок беле?! Калмактан барганды да башкалар сыйлабайт.

Ыйык Сакал карыянын Эрен кабыра тууралуу айткандарын дем тартпай угуп отурган Мамаке менен Шопок өзүлөрү кабылып сүйлөшкөн кулдардын эмне үчүн кетүүгө аракеттенбегенин, атүгүл улутун, арасында өзүнүн атын айтпай коюшкандар көп экендигин, себеби алар ант берип, касам ичкендигине байланыштуулугун айтылган сөздөрдөн улам билип отурушат.

– Ошол калмактын Эрен кабырасында отурган учуруңузда кыргыздарга кабылдыңыз беле?-деп, сурайт Мамаке ток этээр жерин.

– Кыргыздар бар болчу. Ал жерде ар улуттун кишилерин кармап турушчу да. Сарт, уйгур, тажиктерди көргөмүн. Атүгүл калмактын өзүнөн да бар эле. Бир кыргыз жигити менен көпкө чогуу туруп, андан

кыргыздын көп санжырасын уккам-деп, улайт кебин Ыйык Сакал карыя: -Ал өзү Солто деген элденмин дечү. Аны кулдукка эч ким албагандыктан башын кесишти. Себеби калмактын тоюнда жаңжал чыгарып, ат уурдап качып, куугунчулардын колуна түшкөн экен. Ошондуктан калмакка кол салган душман катары күнөөлөнүп, кулдукка алынбай калат. Андан башка кыргыздарга да кабылдым. Бирок, өз башымдын азабын тартып, санааркап жүрүп алар менен сүйлөшүп, кайсы элден, ким дегендигин сурабадым.

Жай башында келип күз ортологуча ушул жактарды кыдырып жүрүп, далай элди көргөндүрсүңөр. Бул жакта жергиликтүү болуп, ата-тегинен бери ушул жерди мекендеп келген ар кайсы улуттун элдери бар. Алардын айрымдары биримтиктүү жашап, эриш-аркакташып, кеби-кеңеши бир болсо, биримтиктешпей, алдуусу алсызын эзгендери арбын. Мен кербенчинин кулу болуп жүрүп, көп жерлерди кыдырдым, көп элди көрдүм. Ошолордун ичинен бири-бирине жакшылык санабаган калк ушул калмактар экендигине көзүм жетти. Кербенчим Торзеча деген калмак эле. Өзү калмак болуп туруп, калмактарды жаман көрүүчү. Сооодасын калмак арасында жүргүзбөй, башка улуттун эли жашаган жактарга баруучу. Анын эмнеге ошенткенин сурачу эмеспиз. Малын айдаган эки уйгур малайы, дагы башка жалданган кишилери кызматын кылчубуз. Мени кулдукка алганында ат бактырып, кийин мал айдатты. Андан ары өзү жанына ээрчитип, соодага аралаштырды. Берген антым боюнча мен да жакшы иштеп бердим. Ошол соода ишинде жүргөнүмдө көп кишиге жолугуп, көп элди билдим. Ар бир улуттун ар башка мүнөзү болоорун, ошого жараша салты, адаты, жашоо турмушу, жөндөмү бар экендигин көрдүм. Мен көрүп билгендердин ичинен чынымды айтсам, кыргыздардын бардык ишке жөндөмдүү келишээрин байкадым. Кайсы жерге уругу түшсө, ошол жердин жакшы-жаманына карабай өсүп чыгуучу өнүмүндөй, туш келген жерден жашоосун улантып кет-

кендерине күбө болдум. Бирок, эл болгондон кийин арасынан ар түркүндөр чыкпай койбойт турбайбы. Энеден туулган бойдон калгансып, оозун ачып, жалдырама атка конгондор да жок эмес. Андайлар бардык улуттагылардын ичинде кездешет экен.

Ушундай кептерди салып берген Ыйык Сакал карыянын сөзү улам узарат. Күн батып, кеч кирет. Колунда бар тамак-ашын коюп коноктойт. Кулдардын кожоюндарына эмне үчүн берилгендик менен кызмат кылып, элине качып кетүүнү ойлобой же алып кетели дегенде макулдабагандыгынын төркүнүн толук түшүнгөн Мамаке менен Шопок улам бир нерселерди тактап, карыянын сураганына жооп кылып, тоолук эл жөнүндө узун кептерди улантышат. Экөөнүн белсенип чыккан иштерине жана ушундай коогалаңдуу учурда Жаркен хандыгын аралап, жер кезип, калмактар үстөмдүк кылып, бийлигин жүргүзүп турган Үрүмчүгө чейин келишкен баатырдыктарына ыраазы болгон Ыйык Сакал карыя бардык билгендерин жашырбай айтып берет. Бирок, кийинки кездерде карылыктын азабынан көп элге аралаша албай, учурда кайсы жерде кандай кыргыз же казак бар экендигин билбей калгандыктан, экөөнө жардамдаша албаганына аябай өкүнөт.

Кечки тамактануудан кийин дагы кептер уланып, карыя Торзеча калмакта көп жылы кул болуп жүрүп, ал кокустуктан өлгөндөн кийин башы азат болуп, өз бетинче тиричилик кылып, элине кетип кала албай, ар кайсы шаарларда жүрүп, акыры ушул Үрүмчүгө келип, туруп калганын айтат.

– Ушул отурган тамды үй кылып, байбичелүү болуп, күн өткөрүп турам-дейт, карыя өз башынан өткөргөндөрүн айтып келип: -Жашым өтүп калган кезде мурут-сакал койсом, сакалымдын эки жагы ак, ортосу кара болуп чыкты. Ошондон улам менин Туякбай деген атым айтылбай, билгендер Ыйык Сакал атыктырышты. Өз атымдан айтса, чынында көптөрү таанывайт. Ыйык Сакал дешсе дароо билишет.

Түндүн бир оокуму болгуча кеп салышып, көп жагдайлар тууралуу жаңы уккандыктан:

– Биздин билгенибизден, билбегенибиз көп тура?- дейт, Мамаке моюнга ала.

– Ооба, билбегениң көп! Бул жактын, айрыкча калмактын көп сырын билүү үчүн кенен эки-үч жыл жүрүүң керек. Башкаларга калмак эле жоо эмес, калмакка баш ийген көптөр да жоо. Ал эми калмактын өзүнө калмак жоо. Анын баарынын сырын билүү оңой болбос. Ошондой эле калмакка кул болгондун ким экенин билүү кыйын. Анткени алар ант алып коюшат. Калмакты туурап башка улуттагы кожоюндар да ошондой кылат. Анан кулдардан кеп да, сөз да чыкпайт. Өз атасы келсе да, «башкамын» деп айтат- дейт, карыя кападар.

Ушунча убакыттан бери жүрүп, көп нерсеге көзү жетип, ойго келбеген окуяларга кабылган Мамаке менен Шопокко Ыйык Сакал карыянын айтып бергендери дагы бир туюк сырдын ачылганындай туюлат. Эрен кабыра тууралуу мурунтан угуп-билгендери менен андагы белгисиз жагдайлар тууралуу толук биле бербей жүргөндөрүндө, ал жерде камалып, азабын тартып, тозогун көргөн карыядан уккандары көп ойго салат экөөнү. Атайын аттанып алдыга койгон максаттарынын аткарылбастыгына көздөрү жетет. Отуз жылдан ашуун убакыт мурун колго түшүп кеткен туугандарды табуудан үмүт үзүлө баштайт. Ал үмүттүн кайрадан уланаарына, алдыга карай жетелээрине ишенич жоктой сыяктанат. Бардык кылган аракеттердин текке кетээри көрүнүп, жанды кейитип, жүрөктү өйүп, ичти ачыштырат.

Ошентип, Ыйык Сакал карыянықынан аттанган Мамаке менен Шопок Үрүмчүдө эки-үч күнү туруп, кайрадан жолго чыгышат. Атайын алдыга койгон максаттын аткарылбагандыгына кабаатырланган эки баатыр Кашкар аркылуу өз эли-жерине кетүүнү көздөйт. Алдыда али узак жол. Катуу багыт сапар...

* * *

Жол жүрүүдө учурдун коогаландуулугу, замандын тарып, куушурулуп тургандыгы, жай өтүп, жыл мезгилинин күзү ортолоп калгандыгы да тоскоол болоорун бөркүндөй көрө бер. Кыш чукулдап, кар түшүп, ашуулар бекий элегинде элге жетүү үчүн тынымсыз жол жүрүү керек. Түнкүсүн тыныгып, күндүзү жол жүрүп, аттардын басык ылдамдыгы менен жүргөндө бир айдан ашуун убакыт жол жүрүүгө туура келет. Бирок шыдыр жүрүүгө шарт, жагдай, ыңгайлуу учур түзүлөөрүнө ишеним аз. Себеби калмак хандыгы ээлеп турган кенен аймакты аралап, Жаркен хандыгы бийлик кылган жерлерге жетүү, андан ал жерлерди басып өткүчө канчалаган күн өтөт? Ал эми ашуулардан ашып, кечүүлөрдөн кечип, чөлдөрдү кезип жол арбытуу оңойго турбас.

Калмак бийлиги өзү ээлик кылган жерлерин чакан аймактарга бөлүп, андагы элдерди башкарып туруууга шуңяндарын дайындаган. Ар бир шуңяны дараметине жараша казына жыйнап, курал жарактуу жигиттерди топтойт. Өз бийлигин ошол жигиттеринин күчү менен бекемдейт. Алардын ичинде баш кесээри, жортуулчу-чабуулчусу, казына кайтаруучусу, дагы башка бийликтин союлун чабуучуларынын тизмеги узун. Мындай союл чабуучуларды жанына топтоо – жалпы эле бийлик эгелеринин ишенимдүү ыкмасы. Өз букаралыгындагы калкты «кыңк» эттирбей башкаруу үчүн тил кайыргандын башын кесип, канын төгүүнү адатка айландыруу – ар бир башкаруучунун максаты. Андыктан өз карамагындагы элдин жанын сууруп, канын соруп чогулткан казынасынын эсебинен багылган жигиттеринин ичинде баатырлары көп болсо, бийлик ээлөөчү дайыма күчтүүлүк кылат.

Мамаке менен Шопок Үрүмчүдөн аттангандан кийин жарым айга чукул убакыт жол жүрүп, калмак хандыгынын жеринин четине чукулдайт. Алдыда Жаркен хандыгына караган жерлер. Аттарын тынылтырууну көздөгөн экөө ылайыктуу орун таап, өргүүнүн

жолун издешет. Аталган жердин эли өз элиндей меймандос, боорукер болсо кана атаганат, каалагандай өргүшмөк эле. Бирок, жергиликтүү элден меймандос адамдын табылаары күмөндүү. Ошондуктан өзүлөрү өздөрүнө ыңгайлуу шарт түзүүсү зарылчылык.

Ушундай максатта айланадагы абалды, шарт-жагдайды байкоого алуу үчүн бастырган Шопок тегерегинде курал-жарак алып жүргөн жоокерлердин көптүгүн көрөт. Алардын көзүнө чалдыкпоого далалаттанат. Жердин ыңгайсыздыгын, куралчандардын арбындыгын байкаган Шопок ал жерден ат өргүтүүгө болбостугуна толук көзү жетет. Буйткалуу эмес, жашырынууга болбой турган бул жерден алыстап кетүүнү ойлоп, арытада атынан түшүп, ооздугун чыгарып, эки-жакка көз чаптырып турган Мамакеге келип, оюндагысын айтат. Мамаке шашылбай кыймылдап атына минип, кайрадан жолун улантышат. Бирок, чаалыккан аттардын басыгы басаңчалап, жол арбытуусу кыйындайт. Күн да кечтейт. Мындай учурга мурунтан көп жолу кабылып, анын айласын далай тапкан экөө дегеле шашылбайт. Бири эс алып, бири кароол карап, ат тыныктырган күндөр көп эле болгондуктан, кабагым-кашым деп, кейип же кабаатырланышпайт. Ат жалында куш уйку салганга да көнүшкөн. Үйдөн аттангандан бери талаа-түзгө түнөп, айлап тыныкпай, бут чечпей, башын жерге койбой, кооптуу жерлерде куралын колунан чыгарбай, тизе бүгүп, жай отурбай, кара бою менен тике туруп, таң атырган кездерге да туш болушкан.

Аттардын алы кеткендиги жан кейитсе да жолду улап, чукул бир ылайыктуу жай таап, ошого түнөшөт. Өздөрүнө жайлуу болгону менен аттары тоюна бербеген бул жердин чөбүнүн суйдаңдыгына карабай мингичтерин аркандап, улам которуп турмай болушат. Жерлер кумдуу болгондуктан чөлгө окшош, бетеге, шыбак, тулаң өспөгөн бул аймактар, Алатоонун арасына салыштырмалуу кунарсыздай көрүнөт. Камгак менен сөксөөлдөн башка чыкпаган талаалар көп. Күн

төбөдөн ысык тийип куйкалап, чөптөрдүн тамырына чейин күйгүзүп, жоготкон өңдөнөт. Жамгыр канча жааса да какшыган чөлдүн чаңкоосу канбайт. Ал аздык кылгансып, шамалдуу келип, булут токтотпой айдап кеткендиктен, жамгыр да, жаан да жакшылыктуу жаабайт. Анын үстүнө күз келип, бирин-серин чыккан чөп баш алганга жетпегендиктен андан урук түшпөй калган. Демек, кийинки жылга өсүп чыга турган чөп көбөйбөй, азая берип, жок болгон сыяктуу.

Ошондой чөлдүү жерлерди аралап, тынбай жүрүүгө аттын аты гана жарайт. Туяк түтпөйт. Бир четинен башка жагына жеткичекти аттын аягы эмес, учкан куштун канаты талыгыдай, учу-кыйырына көз жетпеген нечен какыраган талаалар кездешет. Андай жерлерде чыдамдуулугуна карап, көп пайдаланылган унаа-көлүктүн бири – төө. Айтору, кунарсыз жерлерди кыдырган Мамаке менен Шопок аттарын сактаганга, таптаганга сөзсүз жандалбасташат. Аларды карап, тойгузуп, алынан, сынынан кетирбегенге күн сайын аракеттенишет, өзүлөрүнө азык-тамак издөөдөн мурун аргымактарга тоют издешет. Аттарды убагы менен сугарып туруу үчүн чаначка суу куюп, канжыгага байлана жүргөн учурлары да болот.

Эртеси жакшы тоюнбаган аттардын жүрүүсү мурунку күндөгүдөн да кыйындайт. Илкий басып, шайы кеткен сайын жол арбыбайт. Жакшы тоюттуу, малга оттуу жер издегендин аракетин кылышса да, ойлогондору оңунан чыкпай келет. Калмак хандыгы менен Жаркен хандыгынын чектешкен аймактарына чукул келип калгандыктан, ар убак жашырынууга аргасыз, ушунун кесепетинен көптөгөн түйшүктөргө кабылышат. Эки хандыктын чектешкен жерлеринде сөзсүз түрдө кароолчу-кайгуулчулары болбой койбойт. Алардын көзүнө чалдыкпай өтүп кетүүгө, из жазгырууга айлакерлик менен аракеттенүү керек. Жайында Жаркен хандыгынан Калмак хандыгына өткөндө жергиликтүүлөргө аралашып, ары-бери жүргөн жо-

лоочулардын бири катарында кирип кетишкен. Ал учурда жайдын толук кези болгондуктан, талаа-түздө жүргөн, тынымсыз катташкан эл көп эле. Азыр күз небак келип, алыска чыккан киши азайып, кербенчилердин да соодасы бүткөнсүйт. Андыктан аралашып кеткидей кишилер аз, шак эле көзгө урунасың, “мен мындамын” дегенсип.

Улам бир айла издеп, убараланса да үмүт үзбөй, алга жылууну көздөгөн экөө артынан калбай андан-мындан көрүнө калып, кайра жашырынган атчандарды байкайт. Колдорунда куралдары бар. Асынган жаалары да көрүнөт. Аларды адегенде байкаган Шопок:

– Биздин изди кубалай чыккандар бар экен!-дейт.

Мамаке жай сүйлөп, шашылбай-кебелбей, эки жагына көз салып:

– Качантан бери артыбыздан аңдыгандарын байкабадыңбы?-деп, сурайт.

– Аз убакыт эле мурун байкадым. Жанатадан даана көрүнгөн эмес. Азыр калкан-найзасы, асынган жаалары саадактары менен экенин даана көрдүм.

– Көп кишилер өңдөнөбү?

– Көзгө чалдыкканы бирин-серин. Булар биздин артыбыздан түшкөнүнө аз убакыт эле болгонсуйт. Эгерде кечөөтөдөн ушундай аңдып баштагандар болсо, түндөгү түнөктөн кол салышмак. Эртеден берки баскан жолубуздан издешкенсийт!-деп, Шопок жылмая жооп берет.

Артынан аңдоочу түшкөнүн, атынын куйругуна чөп илээшкендей сезип, жылмайып жооп бергенине Мамаке ичинен ыраазы болуп:

– Аттарыбыздын шайы кетип баратканда кармаш чыкса кыйналышка кабылсак кантебиз!-деп, Шопокту сынай карайт.

– Катылгандардын тың аттарын тартып минебиз да!-дейт, Шопок тартынбай.

Мамаке андан ары сөз улабайт. Шопоктун тартынбастыгын мурунтан билсе да, анын берген жообу көңүлүн көкөлөтөт. Баатыр канчалык баатыр атал-

ган менен, колунан баары келип, күчү теңдешсиз болгон күндө жан жолдоштун жөлөгүнө таянат. Жан жолдоштун башкалардан артыктыгы – баатырды сүрөйт, дем берет. Ал эми Шопок Мамакеге жөлөк эле болбостон, анын кармаш учурунда ишенимдүү куралы, башкача айтканда найзасы боло алат. Сабын Мамаке кармап, алдыга сунса, болот калканды да талкалап өтөөрү шексиз. Шилтесе нардын башын шылып түшөөр кылычына да айланаары бышык.

Бирок, баатыр энөө болот дейт элде. Көптөгөн баатырлардай эле Мамаке да абдан энөө. Көп иштерге кайдыгер, тоотпостук жана маңыроолук менен мамиле кылат. Жоого кирип, кармаш күчөгөндө чапчаңдык кылса, башка учурда шашылбайт. Айрыкча жол жүрүүдө саякаттап бараткансып, ат тизгинин бош таштап, камчыланбай, теминбей, ат үстүндө үргүлөйт. Андан тышкары ойлогонун бербейт. Көп учурда бир айтылган сөзгө ишенип алып, андан башкаларга ишенбейт. Айтканынан кайтпайт. Анын мындайын жакшы билген Шопок баардыгын өз көзү менен көрүп, дааналап байкаганга далалаттанат. Уккан сөзүнүн чын-бышыгына жетүүнү көздөйт. Ар бир нерсенин эмне экендигин, жасалуучу иштин оң-терс жактарын ойлойт. Өз ойлорун ынанымдуу далилдейт.

Энөөлүктөн, байкоосуздан Мамакенин кыйынчылыктарга туштугуп калбоосу үчүн алдын-ала аракеттенип, кабылган түйшүктөрдөн кутулуунун жолун табууга бардык күчүн жумшаган Шопок Мамаке үчүн жөнөкөй эле жан жолдош же сапарлаш эмес. Эң чоң кеңешчиси. Ишенген иниси. Кыйышпас тууганы. Бир туугандан артыгы. Андыктан анын айтканына бардык убакта болбосо да, көп учурда макул. Жаш болсо да калбаат. Аярлап сүйлөп, абайлап иш кылган мыкты адаты бар. Шопоктун ушундай сапаттарын артык көргөн, ар убак баалаган Мамаке кийинчерээк, кеңешпей иш баштагандан тартынгансып, кылчактаган кездери барган сайын көбөйгөн.

Катарлаш бастырган экөө, алды-артын байкап, аркадан аңдыгандар кандай жерден ачыкка чыгып, максаттарын билдирип, кармашаарын же аңдуу салып, ээрчип жүрө беришеби, акыры өздөрүн айгинелерин күтүп, алсыз аттарынын тизгинин бош таштап жүрө беришет. Күн шашкеден өтүп, түш маалдайт.

– Тигилериң качанкыга чейин илээшет?-дейт, Мамаке күлө сүйлөп.

– Өзүбүз баштап, аттарын тартып алсак, ырас болор эле-деп, Шопок Мамакени карап, андан ары айланага көз чаптырат. Бараткан жерлери ичке жылгалуу дөңсөө тоолор болгондуктан, кармашка ыңгайлуу жерге жетүү көңүл чордонунда. Бирок, кармаштын ыгын билип, эбин тапса, бардык жер ылайыктуу экенин билишет. Ошентсе да сактанууну көздөйт.

Шайы кеткен аттар илкий басат. Арттан аңдыгандар же жакындабайт, же алыстабайт. Сороктоп андасанда көрүнө калат. Катар бастырышкан Мамаке менен Шопок ыңгайлуу учурду күтөт, белсемдүү беттешкенге чек издейт. Дагы бир аз жүрө түшкөнүндө кууш жылгага туш келип, эки жагын байкаган Мамаке:

– Сен туура жактагы жылганын буйткасына кирип, аңдыгандарга көрүнбөй туруп кал. Мен жалгыз бастыра берем. «Булардын бири кайда кетти» дегенсип, тигилер элеңдеген учурунда ыңгайын келтирип кол салабыз. Адегенде жаа-саадактууларын жок кылалы. Жаанын огунан калкансыз сактануу кыйын болот-дейт.

Эки жагын абайлап, аңдыгандар көрүнбөй калган кезде, суу жеген жыраңка кейиптенген ичке жылгачаны көздөй атын теминип, камчыланып, имерилишине кирип далдаланат Шопок. Мамаке эки жакка көз чаптырып, кулагын түрүп, шырп эткен дабышка да, кылт эткен кыймылга да байкоо салат. Азыр коён чабыш эмес, жоо чабыш болгону тургандыктан баарына сак.

Жылганын имерилишине кирип, ат үстүндө өбөктөп, эки жакка көз жиберген Шопок да дабышка кулак салып, аңдыгандарга байкалбай калууну

көздөйт. Мындай учурда тагдырдын көз ирмемде чечилмейи бар. Ар бир кыймылды өз кезегинде жасоо керек. Алдыга озунууга да, кезегинен кечигүүгө да болбойт. «Өзүңдү эр ойлосоң, бирөөнү шер ойло» дейт. Арттан түшкөндөр да жөн кишилер эместир. Алар да баатыр атыккандар! Бекеринен алар жоокерчилик кылганга аттанбаса керек. Мындай ишке теги жөндөмсүз бирөө жөнөбөйт. Андыктан кылдаттык менен байкап, чебердик менен иш жасаган абзел.

Бөксө тоого окшобогон, дөңсөө деп да атаганга жарабаган, бирок мелтиреген түз эмес жерлердеги жылгадагы ат жолдо жалгыз бастырып бара жаткан Мамакенин карааны улам алыстаган сайын, Шопоктун айланасында дабыштар көбөйгөнсүйт. Жакындаган аттардын дабышы даана угулат. Жол менен бирөө ылдамдай бастырып өткөнү, анын артынан да атчандар бараткандары байкалат. Аңдыгандар жол менен эле жүрбөгөндүгүн ойлогон Шопок өзү далдаланган жылгачанын үстүнө да байкоо салат. Дагы азыраак убакыт өткөнүндө Мамакенин артынан түшкөндөрдүн дабыштары басаңчалап, алдыга карай узап кеткендиктери билинет. Атынан түшүп, аста басып, өйдөлөп чыгып, туш тарабын карап, Мамаке бастырып бараткан жылганын ичи алаканга салгандай көрүнгүдөй жерге келет. Аңдыгандардын экөө наркы кырчада баратат, алардын асынган жаалары бар. Ал эми жылгадагы жолдо бараткандары төртөө. Найза, чокморлору, калкан кылычы менен. Жоо-жарактары толук. Булардан башка айланада адам көрүнбөйт.

Кайра атына минип, аңдыгандардын артынан түшкөн Шопок жылганын жаа атуучулар бараткан тарабына өтүп, алардын кармашка даярданып бара жатканын же башка нерсеге алагды болуп бараткандарын байкоону ойлойт. Жаачыларды алагды кылса, Мамаке тиги төртөөнө тегеректетпейт. Аты баспай калмактан өзү жөө калса да, төртөөнүн айласын табат. Ага Шопок бөркүндөй ишенет. Андыктан жаачыларды жок кылуунун жолун табуу керек.

Жылгада бараткандарга байкалбай жаачылардын артынан түшкөн Шопок, аз убакытта көрүнөөгө чыгып, атына камчы салып, алдындагыларга чукулдайт. Күнгө куйкаланып, каксоолонуп калган жерден аттын дабышы катуу чыгып, дүбүрт күчөйт. Шопоктун мындай кылганын биле калгансып, Мамаке да атынын башын кайра буруп, жылга ылдый желдире чаап, аңдыган төртөөнү утурлайт. Шопокту көрө сала, жааларын алып, саадактарын сыйпалап жебе сууруган экөөнө дааналап көрүнүп, кайра ой жакка кирип кеткен Шопок төртөөнүн артынан чукулдайт. Алдынан чыккан Мамакеге беттешкенге даярданган төртөө артынан чочута: -Э-эй!-деп, каардуу үн салган Шопокко карай кылчайышат. Ошол учурда жете келген Мамаке качырып кирип, экөөнү чолок сап найзасы менен уруп өтөт. Найзадан калкаланганга эмес, жалтанып, көздөрүн ирмегенге жетишпеген экөөнү көргөн беркилери абдаарыйт. Абдаарыгандарды аралай чаап өтүү – Мамакеге куурай аралап өткөндөй эле кеп. Ал учурда жаачыларды көздөй чапкан Шопок жапсардан чыгаары менен аттан түшүп, жерден чеңгелине толгудай таш алат. Дагы өйдөлөп, жаасын мээлей кармап, жылгага эңкейе бергенин таш менен уруп, атын коё берип, тийген таштан ооруган жерин сыйпалап, жебесин түшүрүп жиберген учурунда чуркап жетип, атына учкаша секирет. Колундагы чолок кылычын бир шилтөө менен жаачыны жерге кулатып, жылганын таманына түшүп, өйдө карай жөнөп калган экинчисине жете келип, буйдамга келтирбейт. Ушундай болоорун билбей, алдыдагы аттары араң баскан экөөнүн кайрылып кол салаарын ойлобой келаткан аңдыгыч алтоо менен болгон кармаш бат эле аяктайт. Мамаке менен Шопок аттардын ичинен тандап, бирден атты минип, өзүлөрүнүкүн жетелеп жолун улантат.

Бирден ат жетелеген Мамаке менен Шопок түндөп жашырынып, Калмак хандыгы менен Жаркен хандыгы чектешкен жеринен өтүп, тынымсыз эки күндүк жол

жүрүшөт. Куру жүргөнгө өз аттары тыңый баштайт. Ал эми тартып минген жылкыларына салыштырганда, тоо арасында өскөн кыргыздар баалаган чоң туяк, жоон билек, кең көкүрөк жылкылары алда канча артык да, бышык да экендигине көздөрү жетет. Алкынып-жулкунуп, алыс жолдо талыбачудай көрүнүп, турпаты келишип, сындуу болгону менен алсыз, чыдамсыздыгын билип, чөлдүү жердин жылкысынан чыккан аттарга ишенүүгө болбостугун ачык байкашат. Канчалык суутуп таптап, бапестесе да өз аттарындай канат болуп бере албастыгын ачык билишет.

Жүрө-жүрө токойлуу өзөнгө туш келген Мамаке менен Шопок ошол жерде өргүүнү көздөйт. Шар аккан суусу бар, малга оттуу айлана. Өзүлөрүнө жайлуу. Ыңгайлуу жерин таап, аттарды жайдактап, катары менен эки күн өргүп, эс алышат. Ары-бери чабыттап Шопок бир кой таап келип, жан казанды асып, от жагат. Бирок, ала жүргөн жолдук үйү же калмак-кытайлардыкындай чатыры болбогондуктан, көнгөн адаттарынча ээрди жазданып, тердикти алдыга салынып, көрпөчөнү жамынып, бак түбүнө жатышат. Эки күндүн ичинде аттары да, өздөрү да тыңыйт. Тартылып алынган аттары да оңолгонсуйт. Өргүгөндөн кийин мурункудай эле бирден атты жетелеп, жолго аттанышат. Эгерде тоскоолдуктар жок болсо, буйдалбай шыдыр жүрсө, элге жеткичекти дагы жарым айдан ашык убакыт жол басуу зарыл.

– Баягы Үмөтөйгө жолуга кетели!-дейт, Мамаке: - Мынабул эки атты жетелей барып, ошого берели. Күнү-күчүн көрүп, жашоосун оңоп алсын.

Мамакенин айтканын туура көргөн Шопок:

– Ошенткенибиз жакшы!-дейт.

Узак жол. Бир чети түйшүктүү, бир чети тажатма. Ортодо жол кыскартаар да кептер түгөнгөн. Үйдөн аттангандан бери мындай жолдун далайын басып, нечен кеп-сөздөр айтылбады беле? Мамаке бала күнүнөн бери көргөн билгенин, кармаштардагы ыкмаларынан өйдө, атты кандай багып, салгылашка

кантип көндүрүп, тизгинди кармаганына чейин айтып берген. Шопок да көргөн-билгендеринен небак айтып бүткөн. Элдин башынан өткөндөрдү, айрым кишилердин кылыктары тууралуу да далай уламыш, баяндар болгон.

Арадан күндөр өтүп, өргүгөндө тынып калган аттардын жүрүшү жакшырып, бир катар жерлерди басышат. Замандын коогалаңдуулугу шыдыр жол жүрүүгө тоскоолдук кылып жатпайбы. Бир хандыктын ичинде, бири-бири менен чектеш, канаатташ, аралаш жаткан элдин тынчынын кетүүсүнөн башкалар, тактап айтканда карапайым букара көбүрөөк зыян тартат. Жаркен хандыгындагы бийлик талашуу – элдин экиге бөлүнүүсүн, кан төгүшүүнү өтө күчөткөн, кырдаалды бир ууч топтун жеке кызыкчылыгы чайпалтып, курчутуп турган ушул учурда самаган жерине буйдалбай, кыйналбай жеткен жолочуну табуу кыйын эле.

Мамаке менен Шопок Улуу-Чат, Ак-Ший аймактарына жете бербей кайрадан жортуулчуларга кабылат. Бул жолу мурункудай аркасынан ээрчибей алдынан тосо чыгып, бирок, жакындабай алыстан сынай караган ондон ашык жигит, экөөнү тике качырып кол салбайт. Найза сунбайт. Жаа мээлебейт. Өз тилдеринде айгай сала кыйкырып, бирөөлөрдү чакыргансыйт. Мамаке менен Шопок да шашылып, кармаш баштабайт. Жай бастырып, алдыларында турган топтошкон жигитке чукулдайт. Ошол учурда туш-туштан чапкылап келген курал-жарагы шайма-шай жүздөн ашык жигит тегеректейт.

Кылычын бир колуна, найзасын бир колуна алып, кармашка даярданган Шопокту токтоткон Мамаке:

– Булар көп экен. Көптүккө салып кетет. Адегенде эмне максаттары бар экенин байкайлы. Андан кийин ыңгайга жараша бололу!-дейт, сабырдуу.

Айтылганды макулдаган Шопок кылычын бел куруна илип, тегеректегендерди сыдыра карайт. Баарысы бирдей баатыр эмес. Бирдей жарактуу атчан

эмес. Кармашса болгудай. Бирок, Мамакенин эмне ойлогонун биле бербей, токтолуп, адатынча алгач атылган ок болуп кетпей турат.

Тегеректегендердин ичинен бири атын теминип алдыга чыгып:

– Кайдан келдиңер?!-дейт, уйгурча сүйлөп.

– Үрүмчүдөн-деп, жооп берет Мамаке.

Уйгур тили менен кыргыз тилинин окшоштук жактары көп болгондуктан бирин-бири толук түшүнүшөт.

– Жетелеген аттар кимдики?

– Өзүбүздүкү!

– Өзүңөр кайсы тоолуксуңар?

– Алатоолукпуз!

– Ак тоолуксуңарбы?!

– Жок. Алатоолукпуз!

Жаркен хандыгында ак тоолук, кара тоолук болуп бөлүнгөн элдин ортосундагы кандуу кармаш күч алып, кара тоолуктар бийликти бекемдөө үчүн ак тоолуктарды кыргын кылып жаткандыктары тууралуу толук болбосо да азыраак кабардар болуп жүргөн Мамаке, Шопок булардын «ак тоолуксуңарбы» деп, кайра-кайра сурагандыктарынан, тегеректеген жигиттердин кара тоолуктар тарабынан экендигин билишет. Экөөнүн «Алатоолукпуз» дегенине көп ишене бербеген жигиттердин бири кайрадан суроо узатат.

– Алатоодогулар кайсы такыялууларга баш ийет?

– Эч кандай такыяга баш ийбейт!

– Бул жакка качан келдиңер эле?

– Жай башында келгенбиз!-деп, Мамаке жанатадан суроо берип, уйгурча сүйлөгөн жигитке карап, өзү суроо берет.

– Силер өзүңөр ким болосуңар?

– Биз жер эгесибиз!-деп, жигит какшыктай жооп берет.

– Жер эгеси жалгыз – ал жараткан Алла болот! Сен жаратканга теңелгиң келеби?!-деп, Мамаке тике карайт.

Эрдемсиген жигит жалтайлай түшүп, кайра кайраттанып, жанындагыларына таянгансып, чолок найзалуу экөөнү басынта сүйлөгүсү келет.

– Ушунча баатырдын ортосунда туруп, текеберлерленип, каның денеңе батпай төгүлгөнү турабы?!

– Кимдин каны төгүлөөрүн жекеге чыксаң көрөсүң!-дейт, Мамаке: - Баатыр болсоң жекеме жекеге чык!

Өктөм сүйлөгөн Мамакенин бул сөзү жүздөй жигитти баштаган өзүн баатыр атаган жоокерди намыстантат. Ат жетелеген жолоочу катары көрүп, чолок сап найзасы менен кыска кылычын куралга окшоштурбай, калканаар калканы, жонунда зоот-чопкуту жок, жайдак төш, жаман атчан кишини ыргыта сайыштан оңой нерсе жоктой сезилет. Андан тышкары Мамакенин олбурлуулугунан «ылдам кыймылдай албайт» дегенсип, жекеге чыкмай болот.

– Экөөбүздүн сүйлөшкөн сөздү жанындагылар түшүндүбү?!-дейт, Мамаке.

– Түшүндү!-деп, жооп берет берки.

– Анда баарыңар уйгурсуңарбы?

– Ооба!

– Кеттик анда, жекеге!-деп, Мамаке атын теминет.

Тегеректегендер жарыла берип, Мамаке менен Шопок бирден атты жетелеген бойдон четке чыгат. Жарданган жүздөй жигит өзүлөрү тарабынан жекеге чыкканы жаткан баатырын карай ыкташат.

Мамаке жетелеген атын Шопокко берип, үстүндөгү кемсел кейиптенген чапанын чечип, чолок найзасын эптей кармап, нарытадагы түзөңдү карай бастырат. Көпкө кечикпей калканын каруусуна илип, узун найзасын алып, уйгур жигит чыгат. Шопок өзүнчө күбүрөнүп, тилек тилеп, бата кылат. Бирок, баарысына даяр. Топураган жүздөй жигиттин ар биринин кыймылына көз салганга далалаттанат. Бул элдин жоокерлеринин сырын мурунтан билбегендиктен, көп нерсеге ишене бербейт. Жекеге чыккан экөөнү карай жапырт ат коюп кетишээри же жалгыз туруп калган

өзүнө карай жөнөшөөрү да ыктымал. Андыктан аяр сактануу керек.

Эрөөлгө чыккандар эки жактан бирин-бири качырып келип, бет келишкенде сайышат. Уйгур жоокерин сүрөөнгө алып, жүздөй жигит жер жаңырта кыйкырат. Эки жактан сабалап келген экөө кенен түзөңдүн ортосуна келип, кабылышканында эле уйгур жигит атынан кулайт. Мамакенин эч ким колдоно албаган, бет келишкен киши тирүү кутула албаган ыкмасынан уйгур жигит мерт болот. Жер жаңыртып, сүрөп турган жүздөй жигиттин үнү тып басылып, Мамаке атын буруп, Шопокту карай бастырат. Кубанычын жашыра албаган Шопок да жетелеген аттарды таштап, алдынан утурлайт. Жүздөй жигиттин ичинен үч-төрт жигит чапкылап кулап жаткан найзакерин көздөй жөнөйт. Калгандары кылаар айла таппай жатышкансып, турган жерлеринде кыжылдашат.

Найзакерине чапкылап барган үч-төрт жигит кыйкырып, тирүү экенин айтышат. Кыжылдап турган жигиттер чаап жөнөшөт.

– Өлтүргөнүңүз жок беле?-деп, сурайт Шопок.

– Жок. Жаш бала экен. Аядым. Найзасын сындыра чаап, өзүн акырек тушка бир салгам. Ошол эле жетиштүү болду-дейт, Мамаке камаарабай.

Баатырынын башын жөлөп тургузуп, ончактысы анын жанында калып, калган жигит топурай бастырып, Мамаке менен Шопокко келип, бири сөз баштайт:

– Баатыр! Биз силерге кол салмак эмеспиз. Элибизде ууру-кески көбөйүп, ары-бери жүргөндөрдү тергеп-тескеп турганга буйрук алганбыз. Силердин ат жетелеп, ушул аймакта жүргөнүңөр биздин хакимбекке белгилүү болуп, жетелеген аттарыңар менен алып келгиле деген. Ошол буйрук боюнча силерди ээрчитип кеткени келгенбиз-дейт.

– Силер кимдин жоокерлери болосуңар?-дейт, Мамаке.

– Хаким-бектин

– Хаким-бегиңердин аты ким?

– Масхут.

– Азыр Масхутуңардын алдына барып бергиле дегени турасыңарбы?!

– Ошондой.

Дагы бир аз суроо-жооптон кийин Мамаке менен Шопок үндөрүн аста чыгарып кеңешет. «Алданып калбайлы» деп, Шопок мойнобойт. Мамаке «баралы» дейт. Ойлогонун бербеген адатына салат. Көп учурда айтканга ынаганы менен бул жолу да:

– Бара көрөлү!-деп коёт, башын чулгуп.

Хаким-бектин турагы кетүүчү жолдун удулунда жайгашкандыктан, акыры Шопок да барууга макул болот.

Масхуттун жигиттери менен бирге бир далай жолду басып, Жаркен хандыгынын бир чакан аймагына бийлик кылууга коюлган «хаким-бек» деп аталган мансапдар турак кылган жайга келишет. Бул жердин туруктуу калкы уйгурлар болгондуктан, тамдары чалма менен салынган. Чачкын курулган тамдардын ортосундагы кенен короолуу, бийик дарбазалуу үйдүн алдына жеткендеринде ичкериден чыккан калкан-найзалуу жигиттер Мамакени атынан түшүрүп, короого алып кирип кетишет. Шопок аттары менен эшикте калып, көпкө күтөт. Киши чыкпайт. Күн кечтей баштайт. Жанындагы хаким-бектин жигиттери тарап кетет. Дагы күтөт. Ичтен дарбаза кайтаруучулар кирип чыгат. Алардан сураса жооп бербейт. Эгер кармаш болсо же башкача жагдай болсо, Мамаке адатынча үнүнүн бардыгынча бир бакырмак. Анын үнү бул короодон эле эмес, тоонун ары жагынан болсо да угулмак. Андай дабыш да, доош да жок, кудайга тобо. Дымырайт, далайдан бери баатырдын дайын-дареги жок!

Бул учурда Шопоктун мойнуна милдеттүү көп түйшүктөр артылып турат. Кеч кирип бараткандыктан аттарды жайгаштыруу, жайлуу орун табууга да үлгүрүү керек. Эр азыгы элден дегендей, азык, тоют табууга шашылуудан мурда Мамакенин эмне болгонун билүү зарыл. Дарбаза кайтаруучулар менен кармаш баштап, күчкө салуудан да тартынбайт. Бирок,

аярлыгынан баардык жагдайды байкоого алууну көздөйт. Атчан эмес, төөчөн кишиге ичи көрүнбөгөн бийик короонун ичин аңтарып чыгуунун жолун издейт. Агасы Мамакенин «дайынын билгизээр» деп, үмүттүү кылчактайт. Күтүп тура берүүнүн өзү туура эместигин да ойлойт.

Хаким-бекке жолугуу үчүн атынан түшүп короого кирген Мамакени короо сакчылары тегеректеп, куралын алууга аракеттенишет. Алардын анткенине моюн бербеген Мамаке короонун ортосундагы бийик салынган тамды көздөй жөнөйт. Пакса менен тургузулган бийик короо хаким-бектин ушул турагынын айланасындагы чепке окшойт. Ал чебинин ичине бакдарактар тигилген. Нарытада дагы тамдар турат. Ошолордун ичинен бийик, башкаларга салыштырганда коздолуп, эшик-терезелери оюуланып коюлгандыктан, хаким-бектин турагы ушул экендиги даана байкалат. Тоо десе тоодой, дөө десе дөөдөй болгон Мамакеге алы жетпеген он чакты короо кайтаргыч жолуна тоскоол боло алышпайт. Кабылган эшигин жулкуп ачып, бийик тамдын ичине кирип барган Мамакенин алдынан тоскондор көбөйөт. Бирок, короо сакчылары найзакылыч колдонушпайт. Колундагы чолок саптуу найзасы менен кыска кылычын жулуп алууга жандалбасташып, туш-тушунан жулмалагансышат. Алардын бул кылыктарынан хаким-бек турагына кирген кишинин куралы жок болуусун каалап, катуу буйрук бергени сезилип турат.

Жулкулдашкан Мамаке колунан куралын алдырбайт. Короо сакчылары адам жаралангыдай курал колдонбогондуктан, Мамаке да аларга найзасын кезебейт. Кылыч шилтебейт. Жөн гана колуна жармашканын силкип ыргытып, бутуна асылганын ыргыта тээп, ичкериге кирип барат. Өз турагынын кире беришиндеги болуп жаткан тополоңду көрүп отурган хаким-бек ордунан тура жөнөйт. Туш келген дагы бир эшикти жулуп кирген Мамакеге бет келише калган хаким-бектин жан-жөкөрлөрү, короо-сакчылары ортого түшөт.

– Хаким-бегиңер ким!-дейт, Мамаке өктөм.

Анын бул айтканына көңүл бурбагансып, топурагандар Мамакеге кайрадан жабылышат. Колдон-буттан алып, жерге жыгуунун амалын кылышат. Антпесе колундагы куралын алдырбайт. Куралы колунда турса, хаким-бектин канын төгүп, жанын сууруп жиберээри шексиз. Ошого жеткирбей куралын алып, өзүн кармап калууну көздөшөт. Жулунушуп-жулкулдашканда бөлмө ичинин тополоңу чыгат.

«Хаким-бегиңер ким?» дегенине эч кимиси жооп бербегенге ачууланып, далысын дубалга такаган Мамаке маңдайлаша калгандардын экөөнү кылычы менен шилтеп, найзасын эптеп кармайт. Баарысын кырып жибергидей түрүн көрүшүп, токтоло калышканында:

– Ким хаким-бек!-деп, үнүн кайрадан каардуу чыгарат.

Ошондо нарытада турган кооз кийимчен жигит:

– Мен! Мен хаким-бекмин!-дейт.

– Бизди эмнеге мында алдырып келдиң?!

– Куралдарыңды жерге таштасаң, жооп беремин!-деп, хаким-бек үтүрөйөт.

– Куралдан коркосуңбу?!

– Жо-жок, бул жерге курал менен кирүүгө жол берилбейт.

– Мына буларыңды бул жерден кетирсең, куралымды коёмун! Болбосо, тигил экөөнүн жанына бирден кошо беремин!-деп, Мамаке өзү кылычы менен мертинтип таштаган экөөнүн өлүгүн көрсөтөт.

– Биякка кирели-деп, хаким-бек нарытадагы эшикти көздөй баштап басат. Артынан Мамаке жөнөйт. Башкалар турган жерлеринде калышат. Наркы бөлмөсү беркисинен кичине. Ичинде киши жок. Керектүү буюм-тайымдар турат. Бирок, бир да курал көрүнбөйт. Ошондуктан Мамаке дубалдагы оюлуп жасалган текчеге кылычын коюп, жанына найзасын жөлөйт.

Мамаке менен хаким-бек Масхут экөө жай сөзгө өтүшөт. Мамаке бул аймактарга качан келгенин, эмне максатты көздөп жүргөндүктөрүн жашырбай айтат. Хаким-бек Масхут буларды ууру катары кармап

келүүгө буйрук бергенин кеп салат. Арадан көп убакыт өтүп, кеп-сөз көбөйүп бараткан кезде, Масхут Мамакени башка бөлмөгө барууну сунуштайт. Жанатадан жай сүйлөшкөндүктөн: «арамдык кылбайт» деген ойго келген Мамаке Масхут менен бирге обочорооктогу тамга барып, эшик кайтаргандардан өтүп, ичкериге киришет. Мамакени алдыга өткөрүп, артка кылчактай калгансыган Масхут тыз коюп, качып чыгат. Ошол замат эшик жабылып, бекитилет. Карагайдан эки жагы копшолуп чабылып жасалган калың каалганы түртүп көрүп, Масхутка алданып калганын билген Мамаке адатынча бир бакырат. Бирок, анын бакырганы сыртка чыкпайт, өзүнөн башка эч кимге угулбайт. Дубал да калың, каалга андан калың. Эптеп шоола түшүп тургудай төбөсүндө кичинекей ачыгы бар. Андан башка жылчык жок! «Көрдөй» деп айтса болгудай тар бөлмө.

«Камалганымды билсе Шопок кол салып кирип, жаштык кылып, көпчүлүккө алдырып, бөөдө майып болбосо экен. Бирок, абдан аяр, сак эле. Айлакерликке салаар» деген ойлорго чырмалган Мамаке камактан кантип кутулуунун жолун издей баштайт. Каалганы капталы менен уруп көрөт. «Дүңк» эткен үн чыгат. Теги ачылаар түрү жок. Төрт тарабындагы дубалдарды кыдырата карайт. Өмүр бою боз үйдө жашап, мындай тамдарга чанда бир конок болуп барып түнөгөнү болбосо, ушул жолкудай абалга кабылып көрбөгөндүктөн, анын кандай сырлары бар экендигин билмек кайда? Колунда куралы жок камалгандыгына да азыраак өкүнөт.

Күн кечтеген сайын түйшүгү арбын Шопок короо сакчылардан тыңгылыктуу жооп ала албастыгына көзү жетип, хаким-бектин турагынан алыстап, эң четирээктеги тамдардын бирине келип, үй ээсин чакырып сүйлөшөт. Аны кепке келтирип, акысын төлөп, төрт атты багып туруута берип, өзү кайра жөнөйт. Кыска найзасы колунда. Чолок кылычы курунда. Бийик дубалдуу короонун бийик дарбазасына келип, да-

быш салып калдыратат. Ичкериден калканын каруусуна илип, өз боюнан алда канча узун найзасын сороктоткон дарбаза кайтаруучунун бири чыгып:

- Сен кимсиң!-дейт, үнүн өктөм чыгарып, кечки иңирде белин атайы бүкүрөйтүп, далысын түйүп, кыска найзасын таякка окшотуп турган Шопокко карап, акырын күңгүрөнүп, үнүн чыгарган Шопокту тентиреп жүргөн бир думана катары көрүп, түрткүлөп, алыс кетиргиси келип, жакын барганында буйдамга келтирбей, кыска саптуу найзасы менен бир уруп, эсинен тандырып, дарбазадан алыс сүйрөйт. Сүйлөгөн сөз дубалдын жанындагы кишиге угулбай калгыдай жерге сүйрөп барып, кечки иңирде эсине келгиче карап отурат. Шаар ичи болбогондон кийин, айланада жүргөн кишилер жокко эсе. Улам караңгылагандыктан эшик-төрдөй жердеги киши таанылбайт.

Бир топто барып, эсине келген дарбаза кайтаруучу көзүн ачып, башын көтөрөөрү менен суракка ала баштаган Шопок Мамакенин камалып калганын угат.

– Камалган жерине мени ээрчитип бара аласыңбы?!-деп, зекийт Шопок.

– Жок. Колумдан келбейт-дейт, сакчы чынын айтып.

Улам суракка алып, сакчынын дарбаза кайтаруудан башка иш колунан келбегендигин, ал эми камактын сакчылары башкалар экендигин, алар өзүнчө бир жоокерге баш ийишээрин билген Шопок:

– Ошол камактын сакчыларын башкарган жоокерди мага көрсөтүп берсең, сага акы төлөп беремин!-дейт.

Сакчы макул болот. Андан кийин Шопок, кылычын кезеп, «калп айтсам, каным төгүлсүн» дедиртип ант алат. Коркконунан макул болгонун байкагандыктан, буга көп ишенбей башка айла издөөгө өтөт, ар кандай амалдарды ойлойт. Берген антка тураарына көзү жете бербейт баатырдын. Азыр колдон чыгарып, коё берди дегиче, короого баш багаары менен бакырып, айгай салып, «эшикте душман жүрөт» деп, бардык сакчыларды ээрчитип чыгышы толук мүмкүн. Жаман сакчы болсо да дарбаза кайтарып, ушул жер-

ден ырыскы таап жеп жүргөндүктөн, бул жерге ал кара санатайлык кылбайт. Суу ичкен кудугуна түкүрбөйт. Бирок, анын ошентип, короо ичин дүрбөтүп, «эшикте жүргөн душманды» кармоо үчүн баарысын чакырып чыкканы дурус болоор. Ошондо бир ылайыктуу учур табылып калаар. Ушуларды ойлогон Шопок сакчыны тургузуп:

– Жанагы убаданы аткарбасаң, каның төгүлөөрүн унутпа!-деп, эскертип, куралдарын берип дарбазасын карай жөнөтөт. Өзү короонун башка тарабына айланып, «кандай дабыш чыгып, эмне окуя болоор экен» деп байкоо салат. Улам убакыт өтүп, жылдыз толот. Короо тарап тынч. Жылдыздарды, айды, үркөрдү карап убакыт болжогон Шопок жылдыз толгон убакта акырын жыла басып, дарбазага келет. Дарбазанын бекилип коюлганын көрүп, көп нерселерди ойлойт. Мамакенин кантип кармалып, колго түшүп, камалып калганын биле албайт. Аз кишиге алдырбастыгына көзү жетет. Бул жерде Мамакеден ашкан алп балбан же чыгаан баатыр барбы, аны менен кармашып алдырып койдубу? Эгер кармашса адатынча бакырык салат эле го. Андай добуш чыккан жок.

Мына ушундай жагдайларды көпкө ойлонгон Шопок: «Мамаке баатыр алданып калды» деген тыянакка келет. Бирок, кандай кырдаалда алдангандыгын болжолдой албайт. Түн ортосуна чейин хаким-бектин турагын айланып, көп нерселерди байкап, андан кийин аттарды дайындаган үйгө барып эс алат. Эртеси кайрадан аңдуу салат. Баягы убада берип, антташкан дарбаза кайтаргычтын дареги дайынсыз...

Ошентип, Мамаке камалганынан бери бир жумага чукул күн өтөт. Бул арада Шопок эбин таап, камак кайтаруучулардын башчысына кабылып, эмне үчүн Мамакени камагандыктарын сурайт.

– Масхуттун бийлик жүргүзгөн бөлмөсүнө жулунуп кирип, эки сакчысын мертинткендиги үчүн камалды!-дейт, камак кайтаруучулардын башчысы: -Эми аны Масхут Жаркен хандыгына өткөрүп берүүнү

көздөйт. Себеби, Жаркен хандыгы ушундай балбандар менен баатырларга муктаж болуп турган кези. Ак такыялууларга каршы уруштарга салганга баатырлар керек. Жаркен ханы баардык хаким-бектерге «чыгаан баатырларды таап келсеңер, олжо берилет» деп, жарлык кылган. Ушунча жоокерден тартынбай, хаким-бектин турагында кан төгүүгө жараган баатыр бул элдин ичинде болгон эмес. Ошондуктан мындай алп баатырды хаким-бек колдон чыгаргысы келбейт. Бул аркылуу көп пайда табууга болоорун билип, кайтарууну күчөткөн. Убагы менен тамактандырып, көңүлүн калтырбай, сыз жерге жаткырбай туруу үчүн атайын кишилерди дайындап, өздүк көзөмөлүнө алган.

Сакчылардын башчысынан ушуларды уккандан кийин көңүлү тыңгансыган Шопок хаким-бек Масхуттун өзү менен бетме-бет сүйлөшүүнү көздөп, ага жолуктуруусун сурайт. Көпкө чейин макул болбогон сакчы башчысы акыры кепке келип, Масхутка жолуктурууга убада кылат. Арадан дагы далай күндөр өтөт. Масхутка жолугуучу учурду күтүп, Мамакени куткарып алуу үчүн тынымсыз аракеттенип жүргөн Шопок артынан аңдуучулардын жүргөнүн байкайт. Жолукканда чын дилден сүйлөшкөнсүп, ичинде арам ойлору жок сыяктанышканы менен булардын кытмырлыктарына, атүгүл котур ташы коюндарында экенин ачык билип, бардык учурга кылдат, даяр болууну ойлойт.

* * *

Күттүргөн күн келип, Шопок Масхут менен жолугушат. Сөздөр көпкө чейин уланат. Артынан аңдуу салып, кандайдыр нерселерден шексинип жүрүшкөнүн ойлогон Шопок сыр алдырбаганга далалаттанат. Масхут да анын алдында эч кимге жамандык ойлобогон адамдай көрүнгүсү келет. Шопоктун баатырлыгына көзү жетпей, Мамакенин жанындагы жүргөн жөн салды жигит катары болжогон Масхут өйдөсүнүп сүйлөйт. Анысына Шопок анча маани бербей, түпкү максатын билгиси келет.

– Элиңерде ушундай баатырлар көппү?-деп, сурайт Масхут.

– Ооба, абдан көп-дейт, Шопок токтолбой.

– Ал баатырлар кимге баш ийет?

– Орчундуу учурда гана чогулат, башка учурда өз алдынча болушат. Бири-бирине жардамдашууларда баарысы барып, ыңгайга жараша иш кылышат.

Ушул өңдөнгөн сөздөр аркы-бери айтылып, Шопок кыргыздын Мамакедей баатырларынын көптүгүн, алар бириксе бир да нерсе тең келбестигин, бекем турган тоолор да туруштук бербестигин кеп салат. Масхутту чочулатуу үчүн атайы айткан сөздөрүнөн кийин, кептин нугу башкага бурула баштайт. Мындан мурда камак кайтаруучулардын башчысы менен сүйлөшкөнүндө айтылган пайда табууну көздөгөндүгү ачыкка чыгат.

– Аз күндөн кийин ушул аймакта чоң той болот-деп, улайт сөзүн Масхут: -Ал тойго көптөгөн баатырлар менен балбандар келет. Жаркен хандыгынын чоң даражалуу мансапдарлары да келип катышат. Алар атактуу Аргын балбанды ала келишип, анын өнөрүн көрүшөт. Ошол мансапдарлар келгенде камактагы баатырдын кайда жиберилээрин, мындан кийин эмне иш кылаарын кеңешебиз.

Камак кайтаруучулардын башчысынын айткандары калетсиз чыкканын билген Шопок Мамакеге өзү жолугуп сүйлөшүп көрүүсүн айтат. Масхут түз эле макул болбойт. Акыры Аргын деген атактуу балбаны жөнүндө сурайт.

– Ал теңдеши жок алп балбан! Бул жагы Жаркен, тигил жагы Текез, Күнөзгө чейинки аймакта аны жыккан адам болгон эмес. Кармашкан кишини да соо калтырбайт. Анын эмнесин сурайсың!?-дейт, Масхут мактангансып.

– Силердин камактагы Мамаке баатыр – алп балбандардын бири! Ал дагы күрөштөн алдырган учуру болгон эмес-деп, Масхутту тике карайт Шопок.

– Ошондойбу? Баатыр эле эмес, балбандыгы да барбы?-деп, Масхут таңдангандыгын жашырбайт.

– Ошондой! Ошон үчүн Мамаке баатырды издеп кыргыздын көптөгөн баатырлары бул жакка жетип келишээри анык!-деп, Шопок Масхуттун эптеп жеткен бийлигинин аркасы менен эле өйдөсүнүп, баатырдык, балбандыктын кыпындай белгиси менен жөрөлгөсүнө эгедер эместигине көзү жетип, үшүн алып, улам чочута, атүгүл коркута сүйлөйт.

– Көп жолу намыска жараган, элдин даңкын алыска даңазалаган балбандын камакта жатканын уккан кыргыз баатырлары кол курап, жортуул салышы толук ыктымал. Андыктан ал баатырды тезирээк азат кылганыңыз абзел!-дейт, Шопок кошумчалай, тигинин кандайдыр бир коркунучтардан чочулаганын байкагандан кийин.

Масхут көп сөздөргө түз жооп бербей тайсалдагансыйт. Улам сөздү чаргыткысы келип, ар кайсынын башын чолуйт. Буга чейин Масхуттун жоокерлери канча, кандай эли-жери бар экенин дааналап билген Шопок андан тартынбайт. Жоокерлери көп, айлакер жигиттери да бар. Аларды жабдыгыдай байлык-мүлкү деле жетиштүү өңдөнөт. Бирок, өзү баатыр эмес башчынын кол алдындагы жоокерлери жоо беттеп чыгаары күмөндүү экенин баамдаган Шопок көп нерселерди алдын ала ойлойт. Жагдайларды байкайт. Масхуттун жоокерлеринин ичинде жоокер аталып, күнүмдүк тирлик өткөрүп жүргөндөрдүн аз эместигин, катаал учур кабылса, артын карабай качуучулар четтен чыгаарын сезген Шопок ушул Масхуттун өзүн жер сүздүрсө, башкасы баш көтөрбөй калышын бөркүндөй эле көргөнсүйт. Бирок, дагы да болсо байкоо сала турууну ылайык көрөт. Мындан кийин Масхутка дагы далай жолу жолугууга болот го. Алгачкы жолугушуусу өткөндөн кийин башка жолугушуулардын кезмети оңойлойт. Анын үстүнө Масхуттун кайсыл учурда кайда барып, эмне менен алектенээрин, эмнелерге кызыгаарын дааналап байкап, атүгүл бир жолугушканында эле, анын айрым сырларын билип калгандыктан, бат-баттан жолугушуп

туруўга ыңгайлуу мезгилдин табылаарлыгын ичинен болжолдойт. Андан тышкары Масхутка жолуктурчу адамдарды тергеп-тескеп туруучу сакчылардын айрымдары менен өң тааныш боло баштагандыгы да көп пайдасын тийгизчүдөй көрүнөт.

Камалып калганына бир топ күн болуп кеткен Мамаке да эч нерсени ойлонбой, кол куушуруп отурмакпы? Алп баатырларга мүнөздүү болгон энөөлүктөн – ар кандай учурлардагы өйдө-ылдыйларга, айрыкча жайчылык кездердеги этибарсыздыктын айынан туш келген терс жагдайларга көп кабылгандыгын эстеп, жер муштап, бир өкүнөт. Масхуттун коросунун алдына келгенде, өзү жалгыз жулунуп, дарбазадан кирээрде Шопокту жанына ала жүрбөгөндүгүн ойлоп дагы өкүнөт. Эгерде Шопок экөө чогуу кирсе, минтип алданып камалбай, экөө эки жагынан качырып кирип, кырганын кырып, сойгонун союп, небак шыдыр жолго түшмөк.

Эми буларды ойлой берүүдөн эч майнап чыкпас. Ал учур алда качан өтүп кеткен. Андыктан Мамаке азыр жалгыз калган Шопокту, ашууларды кар басып жол бекий электе жетип алууну көздөгөн максатын, алыстагы элин, Алатоо деген жерин эстеп, ошолорго ой токтотот. Кандай болсо да кутулуунун амалын издейт. Пакса менен тургузулуп, үстүнө карагай жаткырылып, төбөсүнөн жарык түшкүдөй ачык калтырылып, калганы туюкталган, калың каалга салынып, жасалган камак тамдын сырын билгенге далалаттанат. Кирген-чыккан сакчылар менен сүйлөшүп, кепке тартып көргүсү келет. Бирок, алардан жарытылуу үн чыкпайт. Дудук сымал сүйлөбөй кирип, үндөбөй чыгышат. Камак тамдын андан бешбетер сыры билинбейт. Бузуп чыкса боло турган жактары белгисиз. Андайды мурун көрбөгөн Мамакеге бул там дөө келсе деле бузулбачудай сезилет. Дубалдары таштан тургузулуп, төбөсүнө жаткырылган карагайлардын үстүнө да таш бастырылып коюлган сыяктанат.

Өмүрүндө топурактан тургузулган тамга жашап көрбөгөн кыргыз мындайды тирүүлөй көргө көмүлгөнгө салыштырмак. Тирүү туруп топурактын ичинде калса, дене-бою дүркүрөп, ичиркенип, эртеңки күндөн эбак түңүлмөк. Мамаке антпейт. Кыргыздардан башка улуттардын дээрлик бардыгы ушундай тамдарда жашаарын мурунтан көрүп-билип, ал эмес нечен жолу мындай тамга түнөгөндүктөн, бул камак тамды көрүстөнгө же жалгыз бейитке салыштырбайт.

Жапжалгыз, анан бекер отуруудан өткөн азап жок экендигин билген Мамаке өз ойлору менен алектенет. Ойлогондон башка жасаары эмне? Жатып-турган жерлери таза, алды калың, ичээр тамак-ашы маалы менен берилет. Камалып тургандыгы эле болбосо бардыгы даяр. Эркиндиги эле жоктугу болбосо, башкасы белен. Ошондуктан Масхуттун сакчыларынын колго түшкөн душманга, камактагы күнөөкөргө көрсөтүлүүчү зомбулуктун бирин кылбай, тынч мамиле кылып, унчукпай сыпаалана кирип-чыгып жүрүшкөндүгүнөн улам түркүн ойлор башына келип, бир күнү үстүнө кирген бир сакчыны чапчый кармап, өзүнө тартып:

– Азыр Масхутуңа барып айткының!-дейт, каарданып: - Мени бул жерден куткарсын! Эгер менин күнөөмдү мойнума койсо, өлтүрсүн! Мени бекер багып, туюкка камабасын! Ушуну айтып, тез жообун алып кел!

Мамакенин бул айткандарын Масхутка жеткирген сакчы эртеси келип, камак тамда отурган Мамакеге жакында Жаркен хандыгынын улуу даражалуу мансапдарлары келгенде кеңешип, ошолордун бүтүмүнө жараша иш кылаарын Масхуттун айткандарын айтат. Аны уккандан кийин Мамаке Масхуттун өз алдынча бүтүм чыгара албай, Жаркендин мансапдарларынын көзүн караган, бийлиги ченелүү, кудурети чакталуу экендигин божомолдойт. Чакан аймакка хаким-бек аталып, бирок, кароолчу сымал кызмат аткарып жүргөн жасалма куурчактын бири

катары баалайт. Чындыгында Масхут сыяктанган хаким-бектердин бийлигин ченеп-бычып, Жаркендин ханы Исмайыл хан бардык көзөмөлдү өзүнө алгысы келген. Аны жайлата жүрүп, көп кишилер менен сүйлөшүп, Мамаке менен Шопок небакта ачык билишкен. Ошондуктан Масхутка моюн сунбай кете беришсе болмок. Бул эмес мындан кыйындарды кеп ордуна көрбөгөн учурлар болгону жалганбы? Бирок, ойлогондун баарысы эле ордунан чыга бербейт тура, бул жалганда.

Улам күн өткөн сайын Масхуттун сакчылары, кызматчылары менен таанышып, алар менен биротоло аралашып алган Шопок ээн-эркин басып, орундуу сүйлөп, ойлонуп ишин кыла берет. Масхуттун максаты белгилүү болгондуктан, анын бийлигинин ченелүүлүгү көрүнүп тургандыктан, андан кайра-кайра Мамакени бошотууну сурай берүү майнапсыздыгына көзү жетет. Масхутка бат-баттан жолугуп турууга жол ачып алган Шопок Жаркен хандыгынын чоң мансапдарларынын качан келээрин, алардын келгендеги максатын билүүгө далалатын күчөтөт. Сакчылардын баарына бирдей мамиле жасагансыганы менен алардын ар биринин сырын, жоокердик ыкмасын, күч-кубатын, керек болсо ой мүдөөсүн да билгенге кызыгат. Камакта жаткан Мамакеге кирип, бир жолугуп, аз болсо да сүйлөшүүнү көздөп, кийинки күндөрдө бардык аракетин жумшап, жанын үрөйт. Бул тууралуу Масхуттан да нечен курдай суранат. Бирок, бул оюн аткарууга ыңгайлуу учур табылбайт.

Жаркен хандыгы тарабынан келүүчү мансапдарлар эл аралап, иш кылбай, Исмайыл хандын буйруктарын аткарбай, Исмайылдын башына чалма салып, жетелеп жүргөн Шадип кожонун буйругу боюнча ак такыялууларды издеп, алардын канын төгүп, элдин жүрөгүнүн үшүн алууну максат кылгандыктары – алыстагыларга айдан ачык көрүнүп, табышмактын жандырмагы өңдүү тымызын билинип турган. Барган жерлеринде той-тамаша кылдырып, эр сайыш,

балбан күрөш сыяктуу оюндарды өткөрүп, көңүл ачкан адаттары бар экендиги бештен белгилүү. Ар бир хаким-бектин турагында жумалап жатып, конок болуп, ит агытып, куш салып, салбырынга чыкмайлары да бар. Мансапдарлардын ушундай жүрүшүндө көңүлүнө жакпаган хаким-бектер бийлигинен ажырап, башы ыргыта чабылгандары болгондуктан, Масхут келүүчүлөрдү күтүп алуу, аларга урмат-сыйды эң мыкты көрсөтүү үчүн жан далбастап даярданып жаткандыгы жалпыга дайын болот.

Ар бир хандыктын казыналык баатыры, жортуулчу жоокери болгондой эле, казыналык балбаны, ырчы-чоорчусу, өнөрпоздору бар. Андайлардан Жаркен хандыгы да куру эмес. Атактуу балбандарды чогултуп, той-тамашаларда аларды күрөштүрүп, байгесин арбын коюп, казыналык балбан жыкса, бардык байгесин казынага куюп, башка балбан жыкса, анын байгесин соогатка талап алмайлар ар бир хандыктын ичиндеги боло келген көнүмүш. Жаркен хандыгы өзүнө топтоп алган балбандарын ар жылы күздө балбанга салып, элди кыстап, байгесине алтын-күмүш койдуртуп, жыкса да жыгылса да мөрөй мансапдарлар тарабына ооп, байгеге туйтунуп турушкан. Казыналык балбан үчүн коюулуучу байге ар бир адамга салык катары салынат, ал үчүн карапайым калктын жон териси сыйрылганы сыйрылган.

Казынадан аш ичип, анын карамагында жүргөн атактуу балбандардын бири Аргын. Аны бүткүл Жаркендиктер тааныйт, айры буттуунун алдында калып көрбөгөн алп деп билишет. Ар жылы он-он беш хаким-бектин турагын кыдырып, жулунуп күрөшүп, кармашкандын далайын кан жуткуруп, далайын майып кылып, жарак-керектен чыгарган кандуу моюн. Андыктан аны менен күрөшүүгө киши оңой менен табылбайт. Ал барган жердин хаким-беги аны менен күрөшө турган балбан таппай, мурунтан даярданбай койсо, айып тартып, күнөөкөр катары каралып, хандыктын алдында башы кесилгенге чейинки жазага

кирептер кылынат. Эми, ошол алп балбан атыккан Аргындын бул жылдагы кыдыруусу ушул Масхут бийлик кылган аймакта болоорлугу алдын ала маалымдалып калган.

Аргын балбанды мансапдарлар алып келээри белгилүү болгондон кийин Масхут кандай кылса да, балбан табууга милдеткер экендигин сезип, санааркай баштаганында Мамакенин келип колуна түшүп бергендиги, анын «ишин оңдой берди» кылгансыйт. Жыкса да, жыгылса да байгеге мансапдарлар ээлик кылаарын билген ал балбан таппай күнөөлөнгүчө «мына» деп Мамакени алып чыга берүүгө ичинен бел байлаган. Бирок, Мамаке күрөшпөй койсо кандай болот? Ушулар тууралуу ойлонуп, оюнун аягына чыга электе Масхутка бат-баттан жолугуп, көп жолу сүйлөшүп, тартынбай киргенди адат кылып алган Шопок келип:

– Мансапдарларыңар менен чоң балбаныңар качан келет?-деп, тике сурайт.

– Аз күндө келишет-дейт, Масхут.

– Казыналык балбаныңар менен күрөшчү кишиңер барбы?

– Камакта жаткан сенин кыргыз балбаның күрөшөт!

– Күрөшкөнгө ал киши макул болдубу?

– Күрөшкөнгө макул болсо, кутулат! Болбосо камакта жата берет!

– Балбандарга байгени ким төлөйт?

– Байгени эл төлөйт.

– Эмне байге коюлат!

– Аргын балбан эмне кааласа ошол болот.

Ушул сүйлөшүүлөрдөн кийин Масхут Мамаке менен сүйлөшпөй эле, сыртынан тон бычып, аны «күрөшүүгө мажбурлайм» деген ою бар экенин билген Шопок, ойлонбостон туруп:

– Биздин балбан да өз билген байгесин сайып, жыгылса берип, жыкса чыпчыргасын коротпой өзү алат!-дейт, ишенимдүү.

– Балбандын байгеге саяр эмнеси бар! Жанагы менден каттырып, бактырып жүргөн аттарыңар байгеге жарабайт!-деп, Масхут бакылдайт.

– Ал кишинин саюучу байгеси толтура! Каалаcа кара башыл киши саят. Ал аздык кылса бир үй-бүлөөнү бүтүн саят!

– Эй, селсаяк! Киши сайганда, байгеге сени саябы?-деп, Масхут чалкалай берип, өзүнүн сөзүнө маашырлана каткырат.

– Жок! Мени эмес! Так сенин башыңды саят!

Мындай сөздү угаарды күтпөгөн Масхут каарданып, көзүн чакыраңдатып, Шопокко сүр көрсөткөнсүйт. Анысын Шопок этибарга же эсепке албайт. «Сакчыларды чакырып каматам! Экөөңөрдү кул кылам» дегенге чейин барат. Анын канчалык дарамети бар экенин алаканга салгандай көрүп турган Шопок унчукпай, күлкүсү келе, жылмая карайт. Ансайын кыжырданган Масхут көпкө чейин күпүлдөйт. Бир самоор чай кайнаганчалык убакыт кажынган Масхут басаңчалаган кезде:

– Мамаке баатырды балбанга салгың келсе, ал киши менен мени жолуктур! Экөөбүз өзүбүзчө сүйлөшөбүз! Ошондон кийин жооп болот! Эгерде буга макул болбосоң, ошол оюн-зоогуңар болгон күнү кыргыздын баатырлары басып кирип, баарыңды жайлап, баатырды бошотуп, казынаңды чаап кетишет. Баатырдын камалып тургандыгы тууралуу өз элибиздин баатырларына небакта сөз жөнөткөмүн! Алатоонун арстандары атыккан шерлер, азыр аңдуу салып, ыңгайлуу учурду күтүп турушат. Сенин найза, калкан кармаганыңа корстон болгон жүздөй сакчың алардын бирөөнүн эле кылыч шилтөөсүндө жапырылып, жоголот! Сен Жаркениңе жетип, ханыңа жүгүнүп, андан кол сурап, жоокер алып келгенче, бул жериңдин тополоңу тоздурулуп, казынаң омкорулат-деп, Шопок хаким-бектин көзүнө тике карап, коркута сүйлөйт.

– Колдо турган баатырыңдын башын алып койоорумду билбейсиңби?-дейт, Масхут да жөн калбай:-Се-

нин шерлериң келгиче, жерге житирип, жигин билгизбей, сенин да көзүңдү тазалап койгон колумдан келет!

– Анда казыналык балбаныңар менен кимди күрөштүрөсүң? Балбаның дайындалбай, байгең даярдалбай калса, өзүңдүн башың ыргып кетээрин унутуп калдыңбы? Ошондо душмандан эмес, туугандан, өзгөдөн эмес өздөн өлүп, балаң кул, кыздарың күң, аялың жесир, көрүнгөндүн көзүн караарын билбейсиңби?! Баатырды эле эмес, баатырды жандап жүргөн менин да кунумду сурап алаарым, кунум үчүн тик тураарларым бар. Мамаке баатырдын куну миңдеп, сандап бычылса, меники анын жарымынан ашат!-дейт, Шопок огобетерден үстөмдүк кыла.

Ортодо ойго келбегендей кептер айтылып, кекээрдешкен сөздөр сүйлөнүп, бир далай убакыт өткөндө Масхут Шопокко тике карай албагансып, жалтайлайт. Турган турпатына көз жүгүртүп, учкун чачыраган көздөрүнө көздөрү чагылыша түшкөндөрүндө өз көздөрүнө ээ боло албай ирмегилеп, бул дагы жөн эле жүргөн жигиттерден эмес, баатырлардын бири экендигин даана сезгенсийт. Бир аз тарткынчыктайт. Жанжактарын карайт. Айла таппагансып, алактайт. Анысын көрүп турган Шопок улам үстөмөндөп, кекете сүйлөп, жарга такагандай кыла берет. Эгер сакчы жигиттерин чакырып, «каматам, карматам» дей турган болсо, ыргып жетип хаким-бекти жерге көтөрүп уруп, мойнун толгоп, башын үзүп алаардан тартынбас, улуу тоонун бүркүтү. Анын Мамакеникине окшогон кыска шамшар кылычы койнунда катылуу.

Бирде кара күчкө каарданып, бирде жазылып, Шопоктун ок атуучудай көздөрүнө тике карай албай жалталактаган Масхут сөздү башкага бургусу келип, ар кайсынын башын чалып чаргытат. Ошентсе да кыргыздын жашоосу, баатырлары тууралуу билгиси келип:

– Сенин кыргыздарың кайсы хандыкка карайт?-деп, сурайт өзүн алаксытыш үчүн.

– Эч кандай хандыкка карабаган өзүнчө элбиз!-деп, жооп берет Шопок: -Бирөөнүн көзүн карабай, ар

кимге баш ийбей, эркин жашайбыз! Кыргыздын ар бир баатыры, ар бир бийи өзүнчө хан!

– Турак кылып туруктуу жашаган там-тарагыңар барбы?

– Жок! Биз көчмөн элбиз! Бүгүнкү конушубуздан эртеңкибиз башка! «Чаап алабыз дегендер» кечте көргөн жеринен эртең менен таппай, жер сыйпалап калышат. Тоо арасынан изибизди ит менен издеп таппайт!

– Ар жерде жүрүп арстан атыгып калганбыз дечи!

– Алатоонун арстандары деп, кыргыздарды кадимки Чыңгызхан кыргын кыла албагандыгынан айткан. Биздин эл менен кылыч чабышпай, найза сайышпай, тынч кеткен. Көчмөндүгү менен баатырдыгын барктаган. Ал ар бир кыргыздын баатыр экендигине көзү жеткен!

Ушундай кептерден кийин экөө эки жакка кетишет. Эртеси Масхут сакчыларынын бирин жиберип, Шопокту чакыртып, Мамаке менен жолуктурат. Камак тамдын кире беришинен жолугушкан Мамаке менен Шопок бир туугандай көрүшүп, ал-жай сурашат.

– Колума курал тийсе, азыр кырып баштаймын!-дейт, Мамаке ачуусун жашырбай.

Шопок шашылбай кеп баштап, Масхуттун артында Жаркен хандыгы тургандыгын, Мамакенин камалгандыгы тууралуу Жаркенге билингенин, эгер кыргын кылып баштаса, Жаркен ханы кыргызга жортуул салаарын айтат. Андан ары Масхут Мамакени Аргын деген казыналык балбан менен күрөштүрүүнү көздөп, ошол үчүн кармап турганын кеп кылат.

– Күрөштөн качпас элем! Бирок, бир топ күндөн бери камакта отуруп, алым кетти! Ага чейин жайлата жол жүрүп, күч-кубатым азайбады беле? Балбанга чыгаардан мурда бир аз дем-күч кошуп алсам, жакшы болоор эле-дейт, Мамаке.

Экөө буга чейинки байкагандарын, мындан ары кыла турган иштерин ийне-жибине чейин кеңешишет. Алардын сөзүнө эч ким тоскоол кылбайт. Ээн-эркин сүйлөшүп, бүтүм чыгарышат. Мамакенин кандай

жагдайда камалып калганын өз оозунан уккан Шопок Масхуттун канчалык дарамети бар экенин, көргөн билгендерин толук айтып берет.

– Мен күрөшкөнгө маакул болоюн! Бирок, мен алкүч топтоп алганга ыңгайлуу шарт түзүп беришсин. Ал эми күрөш бүткөндөн кийин, мен жыгылсам, баардык байгени мансапдарлары менен хаким-бек алсын. Мен талашпайм. Эгер мен жыксам, баардык байгени өзүм аламын. Башкалар менен бөлүшпөйм!-дейт, Мамаке көнгөн өжөрлүгүн карматып.

Өздөрүнүн бүтүм сөздөрүнөн кийин Масхутка жолуккан Шопок Мамакенин күрөшкөнгө маакул болгонун, бирок, ал койгон шарттарын айтып:

– Бүгүндөн баштап, баатыр азаттыкта болушу керек!-деп, чечкиндүү кошумчалайт.

Масхут аргасыздан айтылгандарга маакул болот. Анын башка аргасы жок. Жаркен хандыгынын кан көксөгөн мансапдарларынан мертингенче, балбанды даярдап, жыкса да, жыгылса да күрөшкө салып, өз башын алагчылаганы оң болоорун көздөйт. Ошол убактан баштап, Мамаке камактан бошотулуп, Шопок экөө өзүнчө жайга жайгаштырылат, алардын кызматын аткарып туруу үчүн атайын кишилер дайындалат. Каалаган ашын ичип, каалаган ишин кылууга уруксат кылынат.

Масхуттун казынасына тиешелүү малдан күнүгө бирден чар ирик алдырып, келээри менен сойдуруп, этин толук бышыртып, туурап жедиртип, мындан тышкары бирден кап арпа ундан жасалган нан алдырып келип, сорпосуна чылап берип, Шопок Мамакени кадимкидей бордойт. Күнүгө бирден ириктин эти, бирден кап нандын күчү менен Мамаке өзүнүн олутуна, каруу-күчүнө келе баштайт. Арадан көп күн өтүп, күрөш болуучу күн чукулдаганда:

– Аба, алыңыз кандай болуп калды?-деп, сурайт Шопок.

– Менин тутамыма толчуудай суу тал кыркып келчи-дейт, Мамаке азга ойлонуп туруп.

Шопок тез кетип, бышты чыкма жылкынын тушар билегиндей жоондуктагы суу талды кесип, кыскартып, кармаганга эптүү кыла алып келет. Мамакенин тутамына ошол чен өлчөм толоорун билет. Алып келип берген талды колуна алып, ара-бери имерип карап көрүп, оң колу менен мыкчый кармайт. Талдын суусу сыгылып, жерге тамчылайт. Карап турган Шопок унчукпайт.

– Дагы табыма келе элек экенмин!-дейт, Мамаке талды жерге таштап.

Мурункудан күчтөп тамактандырып, жай эс алдырып, Мамакени бордогон Шопокко ыраазы болгонун билдирип, беш күн өтүп күрөшчү күнгө бир күн калганда:

– Баягыдай талдан дагы алып келип көрчү-дейт.

Айтканындай талдан алдырып келип бергенинде адатынча кармайт абасы. Талдын суусу шорголоп агат капырай, манжаларын жазып жиберсе, баягы жоон тал ширеңкедей бириндейт, шумдугуң кур! Ордунан обдулуп туруп, Масхуттун чеп короосундагы айдалма бактарды аралай басып баратып, өсүп турган талдардын бирин тамыры менен жулуп кетет. Жулунган талдын жоондугу кунандын шыйрагындай экен, кылчайып Шопокко карап:

– Басып баратып, талды жула кеткенимде, буйдалгансыдымбы?-дейт, суроолуу тиктеп.

– Жок! Буйдалбадыңыз!-деп, Шопок күлүңдөйт.

– Анда табыма келген экенмин. Эми, күрөшсөм болот!

Ушундан соң Шопок Масхутка барып, күрөшкө чыгууга кийээр кийим сурайт. Бирок, Мамакеге чак келээр кийим табылбайт. Кыргыздардагы балбандар үчүн даярдалган теке шым, кандагайлар бул элде болбогондуктан, балбандар өз кийими менен күрөшмөй болушат. Ошончолук күчтүү балбандарга кандай кийим түтмөк?!

Эртеси күнү Масхуттун чеп короосунун ичи азанказан түшүп, келген мансапдарларды коноктоонун

жөрөлгөлөрүн кылышат. Майрамга айланган ушул күн үчүн көптөн бери даярданган хаким-бек келген өз төбөлдөрүнө сый-урматтын эң жогоркусун көрсөткүсү келет да. Күн шашкеге чукул чакырылгандардын алды келип, жайланыша баштайт. Арты кечки бешимде жетет. «Алыс жол басып чарчап келдик» деген мансапдарлар ал күнү той-топурга көңүл бурбай, тынч эс алууну каалагандыктан, ар кандай оюн-зооктор, таң-тамашалар уюшулбайт. Бир аз чилдирманчылар гана чилдирманын чалып, ашулачылары ырдап, бийчилери бийлейт. Ит агытып, куш салуучу аңчылыктан дайын жок. Баары тынч. Казанчы-отунчулары өз иштери менен алектенип, келгендердин алдына аш тартуунун машакатын көрүү менен алек. Кушчулар кушун, ит жетелөөчүлөр итин, ат багуучулар атын багып, өз түйшүктөрүн тартып жүрүшөт. Келгендерди аралай басып, Шопок баарысына көз салып, мансапдарлары менен баатырлары, балбандары кайсылар экендигин айрып таанып алууга аракеттенгендей кыязда. Айрыкча каршылаш балбанды көрүүгө куштарланат. Ар кимдерден сурамжылап, Аргын балбан Жаркен ханы Исмайылдын обозгери Шадип кожонун шакирттеринин бири Сайид кожо менен бирге, хаким-бек Масхуттун төрүндө отурганын угат.

Масхуттун төрүндөгүлөр тынч, эс алып отургандары менен кепке-сөзгө кызуу киришип, өткөн-кеткенден узун сабак кеп козгошкон, бири мактанып, бири актанып, башкасы кыйынсынып, ортолорунда кобур-собур арбын. Бирде бирөө сүйлөп, башкасы тыңшаса, бирде бака-шака боло талаш чыгып, каткырык-күлкү аралашкан кездери бар. Ошондой сөздүн арасында бийик даражалуу мансапдар Сайид кожо хаким-бек Масхутка карап:

– Эй, хаким-бек! Бу Аргын менен күрөшүүчү балбаның барбы?-дейт, добушун бийик чыгара.

– Бар-бар, кожом. Балбан даяр-деп, Масхут бир чети элпектенет, бир чети эбелектенет. Хандын обоз-

гери Сайид кожонун бийлиги чоң. Масхутту хакимбектен алып, күнөөлөп, башын кестирип койгонго кызматтык кудурети менен даражасы жетиштүү. Хандын атынан буйрук кылганга укугу бар. Андыктан Масхут анын алдында элпектенмек түгүл – кареги менен тең айланууга милдеткер.

– Ким деген балбан?-деп, Сайид кожо суроо жаңыртат.

– Мамаке деген!

Бул атты укканда Сайид кожо бир азга демин ичине алып ойлонот. Башкалар андан озунуп сүйлөй албагандыктан, алар да тымтырс, дымырашат. Азга созулган жымжырттыкты кайра Сайид кожо бузуп:

– Мурда-кийин аты угулган эмес экен. Кайда жүргөн балбан ал өзү?-дейт.

– Кыргыз деген элден келген, кожом, аз күндөн бери ушул жерде турат. Атактуу балбаныбыз менен кармашканга маакул болду-деп, үнүн пас чыгара сүйлөйт күнөөлүү болгонсуп.

– Анын кайсы жерлик кыргыз экенин билдиңби?

– Билдим, Алатоодон келиптир.

– А неге келиптир?

– Көп жылы мурун калмак ичине түшүп кеткен урук-тууганын издеп, эл кыдырып, жер кезип жүргөн адам экен.

– Анда ал оңой балбан эместир?

– Ошондой го сыягы.

Отургандардын арасын дагы жымжырттык аралайт. Башындагы ак селдесин оңдоп, үстүндөгү койдун жүнүнөн токулган кемсел сындуу чапанынын этегин тартып, тизесин кымтылап, жанындагыларды кыдырата караган Сайид кожо:

– Кыргыз деген элди кыдырып бир кезде көпкө жүргөмүн дечү элең Урбахан кожо, ошол элден кеп салчы?-деп, өз катарында отурган селдеченге тигилет. Калгандары да Урбахан кожонун оозун тиктеп, «кыргыз» деген табышмактуу элдин таржымалын ошондон гана угуучудай кулактарын түрүшөт. Намаз

окучудай чөк түшүп отурган Урбахан кожо тамагын кырып, үнүн жасап, «баарың укканга көңүлүңөрдү бурдуңарбы» дегенсип, оозун тиктегендерди сыдыра бир карап алып, сөзүн мындай баштайт:

– Кыргыз деген бир жерди турук кылбаган, бизчилеп там-тарак курбаган, көчмөн эл. Аттын кулагы менен тең ойноп, оюнга да маш. Көздөрүнөн чагылган чагылып, чабышка да маш. Желдей жортуп, жебедей сызып, көздөгөн жерине тез жетет, тоолордон бүркүттөй учуп, суудан балыктай сүзүп, тогуз айлап жол жүрсө да, тоголок күчүн топтолук жоготпойт-деп, Урбахан кожо өлөң айткандай, куюлуштуруп сүйлөп баштаганда, Сайид кожо:

– Ие, сөзүңдүн башында эле мактап кирдиң го! Бул бизден да артык калк бар бекен?-дейт, кекээрлей.

Урбахан кожо андан ары аңгемесин улабай, унчукпай калат. Өз элинен башканы билбеген, өзү бийлик кылган аймактан бөлөк жерди көрбөгөн хакимбек Масхут кыргыздар тууралуу аз болсо да уккандарына таңданып, оозун ачкан бойдон калган. Анан кантет, алакандай жеринен сыртка чыкпаса же бөлөк элдин жашоосу тууралуу жарытылуу маалымат албаса, көзүн кызартып эле пайда табуунун артынан түшсө, эмне түшүнүктү алмак эле ал бечара? Анын үстүнө Жаркендин ханы Исмайыл ханды өз билгениндей жетелеп алган Шадип кожонун амалкөйлүгүнүн аркасында хандыктагы бийик даражалуу мансаптары атүгүл, чоң шаарлардын, кенен аймактардын хаким-бектигин жалаң кожолор менен сопулар ээлеп тургандыктан, баардык той-тамашаларга да ошолор башчылык кылышкан. Шадип кожо кара такыялуулардын башчысы болгондуктан, анын каршылаштары деп саналган ак такыялууларды кабылган жерден жок кылуу алар үчүн милдет-парз болгон. Ошондуктан Жаркендин баардык жеринде кан төгүүлөр, күнөөсүз адамдардын өмүрүн кыюулар көнүмүш адатка айланган. Ушундай жагдай-кырдаалда Жаркенден алда канча алыс-

тыктагы ушул Улуу-Чат, Ак-Ший сыяктуу аймактардагы Масхут өңдөнгөн хаким-бектердин иштерин да кожолор тергеп-тескеп тургандыктан, бийлигинен ажырап калбайын деген дагы коркунуч башка дүйнө таанымга жол берчүбү? Айтору, кожолордун Масхуттун бийлик кылган жерине келип, анын төрүн ээлеп, көзүнүн агы менен тең айлантып отургандыктарынын себеби да ошондо.

Кожолор Ислам динин туу туткандыктан, анын милдеттерин так аткарышат. Беш убак намаз калтырылбайт. Алар менен бирге жүргөндөр да такыбалык кылышат. Таңкы багымдат намазын окугандан кийин Масхуттун чеп короосунда сейилдей басып жүргөн мансапдарларды бирден сынай карап, баарын таанып алууну көздөп, айрыкча Аргын балбанын бир көрүүнү самаган Шопок короо кызматчыларына аралашып, шек алдырбайт. Сакчылардын бирин жанына ээрчитип алгандыктан, андан улам ар нерселерди сурайт. Анысы билишинче жооп берет. Жаркенден келген бийик даражалуулар эртең мененки тамактанууга киргенге чейин кимдин ким экенин билгенге далаалаттанат.

Мансапдарлар менен бирге келген Аргын тууралуу Шопок көп сөздөрдү угуп, анын балбандыктан башкага эби жок, баатырлыкка кыпындай да шыгы жок, бир ичсе бир казан ашты бир ичкен, бир тайдын этин жесе деле «тойдум» дебеген, кара курсак, куру көөдөн жан экенин билет. Бирок, аны өз көзү менен бир көрүп сынагысы келет.

– Тигине, Аргын балбан!-дейт, жанындагы сакчы бир убакта Шопокту акырын нукуп.

Көп кишилердин арасында турган турпаты, далдайган чоң кишинин кулачы араң жетүүчүдөй далысы, жан казандай башы менен айырмаланып көзгө түшкөн Аргынды көргөн Шопок бир азга карегин албай карап туруп: «Келбети келбет экен. Мамаке баатырдай эле бар окшойт» деп ойлойт. Акырын басып, Мамакеге келип Аргынды көргөндүгүн айтат.

Мамаке унчукпай, күрөшкө кийүүчү кийимдерине, ар кандай керектүүлөрүнө алаксып:

– Кармашканда көрөбүз да-дейт, адатынча кебелбей.

Жалпысынан күрөш деп айтылганы менен анын түрлөрү көп. Тактап айтканда, кытай күрөшү бөлөктөрдүкүнө салыштырмалуу башкача. Аларда балбандардын бири жерге тизелеп, тынч отурат. Экинчиси күүлөнүп келип, эки аяктап тебет. Отурган балбан жыгылып калса, анда эле жеңилгени. Эгер жыгылбаса, мурунку тепкен балбан кезек боюнча тизелеп отуруп, берки балбан чуркап келип, күч менен тебет. Ошентип, бири жыгылгычакты алмак-салмак тебише берет. Мындан тышкары бел боодон кармап, бирин-бири алып ыргыткан күрөш да бар. Анда бел боодон башка жерден кармаганга болбойт. Күрөштүн шарты андайга жол бербейт. Ал эми бул жерде болуучу күрөштө коюн-колтук алышып, жамбашка салышып, чалып ура берсе деле эч кандай тоскоолдуктар жок. Мамаке жеринен ушундай күрөшкө көнүп, анын ыкмаларын жакшы өздөштүргөн.

Күн көтөрүлгөнгө чейин Масхуттун турагынын күн чыгыш жагындагы ээн талаага ар тараптан элдер келип, жыйыла баштаган. Аттуусу атчан, жөөсү жөө чубашып, ар тараптан келип жаткандардын аягы үзүлчүдөй эмес. Элдин мынча чогулуусуна караганда той деп айтса болгудай. Бирок, той да жок. Аш да жок. Мансапдарларды баштап келген Сайид кожонун эле буйругу боюнча келген эл. Ошентсе да атактуу Аргын балбанга бет келип, ким деген чыгаар экен деген кызыгуу көпчүлүктүн көңүлүндө бар...

* * *

Күзгү күн шашкеге чукулдаган учурда, аким-бектин чеп короосунан чыгып, ат үстүндө каалгыган мансапдарлар эл чогулган талааны карай жөнөйт. Алдындагы сөөлөттүү селдечендердин бири Сайид кожо, анын жанындагылардын бири Урбахан кожо, алардын артындагылары сопулары, муриддери, сак-

чылары жана кызматчылары. Хандын обозгери атыгып, мансаптын аркасы менен ыңгыраган Сайид кожонун жан-жөкөрлөрүнүн ичинде, минген атынын белин майыштырып, аттын белинен өзүнүн бели жоон көрүнгөн Аргын балбан бaратат. Анын элдикиндей башында селдеси же жонунда койдун жүнүнөн токулган кемсели жок. Териден жасалган малакайды чыкыйына кондуруп, үстүнө кытайлыктардыкына окшогон чолок чапан кийип, башкаларга түспөлдөшпөй, бөтөн көзгө комсоо көрүнөт.

Мамаке менен Шопок өздөрүнө чектелген сакчы, кызматчылары менен бирге катар бастырып, мансапдарлардан мурда жетип, элге аралашкан. Келген элдин көптүгүнө караганда мансапдарлар күрөштөн башка дагы бир турмуш шартка байланышкан же өз укуктарынан аша чапкан иштерди жасап иери мүмкүн. Элди ушунча көп чогулткандарынын себептери бар сыяктанат. Андайлар менен Мамаке, Шопоктун иши жок да. Алар үчүн Аргынды жыгып, өз жолдору менен аман-соо шыдыр кетүү – чоң олжо!

Мансапдарлар эл турган жерге келип, аттарынан түшүп, алар отуруусу үчүн жерге жайылып коюлган килем-килчелерге тизелерин бүгүп, аярлай орун ала баштаганда Шопок Мамакеге Аргынды көрсөтүп:

– Кандай экен, аба?-дейт.

– Көлөмү көлөм экен. Бирок, менин турпатымдай эле бар тура-деп, Мамаке ууртунан жылмаят.

Чогулган элге Сайид кожо хандын ар кандай буйруктарын кыйкырып айтып, ак такыялууларга аёсуз күрөш күчөтүлгөндүгүн кабарлайт. Аз убакыт кепсөзүн айткандан кийин, оюн-зооктор башталат. Элдин ортосундагы бир короодой ачык жерге жаш балдарды күрөштүрүшөт. Андан кийин аялдар, чалдар күрөшөт. Узун баканды жерге орнотуп, анын башына баалуу нерсе илип коюп, аны алуу үчүн баканга тартылып, тырмышып чыккан же жерге бармактын башындай түйүнчөккө күмүш мончок таштап коюп, аны эки бутун эки жакка керип, өзү эңкейген бойдон тиши менен

тиштеп алып, жыгылбай туруп кеткен уйгур, калмак элдеринин оюндарын өткөрүшөт. Ал оюндар бүткүчө күн түш болот. Ошол учурда Аргын чечинип, элдин ортосуна чыгып, локуюп отурат, күрөшчү балбанын күтөт. Хаким-бек Масхут бакылдап, Аргын балбан үчүн коюлган байге он беш качырга жүктөлгөн алтын-күмүш зергер буюмдар менен он төөгө жүктөлгөн бозматалар экенин жар салат. Байгени кайталап айтып, элден обочодо турушкан өз кызматкерлерине карап, колун булгалап кыйкырат:

– Байгелер жүктөлгөн төөлөр менен качырларды бери айдап келгиле!

Кызматкерлери жүктүү төөлөр менен качырларды элге чукулдатышат. Байгелерди көрүп суктанган-тамшангандар өтө көп. Элдин ортосундагы отурган ордунан туруп, мойнун созуп караган Аргындан Сайид кожо:

– Байгеге ыраазысыңбы?-деп, сурайт.

– Ыраазымын-дейт, Аргын башын ийкеңдетип, таазим эте.

Аргын балбан коюлган байгеге ыраазы болбой, аз деп алымсынбаса күрөшпөй коюп, чыр салып, байге даярдаган хаким-бектерди мансапдарларга күнөөлөтөөрүн жергиликтүүлөр мурунтан билсе, Мамаке менен Шопок ошондо билишет.

Байгелерди көрүп, бир дуулдап алган эл тынчыгандан кийин Аргын мурунку ордуна келип отурат, курсагы жерге тийчүүдөй салаңдайт. Төшү эки бөлүнүп, бала эмизген аялдыкындай даңкаят. «Тоо болсо да томкоромун» дегенсип, буркуйган булчуңдарын сылагылап, менменсинет. Хаким-бек: «Аргын менен күрөшүүгө Мамаке деген балбан чыкканы тургандыгын» элге жар салып, кыйкырат. Эл ичи кайрадан дуулдап, Мамакени көргүлөрү келип, жан-жактарын каранышат.

Бел кырчоосуна чейин чечинип, үстүнө кемселин жамынып, Шопокко жандатып чыккан Мамакени көрүшүп, эл кайрадан дуулдайт. Жол бошотуп, жыла

берген элди аралап, Аргындын тике маңдайына келген Мамакенин үстүндөгү кемселин алып, өз алдынча күбүрөп, ата-бабанын арбагына сыйынып, жакшылык тилеген Шопок алаканын жайып бата кылат. Мамаке анчалык чукулдай электе ордунан обдулуп турган Аргын көзүн бакырайтып, Мамакеден азыраак сүрдөгөнсүйт. Бирок, далай жолу күрөшкө түшүп, нечендеген алп балбандар менен тартынбай кармашып, көнүп калган адатына салып, түз эле башы менен сүзүүчүдөй жөнөйт. Көк жалын чачып тургансыган көздөрү менен бир ирээт Аргындын башаягын чалып алып, качырган буканы мүйүздөн алуучудай түрдөнгөн Мамаке шарт боюнча колдорун алдыга сунуп, экөө бирден жулкушуп көрүп, андан кийин коюн-колтук алышат. Ары-бери сүрүшүп, өз оңтойлоруна келтире алышпай, түрлүү ыкмаларга салып, маташканы менен оңой эле алдыра койбостой абалда. Аргын Мамакенин чандырына башын салып, мойнуна мингизе көтөргөнгө жан далбасалайт. Ал ошенткен сайын Мамаке моюндан колтуктай алып, муунта кысат. Далай жолу күрөшүп, күрөштүн көп ыкмасын билгендик кылып, Аргын жамбашка салганда да, буттан орой чалганда да эпке келтирбей, колдон суурулат.

Күрөш көпкө созулат. Бул элдин салты боюнча, андан тышкары мансапдарлардын, атүгүл Аргындын каалоосу менен экөөнүн бирөө жыгылып же майып болмоюнча күрөш токтотулбасы шарт. Тирешкен эки балбандын буттарынан жер казылып, жумшак топурагы омурула баштайт. Чөл сыяктанган талаанын жайлата аптапка куйкаланган кыртышы кетип, чаң асманга чыгат. Куурап калган чөп тамырлары үбөлөнөт.

Аргын адатынча жулкунуп, Мамакенин чандырына башын салганга далаалаттанганда, ал желкеден оң колу менен кармап, ошол бойдон коё бербей, желкесин эзип, мыжый берет. Мамакенин шадылуу колунан желкесин бошото албай Аргын башын мулжуңдатат. Улам убакыт өтөт. Экөө бирдей алактайт. Чоң

курсактуу Аргын айрыкча күшүлдөйт. Оң колун Аргындын желкесинен тартпай, сол колдун эбин келтирип, орой алган Мамаке Аргынды ордунан так көтөрүп, төбөсү менен жер сайдыра урат. Ана, эми көрүп ал элди. Эртеден бери экөө ары-бери сүрүшкөн сайын дуулдай кыйкырып, кимисин сүрөп, кимге болушуп тургандары белгисиз өңдөнгөн эл жер жаңырта чуулдайт.

Аргынды чалкасынан жерге ыктай баскан Мамаке бир далай убакыт козголбойт. Тегеректеген көпчүлүктөн суурулган Шопок жанына келип, Мамакени колтуктай сүйөп, ордунан тургузат. Аргын өйдө боло албай жерде жатат. Аны өйдө тартып тургузган киши болбойт. Мамакенин кемселин жонуна жаап, колтуктап, күрөш болгон ортодогу ачык жерди айланта басып, мансапдарлар отурган тарапка көз кырын салып өткөн Шопок Сайид менен Урбахан кожолор хаким-бек Масхутту карай колдорун силкилдетип, каардуу сөз айтып жаткансыган кыймылдарын байкайт. Кожолордун жанындагылар да бир нерселер тууралуу кыйкырып жатышкансыйт. «Кааласа бирин-бири бышырып жесин» деген кыяздагы Шопок Мамакени элдин четин көздөй жетелейт. Эл жарыла берип, урмат менен жол бошотуп, жарданып да, таңданып да Мамакени карашат. Эзели жыгылбастай көрүнгөн Аргынды алып ыргытып, жер сүздүргөн балбанга суктана карабаганда, кимди карайт булар. Турпат келбетине, эч нерсе тең келбеген күчүнө ыраазы болгондор менен кызыккандар андан көп!

Жыгылган жерде бир далай убакыт жатып, эсине келген Аргын боз чамбыл топурак болуп, мурундан кан шорголоп, сенделе ордунан араң турат. Эмне болуп жыгылганын өзү билбей калгансып, эки жагын элеңдей карайт. Аны менен эч кимдин иши жоктой сыяктанып, жанына баягыдай жасакерленип, жакындаган бирөө жок, чиркин! Ар жылы күрөшкөн байгеси үчүн элге салык салдырып, көкөйгө тийгендиктен, акырая карагандар, «ушуну көрмөксүң» дегенсип жекиргендер, «чала болду, мындан да жаман бол-

мок» деп табаалагандар абдан арбын өңдөнөт эл арасында. «Ушул бойдон күрөшкөнгө жарабай калаар күнүң бар бекен?» деген ойдогулар да жок эмес окшойт. Бир да жолу жыгылбай, жыкканды эле билип, ал үчүн урмат-сыйга бөлөнүп, байгеден кур калган учуру болбой, көкүрөгү көптү жиреп дардалактап, мансапдарлардан башканы теңсинбей жүргөн Аргын азыр баарынан кичине, башкалардан кем! Ызасы ыңкып, күйүтү күч, арманы аттын башындай. Ошондуктан көздөрүнөн жашы чубуруп, кантип актанаарын, кимге даттанаарын билбей, делдирейт! Ой-тобо, оомал-төкмө дүнүйөң менен куруп кет.

Мамаке менен Шопок жарыла берип жол бошоткон элдин ортосунан өтүп мансапдарлар отурган жерге келип:

– Балбаныңар жыгылды! Мөөрөй биздики!-дейт, Шопок кубанычын жашыра албай.

Сайид кожо башын ийкелейт. Хаким-бек Масхут жер карайт. Аны көргөн Мамакенин кыжыры кайнап чыгат. Төбөсүн уюта муштагысы келип, муштумдары түйүлөт. Себеби, Мамаке камалган күндөн бери анын көзүнө көрүнүүдөн коркуп, «колуна тийсем соо койбойт» деп болжоп, качып жүргөнү үчүн жазалап койгусу келет.

– Тетигинче байгенин ээси болдуң! Эми соогат бербейсиңби?!-дейт, Урбахан кожо адат-салтты бетке кармай.

– Биздин салтта соогат берилбейт!-деп, Мамаке кыжырдана жооп айтат.

– Биздин салтта бар! Силер биздин элдин балбаны менен күрөшүп, биз турган жерде күрөш болгондуктан бул жердин салтын колдонушуңар керек!

– Биз силердин хандыгыңарга баш ийбейбиз! Силер менен улутташ да эмеспиз. Ошондуктан силердин эмес, өз элибиздин салтын колдонобуз!-деп, Мамаке чындап ачууланат.

– Абдан күчтүү, аябай таасирдүү Жаркен хандыгын тааныгың келбейби!

– Биз эркин элбиз! Эч кандай хандык бийликти таанıбайбыз!-деп, өзүнө тике кароодон жалтайлап отурган хаким-бек Масхутка чукулдай басып:

– Менин найза-кылычымды алдырып кел! Алган байгебиздин чып-чыргасын коротпой алдыбызга салып бер. Азыр жолго чыгабыз!-деген Мамаке чечкиндүү бакылдайт.

Хаким-бек не кыла алат, жанындагылардын бирин жиберип, Мамакенин чолок кылычы менен кыска саптуу найзасын алдыртып келет. Ал убакка чейин аттарын токуп, даярдап коюшкан да, эки жакка буйдалбай, алтын-күмүш зергер буюмдары жүктөлгөн он беш качыр менен боз-маталар жүктөлгөн он төөнү толук алдыларына салып, айдап жолго чыгышат.

Тынбай жүрүп, Кашкарга чукул жердеги Үмөтөй кыргыздыкына келип, өргүү кылышат. Үмөтөйгө беребиз деген аттарды, ага кошуп байгеге алгандарынан соогат беришет. Үмөтөйдүн төбөсү көккө жеткенсийт. Аргын балбандын Мамаке деген кыргыз балбанынан жыгылгандыгы көп жерге, көп элге угулгандыктан мөрөй ээсин көрүүгө кызыккандар көбөйгөндөн көбөйөт. Балбандын келе жаткандыгын уккандар алдынан тосуп чыгып, ызаат, урмат кылгандары да кездешет.

Мамаке менен Шопок ашууларга аз-аздан кар түшүп, бирок жол бекий электе жүктүү төөлөр менен качырларды айдап, өз эл-жерине чоң олжо, көп байлык менен кайтышат. Келгенден кийин байгесин элге таратып, элдин турмуш-шартын жакшылоонун камын көрүүгө өтүшөт. Ошентсе да алдыга коюп, атайы аттанып чыккан максаттардын орундалбай калгандыгы аларды аябай кападар кылып, өтө өкүндүрөт.

Мамаке менен Шопок көп жыл мурунку Эрен кабырага кеткен туугандарын издеп, калмак менен Жаркен хандыктарынын көп жерлерин аралап, Үрүмчүгө чейин барып кайра келгенден кийин эл ичинде тынч жашай башташат. Мамакенин Жаркендик казыналык балбаны Аргынды жыгып, чоң олжолуу келгендиги көп элге угу-

лат. Хандык казынага жөнөкөй балбан алынбастыгын, андай балбан эч качан, эч кимден жыгылбастыгын эл жакшы билет. Анын Мамакеден жыгылгандыгы тууралуу аңыз-кептер көпчүлүк жерлерде айтылып, аягы уламыш-жомокко айланат. Антип ар жерлерде ар дайым кеп кылынгандан улам Мамакенин кадыр-баркы эл ичинде артылат. Атак-даңкы мурункудан да алыска тарайт.

* * *

Убакыт дегениң – учкан кушка окшош. Мезгилдер алмашып, жылдар айланат. Айрым бир майда чапкынчыларга, бүлгүнчүлөргө каршы Шопок гана аттанып, Мамаке жоо беттеп бастырбай калат. Ошол учурларда Шопоктун бир тууган агасы Бердике үйлөнөт. Жашоо турмуш калыптанган нугунда өткөн сайын өзүнүкүн алат тура, убагы келгенде Шопок да үйлөнүп, үй бөлөт. Ал аралыкта аталары Үркүнчүнүн көзү өтөт. Көзү өтөөрдө балдарына өз энчилерин бөлүп бере албай калгандыктан, алар бир энчиде, бир үй-бүлөөдө болуп калышат. Улуусу болгондуктан Бердике баардык мал-мүлктү ээлейт. Шопок кичүү иниси Божокой экөө Бердикенин айтканына көнүп, аны менен кеңешип, жашаганга өтүшөт. Бала кезинен ичи тардыкка, жеке басарлыкка берилген агасы эки инисине энчи бөлүп берүү жөнүндө эч ойлонбойт. Ошончо мал-мүлктү кураганга, күнүмдүк тиричиликте колдонууга кенен жеткидей өлүү дүнүйө жыйнаганга инилеринин да мээнети менен эмгеги, жок эле дегенде көз акысы бар экендигин билмексе салып, эч эскербейт. Кайра алардын керектөөлөрүнө жумшагандардын чыгымын көп көрөт. Таап келгендерин ач көздүк менен өзүнө менчиктеп алганга умтулат. Баардык нерсеге саранданып, инилерине ээлик кылдыргысы келбейт. Ошол себептен Шопок өзүнчө үй көтөрүп, түтүн булатып, бөлүнүп чыкканы менен дале агасы Бердикенин көзүн карайт.

Шопоктун алган аялынын аты Айтбек. Өзү Азык элинен. Бердикенин кылган ар түркүн мамилелеринен улам, өз алдынча аракеттенип жашоо үчүн кам

көрөт. Жакшылыкка жакшылык уланып, алыш-катышы артылат. Жашоосу бир нукка түшүп, ити чөп жеп, иши илгерилейт. Ал учур кыргыз элинин ичине Ислам дини кенен жайылтылып, сопу-кожолор арбын келип, шарият мыйзамына баш ийген, ар бир пенде Кудайдын кулу, Мухаммет пайгамбардын үмөтү экендиги канга сиңип, Жаратткандын барлыгы, бирлиги жүрөккө жат болуп калгандан берки кыйла кылымдар өткөн кез. Ошол себептен калкты мусулман динине үндөгөн кожо-сопулар, мурид-муршиддердин эл ичине келүүсү көбөйгөн. Имам, молдолор арбып, эл аралагандар көбөйгөн. Карапайым калк туткан динин сыйлагандыктан, анын шарият мыйзамына ылайык жашоо өткөрүшөт. Кашкар, Жаркен өңдүү чоң-чоң шаарлар менен аймактардагы таасирдүү кожолор тарабынан эл ичине жиберилген удайчылар тез-тез келип тургандыктан алыскы элдердин жашоосу, хандыктардын өз букараларына кылган мамилелерине чейинки кабарларды, ошол удайчылардан угуп билишет. Өз алдыларынча ой жүгүртүп, окуялардын оң-терс жактарын талдап, өзүлөрүнө ыңгайлуу жактарын иргеп, ошого карата иш аракеттер жүргүзүлөт.

Шопок үйлөнүп, үй бөлгөнүнө жарым жылдан ашуун убакыт өткөнүндө Жаркендеги ыйык кожолордун бири, ак такыялуулардын баштоочусу Идаятулла кожонун атайын жиберген удайчылары келип, Мамакеге жолугат. Аларды өз үйүнө кондуруп, конок катары кабыл алган Мамаке Жаркен, калмак хандыктары тууралуу, Исмайыл хан менен Шадип кожонун учурдагы иштери жөнүндө көп маалыматтарды билет. Мындан төрт жылдан ашык убакыт мурунку Шопок экөө барып көрүп келген жерлер, андагы жашаган элдер, алардын учурдагы жашоолору туурасында кепсөздөрдү угат. Ошону менен катар удайчылардын эмне себептен өзүнө жолуккан максаттарын сурайт.

– Менин өз ысымым Жайхар-деп, баштайт удайчы өз кебин: -Идаятулла кожого кызматымды кылып, аны менен биргелешкениме көп убакыт болду. Эл аралап,

жер кыдырып, кожомдун баштаган ишин элге жеткирем. Бул жолу кожом мага: «Кыргыз ичиндеги баатырларга, балбандарга жолугуп, Жаркен хандыгындагы ак тоолуктарды, Шадип кожо баштаган кара тоолуктардын кыргынынан куткарууга катуу багыт иш баштап, газаватка аттансак, мусулман элиндеги баатырлар өз жардамын берээр бекен?» деген аманат суроосуна жооп алып келүүнү тапшырган. Ал боюнча мен баардык баатырларга жолугуп, өз ооздорунан бар же жогун угуум керек. Буга чейин көптөгөн баатырларга кезиктим. Жолумду улап, атайы өзүңүзгө келдим. Мындан ары да бара турган жолум узун.

Жайхар удайчынын айткандарын угуп, Жаркендеги абалды мурда барып, өз көзү менен көрүп келгендиктен, анын үстүнө жакындан жакшы билгендиктен, ак тоолуктарды кыргындан куткаруу үчүн баруудан тартынбастыгын ачык айтат. Жалпы элдик, айрыкча мусулман дини үчүн мындай иштен калбастыгын, андай ыйык деп аталган улуу иш үчүн баш тартпай аттанаарын кошумчалайт Мамаке.

Эртеси удайчылар узап кеткенден кийин өз туугандарын үйүнө чакыртат. Атасы Чыйбыт менен бир тууган Акбагыштын: Сырымбет, Орус, Кутуш деген балдарын, Дөрбөндүн: Дөөлөтжан, Былтыр деген уулдарын, өзүнүн бир туугандары Атасары, Аблаке, Айдарбектерди төрүнө отургузуп, кеп баштаардан мурда Шопокко атайы киши жиберип, алдырат. Ошондон кийин тууганларын чакыртканынын себебин, Идаятулла удайчыларынын келгендигинен кеп козгойт. Бул иштин башталаар учурун удайчылар атайы кайрылып кабарлаарын, ага чейин ат-көлүгүн, жоо-жарагын даярдай берип, учурунда жөнөөрүн айтат.

Айтылган сөздөрдү угуп, туугандары, алар менен бирге олтурган кошуна-колоңдору ойго батышат. Мамакенин жашы элүүгө таяган ошол кезде, анын атасы менен бир туугандарынын балдарынын алды ак сакал, арты көк сакал болуп калган. Дөрбөн кептен-сөздөн калып, карылыкка небак моюн сунса, Тер-

мечик мындай иштен оолактап, өз тирилиги менен алектенип, балдарынын төрүндө отуруп калгандыктан кеңешке келе албайт.

Ар кимиси өзүнчө ойго чырмалып, бир азга термелип алышкандан кийин улуулардан ылдыйраакта отурган Шопок:

– Мындай улуу иштин башталаарын мурунтан болжоп, Жаркендеги абалды өз көзүм менен көргөндүктөн, ал жердеги ак такыялуулардын чыдамы кетип, кыжыры кайнап тургандыктарына көзүм жеткендиктен, иштин эртерээк башталуусун күтөмүн! Мен да Жаркенге сөзсүз барып, кордук көргөн элге жардамдашып, алардын азаттыкка чыгышы үчүн салгылашамын!-дейт, өз чечимин чечкиндүү билдирип.

Анын бул сөзүн уккандар оттон-суудан кайра тартпаган кайраткер болгондугуна, баатыр катары өсүп жетилгендигине ыраазы боло дуулдашат.

– Андай иштен калганча, атка минбей калганым артык!-деп, Шопок дуулдагандарды айланта карайт.

– Удайчыларга жалгыз өзүм барам дедиңизби же жанымда Шопок болот деп айттыңызбы?-деп, Мамакенин өз иниси Айдарбек суроо узатат.

– Жалгыз барам дебедим! Шопок баатыр да барат дедим-деп, Мамаке жооп берет.

Боз үйдүн төрүндө отурган Орус бий отурган калыбын бузбай сөз баштайт. Анын сөзүнө баарысы назар салат, мурунтан уланган кеп-сөздөр, айтылган сөздү сүрөгөндөй дуулдоолор токтойт.

– Келген удайчыларга «барабыз» деп жооп берип, Мамаке баатырым туура кылган экенсиң. Кашкарда мусулман эли үчүн ыйык жайлардын бири – Азирети Аппак мазары турат. Менин угушумда ал мазар кийинчерээк каралбай, баркы ылдыйлап кеткен өңдөнөт. Кашкарды мекендеп турган кожолор да бийлик, байлыктын артынан түшүп, Мазарга маани бербей калышкансыйт.

Ушул заманда баатыры бар элдин көзүн карагандар көп. Биздин уруунун уучун куру койбой, Мамаке

менен Шопокту ээрчиштирип бергенине миң мертебе тобо кыламын. Ар кандай коогалаңдарда экөө катарлаш чыгып, биздин элдин атын даңазалап жүрүшөт. Баатыры бар элге душман да батынып, катыла албайт. Чапкынчы, жортуулчу да жолобойт. Тынч элди ынтымак аралайт. Ынтымак ырыскы ала келет. Аны менен бирге ал жерге кут орнойт. Элдин маанайы жаркып, ыр-күлкү төгүлөт. Жорго-күлүктүн кеби салынып, той-тамаша күчөйт. Тынчы жок элдин санаасы, кайгысы көбөйөт. Кайгылуу элдин карды да тоюнбайт. Кийими да бүтөлбөйт. Ырк кеткен жерден кут учат. Мунун баарысы жалпыга тааным, белгилүү го.

Ар бир адам күнүмдүк жыргалчылыгын ойлобой, эртеңкисин болжолдошу жакшы. Ал үчүн өткөндү эстеп, андан сабак алуусу зарыл. Мына биз Көлдөн кача көчүп келген учурубузда айдаарга малыбыз, кийээрге киймибиз жок, ач-жылаңач, бирин-бири жетелеген жесирлер менен жетимдер элек. Эмгек кылган кишинин акыбети кайтат турбайбы? Карандай эмгек менен ушул жашоого жеттик. Аттиң-ай, оомал-төкмөл дүнүйө! Бир кезде манапсынгандардан басынып, баш көтөргөнгө жараган эмеспиз. Азыр минтип ар бирибиз өзүбүзчө манап болдук. Мамаке баатыр чыгып, жоо чапты, аны менен бирге Шопок баш көтөрдү, экөөлөп эл коргоп, жер сактап, намыс алгандан бери бизге киши катыла албады. Кектешкендер акыры алдыбызга ийилип келгенин көрдүк. Баатырлардын аркасы, атагы менен элибиз, айлыбыз тынч жашады. Тынч жаткандын пайдасы ушул экен – тынбай эмгектендик. Адырга мал бактык, талааларга эгин айдадык. Башкалар менен алыш-катышыбыз артып, элге аралаштык. Эмнеси болсо да эмгек, маңдай тер, таман акы аркылуу эресеге жеттик. Айтору, Мамаке менен Шопоктун баатырлыгынын урматын башкалар да көрдү. Эгерде биздин баатырыбыз жок болгондо, тынч эмгек кыла албай, коркуп-үркүп, санааланып, убайланып, душмандын найза-кылычынан далдалануунун мүшкүлүндө жүрүп, мынчалык дара-

жага, ушундай жашоого жетээрибиз күмөн эле. Баатыры жок элдер бүлүнгө түшүп жатканында биз бакубат жашап, санаасы жок жаттык. Заман бир калыпта турбай, өзгөрүлүп, бирде бөрү, бирде түлкү болуп, жакалаган жоо, этектеген доо көбөйгөн учурда ушул Мамаке менен Шопок элге калканыч, журтка таяныч болгондугунан: «башыбыз эсен, боорубуз бүтүн» калган күндөрүбүздү ким унутсун?! Далай чапкынчынын мизи майтарылып, нечен жортуулчунун жолу торолгондуктан, өрүштөгү малыбыз көбөйдү, талаадагы даныбыз коромжу болбой орулуп, өзүбүздүн өркүнүбүз өстү. Зоболого жеттик. Элге төбөбүз көрүндү. Этек-жеңибиз жайылды. Ушуга канием кылып, кудайга шүгүр деп, мындан аркы жакшылыкты тилейли.

Керт баштын, бир үй-бүлөөнүн жашоосун ойлобой, адегенде «элди жалга, эл ичинде мени жалга» деген тилекти унутпайлы, башка элдин да жакшылыгын, тынччылыгын да тилей жүрөлү. Элибизде: "дөөлөт тоголок, мээнет жалпак" деген накыл кеп бар. «Ушул бойдон бардар жашап, кардыкпай, кор болбой жүрө беребиз» деп айтыш осолдук болоор. Тоголонуп турган дөөлөттү токтотуп калуунун, аны көп убакыт кармап туруунун өзү кыйын. Оомат кеткен күндө – душман баш көтөрөт. Ошондуктан ооматтын тушунда алыс-жакын эл менен жакшы мамилелеш болгон артык.

Жаалы катуу Чыңгызхан бүткүл жер бетиндеги элдин жүрөгүн сыздатып, баскан жерин канга боёп кеткен. Азыр аны ким мактап, ким жакшылап жатат? Моңгул деген атты укса баскынчы, кан төккүчтү эстеген эл, азыркы учурда алардын тукумдарына наалат айтып, кыжырдангандыктарын көрүп жүрөбүз. Биздин күн чыгыш тарабыбыздагы калмактардын жортуулуна көп кабылган элибиз алар менен элдешкиз жоо. Эгерде аларга оомат келип, бийликтин бийик сересине жетип, биримдиги артып, күчү ташкындаган учурунда, жанаша жаткан элдер менен жакшы мамиледе болушса, аларга эч ким каршылашпай,

алыш-катыш артылып, кыйын кезеңге кабылса, кайра жардамдаш-таламдаш болуучулар көп чыкмак. Ушул кезде калмак элинин ичинен чыккан ак сөөктөрдүн бийлик талашуусу күчөп, анын айынан кан төгүлдү, ич ара бөлүнүүлөр арбып барат.

Кыргыз эли эл катары калыптанган күндөн бери калмак менен жаңжалдашуусунун учуна жете элек. Кезинде Ээн Сайдын бойлорунда жашап турганында калмактан катуу кысым көргөн. Андан кийин Алатоого келген кезде да калмактын алык-салыгынан, чапкынчылыгынан ар кандай кыйынчылыктарга кабылган. Кыргыз эли мындайда жөн жатып калганы жок. Кези келгенде калмактын катыгын берип, бийлигин тартып алган учуру да болду. Аларды Манас бабабыз баштаган канчалаган баатырлар талкалады. Бирок, мезгилдин өтүшү менен бийликти кайра алдырып, калмактар өөрчүп-өнүгүп, көчмөн элибизди найзанын учу, кылычтын мизи менен баш ийдирген күндөрдү башынан өткөрдү. Мына кийинки балдар улуулардан угуп жүргөндүрсүңөр, Көлдүн айланасынан бизди ушул Нарындын жээгине көчүп келүүбүзгө да калмактын жортуулчулары Белектин жылкыларын чаап кеткендиги себеп болгон. Наарazылашуунун, туугандар арасындагы касташуунун башталышы Белектин чабылган жылкыларын калмактан кайрып келүүгө биздин аталарыбыздын «барбайбыз» деген бир сөзүнөн келип чыккан. Ошонун кесепетинен келген оор турмушту биз баштан өткөрдүк. Аны кудайдын буйругу менен, кийинкилер көргөн жоксуңар!

Эми, калмак тууралуу сөздү улай берсек түгөнбөйт. Алардын да башы бирикпеген калк. Бөлүнүп-жарылып, бирине-бири жоо болуп, бийлик талашуудан, ар бир бөлүгү өзгөлөрдөн өйдө болгусу, башкаларга үстөмдүк кылгысы келгендиктен, ич-ара кыргын-сүргүнгө кабылышып, кан төгүшүүгө тушуккандарын угуп жүрөбүз. Арийне, бир хандыкка биригүүнүн да терс жактары бар. Бийликке баатыр келсе, элин жоокер кылат. Душманга каршы турат.

Эли-жерин сактайт. Ал эми эл башына наадан келсе, элди күнкор кылып, башкаларга багынтып, басып берет. Андай учурда эл бириндеп, ар кимдин көзүн карайт. Элди бириктириш кыйын, бириндетиш оңой. Жоокер кылыш кыйын, күнкор кылыш жеңил окшобойбу бул заманда! Мунун баарын ушул калмактардын өткөндөрүнөн, жасаган иштеринен көрүп-билдик. Бийликти кайраттуу, акылман киши алса, жерин кеңейтип, бийлигин бекемдейт, айланасындагыларга таасирин арттырып, алакасын жакшыртат. Зулум келсе, элин эзет, канын сорот, ачкөздүгү артып, өз байлыгын көбөйтөт. Калмактын айрым хандары элинин ичине кыргынчылыкты баштап, эли-жерин душманга бастырып, өзү качып чыкканын да кулагыбыз чалган.

Калмактын мыктыларынын элинен качып, кыргыз ичине баш калкалап, жанын алакчылап, жашырынып, атын өзгөртүп, кыргызмын дегенин биле жүргүлө. Жеке эле калмак эмес, башка хандыктардын султандары да элин таштай качып, башка жактарга коргологан учурлар өткөн. Айрым хандар, султандар кыргыз ичинен кол курап, кайра барып өз элин чапты. Бирөөлөрү кыргызга мурда кыянаттык кылгандыгы үчүн колдоо таппай, жер кезип, тентип кетти. Кыргыздар чабылып-чачылса кайра бат ирденген, бат бириккен калк болгондуктан, андан тыш жоокерчиликке ыктуу, ар нерсени тез өздөштүргөн жөндөмдүүлүгүнөн элдигин-журттугун жоготпой, туш-туштан келген баскынчыларга каршы тайманбай аттанып, башкаларга салыштырганда аздыгына карабай, кандай катаалчылыкка кабылса да туруштук бергени менен оозго алынган, көзгө түшкөн. Ошонусуна кызыгып, айрым хандар өз букаралыгына алып, өз союлун чаптырганга аракеттенишкени чындык. Мындай окуяларды айта берсе арбын-деп, Орус бий отургандарды кыдырата карайт. Үй ичинде отургандардын баарысы анын сөзүнө кунт коюп, уккандыктарын байкап, андан ары сөзүн улайт:

– Баатыры бар элге суктанып, алар менен алакалаш болууну каалагандар көп чыгат тегеректен. Мына ачык мисал: биздин Мамаке менен Шопокко жаныбыздагы элдер эле эмес, алыстагы Жаркендиктер да кызыгып, жардам сурап удайчы жибергенин угуп-көрүп отурабыз. Бул дагы эки баатырыбыздын атагы алыска жеткендиги, аларга ишеним артылганы. Ушул эки баатырыбыз болбосо, Алатоонун бир коңулунда жаткан биздин уруунун элин издеп бир да адам келбес эле-деп, анан бул «сөзүм туурабы» дегенсип, жанындагыларды дагы бир сыйра карайт.

Оруз бийдин өткөн окуяларды ушинтип жөндөтүп айткандары тууралуу отургандардын дээрлик баардыгы мурунтан угуп-билип жүрүшкөн. Калмак менен кыргыз арасындагы жоолашуулар тез-тез. Анын баарысын эл билет. Жеке калмак эмес, кийин эле хандык болуп курала калган Жаркен хандыгы да далай кыйынчылыкты көрсөткөн. Моголстандын хандарынын, башка бийликтүүлөрдүн да кысымына кабылган элдин тарыхы тереңде. Анын баарысын тизмектеп, айта бергенге убакыт аз.

Жаз өтүп, жай мезгили жаңыдан башталган ошол учурда Мамакенин алты канат ак боз үйүндө кыдырата отурган көпчүлүктүн деми менен үй ичи үп болуп, түндүк толук ачылып, эшик өйдө түрүлүп коюлган. Отургандардын алдыларындагы оозу кере карыш, тереңдиги андан ашкан жыгач аяктардагы кымыздарды кыдырата карап, бөксөргөнүн толуктап куюп жүргөн жигит бутунун учу менен басып, дабыш билдирбейт, сөз сүйлөгөндөрдү да, сөз уккандарды да алагды кылбай, акырын-аста кирип чыгат. Жылдын бул мезгили жер-суу, тоо-дабандарды көркүнө чыгарып, келбетин келиштирип, коздугун арттырат го, чиркин. Ат кара тил болуп, мал небак көккө, адамдар акка тоюнган, кымыздын бал татып турган учуру. Ошентсе да алдыларындагы аяктардагы мелт-калт куюлган кымызга сугун артып, ала калып, баса калып, жутуп жибергенге куштарланган киши жок. Ток пейил тарт-

кан тоолук эл каниет кылууга ниеттенишип, айтылып жаткан сөзгө муюшту, көп нерселерди эске түшүрүштү, ар кимиси өз алдынча өткөн окуяларды көз алдыларына тартылтышкансыйт. Кечээки менен бүгүнкүнү салыштырып, эртеңкини болжошкондой.

Аңгыча эле Мамакенин агасы Атасары сөзгө аралашып, ушул жердеги Токтогул тукумдарынын эң улуусу Сырымбетке карап суроо узатып:

– Көптү көрүп, көптү билген кишисиз. Хандык бийлиги бар эл күчтүүлүк кылып айланасындагыларды чаап алып, баскынчылык кылганын көп уктук, айрымын көзүбүз менен көрдүк. Бу хан деген капилеттен өлөбү же ажалынан өлөбү?-дейт, жылмая бере.

Атасарынын тамашага айланткысы келгендигин билген Сырымбет, башкалар да билип алуусун ойлоп, шашылбай буларды айтат:

– «Кагылышта хан өлөт» деген кеп тараган. Бирок, кагылыш болгон учурда хандын эле башы кетпей, карапайым элдин каны суудай агат, жеңген элдин кылган иши, жоодогу айлакерлиги, кармаштагы баатырдыгы эске алынбай, хандар макталып, алардын зоболосу артылат. Жортуулдардан табылган олжолорго хандар-бектер ээлик кылат, жанын оозуна тиштеп, башын канжыгасына байланып жүрүп, жеңишке жеткен букаралар куру калган. Мындайлар бу жалганда көп. Эми, кармашта жүрүп мерт болгон бийлик эгелери өтө аз. Ар бир хандын айланасында ак дили менен кызмат кылгандарга караганда, котур ташы койнунда жүргөн, арам ойлуулардын болуусунан күмөнүм жок. Ичи тардык, көрө албастык сыяктуу жаман адаттар баардык улуттардын ичинде бар. Ошол арам ойлуулардын ишине хандын көздөй кишилери, бир туугандары, балдары кошулуп, аялдары аралашып, ууландырып же курал колдонуп мерт кылышса, айланасындагылардын кылганына чыдабай өзүн өзү жок кылган хандар да чыккан. Өз элине жоо болуп букараларынын колунан өлгөндөрү канча?

Бийликке кызыгып, аны ээлеш үчүн акылга сыйбаган иштерди кылуучулар четтен чыгат. Кыянаттык, жек көрүүчүлүк күчөп, чагымчылдар менен жуукурчулардын ирбити жүрүп, ортодогу сөз оңой эле бурмаланат, ошолордун айынан биримтик бузулуп, ынтымак ыдырап, ырк кетип, кут качат. Анткенинде эле карапайым элге бүлүк түшүп, кимдин сөзүнө ишенээрин билбей, "башы жок бака, көзү жок көгөндөн" жаман болот. Хандын, бектин айланасындагы бир ууч кишинин кылыгынан карапайым калк убара тартат, ач-жыңалачтыкка жеңил-желпи кабылат. Мындай учурда тышкы душмандардын чырагына май таамп, бир бүтүн элди өз амирин туттуруу үчүн чапкынчылыгын күчөтөт, олку-солкулукка кабылган калкты ээсиз калган малдай айдап алгысы келет. Демек, акылсыз хан – өз башын өзү жутканга барат. Кыскасы, хан үчүн өлүмдүн түрдүү түрү көп.

Бир дагы хандын өңү-жүзүн көрбөгөн ушул топ арасындагы биз да, канчалаган хандарга кыжырданып, ачуу сөздөрдү айтып жүрөбүз. Ошол сыяктуу бийлик ээсине тишин кайраган адамдар арбын. Андыктан анын душманы эсепсиз. Ушундай жагдайлардан улам хандардын көбү душман колунан эмес, "өздөн чыккан жаттан" өлөт-дейт, Сырымбет сырдуу.

Бул учурда бир колуна чөөгүн, бир колуна жыгачтан оюлуп жасалган тастек кармаган жигит эшиктен баш багып, тамак бышып, даяр болгонун, колго суу куюп, эт тартылар учуру келгенин билдирет. Козунун эти алдыга келип, жалпы баары табакка отурат. Эт желип бүтүп, бата кылынган кезде, жайкы күн төбөдөн оойт. Элге кайрадан кымыз куюлат. Көпсөздөр кайрадан дагы уланат. Идаятулла кожонун чакырыгы тууралуу ар кимиси өз ойлорун ортого салат. Мамакенин беттегенин бербегендиги, барам деген жагына барбай калбаган өжөрлүгүн да, кыйыктыгын да баарысы беш колдой билет. Ал эми Шопок Мамаке менен бирге барбай калды дегенди уккандар кулагына эгерим ишенбейт.

Калмак, Жаркен хандыктарын мурда барып бир аралап, турум-турпатына көзү жетип, жагдайды жакшы билгендиктен бул сапарга аттанууда жолдо тоскоолдуктарга моюн бербей, ыңгайга жараша иш кылып көнгөндүктөн Мамаке менен Шопок эч нерсеге кабаатырланбайт.

Ар кимиси ар кайсыдан кеп козгоп, бийлик ээлеринин кимиси болсо эле өз көмөчүнө күл тартып, алыс-жакын элдерге кысым кылганы, жоолашуунун учуна чыккан учур болбой жаткандыгы, сөөлөттүү делинген нечен хандардан да кемчиликтер кеткендери айтылат. Туура эмес башкаруудан элинин чекеси жылыбаган улуттун өкүлдөрү тууралуу узун сабак сөздөр уланат. Далай кагылыштагы жеңишке жеткендер, баатырлардын эр жүрөктүгү, айрым кездердеги жеңилип, талкаланып калуулардын себептери жөнүндөгү кептер да мындай жерде козголбой коймокпу? Эрте шашкеде Мамакеникине келгендер кечки бешимге чейин кенен кепке киришип, ойлорун ортого салып, үй ээсине ыраазы болуу менен жакшы маанайда тарашат.

Арадан аз күн өткөндө Идаятулланын атайын жазган катын алып, Жайхар удайчы кайра келет. Бул жолку катта баатырлардын тез келүүсү тууралуу чакыруу жазылгандыктан Мамаке менен Шопок тез аттанууга даярданышат. Шопок агасы Бердикеге келип, алыска аттанаарын айтат. Адамдын көңүлүнө карабай, орой сүйлөгөн Бердике:

– Кайда барсаң, анда бар! Кааласаң Кашкар түгүл, кара жердин түбүнө түшүп кет! Башың баш, багалчагың кара таш!-деп, бакылдайт улуусунуп.

Агасынын сырын жакшы билген Шопок кайрылып сөз сүйлөбөйт. Өз алдынча даярдыгын көрүп, жолго чыгаар күн келгенде, аялы Айтбек:

– Агаңдын мүнөзү тиги, кеңешип, коштошоюн деп, барганыңдагы айткан сөзү андай болду! Каралашаар кайын атам жок. Жардамдашаар төркүнүм алыста. Сен келгенче кандай күндө болоор экемин-дейт, кейигенин жашыра албай.

– Каза болсом кара кийип, кан жутаарсың! Тирүү келсем шайы кийип, бал ууртаарсың. Алланын жазганын көрөөрсүң. Кууралдын арты жыргал болоорун унутпа!-дейт, Шопок кайраттуу.

Жолго чыгаар күнүндө алыс-жакын жердеги бардык элдер келип, жалпы бата берип узатат. Алардын арасында Бердике болбойт. Ошондо Сырымбет баарысынан улуулук кылып, буларды айтат:

– Баатырларым, алдыңарда катуу багыт жол турат. Жолдун оорчулугун жолоочу көрөт. Белсенип чыккан бел ашат. Жолду кимдер баспаган. Жолдор кимден калбаган. Жолуңар шыдыр болсо аз күндө жете барасыңар. Ал жерге жалпы мусулман элинен баатырлар бараар. Ар кошкон эл болоор. Мен өзүм андай жерде жүрбөсөм да, угуп-билип жүргөндөрүм бар. Көпчүлүк болгон жерде көралбастык, ич күйдүлүк болбой койбойт. Сөздү ойлонуп сүйлөп, ишти кылдаттык менен аткаргыла. Бул сөздөрдү Шопок балам сен уккунуң! Мамаке абаң көптү көрдү. Бирок, баатыр деген энөө болот. Көп нерсени көңүлүнө албайт. Анысын сен жакшы билесиң.

Бул сапарыңар бүткүл кыргыз эли үчүн намыс талашуучу сапар. Мусулман эли үчүн ыйык жайлардын бири болгон – Азирети Аппак мазары турган жердеги болуучу казатка көптөгөн элдер катышат. Ошолордун ичинен кыргыздын намысын коргоого биздин уруудан экөөңөрдүн аттанганыңар чоң сыймык. Жалпы эл үчүн, ыйык жер үчүн, бүткүл кыргыз үчүн намыстанып кылган жоокерчилигиңер жараткан Аллага жаксын!-дейт, алаканын жайып. Андан ары улуу катары акыл-насаат кептерин айтып, жерге жакшылык, элге аманчылык тилейт. Анын сөзүн жалпы эл колдойт.

Идаятулла кожонун жиберген удайчысы Жайхар чогулган элге алдыда болуучу иштин негизги максаттарын түшүндүрүү ирээтинде мындай кеп салат:

– Ар бир адам өзү туткан дининин таза, адилет болуусун каалайт. Ошондой эле башка диндерге кы-

сым кылбай, алардын өнүгүшүнө жолтоо болбой, өзү ич ара бөлүнбөй, биримдикте ыйык сактап, ынтымактын чыңдалышына карата аракеттенет. Айрыкча мусулман дини мындайды эң башкы максат катары эсептейт. Бирок, ушул кезде силердин чыгыш тарабыңарда жаткан Жаркен хандыгында жашаган мусулман элдери экиге бөлүнүп, ак толук, кара толук делинип, каршылашуусунун натыйжасында кыргынчылыктары көбөйдү. Бейкүнөө кишилердин каны төгүлдү, ак дилдүү адамдардын башы кесилди. Хандык бийликти ээлеген Чагатайдын урпактарынын бири Исмайыл хан мындай ыплас иштерге кенен жол берип, кара толуктардын баштоочусу Шадип кожонун жосунсуз жоруктарын колдоп, ак толуктардын үстүнөн аёосуз эзүүнү күчөттү. Бир мусулман дининин ичиндеги мындай бөлүнүүнүн кесепет-кедергиси карапайым элге тийди. Эң башкысы диндердин арасында биздин диндин баркы ылдыйлады.

Ушундай жагдайлардан улам, ак толуктардын башын бириктирүүгө белсенген Идаятулла кожо кара толуктардан бийликти тартып алып, элди бириктирип, ынтымакка келтирүүнү көздөдү. Бул үчүн бүткүл мусулман элиндеги баатырларды улуу иш үчүн аттанууга чакырды. Ал чакырыкты кабыл алып, түрк элинен Дутар баатыр, тажик элинен Самсы баатыр аттанды. Идаятулла кожо менен бирге Дорго баатыр черүү топтоп жүрөт. Ал эми кыргыз элинен Мамаке менен Шопокту аттандырып, жалпы бата бердиңер. Силердин берген батаңар кабыл болуп, баатырлырыңар көпчүлүктүн ишин аткарып, бөлүнгөн элди бириктирип, басынгандарды боштондукка чыгарып, кайра аман-эсен эли-журтуна келүүсүн тилеймин!

Канчалаган кылымдардан бери ушул кенен аймакта Чыңгыз хандын уулу Чагатайдын урпактары бийлик кылат, элге салык салып, өздөрүн ак сөөктүү, дөөлөттүү деп атап келе жатат. Чагатайдын тукумунан чыккан Жаркендин ханы Исмайыл да дөөлөттүү катары хандыкка чыккан. Бирок, ал дөөлөттүүлөрдүн

ишин уланта албады, Шадип кожого жетеленип калды. Андыктан анын хандык тактысын тартып алып, андан кийин эл ичиндеги жараканы калыбына келтирүү керек. Ал үчүн алдыдагы максатты аткаруубуз зарыл!-дейт, Жайхар удайчы.

Угуп турган элдин ичинен Жайхар удайчынын сөзүн бөлгөн, андан ар нерселер тууралуу сурагандар болбойт. Жайхар удайчы элге жогорудагыларды айтпаса да мурунтан угуп-билип, Жаркендеги кырдаалга көзү жеткен эл, ал жердеги карапайым элдин эзүүдөн кутулуусуна тилектеш экендиктери маалым болчу. Алардын диндин тазалыгы үчүн ынтызарлыгы артып тургандыгына ыраазы болгон Жайхар жалпы элге жакшылык, ынтымакты Алладан тилеп, бата кылат. Аны менен бирге чогулган эл да алаканын жайып, чуркурап бата кылышат.

* * *

Жайкы күн көтөрүлүп калган кезде Жайхар удайчы баштап, Мамаке менен Шопок жолго чыгышат. Аларды узатып, жоон топ атчан адам кошо жөнөйт. Мурда бул жолдорду көп жолу басып, кандим болуп калгандыктан Жайхар удайчы Ак-Сай бетине түшүп, Көк-Артты ашып, Какшаалды жээктеп кетүүчү кыска жолго салууну каалайт. Мамаке менен Шопок буга макул болот. Күн түш оогон кезде узата чыккандар коштошуп кайра тартышат. Андан ары үчөө жолун улайт.

Жаркен хандыгы тууралуу кытай тарыхында төмөнкүдөй баяндалат. XV кылымдын биринчи жарымында Чагатай урпактары бийлеген Могулстан хандыгы алсыздана баштайт. Хандыктын ак сөөктөрү, айрыкча алардын тиреген тиреги болгон Догылат ак сөөктөрү, хандык бийликти талашып, биринин башын бири алып, ички ынтымакты ыдыраткандыгы негизги себеп болот. Каршылашуунун кесепетинен 1428-жылы Могулстан хандыгынын так эгеси Увайсы хан өлтүрүлөт. Анын балдары Жунус хан менен Исан Бука хандык орунду талашууга ки-

ришип, бири-бирине катуу согуш жарыялайт. 1429-жылы Исан Бука Жунус ханды өз жеринен кубалап чыгарат. Бир тууганынан куугунтук жеген Жунус хан Алмалык шаарына келип баш калкалайт. Кийин Алмалыктан Самарканга келип, Темирия хандыгынын эгеси Улугбектин алдына барып корголойт. Улукбек аны Иран, Араб тарабына өнөр үйрөнүүгө жиберет. Ирандын Тебризинде Шахрухтун уулу Ибрагим Султандын кол алдына барат.

Бул учурда анын бир тууганы Исан Бука (тарыхта Эсен Бука III деп аталат) Могулстандын көп аскерин баштап келип, Талас, Сыр дарыянын бойлорундагы элдерге чапкынчылык кылып, Темирия хандыгынын Анжиян шаарына, анын тегерегиндеги элдерге катуу чабуул жасайт, көп олжого ээ болуп, адамдарды кулдукка алып, Могулстандын ак сөөктөрүнө бөлүп берет. Чабылган элдин ичинде Кыргыздар да болот. Ошондо Темир Барлас урпактарынын ичинен эң алгач «султан» наамын алган Султан Бусайп Исан Букага каршы уруш баштайт. Мындайда айлакерлик артыкчылык кылат. Душманга каршы душманды колдоонууну эп көргөн Султан Бусайп он беш жылдан ашык жашырынып жүргөн Жунус ханды тезинен алдыртып, анын аялы Дөөлөт бегимдин атасы Шеркожону баш кылып, көп аскер берип, Жунус ханды бир тууганына каршы согушка салат. Жунус хан көп колу менен катуу кармаштарды жүргүзүп, Фергана, Нарын, Сыр дарыя, Талас өрөөндөрүн, Ысык-Көлдүн жээктерин, Алай тоолорунун айланасын Исан Букадан тартып алып, өзүн ушул аймакка Султан деп жарыялайт. Бул уруштун кесепетинен Могулстан хандыгы экиге бөлүнөт. Кыргыз эли Жунус хандын негизги букараларынан болуп калгандыктан Исан Буканын жоортуулдарына каршы айыгышкан күрөшкө киришип, Кетмен-Төбө, Текес жерлеринде катуу сокку беришет. Мурдагы өздөрүнөн таланып-тонолуп кеткен мал-мүлкү менен кулдукка кеткендерин кайра тартып алышат. Жунус ханга Саруу элинин белдүү

беги Шеркожонун кызы Дөөлөт бегимди алып берип, Чыңгыз хан тукумунан болгондуктан, колуктусу экөөнү ак кийизге салып, кезегинде хандыкка көтөргөн кыргыздар болгон.

1462-жылы Исан Бука хан өлтүрүлгөндөн кийин Жунус хан өз букаралыгындагы кыргыздардан аскер топтоп, Кетмен-Төбөнү ашып, бир кезде өзү келип коргологон Алмалыкты чаап, анын айланасындагы элдерди өзүнө каратат. Бирок, Исан Буканын балдары Досмукамбет менен Кебек султандар Ак-Суунун чыгышынан Комулга чейинки жерлерге ээлик кылган бойдон калышат. Догылат бийлигинин башчылары Айдармухамбет мырза менен анын небереси мырза Абубакир Ак-Суунун батышынан Кашкар, Жаркен, Хотенге чейинки аймакка ээ болот. Кийин Досмукамбет менен Кебек султандар Жунус хандын бийлигине аргасыздан өтүшөт. Ал эми Айдармухамбет менен Абубакир мырзалар өз алдынча падышалык куруп, Жунус ханга каршы жортуулдарын баштайт.

Жунус хан Алмалыкты чаап алгандан кийин, уулу Махмудду Ташкенге жиберип, мурунку өзү курган хандыкты бөлүп берет. Ошондо кыргыз элдери да Махмуддун бийлигине өтөт. Ошол Махмудга караган кыргыздардын жерлери Иле өрөөнүнүн башынан Текес өзөнүнө чейин созулуп, Моңгул-Күрөө, Кызыл-Күн деген конуштары болот. Булар менен Карашаар, Жылдыз деген жерлердеги кыргыздар тыгыз байланышып турат.

Хандык тактысы бирөө, аны талашкандар көп. Ошондуктан «Хандын башын хан жутат» деп айтылган. Так талашуунун кесепетинен чыккан кыргынчылыктын, кутумчулуктун айынан көптөгөн хандар менен султандар кырк жашка жетип-жетпей жайланып турушкан. Алардан өзгөчөлөнүп, узун өмүр сүрүп, хан тактысын көп жылдар бою ээлеп турган ушул Жунус хан болгон. Өз доорундагы Могулстан хандыгынын ичинен эң билимдүүсү, эң айлакери болгондуктан, өз ордосуна ислам окумуштууларын топ-

топ, орчундуу иштерди ошолордун кеңеши менен жүргүзөт. Кезегинде «Устад Жунус» деген наамы менен да дүйнөгө даңкы чыгат. Хандыгына караган элдерге, анын ичинде кыргыздарга ислам динин кенен жайылтууга түз таасирин тийгизет.

1487-жылы, жетимиш жаштан ашык жашап, Жунус хан дүйнөдөн кайтат. Мурун эле бөлүндү болуп турган Могулстан хандыгы бытырандылыкка кабылат. Жунус хандын улуу уулу Махмуд Ташкенди негиз кылып, Могулстандын батыш тарабын ээлесе, кичүү уулу Ахмад Ак-Суудан Комулга чейинки, мурдагы Досмукамбет менен Кебек султандардын бийлигиндеги жерлерди ээлейт. Ал эми Кашкар, Жаркен жактары мурункудай эле Абубакирдин колунда калат. Булардын ичинен Махмуд хан күчтүүрөк кылып, Алтын ордонун да хандарын өзүнө баш ийдирет. Арадан убакыттар өткөн кезде, Махмуд хандын жардамы менен Шейбани хан Аму, Сыр дарыяларынын бойлоруна чабуул жасайт. 1500-жылы Шейбани хан Бухара, Самаркан, Хорезмди басып кирип, Темирия хандыгын талкалап, Темир Барластын урпагы Захреддин Мухамбет Бабур султанды бул жерден кубалап чыгат. Ал кийин Аму өзөнүнүн түштүгүндө, Ооганстан, Пакыстан, Индыстан жерлерин ээлеп, зор империя курат.

Шейбани хан 1502-жылы Ташкен, Ферганаңы басып алып, бир кездеги өзүнө бийлик кылган, учурунда чоң жардамын берген Махмуд ханга каршы чабуул коёт. Айласы кеткен Махмуд хан иниси Ахмад хандан жардам сурайт. Ал өзүнүн уулдары Мансур менен Сейиттин карамагындагы көп колду баштап, Турпандан чыгып, Махмудга жардамга келип, Фергана тарабынан Ак-Ший деген жердеги катуу кармашта Шейбани хандан жеңилет. Кийин Махмуд, Ахмаддар Шейбани ханга каршы кайра чабуул жасаганда да катуу соккуга кабылышат. Махмуд хан алты уулу менен бирге Хожентте Шейбани хан тарабынан өлтүрүлөт. Ал эми Ахмад хан ошол жылы ке-

селден өлөт. Анын уулу Мансур Турпанда өзүн султан деп жарыялап, атасынын бийлигин ээлейт.

Мансур султандык наамды алгандан кийин өзүнүн инилери Сейитхан менен Халил султандан бийлигин кызганып, аларды өлтүрүүгө нээттенет. Муну билип калган инилери качып чыгып, Ысык-Көл менен Нарындагы кыргыздарга келип баш калкалашат. Сейит хан бир кездеги Махмуд ханды жактаган кыргыздардын колдоосу менен өзүнчө хандык куруп, өзүн султан деп жарыялайт. Ошондон кийин кыргыздардан кол топтоп, агасы Мансурга каршы уруш баштайт. Алмата шаарынын жанында Махмуд менен Сейит султандын колдору катуу салгылашып, Махмуддун колу күчтүүлүк кылып, кыргыздардан түзүлгөн Сейит султандын колу талкаланат. Бул жерден качууга аргасыз болгон Сейит султан Кабул шаарын борбор кылып турган күчтүү хандыктын тунгуч падышасы Бабур султанга барып, башын калкалайт.

Ааламдагы акылмандыгы артык болгон Бабур султан Сейит султанга көп жардамдарды берип, түрлүү өнөрлөрдү үйрөтөт. Кийин ошол эле Бабур султандын жардамы менен Сейит султан Анжиян шаарын ээлеп, Нарын, Ысык-Көл, Талас, Чүй, Иле өрөөндөрүндөгү кыргыз урууларды анын хандыгын таанып, өзүнүн мурдагы хандыгын калыбына келтирет. Ошол учурда Кашкардагы Абубакир мырзанын иниси Сейитмухамбет, Махмуд, Бекчек, дагы башка догылат ак сөөктөрү, Абубакир менен каршылашып, Анжиянга качып барып, Сейит султан менен биригишет. Абубакир аларды кубалап, көптөгөн колу менен келип, Анжиянда Сейит султандан талкаланып, кайра Кашкарга жол тартат.

1514-жылы Сейит султан Чүй, Талас, Нарын, Иле өрөөндөрүндөгү, Ысык-Көл жээктериндеги кыргыздардан көп жоокер топтоп, Торугартты ашып, Артышты ээлейт. Мына ушуну таяныч кылган Жаңышаар, Жаркен, Кашкар аймагындагы уйгур букаралары Абубакирге каршы козголуп, анын мансапдарлары менен

жоокерлерин кыргын кылат. Айласы кеткен Абубакир ордосундагы алтын-күмүштөрдү алып, белгисиз жакка качып кетет. Сейит султан Абубакирге караштуу жерлерди ээлеп, Кашкарда хандык курат. Аз убакыт өткөндөн кийин бул хандыктын борборун Жаркенге көчүрөт. Ошондон баштап, Сейит султан курган бул хандык тарыхта Жаркен хандыгы же «Сейит султан хандыгы» деп аталып калат.

Сейит султан хандыкты ээлегенден кийин Абубакирдин жактоочуларын тынчытуу, калдыктарын бийликтен кетирүү, кийин кайра баш көтөргүс кылуу иштери менен алектенет. Бир кездеги өзүн кубалап жиберген агасы Мансур менен элдешет. Ал инисине шартсыз баш ийип, кол алдындагы жерлериндеги бийлигин өткөзүп берет. Муну менен Сейит султандын хандыгы кеңейип, Чыгыштан Гансу өлкөсүнө, батыштан Фергана ойдуңу, Памир тоолору, Бадакшанга, түндүктө Жети-Өгүз, Талас, Эмил, Алтайга, түштүктө Кара-Корум тоолоруна чейинки кенен аймактарга бийлик жүргүзөт. 1533-жылы Сейит султан Тибет, Ларан деген жерлерге чабуул жасап, тоо арасында түтөгүп өлөт. Анын ордуна улуу уулу султан Абдрашит хан такка отурат. Ал өз баласын Абдулатипти Кашкар шаарынын беги кылып дайындайт.

Ошол учурда кыргыздар Жаркен хандыгына тынымсыз салыктарды төлөп турганы менен хандык ичиндеги аймактык бөлүктөрдү кыргыз бийлери башкарып турган. Теңир-Тоонун түндүк батыш тарабындагылар Акназар ханга, Ысык-Көлдүн батышы менен Ош, Ташкен аймагындагылар Нооруз Ахмед ханга баш ийишкен. Жаркен хандыгын курууда, кыргыз урууларынын таасири чоң болгондугун, Сейит султан Абубакирге каршы жөнөгөндө, жоокерлери негизинен кыргыздар болгондугун дагы бир жолу белгилөөгө туура келет. Абубакирдин тушунда эң чоң даражадагы мансапты ээлеп турган Мухамбет-Кыргыз, Арсылан-Бахта элди Абубакирге каршы үндөп, козголоң чыгарып, Жаркендин учурундагы абалы тууралуу Сейит

султанга кабар кылат. Өз бийлигиндеги элдердин өз алдынчалыгына, алардын алык-салыктан кутулушуна карата бир катар иштерди жасайт. Арсылан-Бахтын элинин козголушу, Абубакир үчүн күтүүсүз болуп, ал казынасын алып качууга себепкер болот. Ушундан кийин Кашкар, Жаркен, Хотен өңдүү чоң-чоң шаарларды Сейит султан урушсуз баш ийдирип алуусуна зор мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошондуктан Сейит Султандын тушунда Мухамбет-Кыргыз эң чоң зоболого жетет. Аны менен катар Бакберди, Ботомуш сыяктуу кыргыз төрөлөрү Жаркен хандыгынын таасирлүү бийликтерин ээлешет.

Абрашит хандын тушунда кыргыз уруулары, айрыкча Кара-Тегин аймагындагылар алык-салык төлөөдөн баш тартышат. Бул учурда Абрашит хандын улуу уулу Кашкар шаарынын баш валийи Абдулатип хан аң улоону шылтоо кылып, жоокерлери менен чыгып, кыргыз журтчулугунун башчысы Акназар ханга чабуул жасап, талап-тоноп, көп олжо менен кайтат. Кыргыздар казактар менен биригип, Абдулатип ханды кубалап жөнөшөт. Абдулатип хан жолдо өргүгөнүндө Акназар хандан олжолоп алган бир кыз менен жатканын көрүп, Ботомуш чапчаңдык менен Акназар ханга кабар жеткизет. Ал түнү менен келип Абдулатипти мууздайт. Бул окуядан кийин кыргыз-кыпчак бөлүнүүсү пайда болуп, Нооруз Ахмет хан Абдрашит ханга баш ийсе, Акназар хан аларга баш ийбей, өз алдынча болууну көздөп, Жаркен хандыгына алык-салык төлөөдөн баш тартат.

Ал учурда уруштардын көпчүлүгү бийлик талашуудан келип чыккан. Өзүнүн уулу Абдулатип хандын куну үчүн Акназар ханды талкалап, анын ээлигиндеги эл-жерди өз бийлигинде калтырууну көздөгөн Абдрашит хан Нооруз Ахмет ханга киши жиберип, Ташкенден көп жоокер алдырат. Акназар хандын турук кылган жерин тактап билип, көп колу менен келип, алты төрөсү менен чогуу өлтүрүп, алтымыш миң колун быт-чыт кылат. Өлгөндөн калгандарын Нооруз

Ахмет ханга өткөрүп берет. Ошону менен Нооруз Ахмет хан кыргыз-казакка хан болуп калат.

1570-жылы Абдрашит хан өлөт. Анын балдары Жаркен хандыгын бытыратып, өз алдынча бөлүп алып, өз бийликтерин кеңейтүү максатында кан төгүшкөн согушка киришет. Ал учурда кыргыздар бири-бирине карама-каршы ак сөөктөргө кирип калышат. Ушул учурдагы жагдайдан пайдаланып, Ош, Ысык-Көл, Кара-Тегин аймактарындагы кыргыздарды негиз кылып, Кулубек мырза бир хандык түзөт. Муну менен кыргыздар өз алдынча болууга аракет көрүп, Жаркен хандыгынан алыстоону максат кылышат. Кийин Жаркен хандыгын ээлеген Абдулла хан бир нечеге бөлүнүп кеткен Жаркен хандыгын бириктирүү үчүн чабуулдарды жасайт. Ош шаарына чабуул жасаган учурда Алай жайлоолорунда жашап турушкан Отуз уул кыргыздарын баштап, Койсары бий Абдулла ханга каршы аттанат. Койсары бийдин бул каршылыгы жеңилүү менен аяктап, айласыздан Абдулла ханга букара болуп кирүүгө аргасыз болот.

Абдулла хан кийинки жылдары өзүнүн иниси менен, өз денинен чыккан ханзаада атыктырып, алпештеп өстүргөн балдарынан кылган үмүтү соолуп, алардын өзүнө карата жасаган мамилелеринен, бийлигин тартып алуу үчүн тымызын аракеттеринен улам, аларга ишенүүдөн түңүлөт. Балдары менен иниси ачыктан ачык согушууну баштап, Абдулланы хандыктан шыпырып түшөөр учурунда ал кыргыздардын төрөлөрүнүн колдоосуна муктаждыгын сезет. Алар менен айласыз биригет. Кыргыздар күч да колдонуп, айлакерликтерди да кылып, Абдулла хандын хандыгынын бүтүндүгүн сактап калышат. Ошондуктан Абдулла хан өзүнө караштуу чоң шаарлардагы бийликтерин толугу менен кыргыз төрөлөрүнө тапшырат. Тактап айтканда, Кашкарга Койсары бийди, Бүгүргө Черикчи бийди, Хотенге Сатым бийдин уулу Алдаяр бийди хаким-бек кылат.

Жаркен хандыгы тууралуу тарыхтарда ушундай жазылат. Анын түптөлүшүнө, хандык катары калып-

танышына кыргыздар көп эмгек кылышкандыгы анда айдан ачык көрүнүп турат. Ал эми хандык тактыны Чыңгыз хандын урпактары ээлеп келишкен. Хандыкка хан тукумунан гана көтөрүү салтын колдонушкан. Мындан тышкары, ак сөөктөн ак сөөк, хандан хан туулат деген түшүнүк да пайда болгон.

Курани Каримдин негизинде Мухамбет пайгамбардын жасаган иштери боюнча пайда болгон Ислам дини дүйнөнүн ар тарабына жайылтылып, башка диндерге салыштырганда тазалыгы, ишенимдүүлүгү көпчүлүккө белгилүү болуп, артыкчылыгы артыла баштайт. Бул ыйык ишти жайылтууда чоң-чоң иштер жасалып, көптөгөн адамдар берилүү менен катышат. Динди жайылтуучулар аткарган иштерине карата морид – чындыкты издөөчү, муршид – жолго баштоочу, пир – жогорку даражалуу башчы, ийшан – устаз, халиф – бийликтин жарымын ээлөөчү деген сыяктуу даражаларга ээ болушкан. Ушуга ылайык бирине-бири баш ийишкен. Кыргыздар ийшанды – эшен, халифти – калпа деп өз тилине ылайык атап алышкан.

Жараткандын амирин элге жайылтуучулардын, ыйык ишти аткаруучулардын ичинен пенделик кылып, бийликке, байлыкка кызыгып, өзүнүн атак-даңкын арттырууну максат кылгандар чыкмай коймокпу. “Байлыкты көрүп, пайгамбар жолдон чыгыптыр” деген сөз эл ичинде бекеринен айтылбайт. Карапайым элди өзүнө тартуу максатында Шайык Мансурулла ажы өзүнүн аброюн бийиктетүүнү көздөп: «Мени көрсөң, Кудайды көргөнүң, Кудайды көрсөң, мени көргөндөй болосуң» деп өзгөчөлөнгөндүгү үчүн – кезегинде Иран шарыят соту тарабынан өрттөлүп өлтүрүлгөндүгү тууралуу маалыматтар бар. Шарияттын жолу кенен деп айтышат. Бирок, динди булгоо, басынтуу, өркүндөөсүнө каршы кыянаттыктарды кылуунун жол-жобосу абдан ичке, абдан татаал.

XIII кылымдын алгачкы жылдарында Орто Азияга, анын ичинде Теңир-Тоо айланасындагы элдерге ислам динин жайылтуу иштери өзгөчө ылдамдык

менен ишке ашырылып, морид, муршиддер, сопу-кожолор арбын келе баштайт. 1218-жылы Чыңгыз хан Бухара шаарын чаап алганында, бул жердеги Ислам динин жайылтуучулардын пири Мавлана Кожоакмат туткундалып, Моңголдордун өз жергесине жиберилет. Аз убакыт өткөндөн кийин ал айласын таап, качып кеткенге үлгүрөт. 1348-жылы атактуу Тоголок Темир Ак-Суу, Турпан тарабында хандык курганында Мавлана Кожоакматтын урпагы Жамалиддин Тоголок Темирди ислам динине киргизет. Ханы ислам динине киргенден кийин букаралары кайда бармак? Алар да анын жолун жолдошот. Ошондон баштап, бул аймактарда ислам дини кенен жайылтылат. Негизинен ислам динин жайылтуу Кыдырия, Сухравардия, Чешие, Мавлавия, Нахшабандия деген агымдар боюнча жүргүзүлөт.

Кожо Жамалиддин кийин Махмуд Аззам деген ат менен жүрүп, 1542-жылы дүйнөдөн өтөт. Анын кичүү уулу Кожо Ысхак агасы Мухамметемин менен каршылашып, Дахбиттен кыргыз жерине келип, он эки жылы жүрүп, Ислам динин калыптантып, Шаман динин биротоло жоюуга аракеттерди жасайт. Кийин ал Жаркен хандыгынын айланасындагы элдерге барып, андан кайра Дахбитке келип дүйнөдөн өтөт. Ушуга чейинки убактарда Кожо Ысхактын агасы Кожо Мухамметемин инисинин күчөп бараткан таасирине тоскоолдук кылуу максатында кыргыз жерлери аркылуу Кашкарга келип, өзүнө тарапкерлерди топтойт, инси Кожо Ысхактын тарапкерлерине каршы козголоңдорду чыгарат. Ошого байланыштуу Кожо Ысхак тарабындагылар «кара такыялуу», Кожо Мухамметемин тарабындагылар «ак такыялуу» деп аталышып, ортодо кандуу кармаштар, коогалаңдуу кыргынчылыктар күч алат. Жаркен хандыгынын айланасындагы элдер, анын ичинде кыргыздар да бул уруштарда четте калбайт, ортодогу бейкутчулугу бузулат. Кожо Ысхактын тарапташтарынын көпчүлүгү Кара-Тоо тарабында жашагандыктан «Кара Тоолук-

тар» деп, алардын каршылаштары болгон берки тарабындагылар «Ак Тоолуктар» деп да шарттуу аталышат. Ал эми тарыхка кара такыялуулар же кара тоолуктар Исхакия, ак такыялуулар же ак тоолуктар Ишкыя деген аталыштарда киргизилген.

Мухамметемин кожонун уулу Мухамбет Жусуп атасынын жолун улантуу максаттарында Дахбиттен Мекке, Мединага барып, андан Памир аркылуу кыргыз жергеси менен Кашкарга келет. Ал жерден ак такыялуулар менен кара такыялуулардын карама-каршылыктарын мурункудан да күчөтүп, Жаркен хандыгынын бийлөөчүлөрүн экиге бөлүп, хандык ордосундагылардын ичинде эки бөлөк көз-караштарды ачыктан ачык, көз көрүнөө пайда кылып, тынч жашоону буза баштайт. Ошол учурдагы Жаркендин ханы Султан Махмуд хан Мухамбет Жусупту айрым туура эмес кылган кылыктары үчүн бул аймактан кубалап чыгарат. Ал Ак-Суу, Турпан, Күчар тараптарында дербиштик кылып жүрүп, Комулга барып орунтуктайт. 1616-жылы анын уулу – кийин Аппак Кожо наамын алган Идаятулла ушул Комулда жарык дүйнөгө келет.

Арадан жылдар өтүп, кара такыялууларга каршы иштерин кайрадан жүргүзөт. Уулу Идаятулла менен биргелешип, Жолбос ханды хандыкка көтөрүп, анын жардамы менен бийликти эркин жүргүзгөнгө аракеттенет. Бирок, кара такыялууларды баштаган Кожо Ысхактын урпагы Шадип кожо Жаркен, Каргалык, Меркит, Поскам аймактарындагы кара такыялууларды бириктирип, ак такыялууларга каршы жүрүш жасап, Жолбос ханды хандыктан айдап, аны хандыкка чыгарган Мухамбет Жусупту өлтүрөт. Ошондо уулу Идаятулла атасынын сөөгүн, мусулман эли үчүн ыйык жай деп аталган Азирети Аппак мазарына жеткирип, өзү Кашмир, Чыңхай, Гансу өлкөлөрүнө дербиштик кылганы кетет.

Мусулман калкы элге төбөсү көрүнгөн, атак-даңкы алыска жеткен бийик даражалуулар каза болго-

нунда, алардын сөөгүн ыйык жайлардагы кабырстандарга коюп турушкан. Биздин Теңир-Тоо аймагындагылар баатырлардын, казы-бийлердин, төрө-манаптардын сөөгүн Жалал-Абаддагы Аюп пайгамбардын кабырстанына төөгө жүктөп, атка артып алып, жумалап-айлап жол тартып жүрүп, ысык-суукка карабай жеткиришкенин мисал кылсак болоор. Ошол сыяктуу Кашкардагы Азирети Аппак мазары да мусулман эли үчүн ыйык жай катарында эсептелинет. Бул мазарга тек жайы пайгамбар чыккан курейш уруусуна такалган ыйык кожолордун сөөктөрү коюлгандыктан Кашкар, Турпан аймактарындагы мусулман элдери атактууларынын сөөктөрүн ушул жерге коюп турушкан. Идаятулла атасы Мухамбет Жусуптун сөөгүн мурунтан калыптанып калган салтты бузбай, Азирети Аппак мазарына койгондон кийин ал жердин да, Идаятулла кожонун да баркы мурункудан артыкча артылып, бул мазарды сактоо, суук көздөн коргоо – мусулман элинин милдеттеринин бири болуп калат.

Жаркен хандыгынын аймактарында жашаган мусулман эли бири-бирине каршы турган кожолордун баштоосу менен эки бөлөк көз караштарга кабылып, кыргынчылыкка дуушар болгон ошол учурларда чачкын жашаган кыргыздар да экиге бөлүнүп калат. Памир, Теңир-Тоо аймагындагылар кара такыялууларга, Кашкар аймагындагылары ак такыялууларга кошулуп, алар менен бирдикте бири-бирине каршылашып калышат. Мухамбет Жусуп менен Идаятуула ханзада кара такыялууларга каршы дүрбөлөң баштаганда кыргыздар биригип, бул козголоңго каршылык көрсөтүшүп, кожолордун мындай уруштарын токтотуу үчүн Жаркен хандыгынын жасаган иштерин колдойт. Ал учурда Жаркен хандыгынын чоңчоң бийликтерин кыргыз төрөлөрү ээлеп, айрым шаарлардын аким-бектери болуп турушкан.

Жолбос хандын бийлигин тартып алган Шадип кожо хандыкка Абдулла хандын иниси Исмайылды

отургузуп, өзү бийликтин көбүн ээлеп, кара такыялууларды баштап чыгып, Мухамбет Жусуп менен анын уулу Идаятулла ханзааданы колдогон ак такыялууларга каршы уруштарын баштайт. Жаркен хандыгынын бийлиги мурункудай Чыңгызхандын тукумдарынын ортосунда эмес, ак такыялулар менен кара такыялууларды баштаган кожолордун ортосундагы талашка түшөт. Кара такыялуулар салган кыргынчылык менен оорчулукка туруштук берүү кыйындаган сайын ак такыялуулардын биримдиги чыңдалат. Түпкүлүгү бир тууган кожолордун бирин-бири көрө албастыгы, бийликке, мансапка жетип, атак-даңкын арттырууну көздөгөнү, ал үчүн карапайым калктын ичиндеги каршылашууну кан төгүүгө чейин жеткирүүсү – Жаркен хандыгынын тынччылгына, бакубаттыгына жана анын өз алдынча өсүп-өнүгүүсүнө тескери да, олуттуу да таасирин тийгизе баштаган.

Жаркен хандыгы түзүлгөн күндөн баштап, анын бийлигине ээ болуу үчүн атасына баласы, агасына иниси жоо болуп, хандык тактысы талашка түшүп турганы ал заманда көнүмүшкө айланган. Бийлик, байлык, атак-даңк үчүн биринин сөөгүн бири мүлжүгүсү келгендер четтен чыккан. Ошондуктан бийлик талашуу сөзсүз кан төгүүсүз, тынч аяктаган эмес. Бир адамдын бийликке жетүүсү үчүн бир канча адамдын канын төгүп коюу – эч нерсеге арзыбаган же түккө турбаган кадыресе көрүнүш катары эсептелип, айрым учурларда бүтүндөй бир эл садагага чабылгандай бейкүнөө кыргынга учураган. Бийликте турган адамды мертинтүү максатындагы ар түркүн айла-амалдар жасалган, котур ташын койнуна каткандар кадам сайын кезиккен.

Бир тараптын өйдөсүнүп, үстөмдүк кылуусу, экинчи тараптан улам басынуусу чыр-чатактын күчөшүнө алып келет. «Чыңгызхан тукумунан чыккан Догылат ак сөөктөрүбүз» деп, көпчүлүк элди теңсинбеген Моңгулдар да элдин кыжырдануусу менен каршылыгын жараткан. «Хан тукумдарыбыз» деп, өзүн

көкөлөткөндөр да каршылашууга түрткү болгон. Байлыгына таянып, колунда жокторду кемсинткен басынтуулар душмандашууларга жол ачкан.

Атасынын сөөгүн Азирети Аппак мазарына жеткизип, зыйнатын өткөрүп, жаназасын окуп, жерге бергенден кийин Кашмир, Гансу өлкөлөрүнө дербиштик кылууга кеткен Идаятулла кожо арадан бир топ жыл өтөкөндөн соң Кашкарга кайтып келгенде кара такыялуулардын ак такыялуулардын үстүнөн кылган кыргынчылыгын, баскынчылыгын өз көзү менен көрөт. Карапайым элдин жан чыдагыс азаптарын, заманасы куурулган, санаага баткан абалын, жашоо турмушунун начардыгын байкайт. Шадип кожонун тукуруусу менен Исмайыл хандын желдеттеринин элге кылган кыянаттыгына, аларга кошулуп кара такыялуулардын айбандан жаман жырткычтык кылганына, баш көтөргөндөрдүн баарысын жок кылганына күбө болот. Өзүнүн тарапкерлеринин бири да тирүү калбай башы кесилип, үй-мүлктөрү таланыптонолуп, бала-бакыралары туш-тушка тентиреп кеткендерин угуп, огобетерден жаны кейийт. Өзү да Кашкар аймагына бейгам отурукташа албай, куугунтукка кабылат.

Кылычынан кан тамчылаган Исмайыл хан менен Шадип кожонун шарият жолун бузуп, анын мыйзамдарын өзүлөрүнүн мүдөөлөрүн аткарууга багыттап, бийлигин курал аркылуу бекемдеш үчүн ойго келбеген адат-салттарды чыгарышкандыктарына көзү жетет. Исмайылды хандык тактысына көтөрүп, өз колу менен жетелеп барып отургузгандай доомат кылып, буйлалаган төөдөй жетелеп алган Шадип кожо – бейкүнөө адамдардын башын кесүүдөн тартынбагандыгына, курани Каримдин аяттарын бурмалап, мусулмандардын бири-бирине каршылашуусун күчөткөндүгүнө кыжырданат.

Кашмир, Гансу, Чыңхай өлкөлөрүндө дербиштик кылып жүргөн учурунда ийшан (устаз) наамын алган Идаятулла Кашкар аймагындагы ак такыялуу-

лар менен тымызын байланышып, аларды биримтикке чакырып, кара такыялуулардын кыргынчылыгын, көрсөткөн кордуктарын токтотуунун жолун издейт. Исмайыл хан бийликке келип, Шадип кожо баштаган кара такыялуулар үстөмдүгүн күчөткөн учурда, өз алдынча биримтиктеше баштаган ак такыялуулар Идаятулла устаздын келгенин кубаттап, кожолугун урматтап, айланасына чогула башташат.

Ак такыялууларды оор турмуштан, башкалардын алдында басынуучулуктан, бейажал, бөөдө кырылуудан сактап калуунун бирден бир жолу – Исмайыл хандын бийлигин тартып алуу үчүн адегенде, анын шыкакчысы, атүгүл тукуруучусу болгон Шадип кожону бул аймактан жок кылуу керек деп эсептеген Идаятулла тымызын аракеттерди жасайт. Бирок, бекем турган бийликти кулатуу үчүн кандай күч керек? Ан үчүн андан артык кубат, каруу талап кылынат да. Анчалык күч кайдан табылат? Ак такыялууларга кошулгандыгы үчүн эле башы кесилип, сөөгү көмүлбөй, ит-кушка жем болуп жаткандарды күнүгө көрүп, мизи майтарылып, баш көтөрүүдөн түңүлүп калган Жаркен эли бир дербишти ээрчип, белсенип урушка кирээри белгисиз. Күн сайын дарга асуулар күчөп, базардын бир жагына күнөлүүлөрдү жазалоочу жай жасалып, ал жерде кудайдын куттуу күнү куру калбай, ак такыялуулар койдой мууздалат, адам каны суудай акканына күбө болгон, жүрөгү титиреген калкты көтөрүү оңойго турбас. Анын үстүнө урушту баштоо, улантуу үчүн көптөгөн каржы-каражат, арбын байлык керек. Азырынча колдо андайлар да жок! Каруугa илгидей курал-жарак жетишпейт. Теги, баарасы жылан сыйпагандай. Ошондуктан бүт-баарын кылдат ойлонууга туура келет.

Азирети Аппак мазарынын айланасынан жашыруун жай таап, ошону турак кылган Идаятулла акырындык менен өзүнө санаалаштарды, тарапкерлерди топтойт, ар бир ишти тымызын жүргүзөт. Мындай иште абдан дыкаттык, аяр айлакерлик керек. Жолу-

гушууга келген кишилеринин ички сырын билүүгө кызыгып, чын нээти менен ак такыялууларды колдоорун, элдин кыргынчылыктан кутулуусуна көзү жетээрин боюнча, алдыдагы жасалуучу иштерге карата мамилесин сурамжылайт, алар менен баарлашкандагы айткан сөздөрүнө көңүл коюп угат, суроо сурагандарына ойлонуп жооп берет. «Ак такыялуулардын азаттыгы үчүн жанын аябайт» деп, өзү ишенген кишилерин жанына жардамчылыка алат. Исмайыл хан менен Шадип кожо жөн жатмак беле, Идаятулланын бул аймакка келгендигин билсе, жер-суунун баарысынан издетип таптырмагы анык, аны эл алдына алып чыгып, башын кестирээри белгилүү. Андыктан баардык ишти жашыруун, купуя кара такыялууларга билгизбей, тымызын аткарганга аракеттенет.

* * *

Ислам дини баарына бирдей, улутуна, тилине, жашаган жерине карабайт, нээтин-пейилин бургандар, айрыкча таза-такыба жүргөндөр үчүн ыйык! Анын өзүнүн жол-жобосу, эрежеси, тактап айтканда, шарияты бар. Ал башка диндерге каршылык кылбайт. Кысым көрсөтпөйт. Ошондой эле ислам дининин ичинен бөлүнүп-жарылуусуна жол бербейт. Бирок, Жаркен хандыгынын ичиндеги элдер – баардыгы бирдей Ислам динине берилгендиги менен, кийин экиге бөлүнгөн: ак тоолук, кара тоолук болгон, ортосунда кыргынчылык күчөп кеткени кечиримсиз, бул курандын жол-жоболоруна, сүрөө-аяттарына ылайык келбейт. Бир динде туруп, бири-бирине кастыкты токтотуунун бирден бир гана жакшы жолу бар: ал Жаркен хандыгынын тактысына дин салтын, анын шариятын мыкты билген, Курани Каримдин аяттарын жатка айтып, аны ыйык сактаган адамдын отуруусу керек.

Идаятулла кожонун ойлогон оюу ушул. Жаркен хандыгын ээлеп, өз билгениндей бийлигин жүргүзүп келген, «Чыңгыз хандын урпактары атыгып, ак сөөктүү делинген султандар» да элдин чекесин жы-

лытпады. Бийлик талашуудан канчалаган пенделердин каны суудай агылды, канчалагандар кутумчулуктун аркасы менен набыт кетпеди. Улам бийлик башындагылар алмашылган сайын эл ичиндеги каршылашуулар күчөп турду. Ак такыялуулар менен кара такыялууларды кайраштырып, ортосуна от таштап коюп, алыстан карап, өзүнө пайда табылар жагын аңдып отурган хандар жок дейсиңби?

Идаятулла кожо, атасы Мухамбет Жусуп кожо экөө биргелешип, кезегинде Жолбос ханды хандыкка көтөрүп, ак такыялуулардын бийлигин күчөтүп, үстөмдүгүн арттырган учурунда кара такыялуулардын ичинен көз көрүнө, ачык эле ак такыялууларга кошулуп кеткендерди көргөн. Ошол мезгилдерде хандык тактысына атасы Мухамбет өзү отуруусу мүмкүн эле. Бирок, андай болгону жок. Кезинде дөөлөттү делингени ак сөөк тукумдары үстөмдүк кылып, далайдан бери түптөлүп, алдуу-күчтүүлүгүнө башкалар теңдешкис Могул хандыгынын колдоосуна ээ болуп турган. Ал эми Шадип кожо Мухамбет Жусуп кожо менен Жолбос хандын башын кескен мезгилде аларга ушул тек жайы Чыңгыз ханга барып такалган ак сөөктөр менен Жуңгар хандыгы ачыктан-ачык колдоо көрсөтүп, хандыкка Исмайылды отургузган да ушулар эмес беле?

Шадип кожо хандын тактысын өзү ээлегиси келген, бирок тигилердин күчүнөн, сүрүнөн, жаалынан корккон. Ал эми эл ичинде козголоң баштап, кара такыялууларды көтөрүлүшкө чыгарып, кыргынчылыкты күчөтүп, Исмайылдын такка отуруусуна түздөн-түз көмөк көрсөткөндүгү үчүн баардык убакта дооматын артып, өзүнө бийик даражаларды ыйгарып алганы – хандын эркин мурунтуктаганга тете болчу.

Өзүнүн алы жетпей, бирөөнүн күчү менен бийликке жеткен адамдын ага ар дайым көз каранды болуп калаары, көп учурда анын жетегинде жүрөөрү шексиз. Кезегинде Мухамбет Жусуп да Жолбос хандын башын ноктолоп, чылбырын колунан чыгарбай

жүргөнү чын. Аны ак сөөк тукумунан болгондугу үчүн хандыкка жөлөп чыгаргандыгын милдет кылганы бар. Ал эми Шадип кожо да Исмайылдын башына өзүнүн атындай жүгөн салып, тизгинин колуна бекем орой кармап отурат. Андыктан анын дооматы, өктөөсү күч да!

Шадип кожо хандык ичинде өз бийлигин кенен жүргүзүп, ак такыялуулар менен кара такыялуулардын каршылашуусун каалашынча күчөтүп, кийинчерээк дөөлөттүү ак сөөктөрдү алсыратып, алардын сөзүн суу кечирбей таштаган, аларды бийликке жакындатпай, хандык ишине аралаштырбай, жадагалса ордого баш бактыргысы келбей, алыс айдап биротоло четтетүүнү көздөйт. Ушундан кийин жанаша жаткан Жуңгар хандыгына кыр көрсөтүп, алар менен мамилени үзүп таштаганда Исмайыл хандын колдоочулары өзүнөн өзү жок калат. Ошол учурду чыдамсыз күтүп, эртерээк көзүн тазалап: «хандыкты ээн-эркин ээлеп калсам» деген арам ою болгон. Жанын сабап, ар кандай айлакерликтерди жасап жүрүп, бул ой-максаттары толук орундалуусуна аз убакыт калган, айрыкча Чыңгыз хан тукумдарынан хандык тактыны тартып алган алгачкы адам катарында атакдаңкы ай-ааламга дайын болооруна көзү жете баштайт. Айтору, «Кул жеймин дейт куйрукту, Кудай билет буйрукту» дегендей, анын ордуна талаалап, тентип жүргөн бир селсаяк – Идаятулла кожо келип отуруп калаарын ал таптакыр капарына эле эмес, теңине да албайт.

Идаятулла кожо барган сайын Кашкар аймагынан өзүнө тарапкерлерди көбүрөөк тарта баштайт. Шадип кожо менен Исмайыл хандан запкы жеп, ыдык көргөндөрдүн баарысы акырындап анын жанына чогулушат. Кашкардагы иштерин жолго коюп, андагы өз санаалаш, тарапкерлерине ишенимдүү кишилеринен башчы дайындап, өзү Жаркенге сапар тартат. Ал жерден Хан ордосуна чукулдап баруу менен, ак такыялуулардын катарын бириктирүү максатын көздөйт.

Жаркендеги абал Кашкардагыга салыштырганда абдан начар. Жанын сактоонун айынан эр-азаматтар кул, кыз-келиндер күң болгону аз келгенсип, ак такыялууларды аймактан таптакыр жок кылуу үчүн аларды жазалап өлтүрүүнүн түрлүү жолун, амалдарын ойлоп чыгышкан. Адамдар кыйналып, кыңкыстап өлүүсүн элге көрсөтүү көнүмүшкө айланган, аларды койдой мууздап, шарт эле кескилебестен, адегенде эки бутун кесип, эки күнү көчөгө таштап, атайы кансыратышкан. Эки күнгө чейин жаны чыкпаса эмкисинде эки колун кесишкен. Айрымдардын эки көзүн оюп, карайлатып, сыртка чыгарышкан. Албетте, көзүнөн ажыраган адам темселеп, ар кайсыга урунуп, мүдүрүлүп чалынып, жыгылып-кооп, сенделип жүргөнүн акылы жоктор кызыга карашып, каткырып күлүп, андан ырахат алышкан. Аялдарга кылган мамиле мындан да жаман. Ошолордун баарын көргөн Идаятулла кожо, ак такыялууларды мындай азаптан куткаруу үчүн күн тынымын, түн уйкусун билбей, катуу аракеттенет.

Шадип кожо менен Исмайыл хандын нөөкөрлөрүнө билинип калбас үчүн жашыруун, башка ысым менен жүрүп, баардык ишин тымызын жүргүзүүгө аргасыз. Адегенде Идаятулла кожонун жанына азыраак ак такыялуулар топтолушат. Бирок, алардын айрымдарынын сөздөрүнөн: мындан кийинки тагдырларына, атүгүл тирүү жүрөөрүнө өзүлөрүнүн ишеничтери жок экендиги айкындалат. Идаятулланын жанына алар кожонун атактуу кожолугун сыйлап, атасы Мухамбет Жусуптун арбагын урматтагандыгы үчүн эле келип тургандай сыяктанышат. Жедеп баштарынан оор кыйынчылыктар өтүп, жүрөктөрү өлүп, жан дүйнөсү жабыркап, жашоодон түңүлгөнү каректеринен ачык көрүнөт.

Кан төгүшүүдөн көңүлдөрү калып, кыргынчылыктан жадап, улам бир баш көтөргөндөрдүн артынан ээрчигенден жалккан элдин тез арада ыкка көнө коймоюу, бир пикирге келмеги, акыр аягында кара такыялууларга каршы аттанып чыгааргына көзү жет-

пеген Идаятулла кожо башка айла-амалдарды ойлонот. Бирок, канчалык жан үрөп иш кылса да, Жаркендеги үгүт-насаат иштери алга жылбайт. Ал аз келгенсип, артынан аңдуучулардын көбөйгөндүгү анын өмүрүнө чоң тоскоолдуктарды пайда кылат. Жаркен хандыгынын чыгыш тарабын ээлеп жаткан «Чың империясынан» Комул, Турпан, Чыңхай аймактарын ээлеп, бийлигин бекем сактап турган Жуңгарлардан жардам сурап көрүүнү туура деп ичинен эсептеген Идаятулла Жаркенден кетип, Хотен шаарына баруу максатын көздөйт. Кара такыялуулардын көпчүлүк бөлүгү хашаган Хотен шаарынан жана анын айланасынан жарытылуу иш жүрүүсүнө жардамдашып, максатташ болуучулардын көбөйүшүнө анчалык ишене бирбестигине кошул-ташыл Идаятулла кожонун бул максатынан кайра тартууга аргасыз кылган жагдайлар жаралат.

Башка айла-амал табылбагандыктан Жаркендин айланасындагы анчалык жүрүшүп кетпеген, өзүн алымсындырбаган иштери менен алектенип, хан ордосуна чукулдай албай, Шадип кожо менен Исмайыл хандын купуя сырларына көзү жетпей, көп убакыттарды өткөрөт. Көп иштерди жасаганга, айрыкча тыңчылар менен биргелешүү үчүн көптөгөн каражат, байлык керек болуп, колдо жоктук да кендирди кесип, кедергисин тийгизет. Ушундай себептерден улам, Кашкарга кайтып келүүгө нээттенет. Убакытты көп өткөрбөй, Кашкарга кайтып келген Идаятулла кожо өз тарапкерлери менен биргелешип, аз да болсо каражат табуунун жолун издейт. Ошону менен бирге эле Жуңгар хандыгына тымызын мамиле түзүү үчүн өзүнүн атынан элчи жиберүүгө даярданат.

Жаркендин ханы Исмайыл хандан хандык бийлигин жыра талашып, ага тең бийлээр эле эмес, үстүнөн бийлеп, өз билгенин кылган, Исмайылды суулуктап жүрүп, акырындык менен көзүн тазалоо негизги максаты болгон Шадип кожо жанына топтогон кожолору, эшен-калпалары менен бирге кутумчулукка бару-

уну көздөйт. Бирок, улам бир себептер тоскоолдук кылып, анын арам оюнун ишке ашуучу мезгили келбей, артка кечеңдейт. Көздөгөнүн ишке ашыруучу учурду күтүп, кыябын келтирүү менен алектенип, хандыктын ички-тышкы абалына көп көңүл бура албай калат. Баардык абал-жагдайга толук көзү жетпеген адам алдында болуучуну баары бир болжолдоосу кыйын, акылы алсыз. Ошол сыяктанып, Шадип кожо келүүчү жылдагы эртеңкини көрүүсү жок да, көзү бирде тунарат, бирде чачырайт. «Ак такыялууларды тынчыттык, эми баш көтөрбөйт» деген ойлорго бекем ишенген ал каршылаштары тарабынан коркунучтун келээрин эгерим күтпөгөн.

Исмайылдын хандык бийлигин бекемдөөсүнө кошуна жаткан калмак хандыгы колдоо көрсөтүшү мүмкүн деген чолок ойго жетеленип, калмак менен мамилени үзөт, Исмайыл ханды аларга душман катары көрсөтүүнү көздөгөнүн ишке ашырып, тымызын кишилерди жиберип, ортого шынаа каккыдай сөздөрдү айттырат Шадип кожо. Бирок, ал учурда калмак хандыгынын так эгеси болуп отурган Галдан Чың империясынын темир каганы атыккан Коң таажынын (Хуң тайжы) этегине жамынып, ага баш ийгендигин билдирген менен, айланасындагы элдерди кырып, жерлерин басып алууну самап, кыргынчылыктарды күчөткөн. Кылычын кайрап, улам бир жерди тартып алып, жеңишине маашырланып тургандын көңүл сыртында калтыруу жарабас. Башка элдерге Коң таажынын атынан чабуул жасап, чабылган элди Коң таажынын букаралыгына өткөндүгүн жарыялаган адаты түпкү максаты эмес эле. Ушундай амалкөйлүгү менен кезегинде кыргыздарга да жортуулчулук кылган. Улам алга жылып, жеңишине жеңиш улап, Чың империясынын күчтүү тополоңчуларынын күчү менен Чыңхайды басып алган, ал жердеги хошуттарды өзүнө багындырып, андан ары Комул, Турпанды ээлеп, Жаркен хандыгына жакындайт.

Эки күндүн биринде кутум жасалгандыктан, ал учурга чейин Коң таажы бийликтен кулап, анын ордуна Каң Ший деген ээлик кылат. Ушундан баштап Чың империясынын калмак ханы Галданга болгон көз караштары өзгөрүлөт. Ошого байланыштуу Галдан Жаркен хандыгын басып кирүүдөн бир аз тарткынчыктайт. Себеби, Каң Ший бийликке келээри менен тышкы чапкынчылыктарды токтотуп, Чың империясынын ички иштерин жөнгө салуу менен алектенет, мурунтан калыптанган мыйзам шарттарын өзгөртүүгө көбүрөөк басым жасайт. Ошону менен бирге Гансуга жүрүштөрдү баштайт.

Жогорудагыдай жагдайлардан улам, Жаркен хандыгына баскынчылык кыла албай калган калмак ханы Галдан Исмайыл ханга, анын жөлөнчүгү болгон Шадип кожого тишин кайраган бойдон ичинен сызып, кала берет. Андан аз убакыт мурда өзүнөн жардам сурап барган Идаятулла кожонун элчисин, ага берген жоопторун эстеп, баарысын кайрадан ойлонуп, Идаятулла баштаган ак такыялуулар козголуп чыкса, түздөн-түз болбосо да кыйыр түрүндө жардамын берээрин билдирип, кайра киши жиберет. Анын жиберген дубай саламын Идаятулла кожо сүйүнүч менен кабыл алат. Бирок, ак такыялуулар качан көтөрүлүп чыгаары тууралуу ачык айта албайт. Анткени Идаятулла кожонун топтогон черүүлөрү даярдыксыз, абдан алсыз болуп турган кези болчу.

Исмайыл хан өзүнө баш ийген аймактарды башкарууга хаким-бектерди, чоң шаарларды башкарууга баш валийлерди дайындап, алардын алдына казына топтоого, жортуулчу-чапкынчыларды кармоого мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Ал эми өзүнүн алдына мол казына жыйнайт. Миңдеп, сандап саналган жоокер күтөт. Аларды өз-өзүнчө кол башчыларга бириктирип, ошолордун күчү аркылуу башкарат. Хаким-бектердин, чоң шаарлардын баш валийлеринин алдындагы жоокерлер түздөн-түз кол башчыларга баш ийдирилет. Ошондуктан айрым учурларда хаким-бек-

тердин кол алдындагы жоокерлери хандык бийликтин шилтөөсү менен өзүлөрүн камсыздап, аларды багып отурган хаким-бектеринин башын кескендери да болот. Андай окуялар быякта тез-тез кайталанат. Аларды көргөн эл, күчүк кезинен багылып, дөбөт болгонунда ээсин жара тартып өлтүргөн итке салыштырат, ич-ара шылдың менен, мыскыл менен икая, баянды тар чөйрөдө созолонтушат. Анткени эл ичинен идиректүүлөрү тандап алынып, тарбиялап, зарыл-керектүүлөр менен жабдык жашоо-шартын жакшылап, жоокерчиликке үйрөтүп, казынадан акы төлөп берип бөпөлөгөндөй асырап, кийин ошол кылган жакшылыктары бир тыйынга татыбай, душмандын башын алгандай, эч тартынбай баарынын башын кесип ыргыткандыгы – ээсине кол салган дөбөттөн же ээсин тепкен эшектен да жаман көрүнөт го.

Исмайыл хандын койгон кишилеринин, хаким-бектеринин, баш валийлеринин жанына Шадип кожо кара такыялуулардан бирден кишисин кошо дайындап, алар дин иштерин жүргүзүү үчүн коюлгандыгын жар салат. Бирок, аларга көбүрөөк милдеттер жүктөлгөн, аймактын же шаарлардын баардык иштерин колго алуу, баш валийлер менен хаким-бектердин жасагандарын тыкыр көзөмөлдөө, керек учурда толук башкаруу укуктары да берилген. Хандык ичиндеги башкаруунун баардыгын өз колуна алгысы келген Шадип кожо өзү дайындаган кишилерине ушундай чоң артыкчылыктарды берип, хаким-бектер менен баш валийлерди ошолордун алдына кыңк эткис кылат. Исмайыл хан өзү Шадип кожонун жетелөөсүндө жүрсө, анын кишилери Шадип кожонун кишилерине жетеленбей кантип сыртта калат? Ошонун кесепетинен эл ичинде тескөөлүк көбөйүп, бир эмес, эки түрдүү, башкача айтканда, кош бийлик жүргүзүлүп, карапайым көпчүлүктүн ичинде наразычылыктарды жаратат.

Ушундай эле ыкманы Шадип кожо жоокерлер арасында да жайылтат. Кол башчылардын жанына бир-

ден калпаларды кошуп, аларды кол башчылардын Пири катары көрсөтөт жана көтөрөт, баардык ишти калпалардын кеңешисиз жүргүзүүгө биротоло тыюу салынат. Бул амалы менен ал Исмайыл хандын жоокерлерин бүт өзүнө каратып алды дегенди билдирген. Жоокер башчыларынын жанында жүргөн калпалары Шадип кожо бөк десе бөгөт, чөк десе чөгөт. Анткени эшен же калпа наамын Шадип кожо өзү берет да. Дин ишинде эшен-калпа наамдары жогорку наам. Кожолукка жетпесе да сыйлуу. Имам-молдолордон алда канча өйдө. Эл колдоосуна ээ, айтканын аткарат. Ал эми Кожо наамына Пайгамбардын урук-туугандары гана татыктуу болушат деген астейдил эреже бар.

Хандыктагы баардык ишти Шадип кожо кынтыксыз аткарып жүрөт деген ойдо болгон Исмайыл хан ордодон, ортодон чыкпайт. Күлкү менен күн батырат, оюн менен таң атырат. Ордого топтолгон ырчыбийчилерди ырдатып, бийлетип, дегеле чилдирманчы, ашулачы дегендерди жанынан чыгарбайт. Жаркен шаарынын чок ортосуна кезегинде бул хандыкты курган Сейит султан тарабынан салынган хан сарайдын ичи күндө майрам, күндө той. Жыргалдын баары ошол жерде. Ал эми сыртында көз ирмем сайын кан жыттанат, каар төгүлөт. Андыктан хан сарайды башкалар жек көрүү менен карайт, колунан келсе талкалап, өрттөп салгысы келгендер көп. Баардык балакеттердин: кордук-зордуктардын, кан төгүүлөрдүн башталышы ошол жерден чыгып жаткандыгын эл билип, сезип турушат.

Колунда бардын колундагысын алып, колунда жоктун жон терисин сыйрып, чогултулган салыктардын эсебинен жыргап жаткан хан ордосунун кызматчыларын карапайым адамдар жети баштуу желмогузундай көрөт. Айрыкча ай сайын күрөшкө түшүп, анын байгесин элге төлөткөн Аргын сыяктуу дардалактаган казыналык балбандары кокусунан элдин колуна тийсе, ташкалакка же ташбараңга алып, жыландай жанчуудан кайра тартпас. Шадип кожонун

этегине эрмешип, жеңине жармашып, ишенимине кирип, калпа наамына жетип, ордого кирип жүргөндөрдүн далайы калпалык наамды актабайт, шарыяттын жолу менен жүрбөйт, делбелектеп, делбетап арам иштерге аралаша баштайт. Алар кара такыялуулар экендигин даңазалап, өзүлөрүн же кара такыялуулар гана жашаганга акылуу, ал эми ак такыялуулар жашоого укуксуз деп, ачык эле эсептешет. Ак такыялуулар үчүн жаза да, сый да – өлүм деген жарлык чыгарышат.

Өзүлөрүн «ыйыктын ыйыгы» деп санаган, Ислам динин кенен жайылтуучуларбыз деп атанган кожолор башында турганда, букаралары бир гана Ислам динин туткан Жаркен хандыгындагы ушундай бөлүнүүчүлөр карапайым элди кыжырлантkандан башка эмне тартууламак? Ошол себептен Идаятулла кожонун айланасына чогула баштаган ак такыялууларды колдоп, аларга кошулууну көздөгөндөр аз-аздан топтолуша баштагандыгы тууралуу шыбыш кеп Шадип кожого да жетет. Бирок, ал буга анча маани бербестик, тоготпостук кылат, айтылгандарга анча ишене бербейт. Бардык оюн, дитин Исмайыл ханды хандыктан айдап, ордун тартып алууга бурган Шадип кожо ар кандай майда иштерге алагдыланбайт. Анын максаты чоң. Ак такыялуулардын биримдеше баштагандыгын ал кезектеги күнүмдүк майда-бараттын катарында кабыл алат.

Жакшы иштерди баштоого болоор-болбос тосколдук көп чыккандай эле, жаман жагынан да бут тосуулар чыкпай койбойт экен. Шадип кожонун көздөгөнү боюнча Исмайыл хандын бийлигин тартып алуу үчүн уюштурган кутумчулугунун пайда-батасы барбы? Башын баталгыга койгондон кандай өзгөрүү болот? Бир башкаруучудан экинчи башкаруучунун карамагына барганда баарына эле бирдей май көл, сүт көл жарала калабы? Өмүрүн тобокелге салгандан эмне табат? Андан көрө тынч эле башым аман, жаным эсен дегенден өтөөрү жоктур. Орун алмашуу-

дан эч кимисинин кылы кыйшайбайт го. Ошондуктан Шадип кожо ойлогондордун баардыгын ойрондотуп, айрым ишенген кишилери "өңдү көрсө, жүз тайдылык" кылмайын эске албаптыр, кургур. Аткаруучулары Исмайыл хандын алдына барганда айтчу сөздү түз айта албай тайсалдашат. Андан башка да тышкы жагдайлар таасир эттиби, айтору, Исмайыл ханды жакын арада ордунан козгоо кыйындайт. Ордо ичинде Шадип кожону колдогондор көп өңдөнгөн менен, Исмайыл ханды да колдоочулар арбын экендиги билинет, жарака кеңейе берет. Жаркен хандыгынын ичинде ушул сыяктанган, атүгүл мындан да таман алдындагы ыплас иштердин көп экендиги жалпыга дайын боло баштайт.

Ушундан аз эле жыл мурда калмактын ханы Галдан Чың империясынын темир каганы атыккан Коң Таажынын таасири менен Жаркен хандыгын басып киргенге нээттенгенинде, Шадип кожо Исмайыл хандын башынын амандыгын тилеп, анын хандык ордунда аман-эсен отуруусу үчүн жан үрөгөн, Чың империясынын бийлик төбөлдөрүнө башмалдак уруп турганы унутулгандай. Себеби Исмайылды хандыктан айдаган күч, Шадип кожону да жок кылаарын алакандагыдай көрүп, беш манжасын билгендей билген. Ошондуктан Исмайылды сактап калуу, өзүн сактап калуудан артык болгон. Кудайдын буйругуна жараша, ал учур учуп өтүп, Коң Таажы тагынан тайып, Галдан алсызданган кезде, кайра Исмайыл ханды жок кылууну көздөп отурган арам ойлуу Шадип кожодон ким жакшылык күтмөк?

Өз мансабын, өз таасирин, акыр аягында байлыгын сактап калуу үчүн ар түркүн айла-амалдарды кылып, өз жүзүн даана көрсөтпөй, бирде чүмбөт жамынган, бирде жоолук салынган, ары карап бөрү, бери карап түлкү боло, миң түркүн кубулуп турган шумпайлар баардык заманда жашайт турбайбы, чиркин! Мансапсыз жашоосу өтпөй, күнү бүтүп калуучудай, бийликке кумарланган адамдар – бийлик эгесинин

жанында кара башын тартуу кылган менен, уулуу, заардуу жыланын койнуна ката жүргөндүгү жалпы адамзатка маалым го.

* * *

Калмак хандыгы көптөгөн кылымдар мурун түзүлүп, калыптанып калган хандык. Анын тарыхы тереңде жатат. Алар өзүлөрүнүн хандыгын түпкүлүгүнөн бери калмак деп атабастан, кезегинде ойроттор, кийин Жуңгарлар деп атап келишкен. Ойрот аталып турганда Ээн Сайдагы кыргыздарга Тогандын уулу Эсен баштаган Ойрот жортуулу болот. Ошондо кыргыз эли катуу бүлгүнгө түшөт. Кийин Эсен баштаган Ойроттор кыргыздардан катуу сокку жеп, Эсен өзүнүн кол алдындагы кызматчысынан өлөт. Андан кийин ойроттордун ортодогу, ордодогу ынтымагы ыдырайт.

XVI кылымга чейин жер бетинин чыгыш тарабында Манжу деген бир элдик бөлүк пайда болот. Алар андан мурунку Журжиттерден келип чыгат. Журжиттер Кытай бийликтерин жоготуп, «Алтан хандыгы» деген жаңы хандык курушат. Ал хандык Чыңгыз хан тарабынан жок кылынат. Кийин Миң империясынан чыккан манжулар Маң империясынын бийлигине өтөт. XVI кылымдын башталышында манжулардын чоң бирикмеси түзүлүп, алардын бийлигин ээлеген Айшын Чоро-Нурхачы өз бийлигин бекемдеп, кол алдындагы жер-аймактарынын чегин кеңейтет. 1616-жылы Айшын Чоро-Нурхачы өзүн хан деп жарыялайт. Мурунку журжиттерге окшотуп, кийинки «Алтын хандыгын» түзөт. 1618-жылы Нурхачы Маң империясына өзүнүн сегиз уулу баштаган 60 миң колу менен катуу чабуул жасап, Маң империясынын 90 миң жоокерин талкалайт да, Маң империясынын бийлигин жоюп, баардык жерлерин өзүнө каратат. 1627-жылы Нурхачы өлгөндөн кийин анын ордун ээлеген Хуң Тайжи атасынын жолун жолдойт, өз хандыгынын бийлиги менен өкүмүн күчөтөт. Аны

кыргыздар Коң Таажы деп аташкан. 1636-жылы Хуң Тайжы “Алтын хандыгы” деген наамды «Чың» деп өзгөртүп, «Чың-Тайзуң» деп атайт. Андан ары Хуң Тайжы өзүнө көптөгөн жерлерди басып алат.

Жогоруда айтылган Маң империясы кулатылган учурда калмактардын Ойрот хандыгында пайда болгон ыркы келишпестиктерден улам, Ойроттор хошут, жорос, дөрбөт, торгоот деген аталыштардагы төрт бөлүккө бөлүнөт. Алардын ичинен жоростор өзүлөрүнөн жогору турган бийликтин тайыганынан пайдаланып, башкаларга үстөмдүгүн кыла баштайт. Көптөгөн кол жиберип, Ойроттордон калган хошут, торгоот, дөрбөттөрдү өзүнө багындырат. 1628-жылы Жоростор өзүлөрү турак кылган Жуңгар ойдуңунан козголуп, көп жерлерди тартып алууга аракеттенип, торготторго чабуул жасаганында, алар журт катары мекендеген жерин таштап, Эдил (Волга) дарыясынын бойлоруна барып отурукташууга аргасыз болот.

Кийин жоростор өзүлөрүнө караган аймактарын дагы кеңейтүү максатын көздөйт, айланасындагы элдерге каршылык көргөзүп, алардын жерлерине сугун артып, шилекейи чуура баштайт. Бирок, ички чыр-чатактар көбөйүп, бийлик талашуунун кесепетинен ичинен ирип, сасыган жыты сыртына чыгат, дагы эмне болуп кетер экен дегенсип, башкалар көзүн албай карап турганында башаламандыктан, кагылышуулардан пайдаланган Галдан Бошокту хан бийликти тартып алганы бар. Бийликке жетээри менен Галдан Бошокту хан өзүн Жуңгар ханы деп атайт. Бул бизче «сол канат хан» дегенди билдирет. Ошондон баштап, мурдагы ойроттор Жуңгарлар деген аталышка эгедерлик кылат.

Жуңгар хан атыккан Галдан Чың империясына баш ийгендигин билдирип, анын атына жамынат, анын атагын ачык эле калканч кылып, бийлигин бекемдеп, көптөгөн жерлерди өзүнө каратат. 1977-79-жылдарда Чыңхайд, Комулду, Турпанды ээлейт. Ошол учурда өз өкүмүн жүргүзүп турган Жаркен ханды-

гын түз талкалап кирүүдөн тарткынчыктайт. Себеби, Жаркен хандыгынын бийлигинин башында Чыңгыз хандын урпактары отурушкан. Учурдагы Шадип кожонун жетелөөсүндөгү Исмайыл хандын түпкү аталары да Чыңгыз хандын түз тукумдары. Анын бийлигин тартып алуудан жалтайлатып, чочулаткан негизги жагдай: Чыңгыз хандын өз уулдары Чагатай менен ички Моңголияны ээлеп турган Толунун урпактары дале бийликтен кете элек кези. Андыктан башка жерлердеги бийликтерди бекем мыкчып отурган Чыңгыз хан тукумдары Исмайыл ханга колдоо көрсөтүп, жардам берүүсү сөзсүз ыктымал. Андай болгон шартта Галдан канчалык калдайса да, оң таппай каларын билет.

Галдандын мындай оюн ачык биле бербеген Идаятулла кожонун жиберген элчилери менен байкоочулары Галдандын Жаркен хандыгынын бийлигин бирөөгө алып берүүдөн мурда, өзү ээлеп алууну көздөгөндүгүн айтып келишет. Ошондон кийин Идаятулла кожо мурунку ойлорунан кайтып, жалпы мусулман элдериндеги баатырлар менен балбандарды чакыруу үчүн удайчыларын туш-тарапка жибере баштайт. Жиберилген удайчылардын бири Жайхар Сыр дарыя өзөнүнүн батышында жашап жаткан Мамаке менен Шопокко келбедиби? Удайчыларын жөнөткөндөн кийин өзүн сыйлаган ак такыялууларды бirimдештирип, алардан черүү топтогонго киришет. Ар кайсы жерлерде козголоң чыгарып, кара такыялууларга каршы душмандык иштер жүргүзүлөт. Бирок, иш ойлогондой болбой, тоскоолдуктар көбөйөт. Ошентсе да, ар жерлерден кара такыялуулардын көрсөткөн кордугуна чыдабагандыктан, аларга каршы аттанууга даяр экендигин айтып, атайы келип кошулгандардын катары арбый берет.

Топтогон черүүсү арбып, аларды жайгаштырып, өзү көзөмөлдөп, майда чапкынчылыкты кылат Идаятулла кожо. Керектөөлөргө жумшагыдай каражаттын аздыгынан, толук жабдылбаган черүүсү талоончулук-

тарга барат, кыянаттыкты да кылат. Мындай чоң жүрүштүн башталышында мүчүлүштүктөр кетпей койбойт эмеспи. Топтолуп жаткан черүүгө жан багыш үчүн, атүгүл пайда табыш үчүн эле келип, арасына кошулуп алгандар жок эмес. Алардын ар биринин аркасынан ээрчип жүрүп, кылыгын көрүп, сырын билүүгө азырынча ал эмес, убакыт жетпейт. Андыктан илгертеден черүү башчылары колдонуп келген ыкма боюнча: он башы, жүз башы, миң башыларды дайындап, алардан жооп сурап, ошолор аркылуу башкарууга өтүү кыйла жеңил. Кара такыялуулар менен биргелешип кеткен Жаркен хандыгынын желдеттери тарабынан соккуга учурап, талкаланып калбоо үчүн черүүнү бир жерге жайгаштырбай, майда топторго бөлүп, ар бирин ар кайсы жерге өз-өзүнчө жайгаштырбаса да болбойт. Ар бир топтун башчысы менен тыгыз байланышты түзүү максатында жашыруун сөз жеткирип туруучу ишеничтүү адамдарды иргеп алат. Ушул сыяктуу иштер менен алектенип, сырттан келүүчү баатырлар менен балбандарды күтөт.

Мамаке, Шопок Жайхар удайчы үчөө аттангандан тынбай жүрүп, Ак-Сайды ашат, агыны катуу суулардын кирип турган учуру болгондуктан, алардан аргасыздан кечүү издешет. Ак-Сайдын, Мүдүрүмдүн, Көк-Арттын күпүлдөгөн дарыялары чогулуп, бир жерден куюлушат. Ал жер Үч суунун куюшу деп аталат. Бул суулардын мөңгүлөрү куш учуп жете алгыс, оюнан караганда көз жеткис бийиктикте болгондуктан, жаз өтүп, жай башталганда гана араң эрийт. Андыктан бул дарыя жай айларында катуу киргиндейт. Илгертен тилсиз жоонун бири атыккан дарыя кечүү бербейт. Анын тартылаар учурун күтүү керек. Ошол учурда дарыянын Куюшунан баштап, Какшаалдын Кара дарыясы атыккан кандуу суу далайдын өмүрүн алгандыгы менен да көпчүлүктүн жүрөгүн титиреткен. Кечүүсү жок жерден кечип, эр көкүрөктөнгөндөрдүн нечендеринин сөөгү дайынсыз, табылбай калган.

Жол тарткан үч жолоочунун экөө баатыр болсо да, кирген суудан аман-эсен өтүүнүн амалын издешет. Бир аз кеңешип, суунун тартылар убагын күтмөй болушат. Ыңгайлуу жер таап, аттарын тоюнтуп, өзүлөрү өргүү кылышат. Күпүлдөгөн дарыя таңга маал бир аз тартылгансыйт. Аны байкаган үчөө ошол учурда атташып, сууга киришет. Өйүз-бүйүзү бута атымдан ашык дарыядан мурда Мамаке менен Шопок Эрен кабырага айдатылган туугандарды издеп баргандарында кечип өтүшкөндүктөн го, анын ыгып билгендик кылышат. Сууга киргенинде аттардын жалын жаба берип, эки жээгиндеги тоолорду кошо агызчуудай солкулдаткансып, күрпүлдөгөн катуу агым кооптонтуп, жүрөктү селт эттирет. Деги эле эч кимге туруштук бердирбөөчүдөй көрүнөт. Аттардын буту суу алдындагы таштарга тийип-тийбей, каалгыгансыйт. Өйүзгү жээкти карай жан далбасалап, чапчыланган аттар кадимкидей чабак уруп, сүзүп баратканcыйт каркыбарлар!

Катар кирген үчөөнүн катары бузулбайт. Көптө барып жээкке чукулдап, аттардын буттары сай алдындагы таштарга илингенде а кудайлаган келмелерин унуткандай. Аздан соң алар аман-эсен жээкке чыгышат. Жолдогу жоонун бирин жеңгендей акыбалдагы үчөө –коргул таштуу кууш капчыгай менен сапарын улайт. Күн кеч кирген жерге түнөп, ат тыныктырышат. Таңдан-кечке жалаң коргул таштуу Какшаалдын капчыгайын аралап, үч күн жүргөндүктөн аттарынын туяктары кемирилет. Мунусуна да шүгүр, мындай коргулда ат туягы тегеренип түшүп калышы да мүмкүн. Андыктан атты такалап, ташыркатпаганга аракет кылынган менен така түтпөйт.

Капчыгайдан чыгып, Какшаал жергесинен өтүп, Артышка чукулдашат. Элге аралашып, айрым кишилер менен кеп салыша калышат. Бирок, бир да кишиге Идаятулла кожонун чакыруусу боюнча бараткaнын айтышпайт. Кожонун өзүнө жолукканча көздөгөн максаттарын кишиге айтпоо жөнүндө убадалары бар алардын. Андыктан сураган кишилерге

жөн гана «жолочуубуз» дешет. Ошентсе да опол тоодой көрүнгөн Мамакенин, анын үчтөн экисине теңдешкен Шопокту жана алдындагы жулкунган аттарын шектене карагандар көп.

– Найзаны качан, кайдан болсо да аштап-саптап алууга болот. Бирок, кармаганга эптүү, эки миздүү чолок кылыч табылбайт!-деп, кыска кылычтарын чапандын ичине байланып, колдоруна камчыдан башка нерсе кармабай бараткан экөөнү: «жоокер» деп болжош кыйын. Артышка кирбей четтеп өтүп, көп күнү жол жүргөн соң Кашкарга чукулдашат. Азыраак эл жашаганчакчы арзан салынган жалпак тамдары бар айылды аралап, ортолоп келгендеринде короо-жайлуу, эски дарбазалуу бир үйдү көздөй атынын башын тарткан Жайхар удайчы:

– Ушул үйгө бүгүн түнөп кетели-дейт, ишенимдүү.

Анын айтуусу боюнча дарбазага чукул келишкенде:

– Фазил! Фазил, ээй!-деп, кыйкырат Жайхар болгон добушу менен.

Дарбазанын ичинен адегенде иттин арсылдап үргөнү угулуп, ага удаалаш:

– Бул ким?!-деген эркектин үнү чыгат.

– Мен – Жайхармын!

– Аа.... Мен азыр-деп, саамга буйдалып, үрүп жаткан итти «чык» деп, жаагын басып, андан кийин дарбазанын жөө киши кирүүчү кичине эшигин ачып, босогосун аттап чыга берээри менен Мамаке, Шопокко тигилет. Айтылган саламга ооз учунан алик алган менен катар турган эки алпка таңгалгандай жалдырайт. Капырай, тим эле келмеси оозуна түшкөнсүйт. Мурда мындай адамдарды көрбөгөнсүп, көзүн албай тирмейет. Жада калса ирмегенге алы келбей, карегi катыгансыйт.

Фазилдин эстен таңгансып турганын байкаган Жайхар ат үстүндө турган калыбында жылмая карап:

– Эй, неге жалдырайсың!?-дейт, өкүм унчуга.

Ошондон кийин эсине келгенсиген Фазил эки жакты алаңдай карап, «дагы башкалары жокпу» деген-

дей түр кылат. Жашы кырктан ашып, көп нерсеге көзү жетигип калгансыганы менен Фазилдин азыркы таңданышы – болду-болбоду боз уландын мүнөзүн элестетет. Дарбазанын сыртынан учурашып, ал-жай сурашкандан кийин жолоочулар ичкериге аттарын жетелей киришет.

Там үйдүн бир бөлмөсүнөн орун алган Мамаке, Шопок, Жайхардын алдына дароо дасторкон жайган Фазил – көптөн бери көрө элек Жайхар досуна ар нерселер тууралуу улам суроо узатат. Анысына Жайхар кыска-кыска жооп берип, көп жол басып, талаатүзгө түнөп жүрүп чарчашкандыктан, көп сүйлөөгө көңүлү чаппайт, кеп-сөзгө жооп берүүнү каалабай тургансыйт. Анысын дароо байкаган үй ээси тамакашын тез жыйнатып, короого байланган аттарды жайгаштырат. Эртелеп орун салып, эс алдырат.

Эртеси эрте турган үчөөнөн Фазил өргүп кетүүсүн суранат. Эртең мененки тамактанууга отурганда ал Жайхарга:

– Бул алп адамдар тууралуу кеп кыла отур!-дейт, кызыкканын жашырбай.

Жайхар Мамаке менен Шопоктун кайдан келип, кайда бараткандыктарын кыска айтып берет. Ал эми Фазил тууралуу Жайхар буларды кеп салат:

– Ушул Фазил, мындан беш жылдай мурда ак такыялууларга да, кара такыялууларга да кошулбай, өз тирилигин өткөрүп, бешенесине жазылган тагдырын көрүп жүрчү эле. Бир күнү кара такыялуулардын башчысы Шадип кожонун мушриддеринин бири келип: «Шадип кожого баш ургунуң» дейт. Фазил макул болбой, «мен Аллага гана кулдук кылам» дегенинен кайтпайт. Анан экөө кыжыңдашат. Мушрид алдуулугуна салып, анын үстүнө таянган кожосу барсынып, сабап кирет. Ошондо Фазилдин бойго жеткен баласы карап турчубу – атасына болушуп, мушридге кол көтөрөт. Догурунчаак мушрид чапкылап барып, кара такыялуулардын жазалоочуларын чакырып келип, Фазилдин колу-бутун байлатып, даракка таңып

коюп, баласын маңдайына алып келип, мууздатат. Чырылдап ортого түшкөн аялын кылычтап өлтүрүшөт. Алардын кайгысынан оорукчалдыкка кабылып, күйүтү күчөп, көпкө кыйналды. Мындайды пендеге бербесин, дагы кайраты бар экен өткөн жылдан бери жакшы болду!-деп, боор тарта аягансып, Фазилди карайт.

– Ошолордон өч алаар күн келээр!-дейт, Мамаке.

– Ооба, өч алаар күнгө жетээрбиз!-деп, Жайхар да оор үшкүрүнөт.

Ак такыялууларга ак кызмат кылып, баласы менен аялынын кунун ала албаса да, көксөөсү канаар учурга жетээрин үмүт кылган Фазил чыйралып, кайраттангандай, кара күчкө барпаландагансыйт. Анын анткенин көрүп отурган үчөөнүн да кабактары ачылат. Кайрадан аркы-берки кептерге өтүшөт. Баатырлар, балбандар, тулпарлар, алгыр куштар тууралуу узун сабак кептер айтылат ортодо. Көп жерди кыдырып, көп элди аралагандык кылып, Жайхар бир далай кеп-сөздөрдү айтат. Бир убакта сөздүн нугу кайрадан балбандарга бурулуп, бир кездеги Мамакеден жыгылып, байгеден куру калган Аргын балбан тууралуу аңгемелер башталат. Анын казыналык балбан кылган Ысмайыл хан байгелердин баарын алып коюп тургандыгын айтып берет. Казынага көз каранды болгон баатыр да, балбан да өзү тапканына өзү ээ болбойт, башкалар ээлик кылгандыгы тууралуу сөз кылышат. Ошол учурда:

- Өмүрүндө далысы жерге тийбеген Аргынды бир кыргыз жыгып, байгесин бир кыргыз жулуп кетти деп уктук эле, ал кандай балбан болду экен?-дейт, Фазил.

– Аргынды жыгып, төбөсү менен жер сайдырган балбан төрүңүздө отурат!-дейт, Шопок: - Кандай балбан, кандай адам экендигин каалашыңызча көрө бериңиз.

Муну угаары менен Мамакеге көзүн кадаган Фазил эки колун бооруна алып:

– Оо, жараткан! Менин үйүмө бүгүн жолоочу келбей эле, кут келген белем?! Кечээтеден бери келбетин

көрүп: «ушундай да алп адам болобу?» деп, таң-таңданганымды айтпа! Билгенимдей ырым кылып, тооп кылайын!-деген тариздe, ордунан туруп, Мамакени көздөй ийиле жөнөгөндө:

– Мага тооп кылгыдай – мен пайгамбар эмесмин! Мен да өзүңдөй бир пендемин! Ажылыгым да, кожолугум да жок. Андыктан мени өзүңдөй адам катары көрө бер-дейт Мамаке шаштысы кете.

– Ошентсе да нээттенген нээтимди аткарганга ыракым кылыңыз!-деп, Фазил Мамкенин колунан кармап, эңкейе берип өөп, алаканын чекесине тийгизе өзүнчө күбүрөнөт. Анын анткенине кыжырданган Мамаке колун тартып баратып, Фазилдин жүрөгүндө айыкпас жара бар экендигин эстей, өзүн өзү токтотуп: «билгенин кыла берсинчи» дегенсип, аны жайына коёт. Фазил болсо өзү менен өзү алек, Мамакенин колун коё бербейт, бир топко чейин эриндери кыбырайт, көмөкөйүнөн дуба окуп жаткансыйт. Андан кийин кыбыла тарапты карап, алаканын жайып бата кылат. Анын бул жоругуна Жайхар да, Шопок да тоскоолдук кылбайт. Шопок гана экөөнү шылдыңдагандай жайдары жылмая карап турат.

Үйүндө аялы, балдары жок, жалгыз жашаса да, Фазил тирлигине тың экендигин байкашат. Тамак-аш даярдаганынан, мейман күткөнүнөн кынтык табылбайт. Кийген кийимдери да таза. Үй эмеректери, төшөнчү-орунчусу ирээттүү. Ошентсе да аялсыз үйдүн кунарсыздай көрүнөөрү белгилүүдүр. Нечендеген төрөлөрдүн, манаптардын, алтын жамбыны жанына салган көпөс соодагерлердин иш жасабай, аш даярдабай, малай жумшаган, күң башкарган аялдары отурган үйлөр да ушундай кунарсыз сыяктанаарын, кербездүү аял кирген кишини жактыра бербей, көзүнүн төбөсү менен караганын, натыйжада үйдүн кутун учуруп тургандай көрүнгөнүн Мамаке, Шопок, Жайхар удайчы үчөө бул өмүрүндө туйбай койду дейсиңби? Андай киши жактырбаган, өзүн башкалардан өйдө, аяктуудан артык сезген мерес аялдуу үйдөн – аялы

жок Фазилдин үйү куттудай көрүнгөнсүй, эмнегедир көзгө сүйкүм.

Шашылбай сүйлөгөн Мамаке:

– Ие, Фазил иним, бой жүргөнчө үйлөнүп алганың дурус болоор?-дейт, акыл калчай.

– Жок, балбаным! Аялым менен баламды бейажал кылгандардан өч алганча, бирөөгө баш байлашпайын деген нээтим бар-деп, жооп берет Фазил.

– Кантип өч алсам дейсиң?!

– Ак такыялуулар көтөрүлсө, сөзсүз ошолорго кошулуп, кылыч чабам!

– Өч алчу кишилериңди тааныйсыңбы?!

– Тааныйм! Тааныбай анан!

– Алар азыр кайда?

– Кашкарда.

– Мага көрсөтө аласыңбы?!

– Көрсөтө алам!

Мамаке ушул сүйлөшүүдөн кийин олуттуу ойлонгонсуп калат. Жайхар менен Шопок Мамакенин Фазилдин өчүн алып бергиси келип турган абалын жакшы билет. Үйүнө келип түшкөндөн бери Фазилдин ак, адил, жамандык оюна келбеген алпейим адам экенин байкаган, анын башынан өткөн тагдырын укканда огобетерден боору ачып, анын көксөөсүн суутуп, көкүрөгүндөгү көк буусун чыгарып койсо – кудай алдында да сообу тийерин ойлогон Мамаке ушундай кылгысы келет.

Улам бир кеп башталып, узун сабак сөздөр айтылып, мурункудай түнөргөнсүгөн мүнөзүнөн өзгөрүлүп, жайдарылангансып, Фазил да кеп-сөзгө аралашат. Анын анткенин көрүшкөн Мамаке, Шопок, Жайхар удайчы эми тартынбай тамашалашканга өтүшөт. Эки күнү тынч эс алып, өзүлөрү да өргүгөндүк кылып, аттары да тыңыйт. Ал күнү дагы өргүп, эртеси эрте жолго чыкмай болушат. Бирок, жолго чыгардан мурда Идаятулла кожонун кайда, кайсы жерде экендигин билүү керек. Анын табуу, Мамаке менен Шопокту ага жолуктуруу Жайхардын милдети. Ошондук-

тан Жайхар Идаятулланын кишилерине жашыруун жолугуу үчүн эртелеп жөнөйт. Мамаке менен Шопок Фазилдин жасап берген тамагын ичип, аттарын сылап-сыйпап, тынч үйдө Фазил менен аркы-беркилер тууралуу кобурашышат.

Күн чыга кеткен Жайхар кечки көз байланганда келет. Идаятулланын алыс жактарга жиберилген удайчыларына, Кашкар аймагындагы тыңчыларына маалымат берип туруу үчүн атайын дайындалган муриддеринин бирине жолугуп, андан Идаятулла кожонун кайсы жерди турак кылып тургандыгын, ал жерге кандай барса болоорун тактап, билип келген удайчы эртеси эрте аттануу керектигин айтат. Кечки тамакты убагынан өткөрбөй даярдаган Фазил алдыларына дасторкон жаят. Тамак ичилип бүтүп, дасторкон жыйылгандан кийин, кайрадан узун кептер башталганда:

– Ээ, удайчым!-дейт, Мамаке Жайхарга: - Өзүң көптү көрүп, көптү билесиң, сен эмнеге калпа же эшен болбойсуң? Эшен, калпа болуш үчүн мындан да көптү билиш керекпи?

– Ой, баатырым, калпа болуп бир аймактан алыс чыкпай отурганча, удайчылык кылып, эл кыдырып, жер кезип жүргөнүм жакшы. Анткенимдин жөнү мындай. Менин ата-тегимде имамдык да, молдолук да кылган бирөө болбоптур, өзүм да эки-үч эле атамды билем. Биздин уйгур калкында силердикиндей санжыра деген болбойт. Ата-текти сүрүштүрүп, силерчилеп жети атаны жаттап, өз уруусун билген салт жок. Ошондуктан бизде өзүңдүң атаңды, анан улутуңду билсең болду. «Жети атаңды билбесең – жетесизсиң» деп, эч ким жекирип айтпайт.

Менин атам өмүр бою жетишпестикте жашады. Жашоонун айынан ар кимге малай жүрдү. Кийин эле, мен эс тартканда дүйнөдөн өттү. Ошондо атамдын зыйнатын кылып, жерге берели десек, жаназа намазын окуганга бир да киши чыкпады. Имам-дамылдасы да келбеди, көрсө, менин атам өңдөнгөн колунда

жокторго барып, топурак салып, жаназа окугандан ал учурдагы молдолор намыстанчу экен, кыскасы, текеберлик кылып калышыптыр. Ошондо дербиштик кылып жүргөн бир аалым адам келип, баардык жөрөлгөлөрүн жасады. Мен бой көтөрбөгөн, жөнөкөй кишинин соопчулук үчүн жасаган иштерине ыраазы болдум, ал кишидей «аалым боломун» деген ойго бекидим. Бизде аалымдарды хатибдер деп аташат. Көп окуп, мусулман динин жакшы билип, аалым-хатиб болсом, менин атама келип жаназа намазын окубаган, динге кыянаттык кылып, бей-бечералардын жаманчылыгына барбай, сооптук ишти аткаруудан баш тарткан, байлыктуу-бийликтүүлөргө жүгүрүп жетип, жагалдангандарды уяткарсам деп тилек кылчуумун. Бирок, окуюн деп далалаттансам да, мендей колунда жоктордун окушу кыйын тура. Окуткан адамга төлөгүдөй жана өзүңдү камсыз кылгыдай каражат керек. Андай каражатты табыш үчүн атам кылган кесипти улап малайлыкка барууга туура келди. Он эки жашымдан жыйырмага чыкканча малайлыктан башым кутулбады. Мен ичпеген аш, мен кылбаган иш, мен жатпаган жер кепе – чынымды айтсам, бул кыйырда калган жок.

Кендирди кескен жокчулуктун айынан башымды малган малайлыктан кутула албай жүрүп, баягы өзүмдүн атамдын жаназа намазын өткөргөн дербишке жолугуп калсам болобу, кудайга тоб-бо! Аны менен сүйлөшүп, оюмдагыны айтсам, мени малайлыкка жумшап жүргөн кожоюнумдан сурап, башымды бошотуп алды. Баарысына колду шилтеп салып, хатибди ээрчип, дербиштик кылып кете бердим. Ал адам өзүнүн атын айтчуу эмес, мен да сурабадым, жөн гана хатиб деп кайрылчуумун. Дербиштик кылып, калмактардын жерине чейин бардык. Мага ислам динин кенен түшүндүрүп, шарияттын жол-жоболорун толук үйрөтүп, куран-намазды жаттатты. Куранды жатка айтып калганымда анын чечмеленишин, аят-сүрөөлөрүнүн маанисин айтып берди. Калмактардан

кайтып, Ооган тарабына өттүк. Ошол кездерде мага араб ариби менен жазганды үйрөттү. Өз алдымча китептерди окуганга жараганымда, устатым көп китептерди таап келди. Ал китептерди окуганымдан кийин менин көзүм ачылып, дүйнөнү тааныдым. Аң-сезимим жаңыланды. Ойлорум, көз карашым өзгөрдү.

Хатиб мени: «Иран тарабына алып барып, мындан да билимдүү кыламын» дечү. Ал менин зээндүүлүгүмө ыраазы болуп, жөндөмдүүлүгүмдү жактырчу. Бирок, хатибдин Иранга алып барам деген тилеги ишке ашкан жок. Оогандын көп эли жашаган бир шаарында турганыбызда хатиб катуу дартка чалдыкты, аз эле күндө тез дүйнөдөн кайтты. Көп эл чогулуп, жаназа намазын мен окудум. Көзү өтөөрүндө:

– Үч жыл жанымда жүрдүң! Аттиң, дагы көп нерселерди үйрөткөнгө үлгүрбөй калдым. Тилегиңе жеткире албадым. Мени кечир?!-дегенден башка эч керез-мурас айта албады.

Ошол үч жыл аралыгында: «атыңыз ким, өзүңүз ким, жериң кайда, элиң кайсы?» деп, бир ооз сурабаптырмын, курган жаным. Хатибден ажырагандан кийин эмне кылмакмын, маңдайга жазгандан кайда качмакмын, кайра Кашкарга кайттым. Мурункуга караганда көп нерсеге көзүм жетик болгону пайдасын берди. Үч жыл хатибди ээрчип, бекер жүрбөгөнүмдү сездим. Кашкарга келгенимде баягы малай Жайхар эмес – билимдүү, Ислам динине терең берилген Жайхар болуп келгенимди байкаган мурунку тааныштарым, атүгүл, мени малайлыкка жумшап көнгөн кожоюндарым да, өз балдарын окутуумду сураныштЫ. Аларга жок дебей, шаардын четиндеги бир кичинекей мечитте балдарды окута баштадым. Окуган балдарга хатиб мага кандай мамиле жасаса, мен да ошондой мамиле жасап, огобетерден дилгирленип, билген билимимди бердим. Кийинчерээк «окуйбуз» деген балдардын катары көбөйдү, анткени мен алардан окуткандыгым үчүн акысын аз өлчөмдө алуучумун. Ал аз келгенсип, кедейлердин балдарын бекер

окуттум. Менин мындай кылганым: акыны аз алып, көп билим берип, көп нерселерди үйрөткөнүм – Кашкардагы карапайым элге жаккандыгы менен, башка аалымсынган адамдарга такыр жакпаптыр!

Улам бир кыйкым таап, ар кайсыны шылтоолоп, окутуума тоскоол кыла баштады. Бийликтин мансапдарларына айтып, окууну токтоттуруп, мени мечитке да киргизбей коюшту. Айласыздан окуйбуз деп, дилгирленген зээндүү балдарды өзүм жашаган үйдө жашыруун окутуп жүрдүм. Бирок, бул аракетим да текке кетти, аз убакыт өткөн соң, үйүмдү өрттөп жиберишти. Ошондон кийин окууну толук токтотуп, өз тирилигим менен алектендим, эч кимге кошулбай, башкалардын ишине аралашпай, жалгыздап күн өткөрүүгө өттүм. Үй-бүлө күттүм. Антсем да негедир Кашкардагы төбөлдөргө жакпадым. Акыры бул жерден биротоло көчүп, Жаркенге бардым, кайрадан балдарды окутуу ишимди уланттым. Ишим жакшы жүрүштү, мага жардамдашкандар да чыкты. Өзүнчө чакан мечит алып, баардык күчүмдү жумшап, бир кездеги өзүмө окшоп, малайлыкта жүргөн балдарды өзүмө тарттым. Кыскасы, ишим да, турмушум да оңолду. Баары бир эмгектин, мээнеттин акыбети кайтпай койбойт экен.

Тилекке каршы, Жаркендеги жакшы турмушум көпкө созулбады. Элди экиге бөлүп, бири менен бирин кагылыштырган кожолордун тополоңу күчөп, жакшыны жаман, жаманды жакшы кылды. Ак такыялуулардын баштоочулары жок кылынып, кара такыялуулар бийликти тартып алган күндөн эле ак такыялуулар үчүн тиштерин кайрап, кан төгүүлөр, куугунтуктоочулар күчөдү. Ак такыялуулардын мечиттерге кирүүсүнө, базарларга баруусуна көз көрүнөө тыюу салынды. Мен эки жакка тең кошулбай, мурункумдай эле окуйбуз деген балдарды окута бердим. Арадан дагы жарым жылдай убакыт өтүп, мени менен кишинин иши жоктой сезилип калган. Көнгөн жумушумду жасап, тирлигимди өткөрүп жүргөнүмдө кара такыялуу-

лардын баштоочуларынын бири, мурда бир мечиттин дамылдасы болуп жүрүп, кийин андан куулуп калган Дабит аттуу селдечен адам келип, менден:

– Кара такыялууларды колдойсуңбу же ак такыялууларга кошуласыңбы?-деп, тике сурады. Мен чын нээтимден:

– Эки жакка тең кошулбаймын!-деп, жооп бердим.

Берген жообума анча ынанбаган Дабит – дагы көптөгөн суроолорду берип, мени чыныгы суракка алды. Анын суроолоруна ойлонуп, так жооп бердим. Бирок, ал менден күмөн санагандыгын сезип-билип турдум. Андан башка эмне кылмакмын? Ошондон кийин Дабит күнүгө келип, балдарды кандай окуткандыгымды көзөмөлдөп, эмнелерди үйрөткөндүгүмө кызыгып, балдар менен да сүйлөшүп, аларга кеңеш айткансып жүрдү.

– Кара такыялууларга эмне үчүн кошулбайсың? – деген суроо берди дагы бир күнү Дабит. Мен анын суроосуна кыжырдансам да, сабырдуулук кыла:

– Бир динди тутуп, бир хандыкта жашап туруп, экиге бөлүнгөндүктү каалабайм! Ошондуктан мен ак такыялууларга да, кара такыялууларга да жакындабайм. Анткени, Ислам дини элдин бөлүнүүсүнө жол бербейт. Элди экиге бөлүп жүргөндөр динге анчалык берилбеген адамдар деп эсептеймин-дедим, билгенимче оюмду түшүндүрүп.

Менин ушул жообумду Дабит шак эле тал кармады, кыйкым таппай жүргөн да:

– Демек, сен бизди колдобой, ал эмес бизди динге берилбеген адамдар дейт экенсиң да! – деп, мени акырая карады. Мен анысын таназарга албай, иштерим менен алектене, нары басып кеттим.

Ошонун эртеси Дабит ондон ашык найза-кылыччан жигиттерин ээрчитип келип, өзүм ачкан чакан мечитимдин ичинин тополоңун тоз кылды, окуткан балдарымды оң-солго кубалашты. Катып жүргөн китебимди өрттөштү. Жанымды үрөп, куран китептеримди тытып, отко ыргытып турган Дабиттин ко-

лундагы калган китептерди талашканымда, берки жигиттери жерге көтөрүп уруп, аркан менен колу-бутумду чырмап байлап, китептер күйүп жаткан отко чукулдатып келип, таштап салышты. Китептин ар бир барагын бирден жулуп, отко таштап, анын жалбырттап күйгөнүнө маашырланган Дабит – исламдын жол-жоболору жазылган табылгыс байлыктарды, атүгүл, бүткүл дүйнөгө таанымал аалымдардын, ойчулдардын адамдын акыл казынасына айланткан, сөздүн берметтери менен шөкөттөлгөн, ат башындай алтынга бааланбаган асыл китептердин барактарын отко салганын этибарга алып, байкаган жок.

Дабит оюндагысын кылып, мечиттин ичиндеги көзгө көрүнгөндөрдүн баарын чогултуп, качырга артып, жигиттерин баштап жөнөп кетти. Китептер өрттөнгөн жердеги карарып калган күлдүн жанында буту-колум байлануу жатканымды көргөн окуучуларым келип, чырмалган арканды чечип, үйүмө жеткиришти. Мындан ары окутуумду улантууга мүмкүндүк бербей, Кашкардагыдай мындан жаман кылышарын ойлоп, окуучуларымды таратып, аз күнчө үй тиричилигим менен алектендим. Айланамда күндөн күнгө кандайдыр бир коопчулук күчөп баратканын сездим. Себеби, баскан-турганыма аңдуу салып, кылгандарымды көзөмөлдөгөн бейтааныш адамдарды байкадым.

Ал кезде жай айлары эбак өтүп, күз ортолоп калган учур эле. Аялым менен кеңешип, Жаркенден качып чыгып, эки баламды көтөрүп, Үрүмчү тарапка бараткан кербенчилерге илээшип кеттик. Кербенчилердин башчысы мени көптү билгениме кызыгып, өзү менен бирге кербенчилик кылуумду суранды. Бирок, менин мындан да аалымдыгымды арттыруу максатым эле. Ошондуктан кербенчини ээрчибей, Үрүмчүдөгү көп алыс жердеги – аз эл жашаган, жалпыга анча белгисиз сыяктанган айылда калып, орун алып, отурукташтым. Арадан жылдар өткөнүндө үй-бүлөмдү аманат калтырып, дербиштик кылып, атымды өзгөртүп, башыма селде орондум, сакал-мурутум-

ду текшилебей, узун өстүрүп, Кашкарга келдим. Менин багытым Кашкардан ары Ооган тарапка, андан Иран-Арап жергесине өтүү болчу.

Кашкарда жарым айча туруп, Азирети Аппак мазарына барып сыйынып, көзү өткөндөргө куран түшүрүп жүргөнүмдө шаардан өзүмдөн окуган Салих аттуу жигитке жолуктум. Ал мени үйүнө мейман катары чакырды. Андан бул аймакта Идаятулла кожонун ак такыялууларды жанына топтоп жүргөнүн угуп, ал адамга жолугууну эп көрдүм. Салихти жаныма шерик кылып, Идаятулланын жашырынган жайына бардык. Көпкө кеп салыштык. Идаятулла кожонун айткандарына ынандым, дербиштик кылуудан айнып, мен анын тарабында болууга макулдаштым. Ал мени удайчылыкка дайындап, көп жерлерди кыдырууга шарт түздү. Анын буйруктарын аткарып, кудайдын буйругу экен, силерге чейин бардым. Дербиштикти таштап, Ооган, Иран тарабына баруучу максатымдан баш тартуумдун да бир себеби: кара такыялуулардын бийлигине таянган Дабит өңдүү зөөкүрлөрдүн кордуктарын токтотууга кол кабыш кылуу милдети турду. Эгер мен Жаркенден аз убакыттын ичинде качып кетпегенимде, мага Фазил көргөн кордуктан эки эсе көп кордукту тарттырышмак. Дабит дагы кайрылып келмек. Анткени эки колум-буттарым байланып, күйгөн оттун жанында жатканымда, Дабитти, ага кошуп кара такыялууларды, алардын башчысы Шадип кожону жержепесине жетип, оозума келген жаман сөздөр менен сөгүп, тилдегенмин да. Ошону кектеп Дабит менин башымды кесип, үй-бүлөмдү отко куйкаламак.

Азыр жашым алтымышка барып калса да, мындан он беш жыл мурда Дабит өрттөгөн китептеримди эстесем, жаным жаман күйүп кетет-дейт, Жайхар Мамакеге карап.

Жайхардын айткандарын унчукпай, сүкүт салып отуруп, баарын уккан баатыр бир маалда башын көтөрүп, көгүлжүм тарткан көздөрүн Жайхарга кадап:

– Сенин да ала турган өчүң бар турбайбы! Дабит-

ти азыр таба аласыңбы?!-дейт, Мамаке кара көк тартып. Удайчы анын минтип айтканын тамашага бура:

– Ооба, азыр таап берейин, адегенде Фазилдин өчүн алып бергиң келди эле, эми менин өчүмдү да алып бергиң келип калдыбы?-деп, Жайхар жайдарылана Мамакени карайт. Шопок ага жымыя карап:

– Фазил акеникинен сиздин тагдыр жеңилирээк экен. Эми, биргелешип чыксак, мындан ары кемсинген-басынган, кордолгон-ызалангандардын тагдырлары түз жолго түшөр!-дейт, ынанымдуу. Анын бул айтканын олтургандар туура көрүп баштарын ийкешет. Андан ары уланган сөздөрдүн баардыгы: алдыдагы чоң иштердин негизги максаты, хандыктын ичиндеги жагымсыз көрүнүштөр тууралуу жүрөт.

– Жайхар акенин окутуп, үйрөткөн шакирттери Кашкар менен Жаркендин аймагында арбындыр. Андыктан Жайхар акени колдоочулар көп чыгаардейт, Шопок сөз арасында.

– Ооба, шакирттерим арбын. Бирок, адамдардын баары бирдей болбойт тура. Кара такыялууларга кошулуп, бей-бечераларга, күнөөсүз адамдарга кол көтөрүп, кордук көрсөткөн айрым окуучуларымды көрүп, кыжырым кайнаган учурларым бар. Андай кара курсагын тойгузгандардын кулу болгон, айбандан айырмасы жокторду окутканыма өкүнгөн күндөрүм арбын. Ал эми менин берген билимимди жакшылыкка, изгилик иштерге колдонуп, алган таалимин башкаларга үйрөтүүгө дилгирленгендерди көргөндө ичим жылыйт, ыраазы болом. Ошондой мени ыраазы кылгандардын бири – мен бүгүн барып жолугуп, Идаятулла кожонун кайда экендигин билип берген Салих.

Ал Кашкардагы медреселердин биринде аалымдык кылат. Аны Идаятулла кожо мен өңдөнүп, алыс жактарга кеткен удайчылар келгенде, алардан маалымат алып, аны кожого жеткирип, тымызын кайра жооп алып берип турууга дайындаган. Андан тышкары Салих соопчулук иштерди көп жасайт, мен анын кыл-

гандарын жактырамын-деп, Жайхар сыймыктануу менен жооп берет.

Ал күнү да мурункудай Фазилдикине түнөшөт. Мындай там үйдө эки-үч күндөп жасаар жумушу жок отурганга көнбөгөн Мамаке менен Шопокко күндүн кеч кирмеги менен таңдын атмагы кыйын сезилет. Болгон-кылгандарды сөз баштап, кеп салышмай. Андан башка маалы менен Фазилдин даярдаган тамактарын ичмей.

Эртеси таң нуру жерге чачыла электе аттанган Мамаке менен Шопок, Жайхар үчөө ылдамдай бастырып, Кашкар шаарын четтеп, күн чыгыш тарабына өтүшөт. Үч күн бою өргүгөнгө аттары абдан тыңып, жумалап тынбай жол жүрсө да талыбачудай. Күн түштөн оогон кезде бөксө тоолорго туш келишет. Буларды биздин жерлердин тоолоруна салыштырмалуу дөңсөө деп атаса боло турган. Бул бөксө тоолорду аралап жүрүп, бешимден өткөндө, анча алыс эмес жерде жайма-жай бастырып жүргөнсүгөн эки атчан киши көзгө чалдыкканы менен, бат эле кайра жылгалардын бирине кирип, көрүнбөй калат. Ылдам жүрүп бараткан үчөө бийигирээк дөңсөөнүн үстүнө чыгып, эки жактарын байкашат. Ар кайсы чөлкөмдөрдө экиден-үчтөн жүргөн атчандарды көрүшөт.

– Салихтин айтуусунда Идаятулла кожонун черүүсү ушул аймактарда болуш керек. Тээтиги жүргөн атчандар ошол черүүнүн кароолдо жүргөндөрү өңдөнөт-деп, Жайхар алдыга жөнөйт. Артына удаалаш бастырган Мамаке менен Шопок эки жакты абайлап, сак-сактап карайт. Баардыгына даяр жүрбөсө, таанывбаган кароол жигиттер капилеттен кол салышы мүмкүн. Жайык жылга менен келип, түзөңгө чыга берээрде калкан-найзалуу беш жигит алдыларынан чыгып, «токтогула» дегендей ишара кылат. Туш-тарабынан да жигиттер келе баштайт. Атынын оозун тарткан Жайхар маңдайындагы жигитке карап:

– Силер кимсиңер?-дейт.

– Бизди коюп, өзүңөр ким экениңерди айткыла!-

деп, жигит ороңдоп, оройлонот. Жигиттин оройлонгонуна терикпей, Жайхар Идаятулланын чакыруусу менен аны издеп бараткандыктарын айтат. Жайхардын айтканына ишенбеген кароол жигит: «Кожону эмнеге издеп келдиң, эмне жумушуң бар?» дегендей суроолорду узатып, кекете сүйлөй баштаганында:

– Эмне ишим бар экендигин сага айтпайм. Минтип тургуча жигиттердин бирин кожого жиберип, «Жайхар келди» деп айттыр!-деп, үнүн өктөм чыгарат. Мамаке менен Шопок үн катпайт.

Жанындагыларга башчы өңдөнүп, үнүн бийик чыгара сүйлөгөн жигит, удайчы менен бир азга акыйлашып, андан кийин жигиттеринин бирин кайдадыр чаптырат. Колдоруна кармаган куралдары жок болгону менен Мамаке, Шопоктун сырт кийиминин ичинде кош мийиздүү кыска шамшарлары бар. Ал сыртынан эч кимге байкалбайт. Тегерете бастырып, үчөөнө көздөрүн кадаган жигиттер биринде да курал көрүнбөгөндүктөн калкан-найзаларын эптей кармабайт, теңсинбей, жайма-жай. Мамаке менен Шопок да эч нерседен бейкапар, жол жүргөн жолоочулардай кейипте. Чапкылап кеткен жигит көптө келип, Идаятулла кожо Жайхарды чогуу келген кишилери менен бирге өз чатырына келүүсүн, аларга жол көрсөтүүгө кароолдогу жигиттердин бирин кошуп жиберүүнү – ушул жердеги топтуу жигиттердин башчысына тапшырылганын айтат. Кожонун буйругун угаары менен:

– Жубарбай!-дейт, ал арытада турган жигитке карап: - Сен баштап, барып кел!

– Жарайт!-деп, жоокер алдыга түшө жөнөйт.

Ал жерде калчулар менен «жакшы бар, жакшы кел» дешпей, үчөө Жубарбай жөнөгөн тарапка бастырышат. Шопок атын теминип, Жубарбайга жанаша келип:

– Алыс жол жүрөбүзбү?-деп, акырын сурайт.

– Жакын жер. Тез эле жетебиз-дейт, анысы да угулар-угулбас.

– Сенин улутуң ким?

– Казакмын.

– Ушул жерлик казаксыңбы?

– Улуу-Чаттыкмын. Өзүңөр кайдан келдиңер?

– Теңир-Тоодон.

Шопоктун Теңир-Тоодон дегенин укканда, мындай аталышты мурда укпагансып, «ал кайсы тарапта эле» дегендей ойлонгонсуйт. Анын оюн бузуп:

– Кожонун черүүсү көппү?-дейт, Шопок кайрадан.

– Бул тарапта азыраак.

– Башка жактарда да черүү барбы?

– Ооба.

– Кол башчылары кимдер?

– Бул жакта Дорго баатыр. Тигил жакта Самсы баатыр.

Дорго менен Самсы баатырдын атын мурда Жайхардан уккан Шопок демин ичине алып, өз ичинен ойлонот. «Тажик элинин белдүү баатыры Самсы баатыр бизден мурун келген экен. Дорго баатыр бул жерлик. Ал кожо менен бирге, биякта черүү топ-топ, кол курап жүрөт деди эле. Ал эми түрктөрдүн баатыры Дутар кайда болду экен?» деп, кайра Жубарбайды карап:

– Түрктөрдүн Дутар баатыры келди беле? Ал кайда?-дейт.

– Аны билбейм. Мен билгенден эки эле кол башчы бар.

– Дорго баатырдын колунда канча киши бар?

– Анын карамагында жүз баштан алтоо. Ошондо алты жүз жоокери бар деп болжолдонот.

– Самсы баатырдын колу канча?

– Ал жөнүндө жакшы билбейм.

– Кашкарлыктар менен канча жолу кармаштыңар?

– Аз эле.

– Алардын жоокерлери көппү?

– Ооба, бизден көп.

– Куралдары кандай?

– Биздикиндей эле.

Баёо баладай, эмнени сураса жашырбай жооп бер-

ген Жубарбайды сынай карап, көздөрүн күлүңдөткөн Шопок:

– Кашкарлыктардан бирөө кабылып, ушинтип сурай берсе, баарын ачык айта бересиңби?-дейт, жылмайып.

– Жок. Антпей калайын. Силерди кожо өз чатырына чакыргандыктан жана ишеничтүү кишилерден экендигиңерге көзүм жеткендиктен жооп бердим-деп, Жубарбай бир чети мукактанат. Андан ары экөө катар бастырып, бирде тамашалашып, бирде орчундуу иштер жөнүндө сүйлөшүп, жүрүп олтурушат. Алардын артында Мамаке менен Жайхар өздөрүнчө келер-кетер сөздөрдү айтып, жол ката эрмектешкен жолоочулардай шашылышпайт.

Улам жолдон тосуп: «Булар кимдер, кайда барышат?» деп сурап, шектене караган сакчы-кароолчулардын саны көбөйөт. Алардын баарына Жубарбай жеке жооп берип, жол баштап, тез эле көптөгөн аттар жайылып жаткан кенен өтөккө келет. Ары-бери жактарында найзаларын сороктотуп, ат кайтаргандар. Бирок, негедир алардын катары аз. Нээти бузук бирөөлөр келип, аттарды айдап жөнөсө, тигил аз кишилер аларга тоскоолдук кыла алгыдай эмес. Ал эми аттардын көбү токулгалары менен жүрөт. Барып четинен кармап минип, качып кетсе деле болчудай.

Жайылган аттарды аралап өтүп, дагы бир кырыңчадан эңкейе бергенде кенен жайыкта катар тигилген чатырлар калдаят. Айланаларында ары-бери баскан кишилер көп. Орто жерде узун-туурасы алты кулачтай чоң чатыр – башка чатырлардан ачык эле айырмаланып турат. Кырыңчанын кырына чыгып, чатырлар көзгө көрүнгөндө бул чоң чатыр кандайдыр бир мансаптуу адамга арналып тигилгендигинен өзү эле кабар берип тургандай. Атчан келгендер түз бастырып, чоң чатырга бута атым жерге жетпей токтошот. Анын айланасындагы көпчүлүк келгендерге анча маани беришпегенсип, өз билгендери менен алек. Чатырлардын арка жактарында казандар асылган кемегелерден уюлгуп чыккан түтүндөр асмандап, ка-

димки аштын этин бышырып жаткандарга окшошот.

Чоң чатыр тараптан утурлай басып келген эки жигит келгендерге салам айтып, ат алышат. Жайхар алдыга баштап, чатырдын оозуна келишет. Сыртта турган сакчы жигиттерден өткөн соң ичкери киришет. Салт боюнча салам айтышат. Төрдө чөк түшүп отурган аппак селдечен, ак кемселчен, жашы алтымыштан небак ашкан, кыска, тыкан текшиленген сакалчан адамга көздөрүн кадашат. Ал Идаятулла кожонун нак өзү. Андан ылдый кыдырата селдечендер, жоокер кийимчендер отурат. Айтылган саламга баары жапырт алик алыша, баш ийкешет. Төрдөгү кожого бир көз жиберип, бери жакта отургандарды кыдырата карап, Шопок ар бирине карегин кадап, назарын салат. Мамакенин турпат-келбетине кызыга караган Идаятулла кожо көзүн албаган калыбында «отургула» дегендей ишарат кылганында, кожонун оң жак капталында отургандар ыкташа жылышып, орун бошотушат. Мамакеден улуу болгондуктан Жайхар өйдө өтөт. Андан бери Мамаке, Шопок катар орун алышат.

Жайхар Идаятулла кожонун берчү суроолорун күтпөй, чөк түшүп отурааары менен кыргыздар тууралуу көргөн-билгенин төкпөй-чачпай кеп салып кирет. Сөздү узартпай, кыска баяндуу кайрып, Мамаке, Шопок жөнүндө айта баштайт:

– Исмайыл хандын казыналык балбаны, айры буттуунун алдында калып көрбөгөн, дөө балбан атыккан Аргынды жыгып, байгесин жулуп, Сайид менен Урбахан кожолорго соогат бербей кеткен Мамаке деген балбан мына!-деп, Мамакени карай жүзүн бурат. Кожонун да, отургандардын да көздөрү баатырга кадалат. Эшиктен киргендеринде теңсинбегендей: «зордугуң эле болбосо, биздей адамдын биридирсиң» дегенсип отургандардын ортосу күүлдөйт. Таңдангансып, оозун ачып жалдырай карагандары да бар арасында.

– Мамакенин балбандыгынан да баатырлыгы ар-

тык!-деп, улайт сөзүн Жайхар андан ары: -Нечен кагылыштарда кармашканын соо койгон эмес. Ал эми жанындагы Шопок баатырдын каршылашын көз ачып жумганча шылып түшөөр өнөрү бар!

Отургандар кайрадан күжүлдөшөт. Мамакенин көк жалын чачып, көл кылаасын элестетип тургансыган көгүлжүм көздөрүнө тике карай алышпай жалтайлагандар, Шопоктун чагылгандын учкунундай от чачкан каректерине чагылышканда көзүн ала качкандар экөөнүн сүрүнөн тайсалдай, айласыздан эки жагын каранышат. Баатырлар тууралуу уккандарына ыраазылык билдирип, Идаятулла кожо жиберген чакырыгын кабыл алгандыгына чын нэттен ырахматын айтып, Аргындай балбанды жыккан зор адамдын өзү эле келбей, жанына дагы бир баатырды ээрчитип, атайын келгендерине сүйүнгөндүгүн жашырбайт.

- Биз актык иш үчүн аттандык!-дейт, кожо: -Жаркендеги мусулман эли экиге бөлүнүп, бирине-бири зомбулук кылууда! Ошону токтотуп, элди бириктирип, диндин тазалыгын сактоо биздин милдет. Дөөлөттүү делинген хан тукумдары хандыктын ичин ириңдетип, карапайым калктын канын суудай агызып, кордук-зордук көргөндөрдү колдоор киши чыкпай калды. Кара такыялуулардын кысымы күчөп, ак такыялууларга күн көрсөтпөөнү көздөп калышты. Ошого бөгөт коюп, күнөөсүз адамдардын канын төктүрбөй, жанын арачалап калуу керек. Ал үчүн Исмайыл хандын хандыгын тартып алабыз! Кара такыялуулардын башчысы Шадип кожону баш кылып, жанындагылары менен жок кылабыз. Антпесек, Жаркен ханындагы касташуулар токтобойт!

Идаятулла мындан башка да көп сөздөрдү айтат. Негизги максаттарынын четин чыгарат. Унчукпай угуп отурган Мамаке, сөз удулу менен учуру келгенде:

– Биздин кыргыз эли калмактардын чапкынчылыгына көп кабылды. Алар менен элдешкис жообуз! Ал аздык кылгансып, Жаркен хандыгынын алык-салыгы да күчөп, кези келгенде баскынчылыкка барып,

чабышуулар көбөйдү. Динди жайылтуу максатында Жаркенден барган кожо-сопулардын көпчүлүгү бизге душмандык кылып, элди эки жаатка бөлгөндөр чыкты. «Ислам дини бирөө! Анын ичинде бөлүнүүчүлүк болбойт» деп, башынан түшүнгөн кыргыздар эл бөлгөндөргө каршы турат. Ошондуктан биз, элди бириктирүү үчүн башыбызды канжыгага байлап, салгылашканы келдик. Сиз айткан Исмайыл хан хандыктан кетип, анын тагына адилеттүү, кеменгер адам отурса, биздин элге да тынчтык орноп, жакшылыкка жетебиз. Башкалар катары өзүнчө эл болуп, канатташ тургандар менен алакалашабыз деген үмүттөбүз, биздин эл ак же кара такыялуу болуп бөлүнбөйт, баарысы биримтикте болууну самайт!-дейт, көтөрүңкү үн менен.

Анын бул айткандарын угуп, бир азга ойлонгонсуган кожо, эшик жакка карап:

– Рабил!-дейт, добушун бийик чыгарып.

Чатырдын эшиги шарт ачылып, эшиктен узун бойлуу жаш жигит кирип, кожонун оозун тиктеп, буйругун күтөт.

– Жаңы келгендерге орун даярдат! Барып эс алышсын!-деп, Жайхар, Мамаке, Шопок үчөөнү карайт. Анын минтип караганынан: «артынан баргыла» дегенди түшүнгөн үчөө ордуларынан туруп, Рабил менен бирге чыгат.

Кожонун чатырынан эки аркан бою алыстыкта тигилген чатырдан орун алган Мамаке, Шопок, Жайхар үчөө – аттарын черүүнүн ат бакчууларына кошуп берип, кечке чейин черүүдөгүлөрдүн таанышканы менен таанышып, тамашалашканы менен тамашалашып, көңүлдөрү жай. Көп күнү үчөө жол жүрүп, мындай көпчүлүккө аралашпагандыктан, бака-шака болуп, баарлашууну самап калышыптыр, черлери жазылганча ар кимдер менен ар кайсыдан кеп салыша, канагат алгандай болушту. Башкалар да булардын өз катарына келип кошулгандыктарына ыраазы, чын дилден жайдары мамиле жасашат. Алар үчүн үчөө

жаңы көз. Андыктан буларды сынай карагандар да, аярлап сүйлөгөндөр да жок эмес арасында.

Черүүнүн ичинде ар түрлүү улуттун эли бар экен. Ошого жараша түрлүү тилде сүйлөп, түрлүү салт колдонушат. Мүнөздөрү да ар башка. Бирок, баарын ислам дини бириктирип, бир табактан аш ичирип, бир максатты көздөттүргөнү көңүл чордонунда. Тилдери башка болгону менен окуган намаздары, кылган дубалары, алакан жайган баталары, тилеген тилектери бир. Кечинде өзүлөрү үчүн тигилген чатырга келип, көңүлдөрү жай отургандарында Жайхар сакалын тарап текшилеп, мурутун серпип, кийимдерин, өзүнө тиешелүү буюмдарын ирээттеп, эртеси эрте кайрадан жолго чыгаарын айтат:

– Көптөн бери санаалашпыз! Алыс жолду да бирге бастык. Сырдашып, кеңешип жүрдүк. Бири-бирибизди унутпайлы-дейт, Мамаке бир тууганындай.

– Баатырым сени, бала баатыр атыккан Шопок инимди унутсам – мени Кудай унутаар! Андыктан унутпаска тобо деймин!-деп, Жайхар жүрөгү менен жооп берет.

Кайрадан ортодо аркы-берки сөздөр уланат. Сөз арасында Шопок Жайхардан:

– Эмики сапарыңыз кайсы жакка карай кетет?-деп, сурайт кызыгуу менен.

– Менин максатым көп эле-дейт, Жайхар адатынча шашылбай сүйлөп: -Турмуштук оорчулук, айрым көралбастардын жасаган жамандыктары тоскоолдук кылбаганда Канзулардын жерин аралап, элин көрүп, тамгасын таанып, тилин билмекмин. Алар ар бир окуяны унутка калтырбай, убагында кагазга түшүрүп, кийинкилер окуп-билүүсү үчүн катып коюшат. Ошол тарыхтарын окуп, сырын билип, дагы көп нерселерди үйрөнүп, андан кийин өзүм көргөн элдердин тарыхын, өткөргөн окуяларын тизмектеп жазып, мурас катары калтыргым келген. Мага кылган кыянаттар бул максатымдан кайра тарттыра албайт эле. Болгону жашымдын өтүп баратканы кыйынчылык, тоско-

олдук кылууда. Жашым болсо, Пайгамбар жашына жетип калды. Ошентсе да бир аракет жасаймын. Көп нерсеге көзү жетик адамдар, илим үйрөнүүдө баардык курак кеч болбойт дешкен.

Жайхардын айткандарын кунт коюп уккан Шопок кайра суроо узатат:

– Арабдын тамгасын тааныган аалымсыз. Оюңуздагыны арабча жазганга болбойбу? Же канзунун тамгасы менен жазгандын эмне артыкчылыгы бар?

– Тарыхты жазууга тамга тандалбайт. Араб ариби менен жазууга болот. Мен Канзунун жазуусун окугум, алардын тарыхын билгим, ошону үлгү кылгым келет. Көп элдердин тарыхынан Канзулардыкы таасирдүү деп угамын. Алар тарыхчыларына жогору баа бергендиктен, нукура чындык жазылган деп айтылат. Андан тышкары аларда жер каймактагандан берки окуялар камтылган тарыхы бар экенин чоң аалымдар да кеп салышкан. Мен ошонусуна кызыгамын.

– Биздин элде санжыра бар. Аны эч ким жазган эмес. Элдин көңүлүндө сакталып, ооздон оозго өтүп, адам атадан баштап, баардык аталар тууралуу кеп кылынып келет. Өткөн доорлордогу окуялардын өзөгү, адамдардын салт-санаасы, кулк-мүнөзү күндөлүк тиричилиги да кенен баяндалат. Биздин тарыхыбыз ошондо-дейт, Шопок.

– Ооба, силердин тагдырыңар да ошонун ичинде. Мен санжыраңарды угуп, өзүмчө иликтеп көргөмүн. Санжыраңар жазма тарыхтан күчтүүлүк кылат. Себеби, санжырада баардыгы жашырылбай айтылат. Акты ак, караны кара деп, чындыкты айткан сөз күчтүү. Силердикиндей санжыраны казак элинен жолуктурдум. Бирок, алардыкын иликтеп көргөнүм жок. Андыктан кыргыз санжырасын казактардыкына салыштыра албайм. Кыргыз санжырасын күчтүү, таасирдүү кылган дагы бир жагдай – анын эркин айтылышында. Ар ким өзү билгендей, өзү туйгандай айтат. Айткан кишиге карата эч ким тыюу салалбайт. Тоскоолдук да кылбайт. Бирөө туура эмес айт-

са, башкасы оңдоп кетет. Санжырасын эр-азаматынын баарысы билет. Ар бир кыргыздын көкүрөгүндө жатталып, керек учурда гана айтылат, эл арасында эркин, желдей учуп жүрөт.

– Тарых санжырадай эркин айтылбаганына эмне себеп?

– Тарыхты аалымдар жазат. Аалымдар окуйт. Элдин баары аалым болбогондуктан, керектүү китептерди ачып алып, кенен окуй албайт. Көптөгөн пенделердин сабаты ачылбагандан кийин, көпчүлүккө тарых тактыгы белгисиз бойдон кала берет. Мындан тышкары тарых бийликке көз каранды, төбөлдөргө баш ийип калат. Тарых жазгычтарды хандар, бектер башкарат, жакшы гана жактарын жаздырып, жаман жактарын калтыртып, өзүлөрүн мактатып, башкаларды жамандатып коюшат. Көп учурда акылсыз хандар, айлакер болуп көрсөтүлөт, акылдуулар акылсызга айланышат. Анткени, хандын жаман жактарын ачык жазган тарыхчылардын баштары алынып, жазгандары өрттөлүп ташталат. Бийлик өкүмдөрүнүн ушундай жаман жактары көп.

– Мен уккан тарыхтарда айрым хандардын зулумдугу, акылсыздыгы, жөндөмсүздүгү тууралуу жазылгандар бар эле. Ал тарыхтарды жазгандар хандын касабынан коркпой жазышканбы?

– Хандар эч качан өзүн жамандатпайт. Ким эле өзүн жамандаткысы келсин. Айрыкча бийликти ээлеп тургандар мактоону гана жактырышат. Ал эми хандык бийликти түбөлүктүү ээлеген киши жок да, ушуну унутуп калгандай. Айтору, адам пенденин өмүрү кыска. Бийлик ээси бир күнү баары бир бийликтен кетет. Андан кийинки чыкканы мурункунун кылгандарын жактырбайт. Ошондо мурункунун жаман жактарын жалпыга жар салып, аны тарыхка киргизирет. Ал учурга чейин жылдар өтөт, муундар алмашат, мезгил оошот. Качандыр бир кездердеги болуп өткөн окуяларга күбө болгондор бул жарыкчылыктан жок болуп калышат. Ушундан улам, айрым оку-

ялар, божомолдор аркылуу киргизилип, үстүртөн жазылат. Мындай алешемдиктер тарыхта абдан көп экендигин бир кезде мени Ооган тарабына ээрчитип барып, тамга тааныткан дербиш-хатибим далилдеген. Ал эми Канзунун тарыхчылары ар бир окуяны өз учурунда, өз көздөрү менен көрүп, жакшы-жаманына карабай жазганга бийлик төбөлдөрү каршы болушпайт деген. Ошондуктан мен ошолордун тарыхына кызыгып жүрөмүн-дейт, Жайхар Шопокту окуучуларынын бириндей карап.

Шопок менен Жайхар көпкө чейин кеп салышат. Алардын жанындагы Мамаке булардын сөздөрүнө кулагын салып, унчукпай отура берет. Шопоктун көптү билгенге ынтызарлыгына ичинен абдан ыраазы болот.

Бир чатырга түнөгөн үчөө таң жаңыдан ык салганда турушат. Жайкы таңдын салкын абасында ары-бери басып, аттардын кайда оттоп жүрүшкөнүн, черүүнүн жайма-жай жаткандыгын көрүшөт. Кечээтеден бери көп нерсени байкашып, ашка же тойго келген коноктордой оолжуй баскан он башы, жүз башылардын жоокерлерди машыктыруу, баардык убакта жоого карай аттанууга даяр туруусун көзөмөлдөө, шайма-шайлык өңдөнгөн иштерди жасабагандыктарына таңданышат. Күн чыгыш аппак атса да, кырка тизилген чатырлардын арасында жүргөндөр аз. Кожонун чатыры андан бетер жымжырт.

* * *

Күн чыгаарга чукул Идаятулла кожо менен коштошуп, Жайхар аттанып чыгат. Аны Мамаке менен Шопок узатып келишет. Кайра келгендеринде черүүнү керектүүлөр менен жабдый турган жоокерге жолугуп, жыгачтын катуусунан тандап, найза саптошат. Алардын башкалардыкынан абдан кыска, бирок жоон сапталган найзасын көрүп, шылдыңдай карап, ууртунан жылмайгандар жок эмес. Башкаларга эпсиздей көрүнгөн кыска найзалары өзүн тың сезгендердин айрымдарынын күлкүсүн келтирет. Мурунтан

кишиге көрсөтпөй, сырт кийимдердин ичинен байланып жүргөн кош миздүү кыска кылычтарын курчутуп, тапташат. Беш чатырга тирелте жайылып коюлган жоо кийимдеринин ичинен Мамакеге чак келээр кийим табылбайт. Айтору, зоот-чопкут да батпайт. Башына туулга да чак келбейт.

Кожонун буйругу менен зоот-чопкут жасаган уста алдыртылып, ал эки күндө бүтүрүп бермей болот. Издеп жүрүп, башына батаар тулга таап келишет. Мамакеге салыштырганда Шопок кичирээк болгондуктан, ал кие турган жоокер кийимдери ылдам табылат. Күн түштөн оогончо ушундай иштер менен алек болуп жүрүшөт. Мындай майда-бараттар бирөөлөр үчүн чоң жумуштай көрүнсө, Мамаке менен Шопокко жумуш деп айтканга арзыбаган нерседей.

Бешим намазына карата черүүлөр жапырт даарат алышып, намазга баары жалпы тизилишет. Намаз бүткөндөн кийин кайрадан ар кимиси өзү менен өзү. Ат кайтаргандар гана кезеги келгенде алмаштырылып, кароолдор жаңыртылат. Башкалары бош. Жамбаштап жатып уктаганы уктап, оюн курганы оюн куруп, кой-ай деген киши жок. Баары жайма-жай. Алардын баарына көз салган Мамаке менен Шопок жоокерлердин минтип өз билгениндей, өздөрү каалагандай бейгам жаткандарына ичтеринен нааразы.

Фазилдикинен аттанып черүүгө жакындагандарында жолуккан сакчылардын башчысынын жумшоосу менен жол көрсөтүп, кожонун чатырына чейин ээрчитип келген казак жигит Жубарбай башкаларга караганда жакшы тааныш сыяктанып, булардын жанына басып келип:

– Кандай эс алдыңар, баатырлар?-дейт, жайдары.

– Мыкты эс алып жатабыз!-дейт, Мамаке какшыктагансып.

Жубарбай менен кобурашып, азыраак убакыт отурушканда, маңдайкы белестен чапкылап түшкөн кароол жигиттердин бири:

– Жоо келатат! Жоо келатат!-дейт, айгай сала.

Аны угаары менен ыргып турган Шопок аттарга жетип алып келгенче, кыска найзасын колго эптүү кармап Мамаке баатыр дапдаяр. Шопок да арыдан бери жоокер кийимин кийип, атка секирип минет. Кызыкты ошондо көрүшөт. Баягы жайма-жай жаткан черүүдөгүлөрдүн көбү минчү аттарын таппай кайсаласа, калкан-найзасын кайда койгонун билбей, жөн эле ары-бери жүгүрүп жүргөнү андан көп. Эмне кыларын билбей, туш келди чуркагандары канча? Аларды көрүп, Мамаке карсылдай күлөт. Шопок каткырат. Бир далай убакытта араң аяк-башын жыйган черүүнү чепилдей сүйлөгөн, башындагы туулгасын көзүнө түшүрө кийген жигит башкарып, жакын жерде көп сандаган кол келатканын айтат.

– Бул ким?-деп, сурайт Мамаке жанында турган жигитке сүйлөп жатканды көрсөтө.

– Исамидин деген жүз башы ушул!-дейт, жигит.

– Бул жерде жүз башыдан канчоо бар?

– Азыр үчөө бар.

– Алар кимдер?

– Ушул Исамидин, кожонун жанында Адаксейит менен Керимшаа бар.

– Башкалары кайда?

– Дорго баатыр менен чогуу Кашкардын аркы тарабында.

Ушул кыска сүйлөшүүдөн Мамаке, Шопок черүүнүн башчылары тууралуу толук болбосо да, маалымат алышкансыйт. Келгендери эки күнгө чукулдаса да, бир да жүз башы, атүгүл он башысы басып келип же өзүнө чакырып: «тигил же бул топко кошулгула» дебегени да алар үчүн таңгалыштуу. «Мүмкүн булар бизге ишенбей, өз жайыбызга коюп, сынап турушабы?» деген арам ойлор келип, кыйкым издегендерге сыр алдырбоону максат кылышат баатырлар. Бул тууралуу экөө отурганда бир ооз сөз менен кеңешип, сөз бекитишкендей болгон. Биринин ойлогон оюн бири кичинекей эле ишарадан билгендиктен, кыска сөз аркылуу көп нерсени кеңешүүнү

адат кылып алышкан.

Найза-куралын толук алып, «салгылашка кирүүгө даяр болду» делинип, атка минген жоокерлердин саны – болжолдо үч миңден ашуун киши. Булардан сырткары кожонун чатырынын айланасында отузга чукул сакчы турат. Башка тамакчы-отунчу, ат баккычтарды кошпогондо болгон кол ушул. Арасында баатырлык кылгыдай өткүрлөнүп, эрдемсингени, шайдоотонгондору канча экени белгисиз. Алдыны карай темингенинен да, артка кылчактагандары көп көрүнөт. Жоокерлердин дээрлиги жоо беттеп чыга элек жаш балдар сыяктанат. Кыскасы Мамаке, Шопокко жакпаган жагдайлар биринин артынан бири чубурайт.

Чепилдей сүйлөгөн Исамидин жүз башы колду экиге бөлүп, бирин күн баткан тарапка барып, буктурмага туруууну буйра, бир бөлүктү өзү баштап, «жоо келатат» деген тарапка жөнөйт. Мамаке менен Шопок Исамидиндин өзү баштаган топко кошулат. Жапырт ат коюп, маңдайкы белеске чыгышат. Шопок кылчайып карап, чапкылай жөнөгөн бөлүктүн арты чатырлардын жанынан жаңыдан бастырып бараткандарын көрөт. Минтип «жоо келатат» деп, баарысы дүрбүп жүрсө, кожонун жанынан жылбай, чатырдан чыкпай отурган Керимшаа, Адаксейит жүз башыларга өтө таңданат. «Алар жүз башы эмес эле, кожонун жан жөкөрлөрүнөн болсо керек» деген ойго да келет. Мурда мындай черүүгө кошулбай, өз алдынча, бирөөгө баш ийбей эркин жүргөнгө көнгөн Мамаке менен Шопокко көп нерселер алигиче түшүнүксүз. Черүүнүн шартына, тартибине көнүккөнчө көп убакыт өткүдөй. Ар убак чапчаң кыймылдап, чагылгандай тездикте жүргөн экөө ыкшоолукка кыжырданып, андан оолак болууну көксөйт. Башкалардын кыймылдары аларга ымтырагандай сезилет да турат, шумдугуң кур.

Жапыс белестен эңкейип, алды жылга ылдый жөнөгөн бөлүктүн алдынан тосо чаап чыккан эки карool жигит: «Келаткандар жоо эмес, Дорго баатырды коштоп жүргөн жүздөй жоокер» экенин айтышат.

Өз баатырын, анын жанындагы өз кишилерин тааныбай: «жоо келатат» деп, айгай салган сакчыларга баракелде! Аны угуп, кыжынып, жаман сөздөр менен сөгүнүп, атын моюнга чаап, кайра тарткан Исамидиндин артынан удаа келген Мамакенин көзүнө көзү уруна түшөт. Көк жалын чачып тургансыган көздү бир карай салып, жалтайлай түшкөнүн жашыргандай, башкалар тарапка бурулуп:

– Кеттик кайра!-дейт, үнүнүн баардыгынча кыйкырып.

Артка тарткан бөлүк, шашылбай каалгый бастырып, чатырларга жетип, аттарын агытып, ар ким өз каалаганын адатынча жасай баштайт. Айрымдары ийинге кирген суурдай жым, коңулга киргендей чатырлардын ичинде.

Жайкы күн батаарына чукулдаганда жан-жагынан жүздөн ашык жоокерге коштотуп, Дорго баатыр келип түшөт. Анын келбет-турпаты, кыймылжөндөмү кандай адам экендигин көрүүгө кызыккан Шопок бет маңдай келип, салам айтып, кол алышат. Жашы кырктан небак ашкан, жар кабак, кара каш, мурду коңкойгон, мойну дулдуйган кара кишини сынай караган Шопок анын аттан түшкөнүнөн баштап, кожонун чатырына кирип кеткиче байкап: «кыймылы ыкчам экен» деген тыянак чыгарат. Андан соң шашылбай Дорго минип келген жалы тизесине, куйругу арткы туягына жеткен, чоңдугу пилдей, туяктары сокунун оозундай, буттары жоон, соорусу көмкөрүлгөн тай казандай, көкүрөгү усталардын көөрүгүндөй көрүнгөн боз аттын жанына келип, ары жак, бери жагын сынай карайт. Зорлугуна таңданат. Бирок, жакшы тапталбай, сууту канбай турганына көзү жетик кыраакы жигит: «Жоого минсе жарашкыдай экен» дейт ичинен.

Эртеси эрте Идаятулла кожонун окуучусу, учурда кожонун чатырында эшик ага катары кызмат кылган Рабил келип, кожо чатырына чакыргандыгын айтат. Чатырга кирген Мамаке, Шопок отургандар-

га адеп сактап, жалпы салам айтып, кожонун эки жагындагылар орун бошотпогондугунан дал ортого салынган кооз шалчанын үстүнө барып отурушат.

– Ушул эки баатыр алыстагы кыргыздардан келишти-дейт, кожо оң тарабындагы Дорго баатырга карап: -Мен атайын жиберген катты алып, бизге жардамдашууну көздөшүптүр.

Мамакени сынай караган Дорго чалкалай берип:

– Баштап келген колуңар барбы? – деп, сурайт.

– Жок. Экөөбүз элебиз!

Дорго демин ичине алып унчукпайт. Андан эки кишиден кийин отурган жигиттердин бири:

– Бул баатыр, мындан аз жылы мурда казыналык балбан Аргынды жыккан кыргыз экен!-дейт, сөз кыстара.

– И-ии, ошол кыргыз ушул бекен?-дейт, Дорго баатыр болгон ынтаасын коюп: -А, анда жакшы-жакшы. Балбан эле эмес, баатырдыгы да артыктыр?

– Баатырдыгыбыз бар үчүн келдик да-деп, Мамаке Доргого көзүн кадайт.

Андан ары сөз уланып, Шопок баатыр жөнүндө да кептер айтылат. Кожо отургандарга жакында Кашкарга карай аттанып, чоң жүрүштү баштоону, негизги күчтү топтоп, ошол жакка багыттоону айтат. Бул жерден орун которуп, башка жакка көчүүнү да кошумчалайт.

– Черүүлөрдү тыкандап, тартиптештирип, жабдууларын жакшылап карагыла. Он башы, элүү башыларга тың жоокерлерден тандап, дайындагыла! Кыргыздан келген эки баатырды азырынча топторго кошпой тургула. Менин жигиттерим менен бирге болсун!-деп, дагы башка буйруктарын айтат.

Кожонун айткандарын угуп, жүз башылар өз ойлорун ортого салышат. Жаңы келгендик кылып, жер-суулардын аталыштарын, атүгүл отургандардын кимиси ким экендиктерин билбегендигинен Мамаке, Шопок экөө сөзгө анча көп аралашпайт. Алардын айткандарына да түшүнө албай калган учурлары бар.

Анткени, отургандардын көбү уйгур тилинде, бирөөлөрү калмакча, дагы бири тажикче сүйлөсө, Дорго баатыр түрк болгондуктан түркчө, Идаятулла кожо накта уйгурча да эмес, арабча, фарсыча аралаштыра сүйлөйт. Улам сөз уланып, черүүлөрдүн чоң жүрүштү баштоого анча даяр болбой жаткандыгын айтып, Дорго бир ачууланып алат.

– Башкаларын билбейм. Бул жердеги черүүнүн жүүнү бош экен-дейт, Мамаке: -Мындай черүү урушка кирсе, кайра чыкпайт!

Муну угаары менен кожонун сол тарабында отурган сары чийкил, көк көз жоокер ордунан обдула бакылдап:

– Черүүнү сынаганча, найзаңды оңдоп, саптап ал!-дейт, түгү бетине чыгып, тиштене сүйлөп.

Отургандардын ичинен болгону Исамидин жүз башысын тааныйт. Дорго баатырды кечээ келип түшкөнүндө көргөн. Башкаларын тааный элек Мамаке: «Бул кимиси?» дегенсип, жан-жактарына карайт. Бирок, тигинин сынтаккан суроосуна жооп бербейт. Төрдө отурган Идаятулла кожо да, Дорго баатыр да унчукпайт.

Жакында болуучу чоң жүрүш тууралуу сөздөр андан ары уланат. Дорго баатыр Кашкарды камалап кирүүдөн мурда, анын айланасындагы элдерди өзүнө каратуу керектигин айтат.

– Жок!-дейт, Идаятулла кожо Доргонун сөзүнө маакул болбой, каршы туруп: -Антип, ар кайсы жерде убараланып, убакытты өткөрүп жүргөнүбүздө Исмайыл хан менен Шадип кожо жоокерлерин топтоп, бул жакка жеткиргенге жетишип калат. Анда биздин алга жылуубуз кыйындайт! Иштин башталышында эле катуу жеңилебиз.

– Бул да туура! Бирок, жагдайга жараша иш кылалы. Самсы баатырга кеткен жигиттин келээрин күтөлү. Ошого чейин өз даярдыгыбызды көрөлү-деп, Дорго баатыр ар бир жүз башыга өзүнчө милдет тагат. Күн-түнү менен даяр турбаган, жоого кирээрге

кам-чому жок, жайма-жай жүргөн жоокерлерди машыктырууну күчөтүү жөнүндө өзгөчө айтат. Андан кийин Мамакеге кайрылып:

– Черүүнүн жүүнү бош экендигине толук көзүң жеттиби?-деп, такыйт.

– Келгенден бери биз черүүнүн ичиндебиз. Жоокерлер менен аралашып, кимиси кандай экенин биле баштадык. Кечээ «жоо келатат» десе, черүүбүздүн аяк-башы жыйылбай, аттанып чыга албай, көпкө түйшөлүп жүрдүк. Жоокерлердин мындай ыкшоолугу жеңишке жеткирбейт-дейт, Мамаке таккесе.

Мамакенин айтканына кыжырдангансыган сары чийкил, көк көз кайрадан чебеленип:

– Кыйын болсоң, анда сен колду баштап, черүүнүн жүүнүн бекитип, Кашкарды алып бербейсиңби?-дейт, өөдө обдулуп, отурган жеринен тик турчуудай. Анын обдулганынан Мамаке чочулабайт. Ал да обдулат. Кожо колун көтөргөнүндө сары чийкил кайра отуруп калат. Мамаке обдулган бойдон сары чийкилди баса калуучудай түрдөнөт. Анын мындай турушу – бах, чиркин, алдын карай секиргени комдогон айбаттуу да, ачуулуу да арыстанга окшошот.

– Адаксейит!-дейт, Дорго: -Мамаке көргөнүн айтты. Бул жердеги колдун алсыздыгы, жоокерлердин ыкшоолугу калппы? Анын эмнесине кыжырданасың. Кожонун маңдайынан чыкпай, колду машыктырып, жолго даярдабай, бир жумадан бери жатканыңарды жалганга чыгарасыңбы?!

Доргодон башкасынан үн чыкпайт. Кожо да эч нерсе айтпайт. Сары чийкил, көк көз – жанагы жаны чыгып-кирип жаткан Адаксейит деген жүз башы экенин Мамаке менен Шопок ошондо билет. Мындан тышкары, кожонун чатырында отургандар кожого жасакерлене сүйлөп, кылган иштерин мактана айткандарын, кожону карай жүзүн бургандыгында көздөрүн күлүңдөтүүгө аракеттенишип, жылмая карагандыктарын байкашат. Алардын ичинен Дорго кол башчы катары кожого тике карайт, чындыкты айткандыгы ме-

нен башкалардан айырмалангансыйт. Антпесе кол башчы болобу? Кайратсыз киши колду, кошуунду башкара албас. Кол башчылык даражасы, баатыр деген атагы да, аны шердентип, тике каратаары бышык.

Ал эми Мамаке менен Шопокто жасакерленүү, жагынуу дегендин кыпындай белгиси жок. Бийиктикте, тоо арасында эркин жүрүп, эркин сүйлөп, бирөөнүн алдында басынып көрбөгөн экөө эч кимден, эч качан жалтайлабайт. Жүз башылар эмес, миң башыдан да, кожолордон да, хандан-бектен да тартынбайт. Кожонун кожолугун сыйлагандыктан, анын чатырында Адаксейитти бир муштабай туруп калганы ошондон. Болбосо, минтип кыжырына тийгендин далайын ордунан тургуз кылган Мамаке. Бирөөнүн алдында жалпаңдап көрбөгөн кыргыздарга тигилердин кыймылы, улам өзгөрүлүп турган көздөрү, кабак-кашы кошоматчылыктын жеткен чегиндей сезилип, итатайды тутултат. Таазим кылуунун да ченеми бар го? Кожого жагынуулугун кылса дагы, мындай чалкештеген учурдакы орчундуу иштин жүрүшүндө, кимди болбосун тике карап, түз сүйлөгөн артык эмеспи?!

* * *

Идаятулла кожонун башчылыгы менен чогулуша баштаган ак такыялуулардан топтолгон черүү, анчалык жакшы жабдыла электе жасаган чапкынчылыктарын айтпаганда, чоң кармашка жакында кирбейт. Кол башчылыкка дайындалган Дорго бир далай машыгууларды аргасыз өткөрөт. Мурда колуна кылыч кармап көрбөгөндөрдү бөлүп, аларга чабыштын сырларын үйрөткүчө көп убакыт өтөт. Жөндөмдүүлөрүн өзүнчө иргейт. Көпчүлүктүн ичинен эч нерсени эптей албаган, эндей эт сыяктуулар чыкпай коймокпу? Андайларды ат бакканга, казанчы-отунчулукка чектейт. Мурда жоокерлик кылып, жоого аттанып жүргөндөрдүн айрымдарын он башы, элүү башыларга дайындайт.

Доргонун өзү кезегинде ыкчыл найзакерлигинен,

кармашта тартынбагандыгынан таанымал баатырлардын катарына кирген. Кезегинде Жолбос хандын ишенимдүү жигиттеринин бири эле. Ал учурдагы ак такыялуулардын башчысы кожо Мухамбет Жусупту жакшы билгендиктен, анын баласы Идаятулла кожону колдоого белсенет. Жолбос хан хандык тактысынан ажыраганда Дорго көпчүлүк катары кара такыялуулардын кордугуна кабылып, башы кесилээринде жанаша жаткан калмак хандыгынын ичине качып кирип, аман калган. Калмак арасында да жакшылыкка, сый-урматка кабыла албайт. Айтору, баатырдын душманы көп. Бир жерди туруктабай, туш келген жерге баш маанектеп, дайын-дареги касташкандарга билине баштаганда, кайрадан качып-бозуп жүрүп, Идаятулланын келгенин, жанына ак такыялууларды топтоп жатканын угуп, атайы өзү издеп чыккан. Көп убарачылыктан кийин Кашкар аймагына жашырынып келип, Идаятулла кожого жолугуп, биргелешип иш кылуу жөнүндө кеңеш кылышат. Ошондон тартып экөө чогуу.

Улам келип кошулгандардын саны арбып, жүз башылар дайындалганда черүүнү экиге бөлүп, бирин өзү башкарып, бирин Тажик элинен чыккан Самсы баатыр келгенде ошого баштатат. Самсы да оңой баатыр эмес. Ал дагы көп кармашка катышкан кандим баатырлардын бири. Ал өзүнө бөлүнүп берилген колду өзү машыктыра баштайт. Катарга кошулгандардын саны арбыгандыктан Дорго өзүнө караган колду дагы экиге бөлүп, анын бирин Идаятулла кожо орун алган жерге калтырып, калганын алыс жакка жайгаштырат. Кожонун конушунда калган бөлүк, негизинен кожонун коопсуздугун көздүн карегиндей сактоосу керек. Андан тышкары өз алдынча аскердик машыгууларды өткөрүп турат. Ушул бөлүккө башчылык кылып турууга Адаксейитти, Исамидинди, Керимшааны Дорго дайындаган болчу. Исамидин менен Керимшаа жаш жигиттер. Ал эми Адаксейиттин жашы кыркка таяган. Көптү көрүп, көзү каныккан

адам. Анын мүнөзү да башкача. Терс кыялдуу, ачуусу чукул. Баатыр катары мурунтан аты угулбаган Адаксейитти Дорго жүз башылыкка дайындабай, башка киши издештире баштаганда кожо сунуш кылган, ушуну дайындоону айткан.

Идаятулла кожо жанына жаңыдан ак такыялууларды чогулта баштаганда, баягы жетишпестиктин айынан жасаган чапкынчылыктардын биринде Адаксейит баштаган ондон ашык жигит жеңилүүгө кабылат. Мындан Адаксейит өзү жалгыз качып чыгып, кожонун алдына келип жыгылат. Эмне болгондугун сураганында байкоосуздан ушундай абалда калганын айтып, актанганы бар. Чапкынчылыкты кара такыялуулардын ичиндеги байларга, жоокерлерине жасабай, кези келсе каракчылык кылып, туш келгенди тоногон учурларын да жашырбайт. Ушундан кийин кожо Адаксейитке көп анча ишене бербей, аны четтете баштаганга аргасыз. Топтолгондордун ичинен кадыр-баркы түшүп, катардагы иликке алынбайт ал. Турмуштун өйдө-ылдыйын көрүп, кимге кандай кызмат кылышты жана өз даражасын жогорулатуу үчүн кандай амалдарды жасашты билген Адаксейит Идаятулла черүү топтоп, кол курай баштаганда эле жоокерликке ылайыктуу жигиттерди көбүрөөк ээрчитип келген. Курал-жарак, кийим-кече топтогонго да тыным албай чапкылап, төмөндөп, ылдый түшкөн кадырын өйдөлөтүп, баркын калыбына келтирет. Акыныңдык менен кайрадан ишенимге кирет. Бир жолку чабышууда жан аябай салгылашып, өзүн чыныгы жоокер катары көрсөткөнү даңаза.

Арадан дагы убакыттар өткөндө өзүнүн жанына ишенимдүү жигиттерден топтоп, алардын катарын жүзгө чукулдатып, ошолорго өзү жүз башы болуусуна кожону макулдатат. Бул жигиттери менен бир далай иштерди аткарып, өзүн жүз башылыкка татыктуу кылып көрсөткөндөн кийин, адатынча кожонун ары жак, бери жагына чыгып жатып, кол башчылыкка жетүүнү самайт. Ошол учурда келген Дорго

баатыр кол башчылык милдетти аткара баштаганда Адаксейиттин бийликке баруучу жолу торолгонсуп, максаттарын таш баскансыйт. Анын оюндагысын көзү ачыктай көрө билген Дорго көп учурларда жанынан алыстатып, орчундуу жумуштарды ага тапшырбай калган. Башкаларга ишенгенчелик ишенбейт. Айткандарына ынабайт.

Кожо Дорго баатырга Адаксейиттин карамагындагы жүздөй жигитти өзү жыйнап келип, жоокерликке үйрөткөн эмгеги үчүн гана, аны ошол бойдон жүз башылыкка калтырууну айтат. Кожонун сөзүн кыйбай, жүз башылыкка калтырганы менен, аны көп учурда жанына жакын жуутпай, башка жүз башыларга жасагандай мамилеси жок. Ошондон уламбы, Адаксейитте баардык убакытта кыжырдангандай, бирөөгө урушуп сүйлөп, итатайы тутулуп тургандай мүнөз пайда болгон. Анын андай терс кыялдуулугу өзүнө зыянын тийгизип, алакалаштарынын катары азаят.

Жаркендин бийлиги оңой тартылып алынбайт го. Ал бекем турган хандык. Миңдеген, сандаган жоокерлери бар. Ар бир хаким-бектин, шаар валийлеринин сакчысы, кароолчулары арбын. Эң негизгиси аларды жабдып турган кабелтең казына турат да. Булардын баарын жакшы билген Идаятулла кожо менен Дорго чечкиндүү жүрүшкө чыгууга шашылбайт. Жоокерлерге эле таянбастан, көп кыйынчылыктарга кабылган карапайым калкты да бийликке каршы багыттоону өздөрүнө милдет кылышат. Бул үчүн Идаятулла кожо калк арасында диндин тазалыгы, анын өнүгүшү тууралуу шарыятка негизделген багыттардагы үгүттөөлөрдү күнү-түнү жүргүзүүгө дербиштерди, эшен-калпаларды жөнөткөн. Алар калктын калың катмарына кирүүнүн жолдорун издешип, кудайчылык, кайырчылык да кылууга мыкты даярдалган. Ошону менен бирге Жаркен хандыгынын ички абалын, жоокерлердин, сакчылардын даярдыгын, күндөлүк жасалган иштерин билип, кожонун атайын дайындалган кишилерине жеткирип туруу иши жа-

шыруун тапшырылган. Абдан кылдаттыкты талап кылган мындай ишке жарактууларды тандап алуу, албатте, жеңил эместир, көп түйшүккө салаары чын.

Дорго баатыр да өзүнчө тыңчылыкка жарактуу азаматтардан дайындап, Исмайыл хандын жоокерлерине жиберет. Алардын катарына аралашып, ар бир аткарылган ишти, айрыкча ак такыялууларга каршы жүргүзүлүүчү кыянаттыктар тууралуу алдын-ала билип, учурунан кечикпей маалымат жеткирүү тапшырмасы кыйшаюусуз аткарылууга тийиш. Ушундай алдын ала иштер өз натыйжасын берип, жиберилген тыңчылардан маалыматтар келе баштайт. Эл ичине жиберилген дербиштерден да жакшы кабарлар жеткирилет. Баардык жагдайды толук билип, Дорго менен Самсы баатырлар өзүлөрү жетектеген черүүлөрүн даярдап, чечкиндүү чоң-чоң жүрүштөргө камданышат. Ошол учурда улуту түрк, бирок, сарттардын арасында жашап, сартча сүйлөп, сарттардын салтын колдонуп жүргөн Дутар баатыр келип, Идаятулла кожого саламын берет. Анын келгенин кубанып кабыл алган кожо жагдайды жакшылап түшүндүрөт.

Дутар баатыр өзү үч жүздөй жоокери менен келгендиктен, ал өз жоокерлерине кол башчы бойдон калтырылат. Аз күндөн кийин Самсы баатыр менен Доргонун колунан бөлүнүш жүрүп, Дутардын колуна кошулуп, жалпы саны беш жүздөн ашат. Улам жаңы келип кошулгандарды машыктыруу, урушка даярдоо иши тынымсыз да, тымызын да жүргүзүлөт. Жүз башылардын саны көбөйтүлүп, негизги деген үч колдун жалпы саны үч миңдеп саналат. Бирок, мынча жоокер менен Жаркен хандыгынын жүз миңге чамалаган жоокерлеринин таш талканын чыгарып, жеңишке жетүү жеңил эмес. Анын үстүнө үч миң кол да толук жабдыла элек.

Идаятулла кожо Мамаке менен Шопокту өзүнүн жанынан чыгарбайт, өздүк черүүдөн башка черүүлөргө жибербейт. Аларды Адаксейит жүз башынын карамагына коюп, бирок, кеңеш курганында

экөөнү чогуу чатырына чакырат, алардын ойлорун чогуу угат. Кыргыз эли, алардын баатырдыгы, жашоо-шарты тууралуу өзү мурунтан билгендерин айтып берип, Мамаке менен Шопоктон көп нерселерди сурап-билгенге кызыгат. Кезегинде ушул Жаркен хандыгын түптөгөн Сейит султандын негизги колу кыргыздардан түзүлгөндүгүн жакшы билгендиктен, кожо кыргыз элинин баатырдыгын баалагандыгын жашырбайт. Андан тышкары Жаркен хандыгынын эрке баласындай дардалактап, дөөдөн да жыгылбачуудай көрүнгөн Аргын балбанын канчалаган атактуу, күчтүү балбандар жыга албай, ушул жанындагы Мамаке биринчи эле кармашканда көтөрүп чапканы үчүн урматтайт. Алдыдагы чоң иштин жүрүшүндө баатырлар эле эмес, балбандар да керек болоор? Андыктан Мамакенин күчүн ошондойго сактоону ойлойт кожо. Кыскасы, Мамаке менен Шопокту өз жанынан чыгаргысы келбейт.

Исмайыл хан менен Шадип кожо Идаятулла кожонун келгенин, анын ак такыялууларды бириктирип, черүү топтоп, кол курап, тополоң баштаганы жатканын эчак уккан, даярдыктарын күчөткөн. Кароолдорун бекемдеп, сакчыларын тыңдап, жоокерлерин кынтыксыз жабдыган. Идаятулланын турган жерин, черүүлөрү кайда жайгашкандыгынан бери иликтеп, чабуулдап барып жок кылууну кеңешет. Алардын да тыңчылары, сөз жеткизген узун кулактары болгондуктан, маалыматтарды билип, кабарларды угушуп, жагдайга жараша иш кылууга өткөн. Бийлигинин күчү менен өз амирин туттуруп, мыйзамын аткартып, карапайым калкты найза-кылычтын курч мизи аркылуу айдап чыгып, Идаятулла кожонун колу менен согушууга мажбурлоону да ойлошот. «Калк бизди колдойт. Биздин айтканыбызды аткарып, башкаларга баш ийбейт» деп болжогон бийлик төрөлөрү: «Эл биздин көздү карайт. Андыктан бизге баш көтөрбөйт» деген корутунду, тыянак чыгарышкан жана ошого ишенишет. Алар буга чейин баш көтөргөндүн башын кый-

ып, кашын өйдө кылып, тике карагандарды казыктай жерге кагып, элди жер каратып, басынтып, каргышнаалатын өздөрүнө багыштатып алгандыктарын сезгиси келбейт. Көпчүлүктүн ичиндеги сороңдогон, короңдогон бийлик ээлеринин эчак эле жаманаттылыкка кабылып, ээрлеринен шыпырылып түшөөрүн самап жүргөндөр көбөйгөнүн билишпейт.

Арадан күндөр өтүп, Шадип кожо Идаятулла кожонун топтогон черүүлөрүн талкалоо үчүн жоокерлерди аттантмай болот. Исмайыл хандын казынасына таянып, алардын арасынан иргелген он миңдей кол топтоп, анын кол башчылыгына бир чети баатыр деген аты, бир чети даңкы бар Далматты дайындаган. Баардык керектүүлөрүн, тамак-ашына чейин казынанын эсебинен дайындап, аттап-тондоп жөнөтүп, өзү хан сарайында калат. Тыңчылар айтып келген: «Үч миң колдуу Идаятулла кожону – он миң колдуу Далмат бир каптаганда эле тындым кылат» деп ойлойт ичинен.

Далмат колун экиге бөлүп, бирин калмак жоокери Рабданга баштатып, Кашкар шаарынан алыстагы Улуу-Чат аймагына жиберет. Колдун теңин өзү баштап, Күчар, Карашаар тарапка бет алат. Далматка берилген маалыматтар боюнча Идаятуллага караган колдун бир бөлүгү Улуу-Чат, Турпан тарабында деп айтылгандыктан, Рабданды ошол жакты көздөй аттантканы бекеринен эмес. Өзү болсо: «Кудай каалаcа, Карашаар, Күчар шаарларынын аймактарынан Идаятулланын башын кесип, канжыгага байланып, тез эле кайра тартамын» деген кыялга баткан.

Ал учурда Дорго, Дутар, Самсы баатырлар Идаятулла кожо менен кеңешип, үч бөлүктөн турган колду бири-бирине жакындатып, күтүлүүчү калабалуу кармашка даярдык көрүшөт. Доргонун ою боюнча жакын турган колдор кармаштын жүрүшүндө бирибирине тез жардамдашууга, ылдам маалымат алууга ыңгайлуу болот. Ушул ыкманы туура көргөн Самсы менен Дутар Исмайыл хандын Далмат баштаган ко-

луна алдырбай, кайра катуу сокку берүүгө мүмкүндүктүн жаралышы жогору экенине ынанышат. Кармаш башталганда алдыга жакшы машыккан жоокерлерди, айрыкча баатырларды чыгарууну да жакшы натыйжа берет деп ишенишет. Ал эми Идаятулла кожо жанындагы үч жүздөн ашуун колду өзү баштап, өзү да урушка кирүүгө белсенет.

Жай айлары аяктап, күз келээрине аз убакыт калганда Карашаар менен Кучар шаарларынын аралыгындагы кылайып өскөн чөбү жок, уй жалагандай мисирейген кең талаада Далматтын колу менен Самсы баатырдын колу бет келишет. Мурунтан кеңешилген боюнча Самсы кармашты баштаары менен Дорго оң тарабынан качырат. Муну күтпөгөн Далматтын колу жан аябай салгылашат. Кармашкан колдор катуу каршылашып, кеңирсиген кең талаада ары-бери толкуйт. Акыры артынан келүүчү күчтүн, такоолдун жоктугунан Далматтын айласы кетет, колунун катары суюла баштайт.

Өтүп жаткан кандуу кармашты Идаятулла кожо үч жүздөй кишиси менен бийигирээк кыраңчадан карап турат. Өйдөдөгү алардын карааны кармаш жүрүп аткан майдандагыларга –дагы бир кол урушка кирүүгө даяр тургандай көрүнөт. Ошол тарапка бир көз жиберген Далмат өзүнчө өзгөчө кыжырданып, тыңчыларынын берген маалыматтары туура эместигине чындап көзү жетет. Курчоонун бир жерин жырып чыгуунун  жолун издеп, туш келген жакка карай ат койгон жоокерлерине тыңгылыктуу буйрук бере албай, сууга аккан жалбырактай, акыл-эсин жоготконсуп, шал боло дабдырагансыйт. Күн чыга электе башталган кармаш көпкө чейин созулат. Дорго, Самсы, Дутар баштаган жоокерлер кезек менен четке чыгып, ат тыныктырып, өзүлөрү бир сыйра өзөк жалгап, кайра урушка киришет. Убакыт өткөн сайын кармашкан колдордогу жоокерлердин саны азайып, өлүп жаткан адамдардын денесинен ат мүдүрүлөт.

Дорго өзү минген ак боз аттын күчүнө, элпектиги-

не таянып, Далматтын колун аралай барып кайра тартат. Миңген боз аттын кабелтеңдигине жараша сындуу жана сырты турпаты келишкен. Карап эле турса болуучудай. Анын зорлугу Доргону ого бетер зор кылып тургансыйт. Чаңкайган аппак эмес, бозомтук таркан бул атка көз артып, кызыккандар көп. «Бир минип жоо беттесем» деген баатырлар бар. Жөн эле минип, эл аралап бастырып жүргүсү келгендер канча? Кыскасы, Дорго минген боз атка көңүл бурбаган киши жок. Бирок, ар ким ойлогондой боз ат – туш келгени мине бергидей аттардан эмес?! Айтору, аны баарысы билет.

Кыраңчада турган Идаятулла кожо кармаштын жүрүшүнө көз салып, улам жанындагыларга бир нерселерди кеңешкенсийт. Тургандардын ичинде Мамаке менен Шопок да бар. Эки колдун салгылашуусу күчөп, Дорго менен Самсы баатыр баштаган колго Далматтын колу көптүк кылып, курчоону бузуп чыгууга далаалаты өз натыйжасын бергенге жакындагандай. Чын эле эгер Далматтын колу чогуу бир тарапты көздөй беттей берсе ошондой болмок. Душмандар курчоодон чыгып кетээри даана көрүнө баштаганда Мамаке кыжырданып:

– Бизди эмне кармап турасыңар!-дейт, кожого карап.

Мамакени жалт караган кожо тыңдуурак жооп табууга жарабайт. Жанындагы Адаксейиттин түгү бетине чыгат. Алардын катарындагы чепилдеген Исамидин да Мамакени олурая карайт. Кожону ыйык деп эсептегендиктен жүз башылары менен кызматкерлери үнүн катуу чыгарып сүйлөбөйт, кайрылса «улуу кожом» деп кайрылгандыктан Мамакенин тартынбай бакылдаганы башкаларга өөн көрүнүп, Идаятулланын кожолугун сыйлабай жаткансыганына Адаксейит менен Исамидиндин жактырбаганын Шопок байкап, акырын жылмаят.

Кожодон жооп болбогондон кийин: «Жибербесеңер жибербей эле койгула!» деп, Мамаке атынан түшүп, олоңун бошотуп, найзасын жанына узатасы-

нан таштап, чөк түшүп отуруп алат. Бул убакта кармаш жүрүп жаткан талаадагы кырдаал өзгөрүлүп, Далмат беш жүздөй кишиси менен курчоону жарып чыгып, ээн талаанын чаңын учуруп, Күчарды көздөй жөнөп кетет. Доргонун колунан төрт жүзгө чукул киши качкандардын артынан түшөт. Бул учурда курчоодогу Далматтын калган кишилери башка тарабын көздөй ат коюп, катар турган жоокерлерди талкалап, Карашаарды беттеп сабалайт. Анын артынан куугунчу жөнөбөйт. Уруш болгон талаада өздөрү эле калган Доргонун жүз башылары: «Тигиндей кылбай, мындай кылбай, сен тоспой, мен кармабай» дешип, бирин-бири жемелемиш эткенден башка эч нерсе кыла алышпайт.

Өзүнө чукул жерде турган Жубарбайды жанына чыкырып алган Шопок андан:

– Мурда ушундай кармаш болду беле?-деп, сурайт.

– Мынчалык чоң кармаш болгон эмес. Майда уруштар болгон-дейт, ал.

– Ошонда да ушинтип башаламан салгылашчу беленер?

– Жок, жүз башылар жакшы баштачу. Мында бирине-бири көп ишенип койгонсуду.

– Идаятулла кожо баардык уруштарда ушинтип, көп киши менен четтен карап турабы же өзү да урушка киреби?

– Айрым кезде кирет. Бирок, алдыга чыкпай, колдун ортосунда жүрөт.

Шопок менен Жубарбайдын сөзү улам узарып, Дорго минген ак боз атка бурулат. Шопок атка абдан кызыккандыгын жашыра албайт.

– Ооба, кызыктыра турган ат. Аны кожо Түркмөндөр тараптан алдырыптыр. Келээри менен аны көргөндөр, зорлугуна карап Дарканбоз деп аташкан. Накта баатырдын аты экендигин билгенинде кожо Дорго баатырга берип, ошол бойдон ал кармашка минип жүрөт -дейт, Жубарбай билгенине маашырлана.

– Аттиң-ай, сууту толук канбай, жакшы таптал-

бай калыптыр! Бат тердеп, бат чарчады!-дейт, Шопок кейигенсип.

– Аны баккан атайын ат баккычтар бар. Ошолор тоюттандырып, суутуп, күнүгө жылуу суу менен жууп, тазалап турушат. Дарканбозду Дорго карабайт. Жоого аттанаарда алдына тартышат. Аттанып кетип, кайра келип, ат баккычтарга берет.

– Ат баккычтары бакканды билип, таптаганды билбейт экен.

– Андай болушу мүмкүн. Мисалы, мен да ат таптаганды билбеймин.

Жубарбай менен Шопоктун сөзү аягына чыга элегинде Далматтын Карашаарды көздөй качкан төрт жүздөй кишиси Идаятулланын жанындагы үч жүздөй кишини карай ат коюп келатканын айтып, чакчалекей башталып, карбаласка түшүшөт. Мыктысынган Адаксейит өзү баштабай, болгону: «Алдыга чыккыла!» деп, кылычын булгалап, катуу бакырганын угушат. Исамидин, Керимшаа жүз башылары да кошо кыйкырып, буйрук берип жаткансышат. Бошоткон олоңун бекитип, Мамаке шашылбай атына минип, чаң чыккан тарапка бастырат. Шопок атчан тургандыктан небак даяр.

Далматтын жоокерлерин кырңчага жеткирбей тосуу үчүн чапкылагандардын катарындагы Мамаке менен Шопок – араң эле чыдап турган да, ылдамдап алдыга суурулат. Колду баштап, ураан чакыргансып, кыйкырып келген топко бетме-бет чыгат. Мына ошондо Мамаке менен Шопоктун баатырдык өнөрүн баары көрдү го. “Баракелде, ап-бали” дегендер, аларга шыктангандар, сүйөнгөндөр ар тараптан колмо-кол колдоо көрсөткөнгө ат коюшат. Буларды карап турган Идаятулла жакасын кармап, кудайга тобо кылат.

Эки жагынан жапырып кирген экөө чалгы менен чөп чапкандай, далайларды дардайтып сулатат. Адаксейит, Исамидин, Керимшаа баштагандар эки баатырдын артынан ээрчигенден башкага жарабай калгансыйт. Мамаке адатынча кыска саптуу найзасы менен

өзүнө сунулган найзаларды корс эттире сындыра чаап, андан соң жоокерди сайса, Шопок аттын кулагында ойноп, бет келгенин кандай сайып баратканы көзгө илээшпейт. Сунулган найзаларды калканы менен кагып, кыска саптуу найзасын кантип ойнотконун, шамшар кылычын кайсы учурда шилтегенге жетишкендигин көрүп туруп, көздөрүн ылдам бардап, көрбөй калгансышат. Адатынча бакырыгын салган Мамаке бир топ кишинин тегеректеп калганына карабай, баарысын жайлайт.

Адаксейит баштаган жүз башылар кармашка кирбей, көк бөрү тартышты карап жаткандай, четте карап турушат. Бул учурда Далматтын колу менен болгон кармаштан чыккан жоокерлерин баштап Дорго келип, Мамаке, Шопоктун жанындагыларга кошулат. Кол калдайып, көпчүлүккө айланат. Кайрылып келип, капилеттен кол салгысы келген колду бат эле көптөп жок кылышат. Ал эми Далматтын артынан куугандар кеч келишип, кубалап жетпей калгандыктарын айтышат. Күн кечтеп калганда баары чогулушуп, жүз башысы, элүү башыга, анысы он башыга буйрук берип, ким бар ким жоктугун тактап, эсеп алышат. Үч миң киши бар черүүдөн жети жүздөн ашык киши мерт болгондугун билишип, жапырт баары өз кишилеринин өлүгүн таанып, жерге жашырууга киришет. Ошол жерден куран окулуп, дуба кылышат.

Күн батканда кайрадан чогулуп, мындан аркы иштер тууралуу сөз кылып, черүүнү жашыруун жерге жайгаштырууну кеңешет. Кожонун жанына чогулган кол башчылар, жүз башылар ар ким өз оюн айтат. «Бул жолу жеңилген жокпуз» деп, көкүрөктөрүн көтөрүшкөнү менен Далматтын өзүн колдон суурултуп жибергендиктери – кечирилгис күнөөдөй болуп, ал үчүн жүз башылардын айрымы башын жерге салса, Дорго көзүнүн чаарын чыгарып, Самсы менен Дутар баатырларга ачуулуу карайт. Болуп өткөн кармашта Идаятулла кожо баштаган иштин ир алдысы, эң орчундуусу да, көлөмдүүсү да болгондуктан, анын

мааниси да зор: кара такыялуулардын колун баштаган Далматтын өзүн кан кустурганында чоң бурулушка кабылып, баардык багыт башка нукка бурулмак. Анда Идаятулланын колу Кашкарды көздөй токтоосуз жөнөмөк.

Жаркен хандыгынын хандык ордосу Жаркен шаарында турганына карабай, Кашкарды алууга умтулуунун себеби чоң. Кашкар Жаркен хандыгындагы эң ири шаар. Ал жерде көптөгөн тарыхый окуялар өтүп, Ислам динин жайылтуунун очогуна айландырылып, көп элге дайыны билингендиктен, Жаркен хандыгына өз таасирин түздөн түз тийгизет. Жаркен хандыгы Кашкардан ажыраса – алсырап калаары бештен белгилүү болуп тургандыктан, Кашкарды каратып алуу Идаятулла үчүн башталган ишти теңинен оодарганга барабар. Негизи эле Жаркен хандыгы курулган учурдан баштап, ал хандыкка карай баскынчылык кылуучулар адегенде Кашкарды чаап, андан кийин жеңишке жетишкенин өткөн тарых тастыктап жүрөт.

Идаятулланын колу Далматтын колу менен салгылашып, Далматтын качып чыкканы көп элге угулат. Айрымдары мындан ары Идаятулланын жеңишке жетишине жардамдашууну көздөшөт. Анткени, көпчүлүк эл кара такыялуулардын бийликте туруусуна ачык каршылык кыла башташкан. Көп ыдык көрүп, кан төгүүгө чекит коюлбай, зомбулук күчөп, Исмайыл хан менен Шадип кожодон эл түңүлүп калган. Жаңы бийликти самап, андан үмүт кылгандар арбыган.

* * *

Доргонун жашыруун жиберген кишилери улам жаңы маалыматтарды жеткизет. Ал эми Идаятулланын карапайым элдин арасындагы удайчылары баатырлыкка ыктуу, жоокерликке жарактуу эр-азаматтардан жыйнашат. Далматтын колунун тез эле талкаланылышын көп жерге даңазалашат. Идаятулла ко-

жонун Жаркен хандыгындагы элди бириктирип, эки бөлүнүүчүлүктү жоюуну көздөгөндүгүн жар салышат. Кыскасы, элди үгүттөө иштери да жакшы жүрөт.

Далматтын колу менен салгылашкандан кийин Дорго менен Самсы баатырлардын ойлоп тапкандары боюнча баардык кол майда бөлүктөргө бөлүнүп, түнката жүрүп, Кашкар шаарына чукулдайт. Качып чыккан Далмат кайрадан келип, кармаш кылаарын баары билет. Андыктан колду майдалап бөлүп, жашырынууга ыңгайлаштырышат. Көп адамдын жашырынуусунан аз адамдын көздөн далдоо болуусу оңой да. Ошол себептен майда бөлүктөр кайда житип кеткендигин билгизбей калуусу үчүн ушундай ыкманы колдонушат. Бирок, баардык кол бири-бири менен тыгыз байланышты кармоосуу негизги милдет. Мындан тышкары туш тараптарга кароол коюп, алардан кабар алып турууга да кишилер чектелет. Баардык иштин башына Дорго өзү турат. Жалпылап айтканда, ушундай жайгаштырылып, кайра тез чогулуунун аракетин көрүшөт. Ал эми Идаятулла кожону өзүн кайтарып жүргөн кишилер менен бирге бул аймактан алыстатып, анын кайда тураарын жашыруун сактоого далаалаттанышат. Антпесе каршылаштар башкалардан мурда кожонун башын алуу үчүн болгон күчүн жумшаары айдан ачык.

Мамаке менен Шопок жүздөй кишиге кошулуп, анча алыс эмес жердеги бир буйткага барып жайгашат. Барааары менен аттарын тарап, сылап-сыйпап, суутуп, өзүлөрү да жакшылап эс алышат. Башкалар менен бирге тамактанып, бирге жатып, эч кимден өзгөчөлөнбөйт. Ушул топко башчылык кылган Маасым аттуу, жашы отуздарга барып калган адам таң атканча уктабай, коюлган кароолдорду кыдырып, алмашчуусун алмаштырып, тургузчусун тургузуп, жаткырчусун жаткырып дегендей, жаны тынбайт. Эртеси эрте аттанышып, орун которуп, эки жактарга байкоо салышат.

Кармашта курчоодо калып, андан араң качып ку-

тулган Далмат түнү менен Жаркенге киши чаптырып, Исмайыл хандан көп кол жиберүүсүн өтүнөт. Дагы башка кишини жумшап, Рабданды болгон колун баштап, тез Күчарга келүүсүн тапшырат. Чабарман жетип, Рабданды шаштырат, алар алыс жол басып келгиче үч күн өтөт. Бул аралыкта Дорго да чаңдатып, аяк-башын жыйнап, жаңы келгендерди жоокерлерге аралаштырып, колдоруна олжого түшкөн куралдарды бердирип, аттап-тондогонго жетишет. Буга чейин Улуу-Чат тараптан Рабдандын колу шашылыш келаткандыгын сөз жеткизчү жесекчилеринен угуп, аны жетчү жерине жеткирбей, алдынан тосуп чыгууну да ойлойт. Жаркен тараптан көп кол келээрин да сезет.

Баардык топторго киши жиберип, Рабдан келүүчү тарапка акырындык менен жыла берүүнү буйруп, өзү алдыга жөнөйт. Ал башкалардан мурда жетип, кармашты кайсы жерден баштап, кайдан айла кылаарды болжоону туура көрөт. Кокус жеңилүүгө дуушарланса, качып чыгуучу тарапты дагы издейт. Дорго Рабдандын колун Жаркенден чыккан кол келгиче талкалоону самайт. Эгер Жаркендеги кол келип, Рабданга кошулса, соо калтырбайт. Кашкар аймагында да Исмайыл хандын буйругу менен черүүлөр топтоло баштагандыгы апачык көрүнүп турган иш. Ошондуктан кең көлөмдүү салгылаш кылбай, аздап согушуп, алардын күчүн азайтуу керек.

Рабдандын колу чукулдап калганын уккан Дорго майдаланып бөлүнгөн өз топторун шаштырып, алдыга жылдырат. Кыскасы, боз адырлуу жерлерден эки кол бет келишет. Мында Дорго такоол күч катары эки жүзгө чыкпаган кишини калтырып, аларга уруш талаасына жакшылап көз салып, өзү баштаган кол курчоодо калып баратса, душмандын алсыз жагын билип, ошол тарабынан бузуп кирип, курчоодогуларды бошотуу үчүн жан аябай салгылашууну милдеттендирет.

Кармаш катуу жүрөт. Салгылашууга Идаятулла

кожо да чыгат. Чу коюп жөнөгөндө, баягы адатынча бакырып жөнөгөн Мамаке тынбай салгылашат. Ошондо көрүп тургандардын оозун ачыра таңдандырган ишти кылат. Бет келишкендердин найзасын кагып жиберип, өзүнүн жоон саптуу кыска найзасы менен сайып, сайган бойдон атынын үстүнөн алып, ыргыта берет. Аттын үстүндөгү чүпүрөктү таяк менен илип ыргыткансып, кишилерди ат үстүнөн ыргыткан Мамакени көргөндөрдүн көбү артка качат. Бет келишкендердин эле эмес, карап тургандардын да жүрөктөрү болкулдап, келмелери ооздорунан ыргыйт. Жоону сайып, аттан алып ыргытканында атаңгөрү, минген аты майыша түшүп, сендиректегенсип, кайра оңолуп кетип жатканын баарысы байкашат. Идаятулла кожо да байкайт.

Кыймылын шамдагайлык менен көзгө илээштирбеген Шопок да катуу кармаш салат. Бет маңдайынан чыккандардан тышкары, капталдарынан, атүгүл артынан келгендерди да өзүнө жакындатпайт. Калканын төшүнө арчындана байлап алган Шопоктун бир колунда кыска саптуу найза, бир колунда кош миздүү чолок кылыч! Салгылашуунун катуу жүргөндүгүнөн го, минген аты жошологондой, душмандын канына боёлот, өңү өзгөрөт. Мамакенин аты андан бетер кызыл жошо, кызыл байрак! Айтору, улам убакыт өткөн сайын кармаш күчөп, салгылаш болгон талаага төгүлгөн адам канына ат тайгаланат. Адамдын өлүгүнөн киши басып өтө албайт. Согуш дегендин аты да жаман. Анда адам каны төгүлөт. Жаны чыгат. Адамды адам аябайт. Душманды аяп, тирүү калтырдың дегиче, ал кайра кылыч шилтейт. “Жоо аяган жаралуу, катыны каралуу” дейт. Андыктан өзүңдү сакташ үчүн – башканы жок кылышың керек. Бул согушуунун эч ким буза албаган мыйзамы!

Мамаке менен Шопок бир учурда четке чыгып ат тыныктырышат. Жоонун каны аттын терине аралашып, ага чаң, кум ширеп, минилген аттарынын өңү таанылбайт. Ээр токуму, кийген кийимдери андан беш

бетер өзгөрүп, өңү билинбейт. Эрлер эс алып, ат тыныктыруучу жерге келген Шопок ошол жерде жанын алакчылагансып, жоого кирбей, жоо жок жерде бакылдай сүйлөп, ар кимге буйрук берип турган жүз башыларды көрүп, бетинен түгү чыга ачууланат. Чепилдеген Исамидин Шопокко жакындап:

– Кармашка кайра ылдам чык!-дейт.

– Сен, өзүң эмнеге чыкпайсың!-деп, Шопок кайра каарланат.

– Мен чыкпай калмак белем? Чыгып атам!

– Чыгып атсаң, эмнеге атың тердебейт! Киймиң эмнеге кирдебейт!

Шопоктун ачуусу келип турганын байкабай, «буйрук берем» деп, кармашка кирбей четтеп, жанын корголотуп жүргөн айыбын ачтырып алганына ызаланган Исамидин жалтайлап, берээрге жооп таппайт. Атынын үстүнөн ыргыта сайчуудай демиткен Шопок үнүн каардуу чыгарып:

– Түш аттан!-дейт: -Алдагы алкынган атыңды мен минип чыгамын! Менин атым чарчады. Мен кайра келгенче сен ушул атты багып тургунуң!

Жүздөгөн кишини башкарып, үзөнгүнү чирене тээп, үнүн өктөм чыгарып, айтканын алдындагылар баш көтөрбөй аткарып, кайрылып жооп берген жан жок, асмандагансып жүргөн Исамидинге бул сөз катуу тийет. Бирок, кылаар айла табалбайт. Дагы бирдеме десе, эки бөлүп салчуудай демиткен Шопоктун сүрүнөн чочулап, найзасын кармалап, оозун эптеп, сүйлөй тургансыйт.

– Бол, тез! Аттан түш!-деп, Шопок мурункудан да катуу айтат.

Айласыздан атынан түшкөн Исамидиндин атына минип, өз атынын чылбырын колуна карматып:

– Мен келгенче жакшылап тазалап, чалдырып, тыңытып тур! Башка бирөөгө бербей, өзүң бак!-деп, кармаш жүрүп жаткан жакка сабалап жөнөйт. Жүз башынын атын тартып минип, өз атын кайра ага бактырып, атчы кылып койгонун тургандардын баары-

сы көрөт. Айрымдар күбүр-шыбыр болушат. Исамидинге боор тарткандары болбой коймокпу?! Табалагансыгандары да жок эмес. Айтору, көпчүлүктүн ичинде баарысы бар.

Мамаке атын чалдырып, башында туулгасын алып коюп, отурган жерине келген Идаятулла кожо менен Дорго баатыр анын атынын түрүн көрүп, баатырлыгына ыраазы болушат. Шайы кете түшкөн аты оңбой калыптыр, көптө оңолгудай.

– Атым мындан да тың болсо, кечке тынбай кармашат элем!-дейт, Мамаке кожону карап: -Жаңыдан кызый баштаганымда аттиң, атымдын шайы кетип калды!

Мамакенин бул айтканын угаары менен Идаятулла кожо:

– Дорго! Дарканбозду бер, Мамакеге!-дейт.

Дорго айтылганды жаңылыш угуп алгансып, кожонун оозуна тигилет.

– Дарканбозду Мамакеге бер деп атамын! Эмне унчукпайсың?-деп, кожо кыйкыра сүйлөйт. Айткан сөздү эми гана түшүнгөнсүп Дорго:

– Мен кайсы атты минемин!-дейт, ал дагы бакылдап.

– Сен башка ат таап мин!

Дорго колду баштап киргени менен азыраак салгылашып, кайра четке чыгып, ары-бери жүрүп, урушта Дарканбоз ыдык көрбөгөндүктөн, кадимкисиндей абдан тың. Өзү тулпар түгүл – талыкпаган дулдул ат. Зордугу пилдей. Күчүн салыштыраар жаныбар жок. Негизинен Дарканбоз Идаятулланын өзүнө тиешелүү ат болгондон кийин, аны ээси кимге берсе өз эрки. Андыктан Дорогого: «Атты Мамакеге бер» дегенге укуктуу. Дорго эмне кылмак, айласыздан Дарканбоздон түшүп, чылбырын Мамакени көздөй ыргытат. Бирок, өзү ичине ит өлүп, жакшыраак ой ойлобойт. Кол башчы деген наам-атагы, баардык колду башкарып, үч күн мурда эле Далматтын колун талкалаган даңкы бар. Идаятулла кожонун самаган максатын ишке ашыруу үчүн жасаган иштери эсеп жеткис. Ошонун баары иликке алынбай, бир атка тең

болбой калганы ичин ачыштырат. Анысын башкаларга билдирбегенге тырышып, бери жакта аттарын чалдырып, өзүлөрү тамактанып отургандарды карап:

– Ылдам кайра киргиле! Аз убакыт кармашсак, жеңип чыгабыз!-дейт, өңүн да, үнүн да өзгөртпөй.

Дорго көптү көргөн куу. Баардык жагдайга көзү жетет. Дарканбозду Мамакеге тартып бергенине таарынгандан пайда чыкпастыгын да билет. Кезегинде ушул Идаятулла кожонун атасы Мухамбет Жусупту колдоп чыккандыгы үчүн кара такыялуулардан кордук көргөнү бар, калмак тарабына качып барып, андан башы батып, балтыры сыйбай, кайра Идаятулла кожого өзү келген. Азыркы тополоңдуу учурда колбашчы болуп ак такыялуулардын кылычын булгалап жүргөнүн элдин баары билди. Эми, таарынып бул жерден кетсе, кайда барып башын калкалаарын өзү да билбейт. Анын туш тарабы кыбыла эмес. Ошондуктан Идаятуллага өчөшүп, таарына албайт.

Дарканбоз колуна тийээри менен аттанган Мамаке кайрадан кармашка кирет. Адатынча бакырыгын салып, бир капталынан жапырып кирген баатыр бир далайды тургус кылат. Дарканбозду минип чыкканын көргөн өзүнүн таламдаштары артынан ээрчип, Рабдандын колун ортосунан жара бөлүп, аркы четине чыгып, кайра тартканында алдынан киши чыкпай, алыстап кача баштайт. Калгандарынын айласын Шопок кетирип, топ таранчыга кыргый тийгендей тийип, душмандын катарын бузат. Мамакени ээрчигендей, Шопоктун артынан да көп жоокерлер ээрчийт. Ошондон кийин Рабдандын колу бытырап, туш келди, бет алды талаалап жөнөшөт. Калдайып караны чоң көрүнүп, бир каптаса бир далайды тебелеп кетчүүдөй көрүнгөн Рабдандын беш миңдеп саналган колунун тымтыракайы чыга түшөт.

Рабдан да куулук кылып, артына такоол күч калтырган да. Алар ат коюп, уруш талаасына жетээри менен Мамакеге, анын артынан ээрчип жүргөн миңдей кишиге кабылып, жарга урунуп жок болгон көлдүн

толкунундай жым болот. Салгылашуу кандай жүрүп, ким кандай эрдик жасаганын, кырдан көз албай карап турган Идаятулла кожо эки кыргыздын эрдигине ыраазы, экөөнө Жараткан жакшылык берип, күч-кубатынан кемибешин тилеп, көмөкөйдөн дуба кылат. Ушундай баатырлардын өзүнө жардамдашууга келгенине кубанат, аларды ушул жерге келтирген Алланын амирине миң мертебе ыраазылык билдирет.

Таң аткандан башталган салгылаш күүгүмгө чейин уланат. Рабдан өзү салгылашууга киргенби же кирген эмеспи, ал эч кимге белгисиз. Анын үстүнө аны тааныган киши –Идаятуллага баш ийген тарапта жокко эсе болуп чыгат. Күүгүмдө уруш токтотулуп, ар ким өз тарабына келип чогулуп, адаттагыдай эсеп алуу, жарадарларды ташып жеткирүү, жайгаштыруу иштери менен алектенишип, көз байланып, кеч кирип калгандыктан салгылашта курман болгондорду эртеси эрте жерге жашырууну ылайык көрүшөт. Мурункудай эле топ-топко бөлүнүп, жашырынуу үчүн тарашат. Мамаке Дарканбозду, Шопок Исамидиндин алкынган атын минген бойдон.

Идаятулла кожо баштаган улуу жүрүштүн башталышындагы ушул салгылашуулар негизгилерден болуп эсептелинет. Буга чейинки майда чапкынчылыктар, эки жүздүн тегерегиндеги киши катышкан салгылаштар анча мааниге ээлик кылбайт. Алар уруу ичиндеги топтордун бири-бири менен жоолашуусу сыяктуу көрүнүп, тынчы жок элдин ичиндеги боло жүргөн көнүмүш адаттай эсептелинип, жогорудагы салгылаштарга салыштырууга таптакыр мүмкүн эмес, сөзгө көп алынбайт.

Рабдандын колу менен согушкандын эртеси эрте, салгылаш жүргөн майдан талаада курман болгон өз кишилерин таап, жерге жашырып, куран окушат. Ал күнү кармаш болбойт. Кароолчу-күзөтчүлөрдөн жакын аймактарда каптап келүүчү черүүлөр көрүнбөгөндүгүн уккандан кийин Дорго жалпы колду чогултат. Идаятулла кожо да келет. Кол башчылар Дутар, Самсы

баатырларды, жүз башыларды өз жанына чогулткан Идаятулла кожо Мамаке менен Шопокту да жанына чакырат. Башчылар менен баатырлар жанына келгенден кийин жалпы колго кайрылып шарыяттын негизинде көп сөздөрдү айтат. Мактачуусун мактайт. Сыйлачуусун сыйлайт. Жалпы жоокерлерди мындан аркы жүрүштөрдө жан аябай салгылашууга дем берип, жеңиштерге шыктантат. Шопокко эки ат баккыч чектеп, алар баатырдын атын ар убак таптап, тоюттандырып, даярдап туруусу катуу тапшырылат. Мамаке Дарканбозду Доргого кайра бербей, дайыма минип, жоого кирмей болот. Дарканбоздун өзүнчө баккычтары мындан кийин Мамакенин карамагына өтөт. Шопок Исамидиндин кара атына ээ болот. Ушундан баштап, Мамаке менен Шопок аттарын минип кетип, кайра келгенде атайын кишилерге тапшырып бергенди гана билмей болушат.

Жаркен хандыгынын чоң шаары Кашкар, Жаркен, Хотен. Мындан тышкары Иле, Тарбагатай, Жаңысар, Күчар, Ак-Суу, Карашаар, Үч-Турпан, Каргалык, Меркит. Бул шаарларды баш валийлер, мындан башка эл жашаган аймактарды хаким-бектер башкарат. Алардын алдында топтолгон жоокерлери, баштаган кол башчылары бар. Ар бир шаар валийинин, кол башчысынын жанында Шадип кожо дайындаган калпалары турат. Мындай калпалар аймактардын хаким-бектеринин да катарында жүрөт. Ошолордун баарысы бирден кол баштап чыгуусу мүмкүн. Эгерде анын баары бириксе, Идаятулланын чаңын асманга сапырат. Ушуну ойлогон кожо көп амалдарды издейт.

Негизги ишенгени кара такыялуулардын зомбулугунан кыйналган карапайым эл! Андан тышкары калмактын учурдагы ханы Галдан. Ал кийинчерээк жардамдашаарын айтып, атайы киши жибергени белгилүү. Бирок, ал азыр Чың империясынын атын жамынып тургандыктан, мурда Идаятулла жиберген кишисине оң жооп бербегендиктен, анын жакшыраак, жакындан жардам берерине ишене бербейт. Ан-

дан анчалык жакшылык күтпөйт. Ошондуктан туш-тушка кеткен өзүнүн удайчылары менен Дорго даярдаган жашыруун иш аткаруучуларга гана таянат.

Бул учурда Жаркен хандыгынын айрым жерлеринде кара такыялууларга каршы козголоңдор башталат. Элге зомбулук көрсөтүп, өзүн жанга теңебеген мансапдарлар жок кылынат. Элдин мындай козголушу Идаятуллага майдай жагып, өзүнө таламдаштар арбыганын байкайт. Эл арасына жиберилген жашыруун кишилеринин аткарган иштерине ыраазы болот. Доргонун өзүнчө даярдаган кишилери да тымызын жүрүп, айрым баш валийлердин карамагындагы топтолгон колдордун катарын бузат. Өзүн башкаргандарга, жалпы бийлигине каршы аттанууга үндөйт. Ушундай жагдайлардан улам, Идаятулла баштаган ак такыялууларды колдоочулар көбөйүп, алга карай жүрүүгө түрткү берет.

Күн сайын көптөгөн кишилер келип кошулуп, черүүсү кеңейет. Аларды жабдууга керектелүүчү тамак-аш, курал-жарак, кийим-кечеге да кол жетет. Баардыгы ойдогудай жүрө баштагандыктан, Кашкарга кайра түз чабуул коюу тууралуу кеңештер жүрөт. Буга Дорго, Самсы, Дутар баатырлар макул болуп, эки жактарын байкап, жоокерлерин ирээттеп, даярдыктарын көрүшөт. Бирок, ойлогондой болбой, Далмат баштаган Исмайыл хандын он миңдеген колу менен кармашууга туура келет. Кашкарды камалап кирүүнү эңсеп турган Идаятулланын черүүсү мындай кармаштын капилеттен болуусун күтпөгөндүктөн, баш-аламандыкка кабылат. Айрым жоокерлер атынын башын буруп, кайра качат. Черүүдөгү баардык жоокерлерди үчкө бөлүп, кармап турган Дорго, Дутар, Самсы баатырлар түркүн амалдарды издешет. Курчоодо калбагандын аракетин көрүшөт. Кармаш катуу жүрөт.

Дарканбоз менен кирген Мамаке адатынча бакырып, туш келгенин чолок сап найзасы менен илип ыргытып, алдыдагы аты өзүнө жарашып, көрсөтөөр

эрдигин дагы дааналайт. Кыймылы көзгө илээшпеген Шопок бир жагынан жанчат. Кол башчылар да, жүз башылар да жан аябайт. Өзүнө тиешелүү колду баштап, туш келген тараптан кирген Адаксейит жоокерлерин чачкын жиберип, көп кишисинен ажырайт. Өзү курчоодо калат. Мындай жагдайга мурда кабылбагандыктан, көздөрү алаңдап, мууну калчылдайт. Жакын жерде салгылашып жүргөн Шопок Адаксейитти көрөөрү менен, аткан октой жетип келип, курчап баштаган он чакты душманды жок кылып, өлүмдөн куткарып чыгат. Адаксейит кара күчкө бакырымыш этип, башкаларга буйрук бергенсийт. Бирок, анын буйругун эч ким укпайт, баарысы Шопоктун артынан ээрчишет. Шопок түз эле уруштун алдыңкы сабына чыгат. Өз жоокерлери сөзүн укпай, Шопоктун артынан кеткенине ичи ачышкан Адаксейит бакырыгын токтотпой, алдыга карай бараткан жоокерлерин өзүнө чакырууга далбасалайт. Анын антип, колду токтотконго жасаган аракетин көргөн Шопок кайра тартып:

– Колду эмнеге токтоткону жатасың?!-дейт, ачуулана.

– Токтогула! Кеңешип иш кылалы!-деп, Адаксейит алактайт.

– Азыр кеңешчү учурбу! Токтоп туруп, кеңеш кургуча, душманың кайрылып келип, кайра курчап албайбы? Кармашка кирген колду «артка тарт» деген акмак кол башчынын иши. Ал жеңейин дебей, жеңилейин дегендин кылаары. Колдун алдына чыкпай, аркасынан кел!

Шопоктун бул айтканына Адаксейит жооп кайтара албайт. Кайрылып сөз айтса, башын кесип ыргытчу түрү бар. Анын үстүнө азыр эле курчоодо калганында, өзүнүн баласындай жаштагы Шопок куткарып, алсыздыгын, чабалдыгын билгизип, колду баштай албастыгын көрсөттү го. Анын алдында кичирип тургандыктан сөз кайыра албасы чын. Ал аз келгенсип: «Колдун алдына чыкпай, артынан кел» деген какшыгына ызаланып, күйбөгөн жери күл болбоду-

бу, кургурдун. Исамидин жүз башынын атын тартып минип, жүз башыны ат баккыч кылганы – жоокерлер арасында чоң сөзгө айланып бараткандында, дагы минтип, баштаган колун тарттырып ийгенине жаны күйгөн Адаксейиттин заманасы куурулат. Ойлогон максаттары ойрондолуп, башкарган колдон да, баркбаасынан да ажырап, четке сүрүлүп калгандай абалда калган ал, Шопок баштап кеткен колдун артынан жөнөөгө аргасыз.

Салгылашуу аябай кандуу, катуу жүрөт. Көп адамдар жок кылынат. Самсы баатыр жаракат алат. Дутар баатырдын колу көп зыянга учурап, жүз башыларынан экөө мертинет. Күн чыга электе башталган салгылаш – күүгүм кирип көз байланганда токтотулат. Эртеси эрте, таң агарганда кайра башталат. Башаягы төрт күнгө созулат. Адамдын өлүгү жерге батпай кетет. Аларды жерге жашырууга убакыт да жетпейт. Урушка тиешеси жок жергиликтүү карапайым элден чогулуп келген жоон топ киши соопчулук үчүн өлгөндөрдү ким экенине карабай чуңкур казып көмүп, кол кабыш кылат.

Мамаке минген Дарканбоз улам адам канына боёло берип, кара кочкул күрөң атка айланат. Аны ат баккычтар күндө жууп-тазалап, күндө кайра кармашка даярдашат. Ошончо кармашта Дарканбоз күчүнөн тайыбайт каркыбар. Үстүндөгү адамдын оюн билип, кыймылын байкап тургансып, кармаш учурунда элпек башкарылат, оттон-чоктон жалтанбайт. Беттешкен адамдардын аттарын айрым учурларда жөөлөп жыгып, тебелеп да кетмейи бар. Мамакенин зорлугунан, ага көп учурда ат түтпөй келген. Ал мингидей аттар оңой менен табылбан эмес. Ошол зор кишинин минип жүргөнүнө карабай, баардык учурда алкынып, алдынан чыкканды омуроолоп, тоо болсо да тоголото койгудай түрдөнөт, чиркин. Кыскасы, Дарканбозду мактаганга сөз жетпес.

* * *

Ошол урушта Идаятулла кожо баштагандар жеңилдик деп да, жеңдик деп да ачык айталышпайт. Себеби, Далмат баштаган кол көптүгүнө салып койгону көзгө көрүнүп калбадыбы? Бирок, ошого турушттук берген үч миңдин айланасындагы адамдын баары жок болбой, көпчүлүгү аман-эсен. Андыктан жеңишке жеттик деп да ишенимдүү айтса болот. Ал эми Доргонун буйругу менен уруш талаасынан көмүскө чекке, бейтарап четке чыгып кеткендиктери – чынчынында качып кеткенге барабар. Ал жагын ачык айтса, жеңилгенге тете. Далматтын өзүн жок кылууга канча аракет жасалса да, андан бир дагы кылайган майнап чыкпады. Айтору, ал кайсы тарабында, кандай жайда туруп, колго буйрук бергендигин эч ким биле албаптыр. Атүгүл аны көргөн да киши жок.

Кырчылдашкан согуш тынымсыз узарып, баатырэрлер эс албай, аттар тыныкпай, көп убакыт өтөт. Жай айлары небак өткөн, күз ортолоп калган. Идаятулла баштаган черүү Карашаарды, Күчарды Исмайыл хандан тартып алып, ошол аймактарга жайгашат. Булардын ишин колдоп, келип кошулгандар күндөн-күнгө көбөйөт. Тарапкерлери арбыган сайын Идаятулла кожонун баркы, кадыры жогорулай баштайт. Жоокерлердин да тажрыйба артып, жеңиштерге жетүүсү кадимки көрүнүшкө айланган. Ошондуктанбы, кол күч топтоп, өзүнүн чама-чаркын аныктагандан кийин Кашкарды карай жүрүш кылат. Бирок, дагы адаттагыдай тоскоолдукка кабылып, көп кишиден ажырап кайра тартат. Ал салгылашууларда Мамаке менен Шопок талыкпай кармашып, башкалардан көп артыкчылык көрсөтүшөт. Кылган эрдиктери үчүн сый-урматка жетишет. Алардын антип зоболосу көтөрүлгөнүнө ичин тарыткандар да чыкпай коймокпу?! Айрыкча Адаксейиттин жаны түтөйт, ичи күйөт. Же ал байкуштун колунан эч нерсе келбейт. Аргасыздан туталангандын үстүнө туталанып, экөөнү көрөйүн деген көзү жок. Исамидин жүз башы атын тарттырса, бул башкарган колун тарттырып,

оозунан алдырган бөрүдөй кайсалактап калганы – жоокерлер арасында аңыз кеп эмес, шылдың сөзгө айланып кеткени огобетерден жинин кайнатып, кыжырын күчөтөт.

Кашкардын айланасындагы эл көтөрүлүп, Идаятулла кожону колдогону көп жөлөк, көмөк болуп, Кашкарды карай кайра жүрүүгө зор мүмкүнчүлүк түзүлөт. Көп даярдыктарды көргөн Дутар менен Дорго кеч күздө Кашкарды камалап, далай кан төгүүдөн кийин шаарга кирет. Эл отурукташып, шаар аталгандан бери көптөгөн чапкынга кабылып, көчөлөрүндө нечендеген адамдардын каны суудай агылган Кашкар кайрадан кандуу булооңго түшөт. Улам бири чаап, бийликти ээлеп, өз билген намазын окутуп, ойлогонун аткартып тургандыктан, Кашкар элинин туруктуу салты сакталбай калгансыйт. Кимди колдоп, кимге ыктаарын билбей, башы маң болгон адамдар арбын. «Биринин сөзүн сүйлөсөм, башкасы келип башымды кесип кетет» деген коркунуч баарысынын аң сезиминде бар сыяктанат.

Колдун Кашкарга кирүүсү оңой болбойт. Туш-туштан каптап кирген жоокерлер жамгырдай жааган жаанын жебелерине кабылат. Бирине бири улаштырыла салынган пакса тамдардын, ийри-буйру көчөлөрдүн ар бир булуңунда буктурма туруп, колдун алдыга жылуусуна чоң тоскоолдук кылат. Шаар четине тандалма жаа аткычтарды жайгаштырган мындай абал Исмайыл хан менен Шадип кожо тарабынан ойлонуп табылганын ачык көрсөтөт. Ошондуктан Дорго менен Дутар баатырлар жаанын огунан жашырынып өтүү үчүн жөө адамдарды алдыга жиберишет. Алар жерде бооруменен сойлоп, тамдардын бурчтарына жашынып, жаа аткычтарга жетип, кармаш баштайт. Ушул учурду гана күтүп, алыстан даяр турган кол ат коюп кирет.

Кашкарды алуу үчүн кармаш үч күнгө созулат. Бул урушта Мамаке Кашкардын чок ортосун көздөй жөнөгөн Доргонун колунун алдыңкы сабында салгы-

лашат. Ал эми Шопок Керимшаа жүз башынын колуна кошулат. Керимшаа жаш болгондуктан жана андан тышкары ага чоң мечиттердин бирине карай жөнөөгө туура келгендиктен, анын колуна Шопокту кошушат. Себеби, Керимшаанын колу чоң мечиттердин бирин ээледи дегиче, душмандын мизи майтарыла түшмөк. Ошондуктан Керимшаанын колун чыңдап, күчтөш үчүн Шопокту атайы жиберишкен да. Шопок бул ишеничти актап, жаа аткычтарга, андан кийинки буктурмадан кол салгандарга да алдырбай, Керимшаанын жоокерлерин зыянга учуратпай, даңазалуу мечиттердин бирин ээлейт. Ушуну таяныч кылган башка колдор тездик менен Кашкардын борбордук базарын карай багыт алат. Үч күнү-түнү менен кан кечкен согуштун натыйжасында Дорго менен Дутар баатырлар Кашкар шаарын толук ээлейт.

Илгертеден дүңгүрөп, атагы алыска угулуп турган Кашкардын кан базары жым-жырттыкка айланып, ээн-эркин басып жүргөндөр азаят. Жаңы бийлик орноп, кандай мыйзам чыгарып, кандай шартта жашоону буйрук кылаарын күтүп тургансып, эл ичи тынч. Ушул бойдон Идаятулла кожого Кашкарды ээлетип койбой, Исмайыл хан баардык колу менен келип, кайрадан кызыл кыргын башталышы ыктымал деген тыянак чыгаргандар, ошол калаймандан аман калууну ойлогондор көп. Кыскасы, Кашкардын жергиликтүүлөрүнүн санаасы бир орунда эмес.

Дорго Кашкардын чеке жактарына караол коюп, баардык колду бириктирип, шаар ичине жайгаштырып, ар бир жүз башыга милдет тагат. Жарадар жаткан Самсы баатырды алдырат. Буга чейин ээлеген Карашаар менен Күчарды да колдон чыгарбоого аракеттенип, ал шаарлардын чыңоол, караолдорун күчөтөт. Ошондон кийин Идаятулла кожо чоң салтанат менен Кашкарга келет. Кожонун кожолугун урматтап, жергиликтүү калктын көбү көчөөлөргө чыгып тосуп алышат. Кара такыялуулардан кордукту көп көргөндүктөн, Идаятулла баштаган ак такыялуулар

тынчтык орнотуп, жакшы жашоого жеткирет деп ишенишет. Көптөгөн жакшылыктарды үмүт кылышат. Баардык азап-тозоктон куткарат деп эсептешет.

Күз өтүп, кыш кирип келгендиктен, жазга чейин чоң салгылаштарды токтотуп, тарапкерлерин дагы топтоп, колду мындан да чыңдоону болжогон Доргонун айткандарына маакул, ошондуктан Идаятулла кожо Кашкарда кыштамай болот. Бирок, баардык учурда салгылашууга даяр туруу үчүн Дорго менен Дутардын жаны тынбайт. Кол башчылардын жаны тынбагандан кийин, колдогулар да тынч жатпас. Кароолго турушат. Чалгынчылык кылышат. Машыгууларды өткөрүшөт. Эр жигитти жоoптуу жоокер кылат. Жоокерди баатыр кылат. Көптөгөн жоокерлер ар кандай ыкмаларды үйрөнүп, тажрыйбалары артылат. Мурда кылыч кармап көрбөгөндөрдүн далайы найзакер болуп чыгат.

Идаятулла кожо Кашкарда турган күндөрдүн биринде баардык колду шаардын ортосундагы чоң базарга чогултуп, адатынча артыкчылык кылып, жан аябай салгылашкан жоокерлерине сый-урмат көрсөтөт. Ошондо Мамаке менен Шопокту жалпы колдун алдына чакырып, «Баатырлар» деп айтат. Бул өзүнчө берилген наам катары кабыл алынат. Мындан тышкары экөөнө өзүнчө үй бөлүп берип, тамакчы-отунчуларды чектелет. Ат баккычтары көбөйтүлөт. Мындай өзгөчө урмат – ошончо кишинин ичинен Мамаке менен Шопокко гана таандык. Андан кийин экөөнө кайрылгандар: «Баатыр» дегенди кошуп айтканды адатка айлантышат жана аны сыймык катары эсептешет.

Идаятулла кожо тарабынан Кашкар шаарынын баш валийлигине, жашы алтымыштарга таяган Нурман ажы дайындалат. Нурман ажы жаңы кызматына киришкенде атайы Мамаке менен Шопок баатырларга келип, улуу жүрүш аяктап, ак такыялуулар жеңишке жетип, Идаятулла кожо бийликти алса, экөөнө өзгөчө сый көрсөтөрүн, Кашкарды алууга көп

эмгек кылгандыгы үчүн жакшылап коноктоорун айтат. Андан ары: «өз элиңерге кетээриңерде өзүм узатамын» деп кошумчалайт. Нурман ажынын бул айткандарына Мамаке да, Шопок да ыраазы болушат. Бирок, ушул башталган улуу жүрүш, качан, кандай бүтөөрүнө көз жетпегендиктен, тоолуктарча тоңдоосун кабыл алып, анча маани беришпейт.

Арадан күндөр өткөндө Мамаке Шопокко:

– Баягы Фазил эсиңдеби? Жайчылык учурлар боло калса, ошол байкушту издештирбейлиби?- дейт.

– Ооба, ошону издейли. «Бир күнү туз татыган жериңе, миң күнү салам бер» деген биздин элибиздин сөзү бар. Анын үстүнө «кайрылып келебиз» дегенбиз. Ал бизди «келет» деп күтүп жүргөндүр!-деп, Шопок жооп берет.

Ушул сүйлөшүүдөн эки күн өткөнүндө, Шопок жанына Кашкар шаарынын ичин жакшы билген жигиттерден ээрчитип, Фазилди издеп жөнөйт. Анын үйү шаардын кайсы тарабында экендигин Шопок эстеп калгандыктан, тез эле табышат. Эшигинин алдына келип, жигиттердин бирин үйгө киргизет. Ал тез эле Фазилди ээрчитип чыгат. Шопокту көрөөрү менен көптөн бери көрүшпөй жүргөн кыйбас кишисин көргөнсүп, сүйүнгөн Фазилге – Шопок атынан түшүп учурашат. Ал-ахывалын сурашкандан кийин, ал үйүнө «киргиле» деп чакырып:

– Мамаке абаң кайда?-деп, сурайт Фазил.

– Ал абам черүүдө - дейт, Шопок: - Сизге жолуксам деп, кайда экенин издеп таап, учурашсак деп жүрөт. Бирок, азырынча өзү бошобойт.

– Мени эстеп, ушинтип учурашканы келгениңе ыраазымын-деп, Фазил сүйүнгөнүн жашырбайт. Атасын көргөн баладай кудуңдайт тим эле.

Фазилдин баягы түнт мүнөзү өзгөрүп, жайдары, ачык шайыр болуп калганын байкаган Шопок көңүлүн калтырбас үчүн үйүнө кирип, бир топко кобурашат. Аркы-беркиден кеп салышат. Сөз арасында эски таанышындай тамашалашат.

– Көңүлүңүз жай, жүзүңүзгө нур чачырап, кабагыңыз ачылып калган экен! Мунуңуз абдан жакшыдейт, Шопок: - Баягы үй-бүлөңүздү кырып кеткен мушридден өч алгансызбы?

– Ооба! Өчтү өзүң алып бербедиңби, айланайын баатырым!

– Мен качан алып бердим?

– Силер Кашкарды камалап киргенде, сен жүздөй жигитти баштап, чоң мечитти карай ат коюп жөнөгөнүңөрдө, мен мечиттин бет маңдайындагы бийик тамдын үстүндө карап отургамын. Мечитти менин аялым менен баламды өлтүргөн мушрид баштаган топ желдет кайтарып турган. Алдыңдагы кара аргымагыңды алкынтып, жигиттерди баштап келдиң да, мечиттин алдындагы аянтчага чыга калган мушридди найзаң менен бир муштап, андан аркы жагындагыларды кырып, мечитти айланта чапкылап, кабылгандардын баарын койдой сойдуң. Ээрчиген жигиттериң мечиттин ичине кирип, андагы кара такыялуулардын башын кесип чыгышты. Мен чуркап, сага жолугуп, ыраазычылыгымды айтайын деп, бийик тамдын үстүнөн түшүп барганча, чымын-куюн болуп, башка жакка жөнөп кеттиң. Андан кийин шашылбай басып, мушриддин өлүгүн көпкө карап отурдум. «Ушуну көрмөксүң» деп, ичимен аябай табаладым. Ичеги-карды чубалып, кан-жини аралашып жатыптыр. Башы да талкаланган өңдөнөт. Өлүгүн ары-бери сүйрөп, кордогум келди. Бирок, антпедим. Жансыз дененин күнөөсү эмнеде?

– Туура, жансыз дененин күнөөсү жок. Душманыңыздын өлгөнүн көрүп, көксөөңүз сууган экен. Эми мындан ары жакшы жашоого умтулуңуз!

– Жакшы жашаганга жан дилим менен умтуламын. Ошол мушридди көргөн сайын көңүлүм бузулуп, жашагым келчү эмес. Качандыр бир күнү менин башымды да кесип кетет деп, алдыдагы жашоомдон үмүт кылбай калгамын. Аны сен жок кылдың. Менин үзүлгөн үмүтүмдү уладың. Көрөөр күн, ичээр суум

бар экенине чыны менен ишендим. Душманымды жок кылган өзүңө ыраазымын.

– Биз, кордолгондорду кордуктан, азап тартканды азаптан куткаралы деп келгенбиз. Андыктан өз элине кастык, душмандык кылгандарды жок кылабыз. Кармаш учурунда алдыдан курал кезегендердин баарын жок кылуу милдет. Мушридби, кожо-калпабы анысына карабайбыз. Ошол мечиттин алдында топ киши кабылган. Алардын ичинде сизге кордук көрсөткөн мушриддин бар экенин ким билиптир. Эч нерсеге караган эмеспиз. Зөөкүр мушриддин жок болгону жакшы болуптур!-дейт, Шопок.

Андан ары экөө бир топ кеп-сөздөрдү сүйлөшөт. Фазил кайрадан үйлөнүп, үй-бүлөө кураарын айтат. Шопок аттанып кетээринде жаркылдап күлүп, жакшы маанайда узатат. Атайы издеп келип учурашканына жетине албайт. Мамаке баатырга дубай салам айттырат. Үйлөнсө конокко чакыраарын да кошумчалайт. Шопок черүүгө келээри менен Мамакеге Фазилге учурашканын, анын айткан кеп-сөзүнүн баарын толук айтып берет. Фазилдин күлүп-жайнап жүргөнүнө Мамаке да сүйүнөт.

Идаятулла кожо Кашкарды, анын айланасындагы майда шаарлар менен аймактарды ээлегени чоң жеңиш катары саналат. Бирок, Жаркен хандыгынын хан ордосу Жаркен шаарында турат да. Көптөгөн кармашуулар өткөрүлгөн менен Жаркен хандыгынын бир тал кылы кыйшая элек. Анын сан-миңдеген колунун чети оюлган жок. Идаятулла кожонун кол башчылары – алдында турган ажыдаардын куйругун гана үзө чапты. Алардын алты башы бүтүн бойдон Жаркенде жатат. Үзүлгөн куйрук айыгышы мүмкүн. Андыктан башын алуу, толугу менен жансыздандыруу негизги максат.

Жаркенди карай жүрүш кылууга даярданып, өз тарапкерлеринин көбөйүшүн күтүп, кыш айлары өткүчө коргонуу менен алектенишет. Кашкардын кыш айлары Мамаке менен Шопокко күз айлары сыякта-

нып көрүнөт. Себеби, өзүлөрү өнүп-өскөн Алатоосундагы ак карлуу, ызгарлуу кыштын бир көрүнүшү Кашкарда кайдан көрүнсүн? Аз-аздан жааган кар тез эрип кетип, жер кара чыгат. Тияктагыдай аттын тизесинен ашып, омуроосуна чейин жетип, ат бура тарталбай калганча жааган кардын бири да жок. Кыш мезгили деп айтылганы менен кыштын бир дагы белгиси билинбейт. Ошондон улам тоо-талааларында буралган чөп өспөй, сөксөөл өсөт тура. Көпчүлүк айдыңдары чөлгө айланып кеткени ушундан го. Жайкысын да жарытып жаан жаабай, шамалдуу болгондуктан топурак каксоолонуп, тез кургап, кыртышы кетип, түшүм алуу үчүн айдоого жарабайт. Ушундай жагдайлардын кесепетинен көпчүлүк жерлерди кумай басып калган сыяктанат. Ошондуктан катуурак шамаал жүрсө, кум учуп, көзгө, ич-коюнга ширелет.

Кыш өтүп, жаз келет. Кар жок болгондуктан, алашалбырты болбойт. Жерлер кургак. Кашкарды ээлегенден кийин Идаятулланын черүүлөрү анчалык чоң кармаштарга кирген эмес. Аз-аз кагылышуулар болгон. Ошентсе да баардык убакта салгылашка даяр туруп, машыгууларды токтотушпайт. Өзүлөрү ээлеген аймактардын чегин бөлүп, ал жерге сакчыларды коюшат. Ал эми жалпы элдин ичине жиберилген атайын кишилер Идаятулланын тарапкерлерин көбөйтүү, ак такыялууларды колдоочуларды чогултуу иштерин тынымсыз аткарышат.

Жаз ортолоп калган учурда Жаркенди, анын айланасындагы аймактарды, шаарларды Исмайыл хан менен Шадип кожодон тартып алуу үчүн кан төгүшкөнү жөнөгөндө Идаятулла баштаган ак такыялуулардын жалпы жоокерлеринин саны он миңден ашат. Бул учурда Шадип кожо менен Исмайыл хан да баардык жоокерлерин дайындайт. Эки колдун кармашы абдан катуу жүрөт. Айыгышкан согуш көп күнгө созулат. Жан аяган киши жок. Мамаке адатынча бакырып кирип, көк жалын чыгаргансыган көзү, тоодой болгон турпаты, пилдей көрүнгөн Дар-

канбоз аты менен далайды жалтантат. Алдынан чыкканды найзасы менен сайып, ошол бойдон атынын үстүнөн алып ыргытып, көрүп тургандардын көбүнүн жүрөгүнүн үшүн алат. Бир жолку кармаштын учурунда башка тараптан кол салуу үчүн келаткан дагы бир колдун алдын тосууга Шопокту жиберишет. Үч жүздөй киши кошуп, Мамаке минген Дарканбозду мингизип жөнөтүшөт. Ал учурда Мамаке эс алат.

Шопок өзүн ээрчиген үч жүз жигитти бөлүктөргө бөлүп, ар бирине милдет тагып, негизги деген бөлүктү баштап, келаткан кол менен ээн талаада бетме-бет чыгат. Калган бөлүктөр туш-туштан келип курчап калат. Бул ыкма көп жолу колдонулса да көп учурда жакшы натыйжасын берет. Бет келишкен колдор жапырт ат коюшуп, түз эле найзалашып, кылычташып кирет. Кармаш анча созулбайт. Аз убакытта аягына чыгат. Бирок, бул салгылашка катышкандар: «Бирибиз да Шопокчо найза сайып, кылыч чаба албайт экенбиз» дешип, баатырсынган жигиттердин да көпчүлүгү моюнга алышат. Дарканбозду Мамаке минип жоого киргенде душман канына кандай боёлсо, Шопок мингенде да ошондой боёлот.

Жаркенге чукул шаарлар Каргалык, Меркит, Жаңысарды басып алып, андан ары жөнөй албай Идаятулла көп кыйынчылыктарга кабылат. Кайрадан сүрүлөт. Кашкарга келип, тарапкерлеринен кол жыйнап, черүүлөрдү жабдыйт. Жаз да, жай да өтөт. Кыскасы, күзгө чейин Жаркенди ала албайт. Күз келгенде болгон күчүн топтоп, башка айла-амалдарды издеп, кол башчыларына кеңешет. Жаркенге бекем орношуп алган Исмайыл хан менен Шадип кожонун элди көтөрүп, каршылаштарга каршы тургузуу үчүн жасап жаткан иштери тууралуу маалыматтарды угуп турса да, өз көзү менен көргөнчөлүк ишене албайт.

* * *

Күз келип, күн салкындаган учурда баардык кол кайрадан Жаркенге жүрүш кылат. Мында Каргалык-

ты, Меркитти, Илени алып, ал жерлерге бекемдеп отурукташканга жан далбасалашат. Ушундан кийин Исмайыл хан менен Шадип кожонун көптөгөн колдору азайгансып, кайдадыр житип кеткенсип, дайындарын билгизбейт. Алардын минткенинен көп нерсени шекишет. Айрыкча жашырынып, билинбей келип, капилеттен кол салышы мүмкүн деген ой баарысынын башына келет. Алардын кандай купуя сырлары бар экенин билүү кыйындайт.

Кол башчылары менен кеңешкени Идаятулла Жаркенге атайын киши жиберип, так маалымат алуу же толук маалымат билген бир адамды колго түшүрүп келүү керектигин айтат. Көпкө кеңешилгенден кийин бул ишке кимди жиберип, кимге ишенүү тууралуу сөзгө жооп таппай такалышат. Ошондо эч нерседен тартынбаган, кандай тоскоолдук кабылса да коркпогон Шопок:

– Мен барамын!-дейт, ишенимдүү түрдө.

Исмайыл хандын, Шадип кожонун бийлигиндеги жер менен Идаятулла кожонун ээлигине өткөн жердин чектелишинен жанына жолдош ээрчитпей, түн жамынып жалгыз жөнөгөн Шопок таң агарганча кыйла жол жүрөт. Жердин ыңгайын, жолдордун кайда бараарын мурунтан билбегендик кылат. Бирок, ар кимдерден уккандары боюнча божомолдоп, багыттарды аныктайт. Таң атканда айланасын – алыс-жакын жерлерди жакшылап байкайт. Кыскасы, Жаркенге чукулдайт. Кароолчу-сакчылардан айласын таап өтүп, кыдырата коюлган жаа аткычтарга кабылат. Алар кеп-сөзгө келбей аткылап киришет. Атын калтырып жерге боору менен сойлоп, жаа аткычтарга жакындайт. Калкан-найзасын дайындуу жерге калтырат. Кыска шамшары кийимдин ичинде.

Улам бир жакка сойлоп, жаанын огунан жашырынып, чукулдай берет. Ушул жаа аткычтардын бирин туткундап алууну көздөйт. Кыймылсыз жатып, мурункудай аткылоо болбой, үстүнөн жебе учпай калганын байкайт. Дагы көпкө күтөт. Акырын сойлоп,

жаа аткычтар орунтуктап алган жерге эшик-төрдөй келет. Абайлап карап, жаа аткычтардын көбү бир жагына кетип, үчөө отурганын көрүп, ыргып туруп, кол салат. Ошол учурда ылдамыраак кыймылдаган бирөө Шопокту карай жаасын тартып жиберет. Көзүн көздөй атылган жебеге алаканын тозуп, калкалайт. Жебе алаканына сайылат. Жараатына карабай, эки жаачысын жайлап, өзүн көздөй жаа тартканга жетишкенин, кийинки жебесин суурганга үлгүртпөй, басып жыгылат. Эсин оодара чаап, шашылбай алаканына сайылган жебени сууруйт.

Жаа аткычтын колун байлап, минген атын калтырган тарапка сүйрөп жөнөйт. Эсине келе калган жаа аткычты кыйкыртпай, оозун жарадар колу менен басып, үнүн чыгартпай, атына жетет. Ала жүргөн кыска арканы менен атына учкаштыра таңып, жолго түшөт. Андан кеп сурабайт. Сөз сүйлөбөйт. Жаанын жебеси тешип кеткен сол колунан аккан кан токтобогондуктан, артындагы байлануу туткундун кийиминен айрып алып, таңат. Бараткандында көргөн, байкаган жолдорунан адашпай, жаңылбай жүрүп, өз черүүсүнөн чыккандан үч күн өтпөй жетип келет. Келээри менен Шопок колун дарылатат. Ал учурда кытайдын кырма кызыл дарысы деген күчтүү дарыны колдонушкандыктан, анысы тез эле айыгат. Бирок, сол колунун казанагы көзөнөк бойдон калат. (Бул тууралуу кеп салган айрым карыялар да Шопок атанын сол алаканында тешик болгон деп айткандарын укканым бар).

Шопок алып келген туткундан көп маалыматтарды угушат. Жаркен хандыгынын айрым сырлары ачылат. Туткундун өзү атайын машыккан жаа аткыч экендиги, көзгө атаар чеберлигинен баатыр атыккандыгы далилденет. Аны суракка алганда буларды айтып берет:

– Силердин топтолгон колуңар күчтүүлүк кылып, алдырбай койдуңар. Уруш башталгандан бери бир жылдан ашты. Эгин айдап, азык топтогонго мүмкүнчүлүк бербедиңер. Ошондуктан Жаркен хандыгынын мурун-

тан бери топтолуп даяр турган жоокерлеринин ичинен качып кеткендер көбөйдү. Курал-жарак, ат-көлүк да жетишпейт. Азыр силерге каршы аттанып чыгуучу колдогулардын саны абдан аз. Хотен шаары тараптагы эл, алардын баш валийлери, хаким-бектери Исмайыл ханга каршылык кылып, анын буйругун аткаруудан баш тартышууда. Ал эми Шадип кожо менен Исмайыл хандын ортосундагы мамиле бузулуп, ар кимиси өзүнчө буйрук чыгарып, башаламандык күчөдү. Алардын жарлыгына маакул болчуулар азайды. Кыскасы, хандын бийлиги алсызданды.

Калмак хандыгынан жардам келет дешкен. Айтылган боюнча алардан эч ким келбеди. Канзулардан да жардам болмок. Бирок, келчүү жардамдары кечигип, үмүттөрү үзүлдү. Ушинтип абал кыйындагандыктан, жоону күткөн тараптарга жалаң жаа аткычтарды гана калтырып, калгандары кол жыйнап, азык топтоп, курал камдап келгени кетишти-дейт, туткун болгон сырын айтып.

Туткундун бул айткандарын чын-төгүнүн билүү үчүн – Жаркендеги жашыруун иш аткаруучулар менен байланышып, уккандарын бышыкташат. Ошондон кийин черүүдөгүлөрдү шашылыш даярдап, Жаркен хандыгынын шайы кетип турган учурунда талкалап, басып алуу үчүн жолго чыгышат. Колду ондон ашык бөлүккө бөлүп, Жаркенди туш-тушунан камалап, бир жуманын ичинде Жаркенди басып киришет. Шаарга чукулдаганда буктурмада жаткан жаа аткычтардын огуна кабылып, аларга буйдалган учурунда, жашыруун жаткан кол каптап кетип, Керимшаанын колу талкаланат. Керимшаа өзү курман болот. Дутар баатыр атынан ажырап, башка ат минет. Катардагы жоокерлерден да набыт болушат.

Караандуу десе караандуу, калдайып калаанын чоңдугу көзгө көрүнөт, андагы хан ордосу орун алган Жаркен шаары күч колдонуусуз, кан төгүүсүз алынбас. «Шайы кетип турат» деген менен, Шадип кожо жана Исмайыл хандын жоокерлери бир далай салгы-

лаштарда артыкчылык кылат. Ошентсе да Идаятулланын Дорго, Дутар баштаган, Мамаке, Шопок кошулуп жүргөн жоокерлеринин мизин майтара алышпайт. Бул салгылашта мурда жарадарланып, кийин айыгып келген Самсы баатыр жоокерлерди жабдып, керектүүлөр менен камсыздап туруучуларга башчылык кылып, баардык нерседен кемитпейт, ар нерсени өз учурунда жабдыйт.

Ээн талаада жапырт ат коюп, бетме-бет чыгып согушкандан көрө, шаар ичиндеги булуң-буйткаларда, тар көчөлөрдө согушкан алда канча оор болот. Ар бир тамдын дубалы буктурма же сепил. Ар бир коңул жашыруун жай. Бийик короолор ажал бүркчү ажыдаар. Шыдыр кетээрге жол жок. Ушулардын баарына буйдалып, улам токтолуп, айрым кездерде кайра артка тартып, айланып, башка жагынан ат коюп, Жаркендин чок ортосунан орун алган хан сарайга чукулдаган колдун жан алгычтай сүрү – аёо дегенди билбегендей түрү көргөндүн жүрөгүн титиретет. Адам адамга жоо чыгып, баш кескенине корстон болгондор көп. Ошондуктан согуш деп аталат да. Ал эми согуш кан төгүүсүз жүрбөстүр бу дүйнөдө...

Аземдеп салынып, айланасы бийик дубалдар менен корулуп, ичине бак-шак отургузулган хан сарайдын туш-тарабынан жетип келген жоокерлер сарайды айланта курчап, жан киши чыгарбайт. Пакса менен тургузулган кенен короосунун төрт тарабындагы бийик дарбазаларын ичинен бекем бекиткен хан ордосунун мансапдарлары, кызматчылары жашоосунун бүтүп баратканын сезишкенсип, “жатып өлгүчө, атып өлөлү” дегенсип, жан аябай салгылашка киришет. Бирок, айланта курчаган калың колго туруштук бере алмакпы аларың?!

Курганды билген адам, бузганды да билет. Пакса дубалдарды уратып, дарбазаларын омкоруп, селдей каптап, кыйкырык-чуу салган калың кол – алдынан чыккандын баарын жок кылып, селдей каптайт. Хан сарайдын жыртык-тешигинен бери тинтип, Исмай-

ыл ханды да, Шадип кожону да таппайт. Бул кармашта канчалаган киши набыт болгону билинбейт. Аземдүү аталган ак сарай кара кочкул канга боёлот. Ушундан бир жүз алтымыш жылдан ашык убакыт мурда Сейит Султан тарабынан хандык түзүлүп, ошол учурда курулуп, хан ордосу атыккан ак сарай кыргын сарайга айланат. Адамдын өлүгү ичине батпайт, капырай!

Дорго баштаган кол хан сарайды талкалап кирген учурда Жаркендин башка тарабындагы салгылашта жүргөн Мамаке менен Шопок шашылбай келип, ак сарайга атчан кирип, эки жакты байкайт. Хан сарайдын ичиндеги айрым жасалгаларга көңүл буруп, Исмайыл хандын отурган тагына, анын хандык таажысына ынтаасын коюп, бир азга турат. Мурда мындай хан сарай атыккан жайларга кирип көрбөгөндүктөн, көп нерселерге кызыга карашат. Антип кызыгып, сук танып карап жүргөндөр Мамаке менен Шопок эле эмес экен. Киргендин баары ошентет.

Дутар баатыр баштаган кол Тарбагатай шаарын көздөй жүздөн ашык жан-жөөкөрлөрү менен качып бараткан жолунан тозуп, Шадип кожону кармап, жанындагыларын жок кылгандыгын айтып чабарман келет. Ал эми Исмайыл хандын дайынын табууга аракеттенишет. Ошондо катардагы жоокерлердин бири – уйгур улутундагы Оббосбек деген жигит:

– Кечээ кечте биздин алдыбыздан чыккан жоон топ киши менен салгылашып, алардын баарын жок кылганыбызда, арасынан бир адам:

– Мен ханмын!-деген.

– Хан болсоң жакшы болуптур! Биз ханды жок кылганы келдик!-деп, жооп бергем. Ал жан соогалаган жок. Сөз да айтпады.

– Сен, чын эле хансыңбы?!-десем, ал:

– Ооба, ханмын!-дейт.

Анда мен: -Бир кезде хандын жүрөгүн жарганымды кийин айта жүрөйүн деп, найза менен жүрөккө муштап таштагам!-деп, кеп салат.

Оббосбектин бул айткандарын уккандар, аны Дорго баатырга ээрчитип барышат. Дорго анын сөзүн угуп, жанына көп жоокер кошуп, ошол «ханмын» деген адамдын өлүгүн таап, башын кезип келүүгө жиберет. Оббосбек тез келет. Кесилип келген башты көрүшүп, Исмайыл хандын башы экенин аныкташат. Чыңгыз хандын дөөлөттүү делинген урпактарынын биринин башы ушинтип, катардагы бир жоокердин колунан кесилет. Хан болсо да, бек болсо да өлүм бирдей турбайбы, аттиң! Бирок, кандай кырдаалда өлөт, ал бир Алланын иши. Ханга хандай өлүм чанда кезигет. Ханга кулдай өлүм көп тушугат. Жеткен ажалга табаа да, дабаа да жок.

Тарбагатай шаары тараптан колго түшкөн Шадип кожону байлап келген Дутар баатыр сарайга келип түшөт. Эртеси күн көтөрүлгөн кезде хан сарайдын арка жагындагы хандык бийликке баш ийбегендерди, ак такыялууларды колдогондорду, керек болсо бийликке жакпагандарды жазалоо үчүн жан алгыч катары орнотулган дарга – Шадип кожо өзү асылып калаарын учурунда оюна алганын Кудай гана билбесе, ал өзү жарыя айтмакпы? Канчалаган адамдарды күнөөсү бары-жогуна карабай, муунтуп, тыбыратып, карап тургандын жанын көзүнө көрсөткөн дардын сыйыртмагы акыры өз мойнуна илинээрин, ак такыялуулардын улам бирин алдырып, дарга астырып, кылган ишине маашырлана карап отурганда азыркыдай абалда калаарын билди бекен? Жок-ай! Аны ал билмек кайда?!

Күндөр өтө берет. Жаркен толук алынгандан кийин Идаятулла кожо келет. Аны Жаркен эли жапырт чыгып тосушат. Дагы күндөр өтүп, шаар ичинде ар кандай жаңжалдар чыгат. Кайрадан кармаш башталат. Дорго менен Дутар баардык коргонуу, кайтаруу иштерин колго алышат. Чыккан жаңжалдар басылат. Жаркенди ээлеп, хан тактысын тартып алганы менен Идаятулла кожого баш ийе элек Хотен сыяктуу дагы шаарлар бар. Аларды колго тийгизүү үчүн

дагы көп жүрүштөрдү жасоо тууралуу кеңешүүлөр жүрөт. Ошондо Идаятулла кожо Мамаке менен Шопокко кайрылып:

– Экөөң эми, эки колду баштагыла!-дейт.

– Жок-дейт, Мамаке так кесээр жооп берип: -Мен кол баштагандын көп ыкмаларын анча биле бербейм. Жоого киргенде туш тарапты байкабай, ар нерсеге алагдыланбай, бет маңдай чыгып, тик качырып, салгылашканды гана жакшы билемин. Андыктан мени кол башчы кылып, колумду байлабай, эркин коюп, эркин кармаштыргыла!

Мамакенин бир айтканынан кайра кайтпастыгын, беттегенин бербестигин эки жылдай убакыттан бери билип калгандыктан, Идаятулла кожо сөзүн экинчи кайталабайт. Өзүнүкүн бербей, кайра-кайра айта берсе, Мамакенин ачуусу келээрин, эгер ачууланса, кожонун кожолугуна карабай кол салаарын, кокустан антип кол салса, жанында тургандардын баарысы биригип токтото албастыгын да жакшы билет. Ал эми Шопок да кол башчы болгусу келбегендигин мындай түшүндүрөт:

– Биз, Жаркен хандыгынын букараларын кордукзомбулуктан куткарып, алардын бейкуттукта жашоосуна шарт түзүп берип, кайра элибизге кетебиз. Азыр кол башчы болуп, кийин ошол бойдон Жаркенде кала албайбыз. Биз үчүн өз жерибизден артык жер жок! Сиздин жиберген катыңызды алгандан кийин, акылга салып калчап, Жаркендин ханы баштаган зулумчулукту жоготуп, жалпы элге жакшылык жасайлы деп келгенбиз. Кагылышуулар токтоп, эл тынч жашоого өтсө, өз эркибизче бастырып кете берээрибиз чын. Андан тышкары Кашкарды, Жаркенди калмак жортуулчулары басып киргени жатканын укканбыз. Сиз жакшы билесиз, калмак менен кыргыз айыгышкан жоо. «Кашкарга калмак киргени – кыргызга колу жеткени» деп биздин карыялар дайыма айтышат. Ошондуктан Кашкарды калмак ээлебей, кожо ээлегени жакшы деп, биз сиздин чакырууңузду кабыл ал-

ганбыз. Сөздүн кыскасы, сиздин бийлигиңиз орноп, жанаша жаткан калмактарга сүр көрсөтө алсаңыз, биз атыбыздын башын үйүбүзгө карай бурабыз-деген жүйөөлүү кепти айтат жаш баатыр.

Ушундан кийин бул сөз кайталанбайт. Мамакеге да, Шопокко да мурункудай эле мамиле өзгөрүлбөйт. Аларга чектелип берилген тамакчы-отунчулары, ат баккычтары бар. Жаркенге келгенден кийин хан ордосунун ичинен атайын үй бөлүнүп берилет. Каалагандай тамактанып, каалаган учурунда жатып-турушат. Мындан тышкары кол башчы, жүз башчылары, айрыкча жалпы колду керектүүлөр менен жабдып туруучулары тарабынан өзгөчө көңүл бурулуп, бул эки баатырды алдан-күчтөн тайытпоо үчүн аракеттенишет. Артыкча урматтап-сыйлашат. Алардын анткендерине Мамаке менен Шопок манчыркабайт. Катардагы жоокерлер арасында артыксынып, кыйынсып, бой көтөрбөйт.

Ошол учурларда Идаятулла кожо чоң салтанат өткөрүп, көп эл чогултуп, Жаркендин хандык тактысына отуруп, баардык бийликти өзүнө алат. Муну менен Идаятулла кожо хан кожо аталат. Бул Чыңгыз хан тукумдарынан хандык тактысын тартып алган алгачкы адам катары саналат. Буга чейин Чыңгыз хандын уулдары: Чөжөнүн, Чагатайдын, Өкатайдын, Толунун урпактары хандык, султандык бийликтерди ээлеп турушкан. Себеби, баардык жерде хандыктарга: «так мураскору» деп атап, Чыңгыз хандын тукумдарын ак кийизге салып, өз баштарынан бийик көтөрүп, аземдүү салтанаттарды өткөрүп, султан наамын берип келишкен.

Идаятулла кожо өзү Чыңгыз хан тукумдарынан болбосо да, аларга кайнаса каны кошулбаса да, алардын салтын колдонуп, такка отуураарында, ак боз бээден курмандык чалдырып, өзүн ак кийизге эмес, ак жибектен жасалган олпок салдырып, хан ордосун үч айлантып, андан кийин такка отуруп, Исмайыл хан ордодон качып чыгаарында, кандайдыр бир себептер менен

калтырып кеткен тааЖысын башына кийет. Тек жайы, Мухамбет алейхи ватсалам чыккан Курайыш уруусуна барып такалган Идаятулла кожо ошентип, элдин арты менен хан кожо аталат. Ушул окуя көп тарыхтарда 1682-жылда болуп өткөндүгү жазылып жүрөт.

Жаркен аймагы ушуну менен тынчыбайт. Исмайыл хан менен Шадип кожо жок кылынганына карабай, мурунтан биримдешип турган кара такыялуулардын каршылыктары күчөйт. Аларды Далмат менен Рабдан баштап, ортодо кайрадан кармаш башталат. Мурда Исмайыл хандын карамагындагы жоокерлердин көпчүлүгү өз жандарын сактоо үчүн, Идаятулла тарабына өткөндүктөн, Дорго, Дутар, Самсы баатырлар баштаган колдор мурункудан алда канча көбөйсө да, кармашуунун акырына чыга алышпайт. Улам мезгилдер өтүп, жыл айланат. Кармашуунун, кан төгүшүүнүн, курмандыктардын акыры көрүнбөйт. Бир хандыктын букарасы болуп туруп, экиге бөлүнүп, ак же кара такыялуу делинип, бирибирине душмандашкан элдин биригиши барган сайын кыйындайт. Аларды эпке келтирүү татаалдашат. Эл ичиндеги жараканы ордуна келтирүү – эмнегедир колдон келбечүүдөй сезилет. Бийлик талашууну кесепети элге тийип, анын келечекки тагдыры бүдөмүк көрүнүп, эс тутумда ишенбөөчүлүктү жаратат.

* * *

Мезгилдер өтүп, Идаятулла хан кожонун бийлигине баш ийгендигин, анын букаралыгына өткөндүгүн билдирип, аймактардын хаким-бектеринен, шаарлардын баш валийлеринен кол куушуруп келгендер көбөйөт. Шадип кожонун убагында калпа наамына жетип, анын этегине намаз окугандан кайра тартпаган, кареги менен тең айланып, айт десе кыйт дегендердин далайлары – Идаятулланын алдына келип жыгылышат. Калпалары антип аткандан кийин мурид, мушриддери андан беш бетер кулдук уруп, баскан изине тооп кылат да. Алардын бири Тарбагатай шаа-

рынын баш валийи Ивилбек! Ал атайы тартуу тартып, баалуу белектерин ала келет. Идаятулланын алдына келгендеги жүгүнгөнүн, эбелектей элпектенип кыймылдаганын, ээрчите келген жан-жөөкөрлөрүнө жүзүн бурганда башкача карап, Идаятулланы караганда көздөрүн күлүңдөтүп, ууртун жылмайтып, тишин ырсыйтканын көргөндөр ичинен күлүп, жагалданганын маскарапозго салыштырышат. Мансап үчүн жанын сабап жасакерленип, кандай кошомат кылаарын билбеген Ивилбектин кылыктарына Мамаке менен Шопоктун адегенде күлкүсү келсе, кийин анын кылыгы кыжырдантат.

Отурган ордунан обдулуп, өйдө болгон Идаятулланын үстүнө жамынган кымкап чапаны ийнинен жылмышып жерге түшөт. Аны көргөн Ивилбек ыргып жетип, жерде калган чапанды эмес, үстүндөгү өзүнүн азем чапанын чечип хан кожого жабат. Аныcын көрүп турган Шопок:

– Ой мунуңар, накта жарканат турбайбы!-дейт, жанындагыларды карап.

Кожонун хан сарайынан сыртка чыккандарында Дутар баатыр Шопокко басып келип:

– Жана кожого жүгүнүп келген Ивилбекти «жарканат экен» дедиң. Аны кандай мааниде жарканат атадың?-дейт.

– Биздин тоолук элде мындай бир жомок айтылат-деп, баштайт сөзүн Шопок: -Илгери бир падыша чыгып, ал Жараткандын буйругу менен баардык канаттууларды башкарат экен. Сууда сүзүп жүргөн калактуулардан, жер бетинде басып жүргөн аяктуулардан, сойлоп жүргөн боору катуулардан баштап, учуп жүрүүчүлөрдүн баарысы анын амирин тутуп, буйругун аткарышат. Ошол падыша бир сулуу аялга үйлөнүп, үлпүлдөтүп, өзүнчө ак сарай куруп, ошого багат. Ал аялы эмне десе, ошонун баарын аткарат. Өз жанынан артык көрөт, адаттан башкача эркелетет.

Падышанын эрке аялы бир күнү аземдеп салынган ак сарайдан тажаганын, сарайдын ичиндеги алтын-

күмүштөн жасалган кооз буюмдарды көргүсү келбей, алардын катуулугу, сарайдын дубалдарынын муздагы көңүлүнө жакпагандыгын айтат. Аны уккан падыша:

– Анда, кандай үй салып берейин?-дейт, үйрүлүп түшө.

– Куштун жүнүнөн үй салдырып бер! Куштун жүнүнөн жумшак, андан жылуу нерсе жоктур. Мен ошону каалаймын. Сен баардык канаттууларды баш ийдирген падышасың. Башкаруундагы баардык канаттууларды чогултуп алардын жүнүн жулдуруп, андан заңгыраган сарай салдыр. Антпесең мен таарынам!-деп, чоёктойт эрке аялы.

– Шумдук аял экен го!-деп, Дутар баатыр жомоктун аягын укканга куштарланат. Экөөнүн жанына чогулуша калган көпчүлүк да көңүлүн буруп, Шоноктун айткан жомогуна кызыга кулак түрүшөт.

– Аялынын тилин алган падыша баардык канаттууларды өзүнүн хан сарайына чогулганга буйрук берет-деп, улайт Шопок жомогун: -Анын буйругун баардык канаттууларга жеткирүүгө чабармандыкка чакчыгай жөнөйт. Падышанын буйругу боюнча белгиленген убакта баардык канаттуулар чогулуп келишет. Алгыр бүркүттөр, ак кажыр жорулар, ителги, кыргый-кыргоолдор, узун моюн турналар, баарысы кыркаар тартып отурушат. Падышанын буйругунан коркуп, эгерим күндүз учуп көрбөгөн үкү да келип, канаттуулардын катарына кошулат. Майда илбээсиндердин бири да калбайт. Торгой-таранчылардын арасында жарканат да бар. Ошолордун ичинде жалгыз үпүп жок. Ал келбей кечигет дейт.

Өзү жер баспай, тактысын кулдарына көтөртүп, канаттуулар отурган жерге келген падыша:

– Канаттуулардын баары келдиби?!-дейт, жанжөөкөрлөрүнө.

– Баары келишти. Бир эле үпүп келбей кечигип атат!-деп, чакчыгай чакылдайт.

– Ал эмнеге келбейт экен!-дептир падыша каарланып.

– Келбей турган себебин айтканы жок. Эмнегедир

унчукпайт. Баардык убакта кыжаалаттангансып, ойлонгонсуп, канатын аста кагып, акырын учат. Бийиктебей, жапыз жүрөт. Конуп отурса, бир нерселерди эстегенсип, күңгүрөнөт. Сиздин буйругуңузду айтсак, келээрин же келбестигин ачык айтпай, башын эле ийкеңдеткенсиди!-дешет, чакчыгай баштаган чабармандары.

– Кечигип келип калаар! Келбесе айдап, байлап келгиле!-деп, падыша өз буйругун мындайча жарыялайт:

– Жалаң куштун жүнүнөн бир сарай курабыз! Ал сарайда аземдүүлөр жашайт. Дубалдары жумшак, жылуу болушу үчүн куштун гана жүнү колдонулат. Башка жаныбарлардын жүнү кошулбайт. Андыктан баардык канаттуулар өз жүндөрүңөрдү өзүңөр жулуп, өткөзүп бергиле-деп, аялынын тилин алып, анын каалоосун аткарып жатканын канаттуулардан жашырат. Бирок, бул жашырылган сыры – узун кулактар аркылуу небак эле парваналарга дайын болгондуктан баарысы билет. Падышанын жарлыгын уккандан кийин канаттуулар:

– Жүнү жок кантип жашайбыз!

– Жыланач кантип жүрөбүз!

– Канатыбыз кошо жулунса, кантип учабыз!-дешип, катуу чуулдашат.

Каардуу падыша огобетерден каарданып, баарысын эки бутунан байлатып, өзүлөрү жулуп бербеген жүндөрүн күч менен жулдуруп алмай болот. Ошондо жарканат баарысынан озунуп падышанын алдына учуп чыга калат. Ал жаралганынан жагымпоз, кошоматчы, бийликтүүнүн кареги менен тең айланып, жанын садагага чапкандан кайра тартпаган шумшуктугун бүткүлү менен канаттуулар көрүп жүрүшкөн. Жарканат падышанын алдына барып:

– Сиздин айтканыңызды эки кылбаймын. Жүнүм түгүл, керек десеңиз башымды да жулуп беремин-деп, ар түркүн жагынган сөздөрүн айтып, падышага жалынып-жалбарып, өз жүнүн өзү жулуп, падышанын алдына таштайт. Өзү дырдай жылаңачтанып, түрү

бузулат. Анысына карабай: «Башым тартуу, жаным тартуу» деп, жалынганын койбойт экен-деп, Шопок жанындагыларды карайт.

Шопоктун айтып жаткан жомогун угуп турган көпчүлүк күүлдөп, күлгөнү күлүп, каткырганы каткырат. Жарканаттын жагымпоздугун шылдыңдаган, анын кылганына таңдангандар да бар. Жомоктун андан аркысын уккулары келип:

– Баатыр, акырына чейин айтсаң!

– Дагы уласаң!

– Кызыктуу экен, толук айтып берсең!-дешет.

– Жарканат ошентип, кошоматчылыгынан жыңалач калат-дейт, Шопок андан ары: -Анын кылганын башка канаттуулар жактырбайт. Падыша жарканатты мактап: «Баарыңар ушинткиле» дейт. Ошол учурда акырын учуп, үпүп келип, канаттуулардын катарына кошулат. Үпүптүн келгенин көргөн падыша аны өзүнө чакырып:

– Сен эмнеге чакырган убакта келбейсиң!-дейт, каардана.

– Кечиккеним үчүн кечирим сурайм, падышам! Мен алектенген ишимдин акырына чыга албай, азыраак кеч келдим-дейт, үпүп үнүн акырын чыгара, ылдый ийиле.

– Ал эмне деген иш! Сени ар убак ойлонуп, санааркагандай жүрөт. Канатын акырын кагып, жапыз учуп, бир нерсенин эсебин чыгара албайт дейт. Эмне үчүн антип калдың?! Ачыгын айтчы?!

– Мен бир чоң мүшкүлгө кабылып жүрөм-деп, баштаптыр үпүп аста сүйлөп: -Баардык жандыктарды кыдырып, өлгөндөр менен тирүүлөрдүн эсебин алдым. Андан кийин аялдар менен эркектердин эсебин тактап чыктым.

– Бул тууралуу мурунтан алынган так эсеп бардейт, падыша: -Ал боюнча тирүүлөрдүн саны, өлгөндөрдөн бир жандыкка ашык! Ал эми эркектерден аялдардын саны бир аялга көп. Аны билгиң келсе, убараланбай, бизден сурасаң болмок!

– Жок, падышам!-деп, үпүп үнүн өктөм чыгарат: - Сиз айткан эсеп туура эмес экен! Мен тактаган эсеп боюнча тирүүлөрдөн өлгөндөр абдан көп! Ал эми эркектерден аялдар алда канча арбын!

– Кана, сен кандай кылып тактаганыңды айтчы!-деп, падыша үпүптүн жоопторуна кызыгат. Тургандардын баарысы үпүпкө кулак түрүшөт.

– Мен эсепти мындай жүргүздүм: күн чыкканга чейин түнкү жаткан жеринен турбай, уктап жаткандардын баарысын өлгөндөрдүн катарына коштум. Ошондо өлгөндөрдүн саны абдан ашыкча чыкты. Андан кийин аялынын тилин алып, анын айткандарын аткарууга жандалбасалап, башкаларга зыян келтиргендердин баарысын аялга кошуп эсептедим, ойбой аялдардын саны аябай көп болду! Күн чыкканча турбай жаткандар өлүк болбой ким болот? Аялына баш ийип, аялы үчүн: «Жоктон барды жаратам» деп, болбочуну болтургусу келгендер – аял болбой ким болмок?-деп, үпүп падышага таазим этет.

Үпүптүн айтканын угуп, ашыкча эркелеткен аялынын айтканына баш ийип, башкаларга зыян келтирип, баардык куштун жүнүн жулдурганы турганын эстеген падыша, өзү да аялдын эсебине кирип калганын сезет. Ошол замат өзгөрүлүп, куштарды карап:

– Баарың учуп кеткиле!-деп, буйрук кылат.

Бул буйрукту укканда, сүйүнгөн бойдон буттары байланган куштар чуркап кетпей, адегенде секирип жөнөп, анан күүлөнүп, андан ары учат. Ошондон бери куштардын көпчүлүгү учаарында эки бутуң тең таштап, секирип-секирип барып учуп калышат. Ал эми кошоматчы жарканат жүнү жок жылаңач калып, уялганынан күндүз учпай, түнкүсүн жалгыздап, эч кимге көрүнбөй, жардуу жерлерде, үңкүр-чуңкурда жашырынып жүрүп калат. Үпүптүн жообуна канааттанган падыша, аны ыйык деп атайт. Анын сөзүнүн таасирдүүлүгүнө ыраазылык билдирет. Акылмандуулугун баалап, башына таажы тагып берет. Сарайына келип, эрке аялын эшикке ээрчитип чы-

гып, эски тамды көрсөтүп: «Ошого барып жашагыныӊ» дейт. Кийин баардык ишти акылмандарга кеӊешип, аялынын айтканына маакул болбой калыптыр-деп, Шопок жомогун аяктайт.

Угуп тургандар мыкты мисал айтып бергендиги үчүн Шопокко ырахматын айтышат. Үпүптү мактап дуулдашат. Жарканаттын кылганына күлүшөт. Ушундан кийин Тарбагатай шаарынын баш валийи Ивилбектин өз аты айтылбай «Жарканат» атка конот.

Жаркендиӊ тегерегинде кара такыялууларды колдоочулар кайрадан тополоӊ чыгарууга белсенишип, атайын кол топтоп жаткандыктары тууралуу кабар уккан Дорго – баардык колду кайрадан урушка даярдайт. Дутар өзү баштаган колду өзү жабдып, өз даярдыгын көрөт. Самсы баатыр да алган жаратынан толук айыккандыктан, салгылашка кайра кирмей болот. Башка жүзбашылар, элүү башылар, он башылар белгиленген милдеттерди аткарышат. Мамаке менен Шопок да найза-кылычын курчутуп, аттарын суутуп, таптай баштайт. Теги, Дарканбоз канча кыйналса да, бат тыныгат. Сууту да бат канат. Ат баккычтарына да маал-маалы менен барып, өз кеӊешин айтып турган Мамаке баатыр саяпкердей эле иш аткарат. Эс тарткандан малга аралашып, ат минип чоӊойгондуктан, атты кандай асыроону жакшы билет. Билгенин ат баккычтардан жашырбайт.

Чалгындап барып келгендердин, атайын жашыруун сөз жеткирүүчүлөрдүн айтканы боюнча Жаркендин айланасындагы топтолуп жаткан кара такыялууларды колдоочуларды, тек жайы калмак Рабдан баштап чыгаары белгилүү болот. Кашкар аймагындагы кармашта колго тийбей кеткен Рабданды ушул жолу кылтактап калуунун амалын издеген Дорго менен Самсы баатырлар көпкө чейин акыл калчашат. Бирок, экөө тапкан амалдарын кишиге айтпайт. Анткени бул жактагы кеӊешилген сөздү, жасалчу иштерди кара такыялуулардын башчыларына жеткирип туруучулардын бар экендиги билинип калган. Ошол

үчүн көп нерсени жашыруун, купуя сактоого туура келет. Рабдан топтогон колун чогуу кармап турган ордунан козголо электе барып, басып кирүүнү көздөгөн Дорго менен Самсы жүрүшүн улайт... (Ушул жерден кол жазма үзүлгөн – ред.)

* * *

Коштошчулар менен коштошуп, жолго чыгаарында Кашкардын жаңы мутабали болуп дайындалган Нурман ажынын жан жигиттеринин бири чакыруу кагазын алып келип калат. Анда Мамаке менен Шопок баатырлар Кашкарга келип, сыйлуу конок болуп, урмат көрүп кетүүсүн өтүнгөндүгү жазылган. Мамаке баатыр кагазды окутуп угуп, Шопокко карап:

– Бара кетпесек болбостур!-дейт.

Артыштан кайра Кашкарга барууну туура көрбөгөн Шопок баатыр Мамакенин кайра тартууга ниеттенгенин сезет. Мынчалык көңүлдөнгөндөн кийин «барбайлы» дегенге маакул болбос. Нурман ажы Кашкарга мутабалиге дайындалган учурунда Мамаке менен Шопокко келгени бар.

– Жаркендин бийлигин Исмайыл хандан тартып алууга көп салым коштуңар. Ошол үчүн силерге чоң урмат көрсөтөөр менин милдетим. Бирок, азыр тынч убак болбогондуктан менде шаан-шөкөт курууга мүмкүндүк жок. Андыктан силерди улуу жүрүш аягына чыкканда чакыртам. Ошондо келбей кетпегиле. Силерди элиңерге чоң сый менен узатам-дегенин эсинен чыгара элек да.

Бул айтылгандарга учурунда Мамаке да Шопок да «маакул» деп убадалашат. Андан бери эки жылдай убакыт өткөн. Эки жылдан кийин болуучу окуяны, жасалчу ишти – ал кезде ким болжомок? Жайчылык эмес, коогалаңдуу, кан төгүлгөн кармаштуу учурда кийин бериле турган сый тамакты ким ойлойт? Убагында тек бир айтылган бир сөз катары көрүлүп, күн өткөн сайын унутулуп калаары бышык. Ал кезде улуу жүрүштүн аяктай турган маалы али

белгисиз бойдон эле. Бүтөөр кези көзү ачыктын көзүнө көрүнбөй, көсөмдүн сөзүнө илинбей, баамчылга байкалбай, кырчылдашкан кырылыштын чеги жоктой сезилген. Нурман ажынын атайы келип, черүүнү аралап жүрүп, Мамаке менен Шопокко жолугуп, качандыр бир кезде сый көрсөтөөрүн айтып, сөз бекиткенин азыркы жиберген каты эске салып отурбайбы, кудурет. Убадалашкандан кийин аны аткаруу парз. Ошондуктан кайрылып, көп жол басса да Кашкарга кайра баруу керек.

Мамаке менен сүйлөшүп отуруп, Шопок буларды айтат:

– Согуштун учурунда Кашкардагы, анын айланасындагы элдерге кадырыңыз өттү. Көптөрдүн башын азат кылдыңыз. Ал жердеги сизди сыйлаган бурадарларыңыз бар. Кайрылып барганда сизди сый-урмат менен тозуп алып, көпкө кетирбейт. Сизге ылайык келсе, мен андан ары Какшаалды өрдөп, Торугартты ашып, элге кете берейин. Сиз жаныңыздагы он жигитиңиз менен барып сый көрүп келиңиз. Мен элге мурун жетип, сиздин аманчылыгыңызды айтып, жеңишибизди сүйүнчүлөйүн. Бирок, бир айдан кечикпеңиз. Жигиттериңизди жаныңыздан чыгарбаңыз-дейт.

Экөө көпкө акылдашып, Мамаке Шопоктун сөзүнө маакул болуп:

– Азыр тынччылык учур болуп калбадыбы. Кооптонгудай абал жок. Өзүң көргөн чукул жол менен элге кете бер. Мен айтылган боюнча бир айда барамын-дейт, Мамаке адатынча кенебей: -Андан кеч калбаганга аракеттенем.

– Мен элге барып, сизди салтанат менен тосуп чыгамын-дейт, Шопок.

Эртеси Мамаке Дарканбозду минип, он жигитин ээрчитип, Кашкарга кайра кетет. Жанына Септенди, дагы ордо жигиттен экини алып, он атка жүк жүктөп Шопок жолго чыгат. Өзү айтканы боюнча Какшаалга келип, агыны катуу дайрадан кечип, Торугартты ашат. Ат-Башынын суусунун куюшунан көп өйдө жактагы

Кургак-Жанбулактын башынан түшүп, Нарын суусунан кечип, күнгөй тарабына чыгып, Миң булактын чатына жетип, күн кечтеп калгандыктан түнөп алып, эртеси жолун уламай болот. Өзү көрүп, өзү өскөн жер. Кокту-колотторун жатка билет. Жети жылдан бери бөлөк жерде жүрүп сагынычы арткан, тез жетип көрүүнү көксөгөн чөлкөмү. Жанындагы Септенге көп нерселер тууралуу, ар бир жердин аталышын, анын тарыхын баяндап, узун сабак кеп салып, чечекейи чеч. Элдин жашоосу, салт-санаасы жөнүндө ортодо далай сөздөр айтылат. Анын баары Септен үчүн кызык.

Күн батып, күүгүм түшө баштаган учурда Нарын суусуна чукул бир ыңгайлуу жерге токтоп, ала жүргөн калмак чатырды тигип, жүктөрдү түшүрүп, аттарды суутуга байлатат. Шашылбай азыктанып, ат айдакчы болгон эки жигитти: «Тынч эс алып, жай тургула» деп, түнөккө жаткырат. Толуп турган жайкы Ай көтөрүлүп, айлана жаркырайт. Күркүрөп агып жаткан Нарындын жээгине чукулдай басып келген Шопок айдын жарыгында чагылышкан жайнаган жандыктарды көрөт. Кайра басып, суутууда турган атын минип, Септенди ээрчитип, ылдамдай бастырып келип, жакшылап караса, көп кундуз экен. Чубаган кундуздарды бирден чаап, Септенге жыйнатат. Кундуз кургак жерде жакшы чуркай албаган жаныбар болгондуктан, чубатуудагы кундуздардын бирин соо кетирбейт. Алардын бирин да калтырбай Септен чогултат.

– Илгертеден: «Кундуздар да уул үйлөнтүп, кыз берет» деген кеп бар. Ушул биз чаап алган кундуздар да уул үйлөнтүп, кыз алып бараткандардан болсо керек. Биздин элде кундуздун териси абдан баалуу. Азыр оңой олжого кабылганыбыз жок. Бул түн биз үчүн кадыр түн болду. Баарысын жакшылап союп, терисин алалы-дейт, Шопок.

Чогултулган кундуздардын арасындагы бир ала моюн, жүдөгөн кундузду Септенге камчысы менен көрсөтүп:

– Тээтиги жүдөгөнү кызга кошуп, күң кылып, жумшап бергени го!-деп, күлөт Шопок.

Экөө шашылбай айдын жарыгында кундуздардын терисин сыйрып, сергисин деп, чатырдын айланасына жаят. Септен санап көрүп, баары он алты экенин айтат. Эртеси күн чыга электе аттанып, аттарды кыйнабай бастырып, кеч бешимде Орто-Сазга келишет. Жайкалган саздын четирээгиндеги көк майсанга түшүп, бир аз аттардын белин эс алдырууну ойлойт. Ошол убакта күн чыгыш жагындагы бөксө тоонун мойногун ашып, көп койдун артынан айдап, бир өгүзчөн киши бала учкаштырып бараткaнын көрүшөт. Шопок Септенге карап:

– Ушул аймактарды биздин эл жаздап, мал эттенгенде жайлоого көчүшчү эле. Тээтиги, өгүз мингенге барып, кимдин кою, кайтарган киши ким экенин билип кел. Айыл кайда конгонун да сурагын-дейт.

Септен атын минип чаап жетсе, өгүз минип, бала учкаштырып, кой кайтарган аял болуп чыгат. Өзү жүдөгөн, баласы жылаңбаш, жыңайлак.

– Бул кимдин койлору, айлыңар кайда?-деп, сурайт Септен.

Чоочуркай караган аял менен бала мукактанып жооп бербейт. Алкынган атчан Септен –алардын түрүн көрүп, кекетип-мокотпойт. Акырын жай сүйлөп, мурунку суроосун кайра кайталайт. Ошондо аял:

– Айлыбыз кырдын ары жагында. Койлор кайнагамдыкы. Атын айта албайм-дейт, үлдүрөп. Артында учкашкан баласы көзүн алайтып, коркконсуйт. Мындан башка сөз айтууга жарабай өгүзүн теминип, койдун артынан түшөт. Тыңгылыктуу жооп ала албаган Септен кайра тартып, Шопок баатырга келип болгонун айтат.

Балалуу аялдын өгүз минип, кой кайтарып жүргөнүн угуп Шопоктун оюна ар нерселер келет. «Элдин кой кайтарчу эркектери эмне болгон? Тынччылык эмес го» деген сыяктуу кооптонууларга кабылып:

– Кайра чаап барып, ошол койчу катынды баласы менен бул жерге айдап кел-дейт, буйрук бере.

Септен кайра чаап барып, кырдан ары ашып кеткен аялга жетип:

– «Сени кожоюн чакырып атат» десе, аял тил албайт. Өгүздү алдынан тосуп, койгулап алдына салып айдап жөнөсө, мурунтугун бекем тартып токтотуп, аял менен бала жерге түшүп, ыйлап отуруп алышат. Кылаар айласын таппаган Септен да аттан түшүп, аял менен баланын катарына отуруп:

– Ыйлабагыла! Ээси ким экенин өзүң айта албасаң, балаңа айттырбайсыңбы?-дейт, солуктаган аялга.

– Чоң атаңдын атын айтчы?!-деп, аял баласын карайт.

– Чоң атам Бердике, койлор ошонуку-дейт, бала ыйлаган калыбында.

– Өз атаң барбы?! Аты ким?!

– Атам жортуулга кеткен. Аты Шопок!

Муну уккан Септен селт этип, ыйлаган баланын башынан сылап:

– Ой, бөбөгүм! Сага сүйүнчү! Атаң Шопок аман-эсен келди! Ал тигил жерде саздын четинде отурат-дегенде, аял уккан кулагына ишенбегенсип:

– Кайда келди дейсиң?-деп, Септенди тике карайт.

– Тигил жакта. А сен ким болосуң?!-деп, Септен шектене сурайт. Жооп берүүгө жарабаган аял мурункудан да күчөп ыйлап кирет.

– Бул менин энем!-дейт, бала энесине ыктай.

Аял менен баладан уккандарына ишенип-ишенбеген Септен, атына минип:

– Силер ушул жерде тура тургула. Мен барып, Шопок баатырга айтайын!-деп, атын чаптыра жөнөйт. Келип аял менен баланын айткандарын айтат. Септендин айткандарын угаары менен аттанган Шопок ылдамдай бастырып, жетип келет. Айтбек өгүздү коё берип, баласын жетелеп, аттын чылбырын кармап, буркурап ыйлайт. Аны көрүп, баласы да чыңырат. Шопок аттан ыргып түшүп, баласы Чоробайды бетинен өөп, аялы Айтбек менен учурашат. Мамаке менен Шопок элден аттанып Жаркен, Каш-

карга кеткенде ушул Чоробай деген баласы бир жашка чыгып, аялы Айтбек экөө агасы Бердикеникинде калбады беле?!

Саздын четине чатыр тиктирип, жүктөрүн түшүртүп, атайы ала келген кийим-кечелерин баласы менен аялына бердирип, «сууга барып жуунуп келгиле» деп, жиберип жатып:

– Алдыгы үстүңөрдөгү жаман кийимиңерди жөн таштабай, өрттөп салгыла! Шашылбай баланы жуунтуп, жакшылап кийиндир-дейт, Шопок.

Баласы менен аялынын абалын көрүп көңүлү кирдейт, көпкө капаланат. Эл аман, журт эсен турса, буларга кой кайтартып, баласын кулдай, аялын күңдөй кылганына наараза ыланат. Анын баарын азыр жуунуп-таранып келсе, Айтбек өзү айтаар? Бирок, кандай болсо да: «Булар мындай күнгө кабылбайт эле? Агам терс кыялдуу киши эле. Ошол ушундай кылган го» деген күдүктөнүүгө кабылган Шопок жигиттердин бирине ыңырчак токулган өгүздү алдырып келип, чатырдан окчунураак байлаттырат. Койлор жайылып жүрүп, кечинде короосуна бараар. Жайкысын такай саалып жүргөн койлор желини ооруганында көгөөндөлгөн козуларына барбай койбос. Айтбекти, баласы экөөнү издебесе да, өгүздү издеп бирөө келээр деген ой да башына келет.

Арадан чай кайнагандан ашык убакыт өтүп, күн батаардагы ала көлөкө түшкөн учурунда суугa жуунуп-таранып, баласы Чоробайды киринтип, татына кийинтип, чатырга келген Айтбек – баатырынын келгенине дагы эле ишенбегенсип, эки жактарын дале элеңдей карайт. Адамдын көркү чүпүрөк дегендей, жаман-жуман, жамаачылуу кийимден ажырап, түйдөктөлгөн чачы таралып, жаңы жоолук салынганга капырай, келинчегинин келбети келишкенсийт. Туурулган бети, шуудурап кесилген колу, көздөрү чүңүрөйүп нары кирип, өңүнөн азганы жашырылгансып, чырайына чыккандай. Мындайды мурун көрбөгөнсүгөн Чоробай өзүнчө эле эдиреңдейт. Ата-

энеси кашында турган эрке бала катарында экендигине сүйүнгөнсүйт. Мурдагы жетимсирөөнүн кыпындайын да эстегиси келбейт. Кыскасы, Айтбек менен баласы Чоробайдын көктөн тилегендери бүгүн колуна тийип, эңсеген жакшылыгы табылып турган кези.

Дасторконду кенен жайып, ала жүргөн азыктарын жайнатып, чогуу тамактанып, күүгүмгө чейин баласын эркелетип, алдына алып отурган Шопок Айтбектен:

– Эмне болуп, мындай азаптуу күндө калдыңар?-деп, такып сурайт.

– Эмне болгону курусун-дейт, Айтбек улутуна сөз баштап: -Силер кеткен күндөн баштап, кайнагамдын оокатын жасап, оту менен кирип, күлү менен чыгып жүрдүм. Чоробай уулуң төрт жашка чыкканча колумдан туткуч, жонумдан отун түшпөй, күң катары кызмат кылдым. Андан бери экөөбүз учкашып, кой кайтарабыз. Жылдын кайсы убагы болсо да, ушул койлордун артындабыз. Мингенибиз өгүз. Кийгенибиз жанагы өзүң көргөндөр. Ичкенибиз ит тамагына барабар. Жаткан жерибиз малдын арасы. Өзүң тигип берип кеткен боз үйдү да агаң тартып алган.

Аттанып кетээриңерде үч жылда келип калабыз дедиңер эле-деп, улайт сөзүн Айтбек көзүнүн жашын көлдөтүп: -Бирок, үч жылда дайыныңар билинбеди. Силер кеткенден кийин агаңдын мүнөзү өзгөрүлүп, мурункудан да катаалданып, кагып-силкип, жаман сөздү көп айтты. Баатырым, өзүңдүн баркың үчүн башыма салганына чыдап, намыс үчүн баарысын көтөрдүм. Аркы-берки жактардагы айылдардагы аксакал-көк сакалдардан келип: «Келинге кой кайтартпа» десе да, алардын сөзүнө кулак какпай, кайра аларга жаман сөзүн агытты. Ошондон кийин бизди калкалаар киши чыкпады. Кайнагамдын каарынан корккондуктан бизге боор тартаар эч ким болгон жок. Баарысы бизден алыстады...

Бир жылы «Кожо бийликти алганы калыптыр» деген кепти ар кимден угуп, «буюрса эми келээр» деген үмүт менен, далай мезгил жол карадым.

Төркүнүмө кетип калуудан тартынып, көрбөгөндү көрсөм да өзүңдү күттүм-деп, Айтбек ичиндеги бугун чыгара бышактайт. Айтору, ушунча жылдан бери даттанаар киши табылбай, арыз-муңун угаар адам кабылбай жүрдү да, кордуктан куткараар, азаптан калкалаар таянаар тоосунун ушул жерден кабылганына сүйүнүп, кайнагасы менен абысынынын заар тилине уукканын эстеп, огобетерден күйүнүп, өзү ыйлап, өзү сооронуп, башынан өткөргөндөрүнөн кеп салат. Анын айткандарын дем тартпай уккан Шопоктун ою уйгу-туйгуланат. Бирде кыжырданса, бирде аярлыгына салып, кийинкисин ойлойт. Ал эми баласы Чоробайдын дүнүйөсү түгөл, кусалыгы, сагынычы тарап, ар кайсыны кобурап, чечекейи чеч!

Жайкы күн небак батып, каш карайып, көз байланган учурда баягы койлор ашып кеткен мойнок тараптан:

– Э-эй, Айтбек! Айтбек ээй!-деген эркек кишинин зоңкулдаган үнү чыгат. Үндү угаары менен отурган ордунан ыргып турган Чоробай:

– Осмон акем! Осмон акемдин үнү экен-дейт, көзүн алаңдатып. Осмон Бердикенин жылкычысы болгондуктан, аны Чоробай жазбай тааныйт.

– Башкабыз жооп кылып кыйкырсак, «чоочун кишилер экен» деп келбей коёт! Айтбек сен өзүң «мындамын» де. Ошондо бери келет!-дейт, Шопок.

Бул айтылган акыл боюнча чатырдан эшикке чуркап чыккан Айтбек:

– Мен бияктамын!-деп, жооп кайтара кыйкырат.

– Ой, эмне болдуңар?!

– Эч нерсе болгон жокпуз! Бери келиңиз!

Чатырга чукул келбей, обочо жерге келип, караңгы талаш чатырды байкап, байлануу турган аттарды көргөн Осмон атынын оозун тартып:

– Ой, силер кимсиңер?!-деп, сурайт.

– Бул мен – Шопокмун! Коркпой бери бастырып, келе бер?-деп, Шопок чатырдан чыгып, Осмонду утурлай басат.

Атын теминип, Шопокко жете бербей токтоп, ыргып түшүп, кулачын жайып, ылдый ийиле, кучакташып көрүшүп, өбүшүп учурашат. Чатырга ээрчите кирип, Осмонго арнап дасторкон жайдыртып, алдына аш койдуруп, Шопок эл-журттун аманчылыгын сурап, бир далай убак кобурашышат. Ошондон кийин Осмон аттанып, ыңырчак токулган өгүздү жетелеп, Бердикенин айлын көздөй жөнөйт. Келип элге сүйүнчү айтат.

Айтбектен аябай көп нерселер тууралуу сурап, көзү өтүп кеткендерди, башка жакка көчкөндөрдү дагы угат. Бердикенин кылгандарына абдан нааразы болот. Эртеси таң атаары менен көпчүлүк эл келип, чурулдап-чуркурап учурашат. Бирок, алардын арасында баягы Бердике агасы болбойт. Божокой да келбейт.

– Алыстан аман-эсен келгениңди биз, түндө Осмондон угуп, «түнү менен келели» деп, Бердике байдан тартындык. Бирок, таң аткандан баштап, чыдап тура албадык!-дешет, келип көрүшкөн көпчүлүк. Күн чыга дагы бир топ кишилер менен бирге келген Осмон түндө жетээри менен Бердикеге сүйүнчүлөгөнүн, иниси Шопоктун алыстан келгенин укканда сүйүнмөк түгүл, тескерисинче ал кабагын бүркөп:

– Болуптур келсе! Учурашаарбыз-деп, буркулдап койгонун айтат.

Учурашканы келген көпчүлүктүн аягы басаңдаган кезде, Шопок баатыр аялы Айтбекти чакырып:

– Божокой иним кайда?-дейт.

– Ал кайнагамдын уу тилине, ур-токмогуна чыдабай, Нарын суунун аркы өйүзүндөгү Усуп деген байдын жылкысын багып кеткен. Андан бери үч жыл болду. Кышында сууга муз тоңгондо келип, бир учурашып кетет. «Баатыр акем аман-эсен келсе» деп тилеп, ыйлап жүрөт-деген жоопту берет Айтбек.

Агасына нааразычылыгы мурункудан да күчөп, ар кайсыны ойлойт. Учурашканы келген элге Мамаке баатырдын аманчылыгын, бир айга чейин Кашкарда сыйлуу конок болуп, андан кийин келээрин

айтып, көпчүлүк менен бирге эл жайлоо кылган жерге жетет. Айылдын четине калмак чатырды тиктирип, Септенди ээрчитип, агасы Бердикенин үй-бүлөсүнө арнап, атайы ала келген белек-бекчегин бир куржунга салдырып, жатындашы менен учурашуу үчүн аттанат.

Бердикеникине келгенде тосуп чыга, ат алган киши болбогондуктан, аттарын өздөрү мамыга байлап, боз үйгө киришсе, Бердике үйдүн бир капшытында алдына калыңдата көлдөлөң салдырып, кырынан түшүп, керегени карап жаткан экен. Салам айтса үндөбөйт. Дарт тийгенсип, көзүн ачпайт. Кыймылдабайт. Бердикенин аялы Чымын тура калып, аякка суу куюп, Шопоктун башынан айлантып, сыртка чачат.

– Акем эмнеге жатат?-дейт, Шопок жеңесинен сурап.

– Акең кечөө кечтен бери бейтаптап, түндө кыйналып чыккан. Азыр кичине тынчып, көзү илинип кетти эле-деп, жооп берет чебелектей. Төргө барып отурган Шопок менен Септендин алдыларына дасторкон жайбай, нан койбой, аякка куюлган айран сунуп, кооптонгонсуп, бир нерседен шекшигенсип, алдыртан карап турат Чымын жеңеси.

Аяктагы айрандан ооз тийип, обдулуп ордунан туруп, эшикти көздөй жөнөп:

– Оорусунан айыкканда келип, учурашаармын!-дейт, чыгып баратып.

– Шашпай отуруп, чай ичсең болот эле?-демиш болот жеңеси.

Шопок туруп жөнөгөндө, артынан кошо чыккан Септен атайы белек-бечкек салынган куржунду таштабай ала чыгат. Эшикке чыгышса, аял-эркек, бала-бакыра, кары-картаң дебей баары чогулуп, учурашуу үчүн келаткандарын көрүп, атына минбей Шопок – ошол элди көздөй басат. Келген көпчүлүктүн бири ыйлап көрүшсө, бири сүйүнүп, күлүп-жайнап көрүшөт. Кучакташпаган, кол алышпаган чоң-кичине калбайт. Ошол жерден салт боюнча садага чабышат. Теги, элден айланса болот!

Мамаке баатырдын бир айдан кийин келээрин, ал Кашкарда сыйлуу конок болуп жүргөнүн элге дагы бир жолу айтып, Шопок келгендер менен көпкө чейин кеп салышат. Ал күн дагы келген-кеткен эл менен бирге өтөт. Эртеси айылдардан сакалдуулар чогулуп, Шопокко келип:

– Бердике агаң – туугандарыңдын эң байы. Бул жактан аттанып, алыска кеткиче Божокой иниң экөөң өйдө карап сүйлөгөн жок элеңер! Ал силерге эмне үчүн таарынганын биз билбейбиз. «Шопок келип, чатырын бөлөк айылга тиктирди. Барып көчүрүп келели» десек, агаң: «Каалаган жерине коно берсин» деди. Эми биз, сени бул жерден көчүрүп алып, андан кийин түлөө өткөрөлү-дешет.

– Бердике агам маакул болгон күндө да, мен аны менен айылдаш конбойм! Мен эртең силерди убара кылбай, өзүм көчүп, Байкожо карыянын айылына барып кономун. Ал эми түлөөнү болсо коё тургула, Мамаке баатыр аз күндө келип калат. Ошондо чогуу өткөрөлү-деп, Шопок сакалдууларга өз оюн айтат. Аны уккандар, бул сөздү туура көрүшөт. Болгону Байкожо карыя артыкча барпалаңдап, жетине албай сүйүнөт. Анан кантсин, таанымал баатыр менен айылдаш болгондун өзү – атак-даңктан тыш, сыймыгы канча?!

Бердикеге Шопоктун Байкожонун айылына конгондугун айтышса, ал: «Мейли, мен Шопоксуз эле күн көрөмүн» дегенин кайра айтып келишет. Аны уккан Шопок унчукпайт. Жанында турган Септен:

– Азыр жетип, башын кесип келейинби?!-дейт, кыжырдана.

– Кой!-деп, Шопок аны токтотуп коёт: -Ошенткенде болмок беле?!

* * *

Арадан күндөр өткөндө Мамаке баатыр келет. Жалпы эл чогулуп, салтанаттап тосуп, ай туяк ак боз бээ чалып, түлөө өткөрүшөт. Бир айыл болуп отур-

ган Мамакенин туугандары өзүнчө той кылышат. Ошондон кийин Шопок иниси Божокойду издеп, Нарын суунун өйүзүндөгү Усуп деген байдыкына барат. Божокой менен ботодой боздоп, ыйлап көрүшөт. Алжай сурашкандан кийин көпкө чейин кеп салышып, ал Бердикенин көрсөткөн кордуктарын айтып бергенде, жерге түкүрөт да, экинчи аны менен тууган катары сүйлөшпөгөнгө убада кылышат.

– Экөөбүз чогуу туруп, биргелешип тиричилик кылалы. Сен, бул жакта калба? Ылдыйлап, Бети-Каранын талаасына барып, арык чаап, жер айдап, эгин камдайлы. Бердикенин көзүн карабайлы. Ансыз да ал бизге эч нерсе бербейт! Бараарың менен сен үйлөн. Экөөлөп иштейли-дейт, Шопок.

– Мен үч жылдан бери жылкы баккан акымды ала элекмин. Ошону алайын. Андан кийин барып, сиз айткандай өз алдыбызча эмгектенели-деп, Божокой оюндагысын айтат.

Экөө көпкө кеңешет. Бир тууган болгондон кийин сүйлөшчү сөздөр көп да, түгөнбөйт го. Анын үстүнө жети жылдан бери көрүшө элек. Буга чейин бири кан кечкен согушта жүрсө, бири өз агасынан кордук көрүп, бирөөнүн малын багып, өлбөстүн күнүн өткөрүп, жети жыл бою тирүү көрүшсөк деп самап жүргөндүктөн, сагыныч менен кусалыгы көөдөндөн ашкан. Көксөөлөр көбөйгөн. Андыктан сөз бүтпөс. Улуусу эркелеткиси келсе, кичүүсү эркелегидей абалда турат.

Шопок иниси Божокойду: «Бараарың менен үйлөнтөм» дейт. Бирок, Божокой ал сөздү уккусу келбегендей. Ошондон улам дагы бир кайталап айтса:

– Мен малын багып жүргөн Усуп деген байдын дүйнөдөн кайтканына үч жыл болуп, ашын беришти. Анын эки аялы бар эле. Ашы берилгенден кийин эки аялынын тең башы ачылды. Ошонун кичи аялы менен убада бекитип, никелешкенге маакулдашканмын. Сизге эп келсе, мен ошого баш кошоюн. Өзүнө тиешелүү үй-жайы бар-дейт, Божокой башын жерге салып.

– Андай болсо, шагың сынбасын! «Каалаганымды алганга маакул болбоду» деп, кийин ойлоп, арманда калба. Бирок, Моңолдор эли жесирин бербей, чуу чыгарып, өзүңдү мейман туткун кылбасын. Жаман сөздөрү тийбесин-дейт, Шопок инисин аяп.

– Жок-дейт, Божокой: -Усуп байдын жакын туугандары жок экен. Ал аялга төркүндөрү бийлик кылышкан, алар келип, үй-жай, мал-мүлкү менен көчүрүп кетишкен. Мен ошол жактан барып аламын.

– Анда, айылга мен барып, унаа берип, киши жиберейин-деп, Шопок аткараар аракетин айтат.

Өйүздөн келгенден кийин, Шопок Осмонду баш кылып, беш-алты кишини аттантып, союшуна мал, тартуу-тарапасын кошо берип жиберет. Алар барып, Божокойдун убадалашкан аялы менен чогуу көчүрүп келишет. Ал жылы жай аяктаганча, чөптүү жерлерден тулаң жулуп чогултуп, кышында аттарды багып чыгууга аракеттенишет. Шопок өзүнчө үй көтөрүп, кышты өткөрүп, жаз алды менен Бети-Каранын талаасына барып, Кыз Мазардан арык чаап, буурсун менен эгин айдап, күзүндө алынган эгинди малга айырбаштайт. Ошентип, кичинеден уланып, эл катары жашоого өтүшөт. Бирок, агасы Бердике менен катышпай калышат.

Мамаке менен Шопок алыстан келген кезде Орус бий эл ичинде жок экен. Элден сурап Орус бийдин Эрен кабырага айдалып кеткенин угушат, абдан капаланышат. Ал куш таптаган мүнүшкөрлүгү, ат таптаган саяпкерлиги, колунан көөрү төгүлгөн зергерусталыгы менен көпчүлүккө таанылганына карабай, Эрен кабырага айдатылганына Мамаке да, Шопок да нааразыланып, ачуусу бетине чыгып: «Аны айдаткандарды чаап келебиз!» дешет.

– Элдин түбүнө жеткен Эрен кабырага кеткендерди кайра кайрып келе албай, кайда экендигин табалбай, убарадан убарага кабылып жүрсөк, улам бир тыңыраак чыккандын тамырына балта чапкандардан кун кууйбуз!-дейт, Мамаке жини менен.

– Айдаткандарды байлап келип, кул кылып, башкаларга көрсөткөн кордуктарын өзүлөрүнө көргөзөбүз!-деп, Шопок кошумча боло ачууланат.

Адаттагыдай акылгөй карылар менен кеңешкендеринде Орус бий үчүн кун кубалоодон кайра айнышат. Себеби, Орус бий өз балдарына өнөрлөрүн үйрөтүп, аларды: «Башкалардын балдарынан артык» деп эсептейт. «Тынымсейиттин тукумдары – менин балдарымдан башкасынын баарысы – өгүздөр! Өгүз тоют жегенден башканы билбейт. Тынымсейиттин башка балдары – аш ичкенден башкага жарабайт» деп, көп жерде текеберленип айткандыгы үчүн айдатылгандыгын угушат. Өзгөчө өйдөсүнүп, ашыкча мактангандыктан, тилинен таап, жазасын алгандыгы дайын болот.

«Кудай кылса, кубаарыңдын акысы барбы» дейт элде. Өз тилинен тапкан Орус бий ичинен сыздап, он баласы, байбичеси менен бирге айдатылып, Моңгол жергесине келет. Мурда көрбөгөн жер, таанbackыбаган эл. Тили да, дили да, салт-санаасы да башка. «Элде тукуму калбасын» деп, он баласы менен бирге айдатылып келген Орус бийди моңголдун бир билерманы олжолоп алып, он баласын он урууга кул кылып таратат. Эзелтеден бери кыргыздан ала албай жүргөн өчү барсынып, аны ушул Орус бийден алчуудай болуп, өзүн кемпири менен айлында алып калат. Өлбөстүн күнүн көрсөтүп, ит катарында тамактантат. Кийим деп, айтылбасты кийгизет. Жаман алачык тигип берип, анысынан да от жакканга тыюу салат. Күнү-түнү кайтартат. Моңгол билерманы өз үй-бүлөсүнөн ашкан тамактарды итке жугунду бергендей бердиртет. Жашы өтүп калган кезде кордукка кабылып, он баласынан тирүүлөй ажырагандыктан, көзүнүн жашы тыйылбай, сакалы ылдый агат. Өзү алсырап, баягы кайраты кетет.

– Каңырыгыңды түтөтүп, кара жаныңды кыйнаба, кайрат кыл! Жараткандын алдында ишибиз ак болсо бир жакшылык болоор? Он балаңдын бири

кайрылып, колуңа келээр?-дейт, кемпири чыйралтып. Ошентип, чал-кемпир бири-бирине кайрат айтып, жөлөк-таяк болушуп, эптеп өлбөстүн күнүн өткөрүшөт. Аларга билермандык кылган моңголдун секелектен өтүп, бойго жетип калган кызы Орус бийдин алачыгына тез-тез келип, алардын эмне кылып отургандарын көрүп, өзүлөрүнө кызыга карап, алардын башка улуттан болгондуктары үчүнбү айтору, таңдангансыйт, бала эмеспи, анысын жашыра албай.

Бир күнү Орус бий менен кемпирине итке бергенсип, койдун чала мүлжүнгөн сөөктөрүн алып келип беришет. Ушуга да шүгүрчүлүк кылуудан башка айласы жок Орус бий, кестиги менен койдун жото жилигин таза мүлжүп, кашка жиликке ашталуучу башын оюп, чучугун кемпирине алып берип, жиликти жонуп, түздөп, колго кармаганга ылайыктап, керектүү жерлерин көзөп, сыбызгы жасайт. Алачыгында отуруп, ар түркүн күүнү чалат. Сыбызгынын үнү алгач алачыктан чыгып, айланага, андан айылга угулат.

Моңголдун билерманынын баягы бой тарткан кызы эшикте жүрүп, сыбызгынын керемет үнүн угуп, алачыкка келет. Эшиктен кирип, Орус бийдин колундагы сөөктөн жасалган сыбызгыга таңданат. Ал кызды: «Бери жакын кел» дегенсип, колун жаңсап, жанына келгенде сыбызгыны карматат. Кыздын таңдануусу огобетер күчөйт. Андан кантип үн чыгарууну, кандай кармап, кандай үйлөөнү үйрөтөт. Үйрөтүлгөн боюнча кыз аспапты оозуна салып, добуш чыгарып көрүп, бирде Орус бийди, бирде сыбызгыны карайт. Кыздын колунан кайра алып, оңдоп-түзөп, кызга биротоло тартуулайт. Кыз жүгүрүп атасына келет. Атасы сыбызгыны кызыга карап, үнүн чыгарып көрүп, Орус бийдин өнөрлүүлүгүнө таңданып:

– Барып, сурап кел! Мунун акысына эмне алат экен? Эмнени каалайт экен? Бээ алам десе да, төө алам десе да ачык айтсын-деп, кызын кайра жиберет. Алачыкка келген кыз атасынын айтканын айтат.

– Мен бээ алып, согум кылбайм. Төө алып жүк артпайм. Каалаганымды бере турган болсо, он урууга кул кылып, таратып жиберген он уулумдун бирин кайра алып берсин. Андан башка сураарым жок!-дейт, Орус бий олуттуу.

Кыз чуркап келип, атасына айтса:

– Абышканын балдарын ар кайсы урууга: өлсө кунсуз, тирүү болсо пулсуз. Бекер малай, бекер күч! Өлсө, өлгөн жеринде көмгүлө. Тирүү жүрсө, күчүн көргүлө! Кайра бергиче, башын кесип салгыла деп, бербедим беле? Эми, алардын бирин кайра бер десем, менин сөзүм эки ача чыгып, убадам орунсуз болуп, шертим бузулат! Мен ал абышканын өзүн сыйлабайм, өнүрүн сыйлайм, малдан, өлүү оокаттан эмне каалаcа, ошону алсын дегемин! Мунусун жулуп алып, унчукпай койсом, колунан эмне келет эле?!-деп, ачууланат кыжыры кайнап.

Кыз бул сөздү төкпөй-чачпай кайра айтып барат. Аны укканда мурунтан мүңкүрөп отурган Орус бийдин далайга чейин көзүнөн жашы тыйылбайт. Ого бетер мүңкүрөйт. «Балдарымдын бири кайрылып келээр» деген үмүтү биротоло соолуп, тилеги таш кабат. Он баласынын бирин дагы көрбөй калаарына көзү жетет. Тирүү туруп катташпай, жакын жүрүп көрүшпөй, көзү өтөөрүн сезет. Көптөн кийин гана алачыгына кайра кирген кызга:

– Атаңдын төрт үйгө бактырган жүз кушу бар экен. Эртели-кеч эрмек кылганга бир кушун берсин!-дейт.

Орус бийдин көзүнүн көлдөгөн жашын көрүп, боору ооруган кыз, атасына барып айтса: «Алсын-алсын, жүз куштан тандаганын алсын!»-дептир атасы.

Моңгол билерманынын төрт үйгө бактырган жүз кушун кыдырата карап, түзүгүрөөк көрүнгөнүнүн жонуна эки колун коюп көрсө, куштардын бири да эки колун көтөрө албай, боортоктойт. Анын бул кылганына билермандын куш баккычтары таңданат. Орус бий ошончо куштун бирин да жактырбайт. Төрт үйдүн үчөөнөн жарактуу куш таппайт. Төртүнчүсүнө кирип,

адатынча куштардын жонунан эки колун койсо, капырай, бул үйдөн да көңүлүнө жакчуусу чыкпайт. Үйдөн чыгып баратып, босогодо байлануу турган, үрпөйүп жүдөгөн сары бүркүттү жонунан басса, бери жактагылардай боору менен жерге жатпайт. Буттары бүгүлбөйт. Жулмалагансыган куйругу жерге тийбейт. Ошонун бутун чечип алат. Төрт үйгө толтура багылган койкойгон куштардын бирин жактырбай, жүдөгөн сары бүркүттү алганына билермандын куш баккычтары шарактап күлүп, абышканы шылдыңдайт. Ар түркүн келекелейт.

Алачыгынын бир капталына туур жасап, жүдөгөн сары бүркүттү кондуруп, өзү жеген тамактардан берип, ошого алаксыйт. Анын бүркүттү эрмектеп, таптап, алектенип аз болсо да санаадан оолактаганына кемпири ичинен кымылдайт. Сары бүркүт күн өткөн сайын оңолуп, туурунда тынч отурбай, талпынат. Мурунку уйпаланган жүнү түлөп, тыкыс жүн чыгып, кебетеси жакшырат. Таптоосу келишип, «эптеп бир айласын таап, талаага алып чыгып, өнөрүн көрсөм» деп, Орус бий самап жүргөнүндө, Моңгол билерманы салбырынга чыкмай болот. Анча алыс эмес талааларга үйүрлүү карышкырлар келгендиктен, билерман баардык куштарын алып чыгып, ошолорго салып, итин агытып, көңүл ачуу кылаарын баягы кызы аркылуу угат. Салбырынга жөнөөрүндө барып, кол куушуруп, кошо барып келүүнү суранат. Моңгол билерманы маакул болот. Анын бир койчусунун жаман атын сурап минип, сары бүркүтүн томоголоп, колуна кондуруп, эл менен бирге жөнөйт.

Моңгол билермандын жүз кушун колдоруна кондурган жүз атчан киши топурап, түз талаа менен жүрүп, анча бийик эмес белестин кырына чыкканда, ары жагынан топ карышкыр туш-тушка жайылып качат. Жүз атчан чуулдап, баягы жүз куштун баарысынын томогосун шыпырып коё берет. Аларга кошуп, Орус бий да колундагы сары бүркүтүн агытат. Моңголдун жүз кушунун бири да карышкырды көздөй учпай, асман-

дын бетин бербей, балапандарын учуруп чыккан чар каргалардай төбөсүнөн айланып учат. Ошончо куштун ичинен Орус бийдин сары бүркүтү барып, бир карышкырды басып калат. Таптоосу келишип, баатыр чегирге айланып калган сары бүркүт тартынбай барып, кол салганы менен бөрү да жөн эле алдыра коймокпу? Экөө будалакташат. Өз кушунан көзүн албай карап турган Орус бий алдындагы койчулар минип, кашаңына тартып, койгулактан башканы тоотпой калган чобурду теминип-кагынып, чапкылап жөнөйт. Жетип аттан ооп түшүп, бүркүттү томоголоп, карышкырдан тырмактарын чыгарат. Көзүнүн жашы токтобойт. Бүркүтү карышкыр алганын жакшылыкка жоруп, төлгө кылат. Колдоочу-коргоочунун баарын атап жалынат. Көөдөнүн баскан муз жибигенсип, муратына жеткенсип эдиреңдейт, байкуш чал.

Агыткан тайгандары куйругун кыпчып, каңшылап карышкырдан коркуп, кайра келсе, жүз кушу тарпка айланган жоорулардай өзүнүн үстүнөн айланып учуп жүргөнүнө жинденген моңгол билерманы жанындагыларына каарланат. Бир куштун карышкыр алганын көзү чалып, анын жанына чапкылап барган кишини да көрүп:

– Тээтиги ким?-дейт, ачуулуу.

– Ал кулдукка келип, сиздин ирегеңизге калган чал!-дешет, жанындагылары.

– Бул тегин чал эмес! «Жүдөгөн бир кушту алды» деди эле. Ошону ушунча кыраан кылган мунун өнөрү күч турбайбы-дейт, моңгол билерманы.

– Негизи – душман да! Нээти бузук экени көрүнүп турат. Эгерде ою түз болсо, ошол кыраан кушту өзү салбай, сизге салдырбайбы? Куштарыңыздын ичинен эң мыктысын тандап алганын карасаңыз. Эрмектегиси келсе, тандабай четинен бирөөнү алып эрмектебейби?! Бул бүгүн атайы бизге кошулуп, сиздин беделиңизди ылдыйлатканы келиптир! Болбосо кушун өзүнчө жалгыз барып салмак да. «Ушунча куш бакчуусу, таптоочу мүнүшкөрү бар туруп, менчелик куш таптага-

ны жок экен» деп, эртең эле эл арасында кеп чыгарат- деп, жанындагы жагымпоз жигиттеринин бири айтат.

Жүз кушунун, ондогон тайганынын бири карышкырга даабай, тик качырууга жарабай, ачуулуу турган моңгол билерманы бул сөздү угуп, аябай ичи тарыйт. Ачууга жеңдирип турганында, ого бетер бул сөз шыкак болуп, жаалдантат аны.

– Кушун колунан жулуп, минген атын алдынан жыгып, өзүн үйгө жөө айдап баргыла! Душманга душмандай мамиле кылып, эртең күн нуру жерге тегиз чачылганда дарга асабыз! Мунун куну жок. Кун кууй турган тукуму да жок-деген бойдон моңгол билерманы жиндене буйрук берет.

Кожоюнунун ачуу тилин угуп, куш-тайгандарынын эч нерсеге жарабагандыгынан жаман сөзгө кабылып, ызаланып турган жигиттердин бир тобу аттарын чапкылап жетип, атынан оодара тартып, кушун колунан жулуп, бүркүтү алган карышкырын алып, өзүн шапалактап алдыга салып, айылды карай жөө айдап жөнөшөт. Кылган төлгөсү, тилеген тилеги оозунан түшүп, башын калкалагандан башка айласы жок Орус бий топ жигиттин алдында бүжүрөйт. Жедеп көөнөрүп, эскилиги жеткен кийимдери дал-далынан тытылат. Шапалак тийген жерлеринен кан жая берип, бычак менен тилгендей сыздайт. Кайсы күнөөсү үчүн мындайга кабылганын түшүнө бербей, койгулакка алган жигиттердин айдаган жагын карай жанын үрөп, жыгылып-туруп, жандалбастайт.

Билермандын кызматын аткарып, айт десе, кыйт деп, “бөрк ал десе, баш кесип”, кайгысы жок, курсагы ток, делөөрүгөн көпкүлөң жигиттердин айдагында кордук көрө, алачыгына араң жеткен Орус бийдин түрүн көргөн кемпири бакырып ыйлайт. Алачыгына алып кирип, бети-башын жууп, канаган жерлерин таңуулап, кийимдерин оңдомуш этет. Орун даярдап, тынч жаткырып:

– Кантебиз! Маңдайга жазганы ушундай тура?- дейт, каңырыгы түтөй.

– Бүркүтүм алган карышкырды билерманга тартуулайын дегемин!-дейт, Орус бий ооруганынан онтолоп: -Бүркүтүмдү да тартып алышты. Кайсы жазыгым үчүн ушинтишти, иэ-ээ, Жараткан?!

Күн кеч кирип, кемпири күйпөлөктөп, ысыгыраак бирдеме таап ичирүүнү ойлоп, ары-бери жүгүрөт. Бирок, бир да бирөө жардам бербейт. Өздөрүндө болсо, ныпым эч нерсе жок. Демейде айла тапкан кемпири ушул жолу бир ылаажы таба албай катуу кыйналат.

Алачыкка кирген моңголдун кызы:

– Сизди атам, эрте күн чыккан кезде, дарга астырмай болду. Сиз мага көп шакек-мончокторду жасап бердиңиз эле. Аларды атама көрсөтүп: «Дарга астырбаңыз?» деп, жалынсам: «Айткан сөзүмдөн кайтпаймын!» дейт. Эми, мен колумдан келген жардамымды жасайын. Атамдын күлүк аттарынын бирин уурдап келип берейин! Ошону минип, өз элиңизди көздөй качыңыз-дейт, боор толгоп.

Муну укканда Орус бий менен кемпири экөө бирин-бири тиктеп, селейишет. Зергерлик өнөрү менен өзүнө жакындатып алган кыздын жыкшылык кылаарына ишенсе да, минтип ат уурдап берип, өлүмдөн куткараарын оюна албаган Орус бий кыздын тобокелчиликке бараарына анча ишене бербейт. Аз убакытта токулгалуу ат жетелеп, кыз келгенде гана эсине келгендей:

– Тур, байбиче. Атка учкашып кетебиз!-дейт.

– Экөөбүз учкашсак, ат бат эле баспай калбайбы? Алыс узабай эле кармалып, ошондо шорубуз кайнабайбы, абышка! Менин тиги билермандын алдында кылган күнөөм жок. Оту менен кирип, күлү менен чыгып, күң катары жүрөм. Сенин ордуңа мени дарга астырбастыр, кудайды караса. Мага кылчактабай, кыз алып келген атты минип, түз элиңди көздөй жөнө! Жараткан жакшылыгын берсе, эки аптада элиңе жетээрсиң. Элиңден топурак буюрсун. Мен эптеп өлбөстүн күнүн көрүп турсам, он баламдын бири көзүмө көрүнөөр. Ондун бири тыңыраак чыкса, мени

өзүнүн жанына алып алаар! Өзүмдүн да шайманым кетип, күндөн күнгө алсырап баратам. Көрөөр күн, ичээр суум аз калгансыйт. Жаным аркы дүйнөнүн босогосунда тургандай сезилет. Ошондуктан сага учкашып, алыс жолго бара албайм.

Балдарымдын бири кабылбай, моңголдун ирегесинде өлсөм, өлүгүмдү бир жерге көөмп коюшаар. Көмүлбөсөм, ит-кушка жем болоормун. Көзүм жумулуп, көөдөндөн жаным чыккандан кийин, өлүгүмдүн эмне болооруна кайгырып не, кайгырбай не? Мага кылчактаба! Төрүм көрүнбөй, көрүм көрүнүп турганда мени учкаштырып, узак жолдо кыйналба. Салт атчан жүрүп, элиңе кет! Төрөлгөндөн мекендеп жүргөн жериңе, өстүргөн элиңе кошул! Элиңе кайрылып барганың, касташкандарды жеңгениң! Жалгыз башың барса да, баатырдык кылганың-дейт, кемпири Орус бийди огобетерден шыкактап.

Кемпиринин айткандарын угуп, каңырыгы түтөп, көзүнөн аккан жашы сакалы ылдый куюлуп, Орус бийдин мууну бошоп, дарманы кетип, денеси калчылдайт. Биринин башын бири жөлөп, кайрат кылышат. Ушунча жыл бирге жашап, ошончо бала көрүп, анан күч-кубаттан тайыган кезде, ушинтип татаал тагдырга кабылып, тирүүлөй ажыроосу кыйындайт. Бирин-бири кыйбайт. Кемпирин таштап кетүүгө кудурети жетпечүүдөй көрүнөт. Бирок, башка салса, башка арга табылабы мындайда?

Түн кирип, жылдыз толгон убакта кайрылып келген кыз:

– Түзгө салбай, тоо аралап кетиңиз!-дейт.

Ыйлап-сыктап кемпири менен коштошкон Орус бий көзгө сайса көрүнгүс караңгыда, көзү да кароолонуп, курчу кеткен чагында, бир жагынан көзүнөн аккан жашы тыйылбай, эки бети жошолонуп, сакалы жуулуп, алды жагын дааналап көрө албай, тоо тарапты боолголой жүрүп, таң ык салганда өр таянат. Улам артына кылчактайт. Токтоп кулак түрөт. Дабыш билинбегенсийт.

Үч түн, үч күн тынбай жол жүрүп, моңгол жеринен алыстап, казак жергесине келип, куугунчулардан көңүлү тыңгансып, атын жайдактап отко коюп, балдары менен кемпирин эстеп, башын жерге салып, мүңкүрөп отурганында, бирөө салам айтат. Жүрөгү эзилип, ой-санаасы алда кайда учуп, бир жагынан коркунуч бийлеп турганда, айтылган саламдан чочуп, ыргып турат. Көздөрүнөн аккан жашын чала-була сүртүп, маңдайына келген эки атчан жигитти алаңдай карайт. Анын чочуп, корккон түрүн, эки көзүнөн салааланып аккан жашын көрүп, жигиттер атынан түшүп, жанына келип кол алышат. Алардын казакча сүйлөгөнүнөн Орус бийдин коркунучу басаңчалайт. Жигиттер да кичипейилденет. Акырындап, сөздөр жалгашып, кайдан келгенин, кайда бараарын сурашат. Орус бий ыйлай-сыктай, башынан өткөргөн азаптозогун кеп салат. Угуп отурган казак жигиттеринин боору ачыйт. Атына миңгизип, өздөрүнүн бегине алып келишет. Беги Орус бийдин аянычтуу тагдырын угуп: «Өзүн жуунтуп, таза кийим кийгизип, атын тоюнткула» дейт, жигиттерине адамгерчилик кылып. Бектин буйругу ошол замат аткарылат.

Арадан эки күн өткөнүндө Орус бий бекке келип, ыраазылыгын билдирип, элине кетүүсү керектигин айтат.

– Ой, шоруң каткыр! Алдыгы түрүң менен алыс жолдо жүрө албайсың? Мындан аркы ээн талаа, эрме чөлдө алың кетип, талаада өлөсүң. Чөлдүү талааларда алсыз киши бат өлүп, сөөгүн курт-кумурска жейт. Биз боордош элбиз. Сага жамандык каалабайбыз. Шашылбай, он күнү мында калып, жакшылап өргү. Күчтүүлөп тамак бердиремин. Күч-кубат жыйна! Андан кийин кетесиң. Бул жерге сени издеп киши келбейт. Моңголдоруң алыс калды. Санааланбай, тынч эс ал-деп, чындыкты айтып, казак беги кетирбейт.

Бектин буйругу боюнча он күндөн ашык өргүгөн Орус бий бекер отурбай, керки менен оюп, кестик менен жонуп, жыгачтан идиш-аяктарды жасайт. Бектин үйүндөгү аяк-табактарын, кашык-чараларын жаңыртат. Айылдагы кыз-келиндердин шакек-мончокто-

рун тазалап, жалтыратып, ийри-муйрусун түзөтөт. Анын өнөрүнө карап, айылдыктар ызааттап, сыйлуу конок катары урматташат. Кадырлап, баркташат.

– Бегим менин сапарым карыды го. «Эл сагынбас эр болбойт» дейт. Эрдик кылаар убагымдан небак өтсөм да, эрдемсиген пендемин. Көөдөндөн жаным кеткичекти, көзүмдүн курчу майтарылгычакты элиме жетсем дегенде эки көзүм төрт! Башымдан бакдөөлөтүм тайып турган болсо да, элимден топурак буюрса деген тилегим бар. Өзүңө баарын айткамын. Он уулум – он моңголго кул болду. Бармактайдан баш кошкон кемпирим карыган кезинде тирүүлөй жесир болуп, тили буруу элдин бир зөөкүрүнүн ирегесинде калды. Эми, өзүм эптеп, өз жериме жетип өлөйүн-деп, көзүнүн жашын көлдөтөт.

– Айтканыңда калет жок! Ар ким өсүп-өнгөн жеринде каза таап, бир тууган элинен топурак буюрганына не жетсин-деген бек, көңүл жибиткендей бир топ сөздөрдү айткандан кийин: -Ушул он күндөн бери менин үй-бүлөмө өз өнөрүң менен жасап берген идиш-аяктарың, айылдагы кыз-келиндердин шакек-мончокторун оңдоп-түзөгөндөрүң бир тогуздун баасы болду окшойт. Булардын акысына эмне алаар элең? Кандай тартуу каалар элең?-дейт жайдары.

– Мен тартуу тартып, же кылган ишим үчүн акыга мал-мүлк алгандан байымак белем? Мага он күндөн ашык убакытта көрсөткөн сый-урматың эле баарысынан ашып кетти. Айлыңдагы болгон элиң сыйлады. Бирөө да башка бир бөтөн кишидей көрбөдү. Ошонун баарысына ыраазымын-деп, Орус бий бекке таазим кыла ийилет.

Бек Орус бийге жол азык камдап берип, эртеси аттантып узатмай болуп, кечкисин өз үйүндө конок кылып, сый көрсөтөөрүн айтат. Кечинде бектин үйүндө сыйлуу конок болуп отуруп, көп окуялар тууралуу кеп салышат. Түркүн тагдырлар айтылат. Башынан өткөргөндөрүн эсинен чыгара албай жашаган Орус бийге кайрат айтышып, кайгы-муңун тең бөлүшөт.

– Мен тарткан азапты башкалар тартпасын, меникиндей тагдырга башкалар кабылбасын! Элден бөлүнгөндө тобум менен кеттим эле, тонолуп кайра баратам. Бутагым менен кеттим эле, буталып кайра келатам! Он баламдын бири жанымда жок, коколой баш калдым-ай...-деп, сөзүнүн акырына чыга албай, Орус бий жашылданат.

– Ээ-эй, Орус бийим! Башка түшкөндү көтөрбөскө арган барбы?! Сабыр кылып, Жаратkандын жакшылыгынан үмүт үзбөгөнүң дурус гой! Ушул бойдон калбай, уланып кетээрсиң, кудайдын буйругу менен-деп, бек көңүл көтөрөөр сөздөрдү айтат.

– Эми, менде уланыш кайда?!-дейт, Орус бий баарысынан үмүттү үзгөнсүп, кийинки жакшылыктардан биротоло түңүлгөндөй.

– Жараткан жакшылыгын берсе уланат тура! Илгери биздин ата-бабаларыбыз апаатка кабылып, сексенге чыккан бир карыя, небере келини менен калып, ошондон уланып, кайра куралып эл болгон экен. Кулак салып, угуп отур! Башынан кеп салып берейин-дейт, ал. Ага бүт дитин таштап, Орус бий кулагын төшөйт.

– Биздин элди найман уруусу дешет. Кезинде аталарыбыздын ирбити жүрүп, иши оңолуп, ити чөп жеп турганында өзүнчө чоң айыл болуптур, малы бирге багылып, оокат-тиричилиги аралашып, улуусу башкарып, көз салып, кичүүсү милдет аткарып, Ала-Көлдүн өйүз-бүйүзүн мекендешкен экен. Малы миңдеп-сандап саналып, ырыскылары артылат. Кайгы-капаны билбей, куунак жашашат. Мал менен жашап, малдан берекелүү болушкандыктан, аны бакканга ылайыктуу жерлерди издешет. Жайлуулугуна карап, жазында Ала-Көлдүн музу түшө элегинде тескей тарабына өтүп жайлап, күз келип, көлгө муз тоңгондо, кайра күнгөй тарабына көчүп, кышташат. Малына мал, башына баш кошулуп, өрүшү толуп, ирегелеринен май агат. Башка элдер менен алакалары артып, алыш-бериши көбөйөт.

Бир жылы жазгы алашалбырттын алдында адаттагыдай Ала-Көлдүн музун чалып көрүп, муздун калыңдыгына, өтүүчү көчтү көтөрөөрүнө көздөрү жетип, малды айдап, элди көчүрүп жөнөгөнгө даярданышат. Жашы сексенден ашкан Мейрман деген карыя элди башкарып, бийлик да, казылык да милдетти аткарат. Анын сөзүн эч кимиси эки кылбайт. Карыянын баштоосу менен эртең жөнөйбүз деп, камчомун белендешет. Эртеси Мейрмандын неберелеринин биринин колуктусу:

– Түндө түшүмдө чоң кайнатам экөөбүздөн башкаңардын баарын мал-жаныңар менен, жердин оозу ачылып, оп тартып соруп кетти!-деп, көргөн коркунучтуу түшүн күйөөсүнө айта баштаганда:

– Кара оозуңа кан толгур! Түшкө кирбеген эмне бар? Жамандын түшү да жаман. Бул сөзүңдү менден башкага угузба!-деп, эри корсулдап, кагып коюптур. Келин кайра сүйлөй албай, ичинен тынып, унчукпай калат.

Төөлөргө жүктөрдү жүктөп, миңгичтердин баарын токунуп минип, малды алдыга салып, Мейрман карыя жол баштап, шаң-күлкү, салтанат менен аттанып, Ала-Көлдүн тескей тарабына карай муздун үстү менен жөнөшөт. Жылыга өтүп жүрүшкөндүктөн эч нерседен капарсыз, мурунку жылдагыдай жайма-жай бастырып, көлдүн ортосуна жеткенде, чытырап муз жарылып, баарысы көлгө түшүп кетишет. Көчтүн алдында бараткан Мейрман карыя миңген айгырдын тыңдыгынан гана ал жалгыз аман калат. Андан башка бир да адам тирүү калбайт. Бала-бакыра, аял эркек, жаш-карынын баарысы жок болот. Айдаган малдан, жүк жүктөлгөн төөдөн да, кыскасы тумалак эч нерсе жок! Мейрман карыя бакырып ыйлап, көлгө чөгүп бараткандардын бирин тартып ала албайт. Ары-бери жүгүрүп, кокуйлагандан башкага алы келбейт. Ошондо баягы «түш көрдүм» деген келини минген бээ тырмышып, муздун үстүнө эптеп туягын илип, тыбырап жатып сыртка чыгат. Анын жалына жармашып, келин да аман калат.

Ошончо элден Мейрман карыя небере келини экөө бир айгыр, бир бээни жетелеп, аяк-башына көз жетпеген Ала-Көлдүн музунун үстүндө калышат. Көздөрүнүн жашы булактай агат. Жаз келди делингени менен кар кете элек, күн жылый элек болгондуктан суу болгон келин кайыгат. Жагып жылыта турган даяр отун кайда? Мелтиреген муздун үстүндө кеч кирген сайын суук күчөйт. Келинин ээрчиткен Мейрман карыя, эптеп жээкке жетип, бир ыктоо жер таап, камыш-куурайларды чогултуп от тутандырат. Келини кактанып курганып, күйүт-муң менен таңды атырышат.

Экөөнө жардамдашаар, кайгысын бөлүшөөр киши кабылбайт. Өлбөстүн амалы издешип, камыштан алачык жазап, баш калкалап, айгырдын куйрук-жалынан жулуп, каз, өрдөккө кылтак салып, отко куйкалап жеп, күн өткөрүшөт. Күн жылып, жер көктөгөн маалда баягы бээ кулундайт. Аны саап сүтүн ичип, тыңый башташат. Эл жаздоо-жайлоолоп көчө баштаганда, келини:

– Ата элге аралашып жашайлы-дейт.

– Баарын жутуп алып, как баш атыгып, элге кантип барам!-деп, Мейрман болбойт.

Бир күнү Мейрман менен келини байырлаган Ала-Көлдүн ушул булуңундагы алачыкка көлдү жээктеп, сейилдеп жүргөн эки жигит туш болот, анан кызыгып, аттан түшүп, ичкери кирип, алачыкта жаткан Мейрман карыяны көрүп, салам айтышат. Карыя акырын башын көтөрүп, алик алат. Алдына кийиз катары салынган камышка тизе бүгүүдөн жийиркенгендей түр кылган жигиттер – отургула дегендей ишарага карабай, текеберленишет. Келекелей сүйлөп, Мейрмандын ким экенин сурашат. Көптөн бери келининен башка киши көзүнө көрүнбөй, сүйлөшөөр, арманын угаар киши жоктугунан ичиндеги бугу чыкпай жүргөн карыя эки жигитке божурап, болгон окуяны айтат. Улам жашыйт. Кайра кайраттанат.

– Жаратканым пендем десе – бир жакшылыкка жеткирээр-деп, жашын төгөт.

Аны уккан текебердүү жигиттер: «Обдулуп ордунан тура албай, атүгүл башын көтөрүп сүйлөй албай жатып, Жараткандан жакшылык күткөнүн кара! Бир аягы көргө малынып турганына карабай мунун дымагын көрсөң?» дешип, аябай келекелеп күлүшөт.

– Эй, чал!-дейт, жигиттер аттанып кетээринде: - Биз бир топ мезгилден кийин ушул жерге дагы келебиз! Ошондо этиңди карга-кузгун жеп, сөөктөрүңдүн чачылып жатканын көрсөк, чогултуп бир чуңкурга көөмп коёрбуз..., ах-ха-ха!

Ушул жашка чыкканча ушундай шылдыңга кабылып көрбөгөн Мейрман карыя терең ызага батат. Эли менен чогуу көлгө түшүп кетпей, тирүү калганына өкүнөт. Өз неберелериндей болгон жигиттердин басынтып, кичи катарында көрбөгөндөрүнө арданат. Бирок, аларга кылаар айла табылбайт. Кирээр жери, тешиги жок. Өлөйүн десе, жан таттуу. Тирүү жүрөйүн десе, минтип уккан сөзү ачуу!

Келини көлдүн жээгиндеги майда бадалдарды кыдырып, илинип калган жүн-жүбүрлөрдү чогултуп, жип ийрип, кийим токуйт. Талааларды кезип, тамак издейт. Кабылган айылдардан соопчулук үчүн тамак-аш берүүсүн сурайт. Кайра келип, бээ саайт. Отун терүү да анын мойнунда. Эл жайлоологон учурда жакыныраак жерге бир байдын айылы келип конот. Аларга барып, колунан келген жумуштарын жасаган келин акысына аштык алат. Ошол айылдагы бойго жеткен башы ачык бир кызга сүйлөшүп: «Кайын атамдын тизесин эле жылытып бер» деп, акидей асылып жүрүп, макулдатат, анан кайын атасына нике байлатат. Убакыт өтүп, күз келип, эл кыштоолоруна көчөт. Кыш келгенде кайда барышмак эле, казөрдөккө кылтак салып, өлбөстүн күнүн көрүшөт.

Кийинки жылы бээ дагы кулундайт. Аны саап ичишет. Ошондо Мейрман карыяга никелештирген кыз эркек уул төрөйт. Карыя азан чакырып атын коёт. Келини киндигин кесип, кирин жууйт. Жаратканга жалынып баланы багышат. Күн өтүп, ай толуп, жыл айланат. Бала чоңоё берет.

Төрөлгөн бала он эки жашка толгондо Мейрман карыянын небере келини ошол бала менен өзүнө нике кыйдырат. Арадан жыл өткөндө келин эркек төрөйт. Баягы бээ жылыга кулундап, бир үйүр жылкы болот. Анын ичинен айрымдарын айырбаштап, кой-эчкилери көбөйөт. Мейрман карыя Жараткандын бергенине тобо кылып:

– Эми, өлсөм арманым жок!-дейт.

Бир кездерде келип, алачыкта жаткан абышканы шылдыңдап кеткен жигиттер арадан он беш жылга чукул убакыт өткөндө, дагы сейилдеп жүрүшүп, абышканы эстеп, атайы ошол тушту болжолдой бастырып келишет да, чалкайган ак боз үйгө туш болушат. Үйгө чукул желеде кулун байланып, андан ары жагында кой жатат. Үйдүн жанында чепкенди желбегей жамынып, абышка отурат. Жанында кичинекей балдар ойноп турат.

Жигиттер чукулдай келип, салам айтышат. Аларды атынан түшүрүп, үйүнө киргизип, алдыларына аш койдурат. Жасалгалуу үйдү айланта карап, жигиттердин бири ушул жерде мындан он беш жыл мурун камыш алачык турганынан кеп салат. Карыя унчукпай угуп:

– Ооба, ошол алачыкта жаткан мен болчумун-дейт.

Кудайдын кудуретин карасаң, жигиттер ошондоку осолдуктары үчүн кечирим сурашат. Мына Орус бийим, Жараткандын жакшылыгынан үмүт үзбөгөнүң оң! Ошентип, Мейрман атабыздан тукум калып, андан уланып, азыр биз бир уруу элбиз. Жараткан жакшылыгын берсе, эптеп элиңе жетсең, аккан арыгыңдан суу агаар-деп, бек узун сабак сөзүн аяктайт.

Эртеси бектин айлындагылар менен коштошуп, жолго чыккан Орус бий алыс жол басып, өз элине келет. Жалпы эл алдынан тосуп чыгып, салт-адаттар жасалгандан кийин, атайы үй көтөрүп беришет. Ошол учурда Шопок баатыр жортуулдап, алыска барып, бойго жеткен бир кызды олжолоп келип, ылайыктуу бирөөнө баш байлап берүүнү көздөп, айлында кармап турган экен. Орус бийдин балдарынын баа-

рынан, кемпиринен ажырап келгендигин билгенден кийин, олжого келген кызды тартуулап барып, никелештиришет. Кийин Орус бий ошол аялынан балалуу болуп, тукуму уланат.

* * *

Мамаке менен Шопок элге келгенден кийин – көп жылдарга чейин эл ичинде болушат. Эки жактарга көп чыкпайт. Мурункудай турмуш өз нугу менен жүрүп жаткансыганы менен жетишпестиктер дале чыга баштайт. Жаркен хандыгынын ичинде чыр-чатактардын көбөйүп, кара такыялуулар баш көтөрүп, кайрадан бийлик талашуу күч алып, айланасындагы элдердин да бейпилдиги бузулат. Алардын таасири алыстагы кыргыз элине дагы тийип, эл коогалуу күнгө туш болуусу ыктымалдыгы жаралат. Жаркен хандыгынын бийлик эгеси, Аппак кожо наамын алган Идаятулла өз таасирин арттыруу үчүн алыс-жакын элдерге чапкынчылыгын күчөтөт. Жаркен хандыгын бир кездерде ээлеген Абдулла хан чоң шаарлар менен аймактардын бийликтерин кыргыздарга айласыздан бийлеткен. Себеби, ал өз бир туугандары менен балдарына ишенбей, алардын колунан мертинип калаарында кыргыздардын колдоосуна муктаж болгон. Ошону кектеп, Идаятулла кожо хандык кылган учурунда кыргыздарга каршы кыргынчылык иштерин жүргүзөт. Алатоо жергесине чейин жетпесе да Жаркендин, Кашкардын айланасындагы кыргыздарга кыргын салынып, башкалар сыяктуу эле кордукка кабылышат.

Жаркен хандыгы менен чектеш, канаатташ жаткан Жуңгар калмак хандыгы да зулумчулуктарын күчөтөт. Кыргыздарга тынымсыз жортуулдарын жасайт. Идаятулла кожого калмактардан катуу кордук көргөн кыргыз урууларынын биринен атайын элчи келип, баш калкалоо максатында кожонун букаралыгына өтүү жөнүндөгү элдин пикирин айтат. Жаркендин хандык тактысын ээлегенден кийин Хан Кожо

аталып, кийин Аппак кожо же «Ааламдын кожосу» наамын алган Идаятуллага жигит болуп, кызмат аткарып, кожонун негизги оюн, кийинки максаттарын толук билип жүргөн, келечекке көзү жетик, ою бийик бир кыргыз адамы элчиликке келген кыргыздардын сөзүн угуп, кожодон мурда озунуп:

– Ой-оой, бир тууганым! Кыргыздардын атасы тоо, энеси суу эмес беле?-дейт, үнүн катуу чыгарып.

Аны уккан кыргыз элчиси: «Кожодон жардам күтпөй, жакшылык үмүт этпей, тоо аралап жашап, суу жээктеп өнүккүлө» дегендей түшүнүп, «ушул кишинин айтканы туура» деп, артын карай аттанып кетет. Ошондон кийин кыргыздар Идаятулла кожо менен биригүүнү ойлобой, андан алыстоону максат кылышат. Бирок, кожонун чапкынчылыгынан кутула алышпайт. 1682-жылы бийликке келип, 1696-жылы кара такыялуулардын башчысы Даныял кожо тарабынан өлтүрүлүп, бийлиги тартылып алынганга чейин, Аппак кожо же Ааламдын кожосу атыккан Идаятулла кожонун кысымы күчөп, кыргындан аман калган кыргыздар тоо аралап, жан сактоонун, тукум улап, урпак калтыруунун айласын издейт. Кыргынчылыктан кожо мертингенден кийин гана кутулушат. Чыңгыз хан тукумдарынан бийликти тартып алган алгачкы адам катары атагы алыска кетип, таанымал адам атыкса да, бийликте турган он төрт жыл ичинде аттиң-ай, бир далай элдин канын суудай агыздырат Аппак кожо.

Баардык бийлик ээлери өз бийлигин кан төгүү менен бекемдеп, баш көтөргөндүн башын кесип, тил кайыргандын тилин сууруп тургандыгы белгилүү. Идаятулла кожо да кыргыздардын кыйын, жоокер калктардын бири экендигин сезип, аларды баш көтөртпөөнүн амалын издеген. Жаркен хандыгын түптөгөн Сейит султанды да, кийин Абдулла ханды да кош колдоп колдогон кыргыздар бир толкуса, далайды жапырып түшөөрүн билгендиктен Аппак кожо кыргыздарды ордого жакындатпоого тырышкан.

Ушундай жагдайлардын баардыгын көрүп-билип турган Мамаке менен Шопок бир кездерде өзүлөрүнө башчы болгон Идаятулла кожонун жасагандарын жактырышпагандыктан, ал баштаган улуу жүрүштүн жеңишинде сый катары: «Ошко барып хандык кылгыла!» деген буйругунан баш тартып, ал гана эмес, "келип, сый көрүп кеткиле?" деген чакыруусуна да маакул болушпайт.

Аппак кожонун же Ааламдын кожосунун кыргынчылыктарына Жаркен хандыгынын айланасындагы кыргыздар айрыкча кабылып, Алатоо тарабындагы кыргыздар четте калгандыгын баса айтуу керек. Кожонун кожолугун сыйлап жүрүп, кийин андан кордук көргөн кыргыз уруулары анын мурид-мушриддеринин эл ичинде иш жүргүзүүсүнө ачыктан-ачык каршы чыгышат. Ошондой эле Хан кожонун үндөөлөрүн кабыл алышпайт. Ушундан улам анын кыргыз элинин ичинде кадыр-баркы түшүп, жек көрүү сезимин пайда кылат. Мындай болгон шартта хандын буйруктарын аткарууга эч ким маакул болбойт. Барган сайын кожонун удайчыларынын, шакирттеринин эл ичине келүүсүнө тыюу салынат. Ошондон кийин кожолордун динаяттык агымы кыргыз эл ичинде толук токтотулуп, Ислам дининин шарыяттарынын негизинде гана Аллага кулчулук кылууну көздөшөт. Кожолордон түңүлүп, аларды колдогондон баш тартышат. Эл ичинде азыркыга чейин айтылган: «Ишенген кожоң суугга акса, алды-алдыңдан тал карма» деген сыяктуу кожолорго байланышкан ылакап кептер ошол учурларда пайда болгон сыяктанат.

Замандын бир калыпта турбагандыгынан жана да элдин жашоосунун начардыгынан Шопок Жаркендеги никелешкен аялы Айапага берген убадасы боюнча үч жылдын ичинде бара албайт. Төрөгөн баласын көрбөйт. Шопоктун Жаркенге кайрылып барбагандыгына жогорудагы окуялар чоң таасирин тийгизет. Элди багуу үчүн Бети-Каранын талааларына эгин айдап, дан бастырууга далаалаттанат. Бердике ага-

сынан жардам албай, аны менен катышпай калгандыктан, иниси Божокой экөөлөп, арык чаап, жер сугарышат. Алган эгиндерин малга айырбаштап, накта маңдай тери менен тапкан эмгегинин үзүрүн көрүшүп, үч-төрт жылда турмуштары оңолот.

Мындай оорчулук турмушка Мамаке баатырдын да туугандары кабылышат. Алар да эгин айдап, дан бастырышат. Кайра калыбына келгенче элди багууну өз моюндарына алган Мамаке менен Шопок жортуулга чыкпайт. Себеби, баардык элге бирдей жетишпестик келип, Чың империясынын темир каганы атыккан Коң таажынын колдоосуна ээ болгон Жуңгар ханы Галдандын чапкынчылыгына кабылып, аны менен кармашууда жеңилүүгө дуушарланган кыргыз эли абдан алсырап тургандыктан, жортуулчулардын колуна илингидей нерсе да жок сыяктанган. Ошондуктан баардык баатырлар жортуулга чыгууну ойлобой, жапа тырмак эмгектенип, эл багуу менен алектенишкен.

Жылдар өтүп, Шопок баатыр Жаркендеги тааныш-билиштеринен, катташкан кишилерден Айапанын эмне төрөгөндүгүн сурамжылай берет. Бир жолу Кашкар тарабынан Торугартты ашып келаткан бир жолоочу Шопокту таанып, атайын барып учурашат. Жолоочудан Жаркен, Кашкар аймактардагы ал-абал тууралуу кабарларды угат. Андан кийин Айапаны сурайт. Жолоочу Айапаны көрүп жүргөнүн, Шопок элине кеткенден кийин жарым жыл убакыт өтпөй эркек уул төрөгөнүн айтат.

Үйүнө чакырып, кадырлуу конок катары урматтап, эки күнү өргүтөт. Ошол жолоочудан Айапа төрөгөн баласынын атын: «Баатырымдын аманаты эле» деп, Мырзанабат койгондугун, бала үч жаштан өткүчө аны багуу менен алектенип, үйдө отурганын, кийин колун сурап келген бир бай адамга баш кошкондугун угат.

– Мен үч жыл күт дегенмин. Үч жылдан кечиксем, башың азат! Жолуң ачык. Өзүң ылайык көргөн

бирөөнө бүлө боло бер деп айтканым чын. Бой жүргөнчө турмушка барганы жакшы болуптур. Өгөй болсо да ата көрүп өскөнүнө, балама да ырас болгон экен-дейт, Шопок сүйүнүп.

Жолоочу жолго чыгаарында бир ат мингизип, сыйлап узатат. Ушундан кийин көңүлү тынып, ак никелеп алган аялы айткан аманатын аткарганына ыраазы болот. Арадан мезгилдер өтүп, жылдар айланат. Турмуш шарттын оорчулугу жеңилдеп, элдин тиричилиги оңолот. Жол тартып бараткан дагы бир кербенчиден аялы Айапа кийинки күйөөсү менен Жаркендеги бийлик талашкан кожолор салган коогаландардан улам Ооганстан тарапка өтүп кеткенин угат. Ошол бойдон Айапанын кабарын таппай, дарегин билбейт.

Ар жылы эгин айдап, эгинди малга айырбаштап, көп мал курап, мурунку калыбына келген кезде Шопок эл аралап чыга баштайт. Баатыр катары урматка жетет. Нойгут элине чейин барып, Таңсык деген кызды жактырып, элдеги кадыры арткан кишилерден жиберип, кудалашып, той берип, калыңын төлөп, никелешет. Ошол Таңсыктан беш уул көрөт.

Ал учурларда Жаркен хандыгында кан төгүшүүлөр тынымсыз уланат. Шадип кожонун уулу Даныял кожо тарабынан Идаятулла кожо өлтүрүлүп, кара такыялуулар бийликке келгенден кийин, Жаркен хандыгында мурунтан тутанган от өчпөй, өөрчүп күйүп, элде тынчтык болбойт. Аппак кожо наамын өзүнө ыйгарып алган Идаятулла кожонун уулу Ахмет кожо ак такыялууларды бириктирип, Даныял кожого каршы козголоңдорду баштайт. Өз бийлигин бекемдеп алууга жетише элек Даныял кожо ошол кездеги жуңгарлардын ханы Галдандын жардамы аркылуу Ахмет кожону колго түшүрүп, ак такыялуулардын канын суудай агызат. Ахмет кожону Бурхануддин, Жахан деген эки баласы менен бирге Эрен кабырага айдатып, катуу көзөмөлгө алдырат. Бул окуя 1699-жылга туура келет. 1707-жылы Ахмет кожо өлүп,

анын балдары Эрен кабырада калат. Арадан жылдар өтүп, Ак-Суунун беги Абдубахап менен Үч-Турпандын беги Хожысынбек Чың империясынын генералдары Бандий менен Июң Чанга киши жиберип, аларды кийлигиштирип, Бурхануддин менен анын иниси кожо Жайханды Эрен кабырадан куткарат.

Дагы мезгилдер өтүп, Бурханиддин Тянь-Шандын түштүгүндөгү кожо Жахан Тянь-Шандын түндүгүндөгү мусулмандарды башкарууга жиберилет. Бурхануддин бийликке келээри менен өз аймагындагы мусулмандарды Чың империясынын темир каганына баш ийдирүү үчүн жанын сабап, өзүн Эрен кабырадан куткарган генералдардын кылычын чаба баштайт. Бурхануддинге Үч-Турпандын, Ак-Суунун бектери да кошулат. Ошол учурда Ак-Суу кыргыздарынын башын бириктирип турган Заман Кулубек мырза да Бурхануддин менен биригет. Ал учурда Кашкар, Жаркенди бийлеп турган Даныял кожонун балдары, кожо Жусуп баштап, Бурхануддинге каршы жүрүш жасайт.

Жуңгар ак сөөктөрү менен согушуп жүргөн кыргыз урууларынын башчылары Кубат мырза, Өмүр мырза кара такыялууларды колдобой, Бурхануддинге келип кошулат. Кубат мырзанын кайраткерлигин, баатырлыгын билген Бурхануддин Ак-Суу, Турпан, Кашкардан чогулган уйгурлардын колуна башчылыкка дайындап, 600 калмак, 200 канзуу жоокерлерин кошуп берип, уруштун алдыңкы сабындагы жетекчиликке жиберет. Эң күчтүү колду баштаган Кубат мырза Кашкарды да, Жаркенди да Даныял кожонун уулу Жусуп кожодон тартып алат. Бул аймактарга бийлик кылган Бурхануддинге Хотендын бийлик ээси Кушкабек аскерлери менен келип, багынгандыгын билдирет. Ошону менен Бурхануддин кожо Жаркен хандыгын ээлейт. Ал эми Даныял кожонун черүүлөрүн баштап Жусуп кожо, Маман кожо, Такыя кожолор качып кетишет. Алар менен биргелешип жүргөн Жаркендин беги Баатырбек, анын уулу

Обозбек, Каргалыктын беги Мирниязбек, уулу Мырзабазбек менен Бурхануддинге биригишет.

Бурхануддиндин иниси кожо Жахан агасына каршылашып, Даныял кожонун уулдары менен биргелешип, кара такыялууларды баштап, Бурхануддин менен согушууга аттанышат. Акыркы кармаштагы жеңилээринде качып кетип, кийин кайрадан Бурхануддинге келип, аны Чың империясына каршы аттануусун суранат. Бурхануддин Чың империясына ак жүрөктүүлүк менен кызмат кылаарын айтат. Жахан жергиликтүү аким, бектерди чогултуп, Бурхануддинди көндүрүп, көп аймактарды камтыган көтөрүлүш баштайт. Агасы Бурхануддинге Аппак Кожо наамын берет. Бул тарыхта Аппак кожо же Ааламдын кожосу деген наамды алган экинчи адам катары жазылат. Жахан кожо өзүнө Баатыр хан деген атак алып, Чың империясына багынган аким, бийлерди четке кагып, Жаркен хандыгынын бийлигин ээлеп, агасы Бурхануддинди бийликке куурчактай кылып, отургузуп коёт.

Бурхануддин иниси Жахан кожонун тилине кирип, кайрадан козголоң баштаганда кыргыз баатырлары Кубат мырза, Өмүр мырза, Абдылдабек өз жоокерлерин баштап, жер-жерине кетип калышат. Өз элдеринин тынччылыгын сактап, Жаркен хандыгына алык-салыктарды төлөөдөн жана алар менен мамилелешүүдөн биротоло баш тартышат. 1756-жылы Чың империясы көп аскер жиберип, Жаркен хандыгын талкалаганда Бурхануддин менен кожо Жахан качып чыгышат. Бурхануддин эмне болгону тарыхта белгисиз. Анын иниси Жахан кожо Памыр тоосун ашып, Бадахшанга качып барганында ал жердин беги Султан шах кармап алып, башын кесип, Чың империясынын бегине өткөрүп берет. Бирок, жогорудагы уруш-салгылаштарда кыргыздар четке калбайт. Айрыкча Ак-Суу кыргыздарынын беги Заман Кулубек мырза көп милдеттерди аткарып, айлакерликтерди жасайт. Ал баштаган кол Жахан кожонун жоокерлерин артынан кубалап жүрүп, сокку берет.

Жаркен хандыгындагы ушундай кандуу окуялар анын айланасындагы көптөгөн элге өз зыянын тийгизип, алардын өсүп-өнүгүүсүнө чоң тоскоолдук кылган. Ушунун баарысын угуп-билип турган Мамаке, Шопок Жаркенге барууга белсенишпейт. Бул аралыкта калмак хандыгы да Алатоо аймагындагы элге өз залакасын тийгизип турган. Кожолордун ортосунда талашка түшүп, баардык учурда кан жыттанган Жаркен хандыгы 1756-жылы Чың империясы тарабынан талкаланып, хандык тактысы жоюлат. Айтору, узак жылдар бою айланасындагы элдерге тынчтык бербей, өз өкүмүн жүргүзүп, аймактардагы элди экиге бөлүп, бири-бирин каршылаштырып, Исламды жамынып, бийлик үчүн бир тууганына бир тууганы душман чыгып, кан төгүүнү адатка айландырган кожолордун уюгу ошентип жок кылынат.

Кожолордун дүрбөлөңдөрү ушул боюнча тынчыбайт. Жогорудагы окуялар болуп өткөндөн алтымыш жылдай убакыттан кийин Бурхануддин кожонун неберелеринин бири Жахангир кожо Кашкарда Чың империясына каршы көтөрүлүш баштайт. Аны кыргыздар Жаангер кожо деп аташкан. Жаангер кожо бул көтөрүлүшүн ата-бабалардын арбагы үчүн, алардын куну үчүн деп ураан таштайт. Ал өзү Ооганстан тарабында илим үйрөнүүдө жүргөнүндө Англиялыктарга бакан ооздук кылат. Негизинен Жаангер кожонун бул көтөрүлүшү агылжындардын шыкагы менен башталгандыгы тарыхта так айтылат. Себеби, анын артынан ээрчигендерди он эки англиялык адамдар баштап жүргөндүгү белгилүү. Мындан тышкары беш англичан кожонун жанында такай туруп, баардык иште кеңеш беришкен. Бул көтөрүлүш кыска убакытта басылат. Ушундан кийин кожолор максаты бар бир чоң, олуттуу иштерди баштап чыга алышпайт. Анткени, алар баардык элдердин, алардын ичинде кыргыздардын ишеничинен эбак кетип калышкан.

Ал эми калмактардын Жуңгар хандыгы да тынчыбайт. Анын ханы Галдан Чың империясына баш

ийгендигин билдирип, бирок, өз алдынча көп чапкынчылыктарды жасайт. Алатоо аймактарындагы кыргыздарга да баскынчылык кылат. Галдандын өз жээни Суаң Араптан 1696-жылы катуу көтөрүлүш жасап, Галдандын бийлигин тартып алат. Галдан ардангандынан уу ичип өлөт. 1727-жылы Суаң Араптан өлүп, анын баласы Галдан Серин бийликке келет. Бул аралыктарда көптөгөн кыргын-сүргүндөр болот. Алардын баарында кыргыздар аралашат. Галдан Сериндин кыргыздарга каршы чапкынчылыгын токтотууну максат кылган Өмүр мырза менен Кубат мырза Күчар аркылуу Хотен шаарына өтүп, Галдан Серин жиберген салыкчы мансапдарларды жок кылып, Каргалык тарабына өз алдынча бийлик жүргүзүп, жуңгарларга ачыктан-ачык каршылык көрсөтүшөт.

«Кагылыштан хан өлөт» дегендей, 1745-жылы Галдан Серин өлтүрүлүп, анын ордун Дабачы тартып алат. Бул учурда Чың империясы көптөгөн кол жиберип, Жуңгарларды талкалоону көздөйт. Уруш көпкө созулбайт. Акыры Чың империясынын жеңиши менен аяктайт. 1755-жылы Чың империясы тарабынан талкаланып, калмактардын ойрот-жуңгар хандыктары да ойрондолот. Калмактардын канчалаган жортуулдарына кабылып, чабылган учурунда чабылып, алдуу кезинде мизин майтарып, жерине жете барып чаап, үстөмдүгүн да көрсөткөн кыргыз эли жуңгарлардын ак сөөктөрүнө бир да жолу тизе бүгүп, баш ийген эмес. Атүгүл, бир карыш жерин да алдырбаптыр, кудайга тоб-бо!

Калмактар менен кыргыздардын чабышууларынын акырына Тайлак баатыр чыккан деген сөз бар. Бул туура. Бирок, Тайлак баатыр Мамаке менен Шопоктон көп жылы кийин жашаса да, анын бир жолку баатырдыгын айта кетүү ашыкча болбос. Жахангир кожо Кашкарда тополоң баштап коюп, өзү качып, кыргыздардын арасынан баш калкалоо издейт. Аны кубалап, Чың империясынын аскер башчыларынын бири Саянту Тянь-Шань тоолорунун ба-

тыш тарабына чейин келип, кайра кетээринде бул жердеги кыргыздардын жүздөн ашык кыз-келиндерин олжолоп жөнөйт. Ошондо Тайлак баатыр эки миңдей киши менен аттанып чыгып, Чың империясынын Саянту баштаган аскерлерин тоолорго камап, катуу сокку уруп, олжологон кыз-келиндерди куткарып чыгат. Жогоруда белгиленген кыргыздар Жаангер кожо атаган Жахангир да кыргыздарга жакшылык каалаган эмес. Кашкардан качып чыгып, кыргыздарга келгенинде, ушул элден кол жыйнап, Чың империясынын аскерлерине каршы аттанууну көздөйт. Анын бул айтканына кыргыз билермандары маакул болушпайт. Себеби, кыргыз эли кожолорго ишенбей калышкан. Мындан тышкары Чың империясы күчкө толуп турган кез. Ага каршы аттанууга мүмкүнчүлүк жок болчу. Кыргыздардан колдоо таппаган Жахангир кожо Бадахшанга кетип, ошол жерден башы кесилбеди беле, түгөнгүрдүн...

* * *

Улам жылдар өтүп, Шопок баатырдын балдар-кыздары эр жетип, бой тиреп, үйлөнө турган учурлары келет. Тоңдук Алтыбай деген адам менен кудалашат. Урматташып, алыш-бериш кылып, ызаатташып, ич-ара сыйлашат. Элдик салтты бузбай, үрп-адатты аттабай, кудалык жолдон чыгышпайт.

Бир жылдары Шопок баатыр жанына иниси Божокойду, кудасы Алтыбайды ээрчитип, көп жигит алып, жортуулга жөнөйт. Жол жүрүп, Көк-Ойрокту ашып, Казак жерлерине түшөт. Адегенде малды чабат, андан шашылбай кайра кайрылып, үй мүлктөрүн чаап, жолго чыгаарында Божокой ээн калган бир үйгө кирип, там-туң баскан кичинекей баланын коркуп, ыйлап отурганын көрөт. Үйдүн ичинен учук жипчелик бир нерсе албай, Божокой ыйлаган баланы көтөрүп, бир аз эркелетип, ыйынан сооронтот. Көтөргөн бойдон атына келип, байлана жүргөн жем баштыгына салып, канжыгасына байлайт.

Күтүрөгөн малды айдап, алган олжолорун артынып-бөктөрүнүп, көп жол басып, жайлуу жерге келип, туш-тушка караол коюп, ат тыныктырышат. Канжыгасындагы жем баштыкка салынган баланы унуткан Божокой атын тушап, отко коюп, башкалар менен бирге кепке аралашып отура берет. Ошол учурда Божокойдун аты оонайт. Оонаган атынын капталындагы бөрсөйгөн баштыкты көрө калып, баланы эстеп, алаканын шак чабат.

– Эсиме жара чыгып, эстебей калып, бөөдө өлүм кылган турбаймынбы!-деп, өзүн жемелеп, карганып-шиленип барып, жем баштыкты чечип алат. Ачып караса, баланын эси ооп жатат. Бала эсине келгиче жанындагылардын бирин да аттантпай, малды да айдатпай, Шопок баатыр күтүп отурат. Күн кечтеп бала эсине келгенде өзү аттанып:

– Айдагыла, малды!-дейт.

Баланы улам бири өңөрүп, малды айдап, шыдыр жүрүп, элге келишет.

– Бул чабуулдун баатыры ким болду?-дешет, айылда калгандар.

Чапкынды кандай чапканын, ким кандай эрдик кылганын кеп кылып, ар кимиси ар кайсыны айтышканында, Шопок баатыр:

– Чапкындын баатыры – Божокой болду! Биз мал айдап, мүлк жүктөп жүрсөк, Божокой кара башыл киши байланып келбедиби! Кишинин башынан артык байлык болобу?-дейт.

Азыркы Нарын шаары турган жерлер мурда ээн жаткан талаалар болгондуктан, жаз-күз мал жайышат. Кийин «сооданын чордону» атыккан Кашкар менен Анжияндын ортосун байланыштырган чоң жолдун мерчемдүү жери ушул жер болот. Ары-бери өткөндөр бул жерди түнөк кылышат. Айрымдары ат-көлүктөрүн тыңытып алуу үчүн жумалап өргүйт. Ал эми Нарын суусунан кечип өтүү кыйындайт. Айрыкча жазгы суу киргиндеп турганында, андан эч ким кечип өтө албагандыктан, соодагерлердин, баш-

ка жүргүнчүлөрдүн жолу торолот. Муз түшүп, суу киргенден баштап, мөңгүлөр азайып, суу тартылганга чейин бул жол менен киши каттабай калган учурлар көбөйөт. Жол жүргөндөр үчүн башка жолдун азабы бир тең, Нарын суусунан өтүү бир тең сыяктанат. Суу – тилсиз жоонун бири го, андан кече албай, зыян болгондор, мал-мүлкүн агызып жибергендер чыга баштайт.

Жүргүнчү-кербенчилердин мындай табигый кыйынчылыкка кабылгандыктарын көргөн Шопок баатыр бир жылы күздө узун-узун карагайлардан кестирип, калыбы менен алдырып келип, Шаркыратманын суусунун куюшунан өйдөкү куушка көпүрө салдырат. Ошондон кийин жол жүрүүчүлөр оор түйшүктөн, санаалаткан мүшкүлдөн кутулушат. Шопок баатыр өзү суунун күңгөйүнөн конуш алат. Көпүрөдөн эл тынымсыз өтүп, Шопок баатырга ыраазычылыктарын айтышат.

Бир жолу жаздын күндөрүндө Анжыян тарабынан келип, Кашкарды карай бара жаткан көп соодагерлер түшкө чукул көпүрөөгө келишет. Ар башка улуттардын кишилеринен чогултулган кербендердин башчысы өзүбек экендигин байкашат. Алар баардык жүк жүктөлгөн аттарын, төөлөрүн көпүрөдөн өткөрүп, өзүлөрү өйүзгө чыккандан кийин баарылап көпүрөнү бузуп, узун карагайларды сүйрөп, өзүлөрү өтүп алган теской тарабына чыгарып таштышат. Берки өйүзүнөн кыйкырган Шопок баатырдын сөзүн угушпайт. Кайра жаман сөздөрдү айтып, муштум түйүшөт.

– Кирген суудан кечип, бизге жетмек белең! Кайра келгенибизде бизди таанымак белең! Колуңдан эмне келет?-деп, шылдыңдап күлүп, аттанып жөнөп кетишет.

Ачуусу катуу келген Шопок баатыр жанындагылардын бирин атка чуркатып, Кара-Долуну токуттуруп келип, найзасын колуна алып, атка секирип минип, жазгы күпүлдөп кирген сууну көздөй теминет. Жанында тургандар:

– Баатыр, көпүрөөнү эртең өзүбүз эле оңдоп коёбуз! Суудан кечпе?!-деп, кемселинин этек-жеңинен кармап, айныртканга аракет кылышат. Болбой Кара-Долуну теминегенде, ат алдыга карай алкынат. Кемселинин этек-жеңин тарткылагандардын колунда калтырган Шопок баатыр, ылайланып, кара ажыдаардай чамынган Нарын суунун көпүрөө салынган куушунан ылдыйкы – анча жайык эмес жеринен кирет. Сууну жирегенде жалы менен соорусун жаба бергенине карабай, Кара-Долу калкылдап сүзүп жөнөйт. Үстүндө Шопок баатыр. Ээрди суу каптаган. Шар аккан сууга туруштук берип, суу агымына карай кыйгачтай сүзүп, Кара-Долу өйүзгү жээкке чыгат. Шопок баатыр эки жагын карабай, ат-көлүгүнөн суу шорголотуп, кербенчилердин артынан сабайт.

Жол менен чубаша бастырган көп кербенчинин алды Шаркыратманы өрдөп, бир далай жерине барып калганында, жете келген Шопок баатыр беш-алтоону миңгичтеринен кулата чаап, кербен башынын көзүнө найза такап, баарысын кайра артка айдатат. Алдына салып, мал айдагансыган Шопок баатыр кылчайганын кылычтап, кыйыктанганын найзалап, суунун жээгине алып келип, бийик жарчанын кашатына камап, сайга батпай ташкындаган дарыяны карай шыкап:

– Сууга өз ыктыярыңар менен секирип түшкүлө! Болбосо, өзүм бирден салып жиберемин!-деп, каарданат.

Баатырдын каарынан жана жаалынан корккон соодагерлер айлаларын таппайт. Күн кечтеген сайын суунун агымы күчөйт. Сууга секирмек түгүл, дит багып карагандан жалтайлаган кербенчилер жан соогалайт. Ошондо кербен башчысы курун мойнуна салып, колуна бир наристе эркек баланы көтөрүп, Шопок баатырдын алдына жүгүнүп келип:

– Баатыр! Кемчилик бизден кетти! Сизге мал-мүлк тартууласак, аларга ыраазы болбойсуз. Биздикиндей дүйнө-мүлк колуңузда турат. Ушул наристени менден белек катары алыңыз. Бул менин өз

канымдан чыккан уулум эле. Тукум кылып алып, биздин башыбызды азат кылыңыз-дейт, айласыздан мүңкүрөп.

Шопок баатыр баланы баштыкка салдырып, канжыгасына байлатат. Чоң кербенчилер алыс жолго, узак мөөнөткө чыкканда үй-бүлөсүн ала жүргөндүктөрүн билет. Бала өңөргөн аялдын кербенчилердин ичинде баратканын мурунтан байкагандыктан: «Өз уулум эле» деген кербен башынын сөзүнө ишенет. Ошондон кийин каарданганын токтотуп, бардык кербенчини жардын башынан айдап түшүп, бузулган көпүрөнү салдыртат. Күүгүм киргиче көпүрөнү калыбына келтиртип, кербенчилерди туткундагандан бошотот.

Алмончоктой баласын берип, башын куткарган кербен башчысы көз байланган кара күүгүмдө кербенин баштап жолго чыгат. Баланы байланып келген Шопок баатыр:

– Бала тукум болот! Башка баш кошот! Баштан артык байлык жок!-дейт, ачуусу тарап.

Шопок баатыр Кара-Долу деген атты көп жыл минет. Теги, баатырга түтчү ат түтөт, андай атты күтпөсө болбойт. Жортуулга чыккандагы жол алыс. Нечен ашуу ашат, таш басат. Агымына тоо тоскоолдук кыла албаган Нарындай дайралардан кечет. Жумалап эмес, бир айлап жонунан ээр түшпөгөн учурларга кабылат. «Куугун кууса тулпардай, ашуу ашса шумкардай» дегендей, баатырга аттын аты чыдайт. Кармашка кирсе колдун учу менен башкарылып, жалындан жалтанбган, суудан тартынбаган, отко койгон жерден жылбаган, айбанчылык кылбаган, адамдын оюн билип тургансып, жан-жолдоштон артык сезилген Кара-Долуну өз канатындай көргөн Шопок баатыр, алпештеп асырайт. Өзү суутуп, өзү багып, кара жумушка салдырбайт. Айтору, жоокерчиликтен башкага минбейт.

Жансыздын баары карыбайт. Жандуулар кайра жашарбайт. Кайра жашарбагандан кийин Кара-До-

лунун да карыган учуру келет. Алы кетип, күчү тайыйт. Ошондо көп жылкыга кошуп, кенен жайлоолорго агытат. Анын сыңарындай, Шопок баатыр өзүнүн жашы өткөн сайын өрүшү толуп, олбурлуу киши болот. Айрым аттар көтөрө албай калат. Аттан ат тандап жүрүп, кийин Бука-Тору деген кабелтең атты өзүнө ылайыктап, аны көп жылдар бою минет. Бука-Тору аталганына жараша букадай кабелтең, кыйынчылыкка чыдамдуу, ыдышка тутумдуу ат болгондуктан, аны менен да көп жерлерди кыдырат. Ак-Сайдын Мүдүрүмүнөн чыгып, Нарынга бир күндө келет. Бети-Карадан чыгып, Чоң-Кара-Кужурдун башына чейин тынбай жүрүп барса да чаалыкпаган, алдуу-күчтүү ат болот. Кара-Долу менен Бука-Торудай ат кийин табылбайт-ай Шопокко.

Байлыгынын үстүнө байлык кошулат. Бети-Каранын талаасынан алынган эгинди малга айырбаштап, анын үстүнө Шопок баатырдын жортуулдап тапкан олжолоруна олжо уланып, малы көбөйөт. Айрыкча жылкы тукуму арбыйт. Жылыга төлдөйт. Элде айтылгандай –куюшканы бекийт. Кийин жылкылары кара бозго айланып, эсеби миңдеп-сандап айтылат. Ошондо атасыз-энесиз жетим калган балдар Шопок баатырга келип: «Бала кылып алыңыз?» дешет. Өз туугандарынан алыс элден: «Бала болом» деп келгендерди Шопок баатыр баш тартпай, бала кылып алат. Айрымдарын колунда бар, бай жашагандарга асыранды кылып берет. Башка айылдардан: «Шопокко эл болобуз» дегендер да чыгат.

Жалаң кара боз жылкылар көбөйө берип, «Шопоктун сан кара бозу» аталып, көпчүлүккө белгилүү да, таанымал да болот. Жайкысын Солтон-Сары, Кара-Саз, Кара-Каман, Балгартка чейин жайлатып, кышкысын кар аз жаагандыктан Кара-Кужурга кыштатат. Саны билинбеген сан кара боз жылкы ошентип, өзү менен өзү көбөйөт.

Кийин балдары малды бөлүп алышканда, ошончо жылкыны бир өрөөнгө айдап келишип, бирден

санаганга мүмкүн болбогондуктан, ортосунан аралай бастырышып, бир тарабындагысын Шопок баатырдын улуу аялы Айтбек энеге тиешелүү балдар алып, экинчи тарабындагысын Таңсык эненин балдары алышат. Ошондо бир бээ жаңыдан тууп жатканын көрүп, аралап бастырган жылкы бөлгөндөр токтоп, жакын жерден карап турушат. Тууган бээ кулунун өзү оозантып, ээрчитип, Айтбек эненин балдарына тийген жылкылар турган тарапка кошулат. Аны төлгө кылгандар: «Жылкынын ыйыгы ошол тарапка кетти» дешет. Анын канчалык деңгээлде чындыгы бар экендиги белгисиз. Бирок, Шопок атанын балдарынын баарысы бирдей экендиги анык.

* * *

Идаятулла кожо өзү баштаган улуу жүрүшү соңуна чыгып, Жаркендин хандык тактысын ээлеп, өз бийлигин бекемдеп алгандан кийин мусулман элинен чогулткан баатырлар менен балбандарды таркатканында Мамаке баатырга сый кылып Дарканбозду мингизип кетирген. Элге келгенде Мамаке баатыр Дарканбозду аяп, аз-аз жортуулга минип, башка учурларда жонуна ээр токутпайт. Атүгүл, жалына чымын кондуртпайт. Кишиге карматпайт. Кастарлап багат. Бирок, жылкынын өмүрү адамдыкынан алда канча кыска болгондуктан, кайран Дарканбоз да карыйт. Канчалык суутуп, таптаса да жашы өткөн ат кайдан тапка келсин? Ошондо аны агытып, эркин коё берет. Көп өтпөй талаада агытылган жеринде шайы кеткенсип, көзүнөн жаш куюлуп, оттобой тургандыгын көрүшүп, жетелеп келип, элди чогултуп, чогуу бата кылып, «арам өлбөй, адал союлсун» деп, мууздашат.

– Эти, эт эмес, тарамыш экен! Кыр аркаларын ажырата албай, балталасак да, балтанын мизи сынды! Аркага ашталган кабыргалардын баштарын чыгара албай, бычактар талкаланды-дешет, Дарканбозду сойгон жигиттер.

– Ичегиси менен картасынын узундугу укмуш экен, эки чоң жылкыныкын бирине-бирин улаштыргандан да узун экен!-дейт, ичеги арткан келиндер.

– Казысы бар, картасы толук болгону менен майы абдан чарымдуу, бирок, башка жылкылардыкынан алда канча даамдуу экен!-деп, айтышат эт жегендер. Анын этин дары катары көрүшүп, көптөгөн элдер атайы келип жешет. «Үй-бүлөмө, баланчама, түкүнчөмө ооз тийгиземин» деп, бир кесимден сурап алгандар көп. Кийин: «Дарканбоздун этинен ооз тийгизбей койдуңар?!» деп, доомат, таарыныч кылгандар чыгат. «Укпай, билбей калыптырмын» деп, өкүнгөндөр андан да арбын.

Мамаке баатырга Дарканбозду тартуу кылганда, ал Шопок баатырга: «Сен да көп миндиң эле! Дарканбоздон эстелик кылып ал» деп, белекке берген чидерин Шопок баатыр аземдеп, атайы сандыкча жасатып, ошого салып катат. Ал таберик азем, ардактуу буюмдай укум-тукумуна калат. Азыркы күндө ал чидер Шопок баатырдын Чолчоке деген баласынын чөбөрөлөрүнүн бири Жанектин кичи баласы Ниязаалыныкында сакталуу. Ал туш келген кишиге жөн салды карматылбайт. Элдик салтты, мусулманчылыкты сыйлабаган кишилерге көрсөтүлө бербейт. Себеби, ал чидерди мурунку кездерде төрөтү катуу болгон аялдардын белине орогондо кудайга тобо – төрөтү жеңилдечү экен. Ар кандай ооруларга кабылгандарды да чидер менен ырымдашчу. Андыктан ал касиеттүү буюм катары бүгүнкү күнгө дейре аздектелет.

Жыл өткөн сайын Мамакенин жашы өйдөлөйт. Элүүдөн ашат. Мамаке менен айтылуу Санчы сынчы замандаш жашап, алака-мамиле кылат. Сынчынын сынчылыгы тууралуу жалпыга белгилүү окуялар эл арасында айтылган аңыздар бар.

Түпкү аталарыбыздын бири – Кылжырдын эки баласы: Орозбакты, Дөөлөс. Дөөлөстүн тукумдарынан кыйын чыккандардын ичинен Үчүкө, Түлкү. Түлкүдөн Тынай. Андан бүткүл Тынай эли тарайт. Үчүкөдөн Мамбеткул, андан Болот бий менен Теми-

раалы. Болот бий беш уулду болуп, аларга окшош кийим кийгизип, окшош ат мингизет. Элге кеңири белгилүү Санчы сынчыга Болот бий беш уулун сындатканда:

– Беш уулдан беш күрөң эл чыгат. Бирок, ошончо элден өзүңдөй бирөө чыкпайт! Сага бир аял сындап беремин – ошону алсаң, андан «Ат качырбас боз айгыр, Куу кумпай, Жалдуу барак деген балдарды көрөсүң!»-деп, Таалаке таркылдакты талаадан сындап, алып берет. Андан Болот бий жогоруда айтылгандай, эл бийлеген, журт башкарган балдарды көргөндүгү тууралуу санжырада кеңири айтылат. Болот бийден Ниязбек, андан Сегизбек, Сегизбектин эң кичүүсү Ормон хан.

Ошол касиеттүү сынчы элге айтат:

– Кыргыз эли бул бойдон жыргап турбайт. Оошкыйыштуу турмуш башталат. Коогалаң заман келет. Баскынчылар чыгат. Ошондо чыгаан баатырлар керек болот. Андай алп балбан, чыгаан баатыр жакшы аял жарашса Мамакеден туулат. Мага келсин! Мен аял тандап алып беремин!-дептир.

Сынчынын бул сөзү Мамакеге жетет. Жанына бир топ жигиттерди ээрчитип, Мамаке Санчы сынчыга жолугуу үчүн жөнөй турган болгонун угуп, Шопок эки жүз ат айдатып келип берет. Олбурлуу кишинин аттан жүдөп жүргөндүгүн билет да.

– Ушул аттардын ичинен өзүңүз мингенге жарактууларын тандап алып, калганын алган аялыңыздын калыңына бериңиз-дейт, бир туугандык кылып.

Мамаке аттанып жөнөп, узак жол басып, Кочкорго келет. Жоон-Арыктын оозунан тосуп чыккан бир тегирменчи баатырдын үйүнө түшүп, конок болуусун суранат. Жол жүрүп бараткан Мамаке күн кечтеп калгандыктан, анын ою менен үйүнө барып түшөт. Мамакенин аял алганы баратканын билгендиктен, баатырдын абдан энөөлүгүн, бат алданаарын мурунтан уккандыктанбы, айтору тегирменчи өзүнүн кызын алып берүүнү көксөйт. Баатырды

күйөө бала кылып алууга кызыгат. Башка күйөө баладан баатыр күйөө бала абдан артык, эки эсе пайдалуу болоорун ойлойт. Калыңды да көп берет. Атак-даңкын да көкөлөтөт. Баатырга кайын ата болуудан ашкан эмне бар?

Тегирменчинин үйүндө бозо, жарма үзүлбөйт. Аштык кенен. Андыктан бозону кордотуп салдырып, күкүрттөй күчтөнтүп, жуткан кишини кызыткыдай кылдырат. Мамаке жөнөкөй киши болбогондуктан, анын кайда, эмнеге бараткандыгы узун кулактар аркылуу башкаларга да белгилүү болуп турган учур. Ушундан улам Мамакенин аял тандап алганы атайы бараткандыгы бул жердеги элге, анын ичинде ушул тегирменчиге да жетсе керек. Челекке толтура салынган кара таруунун күчтүү бозосунан куюп, тындырбай сунуп, айлындагы шылуун жигиттерден чакырып, ырдатып-чордотуп, келин-кыздарды керегеден шыналатып коёт. Бата кылдырып, семиз кунан сойдуруп, оюн-тамаша курдурат. Улам бозого кызыгандар шатыра-шатманданат, Мамакенин жарпы жазылат, ыр-күлкүгө аралашат.

Кыйды тегирменчи өзүнүн бойго жеткен кызын жасантып-түзөнтүп, упа-эндик сыйпантып, шуру-мончок тагынтып, жүктүн бурчуна созолонтуп, отургузуп коёт. Ал кызды Мамаке көрүп, көңүлүн бурат. Аны байкаган тегирменчи шылуун жигиттердин бирин ортого жүргүзөт. Шыпылдаган жигит Мамакеге келип:

– Ушул кыз сизге ылайык! Санчы мындан артык кыз тандап бербес. Таалакедей бирөөнүн жесирин тандайт! Ушул эле кызды алганыңыз ырас-деп, кулагына шыбырай берет. Кайра-кайра келип, кызды мактап, кулагынын кужурун алат. Кордоп салынган бозо ичин кызыткан Мамаке бир убакта кызды алганга маакул болуп:

– «Баатырдын карды тойгон жеринде катын алат» деген кеп бар! Мага ылайык болсо, ошону алайындейт, көзүнө башка ургаачы көрүнбөй. Ошону менен

сөз бүтүп, күнү-түнү таң-тамашага берилип, эртеси кызды алып кайра тартат. Ал кыздын аты Түзөл. Элге келип, нике кыйдыртат. Ошол бойдон Санчы сынчыны издеп барбай калат. Энөөлүк, ишенчээктигинен тегирменчинин амалына алданып калган – ошол Түзөл деген аялынан Мамаке үч уул көрөт.

Арадан мезгил өтүп, карылыгы жетип Орус бий каза болот. Ал учурда, аттуу-баштуу, элге кеңири белгилүү болгон баатырлардын, бий-казылардын, бектер менен манаптардын сөөгүн атка же төөгө жүктөп, Жалал-Абаддагы Аюп пайгамбардын кабырстаны деген жерге жеткирип, мүрзө казып, сөөгүн коюп келген салт гана эмес, милдет-парз болгон. Аюп пайгамбарга кийин колунда барлардын баарысы ата-энесин, жакын туугандарынын сөөгүн жеткире баштайт. Каза болгон адамдын сөөгүн абдан алыс жол басып, ал жерге жеткирүүдө аябай көп кыйынчылыкка кабылышкан. Кышкысын жансыз дене тоңуп калса, күн жылуу мезгилдерде бузулуп, жыттанып кеткен. Андыктан жаз-жай мезгилдеринде каза болгондордун денесин кескилеп, эттерин шылып, сууга салып жиберип, сөөктөрүн шагыратып, атка байланып барууга туура келген.

Орус бийдин сөөгүн ошол салт боюнча Аюп пайгамбардын жанына алып баруу үчүн Мамаке менен Шопок баштаган топтуу адамдар жөнөйт. Тынымсыз жол жүрүшөт. Жолдон өргүбөйт. Таңдан-кечке жол жүрүп, жеткен жерге түнөшөт. Ашуулардан ашып, дайралардан кечишет. Ал аздык кылгансып, сөөк жеткирип бараткандарды жолдогу элдин ичинен чыккан айрым зөөкүрлөр тоноп, ат-тонун алып, өзүлөрүн жөө калтырган учурлар да болот. Андай наадандыктар ал кезде көп кайталанат.

Узак жол жүрүшүп, белгилүү бир ашуунун түбүнө кеч жетип, дабаандан эртеси ашууну көздөп, аттарды отко коюп, эс алганы жайгашышат. Ошол түнү артынан акмалап жүргөн зөөкүрлөрдүн тобу отко коюлган аттарын айдап кетишет. Эртеси баарысы

аты жок, жөө калып, айласыздан жолдон калмай болушат. Ары-бери жактардан сурамжылап ат таап, улууларын мингизип, жаштары учкашып-чиркешип, калганы жөө-жалаңдап, жолду улантышат. Көп узабай аттарды айдап бара жаткан зөөкүрлөрдүн тобу көрүнөт. Аралык алыс. Кыйкырган үн араңдан зорго үзүл-кезил жетиши мүмкүн. Ошондо ачууланган Мамаке баягы жоо беттегенде кыйкырган каардуу үнүн салып, бир бакырат. Дагы бара түшүп, да бир бакырат.

Аттарды уурдагандар Мамакенин үнүн угуп, таанып, айдап бара жаткан аттардын алдын тосуп, кайра кайрып, Орус бийдин сөөгүн алып бараткандарга чукулдатып келип, таштай качышат. Өз аттары өзүлөрүнө тийип, андан ары жолго чыгышат. Жалал-Абаддагы Аюп пайгамбардын кабырстанына Орус бийдин сөөгүн жеткирип, ырасмысын өткөрүп, куран окуган соң, кудай дешип, кайра жолго чыгышат. Дагы көп күнү жол жүрүшөт.

Айрым бир жогорудагыдай зөөкүрлүк кылгандарды айтпаганда, жолдогу айылдардагы элдер сөөк жеткирип бараткандарды да, келаткандарды да ызааттап күтүп, коноктоп узаткан адатты бек сакташкан, меймандостук салтты ар дайым колдонуп турушкан. Улам бир айылдан тосуп чыккандардын үйүндө конок болушуп, жолду улантышат. Мамаке баягы аттар уурдалган жерге келгенинде сөөк жеткирип бараткандардын аттарын уурдагандарга «бирди көргөзүп», экинчи андайга барбагыдай кылууну көздөйт.

Болжогон жерге чукулдаганда, жол боюндагы айылдарды чаап, алдынан тосуп ызааттагандарды кыйыктайт. Аттуу-баштуулардын кечирим сурагандарын укпайт. Айрымдарына милдеттүү конок айттырат. Чапкынчылыктан олжо топтойт. Жанындагы Шопоктун кебине кулак какпайт. «Тынч кетели» дегендерге да моюн бербейт. Улуу даражалуу кишинин сөөгүн алып баратып, ушунчалык баатырлыгына карабай

аттарын ууруга алдырганына ичи ачышканын, арданганын жашырбайт.

Жол жүргөн киши жол учуна жетет, же жолду баскан арбытат. Жолдон топтолгон олжону алдыларына салышып, Мамаке менен Шопок элге келишет. Орус бийге куран окутулат. Күндөр өтөт. Адаттагыдай турмуш, жашоо өз нугунда жүрө берет. Аз күндөн кийин Мамакенин айылына алыстан атактуу казы-бийлер келип түшүп, алыс-жакын жерлердеги эл бийлеген билермандарды, төбөсү көрүнгөн манаптарды чакыртышат. Алар менен бирге аркы-берки айылдардагы элдер да чогулат. Мамакенин айылынын четиндеги көк майсаңга жайылган ала кийиз-шырдактардын үстүнө мандаш уруна отурушкан казы-бийлер тегерегиндеги отурган элге угуза:

– Орус бийдин сөөгүн Аюп пайгамбардын кабырстанына жеткирип барып, кайра тарткан жолдорунда: «Ат уурдады» деп, Мамаке баатыр менен Шопок баатыр кабылган айылдарды чапкындап, колуна тийгендерин олжолоп кетишкен. Ат уурдалганы анык болгон. Бирок, ууру кылгандар аттарды кайра толугу менен, аман-түгөл, кечиктирбей, баатырларды жолдон калтырбай, кайра айдап келип беришкен. Ошонусуна карабай чапкындагандыктары үчүн айып өндүрүп берүүнү сурап, чабылган айылдардын эли казы-бийлерге кайрылышкан!-деп, башташат сөздөрүн. Ошентип, отургандарга сөз төркүнү маалым болот.

Өйдө-ылдый сөздөр айтылып, талашып-тартышуулар көпкө чейин узарып, эрте шашкеден башталган айып төлөтүү кеңеши кечке чейин уланат. Акыры бир кепке келип, элдин ынтымагын сактоонун жолун издешет. Мамаке менен Шопок тогуздап салынган айыпты төлөп бермей болот. Ал эми Аюп пайгамбардын кабырына баруучу-келүүчү жолдо талоончулукту токтотуунун милдетин казы-бийлер өз моюндарына алышат, мындан ары андай ээн баштыктарды жасагандарга тонолгондордун Жалал-Абадга

барыш-келишинин баардык чыгымдарын төлөтмөй болушат. Айтору, ушундайча баатырлардын өздөрүнүн да айыпка жыгылган учурлары болгон.

Бу турмуштун мыйзамыбы, теги баатырдын тукумунан баатыр чыкпай койбойт экен. Бала атанын жолун жолдоп, атадан өнөр үйрөнмөгү бар го. Мындан тышкары заманга жараша да өнөр үйрөнүүлөр болот тура. Бейпилдик заманда балдар ар кандай кесипке багыт алса, коогалаң заманда чоңойгон балдар сөзсүз жоо-жарак кармалап, жоо чабыш, эр сайыш, эл-жер коргоо дегенди алдына максат кылып өсөт. Баланын баары эле баатыр болсом деп кыялданат. Атасы да баласынын баатыр болушун самайт. Бирок, чанда бир бала гана баатыр атанат.

Мамаке баатырдын балдарынан өзүндөй баатыр чыкпаганы менен Куттуккожо деген небереси кыйын чыгат. Куттуккожо бала күнүнөн тентек болуп, өзү теңдүүлөрдөн бөлөкчө, өзгөчөлөнүп чоңоёт. Улам өйдөлөгөн сайын баатырдыкка ыктап, жоо-жарак кармап, аттын кулагы менен тең ойнойт. Кийин эр жеткен кезинде айланасына өзүндөй шайдоот, тың балдардан топтойт. Эр сайыштарга да катышат. Андан ары акырындап, жортуулга чыга баштайт.

Кийик уулап алгачкы жолу чыккан киши – жолу болуп, бир кийик атып алса, кызыгуусу артып, андан кийин да тынбай ышкысы артып, аска-зоолорду аралап, кийиктин изи менен баскысы келе берет. Андан ары кийик аткандын кыныгын алып, өңүтүн билет, жөндөмдүүлүгү артат, кийик уулап чыккан сайын жолу болуп турса, мергенчи аталат. Ал эми кийик аталбай, убарасы көп болуп, барган сайын куру келе берсе, өзү да тажап, тоого чыккысы келбей калат. Ошол сыяктуу жортуулга чыгып, жолу болуп, олжо алган адам – андан ары да тыным албай жортуулга чыккысы, кармаш, уруш-талаштарда жеңип чыгып, олжо алгысы келе берет окшобойбу?!

Куттуккожо да адегенде жанындагылар менен бирге жортуулдап чыгып, олжолуу кайтат. Ошондон кий-

ин анын кыныгын алып, чапкынчылык кылганга абдан берилет. Эгерде алгачкы чыккан жортуулунда катуу кармашка кабылып, олжосуз калып, атүгүл өзүнүн ат-тонунан ажырап келген болгондо, балким чапкынчылыктан жалкып, жолу болбогон кийикчидей болот беле, ким билет? Куттуккожонун жортуулдары кийик атуунун ыгын, өңүтүн жакшы билген кандим мергенчинин жолундагыдай барган сайын жолдуу боло баштайт.

Ал убактын өзү – жортуулчулуктун учуру эле. Жортуулдап барып, өзүндөй эле бирөөнүн жайытынан малына, үйүндөгү мүлкүнө баскынчылык кылып, анын сыздаган-боздогон, каргап-шилегенине карабай, кармашса күчкө салып, керек болсо кан жуткуруп, олжого белден батып келгендерди өз уруусу «баатыр» атап, бата берип, олжосунан бөлүшүп, шыралга алып турушкан. Андайлардын атагы аңыз: «Эрдик кылып, элин бакты» деп айтышкан. Куттуккожо да ошол салтты улап, жортуулдап мал-мүлк апкелип, аны өз уруусуна таратып берип, жоо беттеп чыкпаса да «баатыр» аталат. Бул сыяктуу жортуулчулар жакын жерлердеги эмес, алыстагы айылдардын, башка уруулардын айылын талап-тоноп, малын чаап келишкен. Себеби, алыс жерден чабылган малды ажыратып калуу үчүн куугунчулардын ыкчам аттанаарына көп учурда тоскоолдук жаралган. Анткени, жакшы тың аттар чапкынчылар айдаган жылкы менен кошо кетип, чобур, кашаң аттар калган, алар менен кубалаганда эмне? Баары бир жетпей калышчу да.

Мындан башка да көп себептер болгон. Бир жолу Куттуккожо Жумгал тараптагы Саяк элинин айылдарынын малын чаап келүүгө аттанат. Анын чапкынчылык кылганы жүргөнүн Жумгалдагы жергиликтүү эл мурунтан билип, малына сак болуп, айылдарына сакчы коюшат. Жоо-жарактарын белендешет. Тың аттарын үйлөрүнө чукул коюшуп, жортуулчуларга каршылык көрсөтүүгө даярданышат. Жоо келээри менен бири-бирине тез кабар берип, айылдагы эр аза-

маттардын баарысы чогуу аттанып чыгып, каршылык көрсөтүү, кармаш болгон учурда жан аябай беттешүү тууралуу майда-чүйдөсүнө чейин кеңешишет.

Куттуккожо кужулдөгөн жигиттери менен барып, адегенде чалгындап көрүп, эртеси бир айылдын жайыттагы жылкыларын айдап жөнөйт. Мындай чапкынчылар жайыттагы малдан сөзсүз түрдө жылкыны айдап жөнөгөн. Себеби, жылкы айдаган жакка салып-уруп, ылдам жеткен учкаяк мал. Башка мал айдаганда анчалык ыкчам кетпейт. Жылкыны айдаган боюнча куугунчуларга жеткирбей кеткен чапкынчылар болгон. Бир түндүн ичинде жетимиш, сексен чакырым жолду басып өткөн. Ошондо бир түн, бир күндүн аралыгында жүздөн ашык чакырымга жетет. Ал аралыктан издөөчүлөр иликтеп жүрүп баргыча жылкылардын көзү тазаланып, өңү бурулуп, далилдер менен белгилер, эн тамгалар билинбей калган.

Жайыттагы үйүр-үйүр болуп жаткан жылкыларды айдап, кыйкырык-чуу салып, тез эле жолго түшөт. Мындайда түрлүү амалдар жасалат. Айыл-айылдардан топ-тобу менен куугунчулукка жөнөгөн кишилерди көрүп, алардын мурунтан даярданып тургандыктарын билип, Куттуккожо:

– Бул жердеги эл бизди мурунтан келип, чалгындап жүргөнүбүздү билишкен экен. Куугунчулукка аябагандай көп эл аттанды. Алдын ала даярданып, туш-тушуна сакчы койдуруп, бири-бири менен кабарлаш болуп турушуптур. Азыр тайлуудан таяк калбай, баары жөнөштү. Биз алар менен кармашсак, бизди көпчүлүккө салып соо калтырбайт. Ошондуктан жылкыны айдаганга үч-төрт жигит калгыла, калганыбыз төтө жол менен айылына киреликт. Булардын айылында бизге каршы чыга турган кишиси калган жок. Айылын ээн-эркин чаап, сулуу кыз-келиндерин олжолоп, алтын-күмүш каткан сандыктарын, аземдеп үйлөрүнө илип койгон аң-терилерин алабыз. Ал эми жылкы айдаганга калгандар куугунчулардын карааны алыстан көрүнгөнүндө жылкыны таштап,

токойду көздөй салып, жашырынып, өз жанын сактап, кийин бизге кошулсун. Куугунчулар жылкынын артынан жетип: «Чапкынчылар кайда?» деп, арыбери жактарды карап, жылкыны кайра айдап жайытына чыгарып, андан кийин гана айылына баргычакты – биз, шашылбай олжолорубузду артынып, Сусамыр тарапка жөнөп кетебиз-деп, Куттуккожо жигиттерине акылын, айла-амалын айтат.

Жанындагы жигиттери ушул сөзгө маакул болушуп, жылкыга качса кутулгудай, жашынса таптыргыдай, дараметтүү жигиттерди калтырышат. Ал эми төтө жолдор, буйткалуу жылгалар менен жашырынып, айылга кирген чапкынчы жигиттер айылдын четине чукулдаганда айгай салып, ат коюп, найзаларын сороктотуп, чуу көтөрүшөт. Айылда калган карыкартаңдар, балдар менен аялдар жан айласы кылып, кымкуут боло, үй-жайларын таштап, тоо беттеп качышат. Чапкынчыларга каршылык көрсөткүдөй эразаматтардын баарысы жылкынын артынан кеткендиктен, коргоп калаар кишиси же колдорунда куралы жок – айласыздан дүрбөлөңгө түшүп, качкан алсыз элдин айлында Куттуккожонун жигиттери үйлөргө ээн-эркин кирип, көздөрүнө көрүнгөн баалуу буюмдарды көтөрүп чыгып, аттарына арта салып, абалтадан берки алалбай жүргөн аласасы колдоруна азыр тийип жаткансып, сүйүнүч-кубанычтары артып, жамажайлары жыйылбайт. Эч тоскоолдуксуз, эч каршылыксыз бекер байлыкка жетип, баалуу олжо алгандарына сүйүнүп, маңдайлары жаркып, күлкүлөрү чыгат.

Айылдын чок ортосундагы апаппак болгон чоң боз үйдүн алдына атын алкынтып келип, токтоткон Куттуккожо шашылбай аттан түшүп, найзасын керегеге жөлөп, калканын жанына таштап, эшикти серпе ачып, ичкери кирет. Адегенде үй ичине айланта көз чаптырып: «Ох-хо, бир чоң манаптын үйү экен го» деген ой башына келе калат. Артынып кеткидей баалуу дүнүйөнүн көп экендигине ыраазы боло ашкана-

нын өйдө жагында турган чо-оң сабаага көзү када-лат. Чапкынчылык менен ат үстүндө жүрүп, суусап, каны катыган Куттуккожонун шилекейи чубурат, эч бир жан жок ээн үйдө өзүн эркин сезип, бейкапар сабааны көздөй басат. Шашылбай башындагы туулгасын алып, жерге коюп, сабаанын боосун чечип, ичиндеги бишкегин сууруп, жерге таштайт. Чаначтын оозун кайрып, далай жолу кымыз жутуп жүргөн Куттуккожо, сабааны эңкейтип, өзү тизелей калып, анын оозунан куркулдатып, эч нерседен ою жок, кымыздан жутуп кирет.

* * *

Кыргыз эли илгертен жакшылык-жамандыкта дээрлик жылкы сойгон. Анын казы-картасы эң сыйлуу тамак катары бааланган. Кышкы согумга да жылкы союлган. Негизи мен кыргызмын деген – жылкы этин жакшы баалап, жакшы жеген. Жылкыны сойгондо да башкача ыкмалар колдонулат: эки алдыңкы колу – кар жиликке тизеден, арткы эки бүтү – толорсуктуу жото жиликке ашталган аштоосунан мууналат, териси менен чогуу алынып ташталат. Бөлөк малдыкына караганда жылкынын туягы да таштай катуу. Таштуу жолду, кышкысын тоңдуу жерди басканга түткөн, кышкы жайытта калың карды тээп, күрткүнү күрөк менен шилегендей, катаал шартта тоют таап жегенине чыдаган жылкынын туягы – анан жумшак болмок беле? Ал эми шыйрактын сөөгү жок болуп, андан булчуң сыяктанган эти жалаң тарамыштар экендиги баарыбызга белгилүү. Союлган жылкыдан кесилип ташталган шыйрак тез кургап, бат эле катып, билек мууну бүгүлбөй, тарамыштары куураганда сокбилектей эле болуп калат. Ушундай туягы менен катыган шыйракты айрым жоокерлер чокмор катары да колдонушкан. Жоодон сактанганга, чапкынчынын жолун тороп, анын мизин кайтарганга кылыч-найзадан башка, адам өмүрүнө зыян келтирүүчү буюмдардын баарысы колдонулуучу. Жо-

окерчилик замандын учурунда аргасыздан жоолук менен муунтуулар да болуптур, атаңгөрү.

Түркүн түскө боёлгон жүн менен чырмакталган чийден согулган ашкана, аркы бетинде эмне бар экендигин көрсөтпөйт да. Ашканага жашынып калган өзүндөй бир азамат бар экендигин билбей, бейкапар сыңар тизелей отуруп, сабаанын оозунан куркулдата кымыз жутуп жаткан Куттуккожонун туулгасы жок башына тийген жылкынын туягы соо калтырабы, башы канчалык таштан жаралса да... «Карс» этип, каракушка тийери менен сулайт ал. Сабаадагы толтура кымыз үстүнө жаба төгүлөт. Ошол Куттуккожо кирген ак үйдүн ашканасына кандайдыр бир максат менен жашынып калган жигит жылкынын катыган шыйрагы менен каракушка чаап, Куттуккожо жыгылаары менен дагы бир жолу чоку талаштыра сала берет. Ошол бойдон Куттуккожо көзүн ачпайт, ажалга моюн сунуп, каза болот. Мына сага, атаңгөрү, баатыр байкоосуздан өлөт деген чындык экен турбайбы?!

Куттуккожону жайлап, жылкынын куураган шыйрагын жанына таштай салып, жыла басып эшикке чыккан жигит үйдүн алдында турган атты суулуктап, шап секире минип, сабалап жөнөй бергенин бери жакта көр дүнүйөгө карк болуп жаткан жигиттердин бири көрө коюп:

– Эй, ээй, тээтиги ким?!-деп, бакырат.

Аны угаары менен баары атчандын кеткен тарабын карап, айрымы абдаарып, айрымы Куттуккожо түшкөн үйдү көздөй жүгүрөт. Үйгө алгачкы болуп баш бакканы:

– О-о, кокуй! Кара көздү кашайткан тура!-деп, кыйкыра кайра чыгат.

– Ой, эмне турасыңар! Жетип кармагыла!

– Аттангыла! Ылдамдагыла!

– Жердин түбүнө кирсе да, тапкыла!

Мындайда бакырган менен, кыйкырган менен эмне кыла аласың? Оозунан алдыргансыган Куттуккожо-

нун жигиттери – бири-бирине буйрук бере бакырышып, алды аттанып, айылдан узап, жылкыларды чапкынчылыктан ажыратып келүүгө кеткен көпчүлүктү көздөй сызып бара жаткандын артынан чаап жөнөшөт. Ошондо бир эстүүрөгү:

– Ээй! Токтогула! Кайра тарткыла!-дейт, бакылдап: -Азыр качкан жигит өз элине жетип калды! Биз анын артынан кууп барганыбызда, ошончо эл баарыбызды соо калтырабы?

– Кайра тартпайбыз!-дейт, анда бири: -Канга кан деп, кармашка киребиз!

– Канга кан дегидей, же аларга биз туруштук бергидей, көпчүлүк эмеспиз! Андан тышкары, биз өзүбүз келип катылдык, алардын малын баскынчылык менен айдап баштадык. Бизге айып тагып, күнөөкөр кылып, кордук көрсөтпөй койбойт. Жер үстүлүк, айыл үстүлүк кылат баары бир, бир ууч болгон ушунчабызга моюн беришпейт. Антип биз өзүбүздү-өзүбүз отко салбай, кайра тартып, Куттуккожонун сөөгүн алып, жолго түшөлү!-дейт, мурунку сүйлөгөнү эсине келе.

Мындай иш мурда баштарынан өтпөй, бул өңдүү мүшкүлгө кабылбай, эч каршылыгы жок, орок менен оруп, чалгы менен чаап алгансып, оңой олжо алганга көнө түшкөн жаш жигиттер бири бирди айтып, башкасы башканы айтып, атчан топурашып, бир азга турушат да, жанагы эстүүрөгүнүн айтканына маакул болушат. Ошентип, «жергиликтүү эл кайра кайрылып келгиче» деп, шашкалаңдашып, Куттуккожонун сөөгүн атка арта сала, ылдамдай бастырып жөнөп кетишет. Үйлөрдөн тонолгон олжолоруна кайыл, атүгүл, Куттуккожонун атына да карабай жол тартышат. Ошондо жигиттердин бири:

– Кап!-деп, кейийт чын ниетинен: -Ушул Куттуккожону чапкан жигитти бир көрүп, кандай адам экенин байкап, андан кийин жолго чыксак эмне?!

Мындан чай кайнаганчалык убакыт мурдакы жаркылдаган кабактарга кар жааган, башчысынан

ажырап, баштары ылдый салаңдап, из жазгырып, жылга-жыбыт менен жөнөгөн топтун баягы айылдагы алсыз элди үркүткөн сүрү да, түрү да жок. Ойду омкоруп, тоону томкорчудай болгон күчү да жок. Чабабыз деп келип, өздөрү чабылып, жергиликтүү эл менен кармаша албай, Куттуккожонун кунун доолаша албай, айласыздан өз элин көздөй жөнөшөт. Аттиң-ай, жоокерчилик замандын бир жоругу ушундай.

Куттуккожонун сөөгү жерге бирилип, ырасмысы жасалып, ашы-жыты өткөндөн кийин, Мамаке баатыр өз туугандарын чогултуп, небересинин кунун кууй турганын кеп салат. Бул ишке бири маакул болсо, бири маакул болбойт.

- Ал жердеги элдин да жоон билектери бар. Алардан да атактуу баатырлар, атагы алыска чыккан адамдар жок эмес. «Өлгөн эрдин деле туугандары бардыр, эртедир-кечтир кунун доолап келбей койбойт» деп, жарагын камдап, жалдуусун таптап, бул убакка чейин даярданып алышты. Биз барсак, чоң кармаш чыгып, көптөгөн эрлерден ажырап калышыбыз ыктымал-дейт, бир тобу.

– «Барамын» дегениңден кийин барбай койбойсуң. Бала күнүңдөн бери айтканыңдан кайтпаган адатың бар. Биздин тилди албайсың. Эми быйыл кеч болуп кетти. Жакында кыш түшүп, ашуулар бекийт. Даярданып алып, эмки жылы жөнөйлү-дейт, Атасары деген бир тууганы. Мамаке баатыр көп учурда ушул Атасары бир тууганынын гана тилин алат. Атасары Мамаке баатырга ар дайым «Мамайым» деп кайрылат.

Кийинки жылдын жайы келгенде Мамаке баатыр туугандарын кайра чогултуп, Куттуккожонун куну үчүн Жумгал, Суусамырга жортуул жасаарын дагы айтат. Туугандары мурункудай эле бири «баралы» деп, бири «барбайлы» деп, эки анжы болушат. Атасары дагы алдоого салат. Үйүнө чакырып коноктоп, аркы-беркини айтып, ал жылы да жөнөбөй калышат.

Мезгил өтүп, кийинки жыл келгенде Мамаке баатыр баягы сөздү кайра баштайт. Ошондо:

– Биздин ал-ахыбалыбыз мурункудан начарлап кетти. Кармашка киргидей жигиттерибиз да аз. Куттуккожонун кунун куубай эле калганыбыз туура болоор?-дешет, туугандары.

– Силер барбасаңар, мен өзүм эле барамын! Силер корксоңор, мен коркпоймун!-деп, Мамаке баатыр адаттагы көктүгүн карматып, өзү аттанмай болот. Беттегенин бербеген, ойлогонунан кайтпаган Мамаке баатыр, тууганларынын аркы-берки айткандарына маакул болбой, жоо кийимин кийинип, жарак-жабдыгын алып, жолго чыгат. Ашуу ашып, суу кечип, алыс жолдо көп жүрүп, Жумгалдын элин кыдырып, Суусамырга чейин барат. Атайын кун доолаганы чыгып, кармашка да, башкага да даярдана келген Мамаке Жумгал жеринде узак убакыт жүрөт.

Адамдын өмүрү өтүп, жашы өйдөлөгөн сайын, алдан күчтөн тайып, ден-соолугу начарлап, оору-сыркоолор көбүрөөк жабыша берет тура. Ушул жортуулунун учурунда Мамаке баатырдын алы-күчү мурункудай болбой калат. Баягы кезиндегидей тутамына толгон суу талдын суусун сыга кармаган, өзүнүн билегиндей жоондуктагы өсүп турган талды – тамыры менен жулуп кеткенинде буралбай, буйдалбай кеткен мезгили небак артта калган экен. Жашы пайгамбар жашынан өткөн. Жүзүнө карылык сыны кирип, сакал-мурутун ак аралаган. Чөйчөктөй болгон көгүлтүр көзү оттой күйбөй, чүңүрөйүп, эки бетинин чүкөсү мурункудан да уркуюп, кабагы салаңдап, тулку-бою да ичкерген кези.

Небересинин кунун кууп, катуу багыт сыяктанган жолго аттанган Мамаке баатыр кудайдын жазмышы менен, ошол Жумгал тарабында жүргөн учурунда дүйнөдөн өтөт. Анын баатырдыгын билген Жумгал эли шарт-салт боюнча ырасымын өткөрүп, Саздак деген жердеги Кургак-Коо деген жайык коктуга мүрзө казып, аруулап коюшат. Бул оор жоготуу тууралуу

Жумгалдыктар атайын киши жиберип, Мамаке баатырдын туугандарына айттырышат. Алар барып, кийин күмбөз тургузушкан. Ошентип, Чыйбыт уулу Мамаке баатыр – алтымыш сегиз жашында бул дүйнөдөн көчөт.

* * *

Акбагыштын алты уулунун эң туну Сырымбет. Шопок баатырдын атасы Үркүнчү менен бир тууган. Сырымбет мурда үч аял алып, балдарлуу болот. Шопок баатыр бир жолку жортуулунда нойгут эли-нен бир кыз олжолоп келип, Сырымбетке тартуулап, нике байлаткан экен. Андан көргөн баласынын тукумдары кийин: «Нойгут уулу» аталат. Себеби, Сырымбеттин бул аялын өз атынан чакырбай – «Нойгут» деп чакырышкан.

Сырымбет биринчи алган аялынан жападан жалгыз Төлөмүштү көрөт. Шопок баатыр менен Төлөмүш тең чамал болгондуктан, экөө көп учурда бирге жүрөт. Бирин-бири сыйлап, кеңештеш болушат. Төлөмүш сегиз уул көрүп, ырыскысы артылып, казан-аштуу, кенен оокаттуу, күтүрөгөн малдуулугунун аркасында бакубат жашайт. Кийин Төлөмүш каза болгонунда, Шопок баатыр Бети-Каранын талаасына мүрзө каздыртып, ошол жерге койдурат. Төлөмүштүн мүрзөсү казылганга чейин, ал аймактардан бир да кишиге көр казылган эмес. Эч кимдин сөөгү коюлбаптыр бул жерге.

Шопок баатыр Төлөмүшкө мүрзө каздыргандан кийин, анын жанына бир чоң таш көтөртүп келип, орноттуруп, өз балдарына карап:

– Мен кайсы мезгилде, кайда жүрүп өлсөм да, менин сөөгүмдү ушул жерге алып келип койгула!-дейт, бир чети керээзин калтыргандай, орнотулган ташка карай кол жаңсай.

Арадан үч жыл өткөндөн кийин Төлөмүшкө аш бердиртип, дубандын элин чогултат. Ат чабыштан баштап, баардык улуттук оюндар өткөрүлүп, аш жыйынтыкталаар алдында ашка келген аял-эркек,

улуу-кичүүнү бүт чогултуп, жыйын кылат да, мындай кептерди айтат Шопок баатыр:

– Төлөмүштүн сөөгүн мен бул жерге койдургандан бери: «Ушунча малы-жаны туруп, Шопок баатыр Төлөмүштүн сөөгүн Аюп пайгамбардын кабырына жеткирбей ушул жерге таштады» деген ушак-айың кептерди айтып бүтпөйсүңөр! Жайдыр-кыштыр өлгөн адамды жүктөп, алыс жерге баратканда, жолдон кудай-арбактан коркпогон каракчылар тосуп, ат-тондорун тартып алып, атүгүл, айрымдар өздөрү өлүмгө учурап калып жатат. Кадырлуу-барктуу адамдардын сөөгүн алдуу-күчтүү жигиттер курал менен кайтарып барып-келишүүдө. Айрыкча, жайкысын өлүктү жүктөп жөнөгөндө, узак жолдо жаман жыт чыгып, айласыз болгонунда туш келген суунун боюна түшүп, этин шылып сууга салып, сөөктөрүн жеткизгендер көбөйдү. Бул өлүк үчүн абдан убал! Шарыяттын жолуна туура келбеген мыкаачылык! Мындан ары биз, Тынымсейит атанын тукумдары – өзүбүз жердеген жерге дүйнөдөн өткөн адамдарды коё беребиз. Менин бул сөзүм бирок, баарыңар үчүн буйрук эмес! Каалаганың Аюп пайгамбардын жанына алып бара бергиле, каршылык жок.

Антсе да Жалал-Абаддагы Аюп пайгамбар жаткан Аюп-Булактын зор талаасына туш-тараптан алынып келинген сөөктөр коюла берип, жер тарып бараткандыгын, андыктан улам кийинкилер тоолордун боорунан мүрзө казып, сөөк коюп жатышкандыгын өз көзүм менен көргөмүн. Ошон үчүн биз ушундан баштап, көзү өткөндөрдү алыс жерге жеткирбейбиз. Эми, Төлөмүштү эмне үчүн өйдө өрөөндүн алкымына койдурбай, ылдый койдурду дээрсиңер? Ушул жерге кийинки келүүчү бир заманда каапыр-мусулман аралаш каттаган чоң жол түшөт. Өйдө-төмөн өткөн мусулмандар кан жолдун боюндагы мүрзөдөгү арбактарга дуба окуп турганы жакшы да. Бул жерден өткөн жол Нарындын суусунан өтүп, Кашкарга карай кетет. Нарындын өйүзүндөгү Шаркыратманын суусу-

нан ылдыйкы боз талаага Азирети Кыдыр жети түнөп кетиптир! Ал жерге эл көп отурукташат. Ошол элдин баарысы ушул жол менен катташат. Ошондуктан Төлөмүштүн сөөгү ушул жерге коюлду-деп, Шопок баатыр жүйөөсүн билдирет.

Бул айтылган сөздү эл да жактырат, туура көрөт. Ошондон кийин дүйнөдөн өткөн адамдардын сөөгүн ар бир эл өзүлөрү жашаган жерден мүрзө казып: «Баатыр болсо, Шопокчо болоор, бай болсо, Төлөмүшчө болоор! Ошолор сөөктөрүн Аюп пайгамбардын жанына алып барбагандан кийин, биз артык болуп калыптырбызбы?» дешип, убараланбай, өз элине, өз колдору менен топо салдырып, сөөк коюп калышат.

Ошого чейин ушул Нарын өрөөнүндөгү эл дүйнөдөн өткөндөрдүн сөөгүн Аюп пайгамбар жаткан жерге жеткирүүнүн убарасын тартышканы ырас. Алыс жолдо көп кыйынчылыктарга кабылышкан дебедикпи. Көк-Арт, Жазынын-Бели деген ашуулар кар түшкөндөн баштап, жаз келгенче бекип калып, кыш мезгилинде каза тапкан адамдын жаназасын окуп, кепиндегенден кийин жаз келип, кар бузулуп, ашуулар ачылганча сактап турушкандыгы тууралуу азыркыга чейин эл арасында айтылып жүрөт. Ал эми маркумдун сөөгүн Жалал-Абаддагы Аюп-Булактын талаасына жеткире албаган алсыз-күчсүздөр бул жерге көмсө: «Атасынын же тууганынын сөөгүн итке салды! Сооп таппай калды!» деп, кеп кылгандар да чыккан.

Шопок баатыр узак жашайт. Жүз он жашка чыгат. Ошого чейин анын Айтбек, Таңсык деген эки байбичеси өзүнөн мурда оо дүйнө салган. «Шарыят боюнча атасынын этегин баласы жабууга жол берилбейт» деп, эл жана Айтбек байбичесинин төркүндөрү Азык элинен Барча деген кызды алып келип, нике байлашат. Ошол Барчадан Шопок баатыр жүз жашка чамалап калганында Жабагы, Жалбы деген эки уул көрөт.

– Менин бияктагы тукумдарымдан тигил жакта Жаркенде калган Айапа төрөгөн Мырзанабат деген

уулумдан тараган тукумдарым көп болмок эле-деп, нечен курдай арманын айтат. Алардын кабарын ала албай калганына да өтө өкүнгөн учурлары болот. Малы көбөйгөндө жандыктарынын жайлуулугуна карап, Кара-Кужурдун көкүрөгүндөгү Тээк-Таштын маңдайындагы Ийри-Өтөк, Муңкул-Өтөк деген жерлерди кыштап, Солтон-Сарыны, Кара-Сазды жайлоо кылат. Жылдар өтүп, Кара-Саздын Кызыл-Омпол деген жеринде жүз он жашка чыккан курагында, үчтүн айында бул дүйнөдөн көчөт. Көзү өтөөрүндө балдарына:

– Жаркен, Кашкар тарабындагы мени жактырган кожолор кабарымды угуп, өзүлөрү келип, жаназа окуп, кепиндеп кетишет!-дейт.

Лапылдап кар жаап турган күнү кайтыш болгон Шопок баатырды жоктоо үчүн көпчүлүк эл келет. Балдарынын улуусу Чоро:

– Атам кожолор келет деди эле, алар көрүнбөйт. Жайчылар каза болсо, күн жаайт дечү эле. Атамдын жайчылыгы болгонбу? Тынбай кар жаап турат-дейт, жанындагыларга карап. Аңгыча айылдагылар: «Алыстан жөө аялдар келе жатат» дешет. Көрсө, ошолор кожолор экен. Алар бир күн кеч аттанып калышкандыктарын, жолдо токтобой, тынымсыз жүрүп келишкендиктерин айтышат. Келээри менен жаназа окуп, кепиндеп, анын сыртынан булгаары менен капташат. Кудайга тобо, баатырдын көзү ачык окшобойбу?

Шопок баатыр өзү айткан Бети-Каранын талаасындагы Төлөмүштүн мүрзөсүнүн жанына, өзү орноттурган таштын ордуна жеткирүү үчүн Солтон-Сары, Эки-Чат ашууларын ашуу керек. Ал ашуулар кар калың жаагандыктан кышкысын жол бербейт. Өндүрлөрдө да кар оор болгондуктан Кара-Саздын тескейиндеги күн кеч тийип, эрте көлөкө түшө турган тоонун түбүнө боз үйлөрдү алып барып тигишет. Бир чоң боз үйдүн ичине жыгачтан сере орнотуп, баатырдын сөөгүн ошого аманат коюшат. Эки

үйгө тамак-аш бышыртып, дагы эки үйгө сакчыларды жаткырып, күнү-түнү кайтартышат. Ал учурда баатырлардын сөөктөрүн уурдап кетүүлөр, мүрзөсүнөн казып алып, мазактап кеткендер да болуп турган. Андыктан сакчылар менен бирге куда-сөөктөрү, жакын туугандары да курал менен кароолго турушкан. Алар үчүн ордо куруп берип, союшуна жылкыларды жеткиришет. Кулундарын кошуп жылкыларды бордоп, бээ саап, кымыз ачытып, суусунун камдашат.

Өлбөгөн жанга жаз келип, жол ачылганда Шопок баатырдын сөөгүн нарга жүктөп, салтанаттап, Солтон-Сары ылдый кирип, Эки-Чат аркылуу Бети-Каранын талаасына жеткирип, Төлөмүштүн жанындагы өзү айткан, өзү койгон таш белгинин ордуна көрүн казышат. Мүрзөнүн ичинин кенендигин найза тегеренгидей кылышат.

Ал эми Кара-Саздын тескейиндеги Шопок баатырдын сөөгү аманат сакталган жер ошол күндөн ушул кезге чейин: «Шопоктун куу сереси» аталат. Сере коюлган боз үйдү чечип алышканда, сере бузулбай калтырылып, ал көптөгөн жылдар бою сакталып турган.

1890-жылдары жердиги Кашкарлык чоң соодагер Атабай деген уйгур адам Кашкар, Кара-Коо (азыркы Токмок), Кокон, Ташкен, Самаркан, Олуя-Ата шаарларын кыдырып, кербен жүргүзүп, Нарынды аралап өтүп, Торугартты ашып, Артыш, Кашкарга жеткен. Ал убагында төрт аял алат. Алардын үчөө Кашкарда жашаса, бирөө Нарын шаарында турат. Анткени, Кашкарга баруучу жолдун мерчемдүү жери Нарын болгондуктан, бир аялын Атабай атайын Нарынга жайгаштырган.

Чоң шаарларга кетчү кербенин өзү баштап, баалуу асыл таштардан жасалган азем буюмдарын алып келип, Нарын элине малга алмашат. Алган малдарын Нарындын ыңгайлуу жерине киши жалдап бактырат. Айрымын жакшы тааныш, алыш-катыштарынын малына короолош кылат. Ошондой малда-

рынан Шопок тукумдарына да кошот. Ал арбын жандыктуу болгондуктан бодо малдарын, төөлөрүн алыс жерлерге жайлатат. Айтору, Атабай соодагер Шопок баатырдын Таңсык байбичесинен туулган Чолчоке деген уулунун баласы Алыбек ажы менен кол алышкан дос болот. Алыскы кербенден Нарынга келгенинде Алыбек ажыга атайы барып учурашып, алып келген белектерин берип, жакшы сый көрсөтөт. Алыбек ажы да тим калмак беле, өз малынан тартуулайт. Атүгүл, Атабайдын Нарындагы аялы төрөгөн Ботобай, Абдылда, Жусупжан деген балдарын аяш балдары катары эмес, өз балдарындай эркелетет.

Атабай соодагер кийин Алыбек ажынын уулу Алсейитти аяш баласы катары сыйлап, аны менен алыш-катышын күчөтөт. 1912-жылы Атабай Кашкардан чыгып, Ооганстан аркылуу Анжиянга, андан Нарынга келет. Алыбек досунун уулу Алсейитке атайы киши жиберип:

– Туугандары менен чогуу келип, конок болушсун! Айта турган кебим бар-деп, аманат айттырат.

Атабайдын чакыруусу боюнча Алсейит баштап, Досмат, Жангазы, Кожо, Жаманбайлар барып, соодагердин үйүндө конок болуп отурушканда:

– Силердин Ооганстанда туугандарыңар бар экен! Аларга кандай кабылгандыгымды айтып берейин. Силер сүйүнчүңөрдү ойлоп отургула-деп, бир чети тамашалап, мындай кепти баштайт:

– Мен Ооганстандын бир шаарында соода кылып, көп күнү жүрдүм. Бир күнү топтошкон кыргыздар келишти. Алардын арасында сакалдуулары да бар экен. Айдап келген малдарына менден соода кылышып, ал күнү алып-сатыктары бүткөнү жок. Кечинде бир соодагердин кербен сарайында баягы кыргыздар менен бирге болдум. Чогуу отурганында алардын кандай келишкенин, ата-теги кимдер экендигин сурай кеттим. Алардын ичинен бир сакалдуу адамы сөзгө чечен, кеп билген киши экен. Ошол мага буларды айтты:

– Биз, ушул Ооган жеринин тоолуу аймагында жашайбыз. Эки жүздөн ашык түтүнбүз. Баарыбыз бир атанын балдарыбыз. Мындан эки кылымдай убакыт мурда, биздин аталарыбыз ар кандай коогаландардан, кырылыш-кагылыштардан улам Жаркен, Кашкар багыттарынан Ооган жерине келип, турук алып, жашап калышат. Ошондон бери биздин туугандарыбыз чогуу туруп, аталарыбыз жактырып, турак кылган жерин мекендеп келебиз. Улутубуз кыргыз. Түпкү атабыз – баатыр Шопок! Ал Шопок атабыз Мамаке деген баатыр менен бирге, Жаркендин хандык тактысын тартып алып, Хан кожонун ордосунда жети жыл жоокерлик кылыптыр. Ошол учурда Шопок атабыз Айапа деген биздин энебизге үйлөнүп, жарым жылдан ашык бирге жашайт. Кийин элине кетээринде: «Эгер эркек төрөсөң, атын Мырзанабат кой, кыз болсо өзүң бил! Мен үч жылда келем! Келбесем башың ачык!» деген бойдон Алатоого кетиптир. Кийин Айапа энебиз эркек төрөп, баатырынын аманатын аткарып, баланын атын Мырзанабат койдурат.

Бирок, Шопок баатыр ошол бойдон кайрылып келбейт. Анын эмне болгондугун билген бир да жан жок. Ал эми Айапа энебиз баатырын үч жылы күтүп, кийин башка бирөө менен никелешет. Ал күйөөсү зулум падышалардын кысымынан тынч жашоо издеп, ушул жакка келип туруп калат. Мырзанабат кийин эр жетип, үйлөнүп, Бардыбек, Турдубек деген эки уул көрөт. Биз ошол Бардыбек, Турдубектен таралгандар – бүгүнкү күнү өзүнчө эл болдук-деди.

Мен ал карыянын сөзүн угуп отуруп, бул жактагы Шопок уругун эстеп, тегеректеп отурган баардык кыргыз менин сөзүмдү уккула-деп, момундай кеп салдым:

– Аке, сиздин сөздү кунт коюп отуруп уктум. Ушул сөзүңүз чын болсо, мен силердин туугандарыңар Шопок уулу деген элди, атаңар Шопок баатырдын сөөгү кайда коюлгандыгын таап бере алам. Аларды толук тааныйм жана билем. Көңүл коюп, тынч угуп, сүйүнчүңөргө эмне берээрди да ойлоп отургула!

Сыр дайранын башын Нарын дейт. Ал Нарындын башында көп ожуралуу Нарын деген калаа бар. Менин бир аялым ошол Нарында жашайт. Ал жерде көп уруу кыргыз бар. Мен мамилелешип, кол алышып дос болгон Алибек деген ажынын уругу Шопок! Алибектен да, башка көп кишилерден да укканыма караганда Шопок баатыр Хан кожого барып, жети жыл Мамаке экөө Жаркендин айланасында согушта жүрүп келгени анык. Хан кожонун ордосунда жашап турганында аял алганын да айтышкан. Бирок, ал аялынын атын билбейт экенмин. Ал эми Шопок баатырдын күмбөзүнүн жанынан көп өтүп, дуба кылып жүрөм. Кабыры турган жерди көрсөтүп бере аламдесем, ал кишилер:

– Атабай аке! Мындан ал жерге канча күндө жетсе болот? Сиз аркылуу ошол жерге барып, атабыз Шопок баатырдын кабырын көрүп, куран окуп, дуба кылып, зыярат жасап, Сиз айткан туугандар менен таанышып келүүбүз керек экен-дешти.

– Барсаңар, мен даяр, бирге жөнөйлү. Шашылбай жүргөндө жарым айдан ашык жүрө турган жол. Мен ээрчитип барам!-дедим. Менин айткандарымды угуп, алар абдан кубанышты. Аркы-беркилерди, элдин турмуш-тиричилигин, жер шарттарын, туткан динин, колдонгон адат-салттарын сурамжылап, Шопок баатырдын тек-жайына көп кызыгып, кеп салыштык.

Эртеси эрте келишип, дагы сүйлөшүп:

– Биз, өз элибизге барып, сакалдууларга, эл бийлеген билермандарыбызга кеңешип, кайра келип, жооп кылалы. Журт башчысы болгон карыяларыбыз: «Барып келгиле!» десе, Сиз менен бирге жөнөйбүз. Ошого чейин Сиз кетпейсизби? Канча күн болосуз?-дегендеринде:

– Бул жердеги соодам бир жумага чейин бүтпөйт. Силер барып кеңешип, мен кеткенче жооп айткыла-десем, алар: «Сөзсүз келебиз» деп убада кылышып, коштошуп жөнөп кетишти. Айткан убадалары боюнча бир жума өтө электе, ондон ашык

кыргыз билермандары келишти, Шопок баатыр тууралуу, анын ата-теги, азыркы Шопок уругу жөнүндө дагы бышыктап сурашты. Мен баардык билгенимди калтырбай айтып бердим. Ошондо алар толук ишенгенсип:

– Эми, биз Сиз менен бара албайбыз. Сиз аркылуу кат берелик. Кат алышалык. Андан кийин биз баралы же ал жактагы туугандарды чакыралы. Аралашып көрүп, кайсыл жак жашаганга ыңгайлуурак болсо, ошол жагына ооп, чогулалы. Ылайык келсе биригип, бир эл бололу-деп, Бардыбек, Турдубек уругунун карыялары кат жазып, менден силерге берип жиберди. Ошону тапшырайын деп, бүгүн үйүмө баарыңды чакырттым-деп, Атабай бир барак катты берет. Андан ары Атабайга Мырзанабат тукумдары: «Туугандарыбыздын бар экендигин сүйүнчүлөп, Атабыз Шопок баатырдын күмбөзүн көрүп-билип жүрөм» деген үчүн элүү кой, бир ат беришкендигин дагы кошумчалайт.

Катты ачып, окуп көрүшүп, Алсейит баштаган Шопок тукумдары бияктагы жашоо-турмуш, эл-жер тууралуу, Шопок атанын ата-тегин толук жазып, салам-дуба айтып, Атабайдан ошол эле 1912-жылы кайра кат жөнөтүшөт. Арадан бир жыл өтүп, 1913-жылдын жайы келгенде Атабай соодагер Оогандык туугандардын каттарын алып келет. Ал катта: «Туугандар! Силер биз турган жерге келгиле. Биздин сыйды көргүлө. Андан кийин биз барып, атабызга дуба кылалы. Эки элдин байланышын түзөлү»-деп, жазылгандыгын окушуп, Шопок уулу кеңешип Досмат, Алсейит, Жангазы, Кожо, Жаманбай баш болгон ондон ашык киши Ооганстанга жөнөгөнү даярдык көрүп, каражат топтоп, Атабай менен сүйлөшөт. Атабай келген кишилердин сөзүн угуп, 1914-жылы жай башында өзү ээрчитип бармай болуп, сөз бекитип, убадалашат.

1914-жылы жаз алды менен Атабай Алсейиттикине келип, элди чогултуп:

– Силерге падышалык кылган Орус эли түпкүрүнөн бузулуп, экиге бөлүнүп, жаңжал чыгаары бышык экен. Мен көп жерлерге барып, көп орустар менен сүйлөштүм. Ленин деген баштап, падышага, байларга каршы элди көтөрүп, төңкөрүш жасаганы жатканын уктум, айрым жерлердеги орустар козголоң кылып, башкалары колдоп, армия менен элдин ортосунда кан төгүлгөн учурлар көбөйүптүр. Ошол себептен чек аралар бекитилип, мурункудай катташууга жол берилбей калды. Кытай менен чектешкен жерлерин орустар да, кытайлар да бекитип, кербенчилердин өтүүсүнө тыюу салынды. Жаз алды менен кербенчилер Торугарттан өткөрүлбөй, орустардын армияларынын куралынан коркуп, кайра келишти. Падышаңар Николай деген байлар менен биригип, элге каршы күч-курал колдоноорун айтыптыр. Силердин эл оруска баш ийген башка элдер сыяктуу кыргынбүлүнгө кабыла тургандай. Ошондуктан мен силерди Ооганстандагы туугандарыңарга ээрчитип бара албай калдым. Чек аралардан силерди өткөрбөйт!

Мен өзүм Нарындагы аялымды, балдарымды Кудайга аманат калтырып, Ташкен аркылуу Кашкарга кетемин. Ал жердеги өз элиме, үч аялымдан туулган балдарыма барамын. Себеби, силер жакта мындан ары тынчтык болооруна ишенбейм. Ушул элиңер – ушул бойдон тынч калаарына көзүм жетпейт!-дейт.

Ошентип, "ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет" болуп, замандын чукул өзгөрүлүп кеткендигинен алыстагы туугандарды издеп баруучу сапар токтотулат. Атабай соодагер Нарындагы балдарына болгон малмүлкүн бөлүштүрүп берип, өзү жалгыз, коколой башы кетет. Ошол бойдон Ооганстанга барууга мүмкүнчүлүк болбойт. 1915-жылы Кыргыз эли Орус падышачылыгынын катуу кысымына кабылып, 1916-жылы эл үркөт. 1917-жылы революция жеңип, большевиктер бийликке келгенден кийин, бай-манаптарга каршы катуу чабуул башталат. Баш көтөргөндөр басмачы аталып, көз-көрүнөө атылат. Чек аралар катуу беки-

тилип, эл катнашы чорт үзүлөт. Аттиң-ай, ошондон ушул күнгө чейин Ооганстандагы туугандар менен байланыш жок. Алардын чындыгында бар экендиги: «Накта Шопок баатырдын тукумдарыбыз» деп айткандары кат алышкандарында даана, ачык далилденген. Баардыгы такталган!

Азыркы эркиндиктин заманында ал туугандарды коркпой-үркпөй эле, ачык иликтесе болот. Айрым бир такталбаган, далили жок, күдүк маалыматтарга караганда Өзбекстандын ичинде «Шопок уруусу» деген элдер бар деп айтылат экен азыр да.

* * *

Мамаке баатыр каза болуп, Жумгалдын Саздак деген жериндеги Кургак-Коо деп аталган коктусуна коюлгандан кийин, ага туугандары барып күмбөз тургузду дегенбиз. Ошол күмбөздүн алдынан булак чыгып, бара-бара кара сууга айланып, колот ылдый агып, суунун эки жээгине жылгын талдар өсөт. Жылдар өткөн сайын талдар көбөйүп, калыңдайт. Ошондогу эл: «Бул жер мурда какыраган кургак колот эле, Мамаке баатырдын касиети менен суу пайда болду, кокту ылдый агып чыгып, айланасы токой болду. Биз Мамаке баатырдын арбагына сыйынып жүрөлү» дешип, мазар кылышат. Мамаке баатырдын күмбөзүнөн чымчым топурак алышып, тумоологон бала-бакыраны эмдеп, ырымдап, ар кандай оору-сыркоодон жапа чеккендер, бала көрүүнү самагандар атайы келип, мал союп, куран окуп, касиетине сыйынып жүрүшөт.

Кийин Советтер Союзу курулуп, Кыргызстан анын карамагында болуп, заң-закон башка чыгып, салт-санаалар өзгөрүлгөн кезде, элдин көбү орусташып, мусулман динин тутуп, аны аздектеп сыйлаган адамдар азайып кеткенде күмбөздөр, мазарлар анча баркталбай калбадыбы? Бирок, тымызын сыйынып, башкаларга билинбей зыярат кылгандар көп эле болгон.

Ошол учурдагы динге болгон көз караштар өзгөрүлүп, ишенимден, ыйман жолунан четтегендер көбөйгөндө касиеттүү жерлерге, улуу адамдардын күмбөздөрүнө карап акараат айткандар да чыккан арабыздан. Ар кандай азгырыкка, масчылык менен көпкөнчүлүккө алдырып, касиеттүү адамдардын күмбөзүнө кыянаттык кылып, кийин өмүрү өткүчөктү ошондогу кылыгы үчүн өкүнгөндөр да бар. Ошондой өкүнүчтө жүрүп өткөн адам тууралуу Мамаке тукумунан Ибраев Кабыл төмөндөгүдөй окуяны кеп салган эле:

– Жумгалдан куда-сөөк күтүп, алыш-катыш боло баштап, ар кимибиз өз уруубуз тууралуу кеп салышканыбызда, мен Мамаке баатыр жөнүндө айтып, биз ошонун тукумдарынан болоорубузду баяндаганымда, төрдө отурган кудагый:

– Ой-оой, силер накта касиеттүү кишинин тукумдарынан турбайсыңарбы? Ал кишинин арбагына таазим кылбай, жаман сөз айткан адам жакшылык көрбөй калат деп баштады-дейт, андан аркы кебин улап:

– Мен Дүйшөгул деген эки көзү көрбөгөн бир адамдын: «Мас болуп жүрүп, Мамакени сөгүп, анын каарына калдым, ушинтип эки көзүмдөн ажыраганым» деп, буркурап-боздоп, ырга салып, кошок айткансып, сыздап отурганын көргөмүн. Ошол Дүйшөгул кезинде бир колхоздун белдүү активдеринен болуп, фермалык кызматты аткарып жүрүп, бригадир, бухгалтер менен бирге райондун борборуна ай сайын отчет бергени келип жүрүшөт. Кызматтын аркасы менен кенен акчалуу, көңүлдөрү шайлуу, шапар тепкени көбөйүп, «Ай дээр ажо жок, кой дээр кожо жок» дегендей, алардын антип жүргөнүн көргөн адамдар да унчукпайт. Өздөрүнөн чоңураак кызматтагылар бирдеме десе, аларды аракка сугарып коюшат. Карапайым эл айтса, кызматына таянып, кагып-силкип жаман сөзүн агытат. Ошондой жыргап жүргөн күндөрүнүн биринде, баягы үчөө Мамакенин күмбөзүнүн алдынан агып чыккан кара суунун жээ-

гиндеги жылгын талдардын арасында отурушуп, арактан аябай ичишет. Кудай-Теңирди таанылбай, оозунан келгенди оттошот. Жер-суу, тоо-ташты сөгүп, ооздорунан ак ит кирип, кара ит чыгат. Улам күчөп отурушуп, Мамакенин күмбөзүн карай барышып, адам айтпаган сөздөрдү айтышат. Ферма башчысы болуп иштеген Дүйшөгул: «Эй Мамаке, кыйын болсоң мени соруп көрчү! Касиеттүү болсоң, касиетиң менен мага көрүнчү! Менин көзүмө карааныңды бир көрсөтчү! Ошондон кийин сенин кыйындыгыңа ишенейин!» деп, күмбөздү айлана басып, муштагылайт. Андан кайра тартып келишкенинде дагы сөгүнөт. Ошентип, ал күнү кетишет.

Андан кийин да Мамакенин күмбөзү турган жерге барып ичкилик ичип жүрүшөт. Арадан аз күндөр өткөндөн кийин Дүйшөгулдун көзүнө айыкпас дарт жабышып, бат эле эки көзү көрбөй, жетелетип калат. Аны менен бирге күмбөзгө барып, арак ичип жүргөн экөө да катуу ооруларга кабылып, төшөккө жатышат. Ошол бойдон үчөө тең жакшы боло алышпайт. Бирөө шал оорусу, бирөө акыл-эсинен ажыраган оору менен өмүрү өткүчө азап тартышат. Ал эми Дүйшөгул болсо, эки көзү таптакыр көрбөй, канчалык дарыласа да, операция кылдырса да майнап чыкпай, «Мамакени кыйын болсоң көзүмө көрүнгүнүң!» деп, «акмактыгымдан сөккөндүгүм үчүн ушинтип, жарыкчылык көрбөй калгамын» деп, ырга айлантып кошок кошуп, сыздап жүргөнүн көрүп, кошогун да уккамын. Ошол эл мазар кылып жүргөн, сыйынып, куран окуганды касиетинде колдоп, арбагын сыйлабай акаарат айткан Дүйшөгулдайларды каарына алып, карайлатып, эл ичинде боздотуп койгон Мамаке баатырдын тукумдарынан болот экенсиңер. Мамаке баатырдын күмбөзүнө барып, зыярат кылып, куран окуп келгенге көп кишилер ынтызар деп, кудагый сөзүн бүтүрдү-дейт, Кабыл аксакал.

Кара-Кужурда ушул кездерде Сопиев Карагул деген бай адам жашайт. Ошол Карагул Садыров Аба-

кир деген акебизге жолугуп, ар нерселерден кеп салышып отурушканында:

– Мен Шопоктун арбагына атап, баардык убакта куран окуп, ошол кишинин атына сыйынып жүрөмүн. Шопоктун тукумдары ал кишинин арбагына дайыма куран окуп жүрүшсө, жакшы болот эле-дегенинде, Абакир:

– Өзүң Шопоктун тукумунан болбосоң же жээн-таякелигиң жок. Анан кандайча Шопок атабыздын арбагына сыйынып жүрөсүң-деп, такып сурайт.

Ошондо Карагул төмөндөгүдөй окуяны кеп салып берет:

– Союздун учурунда совхоздон алган айлык менен жашап, бийликке кызыкпай, байлык жыйнабай, жарытып оокат кылбай жүрдүм. Кийин совхоз жоюлуп, өзүнчө дыйкан чарбага өтүп, акчага муктаж болгондо, үлүшкө тийген малдан сатып, анын да аягына чыктым. Ал аз келгенсип, өзүм аракты аябай ичүүчүмүн. «Аракеч менен жашабаймын» деп, аялым балдарды ээрчитип, нечен жолу төркүнүнө кетип, ага-туугандар намыстанып, жалынып-жалбарып, кайра алып келген учурлары көбөйдү. Туугандарым намыстанса да, мен намыстанбай, ичкеним күчөй берди. «Ичпеймин» деген убадам убактылуу сөз болду, азыр убада берсем, анан кайра баштаган адатым калбады.

Бала-бакыранын ырыскысын кошо ичип, алар кийээр кийимден, ичээр тамактан кемиттим. Жашап турган тамымдын чалдыбары чыкты. Тууган-туушкан, дос-тамыр дегендин баарысы менден жаа бою качып, кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болдум. Ошол жылдары туугандарым: «Элдин менчик малын жайлоого алып барып багып, акысына улак-козу алып, эптеп балдарыңды баккының» деп, мени маакулдатышты. Алар ар убак мени көзөмөлдөп, балким: «Кыштакта жүрбөй, жайлоого кетсе, арактан алыстаар» деп ойлошкон окшойт.

Адеген жылы мага бактырганга өзүмдүн тууган-дарымдан башка кишилер малын кошкону жок. «Ма-

лыбызды жоготуп коёт» деп, мага ишенишкен эмес да. Туугандарым болсо: «жоготсо да айласыздан чыдайбыз го, эптеп турмушу оңолуп, арактан алыстасын» дешип ойлошуптур. Ошол жылы туугандарымдын малын жакшы багып, күзүндө таптак санап, өткөрүп бердим. Андан кийинки жылы мага ишенип калышты, көп кишилер малын бактырышты. Мал баккан акыма улак-козу, акча-тыйын алып, кем-карчыбыз толуктала баштады. Бир аз майда жандыкка ээ болдум. Бирок, аракты баягыдай эле ичип жүрдүм. Тээ алыскы жайлоодо арак абдан көп болот. Мен мас болгон күндөрү малды балдарым менен аялым кайтарат. Аларга ишенип алып, малды караган учурум азайып, аракка кирген күндөрүм көбөйүп, баякы адатым кайра башталып бараткан кезде, конуш которуп, башка жайлоого көчмөй болдум.

Кара-Кужурдун башында Шопоктун конушу деген жер бар. «Төгөрөгү төп келген» дегендей ажайып, бир со-онун жер. Айыл болуп, конуш алганга ылайыктуу, малга да жайлуу, отун-суусу да жакын. Жашаганга өтө ыңгайлуу, мыкты жайлоо. Бирок, ошол Шопоктун конушу деп аталган жайлоого мен эс тартканы бир да адамдын конгонун көргөн эмес элем. Ал жерге айрым кишилер таазим кылып, «касиеттүү кишинин конушу» дешип, куран окуп жүргөндөрүн көрчүмүн. Арактын азгырыгынанбы же менин акылымдын пастыгынанбы, айтору, мен ал жайлоого сыйынып жүргөндөрдү көрүп жүргөнүм менен, этибарга албай, маани да берген жокмун. Атүгүл, Шопоктун ким болгондугун да сураштырып билбептирмин.

Жайлоодон конуш которгондо, ошол Шопоктун конушуна конмой болдум. Мени көчүрүшкөнү мага малын кошкондор да келишти. «Малымды жакшылап багып берсе» деген ой менен арасында арак ала келгендери бар. Арактан ичип, бат эле машинеге үйдү жүктөй салып, жөнөп кеттик. Менден «кайсы жерге коносуң» деп сурашканында: «Шопоктун конушуна

кономун» деп, компоюп койдум. «Эч ким конбой, коркуп жүргөн жерге мен конуп, бир эрдик кылып, ошол конушка таазим этип, сыйынып жүргөндөрдүн көзүнө көрүнөйүн» деп ойлогом. Кыштактан барган кишилер менен бирге малды айдап барып, жайытка жайып таштап, «Шопоктун конушу» деген жерге үй-эмеректерди түшүрө баштаганымда:

– Ушул жерге конбо! Бул жер касиеттүү кишинин конушу! Нечен кыйын, такыба делинген молдолор, мен-менсиген аттуу-баштуулар бул конуштун сүрүнөн, Шопок баатырдын арбагынан коркуп, касиетин сыйлап, бири да коно алган эмес! Эл: «Касиеттүү кишинин конушу» деп, мазар катары көрүшөт. Сен мындан башка жерге конгунуң-деди, бир улгайган адам.

Мен анын минтип айтканына маакул болбой, колумду шилтеп, каяша жооп айтып, эскилиги жеткен боз үйүмдүн керегесин жайып, үйдү тиге салдым. Бала-бакыра колмо-колдоп, эмеректерди бат эле жыйыштырышты. Толукшуган жайдын ошол күнү – мемиреп ысык тийип, гүлдүн желбирөөчүн желпинте турган жел жок эле. Асманда тырмактын агындый булут жок, мелтиреп көпкөк. Конушта конгондоку жасалуучу иштердин баары бүтүп, жайма-жай отуруп калган учурубузда бир көз ирмемдин аралыгында куюн пайда боло калып, тигилген боз үйүмдү учуруп кетти. Ошончо киши туруп, боз үйдү куюнга алдырбай кармап калууга жетише алганыбыз жок. Алдыбыз ордубуздан туруп, артыбыз жаңыдан обдулган учурда эле – боз үй кулап түшүп, ууктары сынып, кийиздеринин жиптери үзүлүп, туш-тарапка чачылды. Түндүгү тегеренип, бута атым жерге барып токтоду. Боз үйдүн ичиндекилер да, сыртында турган кишилер да жалдырама тийгенсип, делдиреген калыбыбызда ордубузда катып калдык.

Куюндун кайсыл тараптан келгенин, кайсыл тарапка кеткенин бирибиз да байкай албадык. Башкалардын кандай абалда болгонун билбейм, менин жүрөгүм оозума келип, оозумду чоңураак ачсам эле,

жерге түшүп кетчүүдөй сезилди. Тулку боюм калчылдап, үнүм чыкпай буулуп, өз демиме өзүм муунуп турдум. Эмнени ойлоп, эмнени сүйлөгөнүмдү да сезбедим. Көзүмө тегеренип бара жаткан түндүктөн башка нерсе көрүнбөй, башкалардын кажы-кужу болгон үндөрү, аялымдын чаңырганы да угулбай, дүлөй сыяктандым. Канча убакытка чейин дүлөйдүдүк болуп, эс-акылдан ажырап турганым белгисиз. Бир убакта: «Ушул жерге конбо!» деп, айткан улгайган адамдын:

– «Касиеттүү кишинин конушуна конбо!» десе болбойсуң. Ушуну көрмөксүң!-деген сөзү кулагыма шак этип, башка чапкандай «селт» эттирди. Ал кишини карап, бир нерсе айтайын десем, тилим күрмөлбөйт, көмөкөйүмдөн үн чыкпай койду. Жалдырап караган бойдон тура берипмин. Ал киши мени карап туруп, ийнимден тарткылап:

– Карагул! Эй Карагул!-деп, бир нерселерди айтып, ары жактагы чачылган эмеректердин арасында чыркырап жүргөн аялымды чакырды. Ал келип, мени жакамдан жулкулдатып, бетимден сылагылап кирди. Аңгычакты ошол жердегинин баарысы мени тегеректеп, экөө эки колтугумдан жөлөп, турган ордумдан башка жакка алып барышканда гана, менин жаным ордуна келгенсип, эки жакты карап:

– Эмне болуп кетти?-дедим, үнүмдү акырын чыгара.

Мен эч нерсе сезбей, жалдырап турганымда: «Буга дарт тийген экен» деп, коркушуптур. Аны эртеси айтышты. Айткандарына караганда менин өңүм да өзгөрүлүп, эки бетим тартылып, башкача болуп көрүнүптүрмүн. Мен эсиме келгенден кийин, бат эле эмеректерди кайра таңып, боз үйдүн чачылган кийиздерин, жыгачтарын чогултуп, тоодон ылдый томолонгондой тегеренип кеткен түндүктү алып келип, машинеге кайра жүктөп, башка жерге конгону жөнөдүм. Ошол кезде күн төбөгө келип, чак түш болуп, ысыгынан тердеп, «желп» эткен жел жоктугунан өзүбүздү өзүбүз калпак, жүз аарчыгычыбыз менен желпип

жүргөнбүз. Менин шылкылдаган мастыгым тез эле тарап, көчкөнгө шылтоолоп, эртеден берки жулунуп ичкен арактын бир тамчысы денемде калбагандай, куландан соо болдум, кудайга тобо.

Башка конушка жетип, эмеректерди түшүрүп, боз үйдүн сынган жыгачтарын курап, кийиздеринин үзүлгөндөрүн улап, колмо-колдоп, бат эле тигип, эмеректерди жайгаштырганыбызда, баягы улгайган адам төрдө отуруп, Шопоктун арбагына атап куран окуп ийди, эстүү киши да. Мени кандайдыр санаа басып, ичимден кыжаалат басып тургансып, оюм бир жерге чогулбагансып, сөздөрүм чаржайыт болгонсуп жатты. Ошондо отургандардын бири:

– Сен азыр баабедин өткөрүп, бир жандык союп, жакшылап куран окутпасаң болбойт. Бүгүн баабедин менен Кудай деп түнөп чыгып, эртең чоң кой союп, кыштактан сакалдуулардан чакырып, түлөө жасагының. Куруңду мойнуңа салып, Шопоктун арбагына таазим кыл, кечирим сура. Антпесең арбагы уруп кетет. Көз-көрүнөө сага сыр берди. Сен мындан ары «Кудай» деп жакаңды кармап, тобо кылып жүргүнүң!-деди.

Бул айткандарга мен дароо маакул болдум, ал күнү бир улак союп, баабедин өткөрүп, эртеси кыштактан эл чакырып, чоң кой сойдум. Шопоктун конушуна барып, таазим кылып, курумду мойнума салып, кечирим сурадым, касиетине сыйындым. Арбагына атап куран окуттум. Ошол күндөн баштап аялым намазга жыгылды, өзүм арак ичкенди токтоттум. Азыр арактын жыты келсе, жүрөгүм айныйт. Мас болгон кишини көрсөм кыжырым кайнайт. Ошентип, менин аракка жолобой калганыма Шопоктун арбагынын таасири аябай тийди окшойт.

Кийин күз келгенде элдин малын тактап, бирден санап, аман-эсен өткөзүп бердим. Жайлата баккан эмгек акыма айрымдары акча берсе, көпчүлүгү козукой берди. Ошолорду жазында төлдөтүп, малдуу болдум. Ошону менен мал-тегем уланды. Балдарым

үйлөнүп-жайланып, башыма баш кошулду. Азыркы күндө Кара-Кужурдагы эң чоң байлардын бири менмин. Мени ушул турмушка жеткизип, күнөөмдү кечип, арбагында колдоп жүргөн Шопок баатырдын арбагына багыштап, ар убак куран окуп, таазим кылып жүрөмүн-деп, сөзүн бүтүргөн Карагулдун ушул кезде 800дөн ашык кою, жүздөн ашык жылкысы бар экен.

Шопок атанын касиети жөнүндө Төрөгелдиев Тентимиш деген адам Чет-Нура айлында жашап турганында мындай бир болгон айкын окуяны кеп салганы бар:

– Нарын районунун Миң-Булак айылы – союздун убагында Куйбышев атындагы колхоз болуп турган. Ошол Куйбышев колхозунда жаш кезимде ветеринардык врач болуп калдым. Ал кезде жогорку билимдүү адистер жетишпегендиктен, техникумду бүтүргөн жаштардын жөндөмдүүлүгүнө карап, колхоздорго башкы адистик кесипке жиберип туруучу. Мен Куйбышев колхозуна ветеринардык врач болуп иштеп жүргөн кезимде, колхоздун койлоруна чакалай дарты жайылып, абдан күчөп кетти. Эмдөө, дарылоо иштери катуу жүргүзүлдү, «күчтүү» деген дарылардын баарысын колдонсок да айыкпай, күчөгөндөн күчөп, Куйбышев колхозу эле эмес, башка колхоздордун малына да жайылды.

Айтору, бүткүл район боюнча ветеринардык адистердин баардыгы койдун чакалай дарты менен алектенип, аны айыктыруунун жолдорун таппай калдык. Ал кезде бийлик компартиянын колунда эле да. Райкомдун, обкомдун бюролорунда далай кызматкерлер кызматтарынан алынып, көптөгөн ветеринардык адистер эшикти көздөй айдалды, кызматсыз калышты. Колхоздун ветеринардык адистери күнү-түнү менен иштесек да майнап чыкпай, айлабыз кетип, чакалайдын азабын аябай тарттык. «Алдын-ала дарылабай, ветеринардык иштерди өз убагында жүргүзбөй, өз иштерине жакшы мамиле кылбай» деген жеме сөздөрдөн чүнчүп, малдагы айыкпаган

ылаңдын айынан ыргыткан таштын баарысы биздин башыбызга тийип, басынып бүттүк. Ошол учурда тубар кой баккан бир карыя киши бар эле. Бир күнү короосуна барсам:

– Мен эртең бейшемби күнү кечинде, койлорумду толугу менен айдап барып, Шопок баатырдын күмбөзүнүн жанына түнөтүп, арбагына атап мал союп, куран окуп, касиетине сыйынып, эртеси келемин. Шопок баатырдын күмбөзү өйдөкү эле Бети-Каранын талаасында турат. Азыркы закон да, саясат да мындай ишке жол бербейт. Бул ишти мен кишиге билгизбей жасаганга аракеттенемин. Түн катып, текшерип келген облустун, райондун кишилерин бейшемби, жума күндөрү менин короомо келтирбей, бир шылтоо таап, башка жактарга алып бара гөр!-деп, жалооруду.

Бул айтканга мен дароо маакул болдум. Буга чейин короолорго шам жагып, арча түтөтүп, башка ырым-жырымдарды билгизбей жасап жүрчүбүз. Бирок, мындай иштерди жасай элек болчубуз. Айтору, карыя чабан койлорун бейшемби күнү кечинде Шопок баатырдын күмбөзү турган Бети-Каранын талаасын көздөй жайып, үй-бүлөсүн ээрчитип кетти. Арадан үч күн өткөндөн кийин койлорун көрөйүн деп, короосуна барсам, карыя чабан барпалаңдап сүйүнүп, алдымдан тосуп чыкты. Ал кишинин минтип сүйүнүп чыкканынан эле бир жакшылыктын болгонун сездим. Учурашып, короосунан алыс эмес жерде жайылып жаткан койлорду аралап көрүп, жакамды кармап: «Оо, Жараткан Алла-Таала, касиетиңден кагылайын Шопок ата» деп, жалынып жиберипмин. Баягы түрлүү дарыларды сыйпап, далай ийнелерди сайып жүрүп, биз айыктыра албаган чакалайлар үч күндүн ичинде карттанып, сыйрылып түшүп, айыга баштаптыр. Чакалайлардын жоголо баштаганына көзүбүз жетип, чабан экөөбүз кеңешип: «Башкаларды да Шопок баатырдын күмбөзүнө барып, малын түнөтүп, куран окуп, сыйынып келгиле» деп, айтмай болдук.

Партиянын саясатынан, туура чабаар чоңдордон коркуп жүргөн менен – чабандар өз алдынча билген ырым-жырымдарын жасап, айрымдары молдолорго көк таш дубалатып келип, ошону койдун чакалайына сепкендери да болгон. Шопок баатырдын күмбөзүнө койлорду айдап барып түнөтүү тууралуу карыя чабан экөөбүз айтаарыбыз менен эле, баардыгы маакулдугун беришти. Бирок, «бул тууралуу райондун чоңдоруна билгизбейли» деп, ич-ара убадалашып, сүйлөштүк. Ошол биз кеңешкен күндөн тартып, чабандар биринен сала бири Шопок баатырдын күмбөзүнө барып, малын түнөтүп жүрүштү. Андан кийин койлордун башына жайылган чакалайлар карттанып түшүп, ордуна кайра жаңы жүн чыгып, четинен айыга баштады.

Район боюнча жайылган чакалай дартын айыктыруунун жолдору табылбай, Кыргызстандын эле эмес, бүткүл союздун аймагына аты белгилүү болгон академиктердин бири келип, анализден анализ алып, дарттын пайда болуу себеби менен жугуу жолдору билинбей, дүйнөнү дүңгүрөткөн Москванын ветеринардык илимий изилдөө мекемелеринде да сөз болгон бул ылаңдан – биздин колхоздогу койлордун айыга баштаганына көп чоңдор таңданышты. Мени мыкты ветврач дешип, чоң-чоң жыйындарга катыштырып, сөз сүйлөтүшкөн.

Андан кийин: «Кантип айыктырдың, кандай дарыладың, эмнени колдондуң?» дешип, мени суракка ала башташты. Мен колдонуп эле жүргөн дарыларды «колдондум» жана «малды жакшылап бактык» дегенден башканы айта алганым жок. Шопок баатырдын күмбөзүнө койлор айдалып барылганы тууралуу сөз чыгарбадым. Себеби, ал кезде Кудайга, арбакка сыйынган адамдарды: «Эскинин калдыгы, илимий прогресске бут тосуучу, керек болсо жаңы коомду булгоочу» деп, тири шумдуктуудай айыптарды тагып, тамырына балта чаап коймой адаттар көп кездешчү. Өзүбүз сүннөттөлүп турсак да, «мусулман эмесмин»

деген күндөрүбүз башыбыздан өттү. Ошентип, «мезгилдин саясатына ылайык» жооп берүүгө аргасыз болгомун.

Биздин колхоздун койлору толук айыга баштаган кезде коңшу колхоздордун ветврачтарына Шопок баатырдын күмбөзүнө барып, мал түнөтүп сыйынуу жөнүндө айтып, кеңеш бердим. Алар да акырындык менен билинбей, койлорун айдап келип, түнөтүп кетип жүрүштү. Арадан бир жарым ай убакыт өткөндөн кийин да айрым малчылар малдарын айдап барып, Шопок баатырдын күмбөзүнүн жанына түнөтүп, арбагына тооп кылышты. Оо, кудай, ошентип, Шопок атабыздын касиети менен айыкпас дарттар айыккан эле-деп, Тентимиш өз оозу менен айтканына күбө болгонум бар...

МАМЫТОВ СУЛТАНБАЙ

# МАМАКЕ – ШОПОК

## *БААТЫРЛАРДЫН БАЯНЫ*

*(2006-жылы Оболбек Мамытовдун үн жазгычка түшүрүп алган божомолу боюнча)*

# АВТОР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

## МАМЫТОВ СУЛТАНБАЙ

◆ 1912-жылы Нарын районундагы Төш-Булак айылында төрөлгөн. 14 жашында айылдык молдолордон араб тамгасы менен сабатын ачкан. 20 жашында Каракол шаарындагы зооветеринардык техникумга кабыл алынган. Окуу жайды аяктагандан кийин мугалим, бригадир болуп эмгектенген.

◆ 1937-жылы Тогуз-Торо районундагы Каргалык айылдык кеңештин төрагасы, 1940-жылы Ак-Талаа райондук даярдоо кеңсесинин жетекчиси болуп туруп, 1941-жылдын октябрь айында Улуу Ата Мекендик согушка аттанган.

◆ Майданда Ленинград фронтуна жиберилип, шаарды камалоодон бошотууга катышкан. 1943-жылы Беларусь фронтуна которулуп, Витебск, Могилёв, Смоленск, Орша шаарларын фашисттерден тазалап, Улуу жеңишти Берлинге 70 чакырым калганда тоскон.

◆ 1945-жылдын 11-майында Ыраакы Чыгышка – Японияга каршы кармашка жөнөтүлөт. Ушул жылдын 2-сентябрында экинчи дүйнөлүк согуштун аяктаганы жөнүндө жарыяны Порт-Артурдан угат. 1946-жылдын декабрь айына чейин Кытай Эл Республикасындагы Шанкай шаарында аскердик кызматын өтөйт. Согуштан кийин советтик чарбалык кызматтарда иштейт.

◆ Жаштайынан куйма кулак, сөзмөр, санжыра айтууга жана тогуз коргоол оюнуна кызыккан. Калыс, чынчыл мүнөзү менен элдин ичинде кадыр-баркка жеткен.

◆ 2008-жылы 2-январда 96 жашында дүйнө салган.

***

– Э-э,балдарым, мына быйыл мен 94 жаштын чайын ичип отурам. Ата-бабамдын баянын алгач Тогуз-Тородо селсебет (айылдык кеңештин төрагасы) кезимде Бектен деген абышкадан Мамаке-Шопоктун эрдиктерин эле эмес, кыргызга ак кызматын кылган баатырлар тууралуу биринчи жолу уккамын – ал өзү саяк ичиндеги чородон болчу. Анда ага анча маани берген жокмун чынында. Совет маалында ата-тегибизге, баатырларга каршы эмес белек. Андан кийин чоң атам Алыбек ажынын айткандарынан унута электери дагы эле кулагымда. Буларга кызыгып, биротоло баш отум менен киришкен кезде, Түптөгү жакын жээндерибиздин бири – Сатыбалды молдодон санжырасын толук угуп, кагазга түшүрүп алгам. Ошол кол жазмамды бир чоң кызматкер чукул тууганым “көчүртүп алайын” деген бойдон кайра кайрып бергени жок. Ушуга өтө арман кылам, абдан өкүнөм, азыр болгондо өзүнчө китеп кылып, чыгарып алганга болот эле го. Болбосо, биздин ата-баба деле анча билимдүү эмес, түбүнөн бери келаткан жакшы маалыматты кайдан айта алмак... Ата-бабанын ары жагын ажыратуу боюнча Сатыбалды молдодой азыр эч ким чыга элек, атакөрү!

Шопок атам Үркүнчүнүн уулу, Акбагыштын экинчи баласынан туулган. Акбагыш атабыз да акылдуу, баатыр сымак, элге алынган кадырлуу кишилерден экен, бейиши болгур. Кезегинде калмактардан Белектин жылкысын ажыратып келгени барганда Акбагыш атабыздын атынын буту сынып, өзү душмандын колуна түшүп калат. Ошол жактан үйлөнүп-жайланып, үч-төрт балалуу болгону айтылып жүрөт. Ал эми Шопоктун Таңсык байбичеден көргөн бир баласы – Чолчоке, анын эки аялы болгон. Кичүүсүнөн төрөлгөн балдардын кенжеси – менин чоң атам Алыбек ажы. Андан Алсейит, Маамыт. Маамыттан: Олжобай, Султанбай. Олжобайынан Асек, Оттук айылында турушат. Султанбайдан мен, демек Шопок ба-

атырдын түз тукуму болгонума сүйүнөм жана сыймыктанам. Биздин убакта минтип ачык сүйлөөгө уруксат беришчү эмес, азыр заман өзгөрүп, жакшы болуп калбадыбы.

Мамаке болсо Акбагыш атабыздын бир тууган иниси – Чыйбыттын уулу. Жакын тууган агасы, ошондон го, экөө чогуу, ынак, ымалалаш жүргөн. Конушу да, жашоо шарты да катарлаш, биримтик тура. Шопок атабыз адегенде Нарын жергесине келгенде Он-Арча суусунун боюна конуптур. Мамаке баатыр Чийлүү-Колотту, Кара-Бүктү ээлептир, экөө эриш-аркак тиричиликтерин өткөрө баштаптыр. Ал кезде бир түп чий – бир чоң алачыктай экен. Ошол чийден оруп, от жактырып, боз үй менен кыштан чыгышкан. Кийинчерээк Шопок баатыр Эчки-Башыга көчөт. Анткендиги, бир чөбөрөсү – Байшери тың чыгып, мечит салдырган. Мен дагы көрүп калдым: биртике олуту менен көнөчөгү бар эле. Ошол Байшери Теңир-Тоодогу Тынымсейит, Моңолдор, Черик оруска кошулганда элге биринчи болуш болгон. Шопок тукумунун эң адамгерчиликтүүсү, мыктысы эле дешет. Демек, элге карамдуулугу, калыстыгы менен кадыр-баркка жетишсе керек.

Ал кезеңде Мекеге бара албагандар Кашкар шаарынан ары турган Азирети Аппак кожо арабга сыйынып, ажы наамын алышчу экен. Кол башчысы Таш кожо, а Кан кожо араб канынын орун басары болуптур. Кытайлар басып кирип, мусулмандарды кырып киргенде, Азирети Аппак кожону бошотуу үчүн жергиликтүү эл – негизинен уйгурлар азери, башкыр, татар, кыргыз башчыларынан жардам сурап, кат жазган. Анда Мамаке, Шопоктун төбөсү көрүнүп, элге белгилүү баатыр болгон кези дейт. Бирок, азыркыдай аскерге ким көрүнгөндү эле ала бербей, мынтык ата турган, найза сая турган, айбалта чаба турган, бир кишилик каруусу бар, эр жүрөк, коркпогон кишилерди алды Кан кожо. "Жо-ок, биз бара албайбыз" деп, Мамаке баатыр да, Шопок баатыр да айта албайт. Диндик тартиптин күчтүүлүгүнөн алардын

оозунан: “Куп болоттон” башка сөз чыкпайт. Шопок жаш эмеспи, үйлөнгөнүнө алты айча убакыт өткөн экен. Айтбек байбичеси агасы Бердикенин колунда калат. Ал мынабу Жан-Булак жакта туруптур.

Баатырлар үч жыл кытайдын аскерлери менен согушуптур. О-о, үч жылдык майдан оңой бекен? Быяктан баргандардын куралы анчалык күчтүү эмес, ал эми кытайлардыкы күчтүү – алардын алдырбаган себеби. Согуш көбүнчө күндүз болбойт, күндүз мусулман эли тоо-таштын арасына жашынып, түн ичинде барып, согушуп турат. Үч жыл бою ал жерде кытай кыйын болуп, бакты бербей коюптур. Ошондой түнкү согуштун биреөндө, кытай аскеринин ичинде бир жарык бар, түнүчүндө аркан бою асты, аркан бою аркасы жарык болуп, иликтр күйгөндөй күйөт. Жарык күйгөн сайын: “Баягы жарык келатат” дешип, белгилүү болуп калган. Жанды сактаганды билишет да.

Күндөрдүн биринде Кан кожонун Дарканбоз деген тулпар атын бир күнү Мамаке минип, бир күнү Шопок минип чыкканда, түнкүсүн найза менен сайып, айбалта менен чаап түшүрүп, көрүнбөй, кармалбай жүрүшөт. Боз ат эртең менен канга боёлуп келчү. Бир күнү Шопоктун кезеги экен, баатыр аскер жүрчү жол менен чыкпай, жолдун четинен бир канча тышы менен, аскер келбей турган тоо-таштын арасы менен барган го. Барып, баякы жарыкты күтүп, шаардын четинде аңдып туруптур. Жарык келатат дейт, ал астыда жаңгыз жүрчү экен. Анан туура тушуна келген кезекте, ыргыта сайган го, жарыктык, ай-пирим. Ал качып кутулганга үлгүрбөй жана байкабай калды да, тушма-туш, жакын турган жерден качырып чыга калыптыр. Барып, найза менен сайып өткөндө, жердин үстү жарык боло түштү дейт. Жердин үстү жарык боло түшкөндө: -О-о, дүнүйөсү курусун деп, атабыз – арбагыңдан айланайын, ошондо тыбырап аткан өлүккө карабай, түшө калып, жарыкты алдым дечү дейт.

Көрсө, баякы жарык чыгарган көөхардан жасалган, колдун чыканагына тең келе турган узунчалык

кылыч экен. Ошону кармап, алдыда жүргөндө, асты-артын абдан жарык кылып жүрүптүр. Ал эми жанагы өлгөнү – Жаңгыз көз баатыр атыккан аскер башчысы болгон дейт. "Дүнүйөсү курусун, кылычты жылаңач этиме асына койдум, тияктан душман келип калабы деп туруп, кийимден жарык өтпөй, жер караңгы болуп калды. Анын көп аскери артында жүрчү да. Анан өлүктүн башын кесип, канжыгага байланып, атын коштоп, талаага жүрүп кеттим" дегени бар. "Өзүмдүн аскеримдин көбү уйгурлар эле. Баякы баатырдын башын тааныгандар бар экен: -Баатыр жарыкты сойгон турадешип, атымды бирөө алып, бирөө чарчап келди деп, көтөрүп, бетимден өөп, анан суусап келди дешип чурулдашып, суусундук апкелишти. Ошондо түнүчүндө уктабаган жаным, чөк түшүп отурган бойдон көзүм илинип кетиптир, атымды отко койгон менен кылычты, өлүктүн башын эчак Кан кожого жеткиришкен экен. Кан кожо да жөн киши эмес го: -Силердин колуңардан келбейт эле!-деп, тигилерге ишенбей, билип турган экен.

Шашке ченде ойгонуп кетсем, Жарыктын минген атын, кесилген башын кошо байланып, алып кетишиптир: -Биз өлтүрдүк-деп, мактанганы. Көөхар кылычты Кан кожого тартуу кылып, баатырын биз сойдук деп, төш каккан сайын, Кожо аларга анча ишене бербей турат. Ал ары-бери басып, бирөөнү күтүп жаткандай. Шопок ата Мамакени ээрчитип, колун бооруна алып, Кан кожого салам айтып киргенде: -А-а, мына, мына ушулар-деп, экөөнү жакшы кабыл алып, тигилерге: -Бирөөнүн эмгегин жеп, калп айтканыңар үчүн даргага астырам-дегенинде, Мамаке баатыр барып туруп, Кан кожонун мойнунан кучактап: -Азирети Кан кожом, жан соога бериңиз. Булар жаңылып-жазды, жаштык кылышты-дейт. Ошондо Кан кожо: -Болбостур, Мамаке, Шопок экөөң үчүн өлүмдөн куткарайын-дептир. Шопок баатыр отура калып өтүгүн чечтиргенде, кончунан дагы эки өрүм алтын чач чыгат. Убагында кытайлардын кыйындары ушундай чач күткөн эмеспи. Башты кескенде, чачта-

рын да кыркып, эки балтырына ороп койгонун айтып, Кан кожонун алдына таштаганда, кимдин ким экени даана далилденет.

Кан кожо: -Эй, кысталактар, көрдүңөрбү, бирөөнүн ак эмгегин жейсиңер, мен, мен дейсиңер-деп, каарданганда, тигилер бир чети коркуп, бир чети уялып, эшикке чыга качышат. Шопок ата Кан кожонун колундагы кылычты кыйбай: -Ушунум укум-тукумума белек болот эле-дегенде, -Муну мага бер-деп, Кан кожо алып коюптур. Бирок, кубанычы койнуна батпай турган кожого эки баатыр: -Быякта жүргөнүбүзгө үч жыл болду, элибиз эмне болду, жерибиз эмне болду, үй бүлөбүз эмне болду? Эми, биз элге барып учурашалы-деп, уруксат сурашканда, ал: -Бир жума эс алгыла-дейт. Ошентип, бир жума кайтаруусуз, эс алып жатышат. Бир жумадан кийин анан баякы эки өрүм алтын чачка кошуп, көп олжо менен, көп мүлк менен узатты дейт.

Жолдо келатып, ооган аскерлерине учурап калдык, алар кол салып, бизди алабыз деди окшойт, алалган жок. Бир тобу зыян болду. Алар астыбызды ачып коюп туруп, тыяк-быяк, оң жак, сол жагыбыздан, аркабыздан жүрүп олтурду. Билбестик да, кара жолтой тор зым бар экен асты жагыбызда. Торго барып, чалынып калдык. Тордун тыягын-быягын тартканда, экөөбүз колго түштүк. Ооган аскер жетекчиси: -Момунчалык аскерди кырып, жок кылды-деп, канына алып барганда, ооган каны: -Кысталактарды алпарып зынданга салгыла-деди. Барсак ордо бир жигит жатыптыр, ачка болуп кыйналган баатыр жигит экен. Ошол биздин айылда жашаган Септен. Ал: -Тирүү болсом сенден ажырабайм-деп, Шопоктон кетпей койгон. Септендин улуту ооган болгон. Анан ошол ордо үч жыл жаткандан кийин оогандын каны өлүп, башка кан тактыга отурганда, биз кечирим алдык. Эл-жерге шыр кете алган жокпуз. Ооганда жүргөндө үйлөндүм, ал жакта эки эркек балам калды, аттиң! Эркиндикке чыккан кезде Септен экөөбүз: -Өлсөк бир

көрдө, тирүү болсок бир дөбөдө бололу-деп, антташканбыз. Анын аркасы менен Септен Нарынга келип калган. Андан кийинчерээк Шопок уулунда айтылуу Кыдыкбай аттуу бай чыккан.

Бүгүнкү күнү Мамаке, Шопоктун уучу куру эмес, тукум бар, айланайындар. Мамаке баатырдын жайы гана Жумгалдын тескей жагында, Чаектен бери. Өткөндө балдары барып, куран окуп келишкен. Ал эми Шопок баатырдын көз жумганы боюнча өзүнчө узун сабак сөз. Аны чоң атам Алыбек ажыдан уккамын. Анда чоң атам чоңоюп эле калган бала го. Шопок атабыздын сөөгү коюлганда күн тынбай 40 күн жаап, тоскоолдук кылган дечү. Баатыр бу жарыкчылыкта 110 жашка жете жашайт, 105 жашка келгенде байбичелеринен ажырап калат. Ошого чейин эле Айтбек, Таңсык кошо жашай бермек беле? Экөө тең көз жумганда: -Атаңар Кан кожодон бата алган, кудайга шүгүр, азыр да күүлү-күчтүү. Шарыят боюнча бала атанын этегин жабууга уруксат этпейт, атаңарга нике байлагыла-деген экен туугандары. Анан Барчаны алып беришет. Андан Асан-Үсөн деген балдар төрөлөт. Ошентип, Шопок атанын үч байбичесинен 8 уулу, ал эми "тондуу балдарынан" (шарты менен, кадасы менен асырап алган балдары) 6 болуп, көзү барда 33 түтүнгө жетиптир.

– Ата, биздин таякелерибиз ким, тиги-бу тууганыбыздын төркүнү кайда?-деп, сураганда чечмелеп айтып келип: -Кыз тукумумдун жерге-жээги көп болот. Балдарымдан дээрлик чыга албайт, укум-тукуму көбөйгөн менен... Шопок атанын бул сөздөрү бир чети керээз сыяктуу. Кудайдын кулагы сүйүнсүн, азыр Айтбек уулу 120 түтүнгө чамалап барат. Таңсык энеден 170-180дей түтүн. Анан 105 жашында алган зайыбы Барчадан 15-20 түтүндөй бар го, шаарда. Айтор, баатыр балдарына дайыма акылын айтып турган экен. Жаздын бир күнү уулдарын чогултуп алып: -Силер балдарым, бирөөгө кара санабагыла. Акыңарды кишиге жедирбегиле, атанын балдарымын десе-

ңер-деп, айтып келип: -Мына, менин жылкым 5 миң дейсиңер, 5 миң эмес, 10 миңге барган. Ошонун баарысын калмак алды. Эки сапар казактар чапкан. Казакты барып туруп, "бир бозумдун эли болсок, күч менен кармашасыңбы же кайра бересиңерби?" деп, мусулман сөзүнө салып атып, кайрып келгени чоң эрдик да. Кээде жортуулдун жолун айтканда, эң биринчи олжо эркек бала, андан кийин гана мал-мүлк, кыз-келин дечү дейт.

Шопок ата бир күнү балдарын чакырып алып: -Балдарым, мен быйыл 110го толдум. Кудая шүгүр, силердин түтүнүңөр тиги-бу балдар менен 30 чамалап калды. Эми, кожомдун айтуусу боюнча эмики бейшемби күнү бу жарыкчылыктан кайтам. Жума күнү жаназам окулат. Ошо кожолордон 5 киши келет, ошо 5 кишинин айтуусундай болгула. "Баатыр өлдү" деп, баланча журтка, баланча урукка кабар берели дебегиле. Кожо жиберген кишилердин айтуусундай болосуңар-деп, аманатын айткан экен. Анан: -Бүгүн бир жеринде меңи жок, акбоз жылкы алып келгиле-дейт. Анткени сан кара бар да. Арасынан туу калган ак боз бээ алып келишиптир балдары. Ошону сойдуруп, бир үй көтөртүп, бала-бакырасы, ээ-жайы 33тө ашык түтүн болуп калса, көп эл да. Бул окуя Кызыл-Омполдо өтүптүр, баякы этти түнү менен бышыртып: -Тери, кан-жинин ит-кушка бербегиле, таштабагыла. Кудай Таала адам баласынын шыбагасына насип кылган, ит-кушка жедирбегиле-дептир. Демек, жей тургандарынан болгонун казанга салышса керек.

Эртең менен бышкан эт даяр болгонун айтышса: -Эми, жаңы туулган балаң болсо дагы, бир балаң калбасын, келип менин колуман даам ичсин. Келсин баарысы-дейт. Анда 33 түтүндүн үй ээлери сакалдуулашып барчу да. Шопок ата ал күнү өз колу менен эттен кесип туруп, ар бир бешиктеги эмчек эмген балага арнап, алардын энелерине ооз тийгизет да: -Балам, биринчи өзүң ооз тий, наристеге эмчек сүтүң менен барат-деп, мындай тамак жегенди билген ба-

лага колу менен берип: -Кишиге бербей, өзүң же-генди айтып, баякы ак боз бээнин этин толугу менен таратыптыр. Эт желип бүткөндөн кийин: -Эми, балдар, Кан кожомдун айтуусу боюнча бейшемби күнү каза болом, жума күнү жаназам окулат дебедим беле? Ошого чейин ар бириңдин үйүңөн даам ооз тийип, батамды берейин-дептир. Аны укканда балдары тизмедей тизилип: -Мен берем, мен берем-деп, талаша кетишет. Талашты баатыр токтотот: -Ээ, баарыңардыкынан ооз тием, баарыңардыкынан даам сызам-деп, өзү кезек түзүп, 7 үйгө чейин жакын көргөн балдарынан баштайт. Өзү сан каранын ээси болсо да, балдарынын баары эле жылкынын этин жакшы көрбөйт ко, бири иригин, бири козусун, бири торпогун камдап, шайма-шай даярданышат.

Ошондо Борсук деген Таңсык байбичеден төрөлгөн улуу баласынын тумар тагып койгон эркечи бар болчу дейт, ошол эркечин соёт. "Атама арнап соёмун деп". Өзү эчкинин этин жакшы көргөн менен күн суук ко, эчкинин эти бат эле муздай түшөт. Шопок ата: "О-ой, Борсолдоюм" деп, аны жакшы көрчү экен. Даам сызып отуруп: -Бу кайсы баламдын даамы?-деп, собол таштайт, жарыктык.

– Бул Борсок балаңдыкы-дешет жанындагылары.

– Алда алдыңа кетейин, Борсолдоюм-ай! Тукумуң экиге жетпей калбадыбы-дептир. Айтканындай эле бүгүнкү күнү ал атабыздын түз тукуму Жөлөгөндүн жаңгыз эле баласы бар шаарда. Ошентип, 33 түтүндүн даамын сызып, баарына батасын берип:

– Бүгүн мен дүйнөдөн кечке жуук кайтмак элем. Эртең жаназам окулмак-дегенинде, жанында Барча бар экен, аңгычакты: -Бобуяктан беш-алты катын келатат-дейт, балдарынын бири боз үйгө баш багып.

– Ой, балам, абдан жакшылап карачы, эркектер болуп жүрбөсүн?!-десе, баласы сыртка чыгып, кайра тез эле чуркап кирди дейт:

– Кокуй, өкүрүп келатышат, өкүрүп келатышат-деп. Алар үйгө жакындап келсе, чын эле эркектер экен. Ба-

якы Кан кожо жиберген 5 киши келип, эл менен учурашкандан кийин, Шопок ата бат эле үзүлүп кетет. Кожолор: -Бул жерге жаназа окуганга болбойт, тегеректин баары мал-тегенин богу турбайбы? Таза жерге алып баралы, бизге 5 ат токуп келгиле-дешет. Сан карадан 5 ат табылмай калмак беле, балдары минип турган аттарын бере коюшат. Жол баштаган кожолор Бел-Тепшиге көчүрүп келип, андан ары кайра кыдырып баратып, Серере келгенде: "Э-ээ, мына, мобуреки жерге, ушул жерге жаназа окулат-деп, түнү менен дагы эки үй көчүрүп келе койгула" деген тапшырма беришет.

– Сөөктү ушул жерге алып келебиз түнү менен-дешип, түнү менен үй тиктирет. Балдары кошо жүрөт да, алар сөөктү түнү менен алып келишкен экен. Сере куруп, жанагы курут жайчудай кылып, анан ошонун үстүнө кереге коюп, чий коюп, кийиз коюп, сөөктү ак кепинге ороп, таң сүрүп калганда намаздарын окуп, күн шашкеге жете электе жаназага туруп калалы-дешип, шашкандай түр көрсөтүшөт.

– Силер сый-сыпатын, тигиндей-мындай кызматын – жаназа окулгандан кийин, мобу өлүктү жайына койгонубуздан кийин жасагыла. Ага чейин болбойт. Мүрзөмдү мобуреки жерге каздыргыла деп, көргөздү беле?-дешет.

– Ооба, көргөзгөн. Бети-Кара деген жерде көзүнүн тирүүсүндө эле мүрзөсүн каздырган.

– Ал кайда? Жакынбы же ыракпы? Бүгүн жете алабызбы?-деген суроолорду беришет кожолор. Алар жооп алган соң: -Анда силер айткан ошол мүрзөсүнүн кем-карчы, тигиндей-мындайы барбы? Бир топ жол болсо, барып өзүңөр бир жумада жакшынакай кыласыңар да. Сөөктү эмики жумада алпарып коёсуңар-деп, бир молдону куран китеби менен Шопок атанын жанына таштайт. Анан балдары түн ичинде такай барып, кайтарып турат, күндүзү киши үзүлбөйт. Тынымы жок куран окулат, жаназасын кожолор окуп кетпеди беле... Жаназасын окуп болгондон кийин, жана айтпай кетип аткан турбаймынбы, балдары ба-

рып өкүрүп, көп ыйлап жатса: “Койгула, көп ыйлабай коё тургула” деп, кожолор тыйып, ыйлатпай, тез эле сооротуп коюп турушуптур. Анан куран окушуп, баякы бышып аткан эттен кичинеден ооз тийип кожолор: -Биз кетебиз-деп калышат.

– Кокуй, биз силерди куру кетирбейбиз, ат минип, жылкыдан ала кеткиле-дешет балдары: -Силер алыстан келип, атабызды аруу жууп, жаназасын окуп, куранын түшүрдүңөр. Ошондуктан астыңарга ат минип, астыңарга жылкы айдап алып, анан жолго чыккыла...

Алар: -Жо, жок, болбойт. Өзүбүз гана кетебиз-дешип, ататпай коюшат.

– Жөө кантип кетесиңер? Нарын, Ат-Башы алыс!

Баарынан “болбойт” деп, баш тарткан кожолор Шопок атаны жерге берген күнү эле кечке жуук куран окушуп, жөө-жалаңдап, жөнөп калышат.

– Кокуй, буларды карышкыр жеп кетет-деп, Кызыл-Омполдон бери имерилип, артынан акмалап келишсе, анда жылкынын туягынан өйдө кар бар эле дейт, баякылар кар менен дөбөгө чейин келген экен, анан эле учуп кеткендей, караандары же изи жок. Ошондо балдары: -А-аа, атабыз олуя турбайбы?-деп, моюнга алып атпайбы. Негизи, мындайча айтканда, адам баласыбыз да, тирүү кишинин сөзүнө кээде ишенсе, көбүнчө ишенбей атчу да. Шопок атага топо салгыла деп кабар айтылбай, мүчө берилбей, доораны да өткөзүлбөптүр. Буга баякы кожолор тике туруп: “Кудай үчүн сооп алабыз” дешип, элди да үгүттөгөн сыяк. Ал эми ашы, буюрса малы жеткидей эле го, “Ормондун кунун кууп, сарбагыш чабат экен, саяк кошо келет” деген имиш тарап, көңүлдөгүдөй берилбей калыптыр. Бүгүн бир баласы атап мал союп, куранын окутуп, эртеси бир баласы малын союп, бүрсүгүнү бирөө куран окутуп, өздөрү мал-жанына сак болуп жүрүп, эл чогулуп бир күнү өткөрүлбөй калат...

МАМЫТОВ ОБОЛБЕК

# МАМАКЕ – ШОПОК
## *БААТЫРЛАРДЫН БАЯНЫ*

*(«Кыз–Мазар–Эмгекчил айылынын таржымалы» аттуу 2014-жылы чыккан китебинен)*

# АВТОР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

## МАМЫТОВ ОБОЛБЕК

- 1947-жылдын 17-ноябрында Теңир-Тоонун койнундагы Эмгекчил айылында жарык дүйнөгө келген. 1970-жылы борбор шаардагы Скрябин атындагы айыл чарба институтун зоотехник адистиги боюнча ийгиликтүү аяктаган.
- “Эмгекчил” колхозунда катардагы зоотехник, башкы зоотехник, кайра куруу мезгилинде колхоздун башкарма төрагасы болгон.
- Бош убактысында санжыраны, тарыхты изилдегенди жакшы көрөт. Ошондой эле олуттуу эрмеги – саяпкерлик. Кыргызга аттын кашкасындай таанымал инсандар: Тоголок Молдонун, Сагынбайдын, Арстанбектин, Балбайдын мааракe-тойлорунда ат, кунан чабыштарда 1-2-чи орундарды камсыз кылган.
- Манастын 1000 жылдыгына арналган эл аралык ат чабышта чабендес уулу Эшим экөө биринчи орунду жеңип алган.
- “Кыз-Мазар – Эмгекчил айылынын таржымалы” аттуу тарыхый-этногенездик жана санжыра-этнографиялык китептин жана жергиликтүү, республикалык ЖМКыларга жарыяланган учурдун маселе-көйгөлөрүн көтөргөн бир канча курч макалалардын автору.

# КЫРГЫЗДАР. ДОЛОНДОН БЕРКИ БУГУНУН ИЧИНДЕГИ ТЫНЫМСЕЙИТТЕР.

Кеп башын Тагай бийдин кийинки баласы Орозбактыга бурсак. Орозбактыдан төрт бала: Асанмырза, Арыкмырза, Карамырза, Мырзагул дегенбиз. Мырзагулдан эки уул: Алсейит, Тынымсейит. Алсейиттен: улуу байбичеден – Токтобек, Боор. Мүйүздүү энеден: Жамангул, Бапа. Кичүү аялынан – Чишимжан, андан үч уул: Каракозу, Акундар, Мажик. Тынымсейиттен үч бала: Кабели, Шалтак, Мортук. Мына ушул Тынымсейиттин үч баласына кандайча ат коюлганына токтоло кетели. “Жети карын май бузуп, жентек берди” деп, бекер айтылбаган кыргызда. Бала төрөлө электе эле, “жентекке арнап”, карын-карын сары май куюп, алдын ала даярданышкан. Наристе жарыкка келгенде биринчи жолу: “майлуу, сүттүү болсун” деп, таңдайына сары май салып, оозандырган. Тынымсейип уулдуу болгондо чоң энеси перзентти капка ороп алып, аксакалдардын алдына алып чыккан тура. Чоң аталары кутман байбичеге кайрылып: “И-и, байбиче, бу балаңызга энчилеп ат койдуңуз беле?” деп, сурайт. Байбиче: “ойлогон аты деле жок... Жаман баланы капка эле салып алып чыктым”... “Мына байбиче, уулуңа атты өзүң эле койбодуңбу. Аты – Кабели болсун! Каптай кенен, ырыскешик толсун!” дешип, оомийин кылып, жалпы бата беришет. Асан чакырып, баланын кулагына үч жолу кыйкырат: -Сенин атың Кабели, Кабели, Кабели!

Экинчи балалуу болгондо, байбиче дагы эл астына көтөрүп чыгып: “Бул шалтактаган эле бала, аталары атын коюп бергиле” дейт. Сакалдуулар айтат: -Атын эми эле өзүң айтып койдуң. Аты Шалтак болсун!-дешип, бата кылып, асан чакырышат. Тынымсейит үчүнчү балалуу болгондо сакалдуулар сурайт: -Байбиче, өзүң ойлогон атың бардыр же бир белгиси бар беле?-деп. Байбиче: - Бу жаман бала төрөлгөндө

эки уучуна кан уучтап түшкөн-дейт. "Анда баланын аты Канмортук болсун" дешет алар. Ошентип, Тынымсейиттин балдарынын аттары ушундайча коюлган экен. Тынымсейит балдарын эр жеткирип, чоңойтот. Үч баласын тең үйлөнтөт, көзүнүн тирүүсүндө энчилерин бөлүп берет. Башкаларына караганда Кабелиге арбын тиет. Тынымсейит балдары үй-жайлуу болуп, бакубат жашап калганда көз жумат. Ал убакта алар көлдүн баш жагындагы Ак-Суу тарапта турушчу экен.

Ошол эле убакта Алсейиттин, мүйүздүү эненин баласы Жамангул, Жамангулдун баласы Белек кыйын чыгып, ханга тете болуп, малдуу-жандуу турат. Кабели атадан улуу болгондуктан, мен билемге салып, туура эмес иштерди көп жасайт. Малын ыгы жок пайдаланып, акыры малсыз калат. Бир туугандарынын мал-жандыктарына кол салып, жаман көрүнөт. Мортук менен уруша кетет. Кабели бир күнү Мортуктун үстүнөн жалаа жаап, жалган айтып, даттанып барат Белекке: "Мортук малыңды уурдап атат" деп. Белек эки жигитин Мортукту алып келүүгө буюрат. Мортуктун аялы ай-күнүнө жетип, көз жара турган маалы экен. Айланчыктап, кылчактаган Мортукту ой-боюна койбой, эки жигит: "бол эле, бол" деп, шаштырып, кийим кийгизбей, ат миңгизбей жөө айдап, жөнөшөт. Анда эмне, жоокерчилик заман жалгыз-жарым олтурган үйлөр жок, жыйырма-отуздан бир конуш. Мортукту айдап баратканын көрүшкөн эл аң-таң. Сыртта эл аягы көбөйүп: "Эмне болуп кетти?" дешип, аны ээрчий басып, узатышат.

Кайдан келгени белгисиз алардын арасында бир дубана кошулуп алган. Болгон ишти көрүп турат. Толгоосу жеткен Мортуктун келинчеги күйөөсүнүн артынан карап туруп, бир колу менен киндигин басып: "Ичим" деген бойдон, жанындагы аялга жөлөнө түшөт. Кемпир-кесек, бүбү-бакшылар Мортуктун үйүн көздөй агылат. Дубана да элге аралышып, Мортуктун боз үйүнө чукулдайт. Бээ саам убакыт өткөндө,

бечара келин эркек уул төрөйт. Угуп, көрүп тургандын баары сүйүнүшүп, бир баланы Мортукка сүйүнчүгө чаптырат. Элдин көңүлү бир аз тынчып, өз ара бакылдаша баштаганда, Дубана элге кайрылат: -Бул Мортук балаңардын иши ак экен! Айрымдары тараса деле, үйдүн ичи-сырты кажы-кужу. Чай кайнамдай мезгил өтпөй, дагы бир эркек бала төрөлгөнүн айтышат аялдар. Кийинки бала сүйүнчүгө чабат. Үйдөгү бүбү-умай эне киндигин кесип, чоң табакка салынган карын майды бузушуп, жентек деп, элге ооз тийгизишет. Дубана сары майдан жеп, майлуу колу менен сакал-мурутун аарчый, колдорун көккө жая: -Өзүңөр көрүп, Мортуктун иши ак. Азыркы жаңы төрөлгөн эки наристенин өмүрлөрү узун болуп, тукуму көбөйүп, мал-жаны өсүп, кар болбосун-деп, бата кылып, элден четтеп басат. Бир аздан соң Дубана жок болуп кетет.

Башка салса айла барбы, Мортук эки жигиттин айдоосунда Белектин астына барат. Ал жерде Кабели да бар. Териштирүү, сурак башталат. Ошол убакта Мортуктун уулду болгонун сүйүнчүлөгөн бала кирет. Мортук ичинен ойлонуп: “Жаманатты болуп жатканда уулдуу болдум, атын Жаманак коёюн” дейт. Бирок, жылкычылар, койчу-уйчулар Мортуктун ууру эместигине кепил болушат. Кабели күнөөсүн мойнуна коё албай, сөзүнөн жаңылат. Иши оңуна чечилип калганда экинчи бала келет сүйүнчүгө: -Дагы эркек балалуу болдуңуз-деп. Ушуну менен жамандык токтосун, экинчи уулумдун аты Токтогул болсун деген тилегин ичине катат. Ошентип, эгиз балдар: Жаманак, Токтогул жарыкчылыкка, бул жалган дүйнөгө келишкен.

***(13-14 беттер)***

## ТОКТОГУЛДУН БАЛДАРЫ

Кайрадан тегибизге кайталы. Баш жагында Тынымсейиттен үч бала болгон дедик. Анын улуусу – Кабели. Кабелиден тараган беш баланын укум-тукуму Көлдө: Аксай, Көксай, Оргочор, Сары көл, Светлая Поляна айылдарында турушат. Шалтактан – Бактыгул, Кабак. Кабактын тукуму да көл кылаасында. Бактыгулдан – Мендибек, Чабалдай, Күмүш. Мендибектен – Байкөчөк, Конок. Чабалдайдан – Бытый, Орус, Элтүз, Туран, Сатыбалды. Күмүштөн – Эсенгелди (Кызыл таз), Атакозу (Ак таз), Кожоке (Кара таз). Ал эми Эсенгелдиден – Бектемир, Сарт, Мөндүрчү. Муну жалпы маалымат катары кабыл алса болот. Менин тактап, баяндай турганым эл арасында айтылган: "Токтогулдун тогуз уулу" жөнүндө болмокчу. Эмесе, ынтаа коюп, талдап алгыла.

Токтогулдан тогуз бала: улуу аялы Наргүлдөн Допу, Сопу, Өкүм, Көкүм, Көөкара. Кичүү аялы Саркеден: Шааназар, Акбагыш, Чыйбыт, Дөрбөн. Жыйынтыгында Жаманактан тогуз бала, Токтогулдан тогуз бала болуп, алар эр жеткенде өзүнчө эле бир айылды түзүп, эл оозунда "баланчанын балдары" делинип, айтылып калат. Экөөнүн тең балдары тың, сөзгө аларлык мыкты чыгышкан. Ошондуктан го, эл арасында: "Токтогул менен Жаманак, атадан калган алтын так, артылган экен дөөлөт-бак" деген мактоо кеп кеңири тарап кеткен. Агезде көчмөндүү эл мындай ыр саптары менен маалыматтарды оозмо-ооз жеткирип, кийинкилерге из калтырып, тарыхын түзгөн. Мынча болду көчмөндүүлүк жөнүндө да анча-мынча сөз кыла кетейин. Жаштардын кулагында, эс тутумунда калып, алар урпактарга уламалап, айта жүрсүн...

Жылдар өтүп билинбей, күндөр көзгө илинбей, Кан Мортуктун тукуму (булардын эл ичиндеги дагы бир каймана аталышы ушундай) Жаманак жана Токтогулдун балдары эр жетип, каруу-күчкө жарап, эрдиктери менен эл оозуна алынып, мыкты эр-азаматтар-

дан болушат. Тогуз уулдун арасынан, айрыкча кичүү аялдан – Саркеден төрөлгөн Акбагыш “кандан, бектен кайра тартпаган” эр жүрөк, баатыр чыгат. Агезде биз калмактарга, анын Тазма аттуу ханына баш ийип турган чагыбыз. Үрүмчү менен Кенсан жайлоосунда аларга аралаш жашап, бирге турушкан. Азыр ал жер – Эран кабыра аталат. Бул боюнча кеп башында кеңири токтолгонбуз. Ошол эле мезгилде батыш Тянь-Шанда, бүгүнкү биз отурукташкан аймакта дагы кыргыздар жашоо кечирген. Башкача айтканда, муну менен Мортуктун балдары бөлөк жерде жашаганын баса белгилеп коюуга туура келет.

Тарых маалыматтарына таянсак, ал жердеги кыргыздар 1643-жылдары көчүп келгени айтылат. Лобнордогу кыргыздар ошолордон калып калгандар. А чындыгында калмактар эл арасында тынч жүрбөгөндөрдү, дегеле тың чыкмаларды барымтага кармап, “ак үйлүү” кылышкан. Калмактын Тазма ханы менен Мортуктун балдарынын ортосунда жакшы мамиле түзүлүп, Мүйүздүү Эненин баласы Жамангулдун Белеги малдуу-жандуу болуп, көзгө илинип, Орозбактынын балдарын дагы билип турган. Күндөрдүн биринде Токтогулдун тогуз уулу башкалар менен ордо ойноп, бирде алып, бирде алдырып, катуу таймашып жатканда Белек атчан келип калат. Аты көөдөндөп тердеп, ээликкени токтобой, ордо ичине кирип, үстүндөгү Белек: -Ойнуңарды токтоткула, жылкыга тийип кетишти. Токтогулдун балдары топтолуп алып, эч нерсе менен ишиңер жок, минтип ойноп-күлүп олтурасыңар-деп, кыйкырат.

Белекти карап калышат баары, эмне болгонуна көп түшүнө беришпей. Арасындагы сакалдуу бирөөсү ага: -Кан ордого салам айтып келбейсиңби?! Эмне кыйкырасың, жылкыңды тиймектен, маа демектен өзүңдү тийип кетсин! Ордону сыйла, канча адам турат бул жерде-дейт. Белектин огобетерден ачуусу келе, өңү бузулуп, камчысын үйрө кармап, атын алкынтып, астыга чыгып: -Токтогулдун тогуз уул – тобуңар менен

байгеге сайбасам элеби-деп, көпчүлүккө кыр көрсөтөт. Жардап тургандар дуу дей түшөт: -Э-э, кудай, бул эмне дегени-деп. Аңгыча каны ичине тарткан Акбагыш тигиндейде ташка жөлөнгөн кылычына жетип, аны кындан суура Белекти качырып сала берет. Ал атынын оозун катуу тартып, аты кош аяктап тура калганда, кылыч Белекке жетпей, аттын үстүңкү ээрдин шылып түшөт. Ат жалт бурулуп, Белек оңду-солду камчыланып, качып жөнөйт. Акбагыш жаздым чаап, өкүнгөн бойдон өкүттө калат.

Токтогулдун балдары калмактын ханы менен жакшы ымала түзүп, мурда эле Жаманактын балдарын Эрен кабырага кетиргенге жаздырып койгон болот. Хандын каарына калмак кайда, башка салганды көрөбүз деп турганда, Жаманактын Кашкарынын аялы Торгой күйөөсү жок, бой жүргөн. Ал кезде соода-сатык же башка иш менен эри алыска кетип, алты айдан ашык убакыт өтсө, никеси бузулган, келинчектеринин башы бошоп калчу. Торгой аябагандай өңдүү-түстүү, бир көргөн эркектин көңүлүн бурган айдай сулуу болгондуктан, Акбагыш аны күчкө салсам да аламын деп, эрдемсип жүргөн чагы экен. Жаманактын балдары Акбагышка ачык чыга алышпай, ичтеринен сызып жүргөндө, оңдой берди болуп, Белек менен чатакташып калганы – чырагына май тамызат. Алар Белек менен кеңешип, өздөрүнүн ордуна Токтогулдун балдарын Эрен кабырага айдатмакка антташат.

Бир күнү калмактар келип, элден салык жыйнайт. Андан сырткары майда-чүйдө маселелерди чечип, эң орчундуу, эң оор озуйпа – Эрен кабырага адамдарды алып кетмей болушат. Ошондо Торгой калмак башынын алдына келип, таазим эте ийилип, арыз-муңун айтат: -Төрөм, элибиздин ичинде теңсиздик болуп жатат. Токтогулдун тогуз уулу тынчтык бербеди. Күйөөм соода кылам деп, мал айдап кетти эле, Акбагыш мени зордоп, аялдыкка алам дейт. Бир кайнагамды өлтүрө турган болуп, кылыч шилтеди. А киши атынын тыңдыгынан аман калды, ал зөөкүр аттын

мурдун шылый чапты. Анысы аз келгенсип, күйөөмдү баш кылып, бир туугандары менен Эрен кабырага жаздырып коюптур. Бул ишти териштирип, туура чечип бериңиз-дейт.

Болгон иш болгондой текшерилет, Торгой сулуунун айтканы чын чыгат. Ошентип, Токтогулдун балдарын калмактар өздөрү менен алып жөнөйт. Булардын арасында Термечик менен Орус кошо кетет. Тагдырдын маңдайга жазган жазмышы менен Токтогулдун тогуз уулу Эрен кабырада күн өткөрүп, туруктуу жашап калышат. Бирок, эл арасындагы бир кабарда эки баласы калып калган деп айтылат. Бойдоктор барган жеринен үйлөнүп-жайланышат. Ал жерден элге аралашып ар түркүн өнөрлөрдү үйрөнүшөт. Термечик тирикарак, зээндүү, аракетчилдигинен ал жактан дарыгерчиликтин, эмчи-домчулуктун терең сырын өздөштүрөт. Көпчүлүгү кол өнөрчүлүккө оойт. Антсе да катуу кайтарыкта болушат. Кыйла жыл өтөт арадан. Калмак ханы Тазма да карып, ал-күчтөн таят. Бир күнү түнката ишенимдүү адамдарына чакыртып алып, Токтогулдун балдары менен сүйлөшөт. Буларга башынан эле көңүлү түз да, “менден кеткен жок, өзүңөрдөн кетти күнөө. Мына минтип мен дагы улгайып баратам. Менин өсөөрүм эмес, өлөөрүм калды. Балдарымдын, башкалардын силерди кетирчү түрү көрүнбөйт. Андан көрө ыгын келтирип, качып кутулуп, аман-эсен жериңерге жеткиле” деп, батасын берет. Ушундан тарта качууга даярданышып, кам-кашегин көрө баштайт да, бир күнү түндөп жолго чыгышат.

Кары-картаң, жаш балалуулар ат-көлүкчөн, калганы жөө жалаңдап, болушунча катуу жүрүп, болгон аракет узап кетүүгө жумшалат. Экинчи күнү качкындар ашууга таяна бергенде, арттан куугундун караанын көрүнөт. Белдин кырына жеткенде, калмактар ашуунун этегине келет. Акбагыш айтат: -Балдар, куугунчулардын алдын тоспосок болбойт. Мен бул жерде тозотто калайын. Баарыбыз качып кутула албайбыз.

Мага жакшылап орун жасап бергиле таш корумдан. Калканч болсун, жаанын огу жеткен жерди ата берем. Жебени өзүңөргө ченеп алгыла, арбындуусун маа калтыргыла-дейт. Бирин бирин карашып, анын жүйөөсүн жөндүү көрүшөт. Кимдин эле “ач бел, куу жондо” калгысы келсин. Кырга чукул, асты көрүнөө жерге таштан тизип, чөгөлөп туруп, атууга ылайык жай жасап беришет. Бир аз азык, эки саадак жебенин октору менен калтырып, кош айтышат. Акбагыш буктурмада калат. Качкындар төмөн, нары карай жөнөйт ылдамдап. Ошондо Акбагыштын алтымыш жаштан өтүп калган чагы экен.

Элди баштап келаткан Акбагыш ашууда калып, анын ордуна Мамаке, Шопок башчы болушат. Качкындар улам кылчактап коюп, жүрүшүн катуулатып, тездик менен жүрүп олтурушат. А күнү кеч жакындап, көз байланып, күүгүм киргиче куугун көрүнбөйт. Эртеси таң сүрө жолго чыгышат, арадан үч күн, үч түн өтөт. Белден бери чаалыгып-чарчаган көч түзөңгө өргүүгө түшүп, жай алышат да, өз ара кеңеш курушат. Арттагы куугундун карааны көзгө илинбейт, тозотто калган Акбагыш атанын дайны билинбейт. Ортого Шопок ой-пикирин билдирет: -Ашуудан ашканыбызга бүгүн үч күн болду. Куугундан же Акбагыш авамдан кабар жок. Туура көрсөңөр мындай кылалы, Мамаке экөөбүз кайра артка кайтып, авамдын дайнын билели, тирүүбү же өлүүбү? Силер эл көзүнөн алыс болуп, сактанып, кароол койгула. Калганыңар бутуколуңарды чоюп, эс алып тургула. Биз барып келели.

Экөө артка жөнөп, үчүнчү күн болот дегенде, баягы ашуу белге чыгышат. Эңкейе берип, Акбагыш авасы турган тозотко жетет. Акбагыштын өзү жок, кудайыма тобо, ордунда муздан моло турат. Жерде бир огу менен саадак калган. Бир топ киши зыян болгондой, бирок өлүктөрдү алып кеткен окшойт. Төмөн басып карашса, таш бетине кан чачыраган, ар кайсы жерде кийимдер жатат. Мамаке, Шопок болгон ишти баамдап билип, Акбагышка арнап куран окушат. Са-

адакты огу менен алып, кайра тартышат. Бул ашуу Музарттын бели аталып, тескей бети такай ак кар, көк муз болуп туруучу экен. Качкындар ошол катаал Музарт дабанын ашып, Кашкарды карай бет алат. "Жол азабы, көр азабы" эмеспи, жолдун түркүн кыйынчылыгын тартып, "элдүү түлкү ачка өлбөйт" болуп, жергиликтүү элдин ар кандай кайрымын көрүп, багыт алган жагына сапарын улантышат.

Ал аңгыча бирөөлөрдөн угуп калышат, Кашкар тараптан Аккожо кол курап, черүү топтоп жатыптыр деген каңшаарды. Айткан жерге жетишсе, чын эле Аккожо аттуу адам черүү топтоп, жоокер курап жаткан болот. Эсепке кирип каттальш, баш паанaлап туруп калышат. Ал жердеги черүүнүн көбү кыпчак, казак, сарыкалпак, анан бир аз кыргыздар бар. Ар апта сайын байге сайылып, аскердик мелдештер өткөрүлөт, аягы балбан күрөш менен бүтөт. Аккожонун черүүсүнүн ичинде бир кыпчак балбан жигит өмүрү айры төштүн алдында калбаптыр, чоңдугунан аны ат көтөрө алгыс. Балбандыгы да, тулкусу да зор. Бул кыпчак жигитке тең келчү киши жок, беттешкенин буйдоого келтирбей жыгат.

Качкындар черүүгө кошулганына бир жума болгондо дагы жоокердик мелдештер бүтүп, балбан күрөш башталат. Өзүнчө топтолгон Мамаке, Шопоктор күрөштү көргөндөн башка не кыла алмак? Каруугa толуу үчүн күчтүү тамак-аш керек. Эртеси Аккожо: -Баягы арык черүүлөрдү чакырып келгиле-дейт, ал буларды "арык черүү" атап алган. Мамаке, Шопок баштап, Аккожонун үстүнө кирип, таазим кылып, саламын айтышат. Ал аликти жакшылап алып, ал-жайын сурайт: -Алыс жол басып, кыйналып калыпсыңар, арыктарым. Эч нерсе эмес, ачкан курсак тоюнат. Эртең эле оңолосуңар. Көрүп атасыңарбы, ар бир аптада мелдеш кылып, балбандардын күчүн сынайм. Байкасам, араңарда балбан мүчө балдар бар өңдөнөт, күрөшчүңөр барбы?-дейт. Шопок ордунан туруп, бир аз оңдонуп: -Ханым, өзүңүз айткандай, арык-торук

болуп, араң келдик. Уучубуз кур эмес, арабызда бар, Мамаке балбаныбыз!-дегенде, башын ийкеп маңдайында Мамаке олтурат.

Аккожо Мамакеден көзүн албай: -Мен бир көргөндө эле жактырдым эле, көзгө толор эр экен деп. Кана айтчы Мамакем, күчүңө келгенде кандай элең, белгиң бар беле? Мамаке да тартынбай, түйүлгөн муштумун алдыга созуп: -Кесилген талды кармаганда минтип, бүткүл суусу агып түшүп, өзү тал-тал болуп калчу эле-дейт кебелбей. Аккожо биртике таңдангандай, башын ийкеп: -Анда кеп бар экен, балам. Сага мындан ары көңүл бөлүнөт. Кошумча тамак-аш берилет, Шопок, сен дагы эмне керек экенин айтып турдеп, кол алдындагыларга тапшырма берет. Ошондон баштап эки күндө бирден кой союлуп, тамак-аш кенен болот. Мамакенин аркасы менен жанындагылар да тоюнуп, оңоло баштайт. Эки жума өткөндө Аккожо Мамаке менен Шопокту чакыртат. Ал акырын суроо узатат: -И-э, арыктарым, оңолуп калдыңарбы? Алы-күчүңөргө келдиңерби?-деп. Бирок алдын ала суу талды кестирип, дайындатып койгон да.

– Кана Мамакем, тиги талды кармап көрчү-деп, талдын кесиндисин сунат. Мамаке талды колуна алып, болгон күчү менен кармайт. Суусу шорголоп, муштумун ачып таштаганда, бир аз арасы бөлүнгөн менен, бир тутамы чогуу калат. Шопок: -Ханым, дагы чаласы бар экен. Дагы эки жума убакыт болсо, табына келет-дейт. Мамаке да аны коштойт, башын ийкегилеп. Аккожо кайрадан суроо салат: -Башка дагы кандай белгиң бар? Анда Мамаке: -Күчүмө толгондо мени көтөргөн карылуу ат болсо, чаап баратып, өсүп турган жеңдей теректи жулуп кетчү элем-дейт. Шопок кейигенсип: -Сени көтөргөн андай ат кайдан табылсын-деп, жер карай, шылкыят. Анда Аккожо чечкиндүү айтат: -Менде сага ылайыктуу ат табылат. Оболу күчүңө кел, анан күрөштөн жык, ага дейре ат да дайын болот! Муну уккан Шопок ишенимдүүлүк менен Мамакени даярдай баштайт. Өзү аны менен

кошо күрөшүп, ыгына келтирип, орой чалат, жамбашка салып, шаштысын кетирет, бир топко чейин шайын оодарып, такшалтат.

Шопок дагы эр жүрөк, баатыр, Мамакедей чоң болбогон менен "кандан, бектен кайра тартпаган" кайраты бар экен. Анын үстүнө Мамакеден жашы ылдый, бирок ал Шопоктун сөзүн угуп, акылы менен кеңешип иш кылган. Экөө чогуу чоңоюп, бирге өсүп, калмактардын арасында да эрдиктери менен эл оозуна алынган. Ошентип, Шопок болгон айла-амалын айтып, Мамакени күрөшкө – намыс алып берүүгө шыкактайт, үндөйт, ичи-тышын табына келтирет. Кийинки жумада Аккожо менен акылдашып, бери жактагы балбандардын бирөөнө каршы күрөшкө салат. Кементайын желбегей жамынтып, Мамакени Шопок коштоп, алдыга алып чыгат. Каршысындагы жигит казак, эрендердин эрежесин сакташып, адегенде кол сунушат. Казак балбан Мамакенин сунулган колун билектен кыса кармаганда, бир жулкуу менен бошонот. Кезек Мамакеге келип, чап билектен алганда, байкуш казак канчалык аракет кылса да, колун бошото албай коёт. Күрөш башталат. Бир аз тирешкенден кийин казак балбандын бел курунан кармап, так көтөрүп, жамбашка сала, аяр жыгат. Байгесине жасалгалуу канжар бычак тартууланат.

Мамакенин даярдалышы акыры барып, баягы кыпчак балбан менен беттешүүгө багытталганы ачык да, купуя да билинип турду. Дагы бир жума өткөн соң Мамаке кадимкидей калыбына келип, каруу-күчкө толуп, болтоюп, көзгө толумдуу болуп калганда, Мамаке, Шопокту чакыртат Аккожо. Ал: -И-э, арыктарым, эми акыбалыңар кандай? Алы-күчүңөргө келдиңерби? Эмесе, Мамакем, убада боюнча бобу талды кармап көр-деп, бир тутам суу талды сунат. Мамаке кыса кармаганда, талдан суу шорголоп агып, уучун жазып таштаганда, тал-тал болуп бөлүнүп калган болот. Аккожо баштап, көрүп тургандар Мамакенин күчүнө тан беришип, кубатташат. Өзүнө ишенген бал-

бан: -Эми, жараган ат болсо, минип көрүп, дагы бир күчүмдү сынасам-дейт. Ошентип, Аккожонун атканасына барышат. Ичкери жактан экиден төрт киши суулуктан алган аябагандай чоң акбоз атты жетелеп чыгышат. Келбетине ылайык, ээр токуму көркөм, жабдыктарынын баары чегеленип жасалган. Күн нуруна чыкканда айлананы карап, жер чапчый, баш көтөрө окурана, камоодогу буюккан жаныбар оюн салчудай, октос берет. Эки жактан төрт адам эси кете элеңдешип, чылбырды чоё кармайт. Токтоно албай, бир капталына же артка карай имерилсе, ат башын кармагандар эбелектей тегеренет, "так-таакты" тынбай айтып.

Аккожо сүйлөп жатат, калганы анын сөзүн тыңдайт, болгону Мамакенин көз моокуму канбай, дале аттан карегин албайт. Аңгыча Аккожонун добушу кулагына илине түштү: -Дарканбоз деген ушул, жоодон түшкөн. Минген киши жок, багы ачылбай, багылып жүрчү эле, эми минтип ээси табылды. Кана, Мамаке балам, аттан! Ушул сөздү угалбай тургансып, Мамакенин денеси ымыр-чымыр. Ал кашкая басып келип, Дарканбоздун жал-көкүлүн сылай, эркелеткен болуп, жумшак сүйлөп, жалынат. Камбарата жаныбар анын оюн түшүнгөндөй башын бура, жытын искейт Мамакенин. Ага ишенгенин далилдегенсип, жоошуй түшө, тынч алат. Мунусу "эмне кылсаң, өзүң бил" таризинде, тулку боюна кол тийгизгенге уруксатын бергендей. Мамаке абалга эле эгедер эмес, өзүнүн канатына ээ болгонуна сүйүндү, жалды кармай, үзөңгүнү шак тээп, шап минди. Дарканбоз үстүнө далайдан бери киши кондурбай, чоочуркай түшкөн белем, бир аз октос берип, ойт берчүдөй окторулат. Карылуу кол менен катуу тарткан ооздуктун айынан – арыш керип кете албай, ай талаага жете албай, сом туягы зоңкулдайт, түрсө-түрсө жер таптайт.

Тизгинди бир аз бош таштап, ыкыс берет Мамаке. Ою ойго, кыялы кырга чабыт керет. Күлүк күчүн көрсөтчү дейт, канаке? Алдындагы аты алып учуп

алыска, көкүрөгү кере толот намыска. Ат артынан даңкан чыгат, дабырттаган үн коштоп. Калдайган караан улам барат кичирип, тээ алыстан кайра тартат бир ийик. Карап турган Шопоктун кубанычы койнуна батпай, айтаарга кебин таппай, күлүп-жайнай: -Карагылачы, кандай гана керемет. Бир-бирине уюткандай бап келет-деп, жан-жагына жаркын маанай тартуулайт. Ал аңгыча, ачып-көздү жумгуча Мамакеси маңдайына келип, ат коё, ылдамдай теминип, айдыңдагы өсүп турган теректи тамыры менен жулуп өтсө болорбу. Кудай бетин көрсөтпө, Дарканбоз мүргүп, тизелей барып оңолду. Тарбайган байтерек – мындан ары бой кербейт, Мамаке аны астына басып, туура тарта өңөрөт. “Баракелде күчүнө” деп, Аккожо турат таңдана. Ушинтип, Мамаке өзүн эмес, атын кошо сынап, купулуна толуп, көңүлү мас.

Бирок, астыда болуучу кыпчак балбан менен күрөш оюнан кетпейт. Ал жеке эле керт башы жөнүндө ойлобойт, тугандарын да жүрөкзаада кылып атканын сезет. Артыкча Шопок намыска бек, басса-турса эр намысы менен эл намысы бийик экенин бир айтып, эки койбойт. Мамакенин жанын жай алдырбайт, ар кандай кыймылдарды жасатат, сом кара таштарды көтөртүп, ыргыттырып, кара терге чөмүлтөт. Түнкүсүн кыл аркандын үстүнө жалаң көйнөкчөн жаткызып, тулку боюн чыңайт. Барган сайын Мамакенин булчуң эттери буртуюп, бөлөк-бөлөк көрүнүп, күч-кайраты төгүлүп, денеси чыйралып, өзүн жеңил сезип калат. Көп күттүргөн күн да келет. Жай айы толукшуп, күн ысып турган маалы, шашкеде Аккожо ортодогу дөңсөө жерге даярдаган хан тактысына отуруп, күрөштү баштоого көрсөтмөсүн бергенде, жарданган эл эки тарапка жарыла, жандана түшөт.

Аккожонун акылдуулугунда чек жок. Ал улам бөтөн адамдарды алып келип, черүүсүн жаңыртып турган. Бул жоокердик ыкмалардын, айла-амалдардын ар түрдүүлүгүнө жол ачкан, алардын арасында

атаандаштыкты жаратып, ар-намысты козгогонго чоң түрткү. Күнү кур калбай, ич ара мелдештер, таймаштар уюштурулуп, черүүнү такшалтуу менен алдын ала алдыдагы кандуу кармашка даярданган. Аккожо отурган жеринен элге сынаакы карап, көңүлүн жайкай, элге жайдары кайрылып, сөзүн баштайт. Жалпы мусулман элин ушул жума күнү менен куттуктап, ислам дининин улуулугун айтып түшүндүрүп, кошунга жаңы келип кошулгандарга ийгилик каалап, чукулда жоого аттанышаарын эскертип, мелдештик оюндарды баштоого уруксатын берет. Керней-сурнай тартылып, аба жарат. Кол башчылар бөлүнүп чыгып, жараган эр-азаматтарын алдыга чакырат. Адегенде көзгө атар жаачылар, анан найзакерлер, алардын соңунан колдоруна жаланган кылыч алгандар өнөрлөрүн көрсөтсө, эр эңиш менен балбан күрөш аягында болмогу бар.

Элдин көөнү күрөштө. Анын үстүнө акырын күбүр-шыбыр менен баягы кыпчак балбанга тең келээр киши табылыптыр, кармаш катуу болот дегендер күрөштүн күрдөөлүн оголе күчөтүп жиберген. “Эми эки балбан күрөшөт” деп, аттары аталганда, эл бир дуу этип, кудай-арбакка жалына, бата кылып, алакандарын жаят. Балбандар жылаңач далысына кементайды желбегей жамынып, бирден киши жетелеп, как ортодо. Элди карап, өздөрү да бата кылып, коштоп келген кишиге чапанын карматат. Элдин баарынын көздөрү эки балбанда. Улам бирөөн сынай караган сайын, каректер тойбойт, көздөрү менен көзөйт. Кыпчак балбан Мамакеге караганда бою кичирээк, толугунан келип, моюндан ылдыйкы ийин булчуңу өзүнчө буртуят. Каруу булчуңу бөтөнчө бөлтөйүп, кыймылын коштой жазылана түшүп, кайра түйүлөт. Карчыт булчуңу бөлөк-салак бөлүнөт, бели ичке тарта, сүбө асты, ич булчуңунун жик-жиги даана көрүнөт. Кара сур жүзү москоол тарткан, кой көзү бардыгын батырып, башкаларга сыр билдирбегендей түр бере, токтоо.

Ал эми Мамаке карыш узундай, арык чырай, шадылуу колдору шабырай тартат, баскан-турганда же чыканактан колун көтөрө берсе, булчуң эттери бултуя түшөт. Ийни жазы, кең далы, бели ничке. Көптөн бери күн көрбөгөн денеси ийнинен төмөн кашатка чейин аппак болуп, өнөгүнөн өзгөчө айырмаланат. Мамакенин сары чийкил жүзү кубаңкы тартып, көздөрү бат-бат ирмеле, энесин издеген кулундай, Шопок жакты жалт карайт. Ансайын Шопок муштумун түйүп көрсөтүп, "коркпо, биз барбыз" дегендей, сүрү менен сурун салат. Эмелеки эки жактан чыккан эки балбан сүзүшчү букача, эңкейген тейде бирин бири тиктейт. Ыкыс берип, колдорун алакчылай, кармоого камынгансып, тууралана басат, анан экөө тең чукулдашып, сунулган колдору кармаш баштайт. Белдеринде кур жок, теке тери шым, буттары жылаңаяк.

Экөө бой тиреп, коюн колтук алышып, кол чалмайга салышып, бир бирин силкип ыргытып, чаңтопону бургутуп, качырып кайра кармашып, кайрат менен жармашып, карылуу колдун каруусу мол. Кармаган жерлери кызылала канталап, көгүш көөдөй так калат. Күчкө салса сүргүлөп, аяк алды бөлтөк жерлер түзөлөт. Биринин ийнинен биринин баштары чыгат, сүйөнүшүп. Эстери оогондой, дем алуусу оорлойт. Элди карап, убакыт санап, аз да болсо тыным алат. Анан кайра кармашат. Жыгышалбай көпкө турат. Балбандарды тейлеп турган адам, Аккожону карайт улам, анын жүзүндө айтылбаган суроо: "Эмне кылам?" Хан жанындагы увазирине айтып, күрөштү токтотот чай кайнам. Деми басылгандан кийин экөөнө бирден чанач чалап бердиртет, суусундук катары ичкенине. Каны катып калган немелер эки, үч тынып чаначты бошотот.

Кайрадан ортодо күрөш уланат. Эс ала түшкөн да, балбандар катуу кармаш баштайт. Жана танапис учурунда Шопок жакшылап кулагына куйган: -Ылдам кармашып, шаштысын кетир, эс алдырба. Өзүң эч коркпо, ата-бабанын арбагы колдойт-деп. Аны

көңүлүнө түйгөн Мамаке тыным алдырбайт, качырып кирет. Колун ич жагынан алганга аракет жасайт, узун бою кыскарып, силке тартып кынала барып, жамбашка салат. Ошондо да Шопок жакты карайт, "туура кылдымбы?" дегенсип, көз карашы суроолуу. Шопок ансайын "ушундай, ушундай, Маке" деп, башын ийкегилеп, алга сүрөйт. Баятан бери анча кыйкырык-сүрөөнү жок отургандар да балбандардын жанданганын көрүп, уу-дуу болуп, күйөрманынын атын атап, ач айкырык башталган. Мына ошондо көрүп ал, Мамаке аламанга түшкөн аттай алып-учуп, күч-кайратына кадимкидей кирип, көөдөндөгү эр намысы ээликтирип, тим эле тирукмуш. Ичинен: -Мортук атам колдой көр-деп, ушуга чейин кыйын болуп жүргөн кыпчак балбанды алаадан ала, так көтөрүп, жерден үзөт. Көз кыры менен Шопок тарапты карай берип, имерилте чаап, үстүнө кошо түшөт. Эл "чур" эте, үн чыгарып, эки-үч көз ирмем дымып, кайра күчөйт кыйкырык-сүрөөн.

Мындайды ким күтүптүр, "күч атасын таанибайт" деген ушу. Аккожо да күткөн эмеспи, жанындагы увазиринин кулагына бирдемелерди шыбырап, балбандарга карай кол жаңсайт. Анысы жанындагыларга кайрылып, жоон топ жигиттер, көпчүлүгү кыпчактар – шашыла жүгүрүшүп, бозала болуп, жаңыдан жерден туруп жаткан кыпчак жигитти экөө колтуктай калып, экөө буттан алып, көтөргөн бойдон тактын алдына алпарышат. Аккожо ордунан тура, бир аз утурлай басып, маңдайындагы жерге түшүрүлгөн балбанынын жүзүнөн сүйө: -Эч нерсе эмес, жыгылганды жер көтөрөт-дейт, жооткото. Бекене бою жете бербесе да каруудан сүйөп, жетелеген болуп, үйлөрдү карай бет алат. Калганы артынан чубай ээрчип, өз ара сүйлөшкөндөрү жок, сабырлары суз, тымтырс. Мамаке болсо дендароо, эмелеки болуп өткөн күрөш эсин кетиргендей, басаар басмаксан. Жанында Шопок баштаган "арыктар": -Намысыбыз колго тийди, башканын кереги жок-дешип,

чуру-чуу. Айрымдары Мамакеге асыла, сөз менен жетпегенди, колу, дени менен жеткирчүдөй, жакын жанашып, кучактарын жаят.

Жанагы Аккожонун кыпчак балбанга кылган мамилесинен кийин, Шопоктун көкүрөгү түпөйүл, ичинен сызат. Кыжаалаттык анын канына чейин кирип кеткенби, "эми, эртең эмне болот?" деген ой-санаасы алда кайда учат. Баятан бери эрдигине эдиреңдеген туугандарын көрүп, көңүлү жайлап, ичи жылый түшкөн Мамаке да, Шопоктун кебете-кешпиринен бир шойкомду сезгендей. Кеңеше турган кеп бар экенин илгиртпей билди. Үйгө киргенден кийин өзүлөрүнчө сүйлөшүп, "кыпчак балбанды жыгабыз деп, бир балээге калдыкпы" дешип, санааркашат, ойго батышат. Чындыгы ошондой болуп жатпайбы, мөрөй алган менен ыракматы же байгеси жок. "Арык уйга жоон мүйүздүн эмне кереги бар" эле, бул жерден кетпесек болбойт ко дегенди Шопок айтат. Мамаке да туура көрөт. Бирок, шарт этип, чыгып кетиш оңойбу? Аккожо болбосо да, ичи ачышып калган кыпчактар оңдурбайт, соо чыгарбайт бул жерден. Ошентип, ойлонгуча бир топ күн убакыт өтөт.

Ичтен тынып, бушайман болуп жүргөндө хандан чабарман келет, Мамаке, Шопокту чакырып жатат деп. "Дагы эмне болуп кетти" дегенсип, экөө бирин бири ойлуу тиктеп, хандын алдына барат. Кирип барып, жарыша таазим кыла ийилип, Аккожонун оозун карап, "Оо, кудай жакшылыгыңан бере көр" дешип, туруп калышат. Аккожо кабагын ачып, күлө сүйлөйт: -Келгиле, арыктарым, мындай келип, орун алгыла. Мага аябай таарындыңарбы?-дейт, оң жагын көрсөтүп. Хандын жаркын маанайын, жайдары кабылдоосун көргөн экөө жарыша: -Жо-ок-дешип, көңүлдөрү жайлана түшөт. Аккожо андан ары сөзүн улайт: -Өзүңөр билип турасыңар, менин жоокерлеримдин көбү кыпчактар. Жанагы жерден кыпчак балбанды көтөртүп, көңүлүн алып кетпегенде, кандай болот эле, ким билсин. Мамаке, сага ыраазымын, үмүтүмдү актадың!

Сени бир көргөндө эле жактыргам. Эл көзүнчө байгеңди ачык айтып, бердирте албадым, анын себебин түшүндүң. Эми деле кеч эмес, байгеңе Дарканбозду бердим. Буюргулукта болсун, эң башкысы – эл керегине жарагыла. “Ат – адамдын канаты” эмеспи...

Мамаке, Шопоктун ичи жылып, көңүлдөрү көтөрүлүп, жүрөктөрү жибип, өңдөрүнө кызыл жүгүрөт. Анан оңойбу, Аккожонун акылмандыгы, кыраакылыгы менен бир ууч элдин өмүрү сакталып, эки уруунун ортосундагы кырды бычактык, өчөшкөндүк өчүп атса. “Эшиктен кирип, төр меники” дегенди, ким эле сүйсүн. Ансыз да кыпчактар жагдай-кырдаалды күтүп, эртеби-кечпи кырдуусуна баштамак акыры. Кушу менен кутун колдон алдыргандай абалда калышты алар. Көп көкөлөсө – аздын азабы бар. Ошондуктан мындан ары сак, артын ойлоп, абайлап жүрбөсө болбос. Азырынча Аккожонун билгилиги, даанышмандыгы коргоп турат буларды. Оо, айланайын Көкө Теңирим, качанка чейин эле көрүнгөндүн көзүн каратып, кыргызды чилдей таратып, бул жалганда неге мынча кор кылдың?! Кайсы жерибизден жаздык Жаратканга, кандай арга, кандай айла кылсак, кайрадан элге кошулабыз? Оомал-төкмөл дүнүйө, ойноттуң го күнүгө! Мына ушинтип кудайга күндө жалынган “арыктар” – эртең эмне болуп кетээр экен дешип, ичимен тап болгон менен, сыртынан сыр бербейт, сүрүн сактап, жашоосун улантат.

Арадан бир апта өткөн соң, кайрадан хандан Мамаке, Шопокко чакыруу келет. Аккожонун буйругу менен Мамаке эки күндөн кийин жанына эки жолдош алып, Музарттын белине бара турганы белгилүү болот. Жан жолдошторунун бирөө казактан, экинчиси кыпчак, жетекчиси Мамаке. Шопоктун кайра-кайра чырылдап: -Мен кошо барайын-дегени четке кагылат. Мамаке башчы катары курал-жарагын дайындап, коштоп баруучу жигиттерди тандап, алардын даярдыгын текшерип, белгиленген убакта жол чалууга чыгат. Ошо кезде Музарттын кыры чек ара ката-

рында эле. Ал жерден эки тарап алаканга салгандай көрүнүп, чалгын чалганга ыңгай, душман кайсы жактан келатканы билинип калчу. Аккожонун атайы кызматтагы тыңчы адамдары алдыда болуучу кандуу кармаштын алгачкы маалыматтарын айтып келсе керек, Мамакеге иштин чоо-жайы майда-чүйдөсүнө дейре катуу эскертилген. Жоо тараптан айрыкча колдон келишинче көбүрөөк кабар алуу тапшырмасы берилген. Демек, ал өзүнө тагылган аманатты абийири менен, мойнундагы милдетиндей аткарууга тийиш. Анын бул аракетинин бир учуна бир ууч элинин тагдыр-келечеги байланганын жакшы түшүнөт.

Үчөө сактык менен аярлай, белдин кырына чыгып, эки жакты байкап, алыс-жакындан караан келаткан жокпу, жакшылап карашат. Эч кандай караан-булаң көрүнбөйт. Аттарын көмүскө жерге аркандап коюп, өздөрү асты жагы ачык, алаканга салгандай көз жиберчү – кароол таштын далдасына түнөк кылышат. Арадан үч күн өтөт, баары тыптынч, айлана жымжырт. Бирок Мамаке эмнегедир кооптонуп, үч күн, үч түн уктабай чыгат. Берки экөөнө кудай берип, бир түн тескейге түнөп, "суук экен, ичикий" дешип, күнгөй тараптын ылымта жеринен орун алышат. Үчүнчү күнү таңга жуук ашуу астындагы кыя жол менен келаткан караандар көрүнгөнсүйт. Улам өөдөлөгөн сайын дааланып, курал-жарактуу үч атчан – тик өрдөн аттын жалын кармай теминип, жогору жактан көздөрүн албай келатышат. Аттары араң басат, күш-быш этип, таш кыя менен кадуулай, белге демеп, чукулдайт. Мамаке ушуну күтүп тургандай, жанындагы жаасын алып, кароол таштын капталына тизелей калып, эң арттагысын атат. Ал кыйкыра, аттан кулайт.

Астыңкы экөө жалт бурулуп, жыгылган жолдошун көрүп, элеңдеген бойдон эки жакты карашат. Бир бурчамда буктурмага кабылганын туюнуп, же артты карай качалбай же тике чыгып кармаша албай, эки ортодо эзилген экөөнүн кебетеси жаман, сууга түшкөн чычкан быякта калат. Туура туштагы субагай кара

таштын капталында, бир чоң кишинин карааны жаасын таштап, кылычын кынынан сууруй, кармашууга чакыргансып, коргул таштарды аттап, утурлай басат. Бул жерде ат менен беттешүүгө болбойт, коргул таштар ага жол берчүдөй эмес. Андыктан атты таштап, жөө-жалаңдап чабышууга аргасыз. Эрдемсинген бойлуу бирөөсү башка тилде бакырып, кылычын булгайт, таштан ташты аттап. Жетип-жетпей кылычтар баш өйдө көтөрүлүп, чака-чук, кол каруусу башкача. Көптү көргөн көсөм жоокер оңой эмес жоого жолукканын билгендей, шаштысы кетип, артындагысын жардамга чакырат. Анысы жетип жардам бергенче эле эки буту бүгүлө, шалак эте жыгылып, дени сулк, өзү жан таслим.

Бир заматта эки жолдошунан айрылып, жаңгыз калганын сезип, көзү чекчейет анын. Кубарган өңү менен маңдайындагы таштын үстүндөгү эңгезердей узун бойлуу жоокерди баштан аяк тиктеп, нес болгон эмедей. Аңгыча канжалаган кылычынын учунан тамган канды коштой, күркүрөгөн жоон үн – өктөм басырык менен буйрук берет: -Ташта, кылычыңды! Берки бечаранын манжалары ачыла берип, кырдуу кылыч шыңгыр доош чыгарып, жерге түшөт. Мамакенин үнү огобетерден өкүм: -Бол ылдам, арттагы аттарды карма! Кыйла жол басып, тик өйдөдөн кыйналып калган аттарды бат эле кармайт ал. Кош атты ага жетелетип, бирин өзү суулуктап, Мамаке кырга келсе, жан жолдоштору бейкапар уктап жатат. Бир чети ачуусу келип, бир чети өз бийлигин көрсөтүп коюуну туура көрүп, экөөнү тээп ойготот да, болгон окуяны айтат. Алар анча ишене беришпей, качан гана салбырап турган чоочун адамды жана дагы токулгалуу үч атты өз көздөрү менен көрүшкөндөн кийин, таң калгандарын жашыра алышпай: -Эми, эмне кылабыз?-деп, суроо салышат.

Мамаке айтат: -Силер туткунду алып, аттарды жетелеп, кошунга кете бергиле. Өзүңөр билесиңер, мен үч күндөн бери уктай элекмин. Уйкумду бир аз кан-

дырып алып, артыңардан барамын-дейт. Экөө анын айтканын аткарып, айылды карай бет алышат. Мамаке болсо шашпай, эки өлүктүн баш терилерин сыйрып, балтырына ороп, атын оту бар жерге которот да, ыктоо таштын далдасына жатып, алп уйкуга кирет. Жолдо бараткан экөө өз ара кеңешет: -Мамаке тирүү келээрин ким билет, уктап жатканда арттан издеп келгендер баарын көрүп-билишет да, аны сөзсүз өлтүрүп, өчүн алышат. Андан көрө туткундун көзүн тазалайлы. Аттарды Аккожого алып барып, чалгынга келген үчөөн өлтүрдүк, Мамаке бир жакка кеткен бойдон жок дейли-дешип, туткунду өлтүрүшүп, кыргыз балбанды жаманатты кылууга шерттешет. Жетип эле Аккожого киришет: -Улуу урматтуу ханым, Мамаке баатырыңыз барганда эле бизден бөлүнүп, белгисиз тарапка кетип калган. Үч күн, үч түн уктабай жатып, душмандын үчөөн жайладык. Мына алдыңызга алардын аттарын алып келдик! Бирок, негедир Аккожо экөөнүн айткандарына ишене бербейт. Тезинен Шопокту чакыртып, болгонду болгондой айтып, “Мамакени изде, өлүүсүн же тирүүсүн тап” деген буйрук кылат.

Шопок шашылыш аттанып, Музарттын белин көздөй багыт алат, Мамакени издегени. Бир күн жолго түнөп, эртеси ээн жерден Мамакеге жолугат. Шопок ачуусун ачык чыгарып: -Бул эмне кылганың, Мамаке? Минтип, сага ишенип жүрүп, бала-бакыра менен тууган-уруктан ажырап, как талаада калмак белек, кокуй күн!-деп, кошундагы көргөн-укканын баяндайт. Көңүлү шай келаткан Мамакенин бетинин чаары чыгып, ачуусу келе: -Атаңкөрү арамдар, мени өлдү деп ойлошкон го. Булардын эмне дегени, тез жетеличи, Шопок-деп, Дарканбозду теминип, катуулап жөнөп, кошунга кирип барышат. Түз эле Аккожонун ак өргөсүнө түшүп, болгон ишти төкпөй-чачпай айтып берет. Хан берки экөөнү чакыртат, алар Мамакени көрүп апкаарып, корkконун жашыра албай, Аккожонун бут алдына бүк түшө жыгылышат: -Таксыр

хан! Кечирим бериңиз, биз жаңылдык-жаздык! Жансоога... Анын үстүнө Мамаке алардын көзүнчө баягы кончундагы баш терилерди таштап, экөөнүн калпын ачык-айкын ашкерелеп коёт: -Мына мен жайлаган эки кишинин күбөсү -деп. Мындан башка кандай далил болмок, же тигил экөө өлтүрсө бир жөн.

Аккожонун адилеттиги да бар экен. Ошон үчүн эл башы болуп олтурат да. Анын каары чындык тарапты коргоп, кийинкилерге сабак болсун дедиби, айтор элге угуза катуу айтты: -Кайсы бетиңер менен калпты айттыңар?! Эмне себептен туткунду тирүү алып келген жоксуңар? Маган мындай жалган айтып, жан жолдошун саткандардын кереги жок! Сендейлерге өлүм!-деп, жарлыгын жазып, экөөнү эл көзүнчө даргага астырат. Бул окуядан кийин Мамакенин кадыр-баркы дагы бир деңгээлге жогорулап, жоокерлер арасында сый-урматка татыйт, оозго алынып, көзгө түшүп, хан казынасынан сыйлык катары төө баштаган мал бөлүнөт. “Күлүктүн арты менен күрмөк суу ичет” болуп, тууган-уругу, бала-чакасы, кыскасы лакап атка конгон “арыктардын” жашоо-турмушу оңоло баштайт. Зоболосу көтөрүлөт, ишенимге кирет. Ошондон го, Аккожо атайын ага арнатып, зоот, чопкут, кийим-кече жасатат, Дарканбоздун ат жабдыктарын күмүштөн чегелеп, өзгөчөлөнгөн аземдүү жабуу жаптырат.

Мамаке Дарканбозду минип, жоокер киймин кийип, алчактата бастырып бараткanda жанындагылар тай минген балдардай көрүнчү экен. Атүгүл Аккожо Мамакеге ылайыктап курал-жарак жасатканы айтылат уламышта. Анын курал-жарагын башкалар оордугунан, чоңдугунан колдонмок тургай, жөн эле көтөрүп жүрө албаган. Убагында качкын аталып, кошунга арып-ачып келген жигиттен эч нерсе калбагандай. Ак кызматтын, ак ниеттин арты менен башка бирөөгө жамандык ойлобогон касиеттин күчүн айт. Куулук-шумдуктан, арам ойдон алыс, ар дайым калыс, калпты канат кылбаган, жалганды жанга жу-

утпаган мүнөз өргө сүйрөйт, өнөгөлүү болот тура. Катарлаш курдаштары да Мамакеге теңелип, аны туурагансып, каз-катар. Бул огобетерден Шопокко жага бербей калды. Ал дагы чалгынга чыгып, жол чалып, эрдиктерди көрсөтүп, ишенчиликтүү жигиттердин бирине айланган. Мына ушундай жоокерлерден тандамал бөлүк түздү Аккожо. Миңбашы кыпчак балбан, андан кийинкиси Мамаке, ал эми Шопок ошол бөлүктүн ичинде жүзбашы.

Ошентип, мезгил өтүп, душман менен бетме-бет кездешчү күн жакындайт. Даярдык шайма-шай болду дегенде, кырка тизилген жоокерлердин астына Аккожо чыгып, кошунга кошулгандарды куттуктап, ар дайым “эр жигит – эл четинде, жоо бетинде” болорун, алдыдагы кандуу кармашта кайра тартпаган, тайманбас эрктүүлүк гана эрдикке өбөлгө экенин, душманды жексен кылууга, элге жеңиш керектигин баса белгилеп, жалындуу сөзү менен шыкак, түрткү берет. Черүүнүн күч-кубатын көзгө көрсөтүү максатында жоокерлерди эл алдынан чубатат. Салтанатты керней-сурнай коштоп, ал бөтөнчө шаң менен жыйынтыкталат. Эртеси да керней-сурнай тартылып, жоокерлер добулбастын коштоосунда кан майданга аттанат. Үчүнчү күн дегенде, өргүү алып, кандуу кармашка алдын ала даярдыктар көрүлө баштайт. Эки күндөн соң калмактардын колу чукулдап калганы маалым болот.

Кайрадан керней-сурнай тартылып, добулбастар кагылып, миңбашы, жүзбашылардын буйрук, көрсөтмөлөрү кыйкырык менен коштолгон. Топ-топко бөлүнгөн жоокерлер согуш талаасына барып, керегедей тизилип, канат болуп турушат. Бир аз убакыт өткөндөн кийин жайнаган калмак колу кара таанча каптачудай караанын калдайтат. Байкай келсе саны жагынан арбынсыйт. “Коркконго кош көрүнөт” дейт, мындайда этият, кылдат болбосо, черүү ичинде кооптонуу сезими күчөп, коркунуч басса, башаламандык, кым-кууттук бат эле өз өкүмүн сүрүп кетиши

мүмкүн. Каалгый келгендер канат болуп, жайбаракат токтоп, асты жагындагы орто жерге башчылары наржак-бержактан чапкылай жетишип, кеңеш кургандай бир аз туруп, кайра тарап кетишет. Бирок, убакыт көпкө созулбады. Ортого чоң кара ат минген, зоот-чопкут кийинген, башында туулгасы бар адам – найзасын булгалай, ат ойнотот. Анда-мында бакырып алат. Анысы: “Жекеге” дегени, демек черүү тараптан ага тең келчү киши чыгууга тийиш. Майдандын, беттештин жолу ушундай.

Эл дуулдайт, эми буга кимди чыгараар экен деп, хан тарапты тиктешет. Тиги жоонун көптүгүн өз көзү менен көргөн Аккожонун көңүлү алда кайда кеткен, коркунуч алкымдан алып, көөнүн айныткан. Ал бул абалын сыртка чыгарбай, ичинен имерет, өзү менен өзү сүйлөшөт, анан барып эсине келе, башын көтөрүп: -Кана баатырларым, намыска жарай турган киминер бар?-дегенге батынат. Эки жагын каранган сайын хандын каректери Мамакени гана издегендей. Жоокерлердин арасында эр жүрөк, эр көкүрөктөр жок болчу беле, “мен чыгамын” деген үндөр бири бирин удаалаш коштойт. Мамаке болсо капарсыз, ортодо атын ойноктоткон жоокерди суктана карап, “эрдигиби же эр намысыбы?” деген суроого жооп издейт ичинен. Аңгыча, акылы жетик Шопок аны капталга нукуйт. Андан чочуп, селт эте түшкөн Мамаке Аккожо тарапты кароого аргасыз болот. Хан менен баатырдын көздөрү кездешкен кезде: -Ханым, уруксат бериңиз. Жекеге мен чыгайын-дейт чечкиндүү. Минтип таккесе айтканына ички туюму эле эмес, черүүнүн ишеничин, үмүтүн актоо озуйпасы да түртмөлөктөйт, ажалына же азабына баратканын унут калтыра.

– Жолуң ачылсын, Мамакем! Намыска жарап, жеңиш менен кайт!-деп, Аккожо алакандарын жая бата бергенде, кошуундагылардын коштоосу жер дүңгүрөткөндөй аба жарат. Көпчүлүк элдин батасынын күчү укмуш – эр адамды элөөрүтүп, жанына жан, каруусуна күч кошот. Намыс деген улуулуктун нарк-

баасын билгизип, эл керегине жарап, элге кызмат кылууга үндөйт. Мына ушундай эреже эзелтен келет. Аны аңдап-түшүнгөн адам чанда, көбү көр дүйнө менен алектенип, өзүмчүлдүгү башынан ашат. Аларыңдын жоругу жолдо калсын, андан көрө Мамакедей эр-азаматтарыбыздын катары көбөйө берсин, элдин батасы тийип. Тигине, эмелеки эл арасындагы Мамакенин караанЫ калдайган адам, ак боз аттан учурат даңкан, өзгөлөрдөн бөлүнөт, көзгө сүйкүм көрүнөт. Колундагы түпөгү жок найзасы да башкача, узунураак белем. Карасаң, карасаң, кандим найзакердей жаалданып алыптыр, кайра тартпай калыптыр. Кудайарбак колдой көр, оо, Жараткан, жалынмак бизден, жалгамак сизден! Жанын аман, жакшылыгын бараан, жекесин жеңил, жеңишин кепил кыла көр?! Тукумубуз улансын, тууган-урук кубансын, кас-душмандар кулансын!

Баарынан да Шопоктун ой-санаасы алда-кайда учуп, ичинен жалынганы токтобой, "а кудайлап" калган чагы. Эки көзү Мамакеден өтөт, анын ар бир кыймылын аттангандан тарта аңдыйт. Алабармандыгы кармап, аңдоостон алдырып ийбегей эле деп, ичинен кымылдайт. Антти дегиче, бүттү. Бир адамдын ажалы менен бүткүл кошуундун тагдырынын таш талканы чыгат. Экөө бири бирине туташ, көз каранды. Ошон үчүн Эрөөл да. "Эр +өл" деп бекер жерден айтылган эместир. Ойдун аягына жете электе, эрөөлчүлөр эки жакка бастырып, мерчемин билип, бири бирин карай баштанып калган. Биртике тыным алгандан кийин экөө бирдей тизгинди коё берип, ыкчам теминип, ээликкен аттар эликтей секирип, эрендерди маңдай-тескей жеткирип, кудай бетин көрсөтпө, доош угулат "күрс" этме. Элеңдеген эки жак, көз ирмебей карашат. Теңирим тескери бурулбаптыр, Мамакеге найза учу мурда урулбаптыр. Буйрукка айла жок, каратчан калмак баатыры – Мамаке сайган жарактан, жеткен экен ажалы. Бир тарап: "а-ай" деп, аянычтуу үн салса, экинчи тарап: "азамат, намысты

алды" дешип, сүйүнүчтөн каш жарат. Пендең кургур, чын-чынында өмүр менен өлүмдү ортого коюп, оңбой олтурганын билгиси келбегендей.

Үстү жеңилдей түшкөн карат бир аз мүргүп түзөлүп, тизгини жая ташталган бойдон, ооздугу тартылбай, келген жагына желе басып жөнөй бергенде, боз атчан болумдуу караан жете келет. Жандай бере, тизгинден алып, күүлөнгөн тейде сүрдүк түрө коштоп, өз тарабын көздөйт. Баатырдын астынан биринчи чыккан Шопок каратты капталдай, Мамакенин колун бошотуп, жетиналбай жеңиши менен куттуктайт. Ал күчү бар киши алакөөдөк болорун жакшы билет. Ошондуктан Мамакеге: -Хандын алдына бар-деген көрсөтмөсү сайга кетмек беле, олжонун атын тартуу кыла, Аккожонун алдында. Хан алгачкы жеңишке жеткенине кубанганын жашырбай: -Ишке жарадың. Мамакем. Бул эрдигиң менен душмандын демин бастың. Дагы жекеге чыгам деп ойлобо. Андан көрөк, чоң чабуулга даярдан-дейт. Хандын айтканы айткан, дегени деген. Экинчи жолку жекеге кыпчак балбан даярданат. Ал дагы каршылашына каран күн түшүрүп, кайрадан эрөөлгө күтүнүп, атын ойнотуп, кас-душмандын намысын ойготуп, ортодо кашкаят. Жанатан бери эки баатырынан айрылган жоо карап турчубу, каны кайнап, ачууга алдырган калмактар ач-айкырык менен каптап киришет.

Кандуу кармаш күн батып, батыштан кызылы көрүнгөндө араң токтойт. Ар бир кошуун жоокерлерин жоктойт. Кызык, тирүү калгандарына сүйүнүнгөндөр жашоосу үчүн жандалбас. Адамды ошондой жаратса керек, айрымдар өлүктөрдү шашпай аралап, эч нерсе болбогондой, өзүнө керек нерселерди чогултат. Ушуга чейин бирге басып, бирге турган жоокерлердин жатканы да башкача, бири эт-бети менен кетсе, бири капталдайт, канга боёлгон бойдон. Мамаке, Шопоктун шайы кеткен, шалдырай бастырышат. Анда-санда салгылаштын орчундуу окуяларынан кеп салып, душмандын көптүгүн, өздөрүнүн

өжөрлүгүн эстеп, маашырлана калышат. Анан бири бирин тиктеп: -Эй, кейпиң кантет?-дешип, каткырып күлүшөт. Жедеп бети-башына чачыраган кан чаңга жуурулушуп, өңдөрү өзгө адамдардын кейпин кийген. Алдындагы Дарканбоз кызылынан жанып, кадим эле карагер атка айланган. Жатак жайга жай баракат жетишип, Мамаке аттан түшө, жигитине катуу эскертет: -Дарканбозду жууп-тазалап, жакшы тойгузгула!

Кан төгүү бүгүнкү менен бүтүп калбасын билет алар. Алдыда дагы канча күндүк кармаш бар, аны кудай гана билбесе, билээр киши жоктой. Эртең менен Мамаке сыртка чыга, атына келсе, Дарканбоздун кечөөкү келбети жок, чамбыл аласыз, жууп-таралып, тазаланган. Жал, көкүлү кулпурат. Бир аздан соң керней-сурнай тартылып, алдыдагы алааматтан кабар бергенсийт. Демек, тезинен даярдануу керек. Мамаке жоо-жарагын алып, жоо кийимин кийгенден кийин, ээри токулуп, жабууланган Дарканбозду эки-үчөө суулугунан кармап, астына тартат. Ал атына мингенде, Шопогу шапа-шупа жанында даяр. Өзүнчө бөлүнүп, катар турган жоокерлерди беттеп бастырганда, экинчи ирет сурнай үнү жаңырып, айланага, адамдарга бир шойкомдуу үн салат. Бул белги колбашчы, миңбашы, жүзбашы үчүн, ошондуктан Аккожонун тегерегине алды келип калган. Жоокерлер эле эмес, аскер башчылардын да саны кемий түшкөн. Антсе да Аккожо акылдуу жан го, кайратынан жазбай, жоокерлерин шыкактап, кан майданга жөнөтүүнүн камында.

Экинчи күн да эч кимге жеңиш ыроолобоптур. Кырчылдашкан кармашта ажал менен өлүм өз өкүмүн сүрүп, кырылган жоокерлердин денеси тоодой. Артыкча аздык кылган тарапка мындай өтө оор жоготуу – жеңилүүнүн башаты эле. Үчүнчү күнү Аккожо өзү баштап, согушка кирет, Мамаке, Шопоктун миңине кошулуп. Ар кимисинин оюнда бүгүнкү беттешүү чечүүчү мааниге ээ экендигин сезип-туйгандай таасир калтырганы кашкаят. Андан башка аргасы бар-

бы, "башка салганды көрдүм же өлдүм" деген тыянак жан дүйнөсүн жарып, сырткы турпаттан даана көрүнүп калган. Калмактар көптүгү менен алып, Аккожо жеңиле баштагандай. Түш оой ал Мамаке, Шопок баштаган бир аз жоокерлери менен курчоого алынат. Хан кан майдандын жыйынтыгын ичинен баамдап, айласыз акыбалга капталганын түшүнүп, Мамаке, Шопокко кайрылат: -Айла жок, аздык кылдык, арыктарым. Минтип курчоодо турабыз. Мамаке, Шопок баатырларым, силерге эки дүйнөдө тең ыраазымын. Өз элиңерге аман-эсен жетип алгыла-деп, кайра колун жаңсай көрсөтүп: -Экөөң тигиндей тургулачы, батамды берейин-дейт. Экөө башкалардан бөлүнүп, обочолонот, Мамаке астыда, Шопок бир аз артыраак, кыйгачтайт. Аккожо кыбыланы карап, алаканын жайып: -Мамаке, Шопогум бактылуу, өмүрлүү болгула, кем болбогула. Эл-жериңерге аман-эсен жеткиле. Алда Таалам ушул батамды кабыл кыла көр-деп, батасын берип бүтүп, кайра Мамакени тиктей: -Ата көрү, Мамакем, сага берген батам сенден өтүп, Шопокко токтободубу?! Шопоктун эки дүнүйөсү тең берилди. Бул жалганда сага кыйыныраак болуп калды. Алданын жазганынан артык кете албайбыз. Тиги, чын дүйнөдө өзүм тосуп алам-деп, ишендире башын ийкегилеп, улам чукулдап калган жоону карай колун жаңсап көрсөтүп, "тетиги жакты жарып өткүлө, мага карабагыла" деп катуу кыйкырат.

Мамаке, Шопок баштаган элүү-алтымыштай жоокер найзасын караңдатып, кылычын жалаңдатып, Аккожо жаңсаган тарапка ат коёт. Чынында эле ошол жак суйдаң экен. Ал убакта Аккожо жерге чөгөлөй түшүп, кыбыланы карай алакандарын жайып, башкача сүйлөп, чеке-белиндеги көрүнүштөрдүн ага тиешеси жоктой, бөлөк бирөөгө кайрылып, алда немени суранып жатты бир Алдадан. Анан кантмек, алдында ажал турат айласын кетирип. Баары бир жазмыштан качып кутулуу кайда? Жеңилүү ызасы менен жашоо кумары эки жикке накта бөлүнүп, өткөн-кеткен

өмүр көзгө даана көрүнүп, каректен жашы төгүлүп, арманы аттын башындай анын. Аткара турган милдети мүргүп, тилегине, көксөөсүнө жетпей, кас душмандын колуна түшүү оңой эместир. Буга да жүрөк керек, качып кеткенге аракет кылса болмок. Бирок ага хан атагы, эл башы деген наамы, эр жигиттик намысы жол береби? Андай кылганда артынан сөз ээрчип, жаманаттысы айтылып калат. "Уят – өлүмдөн катуу", эл ичинде: "а-а, баягы артын карабай качкан ханбы?" дешип, кекээрлүү шылдың тынч жаткырбайт. Кара башты ала качып кетүү оңой, кепке калып, келеке болуу өтө жаман, сөздүн баасын, баркын билген кишиге.

Аккожонун айтканы боюнча Мамаке, Шопок: "Манас атам колдо" деп, жарданып турган жоого тобокел менен каршы чыгат. Жанындагылар да жөнсалды жигиттер эмес да, алар да өз колдоочуларына жалына, жан үрөп салгылашты баштаган. Ортону карса-күрсө доош, кыйкырык-чуу коштойт, каны чачырап, жерге сулап жаткан адамдар, ээси жок ээрчен аттар арбып барат. Арасы азайган атчандар курчоодон суурулуп чыгып, чаңды асмандата, чу коюшат асты жактагы айдың талаага. Бир далай узай түшүп, артын карашса, кубалаган деле эч ким жок. Адамдагы кулак түрмө, андымай адат калбайт тура, баягы жаңгыз калган Аккожонун ордуна көз жиберип, алда немени издегендей элеңдешет. Аккожонун дайны билинбейт, карааны көзгө илинбейт, болгону чөгөлөй отурган ордунан созолоно чыгат түтүндөй ак булут. Айрымдары жакасын кармаган бойдон, кээси кобуранып келме келтире, өз-өзүнчө каңгып бастырат. Ал жерден Мамаке, Шопокко дагы үчөө кошулуп, суук көздөн далдоо жол менен алысыраак айлана, мурдагы жашаган жерине келишет. Хандын сарайынын кейпи кеткен, тымтыракайы чыгып, тонолгон. Тегерегиндеги жашап жаткан элдин көбү көрүнбөйт. Мамаке, Шопок ары-бери чапкылап, туугандарын таппайт, алардын кайда кеткени белгисиз.

Эмне кылаарын билбей туруп калышат. Бирок, бул жерде байырлоо, көпкө кармалуу өтө эле опуртал эле.

Аңгыча, Ооган тарапка бараткан кербенчилерге жолугуп, жүктү коштоп, коргоп баруучу адамдар керек экенин угат Шопок. Кербен башыга жолугуп, сүйлөшөт. Өз ара макулдашкандан кийин, бешөө тең Ооганды карай бет алат. Жолдо бир буйтка жерден каракчылар кол салып, катуу кармаш болот. Бешөөнүн экөө ошол жерден набыт кетет. Каракчылардын көбү өлүп, азы качып кутулат. Мамаке, Шопок баатырдыгын көрсөтөт, себеби булардын жаны ачып калган да. Калмактардан жеңилгени аз келгенсип, ага-тууган, катын-баладан ажыраганы чоң мүшкүлдү жараткан. Ошондонбу, аларга жарыкчылыкта жашоо түккө турбагандай, баарына кайыл, өлүмдөн кайра тартчудай эмес. Кербен Кабылга жеткенде биротоло жүктөрүн түшүрүп, кербен башы ыраазылык иретинде Мамаке, Шопокко мээнет акысын ашыкча төлөйт. Бөлөк эл, бөтөн жерде көпкө турмакпы бул экөө. Ич ара иликтеп, Кашкар тарапка кетүүчү кербенчилерди издей башташат. Бирок коогалуу заманда ким эле тобокелчиликке барсын, ары урунуп, бери урунуп, кыйналып турганда, “жоокер адамдар алынат” деген каңшаар тарайт. Айла канча же башка аргасы барбы? Алар да эл катары жоокерлердин катарын толуктайлы дешип, жан-жагына көз жиберсе, баягы Аккожонун убагында чогуу жүрүшкөн бир-экөөсү кол башчылардан экен. Кучакташып көрүшүп, ал-жай сурап болгон соң: -Кошулгула бизге, акырына чейин чогуу бололу-дешет. Мындайда эски тааныштты кыйып кетүү кыйын го, анын үстүнө астын ала акчасын жогору төлөп атышса.

Булардын басымдуу бөлүгү буга дейре башка майда топторду же урууларды жеңип алып, аларды кошулууга аргасыз кылгандар. Акыры көбөйүп, кубаттанып, байып жана күчтөнүп, жергиликтүү чоң уруу менен урушуп, биротоло үстөмдүк кылууга максат коюшкан. Мамаке, Шопоктун жоокердик тажрыйбала-

ры мол болгондуктан, салгылаштарда эрдиктерди көрсөтүп, бат эле аскер башчылык орундарга ээлик кылышат. Арадан жарым жыл өтүп, "өлбөгөн жанга жаз келет". Курама уруу кошуунга чоң уруу – Талибандар кол салат. Кантсе да жергиликтүү эмеспи, сан жагынан да абдан артыкчылыгы бар куралдуу топ, курамалардын катарын суюлтуп, жеңишке жетише баштайт. Мамаке, Шопок жетектеген өзүнчө тандамал жоокерлер жан аябай каршылык көрсөтүп, улам кача берип, кайра кайрылып кол салып, бет келген жоону талкалап, түндүк тарапты карай тереңдейт. Саналуу жоокер калганда, бир тар коктудан үстүлөрүнө тор ыргытылып, колго түшүрүлөт. Ошентип, ойдо жок окуя – Мамаке, Шопок колго түшүп, орго салынат. Дагы жакшы, кармалган жерден эле каргадай башты кыя чабышкан жок. Анда тарпы ташка жайылып, жарыкчылык менен таптакыр коштошмок булар.

Ор бош эмес экен, ичинде бир жигит жатат. Ал дагы курама кошуундун жоокери болуп, колго түшкөндөрдүн бири. "Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кишинешкенче" дегендей, эрмектешип, кобурашып отуруп, үчөө аябай ынак болуп кетишет. Ал ар дайым ак тилек кылып: -Ушул ордон аман эсен-чыксак, мен силерден ажырабайм, силер кайда барсаңар, мен ошо жакка барам-деп, айтып жүрөт. Алар бир жылдан ашык зынданда жатып калат. Бир күнү ордон чыгарып, "кандай ойдо калды экен" дегенсип, суракка алышат. Баары бир ооздон бирөөнүн тилине кирип, жаңылып-жазганын туюндурат, кетирген кемчиликтери үчүн кечирим берүүсүн суранышат. Булардын көксөө-тилектери кабыл болуп, ар кандай жумуштарга чегерилет. Бирок, такай көзөмөлдөн, кайтарыктан арылбайт. Мамаке атканадан көптөн бери минилбей турган Дарканбозду көрөт. Көзүнөн жашы тегеренет. Айбан болсо да жан жолдошу, сырдаш досу, учкан канаты, кутман такааты эмес беле?! Кор болгон экен го, кайран жаныбар...

Жашоо жашынып, турмуш тумчугуп калбайт да, күчтүү уруунун күнүн түнөрткөн мезгил жетип, улуту кытай, жаңгыз көздүү баатыр чыгып, элди өзүнө каратуу үчүн кандуу кармаш салат. Анын эл арасына бүлүк түшүргөн, көргөндүн үшүн алган касиеттүү кылычы – Айсыз караңгыда жарык берген, ач албарстай курч, аталышы Кохар, шилтегенин шылып түшөт. Бул артыкчылыгын колдонуп, ар качандан бир качан түнкүсүн жортуул жасайт. Алдынан чыгып, ага каршы тургандардын коркуу сезими күчөп, эч кимиси туруштук бере албай коёт. Акыры анын амалын Шопок табат. Элге көрүнбөй, артынан келип, көзгө сайып өлтүрөт, ансыз да сокур немени. Мамаке, Шопок эки шер Кохар кылычты башчысы Тазкожого тартуу кылышат. Алар баалуу сыйлыктарды гана эмес, ошону менен бирге баштары бошоп, эркиндик алышат. Кадыр-көңүлүн салып, кайра-кайра өтүнүп, баягы ордо чогуу жаткан жигиттин да боштондукка чыгышына жетишет. Жамандыкты чогуу көргөн адамдар эч качан бири бирин сатпайт, ара жолго таштабайт, ар дайым кош колдоп турат. Ич ара ишенич менен таяныч эриш-аркак, андыктан ар качан көмөк көрсөтүү көмүскө болсо да ишке ашат баары бир, муну бөркүңөрдөй көргүлө.

Ооганда үчөө ээрчишип, үч жыл болгондон кийин, кадимкидей тыңып калышкан. Күн өткөн сайын качкын, бозгун, азгынбы, кайсынысы баары бир, ким эмне десе мейли, эптеп эл-жерге кайтуу ой-санаасы жүрөктү эзет, жанды жейт. Ал тууралуу кеңеште жолдогу кыйынчылык боюнча боолго көкүрөктөгү кооптонууну жараткан менен өзөктөгү өз эл, өз жерге болгон сагыныч менен кусалык ичти куйкалап, көкүрөктү өрттөйт да турат. Сапарга тезинен чыгууга үндөйт, калмактардын барымтасынан качкандарына мына быйыл тогуз жылдын жүзү толгон. Айтууга жеңил, не деген азап-тозоктордон кутулушту, не деген өлүм-ажалдардан аман калышты, эгер ичээр суусу түгөнгөндө, эмдигиче өздөрү упат, сөөктөрү

сөпөт болмок. Бирок Алда Таалам аларга өмүр бе-рип, ыбаа караганында кеп бар. Бул жарыкчылыкка ар бир адамды жөн эле жарата койбойт кудайым. Ар бирибиздин алына жараша аткара турган, жасап кал-тыра турган озуйпасын же милдет-парзын кошо бе-рет окшобойбу. Ошону сезе билип, туя билип, жүзөгө ашыра алгандар гана чыныгы адамдар. Аны туйбай-билбей, тоң моюндук кылсак, кара башты калкалап, кара курсакты тойгузуп, өзүбүзгө өзүбүз маашырлан-сак – бул дегениң анык айбандыктын, накта наадан-дыктын белгисин билгизээри бышыктыр.

Эрен кабырага, калмактардын карамагына бар-ган Токтогулдун балдарынын баары эле Теңир-Тоого кайтты дегенден алысмын. Кээ бирлери жергиликтүү эл менен кыз алышып, кыз беришип, биротоло жер-деп калышкан. Мен билгенден Наргүл байбиченин балдары: Допу, Сопу, Өкүм, Жоокара. Ал эми Тазма хандын акылы менен Акбагыш ата, анын уулдары: Шааназар, Орус, Чыйбыт, Дөрбөн баштагандар ка-чып чыгышканын баятан бери баяндап келатам. Ак-багыш баатыр Музарттын белинде куугундарды то-суп, токтоткон бойдон шейит кетпеди беле. Атабыз-дын арбагына таазим, өз өмүрүн кыйып, укум-туку-муна жашоо берди, жарык чачты. Ортодогу ар түрдүү окуялардын кесепетинен Мамаке, Шопок да көчтөн адашып жүрүп, тогуз жылдан кийин Теңир-Тоого кай-тат. Алар менен баягы ордо жаткан жигит бирге кел-ген. Ысымы - Седеп. Азыр анын урпактары Дөрбөн ичинде болуп, Дөрбөндөр аталат.

Аккожо жеңилгенден кийин “арыктар” Мамаке, Шопоктун өлүү же тирүүсүн билишпей, баштары маң. Эл менен кошо дүрбөп, батыш Тянь-Шанды беттеп, Ысык-Көлдүн тескейиндеги ата конушуна келишкен. Алардын артынан издегендер адеп Нарындын күнгөй тарабында, мисалы Мамаке Кара-Бук, Чийди-Колот-то, Шопок болсо Эчки-Башыда турушкан. Алар ар кимден сураштырып, туугандарын иликтешет. Шо-поктун Божокой деген иниси жаш бала экен, өйүзгү

Моңолдордун биринде, эри өлгөн жесирди кайтарып калат. Кайтарганы кайсы, аялдын боюна бүтөт Божокойдон. Муну билген Шопок жуучу түшүп, жесирдин башын ачат да, моңолдорлордон алып чыгып, инисине баш байлайт. Ошондон улам айыл арасында сөз калган: "Моңолдордун жесири болбосо, Божокой тукумсуз калмак" деген. Ушу жерден белгилей кетейин, Божокойдун улуу аялынан: Жамгырчы, кичүүсүнөн: Кыдык, Кошой, Тыныбек.

Бир ата, бир энеден болсок да, "бир үйдүн жарыгы – бир үйгө тийбейт" эмеспи. Анын сыңарындай Шопок бат эле мал-жандуу болуп, өзү менен өзү көбөйүп, уламдан улам аял алат. Анын үч аялынан сегиз уул, багып алган "тондуу уулдары" (этек алдынан асырабай эле, акыл эс киргенде үрп-адат, салт менен багып алып, өз балдарынан кем кылбай өстүргөн балдар) алтоо болгон. Бардыгы он төрт бала. 2006-жылга карата кан Шопоктун тукуму Алыбек ажынын небереси Мамыт баласы 94 жаштагы Султанбайдын айтуусу боюнча 384 түтүндү түзөөрү белгилүү. Шопок Кызыл Омполдо кыш маалында 110 жаш курагында бул дүйнөдөн өткөн. Ошол мезгилде 33 түтүн гана эл болгон экен. Бүгүнкү күнү Мамакенин 30-40тай түтүнү Орто-Нурада турушат. Мына ушул жерден баягы Аккожонун батасы эске түшөт. Берилген бата Мамакеден өтүп, Шопокко токтогону чын чыкты. Алыбек ажынын айтканына караганда Шопоктун санкара жылкысы көзүнүн тирүүсүндө эле 10 миңден, түмөндөн ашкан. Демек, баягы Аккожонун айтканы келип, кудайым ага жашты да, байлыкты да, баланы да, кыскасы баарын бергени айдан ачык көрүнөт. Дөөлөттүү карылыкка жетип, кадыр-баркы, сыйы менен кем болбой, кар болбой жашаган. Ошондогу Аккожонун көзү ачыктыгын унутпаса керек, аны балдары өлөөрүндө билип олтурбайбы...

Балдарынын баарын Шопок чакыртып келип, өзүнүн жылкысынан эч жеринде меңи же белгиси, бир да буруусу жок, ак боз бээни карматып келип,

даярдатып койгон болот. Ал башында туруп, бата кылып, сойдуртуп, эт бышканда уулдарын маңдайына отургузуп коёт. Шопок ар бир баласына өз колу менен устукан берип, тамак желип бүткөндө керээзин айтат: “Мына быйыл 110 жашка чыктым. Эми, кетээр кезим келди. Аккожонун батасы менен жүз онго чыктым. Мына бүгүн бейшемби. Эмки бейшемби күнү – бул жалгандан чын дүйнөгө кетчү кезегим келди. Бээнин этин бышыргыла. Эт бышканда өз колум менен бөлүп берем. Андан кийинки бейшембиге чейин, ар бириңердин сыйыңарды көрөм” - дейт. Балдарынын ар кимиси, колунан келген малын союп, коноктой баштайт. Таңсыктын уулу Борсук тумар таккан эки эркечин соёт. Күн сууп калган убак. Эт желинип жатканда эле, эчкинин майы тоңуп калып, жакшы желбей калат. Шопок уулун Борсолдойум деп, эркелетчү экен. “Ата көрү, Борсолдойум-ай. Бекер кылыпсың. Тукумуң кемирээк болуп калбадыбы?!” деген экен. Айтканындай эле, анын тукуму азыраак болуп калган жагы бар.

– Кожомдон жети киши келет, айтканын айткандай кылгыла –дейт да, бир жума мурун алдын ала таза жерге боз үй тиктиртип, бейшемби болду дегенде, төшөктө жаткан Шопок балдарынан сурайт: -Карагылачы, кишилер көрүнөбү?-деп. Жумшаган бала үстүнө кирип: -Төмөнтөн качыр минген жети киши келатат-дегенде, “И-и” дегенден башкага алы келбей, үнүн акырын чыгара, көзүн жумуп, созолонот. Жанындагы карыя тамырын бир азга кармап туруп: “Тамыры  улам солгундап баратат” дейт, балдарын тегерете карап. Аңгыча, эшикти бирөөсү ачып, селдечен адамдар үйгө салам айта, оң колдорун төштөрүнө ала, бирөөсү чөгөлөй отура калып, тамырын кармап, беркилерин карай башын ийкейт, калганы да отурушуп, тамыр кармаганы ыйман сүрөөсүн айтып баштаганда, адегенде алдыңкы келгенди сезген Шопок – ыйман сүрөөсүн уга, мемиреп кете берет.

Тегеректеп турган бала-чакалары ызы-чуу болгондо, беркилер: “Болду, ыйлап болдуңар, бугуңар чыкты. Эми, биз, ишибизге киришели” деп, өз милдеттерине киришет. “Тегеретеңер таза эмес экен. Таза, дөң жер керек” дешип, ылайыктуу жер издешет да, Кызыл-Омполдун Сересин туура көрүшөт. Ал жерден арулап жууп, жаназасын окуйт. Кыш күчүндө, согум айы, азыркыча декабрь айына тушташ. Анан Сереге төрт түркүк орнотуп, шырыктарды бекитип, үстүнө керегени жазат. Ага кийиздерди катарлап салып, анан сөөктү жаткызат да, жуурկандар менен калыңдап жаап, таңып коюшат. Жанына 2-3 боз үй тиктирип, ичинде молдо отурат, куран такай окулуп турат.

Бардыгы кожолордун айтканындай ишке ашат. Кыш өкүмүн жоготуп, күн жылып, карлар кетип, жер карарып, жаз келген кезде Шопоктун сөөгүн өзүнүн жакшы көргөн төөсүнө жүктөп, андан ары жөнөшөт. Төө багытын өзү баштайт, жетелеген адамы жок, Середен Бел-Тепшини ашып, Солтон-Сарыны басып, Тер-Суу, Кичи Кара-Кужурду тепчип, Оттуктан өтүп, Он-Арчанын сайын кечип, Бети-Каранын четиндеги бейитке байпаң басып барып токтоп, жалгыз коргондун жанына жетип чөгөт, жарыктык ойсул тукуму. Көрсө, бир топ жыл илгери Төлөмүш менен Шопок шерттешип, таш белги коюшкан тура. Бирөөсү: “Бул Төлөмүш атанын коргону” дейт, көзү менен көрсөтүп. Алжан жерде жаткан таштарды карап, бул Төлөмүш атанын коргону болсо, анда, мына бул төрт таш турган жер атамдын жайы болчу жер турбайбы. Атам айткан: “Төлөмүш экөөбүз жата турган жайыбызды таш коюп, белгиледик деп”. Мына ошо белгилеген жерге, Шопоктун сөөгүн коюшкан экен. Баары дайындалып, бүткөндөн кийин, баягы жети кожо эми артка кайтаарын айтышып, эл менен коштошуп, сапарын улашат. Тушардан кар түшкөн экен, ийрейген издери калып, уламдан улам караандары кичирейип, акыры көрүнбөй да калат. “Көрүнбөй калышты” дейт көпчүлүк. Аңгыча, жолдугуна берилген туу кал-

ган бээ чылбырын сүйрөп, көнгөн үйүрүн карай, качып келет. Бир шойкомду сезген сакалдуу бирөөсү: "Барып, карагылачы балдар. Булар жөн кишилер эмес" дегенде, эки-үчөө чапкылап кетишет. Алар бир аздан кийин кайра келишип: "Өздөрү түгүл, карааандары көрүнбөйт. Издери да жок, билинбейт" дешет. Молдо айтат: "Алар жөн адамдардан эмес. Аккожонун адамдары, атабыздын эки дүйнөсүнүн тең милдетин алышкан. Биздин милдет, атабызга багыштап, куран окутуп гана туруу". Ооба, мындан башка айла жок, бул туура айтылган ак сөз.

Экөөнүн – Шопок менен Төлөмүштүн тирүүсүндөгү ынтымагы менен жатаар жайы да жанаша болду, убагында аларга көрүнүктүү коргондор да салынган. Ал эми ортодогу чоң мүрзө Чабалдай баатырдыкы. Төлөмүштүн баатыр баласы Чондун сөөгү да, Көлдөн алынып келинип, атасы Төлөмүштүн жанына коюлган. Азыр мезгилдин таасиринен коргондордун бирдени эле калды, учунан шырыктары чыгып турат. Кыргызда мүрзөдөгү белгилерди жаңыртпайт да. Уучу кур эмес урпактары ар дайым куран окуп, эскерип жүрсө дейбиз, милдет-парзын унутпай. Аларга каалагым – мындан ары да укум-тукуму өссүн, өткөнүн кийинкилерге татыктуу тапшырсын дейм. Эмне үчүн кыргыз артымда тукум калсын деген, артыкча эркек баланын болушун тилеген? Буга Шопоктун баскан жолу, аткарган милдети, өмүр жашоосунан жооп алууга толук мүмкүн, окуялары огеле жетиштүү.

Ушул жерден бир аз чегинүү жасап, кыргыздын бата берүүсү жөнүндө азыноолак кеп салсам, урпактарга маалым болсун. Ошондой эле балдарым, батанын күчүн баалай жүрөт деген ойдомун. Аккожонун Мамаке, Шопокко берген батасын мисалга тарттык. Бул оң бата. Мындай бата берүүдө эң башкысы ыраазычылык билдирилет, ага карата каалоосунун аткарылышын Улуу Жаратуучу – Алда-Теңирдин кабыл кылуусун тилеген, бата алган киши менен бата берген адамдын ортосунда мандай-тескей мамиле

түзүлгөн. Бата берип жаткан киши Улуу Жаратуучу Күч менен өзүнүн жашоосунда жасаган иши ак, алака-мамилеге так, жамандыктан алыс, шайтандын азгырыгынан сак, таза, такыбалыгы менен элден өзгөчөлгөн. Ал түздөн-түз байланышка чыгуу укугун – мына ушундай жаратылышынан берилген мыкты касиеттеринин негизинде өзүнө ыйгарып алган. Буга бардык эле адамдар татыктуу болгон эмес. Ал эми тескери бата болсо, бата алуучунун бар-жогуна карабайт, бата берүүчү алаканын тетири каратып, каргышын ачык айтып, бата кылаары бар. Үч каргыш кайра кайтпаган: Атанын каргышы; Жетимдин каргышы; Жаны ачыган кишинин каргышы. Кайрадан мисал келтирейин, Шопоктун окуясынан.

Кан Шопок бир мезгилдерде өзүнүн үч баласын каргаган экен. Касиетиңден айланайын, а кишинин каргышы кайра кайтпаган. Алардын ичинде өз балдары Кулмамат, Ботбай, үчүнчүсү, небереси – Коӡуайдардын баласы Жооке. Сөзүм кургак болбос үчүн Кулмаматты каргаганынан кеп сала кетейин. Шопок үч аял алган: Айтбек, Таңсык, Барча деген. Айтбектен Чоробай аттуу жаңгыз уулдуу болот, Таңсык байбичеден Кулмамат туулат. Эр жеткенде эл оозуна алынып, өтө курч, чагылгандай өткүр, каардуу чыгат. Көпчүлүк убактысын тайган агытып, куш салып, көңүл ачып, талаалап жүрөт. Агасы Чоробай эркек уулду болуп, түлөөгө атасын баш кылып, ага-ини, кошуна-колоңдорду чакырат. Агезде Чоробай Кара-Кужурдун Көгүчкөн-Уюгун ээлеп, өзүнчө түтүн булатып, көзгө көрүнүп калган кези. Аксакалын жайкалтып Шопок төрдө, бала-чакасы, неберелери жанында. Чакырылган меймандар туш тараптан убай-чубай келишип, эбак эле орун алышкан. Үй ичи толо, кымыздан ичишип, кызыктуу кептен сүйлөшүп, баары тегиз. Мамаке, Шопоктун жана башка эр-азаматтардын эрдиктерин айтышып, жарптары жазылат, көңүлдөрү шат. Бешиктеги баланын өмүрү менен бактысын байма-бай тилешет, ортодо өткөн кыштын ка-

таалдыгын эстей калышат, "өлбөгөн жанга жаз келгенин", жаан-чачын ойдогудай жаап, чөп жакшы чыкканын саймедирешет. Жаштарга эмне, эшик алдындагы сыртта, алар да өздөрүнчө кожурашат, эр жигиттин оюндарынан кеп сала, санаасы жоктой. Болгону ушу күздө өтүүчү ашта бир ооздон: -Намысты колдон чыгарбайлы-дешип, бири бирин шердентет.

Ары жакта балдар жүрөт чурулдап, тамак менен иши жок. Тай, кунан миңгендери өөдө-ылдый чабышып, кубалашат жарышып, тамашага батышып. Анда-мында четки аш үйдүн асты жагындагы тай казандагы этти боркулдатып кайнаткандар: -Ары баргыла, чаңдатпай-деп, балдарга кыйкырып калат. Буусу чыгып, жылкынын эти аба жарат, жагымдуу жыты менен каңылжаарды өрдөп. Чоробай болсо балбалактап алган. Кирип-чыгып келген элди "ичкиле, жегиле" деп, жетиналбайт. Улам-улам чыгып, ылдыйкы жолду карап коёт. Күн бешимден ооп, эт эчак бышкан, чакырылгандар толук келген, бир Кулмаматтан башкасы. Аны кечөө эле кел дебеди беле, эмне болду ага? Санаасы чыдабаган Чоробай үйгө баш багып, атасын карайт. Ансыз да тынчсызданып турган Шопок аксакал: -Кулмамат келдиби?-деп сурайт. "Жок ата, көрүнбөйт" деген жоопту уккан ал: -Бир аз күтөлү, болбосо этти чыгара бергиле-дейт. Эт эзиле баштаган, жиликтер шылынып, устукандын көркү кетээри турулуу. Улуулардын алдында шылынган шыбага тартып, сынып калгысы келбейт Чоробайдын, бирок Кулмаматты күтпөсө да болбос. Ачуусу чукул, кыялы чорт, жаман сөзү, тили тиеби деп, чочулайт. Эми, эмне кылмак, элди жалдыратып отургуза береби, эки жакты карап, атчан киши көрүнбөгөн соң, атасына айтып, бата кылдыртып, этти чыгартат. "Ал-ал" болуп, устукандар колго тийгенде, "Кулмамат келди" деген үндөр сырттан угулат.

Эшиктен ачууланган Кулмаматтын добушу үстөмдүү чыга, бир аздан кийин үйгө баш багат. Бир сыйра элди сыдыра карап, атасына ооз учунан салам айткан бо-

луп, туруп калганда, артынан ээрчий кирген Чоробай чөөгүн, табагы менен ийнинде суулугу бар баланы алдына өткөрүп, кол жуудуртат. Ага арналып атайы алынып коюлган устуканды, отурааары менен алдына тартса да, өңү сурданган бойдон, аргасыз отургандай. Кыжынган Кулмаматты баары алдыртан карап, күтүүсүз бир нерсе болуп кетчүдөй жүрөк заада. Бетинен түгү көрүнүп, чыр чыгара албай жатканы – көпчүлүктүн сүрү, атасынын түрү. А киши эч нерсе болбогондой, “алгыла балдар” деп коюп, көз кыйыгы менен Кулмаматты тиктейт. Бир убакта чыдамы кеттиби же жини кайнап жеттиби, Кулмаматтын муштуму түйүлгөн тейде, астындагы эт тартылган табакка чабылып, табактагы эттер көтөрүлө түшүп, тасмалга жайнап, түбүндөгү сорпо өзү жактагы элге чачырайт. Ансыз да чочуп турган Чоробай: -Ай, кантесиң!-дегенге араң жарайт. Же жетип токтото албай, аянычтуу ахывалда атасына карайт. Баары селейген, ушуну күткөндөй, үн катпай бирде Шопокко, бирде Кулмаматка, бирде Чоробайга көз сыдыртат. Ичинде кекээрлүү кеби калган Кулмамат ачуулу кыйкырып: -Тоюнуп, жетишип калган экенсиңер го-деп, тышка жөнөйт.

Шопок башын чайкай: -Ата-а, балам. Ырысың тайкы болуп калбадыбы?!-деп, элге кайрылат: -Ачуулу айбын тартат. Этиңерди эч нерсе болбогондой жей бергиле! Мындайда кекиртектен суу да өтпөйт го, эмелеки жадырап-жайнаган абал жалп өчкөн шамдай, баары ыңгайсыз, суроолуу көз караштар менен тунжуроонун кучагында. Кулмаматтын минткен кылыгы биринчиси эмес. Ага-тууганадарын тажатып бүтүп, айыл элине да кыялын көрсөтө баштаган. Кой-айга келбей, өз билгенин бербей, бейбаштыгы беделин түшүрүп, көпчүлүгү ага теңелбей деле калган. Колдон келсе аны айланып өтүшөт, киши сыягынан чыкканын ушундан бил – жаш балдар салам айткандан заарканышат. Анын мындай жоболоңдуу жүрүм-туруму Шопок аксакалга белгисиз дейсиңби, баласы болгону үчүн гана араңдан зорго чыдап жүрөт. Би-

рок, чыдамдын да акыры болот белем, анын себепчиси да Кулмаматтын өзү. Шопок күзүндө: “Көлгө барып эгин алып келейин, ал жактагы туугандар менен учурашкыча” деп, Козуайдарды атына жумшайт. Алыска минчү жоргосу Солтон-Сарыда агытылган боюнча экен. Козуайдар ал жерге барып, атты издеп жүрсө, Кулмамат жолугуп калат. “Эмне кылып жүрөсүң” дейт инисине. Ал айтат: -Атам атына жиберген, Көлгө туугандарга барам дейт. Муну уккан Кулмаматтын ит кыялы кармап: -Карыганда жөн өлбөйбү, как баш чал! Көлгө барып эмне кылат экен? Как баш өлсө, үйдөн өлсүн, карыганда бөтөн жерден өлүп, бизди жаманатты кылбасын. Бар ошентип айтып кой. Атка тийбе-деп, инисин кубалап жиберет.

Козуайдар атасынын алдына жетелеген аты жок, куру кол келет. Шопок андан: -Ат кана?- дейт. Ошондо Козуайдар болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып таштайт. Шопоктун барган сайын өңү бузулуп: -Ата көрү, айтканын кара, менин как башыма жетип-деген бойдон, кыбыланы карай, колун тескери жайып: -Күн батканга жетпей кал-деп, бетине бата тартат. Эшикке жаңы чыккан Таңсык байбиче абышкасынын каргышын уга, аксай баса, айкырып барат жанына: -Оо, как баш чал! Каргышыңды өз башыңа ал. Бол түкүр, кара ташка тийсин!-дейт. Шопок эсине келе, оор үшкүрүп, Козуайдарды тиктей: -Ата көрү, Козуайдар, бөлөктүгүң билинди. Башкачараак деле айтып келсең болмок да. Анан кемпирине кайрылып: -Кеч болуп калбадыбы. Болбой калбадыбы-деп, актангандай түр көрсөтөт. Бул окуя бешим ченде болот. Кеч кирип, күн батат. Караңгы толук кирип, жылдыздар даана көрүнгөндө, сабалата чапкан кабарчы жигит кирет үйгө: -Кечинде Кулмамат байкем каза болду-дегенди араң айтып. Демек, бул атанын каргышы кайра кайтпагандыгынын айкын көрүнүшү, андыктан кыргызда бекеринен айтылган эмес: “Ата каргышы – ок, эне каргышы – бок”, “Атаңа акаарат айтпа”, “Атаңдын артында Теңир турат” деп.

Шопок тууганы мал-жандуу болуп, элди билип, жерди билип, "сан кара жылкылуу" Кан Шопок атанганы чын. Он миң жылкысы оюн салып, Кара-Кужур, Кара-Бодур, Кара-Сазда, Ийри-Өтөктө, Коңкул-Өтөктө, Итибайдын Куу-Мойногунда жайылган. Ак-Сай, Тарагайда да жайлап турган. Бирок, Шопоктун ошончолук сан кара жылкысын батырып, кармап-күтүүдө көп кыйынчылыктар жаралган. Канатташ турган казактар жана калмактар менен кармаша кеткенде, кээде сези менен, кээде кадыры менен чатакты ырбатпай, кармап турган.

105 чыкканда байбичелери Айтбек менен Таңсык өтүп кетип, Барча деген аял алат. Алдан-күчтөн тая элек экен, андан Асан, Үсөн аттуу балдар төрөлөт. Шопок бул эле Эчки-Башыда жашаган. Шопоктун бир уулу Байшери, азыркы айылдын баш жагына мечит салган экен. Азыр да байкаган киши анын домосу калганын көрөт.

Ал эми Мамаке элден бөтөнчө зор болгон менен бирде ач, бирде ток, же колунда жыргатарлык мыдыры жок, кыйналып жашагандыгын айгине кылчу аңгеме бар. Аккожонун: "Бул дүйнөң болбой калды, тиги дүйнөдө өзүм тосуп алам" дегени бекеринен эмес окшойт. Кийинчерээк карып калган кезинде өзүнө теңдеш Албан-Субандай балбан баласы Жумгал тарапка жылкы тийип келгени барат. Бир айылга кирип, үч үйүр жылкысына тийип, айылын көздөй айдаганда, атчан төрт-бешөө жылкыны ажыратабыз деп, алдынан тосот. Аларды каскак менен жыга-жыга чабат, андан кийин ага каршылык кылып, теңелген бирөө болбойт. Ачкарын неме бир үйгө барып, аттан түшүп, үйгө кирсе, жан киши көрүнбөйт. Тигинде кылкылдата куюлган көнөчөктөгү кымыз көзгө урунат. Суусаган да, сугун артып, чөгөлөй отуруп, кош колдой бере, шимире баштайт. Чыгдан ичинде шыкаалап, жашынып турган үй ээси акырын артынан чыгып, айбалта менен башка чаап өлтүрөт. Ошентип, алдан-күчтөн тайып, каржайган

Мамакеге огобетерден кыйын болот, кайгы, азасы ичине түшөт. Муңкүрөп, баштагыдай алдуу-кучтүү эмес, таянган тууган-туушкандарына кайрылат: - Баламдын өчүн алып, кунун кууп бергиле-деп. “Ооба, туура, барабыз” деген менен, чыгынып чыккан, башын сайып барган же “өткөн өчтү, кеткен кекти” ала турган күйүмдүү тууганы бар бекен? Тек гана алар Мамакенин көңүлүн жубатып, тим болушат.

“Бөрү карыса да, бир койлук алы бар” дейт, кайрат-күчүн топтоп, өзөгүндөгү өчтүү кегин алмакка Мамаке баатыр Жумгалга аттанат. Акыркы убактарда минип жүргөн тоодой Тору атын токунуп, бел куруна канжарын, ийин ылдый кылычын асынып, сыртынан алданедей чепкенин жамынса, анысынын жеңине тестиер бала сыят, башындагы кара көрпө тебетейи алыстан калдаят, көзгө тирукмуш көрүнүп. Карааны кабелтең, бою бир аз бүкүш тарткан, Тору атын жүрүштөтө батышка бет алганын көргөндөр – бир балээнин башталышынан шекийт. Жолката ар кайсы жерге токтоп, жайлуу жер таап жаталбай, коңулдарга конуп-түнөйт курган киши. Суукта калат, суу болот, эти чыйрыгат. Бирок, намысы үчүн чыдаган жан да, бастыра берип, акыры атка жүрө албасын сезет. Алдынан көрүнгөн бир үйгө араң жетип, боз үйгө жетелетип кирип, бүк түшүп, жатып калат. Үй ээси эстүү киши экен, жакшы эле карайт, бирок жеттигип калган белем, эки-үч күн туруп, көз жумат. Жөн билги адамдар сөөгүн ариеттеп, жерге жашырат. Атаң көрү, “Эрдин атын алыстан ук, жанына келсең бир киши” деген мына ушу. Балким, Аккожо айтканын аткарып, аны тиги дүйнөдөн өзү тосуп алып, бул дүйнөдөн көрбөгөн жакшылыгын көрсөтүп жүргөндүр. Эмнеси болсо да, бейишинен берсин!

Эми, кайрадан Мамакеден кеп уласак. Мамаке жортуулга барып келгенде оокаттуу, малдуу болуп калчу дешет. Анан малдын четинен союп коюп, кеңкесири жеп-ичип, соогатка ага-тууганга бергенди унутпаптыр. Кийин анчалык боло албай, бапырап жай-

ылбай, анысы аз келгенсип, курсагы толук тоюнбай, кыйналчу тура, курган киши. Бир жакшы тоё тамак ичсе, бир канча күн орозо кармаган. "Уккан кулакта жазык жок", ооздон оозго өтүп, уламадан калган сөз, Мамаке баатырдын бир жолку ичкен тамагы жөнүндө айтып берейин. Анан элестетип алгыла урпактарым, ал баатырдын кебете-кешпирин.

Мезгилинде Мамакенин уядан учурбай, кармап калган Кара-Куш деген кыраан бүркүтү болгон. Жортуулдан жаңы кайтып, эки күн жатып, эс алып, уйкусу канып, денеси жазылып, көңүлү көтөрүлгөндө Мамаке күн шашке болуп калганда кичине үйдөгү, туурда отурган Кара-Кушту тууру менен сыртка көтөрүп чыгып, тигиндейрээк коюп, жеминен берип, кызыгын таркатып алган адат тапкан. Же Кара-Кушун жанындай жакшы көргөндөнбү, айтор, колуна кондуруп алып, жөө эле басып, бийикке чыгып, айлананы карап, аң көрүнсө салып, салбаса жок, бир далайдан кийин айланып, кайра келчү экен. Кез-кези эле аңга чыкпаса, көпчүлүгүндө бүркүтү туурда шоңшоюп отурганы отурган. Кара-Кушту билгендерден сурагандар көп. Мамакеге кадырын салып, канчалык баасын чыгарса да, эч кимге ыраа көрүп, тартуулап бербептир. Бир жылдарда Кара-Кужурда, Акырда эле жатакта калыптыр, жайлоолоп чыкпай эле, дагы бүркүтү менен эрмектешип жатса, те жогортон көч келаткандай. Алдыда ак элечек салынган орто жаштагы аял, бетинен кызылы тамылжыйт. Ууртунан жылмаюу кетпей, жылуу ыраңдын илеби урат, астындагы ак боз бөжүй тартат, ооздук чайнап, жүткүнгөн бойдон жүрүштөп келет. Жетегинде майпаңдай баскан жүктүү төө. Анын эки капталында экиден төрт серке чанач, булуңдары баскан сайын бултулуңдайт. Артындагысы да атчан жашамал адам, ал дагы төө жетелеп алган. Андагы салаңдаган чаначтар беркиден кем калбайт. Буларга куйрук улаш жаш улан, килем жабылган жүктүү төөсү бар. Эки көзү балбылдап, таңыркаганын жа-

шырбай, Мамакени тигиле карайт. Эң артында кер муруттуу, кең далы жигит, астыга салып, айдаганы жыйырмадай кой, шапалагын анда-санда шак эттирип. Жетегинде кысыр эмдүү семиз тай. Мамаке да аларга көз жүгүртүп, бирок эч кимисин тааный албай бүшүркөйт. Негедир ак элечек зайыптын өңү таанын, мурда-кийин көргөндөй өңдөнөт. Аңгыча, атчандар абдан чукулдап, астыңкы ак элечекчен аял аттын оозун тартып, тык токтотуп, аттан элпек түшүп, алдыга кадам шилтей бере, ийиле жүгүнөт. Мамаке эми таанып: -Тилегиңди берсин, айланайын. Кел, келегой-дейт барбалактап.

-Арыбаңыз аке! Эсен-аман, күүлү-күчтүү жүрөсүзбү? Мал-жан эсенби?-дейт, ал күлүп-жайнап. Аялдын артынан аттан түшкөндөр саламын айтып, колдорун сунуп учурашат, көздөрүн Мамакеге кадап, баштан-аяк карашат, чоңдугуна таң калгандарын жашыра албай. Ал эңкейген калыпта, быйтыйган колдордун улам бирин кармайт, анан бир аз силкилдете: “Аманбы, жакшысыңбы” дегенди айтып. Эсенсоону сурашып бүткүчө ары жактагы үйдөн баатырдын зайыбы чыгат. Абысынын көрүп, жүзүнөн нур төгүлүп, колдорун созуп, кучак жая тосуп, көпкө кыналыша тургандан кийин, ак элечек аял жеңесине карай: -Атайы силер үчүн келдик. Акеме учурашып, бир аз даам сыздырып кетели дедик элек. Балдар, болгула жүктү тез түшүргүлө, көлүктөрдүн бели эс алсын-деп, карап тургандарга буйра сүйлөп, шаштырган болот. Мамаке менен аялы бири бирин карап, түшүнбөй туруп калганда, аял эмеспи: -Капырай ботом, кантесиңер. Адегенде үйгө кирип, даам таткыла, салтты сактап. Анан деле ат-унааңарды жайлаптернеп аласыңар да-дейт безилдей.

Улуу кишинин айтканы айткан, дегени деген – кичүүлөр үчүн мыйзам. Конок каадасы жасалып, бирге отуруп суусундук сунулат, дасторкондогу боорсок менен сары майдан ооз тийилген соң, ар ким өзүнүн ишине киришет. Жүктөр түшүрүлүп, бата тиленип,

жетелеп келген тай союлат. Ошентип, Мамакенин үйүнө түшкөндөрдүн ана башы Төлөмүштүн байбичеси Жаркын эле. Ал иш билги, акылдуу, асылзат жан. Демилгени өзү колго алып, жеңесин анча убара кылбай, тарс-турс кыймылдап, ичти-сыртты ыгы менен тейлей баштайт. Тай казан кемегеде, казан толо эт, кошо келген жигиттер оттон салып коюп, эшиктин алдындагы ары жактагы көлдөлөңдө зоңкоюп отурган Мамакеден көздөрүн алышпайт. Кең далы, көгала сакал Козуке экөө маңдай-тескей, экөө бирдемелерди талкуулагандай түрдө маектерин жай улантат. Ортого тасмал кенен жайылган, нан, сары май коюлган соң, чаначтан көнөккө, көнөктөн чоң кара аяктагы кылкылдаган кымыз Мамакеге сунулат. Анын кесеси чоң көрпө тебетейдей. Аяк улам бошогон сайын кымыз сунган бала өзүнчө эле ыраазы, маңдайы жарылып сүйүнүп алган. Бир чанач кымыз заматта түгөнүп калганына кайыл. Ысылык үчүн астыга сары майга көөлөнгөн жупка келет. Мамаке чоң колунун үч манжасы менен чымчый кармап, эки казан жупканы эки карын сары майы менен жеп коёт, артынан дембе-дем кымыздан бастырып. Байкамаксан, билмексен, мойсопут кой айдап келген кер мурут жигит, таң калганын араң жашырып, кебин улайт: - Аке, баатырдык эрдиктериңизден балдарга айтып отуруңуз-деп. Мамаке башынан сөзгө сараң, ошон үчүн Шопок жандап жүрбөдү беле, ар кайсынын башын аз-аздан айткан болот. Бирок, ал оор улутунуп, бирде күрсүнүп, айткан аңгемесинин аягынын баары барып эле атка такалат.

– Аттиң-ай, ошондогу Дарканбоз атым болсочу. Тиги тоодой Тору Дарканбозго кайдан жетсин, эптеп мингенге жарайт. Муну да Шопок таап келип берген-деп, тигиндейрээк аркандалган атты сөөмөйү менен жаңсайт. “Балам, ушуну менен сөз бүттү” дегендей түр көрсөтөт Мамаке, айла барбы, ашыкча сөз чыкпаган адамды кепке тартуу жеңил эмес. Баатыр, балбан, алптар табиятынан сөзгө чоркок, күчкө бай.

Ошондуктан буларды тиги-мунуну айтып бер деп кыйноонун кереги жокко. Мындай адамдар өздөрү өздөрү менен сүйлөшкөнгө көнүп калган. Жымжырт абалды астыга келген чоң чара тайдын эти бузуп кетпесе кандай болот эле, булоолонгон шорпо аркылуу жылкынын бышкан этинин бир өзгөчө жытын айланага буркуратканда, ооз көңдөйгө шилекей толуп, кишини чычкылантат. Устукандар иргелип, таратылгандан кийин беркилер бир аз жеген болуп, сыртка чыга берип, сулп эттерди тууратанга өтүшкөн. Алар дале Мамакеден көздөрүн алышпайт. Ал бычагы менен кыя кесип жеп отурат, бир кесип жегени муштумдай эт. Тууралган эт даяр болгондо эки кулактуу чоң жез чара додолонуп, чыкталып, адамдын напсисин өзүнө тартат. Жаркын жагым үн менен: -Аке, алыңыз туураган эттен-дейт, илбериңки.

Мамаке чоң колу менен алып кирет. Бир алганы сыр аяктай. Чаранын ичине табак түп таштап койгондон кийин, бир аз артка, кетенчиктеп чыга берет. Табак түп таштаганы келин-кесектерге кешик, артка чыга бергени тойдум дегени. Аңгыча болбой чагыр (кымыз менен шорподон жасалат, айрым жерлерде аксерке аталат) сунулат. Андан шашпай бир чаначтай ичип, “эми болду” дегендей ишаарат кылганда, бата кылынып, колго суу куюлат. Ордунан туруп, кабакка барып, ичин бошотот да, кайра келип, кынтая жатып уйкуга кирет. Ошого чейин байкап, карап отургандар Мамакенин тамак жегенине айраң-таң. Мындан сырткары да эки кой союлган, коңшу-колоңдор, тегерек четтегилер кур ооз калбасын деп. Койдун эти бышып калганда Мамакени ойготушат, кайрадан кымыз ичилет. Анан эки койдун эти астыга келет. Баатыр сөөлөтүнөн жазбайт такыр, кабырганы сыйырып, жиликтин этинен жейт шылып, кыймыл-аракети жайма-жай, жанараак дегеле эт жебегендей. Эт майда тууралган, бая чоң жез чара кайрадан толо алдыга келгенде, дасторкон четиндегилер бирин-экин алымыш болуп, четке чыгышат, бирок көздөрү Мамакеде. Ал

эки жагына абай сала, “силердин алыңар ушу элеби” дегендей, тууралган этке чоң колун матырат. Дагы адатынча табак түп калтырып, эттин чүйгүнүн бүт жейт да, артынан чагыр менен кымызды ичип, кетенчиктей олтурат. Баарын бир сыйра имере сыдырып, Жаркынга токтоп: -Эми бата кылалы-деп, алакандарын жаят. “Кар болбо, кем болбо. Балдарыңдын убайын көрүп, укум-тукумуңар өссүн, оомийин” дейт, бетине бата тарта, бир нерсени ойлонгондой олуттуу.

Колго суу куюлуп, тасмал жыйнала баштаганда, Мамаке бир аз обдула берип, Жаркынга кайрылат: -Жаркын балам, чоң ыракмат. Акеңди бир жакшы тойгуздуң. Келген жөнүң бул эле болбосо керек, тартынбай айта гой-дегенде, Жаркын айым жамалын төгүп, жайдары сүйлөйт. “Сизди биздин айылга качан келет деп, иниңиз аябай күттү. Чыдамы кеткенде барып учурашып, даам сыздырып кел деп, мени жиберген, өзү бошобой калып. Анан... ыгы келсе Кара-Кушуңузду сурады эле”. “Анан” дегенден кийин Жаркын муунага түшкөнү бекеринен эмес, эч кимиси Мамакени беттей албайт, Шопоктон башкасы. Ошол маалда баатырдын сүрү менен атагы эмнегедир беттегениңен кайт дегендей белги бергенин Жаркын айымга гана сезилгенин бөлөк-бөтөн билмек кайда. Бир чети акесинен собол таштагандан, бир чети Төлөмүштүн көксөөсү коштолгон үчүн, кыйналса да айтып ийген Жаркын айым. Шагым сынып калабы деп, кооптонгон бир жагынан. Ушунун баары алекисаатта акыл эсинде аралашып, кантээрин, кандай айла кылаарын биле бербей, бирөө безге сайгандай. Көңүлүн кабатырлык каптап, эмеле жаркып турган жүзүн сумсайткан, “болоору болду, боёсу канды” дегенсип, кайра чыйрала түшүп, акесин суроолуу тиктейт. Кабагы салыңкы тарткан сайын, узун кирпиктери ирмеле түшөт. Келининин акыбалын көрүп турган Мамаке да жөн билги го, ал адам кадырын сыйлай билет да, “кардыма ыйлабайм, кадырыма ыйлайм” деген тура, илгери бирөө.

– Төлөмүшүмө буюрган экен, берейин. Көп эле киши сурады эле, берген жок элем-деп, салбырай түшкөн келининин кебетесине боору ачыгандай башын бурат. Ошентип, Мамакенинин курсагын эле эмес, көңүлүн да тойгузуп, Жаркын айым баштаган топ Кара-Кушту колуна кондуруп, кайра артка кайткан экен. Бирок Мамакенин Кара-Кушту бергени туралуу көп деле айтылбайт, тескерсинче тамакты бир отурганда тоё жегени жөнүндө артында алаказандай аңыз калганы анык. Айтор элестетип көргүлөчү, эки казан жупканы эки карын май менен көөлөп жеп, бир тайдын этин кебелбей эңшерген, анысы аз келгенсип, эки койдун этин түгөтүп, артынан чагыр, кымыз ичип, алты чаначты түгөткөн кишини. Ал убакта ошондой болгон экен. Мамакедей алп адамдар арбын, тамакты таза жеп, жедеп сөөгүнө май сиңген. Мындай адамдар кас-душманга тең келип, элин, жерин коргоп, өз милдет-парзын татыктуу аткарган. Азыр да айтылып жүргөн: “Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде”, “Жоодон өлгөн салтанат, жаздыкта өлгөн жаманат”, “Эл – ырыстын киндиги, эр – ырыстын коргону”, “Эл деген эр ээрден түшпөйт”, “Эл намысы – эр намысы” сыяктуу көптөгөн макал менен учкул сөздөр доор карытып, жөн жерден чыкпаса керек.

***(36-54 беттер)***

# МАЗМУНУ

Баш сөз ордуна ....... 3

Элдик инсандар эч качан эстен кетпейт ....... 7

Момунов Карыбек ....... 13

Мамытов Султанбай ....... 353

Мамытов Оболбек ....... 365

**Адабий көркөм басылма**

**МАМАКЕ – ШОПОК.**
**БААТЫРЛАРДЫН БАЯНЫ**

Жооптуу редактору: ***Ишенбек Осмонов***
Корректору: ***Курманбүбү Субанова***
Компьютердик калыпка салган:
***Адилет Кеңеш уулу***

Басууга 13.07.2016. кол коюлду.
Форматы 60х84 1/16. Офсет кагазы.
Көлөмү 26 накта басма табак. Нускасы 1000. Заказ № 18.

---

"Принт Экспресс" басма полиграфиялык комплексинде басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз к. 49